КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

# ЖОМОКТОР

**(Жаныбарлар тууралуу)**

**21-том**

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөн:

**Гүлзат Садырбек кызы**

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Ж 79

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

Редкеңеш:

*Акматалиев А.А.* — *Мусаев С.Ж.*
*Байгазиев С.* — *Садыков Т.*
*Жайнакова А.Ж.* — *Токтоналиев К.Т.*
*Маразыков Т.* — *Эркебаев А.Э.*

Ж79 **Жомоктор:** 21-том. /*Түз. Г. Садырбек кызы.* – Б.: «Принт-Экспресс», 2017. – 556 б. («Эл адабияты»)

ISBN 978-9967-12-679-4

Бул китепке кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында бүгүнкү күнгө чейин айтылып келген жаныбарлар тууралуу жомоктор топтоштурулуп берилди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**Ж 4702300100-17**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-12-679-4

© КРУИА, 2017
© «Принт-Экспресс», 2017

## БАШ СӨЗ

Кыргыз элинин кылымдардан келе жаткан бай тарыхы, келечекке умтулган ой-тилектери чоң жомогубуз «Манас» эпосунан тартып, «Төштүк», «Курманбек», «Сарынжы, Бөкөй», «Жаңыл Мырза» сыяктуу элдик кенже эпостордо, санжыра-уламыштарда, жөө жомоктордо кеңири чагылдырылган. Жөө жомоктордун көлөмү, формасы, тематикасы жагынан ар түрдүү жана мазмунга бай келет. Жөө жомоктор чакандыгына карабай кыргыз элинин турмуш-абалын, каада-салтын, философиялык ой жүгүртүүлөрүн, жаратылыш кубулуштарын аңдай билүүсүн жана алга умтулууларын, дагы толгон токой учурларын кеңири чагылдырып келген.

Жомоктордогу мифтик-архаикалык ой жүгүртүүлөр, элдин үмүт-тилеги кандай адам болсун аны өзүнө тартып, чарчаганын унуттурат. Сөз сыйкырынын күчү адамды алга үндөйт, акыйкаттыкка, адилетикке, актыкка, туруктуулукка, чындыкка ишенүүгө чоң түрткү болот. Кыргызда байыртадан эле жамактатып айтканга маш, чебер экени маалым. Бул өзгөчө жомокчулардын угуучуларга жеткирүү ыктарынан ачык-айкын көрүнүп турат. Ар бир жомокчу өзүнүн жомогун тыңдап отургандарга элестүү жеткирүү үчүн ар дайым көркөм тилдин

байлыгын пайдаланып, куюлуштуруп, ыраттуу, түшүнүктүү баяндоого аракет кылган. Мындай сөз чебери эл ичинде урмат-сыйга ээ болгон.

Кыргыз эл жомоктору кагаз бетине 30-жылдардан баштап түшүп, республикабыздын гезит-журналдарына чыгып, кийинчерээк антологиялык топтомдордо, кыргыз адабиятынын хрестоматияларында жарыяланып, 50-жылдардан кийин атайын китеп болуп чыга баштаган. Алар А. Токомбаева «Кыргыз эл жомоктору» (1957), «Апендинин жоруктары» (1959), Б.Кебекова., А.Токомбаева «Кыргыз эл жомоктору». (1978), Ж.Мукамбаев «Менин жомокторум (жомоктор, легенда, уламыштар)» (1980) ж.б. Кыргыз эл жомоктору канча жолу басмадан чыгарылганына карабастан, жарык көрө электери али көп. Эл арасында жыйналбай жүргөндөрү, балким арбын чыгар.

Колуңуздардагы бул томдукка кирген жаныбарлар тууралуу жөө жомок топтому Кол Жазмалар фондусундагы жана ар түрдүү көлөмдөгү жомок китептерден орун алган, гезит-журнал беттерине жарыяланган материалдар пайдаланылды.

Булардын ичинен Кебекова Б., Токомбаева А., «Кыргыз эл жомоктору», Кебекова Б., «Кыргыз эл жомоктору», Б. Сабыр уулу «Жомокчулар жана жомоктор» Мукамбаев Ж., «Менин жомокторум» ж.б. автор-түзүүчүлөр жыйнаган китептерден, мындан сырткары «Ленинчил жаш», «Кыргызстан Пионери», «Жаш Ленинчи», «Жеткинчек», «Байчечекей» сыяктуу жаштарга жана жеткинчектерге арналган атайын журналдардан алынды.

Томдукка жыйналган жаныбарлар тууралуу жомоктор төмөндөгүдөй ыраттуулукта жайгаштырылды:

Жалаң жаныбарлар катышкан жомоктор;

Киши менен жаныбарлар катышкан жомоктор;

Этнологиялык миф-аңыздын негизинде жаралган таанып билүүчүлүк максаттагы жомоктор;

Гезит-журналдарга жарыяланган жомоктор;

Айрым акындар тарабынан атайын балдарга арнап миф, уламыш, легенданын сюжеттик өзөгүндө ырга айланган жомоктор.

Жаныбарлар жөнүндөгү жомоктордо кээде түз маанисинде, кээде кыйыр түрүндө ар кандай социалдык идеялар, ой-пикирлер, таалим-тарбия берүүчү акыл, насаат айтылат. Ошондой эле жаныбарлардын ар түркүн кыял-жоруктары, мүнөз, көнүмүш адаттары кеңири баяндалат. Алсак, түлкүнүн куулугу, алдамчылыгы ашкереленсе, ал эми арстан, жолборс, карышкырдын ырайымсыздыгы, зордукчулдугу, зөөкүрдүгү айтылат. Же түлкү митайымдыктын, карышкыр ач көздүн, арстан баатырдыктын символу болуп калган. Чиркей, коён сыяктуу алсыз байкуштарга, кой, төө өңдөнгөн момундарга, козу, улак, балапан аттуу балага жасаган ырайымсыздыгы сүрөттөлөт, кээде тамсил түрүндө же болбосо аңгеме-жомок түрүндө чагылдырылат.

Ашыктык кылбас деген ойдо жаныбарлардын балдарынын аттарын берүүнү туура көрдүк, себеби азыркы балдардын көбү билбейт.

1. Иттин баласы – күчүк. 2. Карышкырдыкы – бөлтүрүк. 3. Чочконуку – торопой. 4. Суурдуку – чөндөлөй. 5. Кашкулактыкы – кашкулактын күчүгү. 6. Аюнуку – мамалак. 7. Кулжаныкы – козуга. 8. Бугунуку – соёчор. 9. Куландыкы – улак. Эликтики – чаарчык. 10. Төөнүкү – тайлак. 11. Койдуку – козу. 12. Уйдуку – музоо. 13.

Жылкыныкы – кулун. 14. Топоздуку – мамалак. 15. Эчкиники – улак. 16. Тооктуку – жөжө. 17. Мышыктыкы – мыйо. 18. Куштардыкы – балапан.

Жаштарына, эрдигине, жүрөктүүлүгүнө карап төмөнкүдөй бөлүнөт:

1. Куштардын бөлүнүшү – Ителги, Ылаачын, Бүркүт, Күйкө, Куш. Ителгиден – шумкар менен барчын чыгат.

Куштан – туйгун, тунжур, тынар деген болот. Ылаачындан – куу кумпай деген баатыры бар. Бүркүттөн – Буудайык эң күчтүүсү, андан сырткары да көпкө бөлүнөт. Күйкөдөн – Таканак чыгат.

2. Куштарды бир жашында – бозум түлөк, эки жашында – таш түлөк, үч жашында – кум түлөк, төрт жашында – ным түлөк, беш жашында – жым түлөк деп токтолот. Ал эми бүркүттүн жашы барчын менен саналат, бир барчын, эки барчын деп кете берет. Бүркүт он беш барчынга чейин жашайт имиш.

3. Кыргыздар жаныбарларды: тогуз кесеп, жети кырс деп экиге бөлөт. Тогуз кесеп: 1. Арстан, 2. Жолборс, 3. Карышкыр, 4. Ажыдаар, 5. Көркоо, 6. Бүркүт, 7. Ителги, 8. Илбирс, 9. Арс чычкан. Жети кырс: 1. Доңуз, 2. Жылан, 3. Ач күсөн, 4. Кашкулак, 5. Кош аяк (Келээ деп коёт), 6. Кирпи, 7. Чаңырык.

4. Жаныбарлардын күлүгү: Жылкынын күлүгү – тулпар, күчтүүсү – дулдул. Уйдун күлүгү – шүдүңкүт, Төөнүн күлүгү – желмаян деп бөлүнөт.

5. Жаныбарлардын пирлери болот. Алар төмөнкүлөр: Куштун пири – Буудайык, Иттин пири – Кумайык, Теректин пири – Байтерек, Суунун пири – Сулайман, Койдун пири – Чолпон-Ата, Уйдуку – Заңги-Баба, Жылкыныкы– Камбар-Ата,

Төөнүкү – Ойсул-Ата, Баланын пири – Умай эне, Жигиттин пири – Шаймерден, Сүйүүнүн пири – Жусуп менен Зулайка, Чүкөнүкү–Кара чеке, Чилденики – Кырдач, Акындын пири – Асан шайыр, Устанын пири – Дөөтү, Табыптын пири – Улукман, Чечектики – Коросон-Ата, Дыйкандын пири – Бабадыйкан, Кийиктин пири – Кайберен, Тамдын пири – Ыбырайым, Сооданын пири – Имам Мазам, Бакыттын пири – Кыдыралейсалам, Жырткычтын пири – Баян жабыр деп бөлүнөт. Илгери кыргыздар ар бир иште ушул пирлерге сыйынып келген. Буларды билип алса эч зыяны деле тийбейт. Кээ бир жомокторду окуп жатканда жогоруда келтиргендер кезигет да, кыйналбай түшүнүүгө жардам берет деген ойдобуз.

Элдик жомоктор көп варианттуу. Ошондуктан бул жыйнакка элдик идеядагы жана ага айкалышкан көркөм формага ээ болгон гана жаныбарлар тууралуу жомоктор тандалып алынды.

**Гүлзат САДЫРБЕК КЫЗЫ**

## АКЫЛДУУ БАЛАПАН

Илгери, илгери бир заманда топулуу торгой болуптур. Анын бир балапаны бар экен. Алардын татынакай уясы, көптөгөн канаттууларды кызыктыруучу. Айрыкча, кыргыйдын көзү, анын жанынан өткөндө оттой күйүүчү. Бул кыргыйдын ач көздүгүнүн белгиси эле. Момун торгой коңшусунан шек санабайт. Кайрадан аны менен ынтымакта жашоого умтулуучу. Себеби, торгой эч качан, эч бир жанга жамандык каалоочу эмес.

Адатындай торгой тоо-талааны кыдырып, балапанына жем издеп чыккан. Кыргыйдын артынан аңдып жүргөнүн, бечара билген эмес. Эмгекчил неме баштыктарды түркүн данга толтуруп алсам деп, бир тынбастан эмгектенип жаткан. Бир маалда шуулдаган дабыш чыккан жакты караса, коңшусу кыргый экен. Торгой өз көзүнө өзү ишенбеди. Ал тырмактарын арбайтып, түп-түз эле аны беттеп келе жатыптыр. Көздөрү балбылдап оттой күйөт. Эми кантмекчи? Бул каапыр соо койбойт. Жүрөгү оозуна тыгылган торгой жан далбастап кача жөнөдү. Уяты жок кыргый анын артынан сая кууду. Бир жолу жетип, чала-була серпип да өттү.

Алсыраган торгой бир маалда көзүн ачса, боз талаада өскөн бир түп шыбактын түбүндө жатып-

тыр. Маңдайында эрбейип балапаны олтурат. Көрсө балапан апасынын башына түшкөн кырсыкты кара каш чымчыктан угуптур.

Торгой денесиндеги жараттардын оор экендигин сезип, балапанына мындай дейт: «балам, биринчиден кара каш чымчыкка ыраазымын, ал болбогондо экөөбүз көрүшмөк эмеспиз. Экинчиден сага алкыш. Чоңоюпсуң, эсиң кирип калыптыр. Буга бүгүн көзүм жетти. Сага айтайын деген оюм бар. Сен чочулабай ук. Мен ачыгын айтышым керек. Денемдеги жаратты өзүң көрдүң. Ал мени соо койбойт. Көзүм тирүүсүндө бир жакка баш калкала. Кайра өз уябызга барам дечү болбо. Барсаң, тукумуң кем болгур, жанагы кыргый соо койбойт. Андан көрө жайды башка жакка куруп ал».

Балапан апасынын айткандарын тынч отуруп угат. Бул кайраттуулуктун белгиси эле. Торгой баласынын акылдуулугуна, токтоолугуна аябай ыраазы болот. Ошондон соң эне-бала бир саамга ойлонуп калышат.

Апасына иче турган тамак-ашын дайындап коюп, балапан кайдадыр бир жакка учуп кетет. Торгой болсо жаткан жеринде калат. Жараты кабылдап, ырбай баштайт. Жада калса жанындагы сууну алып ичкенге дагы дарманы келбейт. Оору күчөгөндөн күчөп, акыры эсинен ажырап сулк жатып калат.

Арадан бир жума өткөндө, торгой эсине келет. Мына кызык! Жараттары таптаза айыккан. Ооруган жери басылган. Жаткан төшөгү жыты буркураган шыбак. Текчеде түркүн-түркүн дарылар турат. Бул укмуш!

Апасынын таң калганын сезген балапан, кубулжуган үнү менен мындай деп ырдап берет:

«Бүт ааламды жылыткан,
Күндөн алдым дарыны.
Кең дүйнөгө көрк берген,
Гүлдөн алдым дарыны,
Сырын каткан койнуна.
Түндөн алдым дарыны,
Теребелди терметкен.
Үндөн алдым дарыны,
Текке кетпей эмгегим,
Апакем! Апатайым!
Сактап калдым жаныңды».

Торгой кубанганынан көзүнө жаш алат. Эне-бала кучакташып өбүшөт. Кубанганынан бийлешет. Булардын аябай кубанычына дагы бир себеп ал каардуу кыргыйдан кутулганы. Эне-бала көккө бийик көтөрүлүп алышып, канаттарын дирилдетип минтип ырдашат:

«Алсыздарды кордогон,
Арсыздарды жек көрөм.
Ач көздүккө алдырган,
Калпыстарды жек көрөм.
Кирдетпеген көңүлдү,
Ак пейилди жактырам.
Обон созуп ыр ырдап,
Анын көөнүн шат кылам».

Апасына эркелеп, балапан мындай дептир: «Апаке! Сиз макул болсоңуз, ушул эле жерде калалычы. Бул талаа жыты буруксуган шыбактары, мен үчүн ыйык болуп калды. Жаман коңшудан, жалгыз түп шыбагым өйдө! Кыргыйдай бузукуну экинчи көргүм келбейт».

Торгой балапанынын маңдайынан сылап эркелетип, макулдугун билдирет.

«Ар кимдин мекени өзүнө сулуу» деген макалды торгойлордун чоң энеси биринчи айткан дешет. Чыны менен эле ушундай эмеспи. Ким эле өнүп-өскөн жерин сагынбасын, сүйбөсүн!

## ЧЫЧКАН МЕНЕН МЫШЫК

Илгери-илгери өткөн бир убакта алгырлыгына сөз жетпес таргыл мышык болуптур. Мезгил-мезгили менен оошуп отуруп, ал таргыл мышык да күч кубаттан кетет. Көзү жакшы көрбөйт. Буга ал аябай капа болот. Эмне кылаарын билбей, көп ойлонот. Өзүнүн таш боор, мыкаачы кездерин эстеп, жини келип, анан кайра өзүн-өзү соорото баштайт. Эми чычкан менен сүйлөшөйүн деген чечимге келет. Таргыл мышык келип:

– Чыке! Аз айып, көп күнөөм болсо кечирип кой. Мен карыдым. Тынч жашаганды самайм. Көптөн-көп өтүнөөрүм такыр кек санашпайлы. Мен мындан ары карай силерге тийбегенге ант берейин. Уу жалап берейин. Мени өтө жакын адамыңар катарында санагыла, итке айтып тукура көрбөгүлө. Силер менин алдымдан күнүгө үч жолу чубап өткүлө, силерге такыр тийбеймин. Мага ишенип койгула, – деп жалооруйт. Жалдырап, жашып да кетет. Таргыл мышыктын ыйламсырап айткан сөзүнө, берген убадасына бечара чычкандар ишенишет. Күнүгө убада боюнча катар-катар тизилишип, мышыктын алдынан чуркап өтүп, анын көңүлүн ыраазы кылышат.

Таргыл мышык көзүн жуумп, комдонуп отуруп, өтө сабырдуулук менен чычкандардын баарын алдынан өткөрөт. Бирок эң аяккысын акырын жеп

коёт. Ошентип, карыган мышык күнүнө үчтөн чычкан жеп, өзүнүн ойлоп тапкан амалына ыраазы.

Бир күнү чычкандардын жалпы жыйналышы болот.

Ошондо алардын эстүү башчысы мындай дейт:

– Биздин тукум күндөн-күнгө азайып баратат. Таргыл мышык бизге убада берген менен өз билгенин жасап жатса керек, бул абалга чыдап турганга мүмкүн эмес. Эми экөөбүз баарысын чубатып өткөрөбүз. Биз андан жазгырып ийинге кире качабыз.

Ошентип, мышыктын абийирин кетирели, таргыл мышык ачкадан өзөрүп өлсүн, – дейт. Чубап баратып бир шылуун чычкан мышыктын көзүнө кум чачып өтөт. Мышык карайлап отуруп калат. Акыры ачкалыктан өлгөн экен ал мышык. А чычкандар болсо тынч жашап калышат.

## КАРЫШКЫР, МЫШЫК ЖАНА ЧЫЧКАН

Уй, кой, жылкы, төө, эчки илгери бир заманда адамдарга үйүр боло баштайт. Мына ошол кезде жаныбарлардын арасында мындай деген сөз таркаптыр:

– Адам баласы эки буту менен жүрүп, бүткүл жаныбарларды багындырыптыр, – дейт.

Бул сөз бат эле көпчүлүккө таркай баштайт. Акыры ал кабар карышкыр, мышык, чычканга да угулат. Үчөө өз ара сүйлөшүп туруп, адамга кызмат өтөгөнгө макул болушат. Карышкыр көйрөңдөнүп:

– Мен кой, эчки, жылкыларын кайтарып, бат эле тил таап кетермин, силер кандай болоор экенсиңер? – дейт. Мышык үй-тиричилигине жардамдашарын, чычкан:

– Ун, талкан кайтарып берермин – деп айтат.

Ошентип, сүйлөшүп алып, үчөө тең адамзатка келсе, өтө мээримдүү кабыл алат.

– Силердин өз каалооңор менен келгениңерге чоң ырахмат. Мага жакшылап кызмат көрсөтсөңөр эле болду, мен силерди эч качан наааразы кылбайм, андан көрө ким кандай милдет аткарат, ошону жакшылап айткыла, – дейт.

Карышкыр:

– Мен кой, жылкы, уй, төөлөрүңдүн бирөөн дагы зыянга учуратпай, жакшылап кайтарып берем.

Мышык:

– Мен үй ичиндеги кызматтын баарын бүтүрөм, колумдан эмне келсе, ошонун баарын жасайм, – дейт.

Чычкан:

– Кампада канча эгиниң болсо, чыпчыргасын коротпой кайтарып беремин, – дейт. Адам баласы булардын баарысынын айткан сөзүнө ишенет.

Үч дос убада боюнча жакшылап ишке киришет. Адегенде эле карышкырдын

кайтарган малынын саны азайганы байкалат. Чычкан жөн жүрбөй, эгин салган каптардын кашаттарын теше баштайт. Мышык милдетин ак ниеттүүлүк менен аткарат. Бир күнү эчки төөнү ээрчитип адамга келди да: – Карышкыр бардыгыбызды бир четинен кыра баштады. Төөнү анын кандуу чеңгелинен өлгөндө ажыратып калдым, – деди.

Адам булардын жалооруп айткан сөзүнө ишенди да, карышкырды кеткин деп, тоо-токойго айдап жиберди. Карышкыр ушул күнгө чейин көнүп калган адатын таштаган жери жок, дайыма төрт түлүк малга кол салат. Бир аздан кийин чычкандын

да шойкону кармалды. Үч достун ичинен убадага бек турганы жалгыз мышык экен, бүгүн да адам үйүндө.

## БҮРКҮТ МЕНЕН ТҮЛКҮ

Бир мезгилдерде бүркүт менен түлкү дос жана өтө ынтымактуу болушат. Бирибизге бирибиз кара санашпайлы деп убадалашат. Ошондон көп убакыт өтпөй бүркүт бир жыгачка уя салат, ал жыгачтын түбүнө түлкү тууп, бачикилерин бага баштайт. Түлкү бир күнү бачикилерин калтырып, алыс жакка жем издеп кетет. Ошол учурда бүркүттүн карды ачып, дарактын түбүндөгү түлкүнүн бачикилерин жеп салат. Анан нык тойгондуктан уйкуга кирет. Бир аздан кийин олжосу менен түлкү келет. Караса, балдары жок. Ал: «Алыстан душман келбейт. Бул карасанатайлык бүркүттүн колунан келди», – деп, дароо түшүнөт. Көз жашын көлдөтүп ыйлайт. Кармашайын десе, алы жете турган эмес. Бирок жер-жеберине жетип каргайт.

Эң аягында: «Сом темирге балка бар, чоңсунганга алда бар» – деп, өзүнө өзү кайрат берип, эркин чыңдайт. Кекенип туруп, сенин балапандарыңды мен жеп, сага күйүт салсам, арманым болбостур, – деп, көз жашын аарчыйт.

Акыр тагдыр өзүнүн калыстыгын көрсөтөт. Түлкүнүн энелик мээрими менен жаш төккөнүн укса керек. Бат эле алай– дүлөй түшүрүп, катуу шамал болот. Таш менен топурактарды учурат. Бүркүт уя салган жыгач түбүнөн омкорулуп, кулап түшөт. Анын куу бутактарына чагылган тийип, ал алоолонуп өрттөнө баштайт. Балапандар окчун

жерге барып түшөт. Балдары чала жан. Түлкүнүн көктөн тилегени жерден табылып, түлкү акең мойсоп салат. Ынтымак менен шертти бузган бүркүт ошентип, балапандарынан кол жууйт.

## БҮРКҮТ МЕНЕН КОҢУЗ

Бүркүт асманды айланып жүрүп коёнду көрүп, качырып сала берет. Коркок байкуш алыстан ажал келе жатканын сезип:

– Жан соога! – деп, жетип барат. Ал тездик менен коёнду тезекке калкалай салат. Бүркүт коёндун жашынган жерин көрүп калган. Ал локуюп отуруп алган кезде, коңуз бүркүткө мындай дейт:

– Баатыр, жан соога, бечара бир күнүн көрсүн – деп, жалынып-жалбарат. Анын өтүнүчүнө кулак салбастан бүркүт коёнду дароо жеп, өзөк жалгайт.

Болгон ызасына чыдабай коңуз:

– Сенин тукумуңду курутпасамбы! – деп ант кылат, бүркүт кай жерге уя салбасын коңуз жылып барып, жумурткасын кулатып таштап, тукум курут кылат. Бүркүт канаттуунун зору болгону менен, өзү кетирген катаны ойлоп да койгон жок.

Ал:

– Мен кандай айла кыламын, тоого барсам дагы, ойго барсам дагы коңуз көлөкөчө артымдан калбай жүрүп, жумурткамды бүт талкалады – деп, пайгамбарга арызданат. Пайгамбарым боору ачып, бүркүттүн уясын өз койнуна алат. Муну байкап калган коңуз кекенет. Коңуз кыкты тоголоктоп барып жумурткаларга аралаштырып салат. Кыкты көрүп, пайгамбарым күбүймүн деп бүркүттүн жумурткасын кошо күбүп, баарысын жерге таштап салат.

Бүркүткө түн түшүп, жумуркаларынан ажырайт. Мына ошол мезгилден кийин урук чачып жаткан маалда эч качан бүркүт уя салбай калыптыр. Эч кимди, эч качан колунан келбейт деп кемсинтүүгө жарабайт тура.

## КАРАСАНАТАЙЛЫКПЫ, ЖЕ КАРА ЖЕМСӨӨЛҮКПҮ

Бир кездерде арстан, карышкыр, түлкү аябагандай ынак болуптур. Кенедей тамак табылса, нысап менен бөлүшүп жегенге үйрөнүшөт. Бир жолу үч дос жортуулга жөнөшөт. Көп мезгил өтпөй жолдон бир козулуу кой, келишкен кочкорго кезигишет. Үчөө тең кубанычка батышып, күлүңдөп бири-бирин карашат.

– Кана, көк жалым, бул олжону эми кандай бөлүштүрөбүз, сөз сенде, – деп, арстан карышкырды карайт.

Карышкыр буйдалбай туруп буга мындай деп жооп берет.

– Кочкор – сиздики, кою – меники, козусу – бечара түлкүнүкү.

Арстан карышкырдын бул сөзүн жактырбай, ачуусу келип, аны жаактан ары тартып жиберет. Карышкырдын бир жаагы кыйшайып, көзү чанагынан чыгып, мурдунан кан токтобой агат.

Андан кийин арстан:

– Кана, жойпум, эми сен айтчы! – деп, түлкүнү карайт. Түлкү кыйпычыктап, жалтактап мындай деп сүйлөп баштайт:

– Арстаке, кочкор, албетте, сиздики, аны сиз эртең менен жейсиз. Кой деле сиздики, насибиңиз,

аны менен түштөнөсүз. Козунун этин жатар алдында жесеңиз, өтө жеңил, даамдуу. Кудай баарысын сизге аш кылсын – деп, сөзүн аяктайт.

Арстан түлкүнү далыга чаап эркелетет:

– Өз көмөчүңө күл тартпаган желмогузсуң, андай болбосо кулагыңдан айырып, тилиңди кесет элем – деп, үчөөн тең арстан жеген экен.

## АЙЛАКЕР ТҮЛКҮ

Мурунку өткөн заманда кызыл түлкү болгон экен. Тамак издеп таппай аргасы түгөнүп келатса бир бышырылган нан жатат. Аны алып ичинен кымың дей түшөт. «Муну байдын койчусуна берсем колкосуна кой-козу белек кылар» – деп ойлойт. Ошентип, түлкү жалооруп койчуга жайын айтып, нанды алып барып берет. «Бай урушса, көп уруштун бири» – дейт да, түлкүгө бир козу берип жиберет. Түлкү абдан кубанып, козуну өзүнүн үңкүрүнө алып барып, чөп таап багып жүрөт. Үңкүргө жакын жердеги бир сагызган шакылыктап, козуну багып жүргөнүн карышкырга жеткирет. Түлкү чөпкө кеткенде карышкыр менен сагызган козуну алып кетишет. Түлкү дароо бул иш сагызгандын колунан келгенин билет. Аларды өлтүрүштүн амалы менен түлкү эми издеп жөнөйт.

– Кышка бир ичик жасап бергин, – деп, карышкырга жолугуп айтат. Карышкыр ага макул болот.
– Анда акырын менин артымдан баргын, мен тамак белендеп турайын – деп, жөнөй берет.

Түлкү мурда барып чок салган оороону көлдөлөң менен жаап коёт. Карышкыр келет. Көлдөлөңгө отурайын дегенде эле от жалындап күйүп, карыш-

кыр кошо күйүп өлөт. Сагызган келер убагын билип, түлкү өлүмүш болуп жатып калат. Сагызган шакылыктап жаны-алы калбай келет. Түлкүгө конуп, көзүн чукуюн дегенде, сагызганды шап кармайт. Ошентип, кызыл түлкү амал менен өзүнө жамандык издегенди кармап, алдап өлтүргөн экен.

## КАРЫШКЫР, ТӨӨ, ТҮЛКҮ

Илгери бир убакта бир карышкыр, төө, түлкү үчөө дос болуп, бирге жашап жүрөт. Төө болсо чөп-чардан жеп, ачка болбойт. Карышкыр менен түлкүнүн жээри жок, ачка болуп калат. Түлкү карышкырга:

– Алдап төөнү жейли, – дейт. Түлкү, карышкыр экөө төөгө келет.

– Төө, сен чөп-чар жеп, тоюп жүрөсүң, жээр неме жок, биз ачка болуп калдык.

– Сени биз жейлик, келеркиде өзүңөн артык төө берели, – деди. Төө макул болду. Карышкыр жара тартып, төөнү жеп, бир топ күн карышкыр менен түлкү тоюнуп калды. Төөнүн эти түгөнгөндөн кийин, карышкыр менен түлкү тамак издеп, бир жерге барса, бир козу качты.

Карышкыр:

– Токто, качпа! – деп кыйкырды. Козу эси чыгып, туруп калды.

– Сен эмне качасың, былтыр да мени сөгүп качып кеткен болчусуң, – деди.

Козу:

– Ээ, баатыр карышкыр. Быйыл туулуп, алты ай боло элекмин, анан былтыр сени кайдан тилдеймин, – деди.

– Өзүң болбосоң да сенин туугандарың, ага-инилериң мени тилдеген. Көп сүйлөбө, – деп карышкыр козуну баса калып, түлкүгө бербей, бүт жеп алды.

Түлкү:

– Ээ, карышкыр, эмне үчүн мага бергениң жок? Карышкыр:

– Кичине экен – деди, – экөөбүз тойгудай эмеспиз, эми чоңураак неме кабылса, ошондо тоёсуң, – деди. Түлкүнүн ачуусу келди. Ары жактан бир топ киши көрүндү. Карышкыр, түлкү алып келаткан мергенлер экен.

Түлкү тааный коюп, ийинге кире качты. Карышкыр кире албай туруп калды.

Мергенлер келип, карышкырды атып алып, терисин сыйрып кете беришти. Куу түлкү эки досу – төө менен карышкырды өлтүрүп, өзү аман калды.

## ЖЫЛКЫ БОЛГОН ӨГҮЗ

Илгери-илгери бир өгүз өзүнүн уй болуп жаралганына капа болчу экен. Сасык мурун уй дейт. Мындан көрө жылкы болсомчу. Алар таза болот. Күлүк келет. Мүчөсү да сулуу, – деп ойлонуп туруп, – мен жылкыларга кошулуп кетсем анан жылкыга окшоп да кетээрмин, – деп, жылкыларга кошулуп кетет. Жылкылар оттосо оттоп, жуушаса жуушап, жүрө берет. Уйларды көрөйүн деген көзү жок, күндөрдүн бир күнүндө бир жетим кулунга карышкыр тиет. Карышкырды жылкылар тээп, өгүз сүзүп, эптеп аман алып калышат. Бир далайга жылкылардын жанында жылкы болуп жүрө берет. Күндөрдүн биринде карышкыр өгүзгө тиет. Жылкынын баары бирөө да карабай үрккөн бойдон кетип

калат. Ылдыйкы сазда жүргөн уйлар, өңкүлдөп жүгүрүп келип, өгүздүн шайы ооп калганда карышкырды сүзүп өлтүрүп, өгүздү куткарып калышат. Ошондо өгүз өзүнүн текебер кылып жаңылганын билген экен. «Өз өлтүрбөйт, жат жалгабайт» деген сөз ушундан калыптыр.

## БӨДӨНӨ МЕНЕН ТҮЛКҮ

Бөдөнө менен түлкү дос болуп жүрөт. Бир күнү түлкү:

– Бөдөнө дос, бөдөнө дос, мени бир тойгузуп койбойсуңбу? – деп айтыптыр.

– А болуптур, тойгузайын. Менин аркамдан ээрчи. Мен бытпылдык деп сайрап кете берем, качан мен көзүңдү ач дегенде ачасың.

Бытпылдык деп кете берди. Бир жерге барса, беш-он катын табактарын баштарына көтөрүп, айылга кетип бараткан экен. Бөдөнө пыр деп, бир катындын алдына тарп-турп этип коно калды эле:

– Балама кармап берейин – деп, табагын жерге коё койсо, андан аркы катындын алдына коно койду.

– Мен да балама кармап бере коёюн, – деп табагын жерге коё коюп, бөдөнөнүн аркасынан чуркады. Бөдөнө тарп-турп этип, тигил жерге учуп, бу жерге конуп, кете берди. Баякы катындар кууп, узак жерге кетип калды. Ага дейре түлкү эттердин баарын жеп, дардая тоюп, табактарын ороп таштады.

«Эми түлкү тойгондур» – деп, пыр этип узак жерге учуп кетти.

– И алдамчы, бөдөнө, алдап учуп кетип калбадыбы! – деп катындар чарчап, табактарын алганга

келишти. Табактарын төбөсүнө коюп алып, айлына барганда, колдоруна суу куйду. Дасторконун салды, табактарын ачып караса, бүтүн эле түлкүнүн богу.

– Өлүгүңдү көрөйүн, бок алып келесиңби бизге, кет! – деп кубалады.

Катындар уят болуп табактарын көтөрүп, курсактары ачып, үйүнө араңдан зорго кайтышты. Дагы бир күнү түлкү келди.

– Бөдөнө дос, бөдөнө дос!

– А!

– Тойгуз дедим, тойгуздуң. Эми бир күлдүрчү.

– Болуптур. Мен бытпылдык деп кете берем, сен ээрчип кете бер. Бөдөнө бытпылдык деп кете берди, түлкү ээрчип кете берди. Бир катын уй саап жаткан. Бөдөнө пыр эткен боюнча учуп барып, уй сааган аялдын башына коно калды.

– Эй, дейм! Эй, дейм! Кичине балтаны коюп, чоң балтаны алып, жүгүрүп келе кой, менин башыма сыймык конду.

Эри жүгүрүп келип, бөдөнөнү чабамын деп, алиги жерде кедей башын бөлө чаап, катынын өлтүрүп алды. Түлкү жатып, оонап туруп, аябастан күлдү.

Дагы бир күнү:

– Бөдөнө дос, бөдөнө дос! Тойгуз дедим, тойгуздуң, күлдүрдүң. Эми бир коркутчу мени.

– Куп болот, мени ээрчип кете бер. Бытпылдык деп кете берем. Мен көзүңдү ач дегенде ачасың.

Бытпылдык деп кете берди, бир жерге барса, бир жерде бүркүтчүлөр, тайганчылар, кушчулар турат. Алиги бүркүтчүлөрдүн бүркүтү көрүп, бүркүттөрүн салды, түлкүгө. Түлкү андан ага, мындан буга качты. Бир бала отун көтөрүп дем алып калган экен, отундун арасына кирип, жан сактады. Баягы

бүркүттөр чабыттап үстүнөн өтүп кетти. Бир маалда бөдөнө келди.

– Ээ, келипсиң дос. Берээк кел! Жакын келди эле, лып этип бөдөнөнү тиштеди.

– Коркут десе ушундай коркутасыңбы? Өлүп кала жаздадым, сени жеп коёюн.

– Эми дос, илгертен калган достун түбү дос болот. Менин атаман калган осуятым бар, ошону айтып эле берейин, анан жей бер.

– Айт!

– Бир дегин!

– Бир!

– Эки дегин!

– Эки!

– Созуп-созуп айткын, төөрт!

– Төөрт!

– Беш дегин!

– Беш!

– Алты эле дебейсиңби?

– Алты! – деди эле, пыр-р этип оозунан чыгып, учуп кетти.

– Ылты дебей не болдум, тылды дебей не болдум! – дейт түлкү. Ошентип, бөдөнөдөн түлкү жеңилген экен.

## МАКТАНЧААК КОЁН

Илгерки заманда коён узун кооз куйруктуу, күлүк, мурутчан, өзү жеткен мактанчаак жаныбар болот экен. Жаш, жаңы чоңоюп келе жаткан коёндорго тынчтык бербей:

– Токойдо кожоюн жалгыз гана менмин! – деп, көзүнө эчтеке көрүнбөй, көөп турган маалы. Эрдин

булкулдөтүп чөптүн жакшысын искеп жеп, бир жерге токтоно албай, – эрдим төөнүкүндөй, кулагым эшектикиндей, күлүктүгүмө эч ким жетпейт, жүнүм, куйругум кандай укмуш, чиркин! – деп мактанып жүрүп, ал коён бир кирпиге жолугат.

– Сен кимсиң? – деп, бүрүшөт кирпи.

– Мен коёнмун – дейт үнүн катуу чыгарып.

– Эмнеден коркосуң?

– Мен эчтемеден коркпоймун, а сен кимсиң? Сен эмнеден коркосуң? – дейт коён.

– Мен кирпимин. Мен кокустуктан корком.

– Кокустук дегениң эмне? – деп, дагы сурайт коён.

– Туяктуу жаныбарлар атайлап баспайт, бирок шашып, качып же үркүп келе жатып басып кетсе, өлөм.

– Иттенчи?

– Иттен үстүмдөгү тонум сактайт. Киши мени бир тоголок тикен деп ыргытып жиберет, эчтеме мага тие албайт. Сен коён мактанчааксың, ошондуктан калп эле коркпойм деп жатасың. Карышкыр жана башка айбандар мамыктай жумшак денеңе азуу тишин матырса, өлөсүң.

– Ооба, аны сен кайдан билесиң?

– Мен сени көргөндө эле билдим, эгер мыкты болсоң, эмне эрди-башың былкылдап турат?

– Эрдим төөнүкүн тарткан, ошондуктан жырык, кулагым чоң, шырт дедирбей угам, күлүкмүн, качып кутулам.

– Мен бир иш айтайын макулсуңбу? – дейт кирпи. Коён макул болот. – Жүр, дос, тээтиги көлгө баралык, суу ичелик, бир аз эс алалы, – дейт.

Алар көлгө келишет да, суу ичип, бир аз эс алышат.

– Эми көлгө куйругуңду салып, жээкке бир аз олтурчу, – дейт кирпи.

– Эмнеси бар! – деп мактанчаак коён куйругун суугa салып отурат.

Ошол маалда өрдөк баш балык келип, коёндун куйругун көрүп, жемек болуп, араадай тиши менен тиштеп тартат. Балык суугa, коён чыңырып арткы буту менен жерге таянып сыртка тартат. Ары-бери тартышып, коёндун куйругу үзүлүп кетет. Айласы кеткен коён андан-мындан бир тийип, куйруктан ажырап, кыска куйругу менен качып жоголот.

– Мактанчаактан кутулдум! – деп кирпи кала берет. Коён ошо күндөн, ушу күн куйругу жоктугунан уялып, отура калып жүрөт экен.

## ЧЫЧКАНДЫН БАЛДАРЫ

Илгери-илгери жер жер болуп жаралганда, жер үстүнө жаныбыр таралганда бир чычкан болуптур. Өзү кичинекей болгон менен душмандары көп экен. Анын тукумдарын түлкү кармап жесе, ийинден жылан сорот, күндүз күйкө аңдыса, түнкүсүн үкү илип кетет. «Душмандардан коргой турган бир баатыр уул төрөйүнчү» – деп, туулган баласын аябай багат. Анысы чоңойгондо мышык болуп чыгат. Жээрге тамагы жок болуп калганда мышык кайра чычкандарды жей баштайт.

«Кой, бул балам кайра өзүмө жамандык кыла турган болду, мындан мыктыраак дагы бирөөн туую н, ал балам жардам берер» – деп, туулган баласы сүлөөсүн болуп чыгат. Ал чоңоюп алып, тоо-ташка кетет. «Бул балам да кайыр кылбай турган болду, андан көрө мындан мыктыраак бирөөнү

тууюн» – деп, дагы бирди тууйт. Анысы илбирс болуп чыгат. Чычкандарга кенедей жардам бербей, токой аралап, караанын көрсөтпөйт.

Чычкан өзүмө кайрымдуу бала тууйм деген ой менен улам тууй берип, кара чаар кабыланды, жолборстун энеси болот. Бирок алардан да кайыр болбойт. Ар кими каалаган жагына басып кетет. Ошондо эң акыркы жолу арстанды тууйт. Ал чоңойгон соң:

– Балам, сенден мурдагы балдарымдын бардыгы мага карабай кетип калды. Эми мени кор кылбай, душманга алдырбай бага көр! – дейт.

– Ушу мени чычкан тууду дегенге кантип башкалар ишенсин. Энем чычкан деп айтуу мага да уят эмеспи. Шылдың кылбай, өз оокатыңды кылыңыз! – деп арстан басып кетиптир.

Чычкан үшкүрүнүп-чүчкүрүнүп отуруп калыптыр.

## АЮУ МЕНЕН ЧИРКЕЙ

Дөбөдөй болгон чоң аюу муштумдай болгон коёнду кармап алып, эч бир жазыгы жок байкушту кулагынан чойгулап кыйнайт. Өлүмгө жеткирбесе да эсин оодарганга чейин алпарат. Ошондо коён капаланып:

– Кулак жазылар, көздүн жашы кургар, бирок ушунча кордук көрө турган эмне жазыгым бар! Аюу токойдогу аңдардын чоңу, күчтүүсү, карышкыр менен түлкү араларынан кыл өтпөгөн ысык достор. Эми мен кимге корголойм? – деп арман кылат. Ошол убакта калың камыштын ичинен:

– Мага корголо! – деген бир абдан ичке үн чың эте түштү. Коён көзүнүн кыйыгы менен караса, үн чыгарган чиркей экен.

– Сен мени коргой аласыңбы? Аюу аңдардын чоңу, күчтүүсү, сен болсо чиркейсиң. Сенин колуңдан эмне келет?

– О, жолуң болгур! Мен аны уктатпай, тынчын кетирүүгө жарраймын. Ошону билбейсиңби?

Жайдын ысыгында токойдо чабыттап жүргөн аюу жанын коёрго, жер таппады. Тынчы кетип, бүлдүркөндүн жалбырагынын үстүнө дем алайын деп жатса, кулагынын түбүнөн ызың-ң, ызың-ң-ң деген дабыш чыгат. Аюу чиркейдин табышын угуп, тааныйт. Чиркей аюунун мурдуна келип конуп, каңылжарына кирип кетет. Аюу чыдабай күчүнүн бардыгынча таманы менен мурдун ургулап, жерге ооналактап эси оойт. Дыңылдаган чиркейдин үнү кулагынан кетпейт. Аюу андан жүрөксүп коркуп, «эми кай жериме конор экен» деп уктамыш болуп, козголбой тыңшап калат. Аюунун бут жагында ызылдап жүрүп, бир кезде чиркей ың-жың дабышы жок болуп кетет.

«Чиркей учуп кетти го» деп ойлоп турганда, ал аюунун кулагынын түбүнө эптеп коно калып, «тыз» эттире чагып алат. Аюу көзүнүн от чагышып кокуйлап ордунан ыргып турат. Оң таманы менен кулагын кагып: «Жеди эле жеди! Бу кандай жаны бек неме эле» деп өңкөлөңдөп качып жөнөдү.

Чиркей токойду кыдырып, бутак, бадалдарды койбой тинтип, дыңылдап аюунун артынан түштү. «Зың-ң-ң – ызың-ң-ң» деген чиркейдин үнү аюунун алапайын таптырбайт.

Жүгүрүп отуруп бир жерге келгенде алы кеткен аюу эс алгысы келип, башын бадалга сүйөп уктап

кетсе түш көрөт. Түшүндө токойдун ичинен аарынын уюгун таап алат. Аарынын уюгундагы балга бутун сала берерде «зың-ң-ң – зың-ң-ң» деген үндү дагы угат. Баягы чиркей аюуну дагы кууп жөнөйт. Көзү умачтай ачылып, кайран неме зымырылат. Аюу жан талашып качып баратса да чиркей тынчтык бербеди. Ызылдап, ызылдап келип кайрадан жымжырт боло калат. Аюу шектенгендей тыңшап туруп, жаңгак жыгачынын түбүнө жашырынат. Бир аздан соң кыйналган шордуу көзүн жуумп үргүлөп кетет. Бирок чиркей мурдагыдай эле ызылдап аюунун жанын жай алдырбай таң атып, күн чыкты. Уйпаланып, түктүйүп уктабай сенделип келе жатса, чиркейдин ызылдаган үнү аюунун кулагына дагы угулду. Ал селт эте түштү.

Алыстан байкап турган коён чиркейге:

– Жарайсың, кайраным! – деп көзүнүн жашы чыкканча күлүп, ыраазы болот.

Чиркей болсо аюуга:

– Коёндун күйөөрү жок деп ойлогонсуң го. Эми, баатыр акеси, буга кордук көрсөткөнүңдү койгун. Мунунду койбосоң, айлаңды гана кетирем да, тытынып жүрүп өлөсүң! – деп коркутуп «ызылдап»учуп кеткен экен.

## АРСТАН КАРМАГАН АТ

Илгери, илгери дыйкандын тор кашка аты бар эле. Аны менен жазында кош айдап, мала тартты. Күзүндө эгин бастырды, кышында чанага чегип суу тартты, айтор бардык жумушун Торкашка менен бүтүрүп жүрдү.

Жылдар өтүп Торкашка ат карыды, баягыдай ишке жарабай калды. Ээси: «Кайда барсаң анда бар» – деди да, тоого айдап салды. Торкашка эптеп өз күнүн өткөрүп жүрдү.

Күндөрдүн биринде ага түлкү жолугуп сурады:

–Сен эмнеге кулагыңды шалпайтып калгансың! Түрүң начар, бир кырсыкка учурагансың го!

–Ээ, түлкүм, туура айтасың. Ак ниеттик менен сараңдык бирге жашабайт турбайбы. Ээме канчалык ак эмгек кылсам да акыры аяган жок, минтип кууп салды, – деди Торкашка капалана.

–Эми эмне кылайын деп ойлойсуң. Жан багыштын аргасын кылуу керек да!

–Кандай арга кылмак элем, – деди Торкашка жооп кылып. – Эгер ээме арстан кармап барсам, ошондо гана мени багат, ал эми бул ишти аткарууга менин чамам кайда.

Аттын сөзүн уккандан кийин түлкү мындай деди:

– Эгер менин тилимди алсаң, сага бир жардам берейин.

– Куп болот, жакшы кеңешиң болсо угайын, – деди ат.

– Анда мындай кыл – төрт бутуңду төрт жакка керип, өлгөн эмедей суналып жат. Андан кийинкисин дагы көрөсүң, – деди түлкү.

Торкашка эмнеси болсо да тобокел кылып, түлкүнүн айтканын жасады. Ушул учурда түлкү жакын жердеги үңкүрдөгү картаң арстанга барып жетти да:

– Арстан, барсыңбы! Курсагың ачкандыр, мени ээрчигин, кардыңды бир тойгузайын,– деп кыйкырды. Арстан көзүн ачып-жуумп, оозун ачып эстеп, үңкүрдөн чыгып түлкүнүн соңунан ээрчиди.

Экөө «өлгөн» аттын жанына келишти. Атты көрүп арстан качырып сала бергенде түлкү аны токготту:

– Сабыр кылыңыз, өлгөн эме тура качпайт. Өз даражаңызды сыйлаңыз. Бул жерде сөөк кемирип отурганыңыз болбостур. Алып барып үйүңүздө жеңиз.

– Муну кантип үйгө жеткирмек элем! – деп күрүлдөдү арстан.

– Анын да акылы табылат. Мындай кылалы: мен атты сиздин куйругуңузга байлап берем. Анан сүйрөп барып, өз оюңузча жей бересиз, – деди түлкү.

Арстан бул акылга макул болду.

Анан арстанды тескери каратып тургузду да, аттын куйругу менен, анын эки бутун бекем байлады. Арстан муну сезген жок. Мындан кийин түлкү:

– Кана, Торкашка, акылың болсо арманда калба, – деп айтты да жонго бир чапты.

Торкашка ордунан тура арстанды сүйрөп жөнөдү. Арстан өкүрүп-бакырганын айтпай эле коёюн, тим эле аскалар урап, деңиздер толкуп, дайралар тескери акты.

Кырдан-кыр ашырып, белден-бел ашырып сүйрөп арстанды дыйкандын үйүнө алып келди. Дыйкан арстанды союп терисин алды. Торкашка болсо жем-чөпкө тунуп өмүрү өткөнчө дыйкандын үйүндө калды.

## КУУ ТҮЛКҮ

Жолборс бир түлкүнү кармап алат. Түлкү куйругун буландатып, тумшугун жогору көтөрүп:

– Мени жей албайсың! Мен мына бул калың токойдун кожоюну болуу үчүн келгенмин, – дейт.

Жолборс ары карап, бери карап анын сөзүнө ишенбейт. Анда түлкү:

– Жоке, ишенбесең мени менен бирге токойго баргын. Андагы бардык жаныбарлардын менден кандай корко тургандыктарын өз көзүң менен көргүн! – дейт.

– Көрсө көрөйүн, – деп жолборс түлкүнү ээрчип жөнөйт.

Түлкү анын алдына түшүп алып, абайлап жүрүп отурат. Жолборсту көргөндөрдүн жүрөктөрү түшүп, туш-тушка качып, жым-жым жок болушат. Канаттуу куштар уяларынан уча качышат. Түлкү жолборско:

– Жоке, менден коркпой турган эч ким жок экендигине эми көзүң жеткендир – дейт.

Анда жолборс:

– Чындыгында сен абдан барктуу экенсиң. Жаныбарлардын баары сыйлап, абдан коркушат тура. Сени менен эрегишип, жамандык кылуу болбойт, – деп түлкүдөн коркуп, коё берет.

Ошентип куу түлкү куулугунан өлүмдөн кутулган экен.

## ЭКИ УЛАК

Ак улак менен кара улак ары жүгүрүп, бери жүгүрүп жан-жагын карап секирет. Бир жагында калың бадал, бир жагында калың тикен, эч кандай кой-эчки көрүнбөйт.

– Сен ак улаксың, тил укпаган акмаксың! Мени ары бери сүйрөп жүрүп акыры адаштырдың, жаның барында койду таап бергин, – деп ак улакка кара улак айтат. Кара улак бир күн мурун туулган. Дене-

си чымыр, маңдайында жумуру эки мүйүзү бар. Ак улакты боорум экен деп, жан тартчу эмес. Кичине эле кылт этсе: «Ак улаксың, акылы жок акмаксың»,– деп шылдыңдап, ачууланса мүйүз матап, бөйрөккө сүзүп жиберчү. Кара улак өзү жалакор, ак улак жакын келсе эле: «Мына жердин чөбүн жеп койду, ба-а – ба-а!» деп бакылдачу. Эми адашкандан кийин айласыз «ак улак» деп гана турат. «Ай, ак улак, акмак! Жаның барда түш деймин, бас деймин» деп, кара улак секирди. Ак улак ары ойлонуп, бери ойлонуп, зирек немени жүргөн-турган жерлери эсине түшүп, беркиге кайрылды:

– Узап кеткен койду кантип табабыз, тоону ашып жайлоого барып калган чыгар. Жайлоого жол таап баруу эң кыйын болсо да, жол издеп көрөйүн. Сага айтайын дегеним, эчки менен эрегишпегин, менин айтканымды кылгын. Муну орундатпасаң адашып өлөбүз. Ак улактын «өлөбүз» деген сөзүн кара улак укканда үрөйү учуп коркуп кетет. Кара улак канча тентек болгону менен, ак улактын тилин алууга убада берет. Ак улак жол баштап алдыга түшөт, калың чөптү жапырып, алдынан аң, таш жолукса секирип өтүп, жүрүп отурат.

Ошентип ак улак, кара улак экөө тоонун этегине келип жетет. Эки жагын караса көрүнгөн эч нерсе жок, жымжырт. Капысынан алдыларынан бир түлкү чыга калат.

– Өзүң аппак, сулуу улак экенсиң, агаң дагы келишкен неме тура! Чарчап калган чыгарсыңар, биздин үйгө барып даам татып кеткиле. Менин дагы силердей эки балам бар, бирге ойноп, кумарыңарды жазып эс аларсыңар, – деп, түлкү ичинен «ак улак кичинекей экен, капысынан эбин таап жеп алайын»

деп ниети бузулат. Айта турганын мурунтадан ойлоп койгон ак улак:

– Түкө, тетиги дөбөнүн башында, кара таштын астында бизди карышкыр күтүп турат. Ал кара улак экөөбүздү конокко чакырган. Сизди ээрчип кеткенибизди көрсө, ачуусу келет го, кашакеңдин каары катуу эмеспи. Эми өзүңүз деле биз менен кошо жүрүңүз.

– Анда эмесе жарайт, силер кете бергиле, мен артыңардан барармын, – деп түлкү куулук кылып калып калат.

Эки улак кетип бара жатканда алдынан көк жал карышкыр каршы чыгып, оозун араандай ачып, эки улакка тап берет. Карышкырды көргөн түлкү сайга кире качат. Карышкыр дароо жара тартпай сөзгө келет:

– Кардым ачып куркулдап калдым эле, мындай жакшы болорбу, мен силерди жеймин, – дейт. Анда ак улак дагы чыңылдайт:

– Кашаке, тетиги дөбөнүн башында, кара таштын астында бизди арыстан күтүүдө. Ал тоодогу жортуп жүргөн кайберендерге, учкан куш, жаныбарларга падыша болуп келүү күнү келиптир. Эртең мененки тамагына эки музоону, түшкү тамагына эки улакты, кечкисине эки козу жейт экен. Сиздин бул кылыгыңызды байкаса, буркан-шаркан болуп ачууланып өзүңүз жаздым болбоңуз, мейли жей бериңиз! Аңгыча болбой:

– Ме-ке-кээ, карышкыр, арстанды карагын! Ба-ка-ка! Чакырып жатат, – деп кара улак тикчилиңдеп бакырып жиберди. Карышкыр шаштысы кетип:

– Бакбай балааңдан, жакпай жалааңдан – деп качып жөнөйт. Эки улак жүгүргөн боюнча бир тоонун

башына чыгышат. Эки жакты карашса, тоону бөксөлөп бир короо кой жайылып жатат. Койдун артында астында аты бар, кашында ити бар койчу келе жатат. Койду көргөндө кубанганынан эки улак «мака-каа» деп маарап коё беришет. Чолпон ата жол баштап, мурун келген ак улакты жерден көтөрүп ала коёт да:

– Мен силерди ой-кыр койбой издеп таба албай койдум эле. Өзүңөрдүн таап келгениңерди карачы, жарайсың, ак улагым, ап-пагым: «Ак улак акмак» деп мазактагандардын өздөрү акмак – деди да ак улакты кучактап бооруна кысты.

## КҮКҮК МЕНЕН ЗЕЙНЕП

Илгери-илгери бир куш жыгачтын башына уя салып, эки балапан чыгарат. Ал балапандарынын биринин аты Күкүк, экинчисинин аты Зейнеп экен. Балапандар бат эле чоңоюп, уядан учууга жакындап калат. Учуп кетүү алдында Күкүк менен Зейнеп даярдык көрүп, алмак-салмак канаттарын күүлөп, машыга баштайт.

Бир күнү Зейнеп канаттарын күүлөп бүтүп, ордуна келип жаткан соң, Күкүк уянын кырына чыгып талпына баштайт. Ошентип жатып Күкүк кулап кетет да аңкилдек атып отуруп жердин түбүндөгү жаракага кирип кеткен экен. Уяда калган Зейнеп бир тууганына кантип жардам берерин билбей чыйпыйы чыгып чыркырап кала берди. Күкүк ошол бойдон дайынсыз жоголду. Бир оокумда Зейнеп менен Күкүктүн ата-энеси келип, Күкүктүн жардан кулап кеткенин угуп, артынан издеп жөнөшөт. Ошол бойдон алар да жаракага түшүп

жым болду. Бир нече күн уяда жалгыз «Күкүк» деп сайрап отуруп, акыры Зейнеп да учуп кетет. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Зейнеп бир тууганын чакырып «Күкүк» деген боюнча жүрөт экен. Ал эми Күкүк болсо, жер алдында жашап, жер үстүндө калган бир тууганы Зейнепти сагынганынан «Зейнеп» дей берет экен. Алар бирин бири издеп, үн алышып сайрап, жолугарына жакын калганда таң атып кетет экен да, жер алдындагысы «эртең издейинчи» деп кашаңдай түшөт. Ал эми жер үстүндөгүсү болсо, «кеч кирип, таң атсынчы» дейт экен да экөө тең табышалбай жүрөт имиш.

## КУЙРУГУН ЖАЗАЛАГАН ТҮЛКҮ

Түлкү талаада жойлоп жүрсө, ит ээрчиткен аңчылар көрүп калат. Алар тайгандарын агытып, түлкүгө коё беришет. Түлкү буту-бутуна тийбей качып отуруп тайгандан кутулбасын билгенден кийин жакын арадагы ийинге кире качат. Ошентип, тайгандар оозунан жулдурган бөрүдөй болуп, аңкайып сыртта туруп калышат.

Ийиндин түп жагына жетип, бир аз эс алган соң түлкү:

–Көзүм, көзүм, сен эмнени көрдүң, – деп көзүнүн сурайт. Анда көзү:

–Мен болгон окуянын баардыгын көрүп турдум. Тайгандар жакындап келе жатканын, ушул жерде ийин бар экенин көрдүм, – дейт.

Түлкү:

–Кулагым, кулагым сен эмнени уктуң? – деп сурайт. Анда кулагы:

–Аңчылардын кууп келе жатканын, иттердин арылдаган үнүн угуп, сага алардын жер жарган дабышын билгиздим, – деп жооп берет.

Андан кийин түлкү:

–Мурдум, мурдум, сен эмне кылдың? – деп сураса, анда мурду:

–Мен коңурсуган жаман жыттуу иттердин жакындап калганын сезип, сага билгиздим, – деп жооп берет.

Түлкү:

–Буттарым, буттарым, силер эмне кылдыңар? – деп сураса, буттары:

–Биз күчүбүздүн келишинче тез чуркап, иттерге жеткирбей, сени ушул ийинге алып келдик, – дешип жапырт жооп беришет. Алардын жоопторуна маашырланган түлкү:

–Куйругум, куйругум булар мага минтип жардам берди, сен эмне кылдың? – деп сураса, куйругу:

–Мен тайгандар келе жатканда коркконумдан эч айламды табалбай сенин эки арткы бутуңа жашынып калдым – дейт.

Ошондо түлкү ачуусу келип:

–Сен менин буттарыма жолтоо кылып, тез чуркатпай кармап жаткан турбайсыңбы. Иттер кармап алсын деген арам ойдо экенсиң го! Мен сени иттерге салып берейин, акеңди гана таанытайын, – деп ачууланып куйругун ийиндин сыртына булактатып, боортоктоп жатып калды. Ийиндин оозунда аңдып турган иттер сүйүнгөн бойдон түлкүнү куйруктан тиштеп чыгарып, талап киришти.

Ошентип, куйругун жазалайм деген кем акыл түлкү өзү кырсыкка учурап өлүптүр.

## АЛДАНГАН КАРЫШКЫР

Илгери-илгери капчыгайлардагы коргул таштардын арасына бир түлкү ийин жасап алып, анда көп жылы жашап, тар ийинге эч ким каттабаптыр.

Бир күнү күн аябай суук болуп, түлкү ийинден чыгып, тамак издеп жойлоп жөнөйт. Ал кетээри менен ачка, кынжыйган, бир карышкыр түлкүнүн келишин күтүп, ийинге жатып алат.

Түлкү жолу болуп курсакты кампайта тойгузуп, кечке жуук ийинге келди. Караса, карышкырдын изи, дароо ойлоно калды.

«Эгер карышкыр болсо, мени соо койбойт, амал табайын»– деди.

Ийиндин оозунан алынын бардыгынча:

–Ийним, ийним! Барсыңбы, мен келдим,–деп обон сала кыйкырды. Карышкыр болсо, «чоң жырткыч айбан келген экен» деп былк этпей дымып калат. Түлкү дагы чыйкылдады:

–Ийним, ийним! Сен соо эмессиң го, келгенимде жооп берүүчү элең, ал кайратың кайда кеткен!

Карышкыр түлкү экенин билгеңден кийии:

–А-у, а-уу! – деп обон сала күркүрөп жооп берет. Түлкү болсо, карышкырдын бар экенин билип:

–Ошентип бая эле айтпайсыңбы, мен карга оонап, тазаланып келейин! – деп шылтоолоп туруп, жылт коёт. Ач көз акмак карышкыр эми тоём деп тилин салаңдатып, түлкүнүн келишин күтүп жата берет.

Аң уулап жолу болбой келаткан мергенлер ийинди көрүп, капкан салып койсо, карышкыр түшүп калат. Ошентип түлкү амал менен бир ажалдан калат да, карышкыр алданып өлгөн экен.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАРЫШКЫР

Бир күнү түлкү куйругун булактатып, тилин саландатып, ээн жерде келе жатып, жалгыз аяк жолдун таманында жаткан койдун куйругун көргөндө кубанып кетти. Аны тегерене карап, салып койгон капканды көрдү да, шилекейин чууртуп, эмне кыларын билбей туруп калды. Аңгыча желип-жортуп карышкыр келди. Түлкү жагалданып:

–Каке, келиңиз, келиңиз, куйруктан көп жеп коюп май кекирип турам. Алдагыны сизге сактап койдум, – деди.

«Астында капкан болбосун?»–деп шектенген карышкыр анчалык көңүлсүнбөй мыкчыя тигилди.

–Кээде ушинтип кекирейип каласыз... жебесеңиз өзүм үйгө алып кетейин, –деп түлкү баягы май куйрукка тап бергенде, карышкыр түлкүдөн мурда озунуп сугунмак болду эле, тумшугу капканга чабылып калды. Куйрук четке ыргыды. Түлкү аны илип алды да:

–Жат, бөрү аке, жабышып,
Капкан менен кабышып!
Эртең эрте ушунда,
Ээси менен табышып, – деп шаттанып ырдап, желе-жорто жүрүп кетти.

## ТҮЛКҮ, ЖОЛБОРС, АЮУ, КАРЫШКЫР

Жолборс, карышкыр, түлкү, аюу – төртөө жолдош бодду. Тапканын ортого салып, оокат кылмакка убада кылышты. Анан келе жатышып алар төөгө кезигишти. Төөнү да «бизге жолдош бол» деп төртөө

кошуп алды. Узак жол жүрүшүп, курсактары ачты. Түлкү буларга масылат кылды:

–Ии, бул төө ынанса, баасын он койго чегерелик. Жазында ар бирибиз экиден кой десек, бул турган төртөөбүз сегиз кой беребиз. Эки кой өзүнө эсеп болсун, ушуну менен баасы тынат, –деди. Бул сөздү түлкү баштап, төөнү карызга соймокко, ага бурулушту:

–Төртөөбүздөн сегиз кой ал, экөө өзүңө эсеп. Эби келсе сени соёлу, жазында койду алып магдырап жатып каласың. Койду бооз, кысыр дебейбиз, колго тийгенин беребиз! Койлор бооз чыгып калса, төлү менен он алты болот. Козулары сенин пайдаң, мындай пайда эч жерден чыкпайт, – деп түлкү деле шек билгизбей жубатты. Төө ойлонуп: «Бул көп олжо экен, булардын коюн алыш керек»,– деп өзүн он койго баалап, тартайып чөгүп, мойнун сунуп, көзүн сүзүп жатып берди.

«Кылыйган кыраан түлкү, жүргөн жери күлкү, бул төө-түлкү акемдин мүлкү» деп, этин бешке бөлүп: бир бөлүгүн жолборско, бир бөлүгүн аюуга, бир бөлүгүн карышкырга ыйгарып, бир бөлүгүн өзүнө чыгарып алды. «Төө куру калабы» деп бир бөлүгүн түлкү төөгө бөлдү да, өзүнө тийиштүү этке кошуп койду. Бөлүктөн ашып калган төөнүн бөйрөгүн Түкөң тымызын култ эттирип алды. Карышкырга бирөөн алыңыз деп ишарат кылып турганда, аюу саксайып «жүрөгү жок го» деп, «ы-ыңк» этти.

Дардайып тура калган Жокең:

–Төөнүн бөйрөгү кана? – деди. Түлкү «Бөрү жеп койду окшойт» дегенсип кыйыгы менен ишарат кылды. Каары келген жолборс бөрүнү бир чаап өлтүрүп таштады. Аюу, жолборс эттерин бөлөк

жыйып коюп, тамашага кетти. Алар келгенче түлкү акең карап турабы, төөнүн этин бүт бойдон бир үңкүргө бекитти. Бир убакта аюу менен жолборс келди да:

–Эт кана? – дешти. Буга түлкү:

–«Эмитен жаңжал кылып жүргөн немелер мага кийин кой береби?» –деп төө айнып туруп кетип калды, – деди. Аюу менен жолборс буга ынанып калышты. Түлкү аларды алагды кылып ээрчитип, бир заңгелге алып барды да жолборско кайрылды:

–Атаң ыраматылык ушул капчыгайдын тигил өйүзүнөн бул өйүзүнө секирип чыгып кетүүчү эле кайраның! Сен өтө албайсыңго, коркок көрүнөсүң! Жолборс «бул эмне?» дегендей аны кекээрдүү тиктеп, дардайып жөнөдү. Мактангысы келди окшойт, жүгүрүп келип баягы заңгелдин башына ыгдырылып тура калды. Түкөң жалынга май тамызгандай кылды: Чамынганы, басканы, сын-сыпаты атасы ыраматылыкка окшош. Аттиң ай, азыраак коркогу болбосо, атасынын эле өзүн тарткан экен!.. Атаң ашкан эр эле, качыргандан кайткан эмес, кармаганын куткарган эмес. Бет алган жагынан эзели кайра тартпай түйүлгөн боюнча секирип кетээр эле, жүрөгүң тайкы дебейин, бирок жаштыгын да! Ошондо Жокең далдаңдап түйүлүп калган тура.

Анан күркүрөгөн бойдон таштан ташка тийип, бели сынган жолборс өлдү. «Жокемдин сөөгүн таза жерге коём»– деп, түлкү кийин этин жемекке зыңыйта жашырат. Жанында жалгыз гана аюу калды. Түлкү мындан башкасын амал менен өлтүрүп бүтүрдү. «Эми аюу акеме кезек келди го, мунун да эсебин табайын» деп ойлонду. Жаткан жеринде катып койгон эттен кыйыбын таап, түлкү акең аюуга

көрсөтпөй, акырын жей берди. Аны аюу билбейт, ачка кесээрип алсыроодо.

Аюу уктай албай жатса, түлкү кыртылдатып бир нерсе жегендей болот. Анда аюу түлкүгө муңдуу кайрылат:

–Ээ, түлкү дос, сен эмне жеп жатасың?

–Ээ, аюу балбан, чыдай албай, ачкалыктын азабынан өз ичимди жарып, чучугумду жеп жатам. Ачкалык азап тура.

–Андай болсо мен да өз чучугумду чубап жесем болобу?

–Болбой эмне, сен деле мендей жан турбайсыңбы, чучугуңду чубап жей бер. Эртең эле айыгып калат. Аюу чымырканып бир тиштеп тартты, өзүнүн ичи ооруганына чыдай албай жаны чыга жаздады.

–Ээ, түлкү дос, өзүмдү-өзүм тиштегендей этим ооруп чыдай албадым, сен кандай амал менен жеп жатасың?

–Сен анын эбин таба албайсың, мен оорутпай кең оюп, чучугуңду чубап чыгарып берейин. Аюу тартайып чалкасынан жатты. Түлкү тумшугун салып, аюунун ичинен чучугун сууруп алды. Ичи жарылып онтоп, жаны көзүнө көрүнгөн неме өлүп калды. Аюунун, жолборстун, бөрүнүн, төөнүн этин түлкү акең жалгыз басып калды. Четинен жеп, ою менен уктап, эрикkенде этке кирип, суусаганда суу ичип, жыргалда жүрдү. Калыңдыгы карыш казы алды.

Аяр түлкү, алы эчтемеге жетпейт. Эси чыгып чочуп жүргөн, токтоно албай качып жүргөн жырткычтын баарын жолго салып, жылас кылды. «Эми бүргөнүн азабынан кутулайын» деп, бир кийизди тиштеп алып суга барды. Аста-секин куйругун

суугa салды. Бүргө куйругунан качып жонуна келди. Жонун суугa салды эле, жонунан үркүп мойнуна барды. Түлкү мойнун суугa салды. Бүргөлөр үркөп оозуна тиштеген кийизге жабышты. Түлкү кийизди суугa таштап: «Бүргө неге кутурдуң, эми сенден кутулдум» – деп чычайып жолго түшкөн экен.

## АРСТАН МЕНЕН КОЁН

Калың токойдун четиндеги карагандуу жерде бир коён жашап, коркоктугунан казып алган ийнинен алыс чыкчу эмес. Бир күнү: «Коркуп ийинде жата берип, кантип күн көрөм?.. Атасынын көрү, баатыр болоюн», – деп ойлоду да, ошол замат ийинден чыкты. Эки жагын каранып тиштерин арсайтып, жүндөрүн үрпөйтүп, так алдында турган арстанды көрө койду да жыгачтай катып калды. Арстан коёндун жанына келип:

–Бакырaң көзүм, колго түштүң-ээ! Эми сени жейин, – деп тиштерин кычыратты. Коён эсин жыйып, кантип кутулуштун аргасын издеди. Акыры арстанга:

–Жесең мейлиң, бирок айта турган сырым бар, – деди.

–Анда тезирээк айт.

–Сен өтө күчтүүсүң, мунуңа толук ишенем, бирок тетигинде кудукта сенден да чоң арстан бар. Ал бая күнү сени жейм деп ачууланып жатканын уккам. Оболу ошого бир беттешип көр, күчүңдү көзүм көрүп калсын, мени анан жебейсиңби... Эч кайда качпайм, сырттаным!

Арстан чындап ачууланып:

–Кана?.. Кайсы жерде? Ээрчитип баргын! – деп буйрук кылды. Коён арстанды терең кудукка ээрчитип барып:

–Ушул кудукта... өзүң карап көр, – деди. Арстан кудукту карап, өзүнүн сөлөкөтүн көрдү да:

–Мен ушундан кантип кем калайын? Күч сынашат, ээ! Кана кармашып көрөлү! – деп кудукка куюндап кирди. Суугa барып «шалп» эткенде гана өлөрүн билди.

Ошентип коён амал менен арстанды өлтүрүп, «анык макоо тура» деп секирип жолго түштү.

## АЧ КАРЫШКЫР

Чоң суунун боюн жеке ээлеп, ошол жерде оюна келгенин кылган, жолукканды тытып, моокуму канган көк жал болуптур. Ошол суунун боюн ээлегенине элүү жыл болот. Бирок топук кылып тойбой, акыры «ач карышкыр» деген атка конуптур.

Күндөрдүн биринде жортуп келатып, Карышкыр канаты сынган Карчыгага кезикти. Кубанычы койнуна батпай:

–Ой, мен сени жеймин! – деди.

–Эмне үчүн, Каке?

–Курсагым ачка, таппадым сенден башка, – деди Карышкыр тилин саландатып, шилекейин агызып.

–Андай кылба. Каке, мени жегениң менен карыныңа как, жумуруңа жук болбойм. Карап көрсөң, аркайган гана сөөгүм турат. Мындан ары барсаң, тээтиги дөбөдө узундугу бир кулач чучук жатат. Ошону жесең оюңча тойбойсуңбу? – деди Карчыга.

–Эмесе макул, – деди да, Карышкыр желген бойдон дөбөгө чыгып барды. Айтканындай эле бир кулач чучук жаткан экен. Аны көрө сала:

– Ой, Узун Чучук, араң жеттим чуркап-учуп, мен сени жеймин, – деди.

– Эмне үчүн жейсиң?

– Курсагым ачка, буюрбаптыр сенден башка, – деп Карышкыр тилин саландатып шилекейин агызды.

– Жоок, Каке, мени жегениң менен тишиңе тыгын да болбойм. Андан көрө тетиги кырды ашсаң, ак улак жүрөт. Ошону жесең капшытың чыкпайбы!

Муну укканда карышкыр ичинен кымындай түшүп, желип-жортуп кырды ашып, улакка кандай жеткенин өзү да билбей калды:

– Ой Улак, мен сени жеймин.

– Эмне үчүн?

– Курсагым ачка, буюрбады сенден башка!

– Жоок, Каке, мени жебе!.. Көрчү кандай арыкмын, этим көк жашык, каным бир кашык. Мени жегениң менен тойбойсуң. Мына бул тоонун ары жагында Чоң Кара Эчки бар! Ал семиз, ошону жесең жыргабайсыңбы, – деди улак чепилдеп.

Ач Карышкыр макул болуп, куйругун көтөрүп алып, даң салган бойдон тоону ашып, Чоң Кара Эчкиге барды:

– Ой, Эчки, мен сени жеймин!

– Эмне үчүн?

– Курсагым ачка, буюрбады сенден башка!

– Мен бир жегенден чыкпайм, эртең дагы тамак издемек белең!.. Андан көрө мына бул өзөнгө барсаң Чоң Боз Бээ баткакка тыгылып жатат. Аны үч-төрт күн тамак кылбайсыңбы!

– Сеники ырас, – деди да, ач Карышкыр желе-жорто өзөнгө келди. Боз Бээни көргөндө көзү кызарып, шилекейи агып, «эми муну жеймин» деп сүйүндү.

– Ой, Боз Бээ, мен сени жеймин.

– Эмне үчүн?

– Курсагым ачка, ылайыктуу жок башка.

– Эмесе жакшы болуптур… Оболу мени баткактан чыгарып, анан жегин…

Карышкыр макул болду да, Боз Бээни араңдан-зорго баткактан сүйрөп чыгып:

– Эми жейинби? – деп тиштерин арсайтты.

–Эми жейсиң, бирок сен оболу менин туягыма өзүңдүн ким экениңди жазып коюп, анаң жегин, – деп Бээ туягын тосту.

Туягына кат жазып жаткан кезинде, Боз Бээ кош аяктап жыга тепти да, өзү оюн салган бойдон жөнөп кетти. Ач карышкыр ордунан туруп, сендиректеп басып, арманын айтып баратты:

«Карчыганы жебеген
Кайран башым,
Кулач чучук жебеген
Курган башым,
Ак улакты жебеген
Аңкоо башым,
Кара эчкини жебеген
Каткан башым,
Балчыктай байтал суурган
Балбан башым,
Таманына кат жазган
Молдо башым,
Тарс эттире тептирип
Өлүп кала жаздаган
О-олдо башым!»

Ошондон кийин карышкырдын башындагы жарасы бат эле кабылдап, көп узабай өлүп калган экен.

## МЫШЫК МЕНЕН ЧЫЧКАНДАР

Мышыктын карылыгы жетип, чычкан алып жешке кудурети келбей калды. Ал ойлонуп олтуруп, анан чычкандарга барды да:

– Кымбаттуу туугандар, мен карып кеттим. Өткөн-кеткен күнөөм болсо кечирип койгула... Эми татуулашалы. Бир-бирибизге чоңдук-зордук кылбай тынч жашайлы. Кай бир иштеримди эстеп, өзүм да уялам, мындан ары силерге тийбейм. Сопулукка баш койдум. Эгер ынтымакка келсеңер, күндө үч маал жанымдан чубап өтүп, алымды сурап тургула, – деди.

Чычкандар мышыктын «үлгүлүү» сөзүнө кубанышып, күндө келишип, алын сурап турушту. Мышыктын амалын чычкандар эч бир сезишкен жок. Бурчка тынч отуруп алып, чычкандарды өткөрүп жиберет да, эң акыркы чычканды лып басып калып жеп коёт. Күндө үч маал үч чычкан жеп, өз ичинен кубанып гана жата берет.

Күндөрдүн биринде чычкандардын эң мыктысы Шылк мурун менен Былкмурун чычкандардын азайып бараткандарын көрүп, мышыктан шек санашып, аңдып калышты. Шылк мурун алдыга, Былк мурун артка түшүп, бардыгы өтүп бүткөндө амандыкты билдирип, бири-бирине үн салууга убада кылышып, мышыктын алдынан чубашты. Өтүп бүткөн кезде алдыдагы, Шылк мурун:

– Сен кайдасың, Былк мурун? – деп кыйкырды.

– Мен баратам түгөлбүз! – деп Былк мурун жооп берди.

Мышык Былк мурунду жей албай калды. Ошентип арадан көп күн өттү. Мышык бир да чычкан

жей албай, ачкадан өлмөк болду. Акыры мунун ачуусу келди да, эң арттагы Шылк мурунду качырып сала берди. Алды артын абайлап жүргөн Шылк мурун булт берип, ийинге кире качты. Аны чычкандар көрүп алып, мышыктын алдамчы экенин билишти.

Ошондон кийин чычкандар жолобой коюп, мышык ачкадан өлгөн экен.

## АРСТАН КҮЧҮГҮН АСЫРАГАН МЫШЫК

Бир мышык каңгып жүрүп өлүп жаткан арстанга жолугат да, анын жетим калган күчүгүн бооруна кысып, эмизип асырап алат. Арстандын күчүгү өсүп албарс азуулуу чоң арстан болот. Өз тамагын өзү таап жей баштайт.

Бир күнү карды ачкан арстан өзүн асыраган мышыкты жемек болот. Мышык анын бул оюн сезип, андан-мындан бир тийип талдын башына чыгып кетет. Ошондо Арстан Мышыкка:

–Ой, ак сүтүн эмизип асырап баккан энем, тууган энемденда ысыксың. Бар акылыңды үйрөтүп бакканда эмне үчүн тал башына атып чыкканды үйрөткөн жоксун, – дейт.

Анда мышык:

–Ой, айрымдуу балам! Сени кичинекейиңден бооруما басып өстүрдүм. Билген акылымдын баарын үйрөттүм. Бирок, кулкунуңдан коркуп, бир өнөрүмдү үйрөткөн жок элем, аным акыл болуптур, – дептир.

«Кулгуну жаман кууратат» деген макал ошондон калган экен.

## АКБАШ ЖАНА БОЗБАШ

Илгери, илгери бир Акбаш аттуу чымчык токойдогу чоң дарактын башынан орун алып, жыл сайын ал жерге уя салып, жумуртка тууп, балапан басып чыгарып, күз келгенде кайра учуп кетүүчү. Ошентип ал үч жыл өткөрдү. Төртүнчү жылы да жаз чыгып, күн жылыганда кайра келип баягы даракка конду.

Бир аз эс алып олтургандан кийин эки жагын карады.

Ар кайсы даракта жүн-пүн ташып уя салып жүргөн куштарды көрдү. Алардын эч ким менен иши жоктой. Алар Акбашты көрмөксөн болгондой. Акбаш баягы калыбында олтура берди. Бир кезде жан-жагына дагы көз чаптырды. Көргөн көзүнө ишенген жок. Дарактын бутагына бир чымчык уя салып жатканын көрдү.

Акбаштын буга аябай ачуусу келди да:

– Ой, сен кимсиң, каяктан келген эмесиң, эмне кылып жатасың? – деп бакырды.

– Кайдан келмек элем, сен келген жактан келдим, атым Бозбаш, көрүп турбайсыңбы, уя салып жатканымды, – деди берки чымчык да одураңдап.

Акбаш жоопту укканда ого бетер ачуусу кайнады:

– Жаагыңды бас, Бозбаш, бул жерге сен уя салбайсың, бул жерде менин үйүм бар! Андан көрө эртелеп келген жолуңа түш! – деди.

Анда Бозбаш мындай деди:

– Баспайм-этпейм! Менин жаагымды басчу сен эмес! Учуп келүүгө үлгүрө элек жатып бул менин үйүм дегенин кара! Кантип уялбай ушул сөздү айттың. Жок, аяш! Мен бул жерге сенден мурун

келгем, мына, жүн-жүбүр, кыл-кыбыр жыйнап келип үй салып жатам, карап көрчү, үйүм бүтүп да калды. Эми аны таштап башка орунга кете албайм. Үй курууну оңой иш ойлоп жүрсөң керек. Бул жер эми менин конушум болот, сен башка жерден конуш издегин.

Акбаш ого бетер айкырып-кыйкырып муну айтты:

– Жо-ок, Бозбаш! Бул сенин конушуң эмес, меники! Бул жерге мен үч жылы удаасы менен келип, дайыма үйүмдү дал ушул жерге салчумун. А сен болсоң бул жерге биринчи эле жолу келесиң да, эрбейтип-сербейтип төрт тал чөптү көрсөтүп үй салдым, бул жер менин гана конушум болот дейсиң! Эсиң барда башка жерден конуш изде! Болбосо талаада каласың.

– Бозбаш тигинин сөздөрүн укканда, жаны чыгып кете жаздады. Жүнү үрпөйүп, ачуусу аябай келди. Ызасына чыдабай ал да айкырды:

– Жоок, Акбашым! Алты жыл удаа келсең да, мага баары бир. Быйыл мен мурун келдим, үйүмдү куруп бүтүп калдым. Күн-тынымымдан, түн уйкумдан кечип иштедим. Бул жерге сен эмес, мен калам! Мени кетире албайсың, конушту сен издегин!

– Муну угуп, Акбаш Бозбаштын жанына учуп келди да, көз ачып жумганча тигинин жыйнаган жүн-пүн, чөп-чарларын ар кайсы жакка бырпыратып чачып жиберди.

Бозбаш да карап турган жок. Акбашка чап асыла кетти. Экөө канаттары менен сабашып, чокудан тиштешип чырылдашып жатышты.

Экөөнүн бул окуясы көпкө созулду. Канаттары менен жер сабап, улам бири алдында калып того-

лонуп жүрүштү. Бир кезде экөө тең акактап отуруп калышты.

Бозбаш айтат:

– Мен мурун учуп келгем! Мен мурун үй курдум, бул жерге мен гана калам! Анда Акбаш кыйкырат:

– Мен бул жерге үч жыл удаасы менен үй куруп, үч жолу балапан учургам. Бул менин конушум! Аны сага берип тирүү жүрө албайм! Бул конушка мен гана калам, мен гана жашайм!

Ошентип экөө бири-биринин сөзүн укпай чырылдашып жатышты. Айтпаган сөздөрдү айтышты.

Ушул учурда тигилердин чарылдагы менен дарактын түбүндө уктап жаткан кара мышык ойгонуп кетти.

Дарактын башын карап урушуп жаткан эки чымчыкты көрдү да, ичинен жым дей түшүп, так түйүлүп даракка секирип чыкты. Ал бутакка олтуруп алып Акбаш менен Бозбаштын эмне жөнүндө чатакташканын тыңшады. Анан көзүн жуумп:

«Жоок, чымчыктар, экөөңөрдүн бириңер да бул жерде калбайсыңар. Бул жерде мен гана калам», – деди да тигилерди карай бир секирди эле. Акбаш да, Бозбаш да кара мышыктын чеңгелинде калды.

Көзү тостоюп чанагынан чыккан Акбаш:

– Жан соога, мышыкжан! – деди үлдүрөп. – Жан соога, мышыкжан! – деди Бозбаш.

Бирок мышык булардын сөзүн укмаксан болду.

Кара мышык адегенде Акбашка каи рылды:

– Эй, Акбаш, быйыл сен кечигип келдиң, ошондуктан Бозбаш менен конуш талашууга акың жок. Жеткен чыр экенсиң. Ошентип сен бул жайда болбойсуң, сен менин ичимден үй табасың, – деди да Акбашты жеп алды.

Эмки кезек Бозбашка жетти. Ансыз да жаны чыгаар-чыкпас болуп жаткан чымчыкка кайрылды:

– Эй, Бозбаш, сен үлүрөйбө. Жеткен чыр неме көрүнөсүң. Чынында Акбаш бир нече жылы ушул жерде жашаган. Бирөөнүн конушун ашууга сенин кандай акың бар. Кантсе да сен мага жакпай турасың. Сенин да конушуң менин кардымда болсо ылайык болгону турат, – деди да кара мышык Бозбашты жеп алып дарактын түбүнө күнгө кактанып жатып алды. «Ырыс алды ынтымак» деген сөздүн калети жок окшобойбу!

## БУЛБУЛ

Байыркы заманда бир чал булбул экөө дос болуптур. Чал мерген да, комузчу да экен. Ал ар күнү мылтыгын ийнине асып алып, токойдон кийик атып келип оокатын өткөрөт. Токойдо сайраган түрдүү канаттуу куштардын үнүн угуп, үйүнө келгенде аларды тууратып комуз чертип, түрдүү-түрдүү күү чыгарат.

Күндөрдүн биринде булбул чалдын күүсүнө кызыгып:

–Досум, мага күүлөрүңдү үйрөтүп койчу, – дейт.

–Макул,– деп чал ар күнү кийиктен келгенде комузун колуна алып, ар кандай мукам күүлөрдү кубулжута сайратып черткенде булбул тыңшап, анын күүлөрүн туураганга тили жатыга баштап, аздан-аздан үйрөнүп кетет. Бара-бара тим эле комуздай таңшытып, бүт үйрөнүп алат.

Булбул кийин абдан такшалат.

Анын сайраганын уккан эл тыңшап эле олтургусу келип, таң калышат. Ошондо абышка тигиге кайрылат:

– Досум, сенин сайраганын бүткүл элге жагып калды, бардыгы эле уккусу келишет. Бирок күндүзү иш менен күйпөлөктөп жүрүшүп жакшы уга албай жатышат. Ошондуктан түнкүсүн сайрагын, түнкүсүн эл бош, сайраганыңды угуп ыракаттана маашырланышсын.

Булбул сайроону комуздай үйрөнүп, чал досунун айтуусу боюнча дайым түнкүсүн сайрап калган экен.

## ЧАБАЛЕКЕЙ

Илгери-илгери бир айылда той болуптур. Тойго күн артынан күн өткөн алыскы жерден да кишилер келген экен. Алар бири-бири менен учурашып, алабалын сураша башташат:

– Сен кайдан келдиң?

– Мүрөк деген ыйык суусу бар жерден келдим.

– Сенчи?

– Адырдагы жылкыларын азынаткан малчылардын арасынан келдим.

– Оо, ботом, сенчи?

– Оо, менби? Мен арчанын сыныгынан тиш чукуур жасаган чал элем, мени да тойго чакырышыптыр.

– Тиги туурдуктун тушун калап жаткан апаларчы?

– Ал апалар жакын жерден келишкен го.

– Аа, тетиги көңүлдө кири жок, чер жазып ойноп жүргөн балдарчы?

–Алар ушул эле айылдан болсо керек...

Кимдир бирөө насывай атып:

– Тойдун санаасы, аа?! Түндө чабалактап уктабай чыксам болобу? – деп кобурайт. Ошентип, кобур күчөп жаткан кезде:

–Ат байгеден! Ат байгеден! – деген жар чакырылыптыр.

Аңгыча болбой эле, кайдандыр-жайдандыр белгисиз бир жактан апаппак кийим кийген, ак боз күлүк минген бир жигит пайда болуптур. Сулуулугу тир укмуш, өңү сүттөй адам экен.

Жар салган киши дагы кыйкыра баштайт:

– Ат чабылат! Ат чабылат! Аттар адыр-түзгө, талаа-белеске карабай чабылат!..

Баягы ак жигит:

– Мен да ат чабышка кошулам. Атым чыкса, баш байге меники! Атым чыкпаса, күлүгүм силердики! Оо, аксакалдар, эмне дейсиңер?

– Мейли-мейли. Ат чабышка чыксын жигит! Чабылуучу күлүктөр жер дүңгүрөтүп жөнөп калышат. Баягы ак жигит да аларга кошулуп жөнөйт экен.

Эми бер жакта калгандар жигит жөнүндө дагы сөз кылып киришет.

– Оо, чиркин, адамдын сулуусу экен го, бул жигит?!

– Деги өзү кайдан келди экен?

– Ой, тобоо, кыйын жигит көрүнөт. Түз эле ат чабышка аралашам дегенин карасаң! Баш байгени алчуудай болуп, деги эле бейкапар, пейли ток экен.

– Адам ээй, соо жигит эмес го?! Кокус баш байгени утуп алса, кантебиз?!

– Минген күлүгү укмуш көрүнөт. Таманга таш төшөлгөн таскыл болсо да учуп өтчүдөй!

– Мунун күлүгү токойдогу ыбык тарткан бетеге менен тапка келген бекен?

– Ой, байкадыңарбы көзүн, көзүндө бир балээ бар?

– Коночосу барбы, же башка балээби, деги соо эместей.

– Ой тобоо, же өзүндө, же күлүгүндө бир буруу так болсочу? Ушундай да сулуу жигит, сындуу жылкы болот экен, ээ?!

Аңгыча күлүктөрдүн дүбүртү угула баштайт. Дүбүрт чыкса, жер жөн эле жердигинен, калыңдыгынан түткөндөй болот. Алдыда баягы ак жигит, ак боз күлүк. Тим эле канат бүткөндөй учуп келатат. Баш байгени жеңип алат.

– Ба, чиркин, ушундай да күлүк болот экен.

– Түү, берки күлүктөр ага такыр чендебейт го?!

Жигит менен күлүккө таң калуу күчөй бериптир.

Ошол кезде баягы жарчы:

– Жамбы атуу башталат. Даярдангыла! – деп жар салат.

Ал кезде узун шыргыйдын учуна кыл менен жамбы байланып, шыргый жерге орнотулчу экен. Анан ошол кылды ким ат менен чаап келатып токтобой туруп үзө атса, мөөрөй ошонуку болчу экен. Ошентип, жамбы атуу башталат.

Мен кыйынмын деген мергенлер баягы жамбыны ата албайт, четке чыга беришиптир. Кезек жигитке келген экен. Ал ак боз күлүгүн чаап келатып, кылды бөлө атат. Жамбы жерге түшөт.

–Байге жигиттики! Байге жигиттики! – деген кыйкырык туш-туштан чыгат.

Эл дуулдап калат. Карыялардын эң сакалдуусу!

– Бул жигит бизге бала болсун. Той ээсинин кызына жолдош болсун! –деген бүтүм айтат.

Тойго келгендер:

–Болсун, болсун! Биздин кызга ылайык жолдош болсун! – дешет.

Той ээсинин кызы өтө чырайлуу экен. Көзү укмуш курч болуптур. Музду караса, муз эрийт.

Ташты караса таш жарылат. Кокус бирөөнү карап күлсө, ал кишинин ичи элжиреп, жүрөгү атып кете жаздачу экен.

Ошол тойдо баягы жигит эмнегедир башын көтөрбөй ылдый салып отура берет. Муну көргөндөр таң калып:

– Бул эмнеси! Башын салаңдатат? Же кыздын көзүнөн жалтанып жатабы? – дешет.

Кыз да ошентип ойлоп:

– Оо, жигит, эмне башың көтөрбөйсүң? Өйдө карасаң, мен эмне кар болуп эрип кетет белем? Сай-сайлап агып кетет белем? – дейт да, анын жанына барат.

Жигит өйдө карайт. Ал өйдө карары менен кыз жүрөгүн басып:

– Аа... аа... э... не... ке! – деген бойдон бакырып, чайпалып барып жыгылып калат. Жер титиреп көчкөндөй болуп, өң-алаттан кете түшөт.

Көрсө, баягы жигиттин көзү такыр башкача муздак, суук көз экен. Өңү саргыч келип, айнек сымал жалтырап, тикийген бойдон бир да былк этпей, суук шамал ургансып, эң жаман суз көрүнүптүр. Кашы да жок, кирпиги да жок экен. Карачыгы мышыктыкындай сүйрү келип, адамды жутуп ийчүдөй карайт экен.

Эси оогон кыз...

– Э... э... жы-жы-ла...н, э... э... жы-жы-ла-н. Ко.... к... уй жы-ла... н. Г... үл а... ча э... ле... к..ча...н... а... к э... ле... м. Ко... к... уй жы... ла... н... – деп, кайра да эси ооп дагы жыгылат. Бети албырып, булбулдай безеген -тили буулуп, соолуган жалбырактай жыйрыла түшөт.

Анан кайра:

– Түү... н... дө ки...р... д... и т... ү... ш... ү... мө та... п... ма... й... ын... ча ме... н а... ны к... ң... үл... ч... а... п... па... с и... ши... ме... – деп дагы ойду-тоону айта баштайт.

Жигит ордунан шап турат да, эч үн чыгарбай эшикти көздөй жөнөп калат. Жапа болбосун, апаат болбосун дедиби, айтор, босогого жеткиче унчукпайт. Босогого жеткенде лып токтойт да, кайра кызга сугу өтүп, теше тиктейт. Бирдеме дегенсип, оозун кыбыраткан болот. Бирок анын оозунан сөз чыкпай эле кадимки жыландын ышылдагы угулат. Ошол замат ал кубулуп, жылан болгонун, анан ал сойлоп кеткенин тойго келгендер да байкап калышат.

Баягы кобур-собур дагы ого бетер күчөй баштайт.

– Эми эсен-соо болмок белек, бир балээ болот дечи.

– Ай деги, өзгөчө өкүм күч болор бекен? Эми жүрөгүбүз өйүп санаага батат турбайбызбы?

– Жыландын заары кыш чилденин каарынан жаман дешчү эле...

Бирок, жыландын заары деле бат эле боло койбоптур. Арадан көп жылдар өтүптүр. Тойго келгендер бара-бара баягы күбүр-шыбырды, болгон окуяны унута баштаптыр.

Кыз да сакайып, коңгуроодой үнү чыгып, тили сайрап, шайыр боло баштайт экен.

Арадан кыш чилде, жай чилде да өтүптүр. Нечен бурганактуу бороон да болгон экен. Бийик тоолордогу адамдар нечен-нечен кызык күндөрдү да көрүптүр.

Ошентип жүргөндө бир күнү эл ичиндеги бир карыя:

– О, балдарым, бу кыздын жолун ачпасак болбойт. Кыздын назик жүзү кубарбасын – дейт.

Эл бул сөздү туура көрүп, экинчи тойго камынат.

Той болор күн да келет. Дагы той башталат. Басканына мал, желгение жел жетпей далай адамдар алыстан келет. Баягыдай күлүк чабылат. Баягыдай жамбы атылат. Чени жок балбандар күрөшөт.

Той кызыган кезде кыз эшикке чыккысы келип, бак ичине басып барыптыр. Кыялга жетеленип отуруп, бир жерге келиптир. Ал жерде эң эле кооз, мала кызыл гүл ачкан топ бадалча өсүп турган экен. Кыз кызыгып, баягы гүлдөн алайын деп колун сунуптур. Ошол замат гүл жыланга айланып, кызды чакмакчы болгон экен.

Ошондо кайдандыр-жайдандыр көз ачып жумгуча чабалакейлер пайда боло калат да, канаттарын сабагылап, тиги жыланга тап коюшуптур. Анын башын чокуп кириптир. Жылан кызды чакмак турсун, эми өз жанын коргоп, айбат кылат экен. Айбат кылып, чабалакейлердин куйрук жагындагы тал жүндөрүн тиштеп калыптыр. Ошол боорукерликтен улам кыз өлүмдөн аман кутулган экен.

Ошондон кийин чабалакейдин куйругу эки ача болуп, жылан экөө ушул күнгө чейин өч болуп калыптыр. Адам баласы болсо, бул канаттууну абдан жакшы көрүп, ошондон бери үйлөрүнө уя салдырат экен.

Чабалакейлер:

«Бакканыңар мал болсун,
Жегениңер май болсун.
Теңир берген дөөлөт,
Тепкилесе кетпесин!
«Кудай» берген дөөлөт,

Кубаласа кетпесин!
Кас санаган душмандар.
Ниетине жетпесин! –
деп, сайрап калышат.

## БАЙКУШ

Илгери-илгери бир желмогуз болуптур. Ал канаттуунун этин жечү экен дейт. Кайсы канаттууну көрсө эле: «Ха-ха, тамак деген табылды» – деп, кармап алып, жеп койчу дешет. Канаттуунун баары андан коркуп, уйпаланып качуучу экен. Качып баратып бири ылайга, бири баткакка топ этип түшсө, бири бутакка же тоого-зоого тийип кулап түшөт экен. Аларды кубалап жүргөн желмогуз баса калып, жеп жүрө берет. Канаттуунун убалына карачу эмес экен.

Баарыдан да азабы, кармаган канаттуулардын тумшугун тешип, ал тешиктен жип өткөрүп, тизип алчу экен. Желмогузга кыян жүрсө да, мөндүр түшүп, көнөктөп жамгыр жааса да, баары бирдей болуптур. Ага карабай, желмогуздугун кармата берчү экен. Ошентип жүрүп ал үкүнүн байкуш деген кичине түрүнөн башканын баарын тегиз кармап алыптыр.

Каргашалуу тагдырга айла барбы? Бир күнү желмогуз байкушту карматып алмакка камынат. Шумкарды чакырып:

–Шумкар, сен байкушту карма. Оозу-мурдун кыйшайтпай алып кел. Антпесең, жан териңди келтирем!  – дейт. Шумкар:

– Жазмышка көнөбүз да,– дейт.

Желмогуз шумкарга айтаарын айтып коюп, кайра:

– Шумкарды шилтегеним жарабас. Ал байкушту кармаарын кармайт. Бирок, менден аяп, катып да коюшу ажеп. Анда менин ичкеним ирим, жегеним желим болбойбу? Жарым көңүл тартып, оокатым жумуруума жук болбос? Кой, андан үмүт кылганым жарабайт – дейт. Анан эшик ага болуп жүргөн карчыганы чакырып алып:

– Карчыга, байкушка сен барасың. Элеп-желеп болуп учканды жакшы көрчү элең. Эми жумшаганымды эрөн-терөөн алба, барып кел.

Карчыга өжөрлүк менен, өктөмдүк менен зыпылдай учуп, байкушка жетет.

Ага мындай дейт:

– Байкуш, байкуш, эмне кылып жатасың? Желмогуз сени чакырды. Кежирленбей эрте жүр. Кабар кылса, кайда качып кутулмак элең. Бол, жүр, тез! Же сени жээр, же күнөө койгон сөзүн угаарсың. Желмогуздун жарлыгы катуу. Барбачу болсоң, иттин этин ит жебес кылат… .

Байкуш башын колтугуна катып, калп эле оорумуш болуп:

–Бараарын барат элем, бирок башым ооруп турат. Бүгүн бара албайм – дейт.

Карчыга бал тилге салып: – Байкуш ай, уяңан эле башыңды бери чыгарчы. Экөөбүз жакшылап сүйлөшөлү, – дейт.

Байкуш бул сөзгө ишенип, башын уядан бери чыгарды. Карчыга аны лып илип:

– Эмгектен качсаң дөңгөккө. Дөңгөктөн качсаң сөңгөккө! – деген ушу деди да, зыпылдап учуп жөнөп калды.

Жолдо байкуш:

– Оо, байке, карчыга. Бармактай башым бар. Торгойдой этим бар. Желмогуз тоёр каным жок. Оой... ой жаным, ой жаным. Кабыргам кайышты го. Асыл жаным майышты го. Оо, карчыга, байке! Мени коё бер. Мен сени туйгундай көрөм. Мен сени капталдагы дулдул дейин. Калктан чыккан калкаман дейин. Кагылайын карчыга, жан соога! – дейт.

Карчыга ал сөздү укпады. Учуп келе берди. Желмогузга жетти. Желмогуз:

–Ок, кайран, карчыгам, кана...

– Мына таксыр.

Байкуш:

– Таксыр, бир ооз датым бар. Ошого кулак сал. Анан эмне кылсаң өзүң бил!

Желмогуз:

– Акетай, бу мыкты неме го?! Кана, сүйлөчү.

Байкуш:

– Желмогуз таксыр, сен канаттуу дегенди бүт кармадың. Жипке тиздиң. Тумшугун тештиң. Алардын баары ыйлап жүрөт. Тамагы жок, ач. Мурдуна жел тийип, баары запкыда. Менин эмнеме кызыгасың. Башым бармактай, өзүм чымчыктай. Менде тоёр кан жок. Каниет кылар эт жок. Эгерде эле тумшугумду тешип, жипке байлап алгың келсе, анда күндүн нурунан жип эштир. Сары майдан боо жасат. Анда мен айтканыңа көнөйүн. Желмогуз жар салат:

– Ким күн нурунан жип эшип, сары майдан боо жасайт? Ким муну иштесе, көптөн чыккан эр көрүп, көмөкөйүн күүлдөтөм. Көп жыйындын ичинде көтөрүлтүп сүйлөтөм. Таңдайын майлап шуулдатам. Таң ата жыйын бүткүчө, тартынбай муну дүүлдөтөм. Аны жасаган жанды өзүмдүн оң көзүмдөй, оң колумдай көрөм! – дейт.

Бел ашып келгенсип, шайтан кыйкырып жиберет:

– Мен ат-ка-а…рам, мен ат-ка…а…рам ал ишти! – деп.

Шайтан күндүн нурун ары кубалады, бери кубалады. Кармай албай койду. Сары майдан боо жасайм десе, ал да болбоду. Сары май эрип, колго токтободу.

Муну көргөн Желмогуз ачууланып:

– Же, болду, токтот. Байкуш кичине болсо да, акылы чоң, терең тура. Бошоткула аны!..

Байкуш бошонот да:

– Мен жалгыз кетпейм. Жалгыз кетип дүнүйөгө түркүк болмок белем? Менин өмүрүм канаттуулар менен бирге. Мени бошотконуң чын болсо, калгандарды да бошот. Жибиңди өрткө сал!

Желмогуз байкуштун айтканына айласыздан көнүп, баарынын жибин отко салат.

Ошондон соң адам байкушту ыйык көрүп, ага эч тийбей калыптыр,– дешет.

## КИРПИ ЧЕЧЕН

Илгери-илгери Кирпи жаныбарлардын бийи болуптур. Колун муздак сууга малбаган чечен да экен. Дартка даба таап, калган жаныбарларга сөзү эм болуптур. Жумуруна эчтеке түтпөгөн, суу жукпас далай айбан менен катуу чарпышкан дейт.

Ошол кезде тили заар, колу туткак, кишини көрөйүн деген көзү жок желмогуз да жашаптыр. Анын оозу алжайып турчу экен. Оозунун алжайганын ушундан билгиле: үстүнкү эрди көктү көздөй түйрүлсө, астынкы эрди жерди көздөй

саландап, уурту жыйрылбай жүрчү экен. Тиштери күрөктөй-күрөктөй чоң болуптур. Оозун ачканда сасык жыт чыгып, тили алакандай болуп көрүнчү экен. Кулагы үзүктөй, көзү кызарган чоктой болчу имиш. Чачы үксөйүп, бели бүкүрөйүп, бет териси кат-кат бырышып, колу-буту кара ширидей экен. Ал ээн талаада, эч адам барбаган тоо койнунда жашачу экен. Көзүнө эмне көрүнсө, жей берип, желмогуз атыгыптыр. Алты батман казанга шак чыласа шакты жеп, суу куйса сууну ичип, кокус адам жолукса, аны да «ап» этип сугунуп таштачу дейт.

Бир күнү эл чогулат. Ошол желмогуздан кантип кутулабыз деп кеңешишет. Кеңешке кой оозунан чөп албаган момун да келет. Көмөчүнө күл тарткан тапан да келет. Тили менен жер шыпырган шыпыр да, өлүп эле кетейин деген жалакор да болот.

Ар ким – ар ким кандай акыл айтат. Бири желмогузду оозу-мурдун кыйшайтпай туруп жок кылалы дейт. Бири үзүлүп түшүп алдайлы дейт. Айтор, талаш күчөй берет. Ошондо чет жакта сансыз ойго батып турган чал:

– Кирпи бар эмеспи. Ошол чечен го. Аттиң ай, ошол келсе, бир эбин табар беле? Мүлдө баарыбыз аман калаар белек?! – дейт.

Кимдир бйрөөнү «кирпини алып кел!» – деп, элчиликке жиберет. Келген элчи:

– Кирпи-кирпи, сени эл чакырып жатат.

Кирпи:

– Мен кантип барам, бутум кыска, жол алыс!

Элчи:

– Мен жыгачтан бут ала келдим. Ошого кон да, жөнөй бер – дейт. Ошондо жыгач бутка жан кирип,

кирпини тез эле жыйынга алып келет. Жыйынга келээри менен кирпи:

– Эмне болуп кетти? Эмне минтип чогулуп жатасыңар? Уятка, жаман ишке калдыңарбы? Же араңарда көргө батпас бирөө барбы? – дейт.

Эл чурулдап: Жо… жо… ок! Желмогуз деген бир балакет чыкты. Адамды да жейт, айбанды да жейт. Казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса дегендей өз билгенин кылат. Же кой дей албайбыз. Же урушуп тыя албайбыз. Айла кетип сени чакырдык. Бир амалын тап! – дешет.

Кирпи:

– Мен силердин тилди алам го. Дос эмеспизби. Достук ыйык го. Силер өсүп-өнгөн элсиңер. Анан бу желмогуз кайдан чыга калып жүрөт? – деп, суроо берет.

Ошондо бир карыя минтип кеп баштайт:

– Жакшы адам жер эсебинен жан сактайт. Жаман адам эл эсебинен жан сактайт. Арабызда эл эсебинен жан сактаган бир үй бар эле. Алар жалгыз балалуу болушчу. Колунда оокаты деле, малы деле бар. Бирок, алар ичин кең койбогон сараң немелер болчу. Аялы болсо, буту менен басып, мурду менен тынган кишини көрсө эле, жаагы карышканча урушчу. Оозун шамалга тозуп, теги эле тынбай уруша берчү. Урушуп-урушуп келип, анан аягында «жан биргем» деп кишинин күйбөгөн жерин күл кылчу.

Мына ошолордун үйүндө күндө бирден мал жоголо берет. Ууру алды десе, ууру алганы билинбейт. Малынын жоголгону жоголгон. Азайганы азайган. Бул азап эч токтобойт. Ошентип, ал сараңдарга оор күн түшөт. Ооба, күндө бирден мал жок! Күндө

бирден мал жок! Себеби белгисиз. Үйдүн ээси бара-бара сиркеси суу көтөрбөгөн урушчаак болуп кетет.

Бир күнү ал чоочун кишиге жолугат. Болгон окуяны баягы адамга айтат. Ошондо алиги адам минтиптир:

– Бешигиңди карачы. Бешигиңде бир балээ болсо керек? Аны байкабасаң, көк желкеңен уруласың. Бешиктегиң бала эмес эле балаа болуп жүрбөсүн?! Силер сараңдыгыңардан ушуну көрүп жатасыңар! – дейт. Ошентип, алиги адам сүйлөп-сүйлөп туруп, анан көздөн кайым болуп кетет.

Берки адамдын айласы куруйт. «Босогодон бою, бешиктен бели чыга элек» баланы минткени эмнеси?» – деп, сарысанаа тартат. Анан суугa түшкөн чычкандай болуп шүмтүрөп үйүнө келет. Жер чечегин безеген байбичеси: «Эмне болду саа?» – деп сураса, байдын каны ичине тартып: «Берсе тойбогон, бекитсе койбогон, бир балээ төрөпсүң! Таңдайыңан эле чаң чыгат, бүгүн бир шумдукту көрөсүң» – дейт.

Түн кирет. Абышка-кемпир «бу көзгө көрүнгөнүн кайсаган эмне болду экен?» – деп, жата беришет. Түн оогон кезде бешиктеги бала козголот да, желмогуз кейпин кийип, короодогу бир жылкыны кайсап кирет. Анан жан-жакасын жалмалап, үйгө келет да, абышка-кемпирди кошо жутат. Мына, желмогуздун жайы ошондой! – деп, чал кебин бүтүрөт.

Анда кирпи: – «Мен желмогузга барам» – дейт да, жөнөп калат. Желмогузга келет. Желмогуз:

– О… ой, сен кимсиң? Маа жакын кел, мен сени жутайын – дейт.

Кирпи:

– Жутсаң жут. Жаны барда жалынган жаман эрдин иши. Мен саа жалынбайм…

Желмогуз кирпини жутат. Кирпи анын тамагына барып, ары өтпөй сайылып калат. Кайра бүркөйүн десе, бутун желмогуздун таңдайына такап туруп алат. Жай болобу, кыш болобу, мындайды көрбөгөн желмогуздун айласы кетет. Өмүрүндө алгачкы ирет жаны кыйналат. Анан тилин безеп:

– Кой оозунан чөп албаган момун болоюн, кирпи. Менин жанымды тынч кой! Оозуман чык! – дейт.

Анда кирпи желмогуздун оозунан башын чыгарып:

– Ээ, желмогуз, чын эле сен момун болосуңбу? Адам, айбан жегенден кол үзөсүңбү? Калп айтып, анан дүнүйөнүн түбүн түшүрүп жүрбө? – деп, акырын кыймылдап коёт. Желмогуз чыдай албай, башын койгулап бакырат.

Кирпи дагы бир жолу ийнеси менен желмогуздун тамагын сайгылап:

– Чыныңды айт, саа эмне керек? Мен саа ишенип, сени коё берип, анан колумду мурдума тыгып калбайын? – дейт. Анда желмогуз:

– Ат башындай алтын бер. Анан мен саа да, адамга да тийбейин. Көзүңдүн кареги менен тең айланып жүрөйүн! – деп, убада берет.

Ошол маалда суу ичинен, апапакай кийинген бир татынакай бала чыгып келет. Аны карасаң, алтын сандык көтөрүп алыптыр дейт. Бала алтынды желмогузга берип, кирпини чыгарып алат. Баладан алтын алган желмогуз ошол замат башы айланат да, шайы ооп, өлүп калат.

Кирпи менен бала ошол жерден достошуп, чоң сүйүнүчкө батышат да, баягы элге келишет.

Желмогуздун сазайын берген кирпи менен баланы эл тозуп чыгып:

– Той беребиз! Той беребиз. Аппак таңдай ак той, чоң той беребиз! Алдыңардан Күн, артыңардан Ай кетпей, дайыма ак тилекте жашагыла! – деп, экөөнө тең аппак нан менен аппак кымызды алып келип беришиптир.

Экөө кымызды бөлө ичип, нанды бөлө жеп, анан төшүн төшкө тийгизип, дагы бир жолу достугун белгилешет экен. Ошондой кийин кирпи чечендин ишин, бийлик ишин жүргүзмөккө айбандарга кетет. Бала болсо эл ичинде калат.

Эл болсо: «Эл менен эр көгөрөт, суу менен жер көгөрөт». «Баатыр туулса – эл ырысы, жамгыр жааса – жер ырысы» – дешип, кары келсе, ашка, жаш келсе – ишке чакырат экен. Чын эле балдар, «Токтогулдай ырчы, Толубайдай сынчы болуп, өссөңөр ар кимиңердин атаңар-энеңер кубанбай койбойт.

## КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ

Үкү алы жеткенин жеп жүрүп, акыры ооруга чалдыгып, үйүнөн чыга албай калды. Күндөрдүн биринде кыргый учуп келатса үкү алдынан тосуп, акидей асылып:

– Кыргый баатыр, чоң жакшылык кыл: өлгөн жанымды тиргизип, кубатыма келтирсең – мунуңу эч унутпайм, – деди.

Кыргый макул болуп, үкүнү багып, оорусунан айыктырды. Бир күнү ууга чыгып, эч нерсе ала албай кайтышты. Жолдо үкүнүн оюна бузуктук түшүп, кыргыйды жанына чакырып:

– Мен сени жеймин, – деди.

– Мунуң кандай? Баягы берген убадаң ушулбу? – деп кыргый чочуп кетти.

– Жакшылыкка жакшылык эшектин иши, – деди үкү,– Жакшылыкка жамандык эшендин иши... Дүйнөдө жашамак... алышмак, күрөшмөк, күчтүүсү күчсүздү өлтүрмөк, өз даңкын көтөрмөк, иши кылып өз жыргалын көздөмөк! – деп үкү кыргыйды качырып калды.

Кыргый ачуусу келип, түйүлүп асманга атып чыкты да кайра шукшурулуп келип, үкүнүн эки көзүн чыгара тепти. Үкү канатын далдайтып, жерге катуу тийип өлүп калды. Аны көргөндөр «үкүнүн өлгөнү сонун болду» дешип, кыргыйды ортого алып, өздөрүнчө чоң той өткөрүштү.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КЕНЕ

Түлкү менен кене шерик болуп, буудай айдашты. Мытаам түлкү «Башым ооруйт, ичим ооруйт, кымыз ичип келбесем» деп күндө эле жайлоого кетип калат. Кене жалгыз өзү буудайды сугарып, оруп-жыйып, бастырды. Бир күнү түлкү үйүлгөн кызылды көрүп, ичинен кымыңдап «кенени алдап, эгинди бүт өзүм алайын» деп ойлоду да:

– Кене, муну бөлүп убара болбойлу. Андан көрө жарышалык да, кимибиз чыксак ошонубуз буудайды бүт алалы. Калганыбыз куру калалы,– деди.

Кене ойлонуп туруп, макул деди. Жарышчу жерге барып, экөө катар турду. Түлкү «Алдоо» деди да, куйругун көтөрүп, кулагын жапырып, чуркаган бойдон жөнөдү. Кене чап эттире түлкүнүн куйругуна жармашты.

Түлкү кырмандын четине келип: «Кене кайда келатат?» деп токтой калып силкингенде жерге ыргып түштү да, кене үйүлгөн кызылдын үстүнө чыгып:

– Ой, сен эмнени карап турасың? – деп кыйкырды.

Түлкү чочуп кетип:

– А сен качан келдиң? – деди.

– Менин келгеним качан!.. Сени күтө берип зеригип кеттим, – деди кене. Түлкү эми айласы жок, же тапкан пайдасы жок... жолго түштү. Кене өз эмгегине өзү ээ болуп, буудайдын капмага ташып төктү да, жыргап-куунап жатып калды.

## КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮНҮН ДОСТУГУ

Каркыра менен түлкү дос болушту. Экөө бирине-бири жанаша конушту. Каркыра жумурткасын басып, балапан чыгаргандан кийин түлкүгө келип:

– Түлкү дос, мен жем таап келейин, балапандарыма көз сала тургун – деди.

– Каркыра досум, эч нерседен кам санаба, бара бергин, – деп түлкү ошол замат макул болду. Каркыра кеткенден кийин түлкү анын бир балапанын жеп, каркыранын келе турган жолуна ыйлап отуруп алды. Бир убакта каркыра келип:

– Түлкү дос, эмне ыйлап олтурасың? – деди.

Анда түлкү ого бетер өңгүрөп ыйлап:

– Ыйлабаганда кантем!.. Кудай дешкен дос элек, көзүм кашайып көрбөй калыпмын, карасам– узун моюн баладын бири жок, – деп ыйлап да, сүйлөп да жатты.

Каркыра түлкүдөн шектенип, калган балдарын алып, бөлөк жерге көчүп кетиптир.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАРГА

Мытаам түлкү күндөрдүн биринде жем издеп жүрүп, терең аңга түшүп калды. Аңдан чыга албай каңшып ыйлап жатканда бир карга келип, аңдын кырына конду. Түлкү ага жалынып:

– Айланайын какебай, өлгөнчө жакшылыгың унутпайын, эптеп мени аңдан чыгарып ал,– деди.

Карга кайдандыр аркан таап, бир учун түлкүгө карматып, экинчи учун карагайга бекем байлады. Түлкү арканга жармашып аңдан чыгар замат:

– Какебай, оозуман кара суу келип, өлгөнү турам, эптеп бир тойгузгун – деди.

Карга буга да макул болуп, түлкүнү ээрчитип жөнөдү.

Бир аз убакыт өткөндөн кийин алардын алдынан көнөчөк жана токоч көтөргөн аял көрүндү. Карга түз эле аялдын алдына учуп барып, канаттарын далдайта жатып калды. Аял көнөчөгү менен тасмалга оролгон нанын жерге коюп, карганы кармамакчы болду. Карга «каак» деп ордунан тура жөргөлөп кетти. Кармап алам деп, аял анын артынан кууп жүрүп олтурду... Түлкү акең жөн турсунбу: көнөчөктөгү айранды ичип, тасмалдагы токочту жеп тоюп алды да, жолго туштү...

Карга менен тулкү андан ары жол тартып, анан түлкү акең каргага карап:

–Чоң жакшылык кылганыңа чоң ыракмат... Эми мени бир коркутчу, – деди.

Карга макул боло башын ийкеди да, түлкүнү ээрчитип бир айылдын четине барды. Айылдан эки тайган чыга калып, түлкүнү көрүп кууп жөнөштү. Түлкү куйругун чубалжыта качып берди. Тайгандар

акыры жете турган болгондо, түлкү жан талашып эски ийинге кире качты...

Эс-акылын жыйгандан кийин түлкү өз көзүнөн:

– Кана, айтып көргүлөчү: силер мага бүгүн кандай жардам кылдыңар? – деп сурады.

– Сага эски ийинди көрсөтүп, тайгандан куткардык,– деп эки көзү айтты.

– А сенин кандай пайдаң тийди?– деп сурады түлкү куйругунан.

– Мен иттер көрсүн үчүн булактап өйдө көтөрүлүп жүрдүм, – деп куйругу жооп берди.

Түлкүнүн ачуусу келип:

– Мэ эмесе... иттерге көрүнүп жүр! – деп куйругун ийинден чыгарып койду.

Аңдып турган тайгандар түлкүнүн куйругунан бекем тартып, сыртка сүйрөп чыгарып, кекиртегин кыя тиштеп өлтүрүштү.

## ТОРГОЙ

Учуп келаткан торгойдун топусу бир күнү эрмендин арасына түшүп кетти. Торгой эрменге карап:

– Эрмен, эрмен! топумду алып берчи, – деди.

– Сенин топуң эмес, өзүм ордуман козголо албай отурам, – деди эрмен.

– Анда сени эчкиге айтып жегизем, – деди да, торгой эчкиге келди.

– Тетиги жерде көп эрмен бар экен, ошону жесең болбойбу?

– Эрменди жемек тургай, улагымды көтөрө албай араң жүрөм, – деди эчки.

– Сени карышкырга айтып жегизбесем, – деп торгой учкан бойдон карышкырга барды:

– Карышкыр, карышкыр, төмөн жакта бир эчки турат, жесең боло.

– Эчки жемек түгүл, үңкүрүмдү каза албай жатам, – деп жооп берди карышкыр.

– Сени жылкычыга барып айтайын, азыр чаап алсын! – деди да, торгой сызган бойдон жылкычыга жетип:

– Жылкычы, жылкычы! Төмөнкү коктуда бир карышкыр үңкүр казып жатат, чаап алсаң болот, – деди.

– Карышкыр чапмак түгүл, жоголгон жылкымды таба албай жүрөм, – деп жылкычы жооп берди.

– Сени байга айтпасамбы, – деди торгой. Анан байга келип:

– Бай, Бай! Жылкычың жылкыларды жоготуп, таппай жүрөт, аны урсаң боло, – деди.

– Жылкычыны урмак түгүл, казымды көтөрүп баса албай олтурам, – деди бай.

– Сени чычканга айтайын, – деп торгой чычканга келди.

– Байдын курсагын тешмек түгүл, балдарыма ийин каза албай жатам, – деп чычкан чикчиңдеди.

– Сени тентек балага айтып, ийниңе суу куйдурбасам! – деп торгой кекенген бойдон тентекке барып айтты.

– Ийинге суу куймак түгүл, балдарга чүкөмдү уттуруп, музоомду кайтара албай жүрөм, – деди тентек бала.

– Сени энеңе айтпасамбы! – деди да, торгой анан баланын энесине учуп жетти:

– Балаң чүкөсүн уттуруп, ар ким менен урушуп, музоосуна карабайт экен – сабасаң боло?

– Аны сабамак тургай, жүн сабай албай жатам, – деди энеси.

– Сени куюнга айтып, жүнүңдү учуртайын, – деди да, торгой куюнга айтты эле– анын колу-жолу бош экен, макул болду. Куюн кокту ылдый келип кемпирдин жүнүн учурду, кемпир баласын урду, баласы чычкандын ийнине суу куйду. Чычкан чыга калып, байдын курсагын тешти, бай жылкычысын урду, жылкычы карышкырды кууду, карышкыр кара эчкини кууду, эчки эрменди жеп, торгойдун топусун алып берди. Ошондон кийин торгой топусуп башынан түшүрбөй, дайыма баса кийип жүрчү болуптур.

## ЭШЕК МЕНЕН ЖОЛБОРС

Бир күнү эшек жолборстун терисин жамынып алып, токойго жакын жердеги дөбөдө кыйкырып турду. Аны көргөн айбандар: «Териси жолборско окшош, бирок кыйкырганы бөлөк» деп коркушту. Аңгыча катуу шамал жүрүп эшектин жонундагы терини токойду карай учуруп кетти. Эшек дөбөдөн түшүп токойду көздөй басканда алдынан жолборс чыкты. Жолборс кулагы кулач эшекти көргөндө коркуп кетип, саламга озунуп:

– Сен ким болосуң? – деп сурады.

– Мени ушул убакка чейин билбейсиңби? Мен Малкан баатырмын, – деди эшек.

– Эмесе, Малкан баатыр, бул токойдогу бугу менен маралды үркүтүп берсең... бир-экөөнү кармап жейли.

Эшек макул болуп, адатынча катуу кыйкырганда токойдогу айбандар өтө коркуп, аркы-терки кача баштады. Ачыкка чыккан бугу марал жолборстун

жеми болду. Эшек кулагын тикчийтип, көөдөнүн көтөрүп, кадала карап турду.

– Сен да ашкан баатыр экенсиң, экөөбүз достошуп, дайыма бирге жүрөлү. Жолборс бул сөздү айтканда эшек башын ийкеп ошону менен бул экөө дос болуп калды.

Бир күнү жолборс эшек досуна:

– Жүр ууга чыгалы... Эми сен тосуп тур, мен айдайын, – деди да, токойдун ичине кирип, кийикти кубалай берди. Бирок, эшектин алдына элеңдеген коёндон бөлөк эч нерсе келген жок. Эшек ачууланып, кулагын жапырып алып, коёнду кууп жүрдү. Коён чычырканактын арасына кире качты. Эшек анын артынан калбай, чычырканакка кошо кирди: ошол жерде жонун тыттырып, кызыл-ала канга батты. Акыры аябай чарчап, ачыкка чыгып жатып алды. Көрө койгон сагызган учуп жетип, эшектин жонун чокуп, кулагына жакын барганда, сагызганды эшек башы менен өлтүрө согуп, алдына таштап койду да жата берди. Бир убакта жолборс тердеп-тепчип эшекке келди:

– Малкан баатыр, сага эмне болду? Бул жатышың кандай? – деди жолборс.

– Мен жерде жүргөн айбандарды тиштебейм, мага асмандагы куштун эти гана жагат, мына... көрбөйсүңбү – деп, сагызганды көрсөттү.

Жолборс өзүнчө катуу намыстанып: «Мен да кармап көрөйүнчү» деп токойго барып, учуп жүргөн куштарды кубалап, бирок эч нерсе тиштей албай, терге чөмүлүп, эшекке кайра келди:

– Малкан баатыр, сен менден кыйын экенсиң! – деди жолборс.

– Ошону билип жүргүн! – деп эшек мыкчыйып койду.

Күндөрдүн биринде жолборс чоң сууга барып, ары-бери аттап, өзүн маштап алды да, анан эшекке келип:

– Малкан баатыр, зеригип кеттик, азыр аттамак ойносок кантет? – деди.

– Ойносо ойнойлу, деп эшек макул болду.

Экөө сууга барды. Жолборс суудан секирип кетти. Эшек кулагын жапырып, алыстан күүлөнүп секирсе да күп этип түшкөн бойдон сууга агып барып, аралга араң чыкты. Жолборс жанына келип:

– Малкан баатыр, сен эмне үчүн сууга түшүп калдың? – деп сурады.

Эшек силкинип койгондо, кулагынан эки чабак ыргып кетти. Аны көрүп, жолборско карап:

– Мен сендей өзүнүн гана жанын коргогон куру көөдөк эмесмин. Мына бул эки байкуш сууга агып бараткانын көрө коюп, артынан кууп араң кармап алдым, – деди.

«Минтип жүрсө мени соо конбос» деп ойлоп, жолборс андан кутулмакчы болуп, алысты карай качып жөнөдү. Жолборстун корkконун билген эшек «Жеймин сени!» деп кыйкырып, артынан сая түштү. Жолборс качып бараткандa, эки карышкыр алдынан чыгып:

– Жоке баатыр, эмне антаңдап качтың? – дешти.

– Малкан баатырдан качтым, – деди жолборс.

Карышкырлар аны түшүнбөй:

– Ал өзү кандай неме экен? – деп кайра сураشты.

– Эки кулагы узун, башы чоң, жылкы сыяктуу, үнү ачуу…

–Ооо жоке, ал баягы эшек кемпай турбайбы… Андан эмненин корkкону?.. Жүр, аны биз жара тартып берели, – дешти карышкырлар.

Жолборс көпкө чейин макул болбой, бирок эки карышкыр акидей асылып, акыры ээрчитип жөнөштү. Карышкырлар жолборсту кайра ээрчитип келе жатканын эшек көрөр замат:

– Эх-хе, кайран гана бөрүлөрүм, менден карызга алган үч жолборстун бирин эми алып келаткан экенсиңер... Кана, эртерээк колума салгыла! – деп аларды тосо басты.

Жолборстун эси чыгып, «ушуну билгем» деди да, эки карышкырдын башын жара чайнап, өзү качып кетти.

## ЧОКЧОЛОЙ БААТЫР

Илгери, илгери бир абышка-кемпир болуптур. Алардын колунда жалгыз үю, эки улактуу эчкиси, короочу ити, бир мышыгы бар экен.

Бир күнү кемпир мышыгына сүт куюп берди эле, короочу дөбөт аны тартып ичмек болду. Мышыктын ачуусу келип, дөбөттүн эки көзүн апчып алды. Көзү көрбөгөндүктөн үрбөй да жүрүп, акыры ал дөбөт өлүп калды.

Абышка:

– Иттен ажырадык. Эми үй менен эчкини ким кайтарат? – деп итинин өлгөнүнө капаланды.

– Итти өлтүргөндү билген мышык, короо кайтарганды кантип билбесин. Мышык өзү эле кайтарат, – деди да, кемпир мышыкты үй менен эчкинин жанына байлап койду.

Бир күнү кемпир менен чал төшөктө жатканда эшиктен иттин каңшылаганы угулду. Абышка чыга калып караса коңшусунун ити башын канжалатып качып бараткан экен. Мышык белин бүкчүйтүп,

муруттарын сербейтип, тиштерин ырсайтып ыркырап турат.

–Байбиче, бул мышыгың анык баатыр көрүнөт. Коңшунун ити да абдан чоң иттердин бири эле, даай албай качып кетти. Анын башы канга боёлуп калыптыр. Бул мышык карышкырга да айбат кылат окшойт, – деди абышка кубанычка батып.

–Эмесе, мындан ары мышык аты таптакыр өчсүн. Мунун эмки аты «Чокчолой баатыр» болсун, – деди кемпир. Ошентип, Чокчолой баатыр үй менен эчкини кайтарып жүрдү. Кыш өтүп, жаз келди. Эл жайлоого көчө баштады. Абышка менен кемпир да алачыгын уюна артып, эчкилерин жетелеп, Чокчоло баатырды чарчап калбасын үчүн баштыкка башын чыгара бууп, жүктүн үстүнө байлап коюшту.

Калың токойду аралап баратканда баштыктын боосу үзүлүп, ЧокчолоЙ баатыр жерге түшүп калды. Кемпир-чал аны байкабай кете беришти. Чокчолой канчалык мыёлосо да, алар угушкан жок. Анан зорго дегенде баштыктан бошонуп чыгып, эки жагын каранып турду. Аңгыча кийиктен келе жаткан мергеннин тайганы Чокчолойду качырып калды. Чокчолой коркуп, карагайдын башына чыга качты. Ошол корккон бойдон күн батканча карагайдын башында отурду. Кемпир-чалдан адашканын билип, акыры карагайдан түшүп, бет алган жагына кете берди. Бир кезде алдынан түлкү чыкты. Чокчолой чочуп, адатынча тиштерин ырсайтып, муруттарын сербейтип, куйругун чагарактатып, сүр көрсөтө катуу ышылдады. Түлкү Чокчолойдун сүрүнөн коркуп кетти. Ал анан «эмнеси болсо да сыр сурайын» деген амалды ойлоп, эки колун бооруна алып, өзү абдан сылык немече мунун алдында улам жүгүнүп:

– Саламатсызбы, курдаш… башка жердик көрүнөсүз, аты-жөнүңүз ким таанышып алалы,– деди.

Чокчолой дагы кыш-кыш этип, арстандай айбаттуу түрдө:

– Мени ушул убакка чейин тааныбайсыңбы? Чокчолой баатыр мен болом! – деди.

Таң кала түшкөн түлкү «бул кайдагы Чокчолой баатыр?» деп ойлоп, бир аз сынап көрмөкчү болду.

– Эмесе кайда баратасың? Мында сизден бөлөк да чоң-чоң улуктар көп. Мисалы: Жоке баатыр, Бөкө баатыр, Апсак баатыр. Аларга эч кимдин алышып алы, күрөшүп күчү жетпейт. Андан беркини айтсак: Узун Кулак баатыр, Борсолдой баатыр дегендер бар. Сиз аларды тааныйсызбы? – деди түлкү.

Чокчолой баатыр катуу күрүлдөп:

– Мен эч кимди тааныбайм! Жана алардын эч биринен коркпойм! – деп сөздү кесе сүйлөдү.

Түлкү Чокчолойдун жообун уккандан кийин: «Бул да бир эр экен, муну менен таанышып алайын» – деп ойлоп, ого бетер жойпуландып:

– Баатырым, эгер сиз эп көрсөңүз, алыстан келе жатыпсыз, түн да кирип кетти – биздикине конок болуп өтүңүз деди. Чокчолой макул болду. Түлкү муну үйүнө ээрчитиип келип, төргө олтургузуп: «Бир аз отура туруңуз» – деп, өзү эшикке чыгып кетти. Көз ачып-жумганча кашкулак менен коёнго жетти. Аларды аябай шашатырып:

– Тургула!.. Болгула! Чокчолой баатыр келди. Даамдуу тамак-аш таап бара койгула. Кокус каарына калсак, баарыбызды оңдурчу неме көрүнбөйт, – деп түлкү кашкулак менен коёнду дүрбөлөңгө салып, өзү кайра үйүнө кайтты. Алар ар түрдүү сонун тамакты түлкүгө бат эле жеткирди.

Түлкү кылт-култ эте ордунан учуп туруп:

– Кадырлуу, Чокчолой баатыр! Менин урматтуу досторум, бирге ойногон жан курбуларым менен таанышып коюңуз! Мунусу көзү тосток, кулагы узун Майрык баатыр... Мына бул быкындуусу Борсолдой баатыр.. – деп түлкү коён менен кашкулакты тааныштырып, алар алып келген момолой чычканды Чокчолойдун алдына койду. Чокчолой анда-санда күр-р, күр-р этип, момолой чычканды тыткылап жеп жатты. Коён менен кашкулак Чокчолойдун сүрдүү кейпинен, күр-р, күр-р эткен үнүнөн эстери чыгып, улам артка жылып отуруп, акыры босогого барып такалганын сезбей да калышты. Момолойдун этинен мага да бербейт деп түлкү жаланганда, Чокчолой айбаттуу ышылдап, аны да кайра кууду.

Мунун айбатын көргөн кашкулак коёнго карап:

– Бали, баатыр болбосоң коё кал! Түлкү корккон соң бизге эмне! – деди.

– Ооба-ооба, – деди коён, кулагын жапырып. Өзү абдан ачуулуу көрүнөт. Бирок, ачуусу канча болсо да, тартип-тазалыкты бекем сактайт экен... көрбөйсүңбү бети-колун жуунуп жатат.

Чокчолой момолой чычканды бүт жеп, жүктүн үстүнө чыгып жатып алды. Мындай кылыкка ыза болгон түлкү эми мышыкка каршы коёнду кайрады.

– Карачы бизди дегеле жан ордуна санабайт. Улук деген сылык болбойбу. Сенин эмнең кетти буга бир сыр көрсөтчү, Коке!

– Туура! – деди кашкулак, түлкүнүн сөзүн кубаттап. Экөөбүз алып келген тамактан ооз тийгизген да жок. Чоңдугу сендей эле экен. Жакшылап бир серпип өтчү!

Айтса айтпаса чын эле эмеспи – деп, коён Чокчолойдун жанына барып, башы менен эки-үч жолу түрттү эле, ал ойгонбой койду. Коёндун ачуусу келди да, мышыкты төбөгө шак эттире бир тепти. Чокчолой ыргып туруп апчып алганда, коёндун мурду жырылып калды. Ошондо кашкулактын да бүйрү кызып:

– Сен кандай уятсыз баатырсың? Деги жөн келип, жөн кетсең боло! Ай, ушул сенин чоңдугуңан кечтим! – деп мышыкты катуу качырды. Чокчолой да качырып келип, кулактан тиштегенде кашкулак томолонуп эшикке чыга качты. Мурдунун жырыгын оң тамaны менен бекем басып, өзү үч буттап сороктогон бойдон өкүрүп-бакырып, коён да кетти. Буларды көргөн түлкү аябай коркуп:

– Чоке баатыр, сабыр кылыңыз, ал тентектерге теңелбеңиз. Бир жолку ачууңузду мага бериңиз. Алардын жазасын өзүм берем. Сиз бир аз тынч алып, жата туруңуз. Мен сизге оокат даярдайын, – деди да сыртка жөнөдү.

Түлкү ошол жөнөгөн бойдон түз эле Бөрү баатырга барды. Чокчолой баатырдын жөнүн ага жомок кылып айтты. Бөрү баатыр эч ишенбей: Мен анын атасын таанытам! – деп жулунду.

– Айланайын Бөкө, жулунбай коё турчу, мен сага айтып берейин. Бөкө баатырың кайда? Аны тезинен чакыр! Бул дүйнөдө Бөрүнүн кылбаганы жок. Өзү өмүр бою ууру, жакында эле бир тай жеген, өткөн жылы бир торпок жеп, бир козунун куйругун жула качкан. Кыскасы, жегендерине эсеп жетпейт... Эми мен күтүп отура албайм, тез келсин, эгер келбесе өзүм барам! – деп күрүлдөп, чаңыргандай болсо бүткөн боюң титирейт, – деди түлкү.

Карышкыр түлкүнүн сөзүн угуп чындап эле коркту. Эми карышкыр да айласын таппай калганда, түлкү аны ээрчитип жолборс менен аюуга барып, иштин жайын түшүндүрдү. Жолборс булардын сөзүн угар замат аябай ачуусу келип, жерди чапчып ыргытканда таштуу топурак түлкүнүн так башына тийди.

Түлкү зеңгирей түшүп, ордунан тура калып, ыйламсырап, жолборско минтип айтты:

– Жоке баатыр, бул чын… Сизди алып кел, ал менден бийликсиз иш кылат экен. Анын төрт тамана шиш кагам. Мага келип жүгүнсүн, болбосо соо калбайт… Баса, кыйшык таман аюу кошо келсин деп мени жиберди.

Өзүн кемитип айткан сөздү укканда аюу да балпылдап:

– Менин таманым кыйшык экенин ошол гана көрүппү! – ден күрс-күрс этип, эки колун артына алып, ачуусуна чыдабай аркы-терки баса баштады. Жолборс ого бетер чамынып, комдонгон тейинче күрүлдөп-шарылдап жатты. Бирок, баары тең айласы кетип, акыры түлкүнүн айткан акылы боюнча жолборс бир уйду жетелеп келип, карагайга байлап салды. Аюу бир каман, карышкыр бир улак байлады. Бирок, каман өкүрүп-бакыра бергендиктен аны өлтүрүп коюшту. Түлкү анан ишке киришти. Жолборсту өлгөн каманга жакын жаткырып, үстүнө чөп жаап таштады. Карышкыр карагайдын түбүнө жатып, бутактарды жамынды. Аюу мен эч ким жетпес жерге жашынам деп, карагайдын башына чыгып кетти. Тыйын чычкан бул окуяга аңтаң боло ошол эле жердеги карагайдын бутагында карап отурду. Арызга келаткан коён менен каш-

кулак аларды көрүп аябай таң калышты. Өздөрү ушунчалык өлгүдөй коркуп жаткан немелер бизге кайсы жардамды берет? Жүр кетели, – деди коён. Кашкулак кесирленип: жок мен ошол Чокчолойдон өч алмайынча кетпейм! – деп болбой койду. Экөө далдаага жашынып турушту.

Бир аздан кийин түлкү Чокчолой баатырды ээрчитип келип: Мына, баатыр, ушунун баары сиз үчүн. Адегенде мына бул камандан баштаңыз, майлу эмеспи, – деп камандын жанына алып келди. Чокчолой баатыр байланган уйду көрө коюп:

– Токточу, түлкү! Мына бул уйду ким алып келди? – деп ачуулана сурады.

– Билбейм, баатыр. Иши кылып, булардын баары сизге келди, ошондуктан сиздики.

– Жок, бул уй менен улак биздики. Ким алып келип жүрөт? – деп, Чокчолой баатыр ого бетер ачууланды.

Жолборс менен карышкырдан коркуп, түлкү эч сөз айта албай турганда уй аянычтуу мөөрөп:

– Мени жолборс алып келди! – деп ыйлап да жиберди.

– Мени карышкыр көтөрө качты! – деп ары жактан улак маарады.

– Кайда жүрөт алар? Мен азыр алар менен чындап бир күрөшөйүн! – деп Чокчолой адатынча куйругун чагарактатып, күрүлдөп, айбаттуу түрдө ары-бери басып турду.

Чокчолойдун сүрүнөн жолборс, аюу, карышкыр чыны менен эле коркуп, былк этпей жата беришти. Коёндун эси чыгып, үйүн коздөй безип жөнөдү. Жолборстун кулагына чөп кирип кетип, кычышканына чыдабай башын кыймылдатып койду. Чөптүн

кыбыр эткенин көргөндө Чокчолой аны чычкан деп ойлоду да, белин бүкчөйтө аңдып калды.

«Ии, коркок эле жан окшойт. Жанакы айткандары курулай опуза экен. Эгер тура калсам жүрөгү түшүп өлөр» – дегенди ойлоп, кайра «дагы бир сынап көрөйүнчү» деп жолборс башын экинчи ирет кыймылдатып койгондо, Чокчолой лып секирип барып, аны баса жыгылды; Чокчолойдун курч тырмактары жолборстун жонуна кирип кетти. Жолборс ордунан тура, бакырган бойдон качып жөнөдү. Мышык эси чыгып, карышкырды аттап, карагайга жармашты. Карагайда олтурган аюу «бул мага келаткан экен» деп, коркконунан жерге кулап кетип, өлдү. Карагайдын башында тамашага батып отурган тыйын чычкан табурчактан бирди жулуп алып, Чокчолойду так чокуга урду; Чокчолой андан катуу чочуп, жерге секиргенде «Кезек эми мага келген экен» деп, карышкыр ордунан тура качты. Түлкү менен кашкулак да капкачан жоголушкан.

Чокчолой ую менен улагын бошотуп алып, абышка-кемпирди издеп тапты. Алар Чокчолой баатырга чоң ыракмат айтып, аябай ыраазы болушкан экен.

## МЫШЫК, ТҮЛКҮ, АЮУ, КАРЫШКЫР

Мышыкты бир күнү ит кубалап, иттен качып бара жатса, алдынан түлкү чыкты. «Ой, сен кимсиң?» деп, түлкү мышыктан сурады.

Мышык: «Мен азуулуу айбандардын падышасымын, сенин үйүң кайда, сага конокко келдим» деди. «Менин үйүм мына» деп, түлкү ар жагына

бир чыгып, бер жагына бир чыгып, жылмаңдан бир ийинге ээрчитип барат экен. «Сен азуулуу айбандарга кабар кылгын, мени жакшылап конок кылышсын» деди мышык.

Түлкү жасоол болуп, азуулуу айбандарга бара жатса, алдынан карышкыр чыкты. Карышкыр: «Сен кайда бара жатасың?» – деп сурады. «Биздин үйгө азуулуулардын падышасы мейманга келип калды, тамак камдагын деп жиберди» деди. Карышкыр бир кой жетелеп алды. Түлкү андан ары жүгүрүп бара жатса, алдынан аюу чыкты. «Түлкү, сен кайда чаап баратасың?» деп сурады аюу. «Биздин үйгө азуулуунун падышасы мейманга келип калды. Тамак камдагын» деп түлкү аюуга айтты. Аюу бир торпогун жетелеп алды.

Аюу, карышкыр, түлкү үчөө мышыктын үстүнө келип: «Падышага үйрөнүшкөн сен тамак бергин» – деп аюу менен карышкыр торпогун, коюн өлтүрүп түлкүгө беришти. «Падышаны ыраактан көрөмүн» деп аюу карагайдын башына чыгып кетти. «Мен мына бул жерден көрөмүн» деп карышкыр ийиндин оозундагы чөпкө жашынып жатты.

«Падыша аке, тышка чыгып, тамак жеңиз» деп мышыкка түлкү кабар берди эле, ал ийинден чыгып тамакты кырылдап жей баштады.

Аюу карагайдын башында турса дагы коркуп отурду. Падышаны көрөйүн дегендей карышкыр чөптү кыймылдатып койду эле, мышык чычкан экен деп жутунуп калды. Карышкыр: «Мени көргөн экен» деп былк этпей калды. Карышкыр чыдай албай дагы чөптү кыймылдатты. Мышык секирип барып басты эле, карышкыр тура качты. Баягы мени кууган ит экен деп, мышык карагайды көздөй

чыга качты. Мени көрүп койгон экен деп карагайдагы аюу качам деп учуп өлүптүр.

## ЖАНЫБАРЛАР ДОСТУГУ

Төө, аюу, түлкү, карышкыр, жолборс, козу, улак – баары чогулуп кеңешип; «Бирге жан багабыз» деп дос болуп жайлоого чыгышты. Төө, козу, улак үчөө чөп жеп жакшы семиришет экен. Аюу, түлкү, карышкыр, жолборс болсо эч тамак таба албай ачкалыктан аябай арыкташыптыр.

Бир күнү түлкү: «Баарыбыз ачка өлүп калбайлы, азырынча улак менен козуну жей туралы» деди. Буга жолборс жана башкалары макул болушту. Улак менен козуну эки күн азык кылышат. Дагы жээр эчтеке таба албай ачка болушту. Дагы бир күнү түлкү: «Минтин жүрүшүбүз болбойт экен, төөнү да жейли» – деди. «Төө биздин төрөбүз болсо, муну кантип жейбиз?» деп, жолборс сурады.

«Эгер силер макул болсоңор, төөнүн жайын өзүм табамын» – деди түлкү. Жолборс, карышкыр макул болушту.

Түлкү төөгө барып, ар жагына бир, бери жагына бир чыгып эркелеп: «Төө аке, тигил досторум азыр сизди союп жеп, көктөмдө кырк козулуу кой берели дейт. Буга макул болосузбу» деди.

Төө ары ойлонуп, бери ойлонуп бат эле байымак болду: «Көктөмдө сүйрөтпөй жыйып берсеңер эле болду» – деди. Түлкү жолдошторуна барып, карышкырды төөнү союуга ээрчитип келди. Төө мойнун созуп, чөгүп берди. Түлкү меиен карышкыр соё башташты. Төөнүн ичин жаргандан кийип түлкү ичине кирип, ич майынын баарын жеп чыкты.

Карышкыр: «Сен жылтырап эле жеп чыктың, мен ачка каламбы» – деди.

Түлкү: «Тамагы жаман кудай урган, мына муну жегин» деп өпкө, боорун алып берди.

Карышкыр: «Тең жегенди теңирим сүйүптүр, тең жебегендин кепини күйүптүр» – деп, теңин түлкүгө берди. Өпкө, боорун бөлөм деп, карышкырдын оозу бүт кан болуп калат. Түлкү бары-жогун кан кылса да, жымылдата жуунуп алат.

Төөнү союп болгон соң, аюу келип, этти бөлүштүрө баштады. Аюу: «Өпкө, боору кана?» – деп сурады. Карышкыр түлкүнү карады, түлкү карышкырды карап: «Үңүрөйгөн митаам, өзүң жеп алып, мени эмнеге карайсың?» – деди.

Аюу, жолборс, карышкырды кууган бойдон кетти. Аюу менен жолборс келгенче, түлкү акең эттин баарын жыйып катып алды.

Баягы экөө кайтып келип: «эт кана?» деп, түлкүдөн сурады: «Мени жей электе эле минтип чыр кылып жатасыңар, силерден эчтеке өнбөйт көрүнөт деп, туруп кетип калды» – деди.

Аюу менен жолборс өкүнүп калды. Экөө кеткенден кийин, түлкү төөнүн этин көрсөтпөй жей берди. Түлкү төөнүн этин жеп өтө семирди. Бир күнү жолборс: «Түлкү, сен эмне жеп мынча семирдиң?» – деп сурады.

Түлкү: «Ачка болгонумдап кийин ичеги-чучугумду чубап жеп жүрүп семирдим, эң эле таттуу болот экен» – деди. Жолборс менен аюу ишенип, өздөрүнүн ичтерин жарып жеймин деп өлүштү. Ал экөөнүн этин да түлкү ээлеп калды.

Түлкү бир күнү карышкыр эмне болду экен деп издеп чыкты. Жол менен бара жатса, бир жерге

капкан салып коюптур, капкандын үстүнө килейген койдун куйругун коюп коюшуптур, түлкү алып жей албай коркуп турду. Аңгыча болбой карышкыр келди. «Карышкыр аке, мына бул куйрукту сага койдум эле, алып жегин» – деди. Карышкыр: «кокустан анда капкан болуп жүрбөсүн» – деди. «Сакалдуу деп сага койсом, кудай алган жаман, жебейсиңби?» – деп, түлкү тап берип койду эле, карышкыр түлкүдөн мурун алып жейин деп, барып капкапга түшүп калды. Куйрук оозунан ыргып кетти. Түлкү куйрукту жай алып жеп: «жат, бөрү аке, жабышып, капкан менен кабышып, эртең менен болгондо, ээси менен табышып» деп, түлкү желе-жорто жүрүп кетти.

## ТҮЛКҮ, ТАШБАКА ЖАНА ЧАПКЕНЕ

Түлкү, ташбака, чапкене үчөө шерик болуп эгин экмей болушту. Түлкү жайлоого чыгуучу, ташбака эгин багуучу, чапкене оруучу болду.

Түлкү аштык даяр болгондо жайлоодон түшүп келип: «Буларга эгиндин эмне кереги бар, эгинди алдап алайын» деп ойлоп: «Шериктер, мунун несин бөлүп убара болобуз, жарышалы, кайсы мурун келгенибиз эгинди бүт алалык» деди. Түлкү аксакалдын сөзүн ташбака менен чапкене макул көрүштү.

«Чуркайлы!» деп убадалашкан жерге барышты да, үчөө катар турушту. Ал арада чапкене түлкүгө жабышып кулагына чыгып алды. Чуркап жөнөштү.

Түлкү аштыктын жанына келип бир силкинди эле, чапкене түшүп, ашыктын так эле төбөсүнө чыгып алды. Эми эгин меники го деп түлкү аштыкты караса, анын үстүндө чапкене олтурат. Анын жүрө-

гү болк этип: «Качан келдиң?» деди. «Мен келгенге бир далай болду, аштыктын үстүнө чыгып, силерди карап турбайынбы» деп койду. Ошентип, байгени кичинекей болсо да чапкене алып кеткен экен.

## ҮКҮ МЕНЕН КЫРГЫЙ

Жем таап жээрге жарабай турган бир оору үкү менен бир алгыр кыргый тааныш болот. Кыргый үкүнү өзүнөн артык кылып багат. Аягында экөө кучакташып ынтымак дос болушат. Экөө алыска сапар жүрүшөт. Кыргыйдын эстүүлүгү, алгырлыгы менен жакшы күн көрүшөт. Үкү оорусунан бүт айыгып, өз тамагын табууга жарап калат.

Бир күнү: «Эми ар кимибиз өз күнүбүздү өзүбүз көрөлүк» деп үкү менен кыргый ууга чыгат. Нары учуп, бери учуп эчтеме таба албай калышат.

Анда үкү кыргыйды акырын чакырып алып, кармайт да: «Мен сени жеймин» дейт. Кыргый акыреттик достугун жана кылган көп кызматын айтып ыйлайт. Анда үкү: «Жакшылыкка жакшылык эшектин иши, жакшылыкка жамандык эшендин иши», дүнүйөдө жашамак – алышмак, күрөшмөк, алы жетишпесе ылдыйламак, айла кылмак, иши кылып өзү жашамак» дейт да, кыргыйды чыркыратып баса калат. Темир айры өңдүү өткүр төкөөрү менен кыргыйды мыжып өлтүрөт. Аны жеп тоюп алып, кагынып учуп кетет.

## АКЫЛДУУ УЛАК

Илгери бир убакта байлыгы ашкан бир бай болгон экен. Ал бай жаз алды менен тоого көчүп

чыгат. Ал жердин оту түгөнгөндөн кийин, башка конушка көчүп жөнөйт. Ошондо анын мурунку көчүп чыккан конушунда бир козу, бир улак адашып калыптыр. Анан улак козуну жетелеп, башы оогон жакка жүрүп кетип баратса, жолунан бир адашып калган музоого учурап, козуга музоону жетелетип, улак өзү айдап алат да, дагы жол тартышат. Жолдон жолборстун терисин табышат да, ал терини музоонун үстүнө жабат дагы ээн талаада кыламык жааган кардын үстүндө кетип бара жатышса жолунан бир кепе көрүнөт. Кепенин тышына музоону байлап, ичкериге кирип барышса, арак ичип отурган жолборс, арстан, аюу, карышкыр, түлкү жана башка бардык жырткыч айбандардын үстүнөн чыгат.

«Ассалоомоалейкум жалпыңарга» – деп, улак менен козу салам берет. Баягы жырткычтар: «Бизге эт келди» деп сүйүнүшүп, «Алейкума ассалом. Келгиле, меймандар! Жакшы келипсиңер төргө өт, төргө өткүлө» дешет. Анда улак түлкүнүн алдына олтурат. Козу болсо төргө өтүп олтурат. Анан дагы арак ичиш башталат. Ичкиликти ичип ырдап отурушуп, түлкү комуз чертип, мындай дейт: «Улак балбан бир күндүк, козу балбан бир түндүк» Ал тыштагы жолборс терисин жамынган музоону байкабайт.

Анда түлкүнүн колунан улак комузду жулуп алып: «Түлкү балбан биздин талпагыбыз, аюу балбан биздин тамагыбыз, жолборс балбан биздин жамынчыбыз» деп комузду чертип калат.

Анда түлкү коркуп кетип эшикке чыкса, үстүндө жолборстун терисин жамынып музоо турат. Кайрылып кепеге кирбей, качып кетет. Анан эшик

артынан билинбей бардыгы качып кетет. Эң артында жолборс да качып жөнөйт. Улак, козу, музоо үчөө идиштеги бозону таза калтырбай ичип, кетип калышат. Кар кыламык жааган болот.

Алар бир күн жол жүрүп келе жатышса, жолунан бир чоң терек көрүнөт. Ошол чоң терекке түнөп кетиш үчүн улак теректин башына чыгат, козу орторок жерине чыгат. Музоо бир жагына зорго илинип турат.

Эмки сөз баягылардан. Качып отуруп, качып отуруп бир жерге келишет. «Кой качпайлы» – деп кеңешишет. Анда жолборс: «Силер дагы качасыңар» деп ишенбей, бардык жырткычтарды куйругуна байлап алат да, жөнөй берет. Алар изди кубалап, жүрүп отуруп баягы козу, улак, музоо илинген терекке жетип, асманды карабастан, айлана бериптир, айлана бериптир. Бир кезде музоонун колу талып кетип «мөө!» деп жерге кулап түшөт. Ошондо улак менен козу «чоңунан карма, чоңунан карма!» – деп кыйкырат. Баягы келген жолборстор алды-артын карабай качып жөнөйт.

Жолборс бардык жырткычтарды сүйрөп жүрүп өлтүрүптүр, өзү араң качып кетиптир.

Ошентип, козу, улак, музоо аман-эсен кутулуп калган экен.

## БИР ТОРПОК, ҮЧ УЛАК

Илгери бир жоокерчилик заманда эл алыс жакка көчүп кетет. Күн кеч кирген кезде талаада оттоп жүргөн бир торпок, үч улак короого келишет. Алар келишсе, айыл көчүп кетишкен. Журтта как эткен

карга, кук эткен кузгун жок. Торпок менен улактардын айласы кетишет. Кеч кирген сайын алар корко башташат. Түн кирди, туш-туштан карышкырлар улуй башташты. Торпок менен улактар ого бетер коркушту да, төртөө кеңешип: кой, биз бул жерде турсак бизди карышкырлар жейт. Андан көрө бир айыл издеп табалык дешип, – төртөө жолго чыгышат. Алар караңгыда жол жүрүп келе жатышса, бир жерден алоолонгон от күйүп жатканын көрүшөт. Торпок, үч улак жүрүп отурушуп мурунку көргөн отту карай келишти да, үйгө кирип барышты.

Үйдүн ичинде тогуз карышкыр, бир түлкү ону жоро ичип отурушкан кези экен. Аларды көрө коюп, торпок менен үч улак коркуп кетип туруп калышты.

Анда жорокечтер ордуларынан тура калышып:

– Келгиле, келгиле. Жогору өткүлө... Жайланып олтургула дешип тогуз карышкыр менен түлкү тура калышты ордуларын бошотушуп. Торпок менен улактар коркуп, айласыздан төргө өтүп отуруп калышты.

Бир кезде карышкырдын бирөө тура калып, комузун колуна алып, кулагын толгоп, күүлөп туруп,

«Улак болот бир күндүк,

Торпок болот бир күндүк

Чиңги диң, чиңги диңги» – деп ырдап комузун токтотуп отуруп калды. Ошол кезде торпоктун эки кулагы делдейип, эки көзү алайып коркуп калды эле. Ал аңгыча улактардын бирөө тура калып, Каке, комузуңду мага бере турчу мындай, бир эки күү чертип берейин деди эле. Карышкыр колундагы комузун бере салып, баарысы жарданып карап калышты. Анда улак комузду күүлөп:

«Тогуз бөрү бир ичик,
Түлкү болот жакалык
Чиңги диңги, чиңги диңги» – деп ырдап

туруп, отуруп калганда. Карышкыр, түлкүлөрдүн эстери чыга башташты. Бир кезде бир карышкыр «мен суу алып келейинчи» деп шылтоо кылып чыгып кетти. Андан кийин экинчиси, «мынча эмне жоголду мен чакырып келейинчи» деп ал да качып кетти. Башкача айтканда карышкырлар бирин-бири чакырымыш болуп олтурушуп, баардыгы качып кетишти.

Акырында түлкү жалгыз калып, айласы кетти. Кантип чыгаар айласын таппай туруп: – Баарысы эле жоголду, чогултуп айдап келейинчи, коноктор отура тургула демиш болуп, түкөң да качып жөнөдү.

Ошентип торпок менен улактар жородон калган тамактарды бүт ичип алышып келе жатышса, карышкырлар калың токойго топтолуп алып аңдып турушкан. Аны көрө коюшуп улактар карагайдын башына чуркап чыгып кетишет. Курган торпок байкуш тамтаңдап араң чыгып, этек жагына барып турат. Ошол кезде карышкырлар келип издей башташат. Бир карышкыр төлгө тартып, ушул эле жерден чыгат. Азыр эле табабыз деп аткан кезде, коркуп турган торпок кулап кетип жерге бир тийет да жатып калат. Ошондо бир улак карагайдын башынан кыйкырып жиберет. – Кайран токем, эң мурун төлгөчүнү бас... Бол татыраак!.. Качырбай бас!.. деп жибергенде карышкырлар бүт бойдон качып алып жөнөшөт. Ошентип торпок менен улактар аңдыган душманынан амал менен кутулушуп, таң атканда айылдагы малга барып кошулушат.

## ӨЖӨР ЖӨРГӨМҮШ

Илгери бир замандарда жөргөмүштөр кудум кумурскадай өз эмгеги менен жашашчу экен. Жаз келери менен таңдан кечке эмгектенчү. Жашаган уюгун таза кармап, ага данды жык толтурчу. Алар ак көңүлдүү келип, коңшу-колоңдоруна ар дайым карамдуу болушуптур. Ошондуктан ак көңүл жөргөмүштү бүт баардыгы жакшы көрүп, урматташчу дейт.

Күндөрдүн биринде адаттагыдай эле ата жөргөмүш менен эне жөргөмүш токойго эмгектенгени келишкен. Алар ушунчалык кызуу иштеп жатышкандыктан коңшусу аарынын кайдан, качан келгенин да байкабай калышат. Эгер аары өзү үн катпаганда алар ишин уланта беришмек.

Аалары мукактанып келген себебин көпкө дейре айта албады. Жакшы кабар болгондо дароо эле сүйүнчүлөп салмак, жаман кабар алып келгенин тиги жөргөмүштөр дароо эле сезип коюшту. Бир маалда аларга кабар айтканы келген аары болгон ишти төкпөй-чачпай айтып берет. Көрсө, мындай болгон экен. Коңшулардын баары ызы-чуу болуп жатканынан аары эшикке чыкса, жөргөмүштүн үйү алоолонуп өрттөнүп жаткан экен. Өрт деген өрт да, бат эле үйдү жалмап таштайт. Эр жүрөк аарылар болбогондо жөргөмүштүн балдары да өрттөнүп кетмек экен. Коңшулардын жардамы менен балдарды ажалдын оозунан куткарып калышыптыр.

Ошондон баштап жөргөмүштөрдүн акылын ачуу жеңип, баарын душман катары сезип калышат. Жадагалса балдарын өлүмдөн сактап калган аары досторун да жек көрө башташат. Ошол күндөн баштап жөргөмүштөрдө ак көңүлдүктүн, ак пейил-

диктин жугу да калбайт. Андай кылбагыла деген досторунун баарынын көңүлүн калтырат. Алардын биротоло четтеп кала башташат. Алар үйүн өрттөгөн душманын табабыз деп, көздөрүнө баары душман көрүнө баштайт.

Акыры жөргөмүштөр жан билбеген амалды ойлоп табышат экен. Алар шыпылдата тор согууну үйрөнүшөт.

Анысы бара-бара укмуштуудай чалма тузакка айланат. Ошондон тарта бул балакеттүү тузак далайлардын убалына калды. Бат эле жөргөмүштөр мыкаачынын мыкаачысы болуп чыга келишти. Кандай жан болсун баары бир, иши кылып торуна илинсе болду дароо канын соруп жеп коёт, алардын кыйналганына карабайт.

Башта жөргөмүштү алкап жүргөн достору эми каргашчу болду. Ал тургай аарылар бул мыкаачылардын тукумун сактап калгандарына өкүнүп да жүрүштү. Себеби кез-кез аарылар да алардын тузагына илинип калып жатты. Аары ак дилден келип кулк-мүнөзүн оңдоосун суранды, бирок андан жөргөмүш жыйынтык чыгарбады. Кайра күчөй берди. Анын сезимин бир гана ой, душманды табуу бийлеп алды. Бирок күнөкөр ким экенин билбей эле колуна тийгендин баарын жазалаганы жазалаган. Анын максаты ушул болду.

Андан бери жүздөгөн кылымдар өтүптүр. Бирок жөргөмүштүн ачуусу алигиче тарабаптыр. Өжөр жөргөмүш дагы эле көпөлөктөн тарта чымын-чиркейдин баарынын залалына калып келет. Курулай өжөрдүк кунарсыздыктын белгиси деген экен бабаларыбыз. Бул лакап да ушул жомоктон улам жаралган окшобойбу.

## АЛДАНГАН БҮРКҮТ

Куу түлкү жойлоп жүрүп, акыры бир айылдын четиндеги дөбөгө туш келет. Ал дөбөнүн күн батыш тарабында момолой чычкандардын бир нече ийини бар экен, аны көрүп түлкү кубанычка батып, ылайыктуу жер таап ошого жашынып жатат.

Бир маалда күнгө кактанганы чыккан чычкандар бири-бирине кабар бергенсип чыйылдашып жатып сыртка чыгышат. Ушуну эле күтүп турган куу түлкү бир эки секирүү менен эки чычканды кармап жеп курсагын кампайтып эми өзү күнгө кактанып жатканда аркы дөңгө чыга келген бүркүтчү дароо түлкүнү көрүп, колундагы бүркүтүн коё берет.

Кылактап дөңдү айлана качкан кызыл түлкүнү көргөн бүркүт анын артынан түшөт. Бүркүттү көргөн түлкүнүн да айласы кетип, кайда качарын билбей, туш келди чуркап отуруп эски конуштун ордуна туш келет. Ары чуркап, бери чуркап, баары бир бүркүттөн кутула албасына көзү жетип, айласын таппай турганда, эски журттун четиндеги казыкты көрө коюп сүйүнүп кетип, ажалдан арачалап кала турган нерсе табылды дегендей дароо казыкты эки бутунун ортосуна кыпчый чокчойуп отуруп берет.

Куу түлкүнүн оюн түшүнбөгөн эр көкүрөк бүркүт бир аз бийиктей түшүп, анан бүркүттү карай шукшурулуп жөнөйт. Түлкү эч кыймылсыз бүркүттүн зуулдап келе жаткан кебетесинен көз албай тура берет. Бүркүт мына чапчып аларда булт этип казыктан чыга берет. Күү менен келген алгыр бүркүт кайра кайкып кетерде казыктын учу ичин жарып, ошол жерде мүрт өлүмгө туш болот.

Бүркүттүн артынан чаап келе жаткан мүнүшкөрдү шылдыңдагандай куу түлкү чокчоюп тура калып, анан ылдыйкы токойду көздөй зымылдап жөнөй берди. Ошентип куу түлкүнүн оюна түшүнбөй бүркүт бөөдө өлгөн экен.

## ЭШЕК КАНТИП ТҮЛКҮНҮ АЛДАДЫ

Бул окуя илгери-илгери болуптур. Ал кезде Тянь-Шань тоолорунда жапайы айбандар аябай көп экен. Кишилер коёнду таяк менен чаап, жапайы өрдөктөрдү кууп барып кармап алышчу. Ошол чоң тоонун бир коктусун картаң жолборс мекендеп, түлкү жакын санашкан досу болот. Чаар жолборс кийик алабы, каман алабы, түлкү дароо жетип келип, олжосуна орток болуп кете берет. Карды ток жолборс түлкүдөн тамак аябайт, керек десе жаңысын кармап алат. Жылдар өтүп, жолборс күч-кубаттан тайып, аябай карыды. Тамак таап жеш кыйын болуп калды. Карды катуу ачты. Акыры чыдамы кетип, түлкүгө:

– Эй, шум түлкүбай, мен сени далай жылы бактым эле. Эми кезек сага келди. Мен бадалга жашынып жатайын, сен айласын таап, экөөбүзгө азык болуучу айбандарды ээрчитип кел. Олжону мурдагыдай эле бөлүп алабыз, – деп айтты.

Түлкүнүн да карды ач эле, жолборстун бул сунушун угуп, айтса-айтпаса төгүнбү деп жортуулга жөнөдү.

Бир кезде жайдак боз талаада оттоп жүргөн эшекти көрүп, кымыңдай түшөт.

– Улуу урматтуу узун кулак, – деп кадырлап кайрылган түлкүнүн сөзүн угуп, эшек эмне ай-

таарын билбей, улам бир кулагын шалпайтып шашып калды. Аны дароо сезген куу түлкү эшекти арбап кирди: – Же суусу, же жарыталуу чөбү жок бозоргон боз талаада эмне жүрөсүз? Бул жер сизге ылайык эмес. Киши деген залим сизди тындырбай жумшап, эзип атканын жакшы билем. Сиз ачкасызбы, чарчап-чаалыктыңызбы, кишилерге баары бир. Алар өздөрүнүн жыргалын гана ойлошот. Жайкалган чөптү, жакшы жайды өзүңүз таппасаңыз кишилер сиздин көйгөйдү ойлоп да койбойт, – деп мээсин тескери айланта баштады.

– Мага ушул турмуш жагат, – деди эшек сыймыктуу үн менен.

– Мыкты турмуштун да ой-чуңкуру көп. Атамдын айтып берген бир окуясы эсимде. Ээси менен барып, атам падышанын ат баккычына жолугуп калат. Ал атчыга атамдын ээси: менин эшегим арыктап, күчтөн тайып кетти, хандын аттарына кошуп, жем-чөбүн ырастап, эттентип берчи деп суранат. Хандын ат сарайындагы жагдай атамды абдан кубандырат: бардыгы таза, ызы-чуусуз, шарттары мыкты. Аттарды тарап, тазалап, жемден үзгүлтүк болбойт. Арпа, сулуу, чөп акырларында толо. Муну көрүп, атамдын ичи күйүп, Кудайга арыз-арманын айтат: «Мен деле хандын аттарындай өзүң жараткан жандыкмын го. Мени менен булардын турмушуна өзүң калыс болчу!» – деп. Атам арманын айтып бүтө электе: «Аттангыла! Камынгыла! Душман каптап келатат!» – деген буйрукту угуп калат.

Жанатан бери тыптынч, беймарал, таптаза турган ат сарайдын ичи тополоң-тос, будуң-чаң түшөт. Ошентип, аттар заматта даяр болуп, жоокерлер душманга каршы жөнөп кетишет. Карсылдашып

чабышкан, онтогон, боздогон үндөрдү угуп, атамдын жегени желим, ичкени ирим болот. Аттар күн батып, күүгүм киргенде чарчагандан илкип араң келишти. Арасында жарадарлары бар экен, кан майдандан кайтпай калгандары да көп. Анан темир усталар келишти. Атчылар жарадар аттарды жыгып, буттарын бууп, усталар кычкачтары менен алардын денелериндеги окторду, жаанын жебелеринин сыныктарын сууруганда эттери кошо узулуп, кан жая берип атты. Жандууларга мындан өткөн кыйноо болбос! Атам ушуларды көрүп: «О, Кудай, мага мындай жыргал турмуштун кереги жок. Алты саным аман жүргөнгө шүгүр», – деп айтыптыр.

Атамдан ушул сөздү уккандан бери жер үстүндө аман-эсен кыбырап жүргөнүмө ыраазымын, – деп эшек сөзүн бүтүрдү. – О, акылдуулардын акылдуусу эшекбей, сиздин бул айткандарыңыз мени аябай толкундатты, – деп түлкү арамзалана мактап салды. – Төө аралап кетсе көрүнбөй калчудай жакын эле жерде көйкөлгөн көк чөп өсөт экен. Салаа-салаа болуп, тунук суулары агып жатат. Ушул бейиштин жерин Кудай атайын сиздин урматыңызга жаратып койсо керек, кадырлуу шалпаң кулагым!

Муну укканда эшектин оюу бузула түштү.

– Макул, түлкүм, барса барайын. Жүрү, мактаган жериңе! Кел, мага минип ал, тезирээк жетебиз! – деди эшек.

Эшек жонуна түлкүнү мингизип алып коктуну көздөй жүгүрүп жөнөдү. Коктудагы көйкөлгөн тулаңдын жыпары менен кошо эле бир кезде коркунучтуу жырткычтын жыты уруп кетти. Эшектин узун кулактары карт жолборстун кышылдап

дем алганын илип алды. Бадалдын түбүндө аңдып жаткан жолборсту сезип калган эшек ошол жерден шарт бурулуп, артка мурдагыдан да тез арыш керди.

– Урматтуум, каякка? Бейиштей жайга аз эле калды, – деди түлкү эшектин тескери жакка салганына таң калып.

– Мен эне-атамдын батасын үйгө унутуп салыпмын. Аны атам көз жумуп бараткanda мага мураска калтырган. Ошол батасыз эч жакка барбагын деген. Бейишке бараткanda ал батаны үйгө калтырып таштаган болбос, – деди эшек жугуруп баратып.

Эшек катуу жүгүргөндө түлкү үстүнөн учуп кетпейин деп коркуп, мойнунан бекем кучактап алды. Эшек айылды аралап, айкырып кирди эле туш-туштан абалаган иттер чыгып, эшектин үстүндөгү түлкүгө тап беришти. Эшектин алдаганын эми түшүнгөн түлкү жерге секирип түштү да, буту үзүлгүчө качып берди. Көп иттер арсылдаган тейде артынан кууп кетишти.

Ошентип, карган жолборс менен куу түлкүгө жем болбой эшек кутулуп кетиптир. Жыргайм деп жылас болгуча ач көздөнбөй, азга ыраазы, жокко кайыл болуп аман-эсен жүргөнгө эмне жетсин.

## ЭШЕК МЕНЕН ӨГҮЗ

Эшектин турмушу татаал болгону менен ага да көз арткандар чыгат экен. Эшек менен бирге жашаган өгүз бир күнү кечинде наалып кирди:

– Сеники жыргал. Кожоюнуң эртең менен бир кап буудай артып, талаага алып барат да жүгүндү жерге түшүрүп, сени оттосун деп коё берет. Менин

мойнума жыгачтан моюнтурук салат да керелден кечке иштетет. Чарчап, бир аз эле жайлап калсам камчы менен сабайт. Мага кыйын болду!

Эшек акырдагы кашектен чайнап, ойлоно угуп турду да:

– Досум, эми мени угуп тургун. Сага чындап эле убал болду. Мен бир акыл айтайын, эртең кожоюн алдыңа чөп салганда жебей койгун. Сени ооруп калган экен деп жумушка чекпейт, – деди.

Эртеси өгүздү ооруп калыптыр деп ээси аны сарайга калтырып коёт. Эшек талаага буудайдын үрөнүн жеткирген соң аны мурдагыдай оттосун деп бош коё бербей, мойнуна каамыт салып, өгүздүн ордуна сокого чекти. Соконун тиши катуу жерге такалып, эшек чирене калганда соп камчы жонун каарып-каарып өтөт.

Кечинде сарайга келгенде эшектин ырп этерге алы келбей, жатып калды. Таңга жуук ойгонуп, акырдагы чөпкө жутунду. Ээси эртең менен эшекти жетелеп бараткнда өгүздүн дагы эле чөп жебей, ордунан турбай жатканын көрдү.

Эшекке бир кап буудай артып жеткирип алып, анан керели кечке сокого салды. Кечинде сарайга бутун сүйрөп, темселеп араң жетти. Уйкудан кебетеси шишип-көпкөн өгүз тиги эшек досунун түрүн көрүп, эмне болгонун сурады.

– Сен сураба, мен айтпайын, – деди эшек кабагын түйүп. – Өзүңөн эч качан ажырагым келбейт. Кожоюнубуз аялына: «Бул өгүз ооруп калыптыр, этинен түшө электе союп, базардан бөлөгүн сатып келбесем болбой калды», – дегенин угуп, эсим оон калды.

Эртең менен өгүз оорудан айыктым дегендей кожоюндун көзүнчө акырдагы чөптөн бурдап су-

гунуп жатканын көргөн эшек мыйыгынан күлүп койду. Кожоюн жетелеп барып, мойнуна жыгач моюнтуругун кийгизип, сокого чеккенде өгүздүн кубанганын айтпа! Өгүзүнүн айыгып кеткенине ээси да сүйүндү. Өгүз досу турмушуна ыраазы болуп, өзү да каамыттан кутулуп, соко сүйрөбөй калганына эшек андан бетер сүйүндү.

## ОЛЖО БӨЛҮШҮҮ

Бир күнү төө, өгүз жана козу кетип баратып, жолдон бир боо чөп таап алышып, кантип бөлүштүрүүнү талаша кетишти.

Козу:

– Аз эле чөп экен, муну бөлүштүргөндө кимибиздин оозубуздан тапмак элек, жумурубузга жук болбойт. Андан көрө бирөөбүзгө берели, жок дегенде бирибиздин кардыбыз тойсун, – деди.

Берки экөө муну туура көрүштү. Бирок кимисине берүү керек? Өгүз болсо эң семизибизге берели, семизге тамак көбүрөөк керек деди. Козу болсо эң кичинебизге берели, ошо кичиненин курсагы тойгондой эле чөп экен деди. Төө тиги экөөнүн талашын угуп, сагызын чайнап тура берди.

Ушул кезде булардын жанынан эшек өтүп бараткан. Өгүз менен козу кеңеш сурап, эшекке кайрылды. Эшек булардын сөзүн угуп, анан шалпаң кулагынын түбүн кашып туруп:

– Менин эсиме бир окуяны түшүрдүңөр. Бир жолу жолборс, бөрү, түлкү үчөө аңчылыкка чыгышат. Алар бир марал, теке, коёнду колго түшүрүп алышып, үчөө чогуу жашаган үңкүргө алып келишет. Карышкыр менен түлкү: жолборс тойгуча

жесин, калганы бизге жетет дешет. Бирок жолборс жемек тургай ооз да тийбейт, адилеттик менен бөлүштүргүн деп карышкырга айтат. Карышкыр: «Марал чоң. Жолборс да чоң, демек, аны жолборско берүү керек. Мен орточомун, теке да орточо, аны мен алайын, түлкү экөөбүздөн кичине, коён ага ылайыктуу», – деди. «Сен, карышкыр, аябай өзүмчүл көрүнөсүң. Сен муну ал, сен тигини алгын деп буйрук бере баштадың. Ушундай бөлүштүргөнүң бизге жагабы, же жокпу? Антип өз көмөчүңө күл тартканды токтот!» – деп атырылды эле карышкыр качып араң кутулду.

Жолборс түлкүгө кайрылып: «Сенин оюң кандай?» – деп сурады. «Буга көп акылдын деле кереги жок», – деди түлкү жойпуланып. – Маралды азыр жегин, теке кечкиңе калат, эртең эрте мененкиңе коён болот». «Түлкүм, сенин акылыңа ченем жок экен. Адегенде сен тойгуча жегин, калганын мен жейин. Керек болсо кайра эле кармап алам», – деп жолборс түлкүгө аябай ыраазы болду. «Төрөм, бул жарык дүйнөдө өзүңөн ашкан адилеттик болбос», – деп куу түлкү ого бетер мактап салды.

– Адилеттик деген ар кандай болот. Ал талашып жаткандардын күчүнө жараша чечилет. Силер да ар кимиңер чөптү өзүңөргө ыйгарганга аракеттенип жатыпсыңар. Балким бөлөк жолун табаарсыңар, ойлонуп көргүлө, – деди эшек.

Айтса, айтпаса төгүнбү деп өгүз менен козу катуу ойлонуп калды. Ушул кезде төө оозунда чайнап аткан сагызды бүркүп салып, ийри мойнун созуп, узун тили менен жерде жаткан чөптү илип алып, сугунуп койду. Төө чөптү чайнап атып, бул кылыгына таңгалып карап калышкан досторуна:

– Эшектин айткан сөзүнөн ким күчтүү болсо, олжо ошонуку дегенди түшүндүм. Же жалганбы? Менден күчтүүңөр барбы? – деп сурады өктөм.

– Сен менин айткандарымы туура эмес түшүнүп алыпсың, – деди эшек төөгө акыл айтып. – Досторуң таарынып калбадыбы. Өзүңдү эмес, өңгөнү ойлобойсуңбу. Сен тигилерге камкордук кылсаң тигилер да сага жан тартышат. Чоңдугуңа салып, күч көрсөтсөң анда беркилер сени калп эле мактамыш болуп, аягында алдап кетишет. Жолборсту ошентип түлкү сызга олтургузуп салбадыбы...

Өгүз менен козу экөө төөгө улам көз кыйыгын жиберип коюп, шыбыраша түштү:

– Эй, достор! – деди эшек тигилерге. – Бери келгиле, силерге дагы бир насаат окуя айтып берейин. Аны укса, төө досуңарга пайдасы тиер. – Анан эшек төөгө каш кагып, сөзүн баштады:

– Чөөлөрдүн үйүрүн башкарган бир акылманы болуптур. Ал эстүү, адилет, токтоо экен. Барабара үйүр башчы бой көтөрүп, текеберденип, кол алдындагыларга кысым көрсөтө баштайт. Чөөлөр аны жек көрүп калышат, бирок анысын билдиришпейт. Кайда барса мактап, акылман, көсөм деп көкөлөтүшөт. Көөп кеткен башчысын бийликтен кетирүүнүн амалын издешет.

Чөөлөр үйүрү менен кетип баратышып, жайылган койлорду көрөт. Койду килейген дөбөттөрү менен койчусу мылтык алып кайтарып жүрүптүр.

«О, чөөлөрдүн көсөмү! – дешти чөөлөр шакылдап.

– Сендей баатыр, балбан болбос! Көзүңдөн от чачырап, сүрүң укмуш! Качырып кирип барып койлордон бир-экөөнү сүйрөп келиш сенден бөлөк эч кимдин колунан келбейт!»

Карт башчысы мындай мактоого чыдай албай, койлорго тийип, эң семизинин бирди тандап, сүйрөп жөнөдү. Абалаган иттер жетпей калышты. Чөөлөр окчун жердеги бир буйткада жашынып, башчысын күтүп турушкан.

Анан апкелген коюн бардыгы талап-булап жеп, көсөм Чөөнү аябай макташты. Башчы ого бетер компоюп, жер баспай калды.

Чөөлөр андан ары жүгүрүп баратышып, бир үйүр жылкы көрүшөт да: «О, улуулардын улуу Чөөсү! Сендей эр жүрөк ааламда жок! Сенин сүрүңдү көргөндөрдүн жүрөгү түшүп, бүжүрөп калышат. Көздөрүңөн жалын чачырап турат! Тээтиги семиз айгырды алгың келип турса керек. Сенин айтканың – айткан, дегениң – деген. Биз сага тоскоол болбойлу», – деп тигини күүлөп коюшуп, өздөрү бөлөк коктуга кирип кетишти.

Мактоого тунган Чөө башчы атырылган бойдон айгырга барып бир тийди. Бирок ал кой эмес да, кош аяктап туруп чөөнү тээп калды эле оозундагы тиштери ыргып кетти. Аңгыча үйүрдөгү берки жылкылар жетип келишти… Бечера чөө өлдүм-талдым менен ийнине араң жетти. Жатып алып жараатын жалай: «Эгерде сага күн сайын сен акылмансың дешсе, ал айткандарга ишенбөө үчүн чынында эле акылман болуу керек экен», – деп ойлоду.

Эшектин айткан бул икаясына өгүз менен козу көздөрүнөн жаш чыккыча күлүштү. Ал эми төө болсо өзүнүн жасаган копол иши үчүн досторунан кечирим сурады.

– «Улук болсоң кичик бол», – дегендей, күчтүүлөр чабалдарга жардам берүү керек турбайбы. Мен ушундай түшүндүм. Өзүңдүн арбайыңды эле

сого бербей, бөлөктөрдү да ойлоо керек! – деди төө ийри мойнун созуп.

## ЭР ЖҮРӨК ЭШЕК

Бир эшек кербенге кошулуп калат. Бир күн жол жүрүшөт, эки күн жол жүрүшөт, үчүнчү күн дегенде эшек үстүндө көтөргөн оор жүгүнөн жадайт. Анан жолдон достошуп калган төөгө:

– Эй, ийри моюн, качанга чейин эле биз мындай оор жүктөрдү көтөрөбүз? Жонумдун баары жооруп, соо жери калбай тамтыгы кетти. Кел, качып кетип, эркиндикте жашайлы. Бизге эч ким жүк артпайт, башыбыз бош болот. Каалаган жакка барып, ойноп-күлүп жүрө беребиз, – деди.

Кепшеп бараткан төө унчукпай ойлонуп калды. Анан бурк этип алып, түкүрүгүн бүркүп:

– Кожоюн бизге жарытылуу тамак бербейт, жумушу да түгөнбөйт. Качса, качалы, бирок кантип качабыз? – деп сурады.

– Мен анын баарын ойлонуп койгом, – деди эшек сүйүнүп. – Эртең кожоюн коңшу шаардан түз алып келет деп уктум. Мени минип, туз артып келиш үчүн сени жетелеп алат. Биз ашуුга чейин шек алдырбай бара беребиз. Ашууга жеткенде чарчаган болуп жыгылып калабыз. Кожоюн сөгүп, таяк менен сабайт, биз чыдап жата беребиз. Анан жадаганда кайра артка кайтат бөлөктөрдү алып келгенге. Ошол кезде каалаган тарапка качып кетебиз.

– Мунуң акыл, шалпаң кулагым, – деди төө кубаттап. – Туура экен. Эртең буюрса эркиндикке чыгабыз.

Экөө таңды күтүп калышты. Эртеси бардыгы эшектин айтканындай болду. Кожоюн менен туз апкелгени шаарга жөнөштү. Ашууга чыга бергенде төө менен эшек жерге кулап түшүп, кожоюндун жинденген түрүн көрбөө үчүн көздөрүн жумуп алышты.

Кожоюндун жинденгенин айтпа:

– Бул жан бактыларды көрчү, ой! Азыр таяктай электе өйдө тургула! – деди өкүрүп-бакырып.

Эшек менен төө жок дегенде куйруктарын да кыймылдатпай, сулк жатышты. Бир кезде кожоюн таяк менен сабап кирди. Эшек чыдап жата берди, төө болсо эти ооруп, бир көзүн акырын ачып, ээсин карады. Анын токтоло турган түрү жок. «Эркин болгондо жасаарым эмне? Мени ким багат?» – деп ойлоду төө. Ыргай таяк менен кырк сокку жеп, кырк биринчи таяк тиерде төө «бурк» этип алып, ордунан тура калды.

– Жана эле ошентпейсиңби, – деп кожоюн кайрадан эшекти сабай баштады. Эшек болсо өлгөн немедей кыймылдабай жатат. Сабап отуруп, ээси акырында жадагандай болду. Эшек өлүп калса керек деп ойлоду. Эшектин үстүндөгү жүктү алып, төөнүн жонуна артты да жолун улады. Төө кетип баратып эшекке жини келип:

– Жөн жүрбөй каяктан кара басып бул акмактын тилине кирдим эле, жок жерден таяк жеп, денем ооруп, эми эшектин да жүгүн көтөрүп баратам, – деди ичинен. Эшек болсо тигилер ашуудан эңкейгенде ордунан ыкчам турду да, бет алдына жүгүрүп жөнөдү.

Бир күн тыным албай жүгүрүп, үч тоону ашып, үч өрөөндү басып өттү.

Төртүнчү күн дегенде чөбү көйкөлгөн, тунук кашка суусу шылдырап аккан бейиш жайга туш келди. Эшек ушул жерди жактырып, мекендеп калмай болду.

Ээн жерде сайран куруп жүргөнүнө кубанган менен досунан ажырап калганын эстеген сайын ичи күйөт. Экөө жанаша жүрсө көңүлдүү болмок. Ошентип, бакытка толгон үч тынч күн өттү. Төртүнчү күнү тоодон түшүп, өзүн көздөй түз келаткан жолборсту көрөт. Корккондон эшектин сопол куйругу чамгарак болуп туйулуп, эки кулагы эки жака карап, башын көтөрүп, оозун ачып, жер-сууну бузуп, айкырык салды.

Жолборс болсо дегеле эшек аттууну көрө элек экен. Айкырыгы эле бул болсо, эки чайнап, бир жутуп сала электе аман-соомдо жөнөйүн деп качып берди. Качып баратса алдынан карышкыр чыгат. Алактаган жолборстун кебетесин көргөн карышкыр:

– О, жырткычтардын падышасы! Эмне болуп кетти, тынччылыкпы? – деп сурады.

Жолборс өзөндүн боюнан азыр эле көргөн коркунучтуу жырткычты айтты эле, карышкыр да жашынып барып аны көрүүгө ашыкты. Жолборс болсо корккосунан асканын башына чыгып кетти.

Карышкыр демин ичине тартып, бадалдарды аралап, алиги жырткычты көрмөккө жөрмөлөп жөнөдү. Барса, эшек оттоп жүрүптүр. Жолборстун эшектен коркконуна карышкыр карсылдап күлдү. Жырткычтардын падышасы деп жүргөн жолборско баракелде! Карышкыр түз басып, эшектин жанына келди да:

– Эй, эшек шалпаң! Сенин ажалың жетти. Мага жем болосуң! Анча-мынчаң жолборско да артат, – деди.

Эшек жүрөгүн токтотуп карышкырга:

– О, бүткүл карышкырлардын ханы! Мен сенин чоң атаңды, өз атаңды да билчү элем, алар эч качан эшектин этин жешкен эмес. Эгерде сен ачка болсоң, анда мени жей бер, каршылыгым жок. Акыркы өтүнүчүмдү аткарсаң болду. Өзүң билесиң, мен дайыма үстүмө бирөөлөрдү мингизип жүрөм. Мага ошол жагат. Жыргап калам. Менин жонума минчи, сени ары-бери жүгүрүп сейилдетейин, – деди.

– Мунуң акыл экен, шалпаңбай! Мен дайым эле өзүм басып жүрөм. Минсе, минейин. Кайда качмак элең, анан деле жейм! – деп карышкыр эшектин айтканын макул көрдү.

Карышкыр секирип келип мингенде эшек адегенде кыдыңдап жөргөлөп, анан күүлөнүп барып буту үзүлгүчө жүгүрдү. Эшек алыстан келаткан атчандарды көрүп, карышкырга:

– О, бөрүлөрдүн ханы, эми мен мындан ары катуулап чуркайм. Көзүңдү жумгун, болбосо башың айланып кулап кетесиң, – деди.

Карышкыр көзүн чылк жумуп алды. Эшек түптүз адамдарды көздөй салды. Караса, жигиттер көкбөрү тартып жүрүшүптүр. Эшек үстүндөгү карышкыры менен кошо көкбөрүчүлөрдүн тобун жарып кирип барды. Жигиттер тартып атышкан улагын таштап, карышкырды качырып киришти. Заматта анын колу-кол, буту-бут жулунуп, териси эле калды. Эшек болсо даң салган бойдон кайра кетип калды.

Жолборс мунун баарын асканын башынан карап туруп көрдү. Анан корккондунан аскадан секирип түшүп, ийнин көздөй жанталашып жүгүрдү. Ийнине жетип, эси ооп жыгылып калды. Ушул кез-

де сагызган сороктоп учуп баратып, жолборстун жүрөгү түшүп жатып калганын көрдү. Сагызган жолборстон сурап, эмне болгонун билди да:

– Мен ошол өзөн боюндагы булуңга барып көрөйүнчү, ал эмне жарткыч болуп кетти, – деди.

Жолборс да сагызгандын артынан жыла басып, алиги балакет жүргөн жакка жөнөдү.

Эшек болсо сагызган менен жолборстун келатканын капкайдан көрдү. Көрүп, жерге чалкасынан түшүп, төрт бутун көктү каратып жатып калды. Бул балакеттин чын эле өлгөнүн билейин деп сагызган:

– Адегенде көзүн чукуп жейин, – деди да кирпиктери ирмелер бекен деп тиктеп калды.

Эшек былк этпей жата берди. Сагызган эшектин көзүн чала-була бир чокуганда, эшек төрт аягы менен аны кысып туруп, куйругун сороктотуп сабап кирди. Анан арткы бутуна салып келиштире тепти эле сагызган көкөлөп барып, талп этип жерге түштү.

Сагызган эптеп эсин жыйып, салпактап учуп, жолборско жетти. Жетип эле:

– Бул балакет мени аз жерден өлтүрүп коё жаздады. Кокуй, мындан качып кутулбасаң сени өлтүрүп тынат! – деп жердин баарына жар салды.

Жолборстун жаны чыгып, качып жөнөдү. Артынан эр жүрөк эшек кууп алды. Кошуна айылдардагы кишилер муну көрүп, таң калгандан ооздору ачылып калыптыр. Оңбогон жолборс бул айылдарга көп түйшүк апкелген. Жолборсту эшек кууп жүргөнүн мурда ким көрүптүр! Ушул эшек көкбөрү тартып жүргөн жигиттерге карышкырды жонуна мингизип алып келгенин эстешти. Ал карышкыр да далай кара малын жара тартып, койлорун бөктөрүп алып кетчү. Эмнеси болсо да тегин эшек эмес экен

деп ойлошту. Балким бул сыйкырланган ханзадабы же элди азуулуу жырткычтардан куткарууга атайын Алла Тааладан жиберилген периштеби дешти. Ошондон бери эр жүрөк эшек ошол айылды жердеп калыптыр. Айылдыктардын улуу-кичүүсү дебей ал эшектин жоруктарын аңыз кылып айтышып, жемчөптөн өксүтпөй багып келишет. Анын жонуна эч ким жук артпай калды.

Айылдагы балдарга кошулуп, эшек оюн салып ойногонду аябай жакшы көрө турган.

## КОЁНДУН АРМАНЫ

Бир жолу тайгандар коёнду кууп калышты. Коён шордуу буту үзүлгүчө шамал менен тең жарышып, тоо-токойду аралай качып жүрүп, өлдүмталдым дегенде араң кутулду. Өпкөсүн баса албай, бадалдын түбүндө жатып: «Куйругумдун кыскалыгы абийир болбодубу, узун болгондо иттер жетип алмак, ансыз деле толорсугуман аз жерден тиштеп коё жаздады», – деп ойлоду.

Анан коёндун узун кулактары жакындап келаткан дабышты угуп калды. Караса, куу түлкү келип калыптыр! Узун кулак, алаң көз коён түлкүдөн качам деп барып, аз жерден карышкырга жем болуп кала жаздады. Бөрү менен түлкү олжосун талашып отургуча коён жылт коюп, алыстап кетти.

Коён качып баратып, өз тагдырына наараазы болуп: «Менден бактысыз бир дагы жандык болбосо керек, бүркүт менен үкүнү айтпаганда да адам, ит, карышкыр, карчыга, айтор буту менен басып, канаты менен учкандардын баардыгынын аңдыганы эле мен. А түгүл каркылдаган каргалар

да бөжөктөрүмдү илип кетишет. Азыр го качып кутулуп кетип жүрөм, кийин баары бир кармап, жеп коюшат. Шырп эткен шоораттан коркуп-үркүп жашагандан жадап бүттүм. Минтип жан баккыча, өлүп тынганым артык!» – деп суруга чөгүп өлмөкчү болуп, дайрага жөнөп калды.

Дайранын жээгине келгенде бут алдынан «шырп-шырп» этип, күнөстөп жатышкан бакалар качкан тейде сууга секирип атышты. Буларды көрүп коён нес болуп тиктеп калыптыр.

– Оо, менден да корккондор бар турбайбы, – деп ойлоду алаң көз ичинен. Гүлдөн гүл тандап учуп-конуп жүргөн көпөлөктөрдү, тызылдап чуркаган кумурскаларды, кык тоголотуп түртүп бараткан коңузду тебелеп салууга узун кулак коёнектин кубаты жетмек!

«Ушулардын баардыгы менден коркушат, – деп алаң көз өзүнчө сыймыктанды. Дүйнөдөгү эң коркок мен эмесмин! Мынабу кибиреген немелерге да өмүр кымбат экен. Булар жашоого жанталашып жүрүшсө, мен эмнеге сууга чөгүп өлмөк элем!»

Коён муну айтып, кубанганынан секирип:

Эң коркок мен эмесмин,

Мени коркок дебешсин, – деп ырдаган бойдон үйүнө жөнөдү.

## АРСТАН МЕНЕН ТҮЛКҮ

Арстан карып, күч-кубаттан тайып, буттары ооруп, аңчылыкка алы келбей, айла-амал менен оокат тапмай болду. Чөөнү чакырып алып, падышабыз ооруп калды деп жырткычтарга кабар ай-

тууга жумшады. Өзү меймандарды күтүп, үңкүрдүн оозуна жатып алды.

Өкүмдардын ден соолугун сурап келгендерди баса калып жеп коюп арстан компоюп жата берди.

Бир күнү куу түлкү арстанга келип, алыс туруп салам айтты.

– О, өкүмдарым, жырткычтардын баардыгына керектүү сиздин кымбат ден соолугуңуз жакшыбы? – деп оолактап сурады.

– Жаман. Бери жакын келип айтчы, кулагым жакшы укпайт. Үңкүрдүн ичине кир, – деди арстан кууланып.

– Мен үңкүргө кирет элем, өкүмдарым, бирок үңкүргө кирген көп издердин кайра сыртка чыккан бирин да көрө албадым го, – деди да куу түлкү койкоңдой басып кетип калды.

Арстан үңкүрүнөн чыкпай кала берди.

## ЧАГЫМЧЫЛ БӨРҮ

Бул окуянын чын-төгүнүн эч ким билбейт. Анткен менен күндөрдүн бир күнүндө жырткычтардын падышасы жолборс ноокастап калат. Чүчкүрүп-бышкырып, сасык тумоо тийиптир. Дарт жанын анчалык кыйнабаса да, маанайы чөгүп, кабагы салыңкы. Жырткычтар коркконунан падышага көрүнүп коюш үчүн кезекке туруп, денсоолугун сурап, эртерээк сакайып кетишин тилешти. Келбегенден жалгыз гана түлкү калды. Куу түлкүнүн келген-келбегенин жолборс билмек деле эмес, түлкүнүн баш ийбегенине ичи күйүп, падышага кошоматтанган карышкыр:

– О, өкүмдар! Бардык жырткычтар өзүңө кулдук уруп, кол куушуруп келишти. Чүчкүрүп эле калсаң баардыгы жетип келип, денсоолук тилешет. Мунун баардыгы өзүңө берилгендик деп эсептейм. Бирок түлкүнүн үнү чыкпайт, өзү да көрүнбөйт, – деди кулагына шыбырап.

Жолборстун жини кайнап, түлкүнү таап келгиле деп буйрук берди. Түлкүнү таап, падышага алып келатышканда карышкырдын табалап турган кебетесин көрүп, жел кайдан согуп атканын түлкү дароо түшүндү.

– Эй, айбан! – деп кыйкырды жолборс түлкүнү көргөндө. – Жырткычтардын бардыгы ал-жайымды сурап келишти, сен кайда жүрөсүң, ыя? Эмне, падышанын денсоолугу сага кереги жокпу?!

– Бир ачууңузду бериңиз, өкүмдарым, – деди түлкү жай сүйлөп. – Сиз мен жөнүндө антип ойлобоңуз. Сиздин кеселдеп калганыңызды угаар менен дары издеп кеткем...

– А... ошондой де, – деди жолборс күбүрөп. – Анан таптыңбы?

– Таппаганда, таптым! Бир үкү табып айтты, падышаңарга биздин урматтуу карышкырдын арткы шыйрагынын таманынан ашкан дары болбойт деп. Карышкыр падышага канчалык берилгени ушундан билинет. – Түлкү карышкырды алдыртан карап койду.

– Эй, кыйды айбан, – деди жолборс түлкүгө, – эгерде ал жардам бербесе, тирүү калам деп ойлобо!

Жолборстун кесели жөнөкөй эле сасык тумоо экенин түшүнүп турган түлкү падышанын каарынан корккон жок.

Бир топ күндөн кийин түлкү токойду аралап келатса, алдынан үч буттаган карышкыр чыгат. Түлкү:

– Досум, эч убакта көктү карап түкүрбө, ал кайтып келип башыңа тийет. Ушуну унутпай жүргүн, – деп куйругун булактатып, ойсоңдогон бойдон басып кетти.

## АКЫЛДУУ ЧЫЧКАН

Бир жолу мышык жыла басып чычкандын ийнине келип:

– О, кымбаттуум, денсоолугуң жакшыбы? Иштериң кандай? Ийниңден бери чыгып келегой, койдун куйрук майынан сугунтайын, – деди.

– Кудайдын буйруган насибинин баарынан куйрук майдан ашкан тамак жок го. Эгерде аның чын эле болгондо мага бербей өзүң жемексиң кырылдап. Менде болгондо сага бербестен өзүм жеп салмакмын. Ырас, чычканга караганда мышыктын акылы азыраак, бирок алардын баары сенчелик келесоо эмес, – деп жооп бериптир чычкан ийининен сыртка чыкпай.

## ЭМНЕ ҮЧҮН КОЁНДУН ЭРДИ ЖЫРЫК

Бир курдай жолборс узун кулак коёнду жегиси келип кууп жөнөйт. Жолборс карып, көзү да начарлап калган экен. Коён качып келатып, зоокага жеткенде бир жагына шарт этип буйтап кетет. Күү менен келаткан жолборс токтоно албай, аскадан учуп түшөт. Коён эңкейип караса, жолборс зооканын орчук-борчук таштарына тийип, денеси жанчылып, өлүп жатканын көрөт.

Коён андан ары баратып, жолдон аңчыны көзү чалат. Жонуна түлкүнүн үч-төрт терисин көтөрүп алыптыр. Мерген алаң көзгө мылтыгын мээлеп калат, анда коён:

– Мени атып эмне кыласың, тээтиги жерде зоокадан учуп, жолборс өлүп жатат. Тезирээк жетип, терисин сыйрып ал,– дейт.

Аңчы көтөрүп жүрбөйүн деп терилерин жолго таштай салып, жолборстун терисин алганы коён айткан жакка жөнөдү.

Өзүн аттырбай, мергенди алдап койгонуна сүйүнүп, узун кулак, алаң көз андан ары баратса, кой жайып жүргөн койчуну көрүп:

– Эй, койлуу бай, тээтиги жолдо үч-төрт түлкүнүн териси жатат! Оозуңду ачып бул жерге отурбай тезирээк барып, өзүңө тумак, аялыңа тон тиктирбейсиңби, – деди.

Койлорун ээн таштап, койчу түлкүнүн терилерин алганы жүгүрүп кетти. Узун кулак, алаң көз кыңылдап ырдап андан ары баратып, алдынан чыга калган бөрү менен сүзүшүп кала жаздайт.

– О, кадырлуум, – деди коёндун денеси калтырап, – тиякта койчусу жок койлор ээн калды. Тезирээк барсаң өзүңдүн, балдарыңдын да кардын тойгузасың! Жөнө!

Карышкыр жүгүрүп, имерилиштен өтүп, көрүнбөй калды. Ошол кезде алаң көздүн үстүнөн карга учуп баратыптыр.

– Эй, таякебай, ары-бери салпактап уча бербей, карышкырдын майда бөлтүрүктөрү энеси жок жалгыз калышты. Ошондон бирди илип алып жесең боло! – деп кыйкырды коён.

Узун кулак секирип андан ары баратса жолунда боз үй туруптур. Ичине баш бакса, ийик ийрип отурган кемпир бар экен.

– Чоң эне, карга уясынан учуп кетти, барып уясын бузуп ал, от тамызгы кыласың, – деди.

Айтса-айтпаса төгүнбү деп кемпир ордунан туруп, бактагы карганын уясына жөнөдү. Тентек коён жөн турабы, шамалга жетип барып:

– Эй, тээтиги жакта жүн чачылып жатат, ары-бери учуруп ойнобойсуңбу, – деди.

Эригип турган шамал үйүлүп жаткан жүндү туш-тушка учуруп жөнөдү. Узун кулак болсо дөңгө чыгып алып төмөн жакты караса, ал жактын кыйсыпыры түшүп жаткан экен.

Кемпир бактан эптеп тырмышып түшүп, жүнүн чогулта албай, кубалап жүрөт. Анын ары жагында коңкарга карышкырдын бир бөлтүрүгүн илип баратыптыр! Карышкыр козуну бөктөрүп алып карганы кууп ал келатат! Карышкырдын артынан түлкүнүн терилерин көтөрүп, колундагы таякты булгалап айкай салып койчу келатат! Эң артта мерген келатат жолборстун терисин сүйрөп. Бири айкырып, бири улуп, бири каркылдап, дагы бири уруп, бири ышкырып, айтор, чак-чалакей, будуңчаң. Коён болсо өзүнүн кылыгына боорун тырмап күлүп, жерде оонап жатат. Күлө берип, күлө берип, үстүңкү эрдине күч келип, жырылып кетти.

Ошондон бери коёндор мурдун былкылдатып, үстүңкү эрдин жырыйткан тейде жүгүрүп калышкан экен.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН БӨДӨНӨ

Түлкү менен бөдөнө ажырагыс дос болуптур. Эки дос далай жерди кыдырып, чардаптыр, далай кызыктарды көрүптүр. Күндөрдүн биринде:

– Досум, мени бир күлдүрчү, – дептир түлкү.

– Жакшы болот, түкө. Менин артымдан ээрчий бер. Мен уча берем,– деди бөдөнө.

Ошентип бөдөнө уча берди, түлкү желип-жортуп анын артынан бара берди. Бир жерге келишсе, кемпири уй саап, чалы музоосун кармап туруптур. Бөдөнө учуп келип кемпирдин башына конду. Түлкү тигиндейде карап турду.

Чал бөдөнөнү көрө коюп:

– Кемпир, кемпир, кыймылдабай отур! Башына бөдөнө конуп отурат. Чаап алайын, сорпо кылып ичебиз,– деди.

– Болуптур, бирок байкап чап,– деди кемпири макул болуп.

Чал жерде жаткан күрөктү алып, бөдөнөнү чаап калды эле, бөдөнө учуп кетти да, күрөк кемпирдин башына тийип, анысы жыгылып түштү, чакадагы сүтү төгүлүп, буга түлкү боору катканча күлдү.

– Күлдүрдүмбү? – деп сурады бөдөнө.

– Эң сонун күлдүрдүң, досум, сага ыраазымын,– деди түлкү.

Дагы бир күндөрү:

Досум, мени жакшылап бир коркутчу,– деди түлкү бөдөнө досуна.

Катуу коркутсам ачууланбайсыңбы? – деп сурады бөдөнө.

–Жок ачууланбайм, аябай коркут! – деди түлкү.

– Куп болот. Бирок сен көзүңдү бекем жум. Мен сенин төбөңө конуп алып, эки көзүңдү канатым менен жаап алам, сен болсо кете бересиң. Оңго десем оңго, солго десем солго буруласың. Качан сенин төбөңдөн түшүп: «көзүңдү ач» демейинче көзүңдү ачпа – деди бөдөнө.

Ошентип бөдөнө түлкүнүн чокусуна олтуруп, эки канаты менен түлкүнүн көзүн жаап, дыңылдап

ырдап кете берди. Түлкү болсо, көзүн бекем жуумп алып, бөдөнөнүн «бас» деген жагына басат. Ошентип келе беришет, бир кезде бөдөнө:

Ач көзүңдү! – дейт да учуп жөнөйт.

Түлкү көзүн ачса, тайган ээрчиткен аңчыларга жакындан калган экен. Аңчылар кызыл түлкүнү көрө замат кыйкырык салып кууп жөнөштү. Түлкү качып берди. Жандалбас уруп келатканда алдынан калың токой учурады. Ошого кирип кутулуп кетти.

– Бир кезде бөдөнө келип:

– Кандай, досум, корктуңбу? – деп сурады.

– Ушундай коркут дедим беле? – деп түлкү бөдөнөнү баса калып, жемекчи болду. Бөдөнө түлкүнүн оозунда туруп:

– Досум, көп жылдан бери жакшы жүрдүк, бирге ойноп-күлдүк, далай кызыктарды көрдүк. Мына эми мени жеген турасың. Кантейин, жесең же. Бирок ушул азырга чейин аты-жөнүбүздү сурап билбедик. Жесең да атымды айтып же, сенден сураганым ушул,– деди.

– Атың ким эле, айт! – деди түлкү.

– Атым Маңгыт! – деди бөдөнө. Түлкү оозун ачып:

–Маңгыт! – дегенде бөдөнө шарт учуп кетиптир.

Ушундан кийин ал экөө достуктан кетишиптир.

## КОТУР ТОРГОЙ

Бир котур торгой эрменге конуп отуруп жарасын анын бутагына сайдырып алыптыр. Торгой ага ачууланып:

– Кап балээ, сениби, сени эчкиге айтып жедирейин! – деп эчкиге келип айтат:

– Эчки, эчки, тетиги эрмендин бутагын жесең боло!

– Аны жемек тургай, өзүм тууй албай жатам?

– Каап, балээ, сениби, сени карышкырга айтпасамбы! – дейт да карышкырга келип айтты:

– Карышкыр, карышкыр, тиги эчкини эмне үчүн жебейсиң?

– Аны жемек түгүл, байдын тайын жеп бүтө албай жүрөм!

– Каап, балээ, сениби, сени жылкычыга айтайын – дейт да, жылкычыга барып айтты:

– Жылкычы, жылкычы, тиги карышкырды эмнеге чаап албайсың?

– Аны чаап алмак түгүл, уйкум канбай жүрөт!

Ошондо торгой байга барып айтты:

– Бай аке, бай аке, жылкычыны неге урбайсың?

Бай айтат:

– Аны урмак түгүл, өзүм казымды көтөрө албай отурам.

– Каап, балээ, сениби, сени чычканга айтпасамбы? – деп чычканга келип айтат.

– Чычкан, чычкан, байдын казысын эмне үчүн жебейсиң?

– Аны жемек түгүл, ийинимди каза албай жатам.

– Каап, балээ, сениби, сени балдарга айтпасамбы! – деп торгой балдарга барды.

– Балдар, балдар, чычканды эмне үчүн кармап албайсыңар?

–Аны урмак түгүл, өзүбүз чүкөбүздү ойной албай жатабыз.

–Каап, балээ, силердиби, силерди кемпирге айтпасамбы! – деп кемпирге барды.

–Кемпир, кемпир тиги балдарды эмне үчүн урбайсың?

–Аларды урмак түгүл жүнүмдү сабай албай жатам.

–Каап, балээ, сениби, сени куюнга айтып, жүнүңдү учурайын, – деп куюнга барды.

–Куюн, куюн, кемпирдин жүнүн эмнеге учурбайсың? – деди.

Ал бош экен, кемпирдин жүнүн учурду, кемпир балдарды урду, балдар чычканды кармап алды, чычкан байдын казысын тешти, бай жылкычыны урду, жылкычы карышкырды чаап алды. Карышкыр эчкини жеди, котур торгой ошентип эрменден өчүн алыптыр.

## АРСТАН МЕНЕН ТҮЛКҮ

Арстан картайды. Мурункусундай кийиктерди кармай албай калды. Эми аларды айла-амал менен колго түшүргүсү келди да, үңкүрүнө жатып алып:

–Оорумун, сыртка чыгууга алым жок, – деп Жаныбарларга жарыя айттырды.

Кабарды уккандар жалгыз жарымдап, Арыстандын ден-соолугун сурап келип жатышты. Бирок Арстан аларды кайра кетирген жок. Жеп алды.

Күндөрдүн биринде түлкү келди. Ал үңкүргө жакын келбей алысыраак туруп:

– Урматтуу таксыр! Алыңыз кандай? – деп кыйкырды.

– Алым анча эмес, начар. Жакыныраак келсең боло, түкүжан, бир аз сүйлөшөлүк,– деди Арстан.

Анда түлкү:

– Жакын барар элем таксыр, бирок сага кирген из бар чыккан из жок,– деди да басып кетти.

## ЭЧКИ МЕНЕН КАРЫШКЫР

Эчки аска-тоонун башында оттоп жүргөн, тоонун этегинде ач карышкыр тишине эч нерсе урунта албай жүрдү. Бир кезде тоо башында жүргөн эчкини көрдү да:

–Тоо башында сен оттой турган деле чөп жок, андан көрө төмөн түшүп, этектеги чыктуу чөптү жесең боло, – деди карышкыр.

Ошондо эчки карышкырга:

–Кеңешиңе ыракмат, тоо этегиндеги ширин чөп сага эле болсун, мен тоо башындагы чөптү эле жей берем, – деди.

## ТЫЙЫН ЧЫЧКАН МЕНЕН КАРЫШКЫР

Тыйын чычкан бутактан бутакка секирип жүрүп, уктап жаткан карышкырдын үстүнө түшүп кетти. Карышкыр ордунан тура калды да, аны кармап алды. Жегиси келди.

–Мени жебе, коё бер – деп жалынды тыйын чычкан.

–Макул, сени бошотоюн,– деди карышкыр. Бирок мага бир нерсени түшүндүрчү: эмне үчүн силер дайыма шайыр-шатман жүрөсүңөр?

–Мени коё бер, анан айтып берейин. Болбосо жүрөгүм дүкүлдөп сүйлөй ала турган эмесмин, – деди тыйын чычкан. Карышкыр макул болуп, аны бошотуп жиберди. Тыйын чычкан бактын башына чыгып алып:

–Карышкыр, сен залимсиң, залимдик ичиңди уйгу-туйгу кылып ысытат, ошондуктан ар дайым

кападар болуп жүрөсүң. Биз эч кимге жабыр келтирбейбиз. Ошондуктан көңүлүбүз шат жүрөбүз,– деди.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КЫРГООЛ

Түлкү калың бакты аралап келе жатып, дарактын башында отурган кыргоолду көрүп, жанына жакын келип:

– Саламатсызбы, кыргоолжан, абалың кандай? – деп сурады.

Кыргоол:

– Жакшы, өзүң кандай турасың? – деди.

Түлкү:

– Бир кулагым жакшы укпайт, төмөн, жерге түшсөң боло, сүйлөшөлү? – деди. Кыргоол айтты:

– Жерге түшүүдөн корком. Ал жерде ар түркүн Жаныбарлар бар, бизди жеп коюшу ыктымал.

– Эй, досум, быйылкы заман былтыркы заман эмес, азыр эле келдим. Бирөөнү бирөө зордобосун, кой менен карышкыр, түлкү менен тоок бирге жүрсүн деген буйрук чыгыптыр.

– Жакшы кабарың бар экен, ыракмат, досум! Арт жагыбызда иттер келатат, аларга жаңы кабарыңызды айтып коюңуз, угуп калышсын! – деди кыргоол.

«Ит» дегенди укканда түлкү кулакты жапырып, алды артына карабай качып жөнөдү. Кыргоол:

–Түкө, кайда барасың, буйрукту унутуп калдыңбы? – деп кыйкырды.

Анда түлкү:

–Ким билсин, мүмкүн алар буйрукту али уга элек чыгар,– деп күңкүлдөдү.

## АРЫСТАН, КАРЫШКЫР ЖАНА ТҮЛКҮ

Арыстан ооруп, үйүнөн чыкпай жатып калат. Жаныбарлардын баары анын денсоолугун сурап келип жатты. Бир гана түлкү келген жок. Карышкыр түлкүнүн бул кылыгына нааразы болду да, арыстанга түлкүнү жамандап барды.

– Түлкү сени сыйлабайт экен, болбосо бирге келип абалыңды сурайт эле го? – деди. Арыстан каарданып, түлкүнү чакырып алды. Түлкү карышкырды арыстанга ушактап барганын сезди да, арыстанга мындай деди:

– Бекер эле мага ачуулана бербеңиз. Сиздин ноокастап калганыңызды уккандан кийин эле тыным албай койдум. Сизге дары издеп таманым тешилди. Ошентип жүрүп, жаңы эле сизди карай келе жаткам.

Арыстан бул сөздү угуп кубанып кетти:

– Ал кандай дары экен? – деп сурады.

Түлкү жооп берди:

– Эгер тирүү карышкырдын терисин сыйрып алып жылуу кезинде жамынса… дегенде арыстан сөздүн төркүнүн биле койду да, жанында отурган карышкырды баса калып, терисин сыйрып киргенде, түлкү ооз ачпастан, жылмая күлүп коюп, сыртка чыгып кетти.

## КАРЫШКЫР МЕНЕН КОЗУ

Карышкыр суунун башында, козу суунун аягында туруп суу ичип жатышты. Карышкыр козуга сугун артты да, бир амал издей баштады.

Карышкыр козуга кыйкырды:

Мен иче турган сууну эмне үчүн ылайлайсың?

– Кашаке, сенин сууңду кантип ылайлайм, сен суунун башында турасың, мен суунун аягындамын, мен ичкен суу сен жакка акпайт, – деди козу. Карышкыр дагы кыйкырды:

– Өткөн жылы сен менин атымды шылдың кылгансың, – деди.

Кашаке, мен өткөн жылы туула элек болсом, сенин атыңды кайдан жүрүп шылдың кылмак элем?

Карышкыр ачууланып:

Адепсиз десе, улууларга каяша сүйлөгөндү сага ким үйрөттү, – деди да козуну баса калып жеп алды.

## ТҮЛКҮНҮ АЛДАГАН КАЗ

Күндөрдүн биринде түлкү жайнаган каздардын бирин кармап алды да, эки алдыңкы буту менен басып туруп, казды шылдың кылмак болуп мурутунан күлүп сурады:

Ээ, каз, эгер сенин колуңа мен түшсөм, эмне кылат элең?

Каз ойлонуп туруп:

– Эмне кылмак элем, ал белгилүү да: сени тиштеп алып, эки бутуңду көкүрөгүмө коюп, көзүмдү жуумп: «Ээ, кудай, муну бергениңе миң ыракмат!» – дейт элем да, анан сени жеп алат элем, – деди.

– Мунуң жакшы экен, – деди түлкү.

– Мен да өзүң айткандай кылып жейин, – дейт да, казды тиштеп, шоңшоё отуруп, алдынкы эки бутун көкүрөгүнө коюп, молдо сымал көздөрүн жуумп:

– Ээ, кудай… – дей бергенде каз канатын кагып жиберип каркылдап учуп жөнөдү.

Түлкү болсо: «Ээ, кудай..» деген боюнча оозун ачып кала берди.

## КОЁНДУН ЗАРЫ

Бир коён ыйлап отуруп, мындай деди:

– Бул дүйнөдө менден өткөн шордуу жок. Баары мени аңдышат: аңчы да, ити да, карышкыр да, тостогой көз жапалак да, акмак каргасы да менин балдарымды уурдашат. Коргонууга алым жок. Тыйын чычканча даракка чыга албайм, чычканча ийин каза албайм, тишим курч, бирок тиштөөгө жүрөгүм даабайт. Коркоктугум болбосо, жер-суу кесип кетер элем. «Тырс» эткен дабыш уксам, кулагым тикирейип, жүрөгүм лакылдап, бутум жерге тийбей безип кетем. Бутум кыска болгону да жакшы болуптур. Ит тиштей албайт. Адамдардан пайда жок, бир жыл болбой жатып, мени кармап алып өлтүрүшөт. Теримди сыйрып алып, этимди жешет да, сөөгүмдү итке беришет.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН ТООК

Бир түлкү жойлоп келе жатып, бийик дарактын башында отурган тоокту көрдү да, аны алдап колго түшүрөйүн деген ойго келди:

– Тоокжан, бийикте эмне кылып отурасың? Жерге түш, ымалабыз келишсе, дос бололу, ушу жерге намаз окуйлу, ойноп-күлөлү, – деди шыпылдап. Анда тоок айтты:

– Түлкүм, туура айтасың, бешим намаз болуп калды, тиги жерде имам жатат, ойготкун, – деди.

Бийиктеги тоокту жебесем да, жердегисин жеймин деп түлкү кубанып кетти да, чуркап барды эле, ал жерде тайган жаткан экен, түлкүнү көрө коюн кууп калды. Тайган түлкүнү кууп жетип, алкымдан алды. «Бирөөгө ор казсаң, өзүңдү ойло» деген экен. Бирок түлкүнү тоок алдаганын кандай түшүнсө болот?

## КАРГА МЕНЕН БАЛАСЫ

Карга баласына: «Адам баласы биздин душманыбыз, сак болгула, эки чокуп, бир карагыла» – дейт. Анда баласы «эки чокуп бир карабай, бир чокуп, эки карасак ачтан өлөбүзбү?» – дейт экен. Дагы бир күндөрү карга айтты:

«Адам баласы урар ташын койнуна катып жүрөт» – деди. Анда баласы: «Ташты коюн-кончуна катып жүрбөй, колуна кармап жүрсө эмне болот эле?» – деген экен.

## КАРЫШКЫР МЕНЕН ТҮЛКҮ

Карышкыр менен түлкү жортуп жүрүшүп, жар таштын үстүнө чыгышат. Карышкыр түндө бир койду жеп, курсагы ток болчу. Түлкү ач эле, эмне кылаарын билбей, улам-улам ичин тартат.

Аны көргөн карышкыр:

Түлкүжан, эмнеге ичиңди тартасың? – деп сурады.

Түлкү:

Бир нерсеге таң калып турам. Ушул жар ташка эки жолу келдим. Сенин атаңдын эрдигин эстеп, өзүмчө бир курсант болом. Кайран эме, ушул жар таштан секирип кетти эле, эми баласы секире алар

бекен, айй секире албайт го деп шек санайм, – деди.

– Андай болсо мени да сынап көрчү – деп карышкыр секирмек болду, үч жолу чуркап келип, кайра токтоду. Карап турган түлкү кыт-кыт күлдү.
– Эмнеге күлдүң? – деп сурады карышкыр.

Нак эле атаңды тартканыңа күлдүм, кашыке, ал да сага окшоп үч келип, үч кетип, төртүнчүсүндө секирген эле, – деди. Бул сөзгө ишенген карышкыр чуркап келип секирди эле, чыңк ылдый кулап түшүп бели үзүлүп кетти. Аны көргөн түлкү жерге түшүп барып, чычыркайын сууруп алып, бырс күлүп койду. Карышкыр сурады:

– Эмнеге күлдүң түлкүм?

Ээ, акмак, өткөндө атаңды да мактап жатып жардан секиртип чучугун сууруп жеген элем, ошого күлдүм – деп жооп бериптир түлкү.

## КӨГҮЧКӨНДӨРДҮН КЕҢЕШИ

Илгери өткөн заманда кептерлер өз падышасы менен бир жерди мекендеп жүрүштү. Күндөрдүн биринде бир топ кептер сапарга чыгып келишти да, өз жердештери менен аман-эсендик сурашып, өзүлөрү барган жер жөнүндө баяндап болгондон кийин, сөз арасына кыстырып муну айтышты:

– Бир кербен сарай бар экен, анда турган кербендер көчүп кетип, сарайы ээн калыптыр. Канча замандан бери эл жашаган жерде эсеп жеткис дан калыптыр. Ал жерди бизге окшогон куштар мекен кыла турган болуптур, менин оюмча биз ошол жакка көчсөк, үч-төрт күндө эле жетип барып, эң сонун ыракатка батаар элек – дейт. Ошондо

ал жерге баруучулардын баарысы падышасына арызданышып «урматтуу падыша, биздин бир нече кептер жолоочу барып келишти, алар жакшы кабар алып келди. Ал жерде бир кербен сарай бош экен, анда жашагандар кетип калышыптыр. Дан деген үйүлүп-үйүлүп жатат дейт, журт сизден уруксат болсо, ошол сарайга көчүп барып, ошол жерди мекен кылсак дейт, үч-төрт күндүк жол экен. Эмки сөз өзүңүздө калды» – дешет. Падыша жооп кылды:

– Силер бул сөзүңөрдү койгула, үйрөнгөн жерибизде эле жашай берели. Өз жерибизди өзүбүзгө буйрусун. «Артык кылам деп, тыртык болуптур», «Сары ит соогат сураймын деп, доого калыптыр» – деген макал бар эмеспи. Алды-артын байкайлы, – дейт. Кептерлер кайра сураныша т:

– Сүйүктүү падыша, көпчүлүк букара калкыңыздын өтүнүчүн ук: ал сарайдын адамдары кетип калыптыр, бош экен. Эми аны сени менен биз мекендешибиз керек. Үч-төрт күн жол азабын көрсөк, кийин рахатка батабыз, – дешти.

Падыша айтты:

– Көпчүлүк макул болуп турса да, мен баарыңарга ишенбей турам. Ошентсе да баарыңар барууга ниет кылган экенсиңер, баралык, – деди.

Ошону менен баары көчүп, кербен сарайына карай жол тартышты. Эки күн жол жүрүштү. Ошол учурда бир саятчы тузак тартып, жолго жемди аябай чачып коюптур. Келе жатканда кептерлер жемди көрүп алданып, напсисин тыя албай, бардыгы коно калышты. Биринен бири жемди көрүп, талашып ары-бери түрткүлөшүп жатып, падышасы баш болуп тузакка түшүп калышты. Бул кезде саятчы жакын жерде эмес эле, тузакка түшкөндөрдү

көрүп, бир карга саятчыга кабар кылууга жөнөдү. Карганын каркылдаганын уккан саятчы: «Карга каркылдайт, тузакка бир нерсе түшүп калса керек» – деп тузагына карай чуркады. Ушул учурда кептерлердин падышасы:

– Эй, кептерлер, менин айтканыма көнбөдүңөр, эми бизди саятчы келип тузактан чыгарып алат да, башыбызды кесип, этибизди бышырып жейт, жүнүбүздү жулуп жаздык кылат, – деди кейип. Кептерлер ыйлап, жандарынан үмүт үзүп, кайгырып жатышты.

Муну көргөн падыша айтты:

– Менин башыма бир ой келди. Баарыңар бир кезде канат күүлөп учуп көргүлө. Мүмкүн тузакты үзүп, бошонуп кетербиз,– деди. Ошентип баары күчүн топтоп, бир учурда жапырт канат кагышты. Тузакты үзүп асманга көтөрүлүштү да, кербен сарайды карай уча беришти. Саятчы болсо, кептерлердин артынан чуркап, тузактын танабын кармай албай калды. Баягы карга да кептерлер кайда барып коно турганын көрүп, саятчыга айтып келмекчи болуп, кептерлердин артынан кошо учту. Коркуп калган кептерлер эч жерге конбостон уча берип, кербен сарайга келип түшүштү. Карга да учуп келип сарайдын так алдына конду. Кабар бере турган саятчы алыста калды. Кептерлер сарайдын ичине келишти. Ошондо падышасы мындай деди:

– Мени тетиги ордо ийинге жеткиргиле, – деди. Аны ордо ийинге жеткиришти, ошондо падыша муну айтты:

– Э, чычкан бурадар, ийинден бери чык! – деди. Чычкандардын падышасы ийинден чыгып келди.

Эки падыша эсендик сурашкан соң, кептер падыша мындай деди:

– Ээ, бурадар падыша, мен көптөгөн адамдар менен напси тузагына түшүп, акмак болдум. Эми сиз мага жардам кылып, ушул тузактан бошонууга жардам бериңиз,– деп өтүндү. Кептер падышанын өтүнүчүн аткарып, чычкан падыша аскерлерине буйрук берди. Алар жабылып келип, тузактарды кыркып, кептер падышасына келип аскерлери менен азат кылды. Кептер падыша ага чоң ыракмат айтты:

– Эй, бурадар, чычкандардын падышасы, биздин сизге деген ыракматыбыз аз, бизге кылган жакшылыгыңыз жамы дүйнө журтчулугуна угулсун, «жакшылыкка – жакшылык» деген макал бар эмеспи, сиз менен дос болуп, сизге жакшылык кылармын деген үмүт-тилегим бар.

Ошондо чычкандын падышасы:

Эй, бурадар, кептер падышасы, мен сизге кылган жакшылыгымды милдет кылбаймын, сиз менен дос да болбоймун. Анткени: «жакшылыкка – жамандык» деген да макал бар, – деди.

Кептер падышасы айтты:

– Оо, чычкан бурадар, сиз жаңылышасыз. Сиз мени ажалдан куткардыңыз. Анан ошол жакшылык үчүн мен сизге жамандык кылмак белем, – деди.

– Эй, кептер, сиз илгери жакшылыкка жамандык кылгандарды эсиңен чыгарган көрүнөсүң? – деди чычкан падыша.

– Ал кандайча болуптур, айтыңыз угалы,– деди кептер падыша.

– Андай болсо айтып берейин, сиз жакшылап угуңуз, – деди чычкан.

– Куп болот, сүйүктүү падыша, айта бериңиз, кулак сизде,– деди кептер.

Ошондо чычкан падышасы буларды баяндады:

– Өткөн замандардын биринде бир топ соодагер жолго чыгыптыр. Алардын ичинде аты арык, өзү карып бир мусапыр бар экен. Токойлуу жерге келгенде мусапырдын аты жүрбөй калат. Ошондо жолдош соодагер:

– Сиз акырындап биздин артыбыздан келе бериңиз, биз сизге карай албайбыз, – деди да таштап кете беришти. Мусапыр жолдоштору кеткенден кийин аябай капага батты: «Ээ, чиркин, эгер мен ал-күчтүү болсом, жолдошторумдан калар белем», – деп ээн талаада эси кетип эңгиреп отурса, калың токой өрттөнүп, бир катуу чаңырык угулат. Мунун эмне экенин билгиси келип караса, бир чоң жылан өрттөн качып, дарактын башына чыгып кеткен экен, эми дарактын түбү күйүп, жогору карай жалындап баратат. Жылан өрттөн коркуп, учуп кетер канаты жок, эми өлдүм го деп ошол чаңырып жатыптыр. Муну көрүп, мусапыр ойлойт:

– Ээ байкуш, жылан өлмөк болуптур, бул да жаратылыштын макулугу, мунун жаны да меникиндей, балким сообу тиер, куткарып калайын – деп, куржунун алып, отко жакын бара албай, башка жыгачка байлап, жыланга карай тосту. Жылан ошол куржунга секирип түштү. Соодагер куржунду от жетпей турган такыр жерге алып келип: «Ээ, бечара жылан, өрттөн кутулуп аман калдың, сенин жаның да меникиндей таттуу, сени өлүмдөн алып калгандыгым үчүн бир жакшылыкка жетээр бекенмин, эми куржундан чык!» – деди. Жылан куржундан чыгып, соодагер бечеранын мойнуна оролот. Жолоочу:

– Ээ жылан, бул эмне кылганың? – деп сурады. Жылан жооп берди:

– Мен сага өз каадамды кыламын, аны укпасаң чагам. Анткени жакшылыкка жамандык деген бар.

Мусапыр айтты:

– Эмне себептен чагасың, мен сени өлүмдөн куткарып калганым үчүнбү?

– Ооба, мени өлүмдөн куткаргандыгы, үчүн чагам. «Жакшылыкка жамандык» – деген.

– Сабыр кыл, жылан, жакшылыкка ар качан жакшылык болот, эч убакта жакшылыкка – жамандык болгон эмес,– деди мусапыр.

Анда жылан мындай деди:

– Эч убакта жакшылыкка жакшылык болбойт. Жакшылыкка жамандык болору анык. Эгер буга макул болбосоң бирөөдөн сурайлык, эгер ал жакшылыкка жакшылык болот десе, мен өз жолум менен кете берейин, тескерисинче болсо, мен өз каадамды кылайын, сен капа болбо!

Мусапыр соодагер макул болду. Жылан мойнунда, куржун колунда, аты бир жерде калды. Калыс бирөөнү издеп келе жатып: «өлүмдөн алып калган аппак ишим үчүн, өзүм өлүм боломбу» – деп катуу капаланды. Жылан экөө калыс макулук издеп келе берди, бирок эч бирөө жолуккан жок. Катуу чарчап, бир өрүктүн түбүнө жөлөнүп отуруп ыйлады: «Атым арык, өзүм мусапыр, жолдошторумдан ажырап жалгыз калдым, эгер акчам болсо, алардан бөлүнүп калат белем. Алардан калганым аз келгенсип, мынабу балакетке кабылдым» – деп наалыды да, өрүк дарагына кайрылып айтты: «Ээ өрүк, сен да жаратылыштын бир нускасысың, мен ушундай окуяга туш келдим, ошого калыстык кылчы» – деп суранды. Ошондо өрүк жыгачына кайыптан тил бүтүп:

– Силердин ишиңерге «жакшылыкка жакшылык» деген макал сөз туура келбейт. Жакшылыкка жамандык болот, – деди. Мусапыр:

– Сиз туура айткан жоксуз. Эмне үчүн жакшылыкка жамандык болот? – деп кайра сурады.

Ошондо өрүк жыгачы муну айтты:

– Мен өрүк жыгачымын, жыл сайын мөмөлөп турдум. Мөмөмдү багбан жыйнап алып, бала-бакырасы менен каалашынча жеп, рахат алышат. Мына, эки жыл болду, куурап, мөмө байлабай калдым. Кечээ багбан келип: «Бул өрүк куураптыр, мындан ары мөмө бербейт, кыйып отун кылуу керек» – деп кетти. Мына ушундан кийин «жакшылыкка жамандык» деген ушул турбайбы, канча жылы мөмө берип жакшылыгымды аяган жокмун, мына эми бул мени отко жакмакчы болду. Өз ажалым келгенде өлсөм болбойт беле? Ага чейин азат кылса болбойт беле? Жакшылыкка жамандык деген ушул эмеспи? – деди. Бирок жолоочу адам буга ынанган жок, дагы бирөөнөн сурайлы деп жыланды көтөрүп алып, башка бирөөнү издеп жөнөдү. Келе жатса, бир семиз өгүз оттоп жүргөн экен. Ага болгон окуянын болгонун болгондой кылып айтып берди. Өгүз «жакшылыкка жамандык болот» деди.

Силер кулак салгыла, мен өз башымдан өткөн окуяны айтып берейин,– деди өгүз.

Айтыңыз, угуп көрөлү, – деди мусапыр. Ошондо өгүз буларды айтты:

– Мен энемден музоо болуп туулгандан баштап, эркиме койбой, мойнумдан байлап коюп, энемдин сүтүн саап алышат. Ошентип ээн-эркин сүт ичип, кардымды чыгарган жокмун. Торпок болгондон баштап мурдумду тешип, бычып салышты өкүртүп,

анан балдарына мингизип жумушка салды. Кунан өгүз болгонумда кошко салып, жер айдатты. Жайында кой артынан салды. Отун алып, суу ташыды – кайсы ишке болсо мени салып, тынчтык бербеди. Буудай, таруу менсиз себилбейт, менсиз басылбай турган болду. Кыскасы ошентип жүрүп картайдым. Бир жыл болду жем-чөп берип, сыйлаган жок, шалбаага айдап салды. «Туулгандан бери жакшы кызмат өтөдүм, эми картайганда иштен бошотоор» деп ойлогом. Бирок андай болгон жок. Кожоюнум кечээ бир касапчы ээрчитип келип: «Карап көр, өгүздүн кандай семиргенин, канча май берет?» – деп сурады. Көрсө, мени союш үчүн семирткен экен. Ушунун өзү жакшылыкка жамандык эмеспи, ошончолук кызматымды көрүп, эми картайганда башымды азат кылса болбойт беле, өз ажалымдан өлсөм жакшы болот эле го?

Өгүздүн сөзүн угуп, жылан сурады:

– Сөзүңдү айтып бүттүңбү?

– Жок, дагы бирөөнү калыс кылалы, үч калыстан сурайлы, үчөө тең жакшылыкка жамандык болот десе, ошондон кийин ыраазылык берейин,– деди мусапыр, анан жыланды көтөрүп алып жүрүп отурду. Келе жатып бир түлкүгө жолукту да:

– Эй, түлкү, сизден сурай турган соболубуз бар, – деди мусапыр соодагер. Бирок түлкү адамды көрүп, коркконунан кырга чыга качып барып жооп берди.

– Арыз-соболуңар болсо ошол жерден айткыла.

– Түлкү, биздин арызыбыздын мааниси мындай. Жакшылыкка жакшылык болобу? – деди мусапыр соодагер.

Ошондо түлкү:

– Кандай иш экен? – деп сурады. Соодагер болгон ишти толугу менен баяндап берди. Түлкү:

– Менден мурун бирөөнү калыс кылдыңар беле? – деди.

– Сизден башка эки макулуктан сурадык, – деди соодагер, – алар жакшылыкка жакшылык болбойт, жакшылыкка жамандык болот дешти.

Ошондо түлкү айла-амал издеп ойлоно калды да:

– Бул жылан өзү түшкөн куржунга кирсин, – деди түлкү. Жылан соодагердин мойнунан түшүп, жылып келип куржунга кирип башын чыгарып турду.

– Батам дебедиң беле, башың чыгып калды го? – деди түлкү.

– Башым да батат, – жылан башын куржундун ичине катты. Ошондо түлкү айтты:

– Эй, шордуу соодагер, эмнеге карап турасың, куржундун оозун бекем кармап алып, ташка чапкылап, ичиндегисинен кутулбайсыңбы? – деди.

Соодагер ошондо гана эсине келип, куржундун оозун бекем кармап, жыланды ташка ургулап өлтүрдү. Ошентип түлкүнүн амалы менен ажалдан калды. Эгер адилеттик болсо, жакшылыкка жамандык болмок эле, – деп чычкан падыша сөзүн аяктады. Кептер падышасы:

– Мунуң чын экен, таксыр. Бул сарайдын ээси эмне себептен кетип калды экен, мунун жөн-жайын билесиңби? – деп сурады.

Чычкан анын себебин биле тургандыгын айтты:

– Кербенчилер сарайын калтырып кетишинин себеби мындай: бул сарайда кербен башы болгон бир жакшы адам бар эле. Ал тамак жеген кезде, биз аңдып уруп, оокатын тиштей качып, тамак жегизбей тынчын алчубуз. Чычкан тийип кетти,

тамак-ашыбыз макүрө болду деп, жеп-ичип олтурган ашын жебей, ач калган кездери да болгон.

Бир күнү үйүнө сырт элден бир конок келди. Мейманга оокат даярдап жүргөн кербен башы тамакка чычкан түшүп кетпесин деп, эки колун чапкылады. Ошондо:

– Эй, кербен башы, биздин салтыбыз боюнча эки колду бир-бирине чапкылаган жаман адат, колуңузду эмнеге чапкыладыңыз? – деп сурады конок адам.

– Болуптур, мейманым, анын жайын айтып берейин. Бул жерде ордолуу чычкан бар. Алар каптап келип оокатка түшүп кетишет. Сиз тамак жегенче алар келип калбасын деп, колумду чапкылаганым ошол, – деди кербен башы. Ошондо конок муну айтты:

– Ордолуу чычкан болсо, алардын казынасы болуш керек. Колуңарга кетмен, күрөк, балта алып жигит жыйнап, ордосун казып, казынасын алгыла, – деди. Анын айтуусу менен жигит жыйнап, ордобузду казып, казына байлыгыбызды алды. Биз ага эрегиштик да, күн-түнү тыным бербей бирде оокатына түшүп кээде жаш балдарынын кулак-мурдун жеп жойлоп жүрө бердик. Ошентип алардын тынчын алгандан кийин жеңе албасына көзү жетип, сарайды таштап көчүп кетүүгө аргасыз болушту.

Ошентип кептер падышасы менен чычкан падышасы аны-муну сүйлөшүп алга карай кете беришти. Баягы кептерлерди ээрчип келген кара карга кан падышасы менен кептер падышасынын сөздөрүн баштан аяк угуп, чычкандардын кептерлерди тузактан бошотконун көрүп: «чычкандар менен дос болоюн, кокус тузакка түшүп калсам, булар куткарат экен» – деп ойлоду да ийиндин оозуна келип:

– Ээ чычкан, бери чык! – деп кыйкырды.

– Эмнеге чакырасың? – деп сурашты чычкандар.

– Кокус тузакка түшүп калсам, силер куткарт экенсиңер, ошондуктан силер менен дос болом. Бери чык!

– Ээй, карга, сенин жүзүңдү кудай бизден оолак кылсын. Он сегиз миң ааламдын ичинде сенден кара эч ким жок, сенин сыртың да, ичиң да кара. Кудай дос кыла көрбөсүн!

– Жок, кадырманым, сизге каралык кылбайм, сиздин жардамыңыз бизге ар качан тиет.

– Эй, карга, көп сүйлөбө, уга турган кулак жок, оолак жүр, – деди да чычкан ийнине кирип кетти.

Ошондон кийин карга сарайда бир жыл туруп калды. Эрте-кечте чычкандар карганы көрүп турушат. Ошентип бир-бирине үйүр болушат. Бир күнү чычкан падышасы каргага:

– Ээ, карга, менин бир максатым бар, ошого жетүүгө жардам кылсаң, сени менен дос болом, – деди чычкан.

– Айтыңыз, таксыр, колумдан келсе, жан-дилим менен кызмат кылам,– деди карга. Ошентти да чычканды канатына отургузуп алып, дарыядан ары өтүп учту. Бир нече күн учкандан кийин канаты талып, бир аралга келип конду. Карга дем алып отурганда, чычкан падышасы эки жагына көз жүгүртүп, аралдан ары бир кичинекей көлчөдө дос бакасы турганын көрдү. Ошол жерде эки дос көрүшүп, кучакташып өбүшүп, кубангандарынан ыйлашып, кайра эстерин жыйнап, аман-эсендик сурашып болгондон кийин, бака чычкан досунун бул жерге кантип келип калганын сурады.

– Карга менен дос болуп, ошонун канатына минип келдим, – деди чычкан.

– Я, досум, он сегиз миң ааламда каргадан ашкан кара жаралган макулук жок, анан сиз аны менен кантип дос болдуңуз, карганын тышынан да ичи кара, – деди бака.

– Туура айтасыз, ошондой болсо да, сизди сагынгандыктан амалсыз дос болуп, ошонун жардамы менен сиз экөөбүз көрүшүп жатабыз, – деди чычкан.

Сиз бекер кылгансыз, – деди бака сөзүн улантып. Бул карга көпчүлүк калкка жамандык иштөөлүлөрдөн эмеспи? Дос болгондон кийин, дос үчүн досу жан кыят. Бул карга жан бермек түгүл курсагы ачкан күнү өзүңдү жеп коёт. Сиз, илгери бири үчүн бири жанын кыйган төрт досту укканың барбы? – деп сурады.

– Айтып бериңиз, уккан эмес элем, – деди чычкан.

– Илгери бир заманда төрт дос болуптур, – деп баштады сөзүн бака. Алардын бири чычкан, бири бака, бири кийик, бири өрдөк экен. Бир күнү хандын баласы нөкөр-жигиттери менен ууга чыгыптыр, кечке жүрүп көздөрүнө эч нерсе илинте албайт. Бир кезде алардын алдынан бака өтүп кетет. Хандын уулу: «Бул да жакшы, ырым болсун, баканы куржунга салып койгула» – дейт. Жигиттери анын айтканындай кылышат. Өрдөк кийикке, кийик чычканга кабар бериптир.

– Иш жаман, жан кыяр досубуз баканы хандын уулу алып кетти, эми кандай кылабыз, – дешип үчөө акылдашып жатышты. Ошондо чычкан мындай дептир:

– Кийик, сен бир бутуңан аксап, хандын уулунун алдынан өтө бер, сени көрүп куржунду таштап

жиберип кууп жөнөсө, өрдөк мени куржунга алып барып салсын. Мен куржунду тешип, баканы чыгарам. Андан кийин өрдөк сага кабар кылсын, сен акырын өз жаныңды куткарып кетээрсиң, – деди. Бардыгы бул акылга макул болушту. Кийик аксай басып хандын уулунун алдынан өтөт. Аксак кийикти коруп кийикчилер куржун-кечелерин таштап кууп жөнөшөт. Ошол учурда өрдөк чычканды куржунга жеткирет. Чычкан куржунду тиштеп тешип, баканы куткарат. Бака кутулгандан кийин өрдөк кийикке кабар берет. Кийик баканын кутулганын угат да, мурдагыдай калыбына келип, андан-мындан бир секирип, аңчыларга жеткирбей качып кетет. Мына ушундай айла-амал менен баканы өлүмдөн алып калышат.

«Дос болсоң, ушулардай дос болуу керек. Мынабу карга дос үчүн жанын бермек түгүл, карды ачканда өзүңө кол салат. Ушунда кандай жакшылык болсун?» – деп сөзүн аяктайт бака.

Ушул учурда карганын курсагы ачып, бирдеме табылаар бекен деп, эки жагын караса, эч нерсе көрүнбөйт. Маңдайында турган досуна – чычканга көзү түшөт да, убадасын бузуп, чычкан падышасын баса калып жеп алды. Бака болсо, сууга секирип түшүп кетип аман калыптыр.

## КУЛА АТ ЖАНА БЕШ ЭЧКИ

Илгери бир кедей болуптур. Анын беш эчкиси, жалгыз кара токтусу жана бир кула аты бар экен. Токтусу менен эчкилерин байдын коюна, атын байдын жылкысына кошот экен. Күндөрдүн биринде

бороон болуп, күн бурганактап турганда бай беш эчки менен токтуну, кула атты малынан бөлүп, ай талаага айдап жиберди.

Улуган бороондон, ызгаар аяздан үшүгөн беш эчки бир ташка келип ыктап, эрмендин бүрүн чайнап тура берет. Кара токту болсо, беш эчкини ээрчий албай, «эми өлдүм го» – деп турган кезде, бет маңдайында турган бир түп шыраалжынды көрөт да, ошону бырт-бырт чайнап туруп калат.

Жал-куйругун кар баскан,
Кабагын калың муз жапкан.

Ары-бери көп чапкан кула ат камыштын арасындагы бетин кар жаап калган кудукка түшүп кетет. Ошентсе да болбой кудуктун тегерегиндеги камышты күртүлдөтө чайнап жей берет.

Ошентип, кедейдин малы караңгы түндө айдарым талаада калды.

Бороонго кошулуп, арааны ачылган ач карышкыр жем издеп келе жатып, кара токтунун үстүнөн чыкты, көрө сала:

– Кара токту, кара токту, мен сени жеймин! – деди.

– Агатай, акебай, мени жебе, тойбойсуң, тигинде беш эчки турат, ошону же,– деди токту.

Жарайт, – дейт да карышкыр беш эчкиге жетип барат.

– Беш эчки, беш эчки, мен силерди жейм!

– Кашаке, кашаке, бизди жебе, тигинде жалы кулагынан ашкан кула ат корукта турат, ошону же, – деди токту.

Жарайт, – дейт да карышкыр кулагын тикчийтип, жүндөрүн үрпөйтүп кула атка келип айтты:

– Кула ат, кула ат, мен сени жеймин!

– Сен карышкыр элең, мен ат элем, адегенде мына бул кудуктан чыгар, дене боюмду ылайдан тазала, анан артыма келип, курандан бир аят оку, анан жей бер, ансыз да ажалдын оозунда турам, – деди кула ат.

– Болуптур, – деди карышкыр, анан кула аттын куйругунан бар күчү менен тиштеп тартып, куланы кудуктан чыгарып алды. Анан баткагын тазалады.

– Эми, – деди карышкыр кулага, ары карап тур да иманыңды айта бер, мен келиштирип бир куран окуюн да, жакшылап туруп сени жейин, – деди. Кула ат кулагын жапырып, арткы оң бутун жерге көтөрүп тура берди. Ээн талаа, айсыз түн, ызылдаган бороондо өзүмдөн башка ким бар деп дөөгүрсүп, өзү баатыр, өзү бий болуп дегендей, кула аттын артына чыкты да, чочоюп отурду да, куду молдолорчо эки көзүн жуумп өзүнчө аңылдап улуй баштады.

Карышкырдын кылык-жоругун байкап турган кула ат арткы буту менен карышкырды чыкыйга тээп калды. Чыкыйы сынып, эки көзү агып түшкөн кашаба жерде жатып улуду:

Кара токту жебеген,
Кабылан башым ай, уу-уу...
Беш эчкини жебеген
Берен башым ай, уу-уу...
Кула атты кудуктан сууруп алган,
Балбан башым, ай, уу-у...
Артынан чыгып дуба окуп,
Молдо башым, а, у...у... – деп кыңылдап жатып өлүптүр.

Таң атып, бороон басылгандан кийин кедей бир дөбөнүн башына чыгып, мындай деп малын чакырат экен.

Кой баласы коңурум,
Уя бузбас момунум,
Чолпон ата түлүгү
Чолпондорум кайдасың?
Кырой, кырой!
Жүнүн жулса бакырган,
Эчки атасын чакырган,
Өрүштө өскөн жаныбар,
Чегетайым кайдасың?
Чүчү, чүчү!
Жолго минсем күлүгүм,
Жалгыз жүрсөм өнөгүм,
Камбар ата тукуму
Кула тулпар кайдасың?
Куру, куру!

Ээсинин үнүн уккандан кийин кула ат алдыга түшүп кар жиреп, беш эчки чубап жол салып, кара токтуну артынан ээрчитип, аман-эсен үйгө келишти. Кедей малын айдап жылуу короого киргизип, алдынан көң төшөп, жем-чөпкө тойгузуп, алардан көргөн-билгендерин сураптыр, алардын аңгемелерин угуп болгондон кийин:

– Сен эмне үчүн өз башыңды коргоп, беш эчкинин үстүнөн бүтүм кыласың? – деп токтуга күнөө койду.

– Мүйүзүм өспөй калса, муунум катпаса, жалгыз ага алым жетпей турганын билдим да, бир айла болор бекен деп беш эчкиге жибердим, – деди кара токту.

– Силер эмне үчүн өз башыңарды коргоп, кула атка бүтүм чыгардыңар? – деди беш эчкиге кайрылып.

– Кула атты минип, далай жолу карышкыр чапканыңызды билебиз. Ошондон улам кула ат

канаттуу ат эмеспи, бир амал таап кутулат ко деп ойлодук. Ойлогонубуздай болду, болбосо ач карышкыр баарыбызды жеп кетмек, – деди эчкилер.

Кедей бул жоопко кубанып калды.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КОЁН

Элдин айтуусуна караганда мурда түлкүнүн куйругу жок экен. Карышкыр менен мамилеси жаман болуптур, анан куйругунун жоктугунан улам, баскан изин жашыра албай, мунусу өзүнө чоң залалын тийгизчү экен. Бир күнү түлкүнүн артынан дайыма аңдып жүргөн карышкыр түлкүнүн артынан ийинине кирет. Эгер түлкү ийиндин экинчи башынан чыгып кетпесе, карышкыр аны өлтүрмөк. Бул кезде түлкү калың токойго барып, дарактын түбүндө жаткан коёнду көрүп калат. Ал кезде коёндордун куйругу узун болуп, ылдам жүрүшкө чоң тоскоолдук кылчу экен. Түлкү коёнду кармап алат да, жемекчи болот. Ошондо коён: «Мени өлтүрбө, куйругумду берейин», – дейт. Буга түлкү макул болот, экөө ошол эле жерден куйруктарын алмаштырышат. Ошондон тарта түлкүнүн куйругу узун, коёндуку кыска болуп калыптыр.

## САГЫЗГАН МЕНЕН КҮКҮК

Өткөн замандарда сагызган менен күкүк бир токойду мекен кылышыптыр. Алар уя салбай, дарактардын бутактарына түнөп күн өткөрүшөт. Күкүк күн сайын тура калып: «уя керек», «уя керек» – деп кыйкырып коңшуларына тынчтык берчү эмес.

Бир күнү сагызган коңшусуна:

– Экөөбүз биригип бир жакшы уя жасайлык. Адегенде сага, анан мага жасайлы, – дейт. Күкүк макул болбойт:

Менин уя сала турган күчүм да, куралым да жок. Керек болсо «керек, керек!» – деп кыйкыра берсем, куштардын баары агайын-тууган эмеспи, баарылап көмөктөшүп уя салып берер, – деди.

Сагызган күкүктүн жардамын күтпөй эле уя сала баштады. Ал уяны мыктап салды, тегерегин бутак менен тордоду. Ичи-сыртын ылай менен шыбады. Жаш бутактан чырмап, кичинекей эшик кылды. Уянын түбүн куштардын жүнү менен жумшактады. Күкүк болсо: «Керек, керек!» – деп кыйкыра берди, үнү бүтүп, кырылдап, тили булдурап калды. Кийинчерээк «Р» га тили келбей, «күлек», күлек» дей баштады. Ошондон улам эл аны шылдыңдап «күкүк» деп атап калышты.

Ошол кезден бери күкүктүн үй-бүлөсү да, салган уясы да жок. Жумурткасын кайсы уя болсо да тууп кете берет. Башка куштар аны басып учурат. Ошентип күкүктүн балдары жетим болуп өсүшөт.

## ТҮЛКҮ, КАРЫШКЫР, ТӨӨ ЖАНА АРСТАН

Төө жападан жалгыз жондо оттоп жүрсө, оозуна эч нерсе илинте албай, шимшилеп жүргөн түлкү жолугуп калат. Экөө жолдош болуп калышат. Эртеси аларга карышкыр кошулуп – үчөө болот. Ошентип үч жолдош келе жатса, арстан жолугат. «Төртөө болдук түгөл болдук» – деп кубанып:

– Бирөөдөн экөө жакшы, экөөдөн үчөө артык деген ушул тура, эми өзүбүзчө бир журт болуп, чыр-чатагы жок, өмүр өткөрөлү деген ойго келишет. Бири-бирине тийбей өз оокаттарын кылышат.

Төө тикенек-чогойно жеп, булактан суу ичип, эки өркөчү сокудай болуп, аябай семирди. Түлкү чычкан таппай, карышкыр кой таппай, арстан ат эмес, коёнго жетпей, арыктай баштаншты. Эми төөгө көздөрү түшүп, акыл курушат.

– Алыбыз жетет деп, баса калышыбыз уят болор, топ эле жолдош болдук, бир себеп табышыбыз керек,– дешип амал-айла издешет.

Ошондо түлкү митаам жылмың этип, мындай ой айтат:

Менин эркиме койсоңор, анын эсебин таап, өз ыраазычылыгы менен үнүн чыгарбай салат элем, – деди.

– Дегеле жакшы болот, эмне кылсаң өзүң бил, бизге курсактын тоюшу керек, – дешти тигил экөө. Арстан менен карышкыр карындарын кампайтмак болуп кетишти. Түлкү жылмаңдап төөнүн жанына басып келип, көзүнөн жашын агызып ыйлай баштады. Буга төө таң калып:

– Түкө, айланайын, эмне ыйлайсың? – деп сурады.

– Ыйлабаганда кантем: үчөөбүз биригип бир дөбө болсок, сен өзүң эле бир дөбө элең. Көрүнүктүүбүз да, көрктүүбүз да болчусуң. Карааныңды көрүп ичпей мас, жебей ток болуп жүрчүбүз. Сенден айрылсак, кутубуз качабы, кардыбыз ачабы, оокат кылалбай калабызбы деп ыйлап жатам,– дегенде төө чоочуп кетип:

– Түкөбай, эмне, жаман түш көрдүңбү? – дептир.

– Оо, кокуй десе, түштү айтат. Мурункулар: «Түшүң түлкүнүн богу» – дечү эмес беле. Кылычын сүйрөтүп кыш келет, төөнүн чуудасына чейин кар жаайт, оң-тетири бороон согот. Чөптү кар басып калат. Ошондо мынабу үчөөбүз ийинге кирсек да жан сактайбыз. Сен мойнун укуруктай, эки өркөчүң өөдө карай соксоюп, эч жерге батаар эмессиң. Ушул байкуш жел өтпөй турган жабуу жамынып, асты кургак жылуу короодо жата турган мал эле. Ызылдаган суукта буюгуп өлүп калабы деп, ичим элжиреп, кош бөйрөгүм болкулдап, боорум эзилип сени өлүмгө кыя албай ыйлап жатам,– дегенде түлкүнүн бул сөздөрү төөнүн жүрөгүн жибитип, боорун ачытты.

– Акылың, кенешиң болсо айт, – деди төө.

– Акыл табылды, – деди түлкү жойпуланып. Тиги турган арстан, карышкыр, мен болуп сени он эки койго баалап союп алалык. Биз эмне десек, сен макул бол. Жаркырап жаз келет, ошондо жүнүн селкилдетип, куйругун килкилдетип он эки койду алдыңа салабыз. Он эки койдун жүнү өзүңө сонун жабуу болот, көдө чөптөн жип чыйратып, сөөктөн ийне жасап берем. Кийинки кышта катуу бороон болсо да, сени суук алалбайт,– дегенде төө өзүн унутуп коюп:

Макул, түкө – деп башын ийкептир.

Аңгыча арстан менен карышкыр да келип, түлкүнүн оюн туура көрүштү. Төө муну айтты:

– Бул айтканыңарга ыраазымын. Суранарым: бере турган коюңар керекке жарай турган болсун. Түлкү менен карышкыр төөнү чөгөрүп союп жатышат. Түлкү:

– Бул жарыктыктын өзгө эти бир, ич эти өзгөчө сонун эмеспи. Дүйнөдө төөнүн ичеги-карынын-

дай таттуу тамак болбойт дешет – деп күңкүлдөй берди.

Түлкү муну айтканда, карышкыр менен арстан:

– Ээ, аны кантип жемек элек? Булганыч да? – дешти жактыра бербей.

Кандай жаман аял болсо да, ичеги-карынды сууга жууп, аппак кылат! Урматтуу арстакем өзү барып эле сууга чаап-чаап келе койсо, таптаза болот да калат? – деди түлкү. Ошондо арстан мактана айтты:

– Мен болбосом, силердей эки ит таза эт жемек беле? – деди да ичеги-карынды көтөрүп жөнөдү дейт.

Түлкү менен карышкыр арстандан айбыгып, каарынан камыгып, бир кесим эт жей алышпай, кулкуну куруп, көздөрү кызарып, бирин-бири карай турушту. Акыры чыдамы кеткен түлкү карышкырга:

Жээр ашың эмеспи, көзүн оюп же, мен мээсин жейин. Арстан билбес, билип калса, мээнин жообу табылат «көзү кана?» – десе дароо мени кара, жообун өзүм берем, – деди.

Бир кезде ичеги-карынды көтөрүп арстан келди. Төөнүн этин түгөлдөй баштады. Башты карап, мээсинин жок экенин көрүп:

Мээ кайда? – деп сураганда түлкү ошол замат жооп кайтарды:

– Таксыр, сизге эмне болгон? Төөнүн да мээси болчу беле? Мээси болсо өзүн он эки койго баалап, өз башын өлүмгө байламак беле? – дегенде арстан ачуусун басып, түлкүнүн сөзүн эп көрүп:

Сеники да туура. Төөнүн мээси бар деп жүргөн, менде мээ жок! – дептир.

Мындан кийин ал көздүн бирөө жок экенин көрүп: Көзү кайда? – дегенде карышкыр түлкүгө жалт карады.

Түлкү:

– Мени эмнеге карайсың! Жебе деп канча айтсам болбой койгонсуң. Эми арстакеме төөнүн көзү болбойт деп кантип калп айтат элем,– деди эле арстан карышкырды качырды. Ал ордунан тура калып качып жөнөдү. Арстан анын артынан түштү. Ошентип экөө качып, бири кууп, дөңдөн-дөң ашып, белден-бел ашып кетишти.

Түлкү болсо, төөнүн каны-жинин, бир тал жүнүн калтырбай тазалап, ийинге-аңга жашырып, өзү шокшоюп жогору жакты карап отурду.

Бир топ убакыт өткөндөн кийин өпкөсү көөп, улам-улам күжүлдөп дем алып, таноолорун көптүрүп, арстан келди. Түлкү отурган жерди айланта карап, көзүнө эч нерсе урунта албай сурады:

Эй, түлкү! Эт кайда?

Түлкү эч нерсе көрбөгөн бечера болуп:

– Силер эт жебей жатып эле кырды бычак болуп кубалашып кеттиңер. Бириңе бириң бир кесим этти ыраа көрбөй берекеңер качты. Ошентип жаткан эмелер мага он эки койду төлөмөк беле деп, төө ордунан тура калып, жон ылдый тайраландап кетип калды – дегенде арстан аңкайып туруп калды...

## ТҮЛКҮНҮН АЛДАНГАНЫ

Карышкыр, түлкү, жолборс үчөө дос болушат. Бир күндөрү үчөө желип-жортуп келе жатышып, бир чака май таап алышат. Үчөө бир жерге келип жатып калышат. Түлкү: «жакын эле жерде улуу

агамдыкы бар эле. Аялынын боюнда бар болчу, ошол төрөдү бекен, төрөсө атын коюп келейин» – дейт. Карышкыр менен жолборс макул болушат. Ошентип түлкү жүгүрүн кетет. Баягы чакадагы майды бир жерге көөмп коюшкан. Түкөң ошол жерге келди да, чакадагы майды бир эли бөксөртүп жеп алды да, кайра келди.

– Агаңдын баласынын атын койдуңбу? – деп сурашты тигил эки досу.

– Койдум,– деди түлкү.

– Аты ким болду?

– Бир эли койдум,– деди түлкү.

Ал күнү жатып калышты. Эртең менен түлкү досторуна кайрылды:

– Достор, мына бу жерде ортончу агамдын үйү бар, ошол агайымдын келинчегинин боюнда бар эле, ошол төрөптүр, барып баласына ат коюп берейин, – деди. Карышкыр менен жолборс «барып кел» дешти. Түлкү жүгүрүп кетти, баягы майга жетти. Чакадагы майдын жарымын жеди. Кайра зуу коюп жолдошторуна келди. Карышкыр менен жолборс сурады:

– Агаңдын баласынын атын койдуңбу?

– Койдум.

– Ким койдуң?

– Орто бел койдум.

Үчөө ал түнү жатып калышты, эртең менен турганда жолдошторуна кайрылып:

Достор, жакын жерде кенже агамдын үйү бар, ошол агамдын аялынын боюнда бар эле, бала төрөптүр, баласынын ысмын коюп келейин, – деди. Карышкыр менен жолборс: «Барып кел» – дешти. Түлкү жүгүрүп кетти, аялдабай баягы майга жетти.

Майдын баарын жалап-жуктап жеп алды. Андан соң жолдошторуна жүгүрүп барды. Жолдоштору сурашты: Агаңдын баласынын атын ким койдуң? Жалап-жуктап койдум,– деди түлкү. Тигил экөө буга ишенип калышты.

Үч дос күндөрдүн биринде төөчүгө келишти. Салам беришти, анан мындай дешти:

Ээй, төөчү, бизге бир төө сат?

Эмне бересиңер?

Эмне бермек элек, беш жүз сом акча беребиз.

Качан бересиңер? – деди төөчү.

Эмдиги жылы беребиз,– дешти үчөө.

Болуптур, бир төө алгыла, – деди төөчү.

Үчөө төөнү алып келип, бир жерге союшту. Ушул учурда бир карсак келди. Ал:

– Мен да кошулам, силерге,– деди.

– Бул төөнү беш жүз сомго сатып алдык, эмдиги жылы беребиз. Кошулсаң төөнүн этин төрткө бөлөбүз, бөлбөй туруп жебейбиз, – деп убада кылышты. Ошентип төөнү союп, этти төрт бөлүк кылып бөлүп жатышып, түлкү карсакты карап:

– Карсак оозуна бирдеме салып жиберди, – деди. Карышкыр аны качырып калды эле, ал качып жөнөдү. Карышкыр менен жолборс анын артынан түштү. Түлкү тигил экөө келгенче эттин жигин билгизбей катып салды да, өзү кетип калды. Бир кезде карышкыр менен жолборс келсе, түлкү жок, төөнүн эти да жок. Бир аздан кийин энтелеп түлкү келди. Тигил достору сурады:

Төө кана?

Түлкү:

– Төөнү көргөн жокмун. Силер карсакты кууп кеткенде, мен да силердин артыңардан жөнөгөм, деди.

Үчөө жатып калышты. Түн ортосу ченде түлкү туруп алып, катып койгон төөнүн этин жей баштады. Анан төөнүн терисин кытыратып жеп жатканда, карышкыр менен жолборс угуп калышты да:

– Түлкү, эмнени кытыратып жеп жатасың? – деп сураштЫ.

– Өзүмдүн чучугумду чубап жеп жатам,– деди түлкү.

– Чучугуңду чубап жеп сен өлүп калбайсыңбы? – деди карышкыр.

– Өлбөгөндөй кылып чубап жеймм.

– Андай болсо, менин да чучугумду оорутпай алып берчи,– деди карышкыр.

Түлкү макул болуп карышкырдын жанына басып келди. Ал тырайып жатып берди. Түлкү тумшугун салып, карышкырдын май чучугун сууруп алып жеп койду.

Карышкыр ордунан тура албай жатып калды, эки-үч күндөн кийин өлдү, түлкү анын этин катып коюп жеп жүрдү эле, жолборс билип калды, түлкүнү өлтүрмөкчү болуп кууп калды, кууп жүрүп жетип алды. Эми жемекчи болгондо түлкү жолборско жалынды:

– Жок дегенде тигил дүйнөгө таза барайын, иман айтып «маңгыт» – деп айтып жеңиз,– деди. Жолборс анын айтканын кылып: «Маңгыт» деп эки көзүн жуумп, оозун ача бергенде, түлкү ооздон чыгып качып жөнөдү. Жолборс кууп жетпей калды.

Түлкү эми бөдөнөгө жолдош болду. Экөө жолдош болуп жол жүрүштү. Түлкү бөдөнөнү жемекчи болуп, ыңгайлуу учур таба албай жүрдү. Муну бөдөнө да билип калды. Бир күнү экөө жол жүрүп келе жатышты. Түлкүм,– деди бөдөнө. – Сенин курса-

гыңды тойгузайын, көзүңдү жум да, куйругумду тиштеп ал. Мен ач демейинче көзүңдү ачпа,– деди.

Түлкү макул болду, бөдөнөнүн куйругун тиштеп алып келе берди. Бөдөнө жөргөлөп жүрө берип, көп адамдар турган жерге жакындады да «Ач көзүңдү!» – деди. Түлкү көзүн ачса, көп адамдар аны ортого алып калыптыр. Түкөң ошондо гана бөдөнөнүн алдаганын билиптир. Бөдөнө болсо «бытпылдык» айтып учуп кетиптир. Түлкүнү чогулуп турган балдар башка чаап жазасын беришиптир.

## АРАМДЫК ОЙЛОГОН ТҮЛКҮ

Илгери бир заманда түлкү, кулан жана сагызган үчөө дос болушат. Бир-бирине жамандык кылбаска, тапкандарын бөлүп жешке убада кылышкан. Ошентип бир топ жашашат. Үчөө бир күнү жолго чыгышат. Күтпөгөн жерден кулан тузакка түшүп калат. Кулан ары секирет, бери секирет, бирок тузактан чыга албайт, чын эле өлүм боломбу деп санаага батат, анан түлкү менен сагызган досторуна: «жардам кылар аргаңар барбы?» – деп муңаят. Ошондо түлкү тузакты кесип салмак болот да, бирок ал оюнан танып: «жок, кулан өлсө этин жеймин, тузакчы сойсо ичек-карынын жеймин, мунун достугунан мага кандай пайда» – деп арамдык кылып, бир көмүскө жерге барып тузакчыны күтүп жатып алат. Түлкүнүн окуясын көргөн сагызган куланга келип мындай дейт:

– Кулан дос, менин тузакты кыйышка алым житпейт. Аны өзүң да билесиң. Түлкү дос болсо, сенин достугуңдан көрө этиңдин таттуусуна кы-

зыгып, тигинде тузакчыны күтүп жатат. Мен бир акыл айтайын, – деди да муну айтты. – Тузакчы келгенде буттарыңды сунуп, кыймылдабай жатып кал. Тузакчы келет да, кекиртегиңди кесээр алдында мойнундагы тузакты чыгарып салат. Дал ошол учурда шак тура калып качып жөнө,– дейт.

Кулан сагызгандын сөзүнө ишенип, кыймылдабай жатып калды. Тузакчы келди, сырайып жаткан куланды көрдү да, арам өлгөн экен деди да, бычагы менен мойнундагы тузакты кесип жиберди. Кулан ошол замат тура калды да, качып жөнөдү. Мерген ашып-шашыга мылтыгын ала койду да, качып бара жаткан куланды карай сунуп, «тарс» атып калды. Кулан жыгылбай качып кетип, эмнегедир бир нерсенин куйругу булактап калганын көрдү мерген. Көрсө, кулан жашынып жаткан түлкүнүн жанынан өткөн тура, ошентип ок түлкүгө тийип жатып калды. Мерген шашпай басып барып терисин алды. Ошондон кийин «ким ойлосо доско кас, өз башына тиер таш» – деген сөз калган экен.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КОЁН

Күндөрдүн биринде түлкү жортуп жүрүп, коёнду көрүп калып, калп эле оорумуш болуп, анын жолуна жата калды да:

– Коёнжан, коёнжан, оов! Мынча эмне энтиге чуркайсың? Менден эмне качасың? Бала кезден бирге өскөн, даам тапсак бир жешкен жан дос эмес белек. Мен катуу ооруп калдым. Оңолуп кетээрим күмөн. Жакынырак келчи, коштошуп алайын, – дейт.

Анда коён:

– Эки кулагым сөзүндө, эки көзүм өзүндө, түкө! Бу сизди этти жакшы көрөт дейт, ошол чынбы? – деп сурады.

– Ээ, анысы ырас. Эгер эт жебесем карандай башым ооруй берет.

– Мунуңуз жаман экен! – деди коён.

– Ооба, ошого өзүм да өкүнүп жүрөм. Кечээ кечинде бир аток жедим эле, ошого жаным ачып, ыйлап да алдым. Ал байкуш да, тирүүлүктү жакшы көрчү.

– О, чиркин дүйнө! Тиричилик дегениң укмуш турбайбы, өөдө-төмөн болуп.

– Сиз аны өлтүрө электе ойлодуңуз беле? – деп сурады коён.

– Мен дал ошону ойлогонду унутупмун. Жаным кейип, онтоп жатканым да ошондон улам,– деди түлкү.

Анда коён:

– Унутчаактык жаман нерсе, мен да ошондон корком, ошондуктан катуу жортом,– деди да бет алган жагына сызыптыр.

## АТ МЕНЕН КАРЫШКЫР

Ач карышкыр куурдак жегиси келип жортуулга чыгып, эчкиге жолугуп калат. Карышкыр ага мындай дейт:

– Бери жүр, мен сени жейм!

Анда эчки жооп берет:

– Эгер чыны менен эле жегиң келсе, мен андан кантип качайын, бирок өзүң көрүп турасың, мен арыкмын, сенин тишиңе илине турган этим жок, андан көрө мен үйгө чуркап барып, улагымды алып келейин, аны жесең бирдеме жегендей болосуң.

– Карышкыр буга макул болду, эчки болсо ошол бойдон изин суутту.

– Карышкыр күтө берип чарчагандан кийин бирдеме таап жеш үчүн жолун улады. Ага кой жолукту.

– Ээ, кой, мен сени жеймин!

– Менден башканы алууга болбос бекен? Анткени мен эң мыкты бийчимин, кокус өлүп калсам, жаман эле иш болот ко! – деди кой.

– Деги сен бийлегенди билесиңби? – деп сурады карышкыр.

– Ананчы, бийлегенди сага азыр көрсөтөм. – Кой бийлей баштайт, акырындап жылып олтуруп мерчемдүү жерге келгенде качып жөнөйт. Карышкырдын ачуусу келип, андан ары жөнөйт. Бара жатып атка жолугат.

– Ээй, ат мен сени жегим келип жатат.

Анда ат жооп кылды:

– Сен мени жегенди билесиңби, деги жей аласыңбы?

– Эмне үчүн жей албайм? – деп сурайт карышкыр.

– Менин куйругумдун алдында, – деди ат,– кат бар, анда сен мени кантип жеш керек экендиги жазылган.

Карышкыр аттын артынан келип, анын куйругун көтөргөн кезде, тигил кош аяктап туруп карышкырды чокуга тепти. Ошентип карышкырдын ажалы жетти. Ат болсо оттоп кетти.

## ЭКИ КОЙДУН ЭРДИГИ

Эки кой жайылып жүрүп, карышкырдын башын таап алышты. Үйлөрүнө алып жөнөштү. Жолдон

алар боз үйгө туш болушту. Алар таап алгандарын эшиктин алдына коюп, үйгө киришти эле, ичи толгон карышкырлар экен. Карышкырлар тиштерине эмне уруntарын билишпей, ачка олтурушкан. Тигил экөөнү көрүп аябай кубанып кетишти, кайсы жерге олтургузаарын билбей кайсалап калышты. Койлор иштин жаман экенин билишсе да, коркушкан жок. Бирөө:

– Ой, аябай курсагым ачты, – деди жолдошуна.

– Ылдамыраак барып, кечээги сойгон карышкырдын башын алып кел.

Тигил кой сыртка чыгып, карышкырдын башын алып келди да, мындай деди:

– Сен муну жеп ал, а мен эмне жейм?

– Эмнени дегени кандай? Эмне, бул жерде карышкыр азбы? Семизин тандап соёбуз да жей беребиз. Мен деле бир башка тойбойм.

Койлордун бул сөздөрүн уккан карышкырлар коркуп кетишти да, бир-бирден жылып сыртка чыгып кетишти.

## БААТЫР ЭШЕК

Эшек жүк ташуудан аябай тажайт. Күндөрдүн биринде өзүнө жолдош төөгө келет да:

– Ээ, тууган, жүк көтөргөндөн жададым, жонумдун тешилбеген жери жок, мени ээрчи, бул жерден кетип, өзүбүз болуп, эркин өмүр сүрөлү – дейт. Төө бир топко ойлонуп туруп мындай дептир:

– Чындыгында, кожоюнубуз жаман киши экени чын. Көп жумшайт, жем-чөптү да жарытып бербейт. Жаман багат, качууга макулмун, бирок кантип качалы? – деди.

Эшектин жообу даяр болчу. Ал мындай деди:

– Эртең кожоюн бизге туз артып калаага барат. Адегенде анын айтканы менен болуп, жолдон чыкпай тынч жүрөбүз. Анан тоого чыккан кезде, ары бери чайпалып жыгылабыз да, ордубуздан турбай коёбуз. Кожоюн бизди урушат, камчы менен сабайт, анда турбай коёбуз. Ал ошентип жатып чарчайт да, башка көлүк алып келүүгө жөнөйт. Биз өзүбүзчө калабыз, бутуң жеткен жерге бет алып кете бер.

Төө буга көңүлү уюду.

Бул эң сонун акыл. Кел сен айткандай кылабыз, – деди.

Алар эртеңки таңды күтүштү. Кожоюн эртең менен эрте эшек менен төөгө тузун артып калаага жөнөдү.

Эшек менен төө жарым жолго чейин кыйшактабай жакшы барышты. Алдыда төө, ортодо эшек, артында кожоюн. Булар эми тоо таяна беришти. Ошондо төө менен эшек чарчап-чаалыгып калган эмедей жатып алышты да, турбай коюшту.

Кожоюн ачууланып кыйкырат:

– Ээ, жалкоолор, жатып ичер арам тамактар! Кабыргаңар сына электе ылдам тургула!

Тигил экөө кожоюндун кыйкырып-өкүргөнүн укмаксан болуп, жата беришти. Ачуусу аябай келген кожоюн аларды сабап кирди. Төөдөн отуз тогуз балак алды, ордунан турган жок. Кыркынчы балак урганда чыдабай кетип, бакырып-өкүрүп ордунан ыргып турду.

– Сага ушул керек экен да! Мен аны билген эмес экенмин, – деди да кожоюн эшектен балак алууга киришти. Ага кырк балак урду, былк этпестен жата

берди, элүү балак урду, козголор эмес, алтымыш балак урду, эшек былк этпестен жата берди.

Бул иштин аягы жакшы болбосун билген кожоюн сабаганын токтотту да, эшектин жүгүн төөгө артып, жөнөп калды. Өз жүгүнө эшектин жүгүн кошкон төө буттарын тарталбай, эшекти сөгүп, илкип басып келе жатты.

– Каргыш тийген эшек, сенин тилиңди алам деп, таяк да жедим, сенин жүгүңдү да көтөрүп калдым.

Эшек кожоюну кырдан ашып кеткенче жатты да, алардын карааны көрүнбөй калганда ордунан туруп, бет алган жагына качып жөнөдү. Ошентип арадан күн өттү, эшек үч тоодон өттү, үч ашуудан ашты. Бир токойго келди да, ал жерди мекендеп жатып калды. Бул токой илгертен бери жолборстун ээлигинде экен. Күндөрдүн биринде жолборс өз ээлигин көрүп чыкмакчы болду. Эртең менен чыгып, түш маалында эшек жүргөн жерге келди. Ал ээн-эркин, билгенин иштеп жүргөн экен. Аны көргөн жолборс.

– Бул мен көрбөгөн кайдагы кийик болуп кетти? – деп ойлоду жолборс. Эшек болсо, жолборсту көрүп эсинен танып калды.

– Ажалым жеткен экен, – деди эшек өзүнчө, жөндөн-жөн өлүп бергенче, буга өз эрдигимди көрсөтүп өлөйүн деген бүтүмгө келди.

Эшек куйругун сырайта көтөрүп алды да, кулагын кагып коюп, үнүнүн барынча бакырып коё берди. Жолборс чочуп кетти да, артына кароого да чамасы жетпей качып жөнөдү. Жолдон ага карышкыр кездешти.

Урматтуу амир! Мынча кимден коркуп качтыңыз? – деп сурады.

– Бир айбандан коркуп, эсим ооп калды, андай неме бул дүйнөдө жок болсо керек. Ага кулак ордуна канат бүтүптүр, баш дегени баш эмес эле казан, бакырса айкырыгынан жер силкинет, – деди жолборс энтиккенин баса албай.

– Сабыр кылыңыз, сабырдын түбү сары алтын дейт тура, – деди карышкыр. – Сизге жолуккан эшек болуп жүрбөсүн? Сиздин айтканыңызга караганда ошонун өзү. Болуптур, эртең аны аркан салып кармайбыз!

Эртеси карышкыр аркан таап, бир учун жолборстун мойнуна, экинчисин өзүнүн мойнуна байлап, жолго чыгышты. Карышкыр алдыда, жолборс артында. Эшек аларды алыстан эле көрүп, оозун араандай ачып, мурдагысындай эле аңылдады дейсиң, тигилердин кулагы тунуп калды. Шашкан жолборс карышкырга кайрылды: Айланайын каке, мен байкушту мынабу шумуранга жем кылууга алып келе жатканың белгилүү болду, деп атырыла жөнөгөндө карышкырдын башы үзүлүп кетти. Жолборс ага караган жок, үйүнө чейин чуркап барды. Ушул учурда сагызган учуп келип, шаңкылыктап, кандай окуя болгонун сурап, жолборстун шаштысын кетирди, угуп-билген соң:

– Чыдай туруңуз, мен учуп барайын. Кандай жырткыч экенин, эмне иштеп жатты экен, билип келейин. Билип алып сизге айтайын,– деди.

Сагызган токойдогу ачык аянтка учуп жөнөдү, эшек сагызгандын келе жатканын көрүп, буттарын серейип көтөрүп, өлүмүш болуп жатып калды. Сагызган түз эле учуп барып, эшектин курсагына конду. Ары-бери секирип, бул укмуш жырткычты кантип өлтүргөндүгүн жолборско айтып баруу үчүн

шылтоо издеди. Бир кезде жерде жаткан буудайдын бир тоголок данын көрүп, чокуп жеш үчүн тумшугун суна берген кезде, жыгылып кетип, башы эшектин толорсугуна кирип кетти. Эшек тирилип кетти да, аны бекем кыпчып алып, куйругу менен сабай берди. Канат-куйрук жүндөрү быпрырап учту. Сагызган өлөсөл болуп, эсинен танган кезде, эшек аны тээп жиберди эле, бир топ жерге барып түштү. Бир топтон кийин эс алып, көзү караңгылап, ышылдап-кышылдап, ахалап-өхөлөп, жамбашы менен жылып, артына карай учту. Жолборско жетип, алыстан:

– Жаның барда бул токойдон кет. Каргыш тийген айбаның мени жарым жан кылып салды. Сак бол, менин кейпимди кийип калып жүрбө! – деп кыйкырды.

Муну уккан жолборстон жан калган жок. Бар дүйнөсүн жыйнап, жонуна көтөрдү да, артына карабастан кетиптир.

Баатыр эшек болсо, кең аянтта алигиче жашап жүрөт.

## МАЙМЫЛ – СОТ

Бир мерген болуптур. Ал караган-черди аралап кеткен чыйыр жолго терең аң казып тузак коюптур. Үстүн чөп-чар, чырпык менен жаап, үстүнө жукалап топурак чачып коёт. Кадимкидей эле жол, башка эч нерсе байкалбайт. Мунун баарын бакта отурган маймыл көрүп турганын ал оюна да алган жок. Мерген кетип калгандан кийин кыткылыктап күлө баштады.

Мунун куусун көр, карасаң кантип жасаганын! Эгер муну өз көзүм менен көрбөсөм, өзүм да түшүп калмак экенмин. Укмуштай кызык! Кана, бул жерде күтө турайынчы, бул аңга кимдер түшөөр экен!

Арадан бир аз убакыт өттү, чыйыр жол менен коён чуркап келатканын көрдү маймыл. Ал тузак-аңга уламдан улам жакындай берди. Маймыл чыдабай кетти.

– Токто, – деп кыйкырды ал үнүнүн барынча, анан жерге секирип түшүп, коёндун алдын тороду. Коён коркконунан жолдон секирип кетти. Анан эки жагын карап, маймылды көргөндөн кийин, өзүн төшкө бир чаап айтты:

– Ии, койчу ай! Эжекеси! Мен байкушту аябай коркуттуң го!

– Мен сенден кайда барарыңды сурайын деп эле!

– Токойго, балдарыма жаш чөп алып келгени баратам.

– Мына бул чыйыр менен баспа, бул жерге мерген тузак койду, – деди маймыл алды жакты көрсөтүп. Коён маймылга кайра-кайра ыракмат айтып, жолдон бурулуп өтүп кетти. Коён бир нече кадам шилтегенде алдынан карышкыр чыгып калса болобу!

– Иш оңунан чыкпадыбы, – деди карышкыр оозум ачып, ырылдап, – аябай ачкамын. Мына эми сени жеймин!

Коён адегенде коркуп кетти, бирок жүрөк токтотту да, баатырсына бакылдап кирди:

– Баарыбыз бир токойдо жашайбыз, мени жешке сенин кандай акың бар?

– Ха-ха-ха, карышкыр калптан күлдү,– менин карыным чуркулдап, тамак жегиси келип жатат.

Уктуңбу, менин алдымдан чыкпаш керек болчу, коёнжан?

– Жок, калыска барып чечели, – деди коён.

– Ушул учурда кайдан келгени белгисиз, түлкү чыга калды. Карышкыр коёнго айтты:

– Макул, түлкүдөн эле сурайлы, ал баарынан жакшы чечет.

– Анын эмнесин айткандай, – деди түлкү көзүн жума. – Силердин талашыңарды мен мурда эле билгем. Сен, – коён, карышкырга жем болууга жан-дилиң менен бара бер.

Коён буга макул болгон жок, адилет сотко барууну талап кылды. Экөө кетип бара жатып, ача бутакта отурган маймылды көрүштү. Маймыл булардын сөзүн угуп көздөрүн жуумп, ойлонуп турду да:

Карышкыр коёнду жегиси келет, албетте карышкыр коёндон күчтүү, – деди да сөзүн улантты. Бирок ал күчтүүлүгү эмнеден экенин айтып берсин.

– Эмне, күчтүүлүгүм көрүнбөй турабы? Тиштерим өгүздү да жара тартат, буттарым учкул-шамалдай сызып бараткан койлорго да жетет. Анан, анан...

– Токтой турчу, – деди маймыл анын сөзүн бөлүп, эмнегедир сенин күлүк экениңе ишенбей жатам.

– Маймылжан, – деди түлкү үн катып, – сен карышкыр туугандын сөзүнө ынана бериңиз, ал калп айтпайт, мен ага күбө болом!

– Куру сөзгө ишенет? – деди маймыл мойнун толгоп. Эмнеге жөндөмдүү экенин өзү көрсөтсүн. Мындай кылалык: ушул жерден баштап, картаң даракка чейин чуркасын. Ал жыйырма арыштаганда коён

кубалап жөнөйт. Жетпей калса, өзү карышкырга жем болот, жетип алса, анда көп сөздүн кереги эмне, анда карышкыр барып турган келжирек, ошондой эле калпычы болуп кала берет. «Албетте, коён мен сыяктуу ылдам чуркай албайт, анын үстүнө мен жыйырма арыш алдыдамын, ошентип ал эгерим жете албайт» – деп ойлоду карышкыр. Анан макул болду. Түлкү безилдеп сөзгө аралашты:

– Жарышуу али баштала элек, бирок ким чыгып, ким калары мага маалым. Карышкыр жөнүндө бирдеме айтуунун кереги жок, ал бүтүндөй токойдогуларга белгилүү, ал эми коён, буту кыска, мага да жете албайт.

– Андай болсо, – деп күлдү маймыл, карышкыр менен сен жарыш. Эгер сен жеңишке ээ болсоң, коёндун этинен сага да бир үзүм тиет.

– Жакшы болот! Мен эмне коркот бекем? – деп түлкү ичин чапкылап койду.

Ошентип мелдеш башталды. Маймыл ээрдин жыйырып ышкырып калды, карышкыр менен түлкү алдыга умтулушту. Алар чыйыр жол менен баягы картаң даракка карай бет алышты. Маймыл алардын артынан кыйкырды:

– Оой, токтобо! Жеткирбе! Артыңа караба! – Мындан кийин «ох-бух, өх» деген үн угулду, көрсө тигил экөө аңга түшүп кетишиптир. Экөө бири-бири менен сүзүшүп, көздөрүнөн чаар чымын учуп, баштары кеңгиреп турду. Бир аздан кийин карышкыр да, түлкү да эстерин жыйып, эмне окуя болгонун билишти. Күчүнүн баардыгынча секирип жатышты. Бирок аң терең, жөн эле күчтөрүн кетирип жатышты. Кылар арга жок, экөө эки жерде чочоюп отуруп алып, «күш-күш» энтигишет.

Маймыл менен коён болсо, аңдын башына туруп алып, тигил экөөнүн окуясына күлүп жатышты.

## ЖАКШЫЛЫККА ЖАМАНДЫК

Кез келгенин томолото сүзгөндөн кайра тартпаган сүзөнөөк бука байкоосуздан аңга түшүп кетти. Кудуктун ичинде жатып алып, ары сүзгүлөдү бери сүзгүлөдү бирок чыгып кете албай, эки көзүн жалдыратып отуруп калды. Ал-күчтөн ажырап өлүм көзүнө көрүнө баштады. Коркуп кетти, кимдир бирөөлөр угуп, аңдан чыгып кетүүгө жардам берер деген ой менен үнүнүн барынча өкүрүп бакыра баштады. Бактысы бар экен, жакын эле жерде кой жайып койчу жүргөн, буканын үнүн угуп, койлору менен жанына чуркап келишти.

– Айланайындар, садагалар, чыгууга жардам бергиле – деп адеп менен жылмая сөзүн улантты: – Мени жазыксыз өлүм кылбагыла. Өмүрүмдө эч бир жанга жамандык кылып көргөн эмесмин. Менин момундугум, айкөлдүгүм Зеңги бабага жакшы белгилүү. Досторум, айланайындар, мени аңга таштап чиритпегиле. Койчуман, сага бир саба сүт, койлор, силерге бир боо жакшы чөп берем.

Койчу койлоруна:

– Муну чыгаралык да, айткан сыйлыгын алалы, – деди.

– Жазыгы жок бечераны чыгарса, чыгарып алалы – деп койлор макул болушту. Ошентип мүйүздүү мырзаны чыгарып алышты.

– Бир аз эс алып, демимди жыйнагандан кийин силерге сыпайкерчилик көрсөтүп, күтүп алам, – деди бука.

Сүзөнөөк бука кандай сый көрсөтмөк эле. Койчу менен койлорду сүзүп, тизесинин алдына басты.

## КҮЧҮК МЕНЕН МЫШЫК

Курсагы ачкан күчүк тоого каңгып жүрүп, карышкырга жолугуп калды. Карышкыр кеп-сөзгө келбей:

– Мен сени жеймин, – деди.

– Кой, кашаке, коюңуз! Адегенде мени тойгуз, анан жесең мейли, – деди күчүк.

– Макул, менин артымдан ээрчи, – деди карышкыр. Экөө келе жатышып, жайылып жүргөн уйларды көрүштү. Ошондо карышкыр жолдошуна кайрылып:

– Менин көздөрүм, куйругум, кулактарым, оозум кандай болуп турат? – деп сурады.

– Сенин эки көзүң чоктой кызарып, эки кулагың тикчийип, оозуң араандай ачылып, куйругуң чатыңа кирип, жаш чыбыктай ийилип турат, – деди күчүк.

Карышкыр:

– Эми менин эмне кылганымды карап тур, – деди да, секирип четте турган музоого жетип, желкеден алып көтөрүп чаап өлтүрүп, этине күчүктү да, өзүн да тойгузду. Ошондон кийин: «мен тойдум, сени жебеймин» деди да карышкыр өз жолуна түштү.

Күчүк калган сөөктөрдү кемирип үч күнү жаты. Бир жерде жалгыз жаткандан жадап, жөнөп калды. Бир аз басканда алдынан мышык жолукту. Анан жонун дүрбүйтүп:

– Эй, мышык, мен сени жеймин! – деди.

– Кой, күчүкө, коюңуз, адегенде мени тойгуз, анан же,– деди мышык.

– Болуптур, менин артымдан ээрчи – деди күчүк.

Бир аз жол баскандан кийин булар төөгө жолугуп калышты. Күчүк мышыктан сурады.

– Мышык, менин көздөрүм, кулактарым, куйругум, оозум кандай болуп турат?

– Анын эмнесин айткандай: көздөрүң бозоруп турат, кулактарын шалпыйып, оозуң ачылып аңкайып, тилиң салаңдап, куйругуң салбырап турат, – деди мышык. Ошондо күчүк көкүрөгүн көтөрүп:

– Эмесе, менин эмне кылганымды карам тур, да, жүгүрүп барып төөнүн бутунан тиштемек болгондо, төө бутун шилтеп койду эле, күчүк чалкасынан кетти. Ошондо мышык айтат дейт:

– Ээй, мактанчаак! Алыңа карап иш кылсаң боло! Сен эч качан карышкыр боло албайсың. Эми сенин этиңди мен жеймин! – деп мышык күчүктүн этин жеп алган экен дейт.

## МЫШЫК МЕНЕН КОЁН

Жай айларында мышык менен коён жолугушуп калышат. Экөө аңгеме дүкөн куруп отурушат, коён мындай сунуш айтат:

– Экөөбүз мындан ары ажырагыс дос бололу.

– Эң жакшы болот – дейт мышык. – Эмесе менин балдарымды сенин балдарыңа кошуп коёлу.

Ошентип экөө балдары менен чогуу туруп калышат. Мышык балдарына күндө кекилик-чил, кыргоол тиштеп келет. Коён баягы эле чөп менен багат. Күндөрдүн биринде мышык бир кушту тирүүлөй кармап келет. Учуп кетпесин деп, канат-куйругун кыркып балдарына берет. Балдары аны менен ойноп, жешпейт. Муну көргөн коён:

– Мышыкжан, бул алып келгениң жоош экен, балдарыңа кошуп кой, менин балдарым көзүн ачканда муну менен ойносун, – дейт. Мышык досунун айтканын эки кылбайт, кушту кошуп коёт. Эртеси балдарына тамак издеп, экөө тең талаага кетишет. Уядагы куш экөөнүн тең балдарын тойгончо жеп, калганын өлтүрүп кетип калат. Ошондон улам: «Бөрү баласы ит болбойт» деген макал калыптыр.

## СЫНЧЫ ИТ

Шайкожо деген адамдын Майтаман аттуу чоң кара дөбөтү бар экен. Ал аябагандай сак, ууру-бөрү жолотпогон жакшы ит болсо керек. Ал ит Шайкожонун үйүнө келаткандарга үрүп, эч ким жок болсо, кара жолго келип, жолдун ортосуна жатып алчу экен. Бир күнү Эркожо деген кишинин Майшыйрак деген ити Майтамандын күн сайын жолдун таманында жатканын көрүп: «Эмне үчүн бул жолдо жатат болду экен, сурап көрөйүнчү» – дейт да Майтаманга келет. Жанына келип:

Майтаман, сен эмне үчүн жол таманында жатасың, – деп сурайт. Анда Майтаман:

– Мен адамдарды сынап жатам, – дейт. Адам баласын кантип сынайсың? – деп сурады Майшыйрак.

– Жакшы адам мага келгенде алыстан айланып, эч нерсе айтпастан өтүп кетет. Жаман адам алыстан көрүп эле кыйкырып, таягын ала жүгүрөт, таягы жок болсо, колуна эмне тийсе, ошону менен ургулайт. Мен байкуш ага кайрылып: «Мен сенин эмнеңди алдым, мынчалык ургандай» – деп таарынган болом.

Мына ошентип бир күндө ушул жол менен канча жакшы адам, канча жаман адам өтөөрүн эсептеп турам, – деди Майтаман.

Мындан келип чыккан сөз: адамдар гана сынчы болбостон, иттин да сынчысы болот экен.

## ЭКИ ДӨБӨТТҮН ДОСТУГУ

Илгери-илгери дөөлөтү ашкан, суудай ташкан, көңүлү жай, төрт түлүгү шай бир бай болуптур. Анын Төрт көз, Мойнок деген эки дөбөтү бар экен. Бул экөө тең күндүз келген кишиге ажылдап үрбөгөн, жата берип, түнкүсүн короону чарк айланып, карышкыр менен ууруну жолотпогон мыкты иттер эле. Ошондон улам ээси аларды жакшы көрүп, үйдөгүлөргө дайыма:

– Ээй, Төрткөз менен Мойнокко тамак бердиңерби, унутуп калбагыла – деп эскертип турчу.

Бир күнү чак түш эле. Малдын баары короого келип, аттарынан түшүп, кыз-жигиттер өздөрүнчө оюн куруп жаткан эле.

Курсактары ток, кайгысы жок эки дөбөт да эч нерседен капарсыз үйдүн алдында күнгө кактанып жатып алышып өз ара аңгемеге кириште. Алар адилдик, жакшылык жана жамандык жөнүндө сүйлөшүштү, акыры достук жана кастык тууралуу сөзгө өтүштү. Мойнок баарын билген эмедей түр көрсөтүп:

– Төрткөз, менин оюмча бул дүйнөдө достук-таттуулуктан өткөн эч нерсе болбосо керек дейм! Деги экөөбүз урушуп-талашпай турган күн болобу? Болбогон бир нерсе үчүн экөөбүз ырылдашып урушабыз, бир-бирибизге жылуу сөз айтпайбыз. Өзүбүзчө ойноп күлбөйбүз. Ушинтип жүрүп чачы-

быз да агарып баратат. Болбогон нерсени талашып жатканда, сага да жок, мага да жок кылып, Кутман алып кетет. Менимче Жолболот, Кутман, Бөрүбасар бизге караганда ынтымактуу жашап, тапкандарын тең бөлүп жешет. Эмне үчүн экөөбүз ынтымактуу боло албайбыз? Кел, мындан ары бири-бирибизди сыйлап, урушпай жашайлы. Бирибиз жокто бирибиз тамак ичпесек, бир-бирибиздин кабагыбызга карап иш кылсак, күндүн кандай өткөнүн да билбей калабыз. Кана, бул сөзүмө кандай жооп айтасың? – деп сөзүн бүтүрдү.

Ошондо Төрткөз буттарын керип, куйрукту булаңдатып, кабагын ачып, Мойноктун айткандары аны бийлеп алгандай түр көрсөтө айтты:

– Мойноке, айткандарыңдын баары туура. Бул эң негизги маселе. Мен да эмне үчүн болбогон нерсе үчүн экөөбүз талаша кетебиз деп көп ойлочу элем. Бизге эмне жетпейт? Курсагыбыз ток, кожоюнубуз экөөбүздүн кабагыбызга карап, урбай-сокпой урматтайт. Чындыктан сөз бузулбайт. Күнөө өзүбүздө – болбогон нерсе үчүн тытышкан. Ойлоп келсем, өткөн ата-бабаларыбыз мындай ишке барчу эмес экен. Эмне, биз ошолордун жолун жолдой албайбыз? Алардын молу бизге үлгү андан тышкары жол таба албайбыз? – деп бүтүрдү сөзүн Төрткөз. Мойнок бул сөздү угуп, тигиге тигиле карап, кыр көрсөттү, куйругун кыпчып алды, эмне деп айтаарын билбейт. Ал: «кел, достошолу» дегенди айткысы келди. Бирок кантип айтуунун эбин таба албай, тигинден коркуп турганда «Достуктун белгиси мына» – деп Төрткөз Мойноктун мойнунан кучактап калса болобу! Экөө кучакташып, бир-биринин беттеринен өөп, жалап: «экөөбүздүн достугубузду эч ким буза

албайт, тоо өрттөнүп, таш күйсө да айрылбайбыз. Ачтан өлсөк да, тамак талашпайбыз» – деп шерттешип, бир-биринен бөлүнө албай турганда, аш үйдөн бирөө чыга калып, майлуу омуртканы ыргытты эле, тигил экөөнүн жанына келип түштү. Аны көрүп экөө тең сөөктү карай умтулду. Алар сөөктү талашып, бир-бирине бербей, жеке жемек болуп ырылдашып, анан моюндан тиштеп жулкулдаша кетишти. Достуктун күчү ушунча болду дейсиң, бир-бирин тиштеп тартканда, жүндөрү сапырылып учту.

Булардын ырылдашкан үнүн угуп, Кутман, Сырттан, Жолболот чуркап келишип, экөөнү талап, эстерин эки кылды, талашкан омуртканы Кутман алып кетти да, жеп койду. Иттердин ызы-чуусунан улам, койчулар жүгүрүп келип, таяк менен сабап, үстүлөрүнө суу куюп жатып арадан зорго ажыратышты.

Бул жомоктун маңызы мындай: Азыркы турмушта чыныгы достук аз учурайт. Бүгүн дос, эртең кас болгондор жок эмес. Ошондуктан эки иттин «достугу» эл ичинде азыр да бар.

## КЫРГЫЙ МЕНЕН БӨКТӨРГӨ

Күндөрдүн биринде кыргый менен бөктөргө карпа-курпа кездешип калышты. Эки дос өткөн-кеткенден кеп салып, жолугушуунун урматына кече өткөрүүнү макулдашышты. Кечени өткөрүүгө 20 торгой кармап келишмек болушту. 20 торгойдун онун кыргый, онун бөктөргө алып келмек болду.

Кыргый кечиктирген жок, 10 торгой кармап, дөбөгө келип, бөктөргөнү күтүп отурду. Бөктөргө

келе турган убакыт өтүп кетти. Экөө кечени күн бата электе баштоону убадалашкан. Ошондон улам чыдамы кеткен кыргый кабарсыз кеткен бөктөргөнү издеп чыкты.

Калың токойдун үстүнөн учуп бара жатып, кыргый бөктөргөнү көрө койду. Ал бир торгойду алдына салып, жерге жакын кубалап алыптыр. Эми кыргый да бөктөргөнүн артынан учту. Бөктөргөнүн жүндөрү терге чөмүлүп, торгойду мыкчып кармоо үчүп буттарын сунуп жибериптир. Бөктөргөнүн аябай чарчаганын көргөн кыргый, ал жерге тирүү торгой калтырган эмес го деп ойлоду. Ошондон улам бөктөргөдөн:

– Оо, Боке, канча торгой кармадың? – деп сурады. Анда ал алдындагы учуп бараткан торгойду көрсөтүп:

Эгер ушуну кармасам, тогузу калат, – деген экен.

## ТАШБАКА

Бул, окуянын чын же калп экенин эч ким билбейт, мүмкүн, болсо да, жер каймактаганда жаныбарлар менен канаттуулар бир-бири менен ынтымакта болуп, уруш-талашы жок жашап, жалаң чөп, мөмө жемиш жеген кезде болсо керек. Талаадан жей турган оокат бардыгына жетиштүү болуп, жаныбарлардын бири да, эртеңки күн жөнүндө ойлоп да коюшкан эмес. Бир гана курбака ач көз болуптур, колуна тийгендерин жер астындагы үңкүргө катып койчу экен. Анын мынчалык сарандыгына башкалар шылдың кылып күлүп жүрүштү. Курбака аларга:

– Азыр курсагыңар ток, күлө бергиле. Ачкачылык болсо, ошондо көрөм, силерди, – деп жооп берип жүрдү. Курбаканын айтканы келди. Өсүмдүктөр күнгө күйүп, жамгыр жаабай, ачкачылык башталды. Жан-жаныбарлардын баарысы курбакага келишти:

– Бизди ажалдан алып кал, сактап-катып жүргөндөрүңдү бөлүштүрүп бер. Келерки жайда кампаңа куюп беребиз.

Курбака айтты:

– Жөн берсе, ал сызга отуруп кедейленет. Саткан киши байлыгын көбөйтөт. Эмесе сооданы баштайм, сатып алгыла!

Ошентип курбака таразасын орнотуп, ташын коюп, соодасын баштады. Алуучулар колунда эмнеси болсо баарын алып келишип тамак-ашка алмаштырышты. Курбака болсо күн сайын баасын көбөйтүп, эч кимге карыз берген жок. Бирок ачкөздүк адамды бузат эмеспи. Курбака байыш үчүн кулак угуп, көрбөгөн алдамчылыкка барды. Ал түнү бою таразанын таштарын сүрүп, жеңилдете берди. Мунусу менен элге аз берип, көп алды.

Курбаканын бул амалы көпкө чейин билинген жок. Жаныбарлар ачкадан кырылып жатышты, курбака элдин эсебинен байый берди. Бирок канжарды капка ката албайсың, зөөкүрлүктү жашыра албайсың дегендей, курбаканын арамдыгы да ачылды. Анын алдамчылыгын сезип калган жаныбарлар курбаканын кампасына жабылып кирип барышты да, ачуу кыйкырышты:

– Мунун таштары туура эмес! Аны текшерип көрүү керек? Ошентип текшерип көрүштү. Көрсө, курбака жарым киллонун (чарак) ордуна бир чарак, бир

батмандын ордуна жарым батман берип жүрүптүр.

Жаныбарлар буга аябай чуу салышты. Курбаканы айдап алып талаага келишти да, аны ортого коюп, соттой башташты. Адегенде аны ачкадан өлтүрмөк болушту, бирок ага батынышкан жок, аяшты. Анан өзүнүн жер астындагы үйүнө камап салууну ойлошту. Ушул учурда чогулгандардын ичинен бирөөнүн үнү чыкты:

– Бардык алдамчылар үчүн, өз көмөчүнө күл тарткандар үчүн, башкалардын кайгысын өз пайдасына пайдалангандар үчүн, курбака жер алдындагы караңгы үйүндө эмес, бардык тирүү макулуктар көрүп тургандай катуу жаза алууга тийиш. Анын темир таштарын эритип, башы менен буту кире тургандай тешиги бар сандык жасап, өмүр бою көтөрүп жүргөндөй жонуна кийгизип коюу керек.

Буга баары макул болушту. Мына ошол миңдеген жылдардан бери алдамчы курбака ошол оор сандыкты көтөрүп жүрөт. Арыктап, жүдөп, бутун араң эле тартып, үстүндөгү таш калканчына окшоп калды. Ошондон улам кыргыздар аны ташбака деп атап калышты. Ал эми ташбаканын жөнөкөй дагы бир түрү бар. Ал табагын кийген ташбакадай болбоюн деп коркуп, күндүз ийнинде жатат да, түн киргенде гана ишке киришет.

## КҮКҮК

Эже-сиңди эки кыз болуптур. Атасы менен энесинен эрте ажыраптыр. Улуусу ата-энеден калган оокат-жайга ээ болуп, бай күйөөгө чыгат. Сиңдисин малай кылып жумшап алат. Ал байкуш күн-түн жанын үрөп иштесе да, эжеси менен жездесине жакпайт.

Күндөрдүн биринде байдын бир жылкысы жоголуп кетет. Бай менен аялы жетим кызды чакырып алат да.

– Атты таап келесиң! Мейлиң бир күндө, мейлиң миң күндө тап, атты таппай үйгө келбе! – дешет.

Кыз талааны кыдырат, талаадан таппайт, токойду кыдырат, андан таппайт. Тоону тинтет – ат жок. Карабаган жери калбайт. Көйнөгүн караган тытат, бутуна чөңөр кирет, бирок атты издеп жүрө берет, үйдү да унутат. Акыры жолдон да адашып, башы ооган жакка кете берет. Анда-санда:

– Ат жок, ат жок! – деп үн чыгарып коёт. Ошентип жүргөндө ага күтпөгөн учурда канат бүтөт да, күкүк болуп калат.

Ошентип ал бечера бир жерден экинчи жерге учуп жүрө берет: өз үйү жок, үй-бүлө күтпөйт, ар кимдин уясына түнөйт.

Таңдан кеч:

Ат жок! Ат жок! – деп кайталай берет.

## УЛАКТАР

Жайытта эки улак ойноп жүрдү: бирөө ак, экинчиси кара болучу. Айланасын карап көрүштү. Бир жагы калың токой, бир жагы камыш-куурай. Башка эч нерсе эчки да, кой да көрүнбөйт.

– Сен, Ак улак сөз укпаган чунаксың, макоосуң. Мени токойго ээрчитип келип адаштырдың. Эми өзүбүздүн оторду тезинен тап, – деп ыйлады Кара улак, анан Ак улакты капталга сүзүп калды. Катуу сүздү көрүнөт, Ак улак маарап жиберди. Кара улак Ак улактан улуу. Маңдайында мүйүзү бар.

Ал абдан оюнкарак, чатак. Ак улак өзүмө бир тууган болсо да, болбогон нерсе үчүн «макоосуң» – деп басмырлай берет. Ачуусу келгенде – капталга сүзөт. Ак улакты «бул жердин чөбү даамдуу» деп өзү ээрчитип келген. Эми аны күнөөлөп жатпайбы.

– Ак улак тентек, сөз укпаган чунак, алдыга бас! – деп буйрук кылды Кара улак.

Ак улак алар кайсы жерден качан өткөнүн көпкө чейин эстеди.

– Эми өз оторубузду кантип табабыз? Ким билсим, алар тоо ашып, жайлоого чыгып кеткендир. Бизге жайлоо эмес, жол табыш да кыйын. Айла канча, алга жылыш керек. Мен алдыга жүрөйүн. Сага эки шарт коём: эч ким менен акылдашпайсың, менин сөзүмдү гана угасың. Эгер бул шартты аткарбасаң биз адашып кетип өлөбүз, – деди Ак улак. «Өлөбүз» биз деген сөздү укканда Кара улак коркуп кетти. Ал Ак улак эмне айтса, анын баарын аткарууга убада берди.

Ак улак алдыга баштап жүрдү. Алдынан арык чыкса, таш келсе секирип өтөт. Ошентип отуруп улактар бир тоонун этегине жетишти. Эч ким көрүнбөйт, тынч.

Бир кезде кайдан-жайдан келгени белгисиз, түлкү чыга калды. Ал куйругун шыйпаңдатып:

– Ой-ийй! Кандай аппак, чиркиндин сулуусун, жутуп жибергидей экен! Биртууганың тура. Силер кыязы, чарчасаңар керек. Жүргүлө, меникине барып эс алгыла, оокат жегиле. Менин да силердей эле эки бачигим бар, алар менен ойногула, – деди түлкү. Ичинде болсо:«Ак улак кичинекей экен, адегенде ушуну жеш керек. Бирок бир көрүп калса, качып кетет» деп ойлоду.

Ак улак жооп берүүгө мурда эле даярданып турган:

– Түлкү, тетиги чокудагы кара таштын жанында бизди карышкыр күтүп жатат. Биз ага конокко баратабыз. Кокус, сени менен кеткенибизди билсе, карышкыр ачууланат. Эгер ишенбесең, биз менен жүр – деди.

– Болуптур, өзүңөр эле баргыла, – деди түлкү шектенсине.

Улактар арылап жөнөгөндө, түлкү алардын артынан ээрчип алды.

Улактар аз жүрдүбү, көп жүрдүбү алдынан чоңдугу торпоктой болгон чоң карышкыр чыга калды. Түлкү коркуп кетти да, зуу коюп жоголду.

Аябай жакшы болбодубу, силер жолугуп, аябай ачкамын, – деп сүйүнүп кетти ал.

Ак улак чебелене жооп берди:

– Улуу урматтуу! Тетиги чокудагы кара аскада бизди жолборс күтүп жатат. Ал бул жердеги канаттуулар менен Жаныбарлардын ханы болууга кечээ келген. Эртең менен эки торпок, түшкө эки улак, кечки тамагына эки козу жейт. Кокус сиздин жоругуңузду билип калса, анда соо болом деп ойлобо.

– Бээ! Эй, кашаба, карачы, жолборс келе жатат, ал бизди чакырып жатат – деп күтпөгөн жерден Кара улак кыйкырып жиберди. Бул сөздү угар замат карышкырдын өңү бозоро түштү. Баягы сөзү жок, коркуп, маанайы кетти да, токойду карай качып жөнөдү.

Кырсыктан алыс бол! Тирүү кезиңде качып кутул!

Улактар дыр коюп качып жөнөштү. Чокуга чыгып этекте кой жайып жүргөн койчуну көрүштү.

Улактардын кубанганын айтпа, бир биринен өтүп, чуркап төмөн түшүп барышты да, кой-эчкилерге кошулуп кетишти. Карыя чабан биринчи чуркап келген Ак улакты көрө коюп, кармап колуна көтөрдү:

– Карасаң, булардын өзү келгенин. Азаматтар! Жарайсың Ак улак! Мындан ары сени: «Ак улак тил укпаган чунак» – деп эч ким айтпайт, деди да улакты бооруна бекем кысты.

## МЫШЫК ЖАНА БЕРЕКЕ

Береке аттуу күчүк менен Мышык капыл-тапыл жолугушту. Береке бул ким болду экен? – дегендей куйругу узун, жүнү саксайган, көзү чагылгандай жалтылдаган, керилип-чоюлган Мышыкты таңыркагандай тиктеп эле калды. Мышык да мындай жаныбарды көргөн эмес. Ал да таң калып, мындай неме жок эле кайдан келди дегендей ойлонуп, бир ойдон чогуу ойноп кетемби деген үмүт пайда болуп, аярлап күчүктүн тияк-биягын байкап, баамдай баштады. Экөө азга бири-бирин карап турушту. Жаадай ийилген куйругун кыймылдатып, астыңкы эки бутун өйдө көтөрүп, эки-үч курдай секирип, анын ар жагына бир чыгып, бер жагына бир чыгып, секиригип бир нече жолу кайталады. Бул эмнеси? – дегенсип Мышык да куйругун кыймылдатып белин бөкчөйтүп, кер муруттарын сербейтип эки-үч курдай мыёолоду. Береке аны түшүнгөн жок. Алар бири-бирине мурдагыдан бетер таңыркап, дагы аңырайышып калды. Андан соң Мышык: «а-а-аа сен мени менен таанышкан жаткансыңго, эгер

жакшылап тааныша турган болсоң кууп жет» деп анда-мында бир секирип качып жөнөдү. Тиктеп турган Береке «а-ав-в» деп үнүн чыгарып алды да, Мышыктын артынан түшүп, кууп жөнөдү.

Мышык тигинден-мындан бир секирип тез эле узап кетти. Береке болсо Мышык өткөн нечен түркүн тоскоолдуктардан араң басып акыркы жыйылган жыгачка тырмышып жатып чыгып, абайлап түшүп, саал жүрүшүн жайлатты. Бир убакта Береке куйругун шыйпаңдатып токтоп калды. Обочо жерден анын жүрүшүн байкаган Мышык «И-ии алың кандай?» дегенсип Берекеге тигилди.

– Эмне, чарчап калдыңбы? – деди бир оокумда Мышык.

– Жок чарчаганым деле жок.

– Анан эмне токтоп калдың? Кууп жетпейсиңби?

– Кач, кууса кууп жетем, эмне экен?

Мышык дагы качып жөнөдү. Береке монтолоңдоп Мышыктын артынан түштү. Бир убакта Мышык дубалдын кырына чыга калып жүгүрдү. Береке ага кантип чыкканын билбей кайсалактап эки жагын карап эле калды. Дубалга чыгайын деп бир азга тырмышты эле болбоду. Ары жакта дубалдын урап калган жери менен тырмышып чыгып, кыры менен басайын дегенде негедир башы айланып, кулап түштү. Азга жатып, анан тура калды да эки жагын элеңдеп карап, мышыкты араң тапты.

– Ай, сага эмне болду? – деди Мышык суроо берип.

– Эч нерсе деле болгон жок – деди Береке кыйналганын билгизбей.

Мышык дагы качып берди. Береке мурдагыдай эмес жайыраак чуркады. Мышык жыйылган чөптүн үстүнө чыкты да андан соң, бутактары узун, мөмөлөрү бышып турган алманын башына чыгып

кетти. Чуркап келе жаткан Береке бир убакта асманда чубалып учуп бара жаткан каркыра-турналарды карап калды. Каркыра узап кеткенде гана Береке эсине келип, Мышык чыккан чөпкө да чыккан жок. Түз эле көзгө сүйкүм көрүнүп шагы ийилип турган алмага адатынча майталаңдап араң жетти. Береке өйдө жагын карады эле татынакай көрүнгөн алмалардын арасында турган Мышыкты көрдү. «Сени карап тур, кууп жетпесем» деп көп бутактуу алмага жакындап чыгайын деди эле бышкан бир тоголок кызыл алма шагынан үзүлүп Берекеге тийди. Ал дагы томолонуп барып кулап түштү да мурдагыдан бетер эси ооп жатты.

– Ай, сага эмне болду – деди Мышык бактан түшүп келе жатып.

– Алманын бутагы бийик экен тайып кеттим – деди Береке.

– Кууп жете албай турган көрүнөсүң сен.

– Жо-ок кууп жетем. Кач... Кача бер.

Ошол тапта Береке чарчагансып турду. Бирок, сыр алдырган жок. Мышык качып берди. Береке мурдагыдай эмес, алы жок эптеп анын артынан кууп жөнөдү.

Буларга эмне болуп жатат дегенсип ары жакта бакта отурган Үпүп, жайылып жүргөн тооктор жана Мактанчаак короз да карап калды. Тигил экөө кууша берди. Бир убакта алар үйдөн обочо жердеги көлчөгө келишти.

Көлчөнүн жээгинде Мышык качпай эле токтоп калды. Береке жете келди да:

– Эмне токтоп калдың? – деди.

– Сууга сүзгөндү билесиңби сен?

– Билем, жакшы билем – деди Береке токтолбостон эле.

– Мыкты экенсиң билсең. Мен билбейм, качайын анда кууп жет – деп Мышык кайрадан көлдү айланып жөнөдү. Береке мен сууда сүзүп туурасынан эле чыга калайын деп ойлонду да эки жагын карады эле, ары жакта Эшек, Торпок, Жылкылар жана канаттуулар бейкапар жайылып жүрүшкөн. Береке аларды көрсүн дедиби кокустан суунун ортосунда калсам алардан жардам болобу деген үмүт менен айтор бир азга карап алып, анан сууга секирип түштү. Ал бир чүмүп, бир чыга калып, кайра чүмүп, кайра чыга калып эле жатты. Билсе-билбесе да сууда сүзүп бара жаткансып эки колу менен чапкылап жатып көлчөнүн аркы жээгине чыкканын өзү да байкабай калды. Шөмтүрөгөн Береке суу жээгинде эки-үч жолу силкинип-силкинип алды.

– Ай, сууга сүзгөндү билбейт турбайсыңбы? Жөн эле мактанып койгон экенсиң ээ – деди ары жакта эс алып турган Мышык.

– Көп жүгүргөн пайдалуу окшобойбу – деди Береке.

– Пайдалуу эмей абдан пайдалуу да – дедик Мышык.

Алар азга сөзү түгөнгөндөй унчугушпай калышты. Андан соң мурдатан бери тааныш немедей ынтымакташкан экөө жайдын толук убагында ары көздөй бак аралап, бири-бири менен кызуу сүйлөшүп бара жатышты.

## КИЧИНЕКЕЙ УЛАК

Ызгаардуу кыш мезгили эле. Күн тийип турса да, аба-ырайы суук эле. Апам улуу агамдыкына кеткен. Атам ишине жөнөгөн болчу. Үйдө мен,

сиңдим Сөйкө, иним Бакай, агам Куттубек болуп калганбыз.

Каникул мезгили болчу. Ошондуктан мен «бекер олтургуча» деп ар түрдүү маселелерди иштеп, башымды катырып олтурамын. Бир мезгилде тыштан:

– Төрайым! Бир нерсе айтайынбы? – деген Сөйкөнүн үнүн уктум. Ал үйгө кирип келди. Сүйүнүп, таноолорунан буу чыгып чуркап келе жатыптыр.

– Антсаң айт, – деп жооп бердим. Менин эки көзүм Сөйкөдө болгон менен оюм жанагы чыгаралбай жаткан маселеде эле.

– Баягы эчки бар го, мүйүзү чоң, ошол тууду. Улагы аябай татына экен, – деп мага сүйүнчүлөдү.

– Кана? – дедим мен.

– Эшикте, күнгө жылынсын деп чөптүн үстүнө коюп койду. Куттубек акем – Эшикке чыгып улакты көрдүк, аябай кичинекей улак экен.

– Бир күнү сабактан келсем апам улакка сүт берип, жылуу үйгө алып кирип коюптур.

– Буга эмне болду апа? – деп сурадым апаман.

– Үшүп калыптыр, мындан ары сүт берип багабыз, – деди.

– Сүт берип багып жүрдүк. Кыш өтүп, жаз келип калды. Улак болсо аябай өзгөрдү. Улак чоңоюп, жүнү кызгылтым тартып, кичинекей мүйүз чыгып, секирип мындан ага, андан буга жүгүрөт. Майдын ысык күнүндө сабактан келсем эшик ачык туруптур. Үйгө кирсем үйдө тоок жүргөнсүдү. Карасам улак, эшикке айдап чыктым. Улак кулагын тикчийтип алып бир секирди да, мени көздөй келе жатты. Мен болсо эмне кылаар экен деп качып алдым. Кууп жөнөдү, мен каякка качсам, ошоякка кууп жатты, менин артымдан калган жок. Ошентип

мен зерикkенде эле улакты эрмек кылам. «Ме, чү, чү» деп туруп качсам эле кууп алат. Үйдөн алыс кетпейт. Үйдүн жанында оттойт дайыма.

Ай, улагым, улагым,
Абдан шоксуң чунагым.
Бирөө сага тийишсе,
Тикчийе калат кулагың, – деген ырымды кайталай берем.

## БӨЛТҮРҮК

Күндөрдүн биринде эчки, кой, мышык, каз, корооз жүрүшкө чыгышты. Жер таанығылары келишти. Азыктарын көтөрүп көп жол арытышты. Күүгүм киргенде токойго кирип, өргүү кылышмак болушту.

– Суй жыгылдык. Эми жакшылап эс алалы. Түнкүсүн токойдон чыйрыгып калаар бекенбиз, алачык жасап алсак кантет? – деди эчки.

Эчкинин сунушун калгандары да туура дешти. Заматта алачык тургузуп салышты. Алачыктын ичине кирип тамактанышып, күндүзү көргөндөрүн айтышып, көңүлдүү эс алышты. Түн ортосу болгондо короз үн салып жиберди.

– Түн, түн ортосу болуп калган тура! Достор, эс албасак болбос. Эртелеп тура албай калабыз, – деди. Мышык оозун араандай ачып эстеп атып.

Бир аздан кийин баары тең кызуу уйкуга киришти.

Ушул маалда токойдун ичинде эне карышкыр бөлтүрүктөрүн ууга үйрөтүп жүргөн. Бөлтүрүктөрдүн бири алачыкты көрө коюп:

– Эне, эне мобул алачык күндүз жок болчу. Ичине киrелиби? Ким бар болду экен?

– Кой, балам. Түн ичинде тынчын алба. Бир балээге кабылып каласың. Али колуңдан эч нерсе келбейт. Баралыңа келе элексиң.

Бөлтүрүк энесинин тыюусунан чыга албады. Үчөө токойду аралап жүрүп отуруп үйлөрүнө келишти. Эне карышкыр уктап кеткенде жанагы бөлтүрүк уурданып сырта чыкты. Алачыкка келип, ичине кирди. Бөлөк-бөтөн жан киргенин сезип калган сак Эчки жанындагыларга акырын белги берди.

Мышык тумшугун апчып, каз менен короз көрүнгөн жеринен чокуду. Кой менен эчки капталга сүзгүлөп, айтор талоонго алышты. Бөлтүрүк араң кутулуп чыкты. Акырын ордуна келип жатып калды. Таң атып эне карышкыр ордунан туруп, чочуп кетти.

– Кудай сактай көр! Балама эмне болгон? Чоло жери жок, бүт тытылган. Уулум, уулум, ойгончу кагылайын, көзүңдү аччы! Бөлтүрүк араңдан зорго кыймылдап, уялганынан энесине тике карай албады.

– Эне түндө сенин тилиңди албай алачыкка баргам. Анан... таяк жеп келдим. Бөлтүрүк ыйлап жиберди.

## БААТЫР КОЁН

Анда-мында бир тийип, коён калың өскөн бадалды аралап келе жатты. Узун кулактарын делдейтип, шырп этип дабыш чыккан тарапка элеңдей карайт. Караган-сарагандын түптөрүнөн пыр-рр этип чымчыктар учуп чыкса, ыргыткан топтой так секирип, тээтигинден ары кетет. Бир аз бугуп жатып, оозуна тыгыла түшкөн жүрөгү ордуна кел-

генден кийин: «Кудай эмнеге мени мынча суу жүрөк кылып жаратты экен!» деп өзүн өзү жемелейт.

Ошентип келе жатып коён бир маалда кашкулактын ийинине туш келди. Капилеттен кашкулакты көрө коюп, адегенде жүрөгү бир болк этти. Бирок, коёндо намыс бар экен. Ал башкалардын көзүнчө өзүнүн коркоктугун алынын жетишинче жашырууга аракет кылуучу. Бир жолу да кашкулакка сыр алдырбай, алынын жетишинче үнүн өктөмүрөөк да, токтороок да чыгарып:

– Иштер кандай, кошуна! – дей салды.

– Кандай болмок эле, иштер жакшы, – деди.

– Жумган көзүң ачылбайт. Сенин жакшың ошол болсо, жаманың кандай болду экен!

– Ээ кошуна, – деди кашкулак. – мага сын такканды эмне кыласың. Жин тийген немедей тиги адырдан бир, бул адырдан бир көрүнөсүң. Саал токтороок болсоң болбойбу.

Коён кашкулактын сөзүнө териге түштү:

– Токтороок деп коёт. Сага окшоп үй күчүк болуп жаткандан көрө серүүндөп-сергип басканым жакшы эмеспи. Ийиниңден эки карыш алыс жылбайсың да, анан менин басканымды сындайсың. Сага окшоп сасып ийинде жаткандан көрө тоо-токойду аралып, жер көрүп, ар түркүн жаныбар менен карым-катнаш жасаганым жакшы эмеспи. Аюу деген бар, карышкыр деген бар...

– Карышкыр?!. А сен качантан бери карышкыр менен мамиле кылып калгансың.

– Сага окшоп ийинде жатсам, албетте карышкырдын ким экенин билбейт элем. Ал эми токойдо нелер гана болбойт дейсиң. Кашабаң менен нечен ирет кабышып, нечен ирет табыштык го.

– Айтпаса... мобул из ошол сенин кадырлуу досуң кашабаңдын изи го деди? – деди.

Ошентип айтып башын жерден көтөрсө, эми эле маңдайында турган коён жок. Жан-жагын караса, эки кулагы менен тыпыйган куйругу гана көрүнүп, тээ алда кайда чымын-куюн болуп калың бадалга сүңгүп бара жаткан экен.

## БАЧАЙЫ ЧЫМЧЫК БАЯНЫ

Илгери, илгери жылдардын бир жылында, күндөрдүн бир күнүндө заматта бир бүркөлүп, кара булут каптап, шатыратып жамгыр төгөт. Добулбасын уруп тарсылдатып, чагылган чартылдайт. Жан-жаныбардын бардыгы бири уясына, бири коңулуна, дагы бири ийинине кирүүгө ашыгат. Анткени, мындай көнөктөп төккөн жамгырды, булуттарды жара бөлгөн чагылганды мурда эч бири көрүшпөптүр.

Жалгыз гана боз чымчык, бир чети кызыгып, бир чети таңыркап, анын үстүнө өзү да күндүз жаны жай алып, тынч туруугa көнбөгөнүнөн уясынан башын чыгарып, айланага таңыркап карап отура берет.

Мына шумдук! Эми эле алааматтай көрүнгөн өткүн кокту-колоттон, сай-сайдан, жылга-түздөн сел агызганы менен заматта тып басылат. Күндүн көзү ачылат.

Ошондо боз чымчык асмандын бир учунан экинчи учуна тартылган бир укмуш асман жаасын – мурда эч бир көрбөгөн көк желени көрөт. Көрөт да, көзүнө ишенбейт.

Шумдук! Мындай ажайып кооз нечен түрлөрдү, мындай учса канат талып жетпеген узун, мындай

көзгө батпаган кең, көп катар көк желени үч уктаса түшүндө да көрбөгөн.

Кызыл түс сарыга жуурулушуп, сарысы жашылга жармашып, жашылы көгүнө өтү, көгү кайрадан жашылга жуурулушуп, жашылы сарысына, сарысы кызылына өтмө катар өтүп, кызылы кайрадан сарыгыч нур төгүп, айтор түстөр өзгөчө дагы нечен түс берип, көз кумарын кандырбайт.

– Тобо, – деп таң калат боз чымчык. – бул эмне деген ажайып керемет! Ушуга учуп барып, ушул түстөргө канаттарымды чайып өтсөм, арнамым болбос эле.

Анан эсине башка куштардын айтканы түшөт. Көк желени – жез кемпирдин көгөөнү дешчү эле. Жез тырмактуу жез кемпир сокусун минип, сокбилегин камчыланып, катуу добулдан кийин асманга көгөөнүн тартат имиш. Мынткени жезкемпирдин амалы экен.

Добулдан коркуп жашынган жан-жаныбарлар, өзгөчө канаттуулар, ал басылаары менен тиричилигин уланттуу үчүн учуп чыгышат тура. Ошондо көк желеге көгөөндөп байлап алып, сызгырып сызыгын, кактап канын чыгарбай, тирүүлөй отко кактап жейт имиш. Ошол үчүн асманда көк желе жайлып турганда чочулап эч ким тиричилик камын ойлошчу эмес.

Боз чымчык муна ушуну эстеп жүрөгү опкоолжуйт. Ошентсе да анын ажайып түстөргө сугу артыла берет. Анын үстүнө татынакай болсом дегенде ак эткенден так этип жүрчү.

Боз чымчык эң эле эмгекчил экенин, таңдан кеч жаны тынбаганын, эң кооз нерселерди көргөндө жан-дилинен мукам сайраганын эскере кетели. Ал ажайып кооз сулуулукту бөтөнчө кадырлачу экен.

Сулуу, кооз нерселерге көз кумарын арттырып, аларга арнап обон чыгарып, безилдеп сайрап, жаагын жанчу дешет.

Ошол күнкү керемет көк желе анын делебесин бөтөнчө козгойт. «Ажайып сонунду аралап көрөйүн, анын сулуулугун, кооздугун өз көзүм менен көрүп, мейли анан өлөйүн», – дейт.

Ушундай чечимге келген ал уясынан учуп чыгып, оболоп көктү көздөй кете берет. Көк желе да улам бийиктей берет.

Нокоттон да кичирейгенге чейин көккө көтөрүлөт. Канаттары талып, деми кыстыгат. Анткени, ал абасы жок асманга жетип калган эле. Аба жетпей түтөккөнүнө, канаты талып алсыраганынан, көзү тунарып көрбөй калганына карабай, ал көк желени көксөп, көз алдына элестетип, акыркы алы, эң акыркы дарманы калганча оболой берет, бийиктеп уча берет.

Бир кезде канаттары талыгандан таштай катып, топтой зуулдап төмөн кулайт. Мупмуздак абаны жиреп бараткaнда элдир-селдир эсине келип, көзүн бир ирмеп алганга жарайт.

Жайылган канаттары гана анын жанын аман алып калды. Болбосо жерге түшсө – жанчылып, ташка тийсе – талпагы да калмак эмес.

Ошол ободон оңкобаш атып келатып, туптуура өзү уя салган бакка туш келгеничи. Баягы тааныш даракты көрүп, өз уясын, өлөң төшөгүн эстеп, акыры кайратын жыйып, ичке бутактын бирин бир буту менен апчый кармоого үлгүрдү.

Тобокеч, мына кызык! Канат-куйругунун учтары көгүлжүм-жашыл, төш жүнү күрөң. Дагы жакшылап караса, канаттарынын ортосу кызыл-ала, сары-ала. Тумшугунун тегерегин, төбөсүн өзү көргөн

жок. Бирок, коңшу чымчыктар көзүнүн тегереги мала кызыл, төбөсү кара, жанда жок кооз, тим эле күндүн желесиндей түрлүү болгонуна таңыркашып, такташып, суктанып жатышты.

– Укмуш, сен бачайыдан да коозсуң!

– Эми сени боз чымчык дебей, бачайы дейбиз, бачайы атка кондурабыз, – дешти, коңшу чымчыктар.

– Сен буга татыктуусуң. Анткени, сен каалооң, самооң, эң негизгиси – эр жүрөктүүлүгүң, аракетиң менен баарыбыздан кооз болуп калдың, – дешти бир ооздон.

Ошентип, бир кездеги боз чымчык эңсөөсү, самоосу менен, жан кыйганга тобокел кылган каалоосу менен, анан да алына жараша албан аракети менен бачайы чымчык болуп калыптыр.

## КӨПӨЛӨК ЖАНА КУМУРУСКА

Аптапта кооз канатын кагып, арык жээктеп учуп чыкты жалгыз көпөлөк. Гүлдөн гүлдү тандап, кээде адашып жалбырак жандап, эч капарсыз жашоосун жалаң гүл үстүндө өткөрөм деп өзүнчө кеп салып, багыты жок кете берди баягы кооз канаттуу көпөлөк.

Учуп жүрүп, ар нерсени жактырбай күлүп, келе жатса эмгек кылып жаткан кумуруска кезикти ага.

– Ап, байкуш ушинтип жашабай эле койбойсуңбу. Томполоңдоп жаның тынбайт, сенден башка эч ким жумуш кылбайт. Мени карачы гүл жыттап учуп жүрөм, ушинтип өмүр сүрөм, – деп кумурусканы шылдыңдагансып карап калды көпөлөк.

– Менин атым кумуруска, кыйынмын мен жумушка. Сөзүңдү айт тез, болбойт минтип турушка.

– Иштесең иштей бер, топуракты тиштей бер. Кармап турган жерим жок, менин болсо кардым ток. Көкөлөп учам, таза аба жутам. Сага окшогондорду көрсөм көңүлүм иренжип, жүрөгүм айланып кусам, – деп көпөлөк чамбыл-ала болуп иштеп жаткан кумурусканы таштап учуп кетти көкөлөп.

Бирок, көпөлөктүн көкөлөп сайрандоосу көпкө созулган жок. Жамгыр жаады, кар жаап кыш келди. Суук түшө баштады. Көпөлөк баягыдай болбой кубаты кетип, кумурускага учуп келди жетип.

– Айланайын, жайында сайрандап жүрүп, кышка камды көрбөпмүн. Сен үйүңө кийир мени. Суукта каякка барам. Жылуу жайды кайдан табам? Быйыл үйүңө кыштап чыксам, жайында тамды салам.

– Сен мени көргөндө кускум келет деп...

– Жо-жооок ал бекер айтылган кеп. Андан көрө мени үйүңө кийиргениң эп. Антпесе өлөм, суук тийип, ысып чыкты денем.

– Менин үйүм тар, киргизбейм, эртелеп үй таап ал.

– Анте көрбө, акылыңа кел. Үйүңдүн бир бурчун гана бер.

– Үйүмө кантип батасың. Канатың далдаят, кандайча жатасың.

– Эптеп эле.

– Эптегенге болбойт. Сен көркүңөн кетесиң. Алдагы коздукту сактоо керек.

– Аның туура. Эми каякка барам?

– Бул жерде турба. Учуп кет, чөлгө, кумга. – деп кумуруска эшигин жаап алат.

Алы жок шалдайып. Канатын кагып көпөлөк кайра учуп чыгат. Аңгыча айткандай эле каттуу

шамал жүрүп, кар аралаш жаан болот. Көпөлөктүн көзү жашка толот. Шашакалактап калды ал, болбосо өмүр соолот.

Канчалык көкөлөп учайын десе алы жок, байкушка эмине болду?

## КИРПИ ЖАНА КОЁН

Бир коён токой арасында эски үйдө жашап туруучу. Жалкоолугунан турмушу өтө начар эле. Ал үйүндө сейрек болуп, көп аярлабай күн сайын дан куурай терип жеп токойду аралап жүрө берүүчү.

Кээ бирөөлөр жолукса өпкөсүн кагып сүйлөп, кээсин ыксыз эле мактанып, жекирип тилдеп, бирөөнүкүнө конок болуп калса үйүн унутуп, жүрө берүүчү ырдап, бийлеп.

Бир күнү коёндун кароосуз калган үйү жамгырга эзилип, бузулуп калат. Коён эми кайда барат? Үйдү кантип салат?

Алаңдап жүрүп ал кирпиге жолугат. Коён кирпи менен кошуна туруп калат.

Бир күнү коёнду кирпи конокко чакырат. Коён жасанып таранып, кирпиникине жөнөп калат. А дегенде эле коён үйгө кире электе эшик алдында жайнап чыккан коко тикендер анын бутунан, жан жагынан чагат. Коёндун ачуусу келип анда-мындан бир секирип кирпинин үйүнө тез эле кирип барат. Барса кирпи үрпөйүп отурат. Аңгыча анын балдары коёнду чуркурап жабалактап тосуп алат. Кирпинин балдары коёнго жакындаганда эле ийнелери коёндун денесин саят. Коён чочуп бакырып, көзүн колу менен жабат.

– Кел, кел төргө өт – деп үрпөйгөн кирпи колун суна салат. Баятан бери урунуп-беринип жүрөгүндө тикендер кирип, кирпинин балдарынын ийнелери денесин чийип, эми кирпинин кебетесин даана көрүп, кол берүүдөн корккон коён негедир кетенчиктеп чоочуркайт. Кирпи бул эмнеси дегендей ага жакындайт. Коёндун көзү бакырайып, кирпинин узун-узун болгон коркунучтуу ийнелерин көрүп, эшикке безет да, бат эле үйүнө жетет.

Коёндун мындай абалага келгенине эмне себеп? Кана эмесе балдар ким айтып берет?

## САРАМЖАЛ КУМУРСКА

Илгери, илгери жер бети такыр башка болгон дешет. Азыркыдай бак-дарактар, тоо-таштар, дөңойдуңдар болбоптур. Ал кезде бүтүн дүйнөнү суу каптап жатыптыр. Жандык аталгандын бардыгы сууда жашап күн көрүшчү экен. Сууда тамактар да мол болуп, суу жандыктары бири-бирине эч кандай кордук көрсөтүүнү ойлобоптур. Бири жеген тамакты экинчиси жеп, бири кийген кийимди экинчиси кийип, меники сеники деп талашпай жашай беришиптир.

Ошентип бул жандыктар суу ичинде эч өзгөрүү жок жашай беришмек. Бирок канча жылдар өткөнү белгисиз, жердин бир жагын суу каптаса, экинчи жагында жер пайда болуптур. Мурда сууда жашагандардын тең жарымы кургакта калат. Далайлары сууга жетебиз деп жете алышпай, анан акырында жердин турмушуна көнө башташат. Жер бетинде тиричилик жүрүп, анда жашагандардын өзүнчө

падышасы болот. Мындай кабар суу падышасына жакпайт. Анткени бүт ааламды ээлеп көнүп калган эмеспи. Ошондуктан ал суу жээгинде кароол койдуруп, жерде жашагандардын кимиси жакын келсе дароо кармап алып деңизге таштай берүүгө буюрат. Ушундай жол менен ал бүт жандыктарды кайра кайрып алгысы келет. Бирок жер бетине көнүп калган эмелер эми кайдан суудa жашагылары келсин. Ошентсе да суу падышасы өктөмдүк кыла бериптир.

– Урматтуу падыша, суу падышасы деңиз ичинде согушабыз деп жатыптыр, макул болбоңуз, чөгүп кетесиз. Тескерисинче аны жердин үстүнө чакырыңыз,– деген кеңешин айтат.

Ошол эле күнү кумурска суу жээгине келет. Күзөттө тургандар аны дароо кармап алышып, суу падышасына алып барышат. Анткени менен ар бир жандык анын алдынан өтүп, эсеп чот берип турчу. Ошондуктан бир дагы жандык жашыруун көз жаздымда кала алчу эмес. Кумурсканы анын алдына алып келишкенде падыша ага таң калбай коё алган жок.

– Сен кимсиң?

– Кумурскамын.

– Кайдан, кантип келдиң?

– Жер үстүнөн... адашып, кокусунан мени кароолдогулар кармап алышты. Ошондо «жер» дегенди уккандар коркуп кетишет. Кантсе дагы жер үстүндө жашап көрүшпөгөн да. Ал жактан алынган кабарлар аябай коркунучтуу болучу. Падышанын да жүрөгү солк этип барып токтойт. Бирок сыр алдырбайт, анткени падыша эмеспи, эл башкарат.

– Колуңдан эмне келет? – дейт ал Кумурскага.

– Баары келет: тамак жеген, уктаган, иштеген. Анан мен эмнени көрсөм ошону жыйнайм.

– Жер үстүндө кандай кабарлар бар?

– Согуш болот деп жатышат. Жердин падышасы сизди жердин үстүндө согушууга аргасыз кылам дейт. Сиз ага макул болбоңуз. Жердин үстүнө чыксаңыз демиңиз кысталып, аба жетпей, көз жумушуңуз мүмкүн.

Падышанын каары катуу болгон менен кең пейилдик жагы бар эле. Жер бетинен келген жандыкты анча жактыра бербесе да, жашай бер деп койду. Ал эми бул учурда жердин падышасы «ырас эле суу ичинде кантип согушууга болсун» деп баш катырып жаткан.

– Мен ал көк дөөнү жер үстүнө чыккын дейм!

Көк дөө да өзүнчө чамынды:

– Жерде эмес суу ичинде салгылашабыз!

Ошентишти да эки тарап тынып калышты.

Бул жоболоңдуу жорукта кичинекей кумурсканын чоң мээнети бар экенин эч ким билбей калды. Кумурска болсо көрүнгөн нерсени жыйнап, анын бул жоругуна таң калышса да анчалык көңүл бурушкан жок. Кумурска болсо жаңы жерде деле мурдагы ишин уланта берди. Суу жандыктары тамактанып, сейилдеп, чогулуп алып уламыштарды айтып жатышканда кумурска эч ким көңүл бурбаган нерселерди чогултуп жүрдү.

– Эй кумурска, эс ал, жаныңды кыйнаба. Сенин бул жыйнаганыңдын кимге кереги бар. Андан көрө бизге окшоп үй кур, конокко чакыр, көргөн-билгендериңди айт.

–Туугандар, шашпагыла, айтып берем. Азыр убактым жок.

Ошондо суу жаныбарлары кумурсканын эмне менен алек болуп жүргөнүн көрүүгө кызыгып калышат. Дуу түшүп барып карашса кызыга турган деле нерсе эместей. Көрүнгөн жерде томпоюп-томпоюп бирдемелер жатат...

– Кумурска, буларың эмне? Ушул үчүн да күнтүн дебей жаныңды кыйнап жүрөсүңбү?

– Мен суудагы эң сонун чөптөрдү жыйнап жүрөм. Карагылачы! Силер жардам берсеңер жакшы болор эле.

– Жок, жок, сен өзүң жыйнасаң жыйнай бер, бирок бизге андай кепти айтпа, – деп бардыгы чуулдап жиберишти.

– Ай акылсыздар, бүгүнкү күнүңөр менен гана жашабай, эртеңкини да ойлогула!

– Эмне дейт? Кайдагы эртеңкини айтат бул?

– Эртеңки деп мындан ары да жашай турган көп-көп күндөрдү айтып жатам.

– Андай экенсиң жанагы жыйнагандарыңдын эмне кереги бар экенин айтчы?

Кумурска аларга ар кайсы коңулдагы чөптөрдү көрсөтүп:

– Бул ачка болгондо, тиги кимдир-бирөө ооруп калганда, ал эми бул болсо балдарыбызга керек,– деди.

Ошондо суу жандыктары анын аракеттерине түшүнө алышпай:

– Биз эч качан ачка болбойбуз!

– Ооругу дегенди билбейбиз!

– Балдарыбыздын карды ток! – деп чыгышты.

– Балким сен бизди коркутайын деген чыгаарсың? Тиги... жанакы жер дегенден эмнеге келдиң? Ал жакта да башкаларды коркутуп, үркүтүп жүрбө? Тигини жыйнайм, муну жыйнайм деп дегеле кой мунун сарамжалын!

Ушундай күндөрдүн биринде суу жандыктарынын падышасы узак сапарга чыкмакчы болот.

– Кулак салгыла, урматтуу падышанын жолунда ийнедей ичке тоскоол болбосун! – деген кабар тарайт. Падыша сейилге чыкканда коркоктор коңулга кирип, жүрөктүүлөрү салам берип ийилип, сапарга узаткан дешет. Суу падышасы ордунан козголгондо толкундар тоодой көтөрүлүп, аалам чайпалып барып токточу экен. Анан мындай зор падышага ким деген каршы тура алмак. Баса, ал кол алдындагы жандык аттууну бир көрсө болду унутпай турганын билесиңер го. Мына ошентип, сапар тартып баратып байкаса кимдир бирөө жетишпейт. Демек аны бардыгы урматтайт деген калп турбайбы! Кумурска жок!

– Кумурска кайда? Кайда кумурска? – деген үндөр ааламга таркап кетти. Кумурска болсо бул тапта падышанын сапарга чыкканы менен иши жок өз аракетинде жүргөн.

– Аны азыр эле алып келе коёбуз, урматтуу падыша!

– Жок, аны мен өзүм барып көрөм!

– Сен мени тосууга чыккан жоксуң!

– Мен иш менен жүрдүм, урматтуу падыша!

– Эгерде ишиңдин пайдасы болбосо мен сени жутуп салам. Көрсөт!

– Жарайт, урматтуу падыша. Бирок сизге бир өтүнүч, мүмкүн болсо ордуңузга кыймылдабай бир аз тура турсаңыз. Эгер кыймылдасаңыз деңиз чайпалып, менин жыйнаган, тергенимдин дайны табылбай калабы деп корком.

Жер үстүндө ушинтип мелдеште кантип утуп чыгуунун жолун таппай жатышканда аларга кумурска келет. Кумурсканын эмне айтып, кандай

кеңеш бергени белгисиз. Бирок ал кеткенден кийин падыша баш болгон анын жан жөкөрлөрүнүн кабагы ачылып, күлкүлөрү шат чыгып калат. Жердин падышасы минтип кубанычка батып жатканда деңизде чабармандар ары чапкылап, бери чапкылап суу падышасынын байлыгын кантип көрсөтүүнү билбей жатышкан. Анткени алар деңизде эмне байлык бар экенин ойлоп да коюшчу эмес.

– Мага кумурсканы алып келгиле, – деп буйрат падыша. Ал кумурсканын эмнелерди жыйнап жүргөнүн баамдап калган.

– Урматтуу падыша, ошол кибиреген неменин колунан бир нерсе келет деп ойлойсузбу?.. Анын тиги... көр жерди чогулткан неме экенин билерсиз... Кечириңиз, азыр, азыр эле кумурска алдыңызда болот.

Падыша менен кумурсканын ортосунда кандай кептер болгонун эч ким билбейт. Бирок мелдеш башталган күнү падыша жээкти карай сүзүп жөнөгөндө анын тулку боюнун коздугуна суктанбаган жан калбайт. Көз тайгылткан асыл таштарга оронгон падышаны мурда эч ким көрбөптүр. Бардыгы «кантсе да биздин падыша жеңет» деген ойдо артынан чубашат. Тилекке каршы мелдеште эки падышанын бири да утпайт. Анткени жер падышасынын коздугу да суу падышасыныкынан кем эмес экен. Анын тулку бою айтып түгөткүс түркүн гүлдөргө чулганган. Эки тараптан каптаган жандыктар жеңишти бөлүштүрө албай коюшат, да, ар тарап өз жагына кайтышат. Ошентсе дагы ар кимисинин көөнүндө жакшы ойлор калат. Суу падышасынын көз алдынан үлбүрөгөн назык гүлдөр кетпейт. Жер падышасы өздөрү жашаган ак сарайларды кооз таштар менен жасалгаласа кандай сонун болор эле деп ойлойт. Бирок эки пады-

шанын оюнунун ишке ашуусу кыйын болчу. Себеби экөөнүн тең ойлогону бир-бирин өзүнө баш ийдирип алуу эле да. Анын үстүнө алар жолугушкан сайын ачуу сөздөрдү айтышып, бири экинчисине үстөмдүк кылууга аракеттенишкен.

Ушул мелдештен кийин суу падышасынын кулк мүнөзү өзгөрүп кетти. Кол алдындагы жандыктарды кууруп жиберди. «Жалкоосуңар, жатып ичерсиңер» деген сөздү эми алар күн сайын угушчу болду. «Эмне үчүн жерде өскөн гүлдөр сууда өспөйт» дегендей болсо падышанын жанына эч ким жакын даап бара албайт, Жер бетинде да тынчтык азайды. Суу жандыктары уят сыйытты коюп эле жер бетиндеги гүл аттуунун баарын уурдап кетишчү болду. Жердин падышасы буга ачуусу келип, колго түшкөндөрдү сабоого буйрук берди. Аябай таяк жеген суу жандыктары экинчи жер бетине чыкканды коюшту. Ошентип суу падышасы гүлсүз калды.

– Жерди көздөй аккан суулардын бардыгы тосулсун! – деген буйрукту берди ал күндөрдүн биринде.

– Оо кокуй, анда жер үстүндө тиричилик бүтөт! – деп чебелектеген кумурска жолго чыкты. Жер бетинде бул кезде каран түн түшүп калган. Суусуз чаңкаган жандыктар бет алды кулап жатышкан. Ал эми бак дарактар болсо акыркы тамчы сууларын жутуп, алсырап баратышкан. Кумурска жер падышасынын гана короосунда өсө турган башкалардан өзгөчө бир түп алманы билчү экен.

– Урматтуу падыша, эгер сен бир тоголок алманы суу падышасына жиберсең өзүнүн буйругунан баш тартат, – деди кумурска падышага келип.

– Бир тоголок эмес, керек болсо бир түптү жиберем!

– Ал көптүк кылат. Сен бирди гана жибер.

Суу падышасы кумурска алып келген алмага күнү-түнү менен карап отурган дешет.

– Урматтуу падыша, анын даамын татып көрүңүз! Жердин падышасы сиздин улуу урматыңызга белекке жиберди.

Мындай сөздү укканда суу падышасынын кабагы ачыла түштү. Ал эми алманы жеп көргөндө көңүлү шат болгонун айтпагыла. Эми күн сайын жеп турса кандай сонун болор эле. Демек ал мындай алманы өздөрүндө өстүрөт.

– Падышам, ал деңизде өспөйт. Жерде гана өсөт.

– Анда жердин падышасы күн сайын мага бирден алма жиберип турсун.

– Туура айтасыз урматтуу падыша. Бирок бүт өсүмдүктөр суу менен өсө турганын билерсиз. Негедир жакындан бери суу тартылып, жер бетиндеги үлбүрөгөн гүлдөр, жер-жемиш, алмалар соолуп калды. Жердин падышасы акыркы алма болсо да ооз тийип калсын деп шашылыш жиберген эле. Сизге жакканын көрүп турам.

Суу падышасы ойлонуп, ойлонуп отуруп Кумурскага асыл таштардан берип, жөнөтүп жиберет. Кумурска жерге келсе бардыгы мурдагыдай кулпуруп калган.

– Сизди урматтап суу падышасы асыл таштарды жиберди. Эгерде сиздин көөнүңүзгө туура келсе алым сатык жүргүзсөк деген ою бар экен. Макул болуңуз, жаман болбойт, – дейт ал жердин падышасына.

Ушундан тартып эки тарап бири-бирине үстөмдүк кылабыз дегенди таштап, тынч жашап ка-

лышыптыр. Ортодо чабарман болуп, бардыгынын ойлогон сарамжал кумурскага эки падыша ак сарайда жашоосун өтүнүшүптүр. Бирок кумурска ар нерсени жыйып тергенден колу бошобогондуктан ага эркин талаа, тоо токойдон орун беришиптир. Кумурска жерде жүрүп-жүрүп, анан бактын башына чыгып, дүйнө жүзү тынч бекен деп карап коюп кайра түшүп, сарамжалдуу оокатын уланта берет экен.

## БӨДӨНӨ

Бытбылдык, бытбылдык,
Чөптөн чөпкө корголоп,
Жанды баккан биз болдук,
Кыргый бизди кырып жейт,
Жагалмайы жалмап жейт,
Күйкө кууп кууруп,
Турумтай жолдон тосуп жейт.
Канаттуунун баары кас,
Бизди аябайт боору таш,
Эч зыянсыз болсок да,
Эң эле көп шорубуз.
Жашынарга кең жер тар,
Жандуулардын корубуз.
Мунубуз аз келгенсип,
Түлкү шүмшүк шимшилейт.
Кышкысын жем бергенсип,
Кылт эттирип илип жейт...

деп байкуш бөдөнө калың чөптүн арасында өзүнүн арыз-арманын айтып отурган. Аңгыча куу түлкү ырас эле шимшип келатып, бөдөнө муну «шүмшүк» атаганын угуп калды. Эми эч бир дабыш чыгарбас-

тан, боору менен акырын жылып, бөдөнөнү астыртан издей баштады. Аны билбеген бөдөнө ичтеги сырын ачып, дагы сайрады:

Аңдып жаткан түлкү бөдөнөнү лып баса калып:

–Токтот тантыган кебиңди! Сен эмне деп отурасың? Мен сага «шүмшүк» же «ары жок» имишпи? А сенин «ардууң» ким, я? Же дагы эле баягы адамбы? – деп каардана сурады.

Бөдөнө айласы кетип, асыл жандан үмүт үзүп, тили сайрамак түгүл, күрмөөгө келбей, эмне кыларын таптакыр билбей, түлкүнүн астында былк этпестен жатып калды да:

– Адам калыс жана боорукер эмеспи... Ал мени капаска салып, ардактап баккан, – деген жоопту кайтарды.

–Акмак! – деди түлкү. – Аның ырас:

Адам сени капаска салат,<br>
Семирсин деп жакшылап багат.<br>
Семиртип алып, башыңды кесип,<br>
Бирден терип, жүнүңдү жулат.

– Отко какталбай эле, капаста жыл бою сайрап отурган бөдөнө аз эмес, – деп бул байкуш дагы сүйлөдү:

–Акылсыз кемпай! – деп түлкү ого бетер катуу какты. – Мунуң да чын:

Адам сени жыл бою багып,

– Сен туура айтып жатат окшойсуң, түлкү, – деп бөдөнө бул сөзгө макул болду.

– Эмесе сени жей берейинби?

– Эрк өзүңдө.

– Жок, азырынча жебейм, – деп куйту митайым шаттана сүйлөдү. – Өзүң айткан көп чычканга туш келе калып, жолдо аябай тойдум. А сен кайда качмак элең! Курсагым ачкан кезде жеп коюш оңой.

Андан көрө мени күлдүр. Адамдан өчүмдү алып бер. Адамда өчүм эң көп. Сен аны мыскыл кылгын, мен четтен карап туруп, каткыра күлөйүн.

Бөдөнө буга да макул болду. Түлкүнүн астына түшүп, тигинде көрүнүп турган жалгыз үйгө карай жорголоп жөнөдү. Түлкү анын артында боюн жашырып, көрүнбөй жойлоп жүрүп отурду.

Үйдүн жанында элечекчен аял уй саап жатыптыр. Он жашар бала аны тегерене оромпай тээп ойноп турат. Түлкү арыктын ичине жашынып, бөдөнө бырпырап учуп, аялдын так башына конду. Анысы аз келгенсип: Бытпылдык, бытпылдык, Эгин экпей ит болдук. Көрүнгөндүн жемибиз, Канаттуунун кемибиз, – деп сайрап да жиберди.

Уйду шашып саап жаткан аял бөдөнө кайда сайрап отурганын билген да жок. Ойноп жүргөн бала аны көрө коюп:

– Апаке, былк этпегин! Мен азыр чаап алайын, – деп жүгүрүп барып, колуна тийген баканды катуу шилтеди; бөдөнө дагы бырпырап учуп, эненин элечеги жерге кулап, уй чаканы тоголото тээп, сүт төгүлүп, өтө чочуган аял бир гана бакырып, ошо бойдон эси ооп жатып калды.

– Ыракмат, досум, – деди түлкү. – Мен сага абдан ыраазы болдум. Аябай күлдүрдүң ... Аттиңай, тигил аял калың элечек кийип эмес, жоолук салынып отурса, бакандын учун жарып кетмек. Ошондо менин өчүм чындап канмак. Бирок азырынча ушул да жетер... Мени жалаң куу аташат. Баатырдык жагым да бар экенин бул эл билбейт. Сени өзүмө жолдош кылып, кыйышпас дос болоюн. Кана досум, коркута аласыңбы же жокпу? Эгер кааласаң, коркутуу кыйын эмес,– бөдөнө.

Андай болсо, коркут… Өзүң билип коркут. Анан экөөбүз түбөлүк достошуп, ар кимибиз өз жолубузга түшөлү. Бөдөнө тоодогу калың бадалга ээрчитип барды. Түлкүгө куйругун тиштетип, көзүн чылк жумдуруп, аралап жүрүп отурду.

Качан «ачкын» дегенде, оболу оозуңду, анан көзүңдү ачасың, – деп аябай катуу эскертти.

Колуна бүркүтүн кондуруп, кош тайганы соңунан ээрчип, бийиктен ылдый келаткан киши жетер замат бөдөнө түлкүнү ачыкка чыгарып:

– Ач оозуңду! – деди.

Түлкү оозун ачты. Куйругу бошогон байкуш култ коюп бадалга кирип:

–Эми көзүңдү ач! – деп кыйкырды. Түлкү көзүн ачты. Карай салса, лөкүйгөн кара бүркүт көкөлөп учуп, эки тайган түз качырып, түлкүнүн амалы куруп, ажалы чындап жеткен экен. Жан талаша бадалды аралап, тикенектер жүнүн жулуп, терисин тытып, бирок ошого карабай катуу чуркап өлдүм-талдым менен барып, чоң таштын түбүнө кире качты.

Жердеги тайган турсун, асмандагы бүркүт адашып, куу түлкү кутулуп чыкты. Көзү караңгылап, жүрөгү түрсүлдөп кагып, энтигип дем алалбай, узакка чейин эси ооп жатты. Кулагын түрүп аябай тыңшап көрсө, эч дабыш угулбайт.

Бөдөнө «кыйышпас досту» издеп келатып, анын зарлап жаткан үнүн угуп, алын сурап, коштошуп кайтыш үчүн жанына жакын барды:

– Алың кандай, кыйышпас дос? Аябай коркуп ыраазы болдуңбу мага?

– О, өз жанымдан артык көргөн жалгыз досум, чын сырымды жашырбай айтайын: өлө жаздап араң кутулдум. Азыр кулагым укпайт, көзүм жакшы

көрбөйт. Бери басып, жаныма кел. Анан жакшылап сүйлөшүп, жакшы коштошолу.

Бөдөнө жакын барды. Түлкү лып гана илип алды.

– Мени коркутпай эле, өлтүрмөк экенсиң э! Бүркүт менен тайгандын алдына салып бергениң эмнең? Ушундай кылганың үчүн тыткылап жейм, канат-куйругуңду жулбай жутам!..

Байкуш бөдөнө ажалы жеткенин билип, бирок ошондой болсо да, бөлөк ойго кирип, жоопту мындайча берди:

– Кыйышпас досум, сабыр кыл! Сенин курсагыңа дос бойдон кирейин. Адамдын капасына түшүп мен да көп сайрагам. Бөлөк бөдөнө менен кармашып, далай-далай байгени алгам. Акыры оңтою келе калып, ал үйдөн качып чыккам. Бирок чоң олжону жүктөнө чыктым: адамдан окуу, илим-билим үйрөнүп, анын пайдасын нечен көрдүм. Эми эң акыркы достук ушул болсун: сени да бир аз окутуп кетейин.

– Окут. Балким, мага да пайдасы тиер?

– Тийбей анан!

– Эмесе бат баштагын.

– Берен түлкүм, «Бы» дегин!

– Бы.

– Эпчил түлкүм, «Э» дегин?

– Э.

– Тапкыч түлкүм, «Ты» дегин!

– Ты.

– Мыкты түлкүм, «Мы» дегин!

– Мы.

– Оён түлкүм, «О» дегин!

– О.

– Айлакер түлкүм, «А-а-а» дегин!

– А-а-а...

Ошентип куу түлкү «а-а-а» деп турганда, бөдөнө култ коюп учуп кетип, түкең оозун аңырайтып ачкан бойдон кала берди.

## ТОПУЛУУ ЧЫМЧЫК

Илгери, илгери бир топулуу чымчык болуптур. Ал бир күнү боз карагандынын бутагына конуп отурса топусу жерге түшүп кетет.

– Боз караганды, боз караганды топумду алып берчи? Сенин топуңду алып бермек түгүл беш эчки келип бүрүмдү жейби деп коркуп жатам. Анда сени беш эчкиге айтайын. Беш эчки, беш эчки боз карагандынын бүрүн жесеңчи? Боз карагандын бүрүн жемек түгүл, бай келеби деп коркуп отурам. Анда сени байга барып айтайын. Бай, бай беш эчкини өлтүрсөңүз? Беш эчкини өлтүрмөк түгүл чычкан казымды шимийт деп коркуп турамын. Анда сени чычканга айтайын. Чычкан, чычкан байдын казысын шимисеңчи! Байдын казысын шимимек түгүл балдар ийиниме суу куябы деп коркуп жүрөм. Анда сени балдарга айтайын. Балдар, балдар чычкандын ийнине суу куйсаңарчы. Чычкандын ийнине суу куймак түгүл чүкөбүздү уттуруп, даакыбызды тыттырып, музообузду эмизип, ыйлап отурабыз. Анда силерди энелериңерге айтайын! Энелер, энелер балдарыңарды урсаңарчы! Чүкөлөрүн уттуруп, даакыларын тыттырып музоолорун эмизип ыйлап отурушат. Балдарыбызды урмак түгүл куюн келип жүнүбүздү учурат деп коркуп отурабыз. Анда куюнга айтайын! Куюн, куюн аялдардын жүндөрүн

учурсаңчы! Ал куюн келип аялдарга, аялдар балдарына, балдар чычкандын ийнине, чычкан байга, бай беш эчкиге, беш эчки боз караганга келип, боз караган топулуу чымчыктын топусун алып берген экен. Ошентип баарынан куюн баатыр болуптур.

## КЫМЧА БЕЛ

Ал жаткан жер абдан тар жана капкараңгы эле. Анын сыртка чыккысы аябай келгендиктен жанталашып бир жерди эки колдоп тырмалай берди. Бир кезекте «жылт» эткен кичинекей жарык пайда болду. Анын чыдамы биротоло түгөнүп шашыла тырмалап жиберди эле жапжарык боло түштү. «Бул» эмнеси?» деп ойлоду ал, таң калып. Көз уялткан жарык ачыштырып жибергендиктен көздөрүн жуумп жиберди. Анан, көздөрүн чочулай акырын ачып, башын тешиктен аярлай чыгарып, эки жагын таңдана карады.

Кызык. Ага окшоп ак, сүйрү, жумуру нерседен тырмалаңдап чыгып жаткандар абдан көп экен. Бир топтору небак чыгып алышып эки жагын аңырая таң калып карап чочуркай делдейип турушат. Алар – томолок башында асманга тикчийген эки мурuттары бар алаң көз, белдери кындырдай ичке, сулуу жандыктар экен. Ал дагы тешиктен эптеп суурулуп чыкты да колу-буттарын керип ырахаттана чоюла боюн жазды. Денеси жазылып, жаны жыргай түштү. Сыртта абдан сонун турбайбы! Жарык, кенен…

– Эй, акырын керилгин, белиң үзүлүп кетпесин, Кындыр Бел, – деп жанында турган бирөө кыйкырды эле, калгандары дуу күлүштү.

– Айий, чын эле бели аябай ипичке экен деди дагы бирөө.

– Кындыр Бел, Кындыр Бел, – деп тилин сунуп мазактап ырсаңдады анын жанындагысы. Аны карап Кындыр Бел «бырс» күлүп:

– Өзүңчү? Сен Бакан оозсуң, – деди. Эми баары тигини карап боорлору эзиле күлүштү. Чындыгында эле тигинин оозу бир кулагынан экинчисине чейин жетип аябай чоң экен.

– Алжаң ооз.

– Араан ооз.

– Бакан ооз, – деп шылдыңдашып баары шарактап каткырып, эликтеп жатышты. Атына теригип кетти көрүнөт оозу чоң жанакы күлкүсүн токтотуп Кындыр белди жаман көзү менен акырая карап кызыраңдады: – Көп жиниме тийбегин, болбосо көргүлүктү көрүп каласың. Кындыр бел ого бетер кыткылыктап:

– Ой мунун коркутканын, тим эле. Сенден мен түк да коркуп койбоймун. – Быш – деди. Тиги жабыша калды, экөө тытышып күрөшө кетишти. Алар ит жыгылыш болуп жерге кулап түшүп, тытмалашып калышты. Калгандары теректеп:

– Колун кайры!

– Мойнун бура!

– Белин сындыр, – дешип чуулдап сүрөп жатышты.

Аңгычакты:

Токтоткула! Бул эмне шумдук? – деп күрүлдөгөн үн чыгып калды. Бир заматта тымтырс болуп үн чыккан жакты баары жабыла карап калышты. Жана чоң таш тосуп турган жабылуу эшик ачылып өзүлөрүнө окшош, бирок, алда канча чоң бирөө туруптур.

– Бул эмне деген ээнбаштык?! Кана тизилгиле – деп ал ачуулуу күрүлдөдү. Үнү жер титиреткен абдан жоон, бийик экен. Коркcондорунан карбаласташып баары бир заматта кыркалай тизиле калышты.

– Мына ушундай. Экинчи ээнбаштык кылсаңар жазалаймын, – деди сүрдүү көздөрү менен чыдырата тиктеп. – Эмесе мындай, кулак салгыла. Силер ким экендигиңерди, албетте, белсиңер. Силер – эмгекчил, кызгылтым кумурускалар деп аталасыңар. Кызгылтым кумурускалар абдан тартиптүү, ынтымактуу жана эмгекчил келишет. Бул сыймыктуу атты алып жүрүүгө татыктуу болуу керек. Эсиңерге бекемдеп түйүп алгыла. – Ал аркы-терки баскан сайын баардыгынын баштары аны ээрчий буралып жатты. – Анда эмесе силерди чаташтырбас үчүн ат коюга өтөлү. Ар ким өз аттарын эске бекем тутуп калуусу зарыл. – Сен Чоң Башсың – деди сөөмөйү менен алдында турган башы казанбактай кумурсканы чукуй көрсөтүп. – Ал эми сен болсоң Кыл Моюнсуң, сен – Алаң Көз, сен – Чоң Тамансың – деп ар кимдин келбетине жараша аттарды шакылдатып коюп кирди. – Сен Бакан Оозсуң, – деди жанакы оозу чоң кумурскага. Жанараак өзү шылдыңдап койгон атты укканында Кындыр Бел токтоно албай бырс күлүп жиберди.

– Бул эмне деген күлкү?! Кана, ким күлдү?– деп түктүйө чоң кумурска Кындыр Белди карады. – Сенсиңби Кымча Бел? – Эми жамажайы кулагына чейин жайылып Бакан Ооз бышкырды.

– Чымча Бел, Бакан Ооз экөөңөр тигил четке барып тургула. Тартип бузуп сөзүмдү бөлгөндүгүңөр үчүн баарынын артында куйрук болуп жүрөсүңөр – деп экөөнү желкеден алып катардын эң четине

тургузду. Тигил экөөнү эликтеш, бирок, чоң кумурскадан корккондорунан кичине кумурскалар көздөрү менен гана күлүп жатышты. Бул жазага Кымча Бел кабак-кашым деп да койгон жок. Тескерисинче, ушул арты ага жагып калды, эмне кылсаң да эч ким байкабайт. Каалашыңча эки жагыңды каранып, ойноп берсең да болот.

– Баарыңарга ат коюлдубу? Анда эмесе менин артымдан жүргүлө – деди чоң кумурска. Баары чубашып анын артынан ээрчип жөнөштү. Алар, куйрук улаш салынган биринен-бири кенен ээн бөлмөлөрдү аралап отурушуп акыры бирөөнө келип токтошту.

– Бул, тамактануучу жай. Ашкана. Бейбаштанбай курсагыңарды тойгузгула. Андан соң мектепке барабыз, – деди чоң кумурска.

– Чоң кумурска, а мектеп деген эмне? Ал кайда, анда эмне бар, эмне кылабыз? – баарын билүүгө дилгирленген Кымча Бел шашкалактап суроолорду жаадырды.

– Аа, дагы сенсиңби, Кымча Бел. Биринчиден менин атым Акылман Ага. Силердин тарбиячыңар болгондуктан мугалим же агай деп кайрылсаңар болот. Ал эми мектепте болсо силерди окутабыз. Кумурскалардын тиричилиги үчүн эмнелер керек, аларды кайдан, кантип табууга болот, душмандан кантип коргонуп, аны кантип жеңүү керектиги жөнүндө сабактарды өтөбүз.

– Агай, дос, душман деген кимдер? Алар кайда, кандай болушат? Айтып берчи? Мугалим? – Кымча Бел адатынча дагы шашкалактады. Буларды билүү аларга абдан кызык болчу.

– Ай-ай, Кымча Бел абдан шашма экенсиң. Ар нерсенин өз убагы бар. Бардык нерсе тартиби менен

болууга тийиш. Сен ашыкпагын, өз убагында баарын түшүндүрөбүз. Балдар, Кымча Бел азыр эки ката кетирди. Байкаган жоксуңарбы? Мугалим деп мен жок жерде айтсаңар болот, кайрылганда агай дешиңер керек. Экинчиден улууларга сиз деп кайрылып кичипейилдик көрсөтүү керек. Кана, тамакка карагыла, – деди мугалим. Жанатан чоң кумурскалардын улам бири келип-кетип, ташып жатышып узун, жыгач тактанын үстүн жыты буркураган дүрдүйүм тамактарга толтуруп жиберишкен эле.

Кымча Белдин табити тамакка эч тарткан жок. Ал көп эшиктердин улам бирин кызыга карап, анын ары жагында кандай, эмне бар экенин билгиси келип кызыгып жатты. Акыры чыдамы түгөнүп мугалим нары бурулганда жакын турган эшикке култ этип кирип кетти. Байкап калган мугалим:

– Кымча Бел, кайт артка! Сага сыртка чыгууга али эрте – деп артында кыйкырып кала берди, Артынан куубасын Кымча Бел билген эле, себеби, калган кумурскалар да чилдей тарап кетишмек.

Алгачкы ийгилигине шерденген Кымча Бел улам бир эшиктен өтүп туш келди безип баратты. Алдынан чыгып таңыркай карашкан чоң кумурскаларды буйтап өтүп тызылдап чуркап кете берди. Аңгычакты жылчыктарынан көз уялткан жарык түшүп турган эшикти көрө коюп бар күчү менен ошол жакка умтулду. Алдынан узун колдорун тарбайта тосуп эки кумурска чыкты эле экөөнүн ортосунан өтө качты. Берки экөө сүзүшүп, күңкүлдөшүп урушуп калышты. Мына, эшикке да жетти. Ал бир нерсеге чалынып жыгылып оңкочок атып кетти. Кымча бел ордунан атып туруп таң калгандан оозу ачылып калды.

Көпкөк ачык асманда көз уялта жаркырап, түркүн түсүн чачып кубулуп бир нерсе илинип турду. Айланасы жапжашыл чытырман токой, жылтылдаган өзөн, абасы салкын, таптаза, чеги жок кенендик, дегинкиси керемет эле!

Ушунун баары ага тиешелүү, Кымча Белдики болучу!

Эки жагын таңыркай карап улам ары жагын билгиси келип, кызыгып, суктанып бет келди кете берди.

Чытырман токойду аралап өтүп толкуган бети күзгүдөй жалт-жулт эткен көпкөк көлгө туш келди. Анын көз уялткан бетинде абдан чоң жана кооз жандыктар сүзүп, кубалашып, таранып, сайран куруп жүрүшөт. Көлдүн ичин эңкейип карады эле ичинде да жалтырак, эң сулуу бирөөлөр каалгый сүзүп маашыркашат. Аларды карап, суктануудан эч таң танчуудай эмессиң! Ал эми асманда, зыпылдап учуп, безеленип сайраган канаттууларчы! Кубалашып жарышып, мукам үндөрүн кубулжутуп сайрачудай болсо бүткүл жан дүйнөң көшүлүп уккуң эле келет! Тим эле укмуш!

Ооба, Кымча Бел бекеринен качып чыккан эмес экен. Аракети текке кеткен жок. Бул сулуулукту, керемет жарык дүйнөнүн бир көз ирмеми үчүн бардык кыйынчылыктарды, азаптарды көтөрүүгө, чыдоого ал кайыл эле. Караңгы, думуктурган тар жанакы үңкүрдүн бул укмуштарга тең келүүсү кайда. Эми ал жакка эч качан кайрылып барбайт.

Качуудан жан үрөп чуркоодон чарчай түшкөн Кымча Бел серүүн көк шиберге колу бутун жая таштап, магдырап чалкасынан жата кетти. Анын суктануусу дагы эле бүтпөдү. Уйку-соонун ортосунда денеси көшүлүп, дүйнөсү балкып баратты.

Жарык дүйнө, жашоо кандай сонун! деп ойлоду Кымча Бел. Айтууга сөз жетпейт. Эмнеге небак эле жаралбадым экен?

Бир оокумда анын кулагына жакын эле жерден чыккан шыбыр угулду.

– Уктап жатат көрүнөт.

– Анда кудай берди. Сен буттарын карма мен колдорун байлай салайын, хи-хи-хи…

– Макул...

Магдыраган Кымча Бел өңү же түшү экенин билбей бейкапар жата берди.

Күтүлбөгөн жерден анын үстүнө «күп»этип кулап түштү да аны былк эттирбей басып калды. Мунун баары күтүүсүздөн жана ылдам болгондуктан кыйкырууга да чамасы келбеди. Көз ачып жумганча буту-колу маталып кыймылсыз жатты.

– Бул кайдагы дөөпүрөс неме, жалгыз жүргөн…

– Эр жүрөк баатыр го, хи-хи-хи…– деп кыткылдап күлгөн үн жакка башын эптеп буруп, жанында турган өзүнө окшош эки кумурсканы көрдү. Алардын айырмасы көмүрдөй капкара болучу.

– Олжолуу болдук, буюрса эң чоң сыйлык биздики. Кана, көтөр, кеттик – деди чоңураагы. Алар экөөлөп Кымча Белди ийиндерине салышты да безилдей чуркашып кайдадыр алып жөнөштү. Кымча Белдин буту-колу салпактап эч нерседен капарсыз тигилер ойноп жаткандай сезип кете берди.

Арадан бир топ убакыт өттү, ал эми тигилердин оюну бүтпөстөн жанталашып чуркоолорун уланта беришти. Акыры Кымча Бел тажап кетип сүйлөйүн деди эле үнү чыкпады. Оозуна тигилер кеп тыгып коюшкан экен. Мындай обу жок оюнга анын ачуусу келди, бирок эч айла кыла албады. Дал ошол учур-

да күтүүсүздөн алардын жолун тороп мугалимге окшогон чоң, кызгылтым кумурска пайда боло калды да ачуулана:

– Аа, каракчылар, кана токтогула! Болбосо башыңарды жулуп аламын – деп кыйкырды.

Беркилер Кымча Белди жерге таштап жиберишип экөө эки жакка тызылдап качып жөнөштү.

– Ажалың жок экен сары оозум. Мага кезикпегениңде ишиң чатак болмок. Алардын колуна кайдан түшүп жүрөсүң? – деди чоң кумурска. Кымча Бел колу-бутун бошотуп жатып.

– Билбейм. Эс алып жатсам колу-буттарымды байлап көтөрүп жөнөштү. Мен ойноп жатышат го деп ойлогом. А, эмнеси бар экен? – деп кайра тигиге таңыркай суроо берди.

– Эхе,... Ойноп жатканбыз дейт тура. Булардын ким экенин сен билесиңби? Сага алар оюнду көрсөтүшмөк. Моюнуңа кишен тагып туруп кул кылып айдап алышмак. Булар кара митаамдар. Сен булардан сак болгун. Биздин эң биринчи душмандарыбыз ушулар.

Кымча Бел сүйлөп жаткан кумурсканы баш-аягына чейин таңыркап карап жатты, Ал далылуу, бою узун, колдору жоон, өзгөчө көкүрөгү кең эле. Абдан күчтүү көрүнөт. Моюнунда кызыл бир нерсенин сүрөтү чөгөрүлгөн жалтырак, тегерек алкагы бар экен.

– А, бул эмне? Тиги эмненин сүрөтү? Аны эмнеге тагып алгансың? – Кымча Бел тигинин сөзүн бөлүп кызыкканынан чыдап тура албай сурап жиберди.

– Аа, сен алкакты сурап жатасыңбы? Бул алтын алкак, андагы оттун сүрөтү. От – баарынан күчтүү, баарын жеңет. Ал тээ асмандагы күндүн

иниси. Биздин уюгубузга бир эле кыпыны түшсө баарыбызды тыптыйпыл кылат. Андан эч кайда кача албайсың.

– Анда, аны сен эмнеге моюнуңа тагып алгансың?

– Бул алкак эң чоң эрдик жасаган баатырларга гана берилет. Албетте мындан башка алкактар да бар, бирок алардын баркы мындан ылдыйраак. Ким кандай эрдик жасай турган болсо ошонун сүрөтү чөгөрүлгөн алкак берилет. Кана, токточу, сен буларды билбегениңе караганда бүгүн эле жумурткадан чыккансың го дейм? Анан албетте сабактан качып кеттиң, туурабы? – деп чоң кумурска муруттарын тикчийтип сүрдөндү. Кымча Бел башын жерге салып:

– Туура... – деп араң үн катты.

– Мына көрдүңбү? Сабактан качкан кандай болот. Душмандын колуна түшүп өмүр бою кул болуп кала жаздадың, аның аз келгенсип өөдүк-сөөдүк суроолорду берип менин мээмди оорутуп, убактымды алып жатасың. Дагы жакшы жөргөмүшкө же жапайы аарыга кезиккениңде соо калбайт болчусуң. Кана, баскын, – деп Кымча Белди алдына салып айдап жөнөдү. Качан гана уюкка келип жеткенде:

– Кана мурдуңду көтөргүн, досум. Баса сенин атың ким? – деп мээримденди чоң кумурска.

– Кымча Бел...

– Оо, жакшы ат коюлган экен, менин атым Кең Көкүрөк. Мына таанышып да алдык. А, сен кейибегин. Тез эле чоң жигит болуп дагы далай кызыктарды башыңдан өткөрөсүң. Жашоо – кызык, өйдө-төмөн боло берет. Балким атактуу баатыр да болоорсуң. Бул жашоодо окуу, билүү, акыл абдан керек. Ошон

үчүн сен сабактан качпай тырышып окугун. Ошондо эч кордук көрбөйсүң. Макулдаштыкпы?

Кымча Бел баш ийкеди. Кең Көкүрөк кайра артына кетип баратып кылчайып токтой калды да:

– Мени бүткүл Күнөстүү Уюк билет. Кезигип тургун – деп кошумчалады.

Не бир керемет жердин үстүндө даң салып бараткан Кең Көкүрөктүн карааны үзүлгөнчө артынан суктанып карап турду да Кымча Бел терең улутунуп убадасын буза албай уюкту карай илкип басты.

Ал кирээри менен эшик кайтарган кароолчу кумурсканын бирөө аны колтугуна кысып көтөрүп алды да кайдадыр алып жөнөдү. Бөлмөдөн бөлмөгө өтүп отуруп бир жерге келип токтоп эшикти ачып:

– Кана киргин, – деп Кымча Белди жерге таштап кетип калды. Бөлмө абдан тар жана караңгы экен. Бирок Кымча Бел буга эч муңайып койбостон бүгүнкү башынан өткөргөн укмуштарды элестеп жатып кандайча уктап кеткенин сезбей калды.

Катуу уктап жаткан Кымча Белди кечээки кароолчу жулкулдатып ойготту да:

– Тур. Жүргүн, – деп кеп-сөзгө келбей ороңдоду.

– Кайда? Эмнеге? – деди Кымча Бел. Анын уйкусу али ачыла элек болучу, ошентсе да адатынча шашкалактап.

Баскын. Барганда көрөсүң. Кароолчу алдыга түштү. Анан качамын деп ойлобогун. Кынжыйган белиңди экиге бөлүп таштаймын – деп кекетти. Алдында бараткан кароолчунун бир буту майрык экенин Кымча Бел байкай койду. Кадам шилтеген сайын анын оң буту тизесинен булт этип сыртына ийилип чыга түшүп жатты. Кымча Бел кайдан

көрмөк эле дегенсип тигини туурап бутун мыйраңдатты эле:

– Маскарапоздонбогун. Акыркы жолу эскертип жатамын – деди Майрык Бут (Кымча Бел тигини ушинтип атап алды). Кызык. Кантип билип койду экен.

Дал ушул маалда алардын алдынан тополоң түшүп, жөөлөшүп качып келе жатышкан кумурскалар көрүндү.

– Качкыла!

– Аман калгыңар келсе жашынгыла!

– Жапайы аары келип калды!

Кымча Бел кызыкканынан чыдап тура албай дүрбөлөңдөн пайдаланып тигилер качып келе жатышкан жакка чуркап жөнөдү.

– Каякка?! Кымча Бел сен кайда баратасың? Кайткын артка! – деп Майрык Бут кыйкырып анын артынан чуркады. Тызылдап чуркап келе жаткан Кымча Белдин бет алдынан көздөрү тостогой, түк баскан буттары тартайган түрү суук килейген зор желмогуз чыга түштү. Кымча Бел бул күтүүсүз кездешүүдөн дапдаарып эмне кылар айласын таппай ордунда катып калды. Анан жапайы аарынын желкесинде жабышып жүргөн Кең Көкүрөктү бир топ кумурскалардын арасынан көрө койду. Тигил да Кымча Белди байкай коюп:

– Көзүнө кум чачкын! Ылдам бол, тезирээк! – деп кыйкырды. Кымча Бел жерди сыйпалап топондон уучтап алып аарынын тостойгон көздөрүнө чачып-чачып жиберди. Көздөрүнө топон кирип көрбөй калган аары карайлап бир орунда ызылдап тегеренип калды.

– Азаматсың, Кымча Бел, – деп бажактады Кең Көкүрөк.

– Ураа! Ура-а! Ал көрбөй калды! – деп Кымча Бел сүйүнүп алаканын чапкылап секирип жатты. Жардамга жетип келишкен чоң кумурскалар жапайы аарыга туш тараптан кол салып киришти.

– Аа, колго түштүңбү? Кана баскын! Бол, тез! – жетип келген Майрык Бут Кымча Белди кежигеден алып сүйрөп жөнөдү. Кечээки мугалимди издеп тапты да Майрык Бут:

– Мына, алгын, ээнбаш качкыныңды. Экинчи тилди угуп жүргөндөй кылып жакшылап сазайын бергин. Жапайы аарыга кабылып, бейпайлыгынан мерт болуп кала жаздады. Мен болбогондо....

– Сен эмне кылдың? Эмне калп айтып жатасың? Эр жүрөк Кең Көкүрөк баарыбызды сактап калды. Сен эмес! – деп безилдеди Кымча Бел.

– Эмне?! Мен калп айтып жатамынбы? Мен калпычы экенмин да? Азыр мен сени... – деп Майрык Бут жаалданып жутуп жиберчүдөй Кымча Белге тап берди.

– Токтоткула! Эй Майрык Бут экинчи ага тийүүчү болбогун! – деген өктөм үн чыкты.

Баары бурулуп, босогодо турган Кең Көкүрөктү көрүштү.

– Кымча Бел анык эр жүрөк экен! Аарыны жеңүүгө бизге эң чоң көмөк көрсөттү. Баатыр Кымча Белге даңк!

Кең Көкүрөк басып келип Кымча Белди так көтөрүп көкүрөккө кысып:

– Азаматсың! Рахмат – деди. Бирок, сабактан качып, тартип бузууну токтоткун. Шертти унутпагын, ал баатырдын иши эмес. Кымча Белдин кулагына акырын шыбырады.

– Кана эмесе, мен кеттим. Али көп иштер бар. А, сен Кымча Белди карап сөөмөйүн чочойтуп:

– Жанакы менин айткандарымды эсиңден чыгарбагын. Макулбу, – деп кошумчалады да, шарт бурулуп жөнөп кетти. Кымча Белди тегеректешкен кичине кумурскалар азыркы болуп өткөн окуяны талкуулашып, анын эр жүрөктүүлүгүнө таң калып жатышты.

Бакан Ооз гана текеберденип:

– Эмнеси бар экен. Кымча Белдин ордунда болсом мен деле ошентмекмин – деп корсойду.

– Аарыны каршы тосуп чыкмак түгүл атын укканда ким кирээрге тешик таппай калды, я, Бакан Ооз? Хи-хи-хи...

– Ха-ха-ха...

– Коркконунан көздөрү чанагынан ыргып кете жаздады тим эле...

– Ой, боорум, ай...

– Кана, балдар, тынчтангыла. Тизилгиле сабакка баралык. – Мугалим аралашпаганда тигилер Бакан Ооздун айласын анык кетиришмек.

Сабак өтүүчү бөлмө башкаларга караганда жарык, кенен жана эң кызыктуу эле. Тамдын боорунда кара кумурскалардын, жапайы аарынын жана али Кымча Белдин көрө элек түрү суук, коркунучтуу бир топ жандыктардын сүрөттөрү илинип турду. Кымча Бел кыдырата улам бирөөнү кызыга карап жанында олтурган Чоң Таманды капталга нукугулап сурай берди.

– Чоң Таман, бул ким, я? А тигил эмне экен? Мунун баарын сен кайдан билип алдың, я? Айтсаң эми...

– Ал миң аяк. Биздин эң сыйлуу, баалуу аңыбыз. Бул болсо жөргөмүш. Ал абдан коркунучтуу, биздин душмандарыбыздын эң жырткычы. Андан аябай сак болуу керек, колуна түшсөң өлдүң дей

бер. Булардын баарын кечээки сабакта өткөнбүз. Өзүң качып кетпедиңби. Мугалимибиз айтып берген. Эң кызык болду. Болду эми жөн олтурчу, байболгур. Сабакты укпай калабыз. Анан баарын айтып беремин. Кумурскалардын жайланып олтурушканына толук көзү жеткенден кийин мугалими сабак өтүүгө киришти.

– Бүгүнкү сабагыбыз, балдар, кесип жөнүндө болмокчу. Бир аз убакыттан кийин бардыгыңар жетилип эр жетесиңер. Биздин Күнөстүү Уюгубуз, боордошторуңар үчүн эмгек кылуу силердин ыйык милдетиңер. Эмгексиз жашоо – бакытсыз өмүргө тете. Ошондуктан ар бир кумурска өзү каалаган, сүйүктүү, башкаларга пайдалуу кесипти тандап алуусу керек. Кесип тандоодо эч шашылбастан ойлонуу, өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө жараша кайра айныбагандай тандоо зарыл. Себеби, бизде кесипти бир гана жолу тандоо укугу берилет, кайрадан жаңыртууга болбойт. Анткени биздин өмүрүбүз эң кыска. Ошондуктан жаңылбай жөндөмүңөргө жараша тандасаңар башкаларга да көп пайда келтиресиңер жана эмгек үзүрүн көрүп ырахат да аласыңар. Ал эми кесиптин баары керектүү жана ардактуу. Мунун актыгына азыр жетесиңер. Мисалы жоокерди алалык. Буга жана эле өзүңөр көргөн Кең Көкүрөктү айтсак эле жетиштүү. Ал – эр жүрөктүү баатырлыгы менен жоону жеңип нечендеген боордошторун ажалдан алып калды. Ал эми нечендеген коркунучтарды жеңип олжо алып келүү укмуштуудай зор сыймык жана эң керектүү. Демек, ал өз кесибин туура тандап алган. Дагы бөлөк мисалдарды алалык. – Мугалим эшик жакка бурулуп, – Кана кире бериңиздер, – деди.

Ачылган эшиктен колдоруна ар түркүн буюмдарды көтөрүшкөн бир топ кумурскалар чууруп кире баштады. Алар мугалим жакка өтүшүп, орундуктарга олтура кетишти.

– Эмесе, балдар, бизге бул агайларыңар өз кесиптерин, өнөрлөрүн көрсөтүшөт. Силер абдан тынч, көңүл коюп өзүңөргө кесип тандап, ойлонуп отургула, – деди мугалим. Чоң кумурскалардын бирөө ордунан туруп колундагы аспабына кол ойнотуп не бир мукам үн чыгарып, ага кошулуп ырдап жиберди. Баардыгы муюп анын өнөрүнө, ырына суктанып жатышты. Бул ыр Кымча Белге абдан таасир этип, толкундаткандыктан анын ырчы болгусу келип кетти. Бирок экинчи кумурска колдорун элпек кыймылдатып аппак майташка укмуштуу сүрөттөрдү тартып киргенде Кымча Бел тез эле ырчы болуудан айнып сүрөтчүлүктү жактырып калды. Кечээ көргөн жер үстүнүн сулуулугун, кереметтигин тартып башкаларды да суктантып көрсөтсөң кандай укмуш болоор эле! Кезектеги кумурска шамдагай кыймылдап жыты буркураган таттуу нандан баарына ооз тийгизгенде таңдайларын такылдатышып шилекейлерин жутушту. «Наабайчы болуу да сонун турбайбы!» деп ойлогон Кымча Белдин алдына не бир түрдөгү, аппак, таттуу нандар элестеп кетти.

Ошентип кумурскалардын улам бири чыгып өз өнөрлөрүн көрсөтүп жатышты. Чындыгында бирinen-бири суктанаарлык, кызыктуу эле.

Өнөр көрсөтүү аяктагандан кийин мугалим!

– Кана, балдар, кимиңер кайсыл кесипти тандап алдыңар? – деп кайрылды.

– Сүрөтчү....

– Жоокер...

– Мен ырчы болгум келет!

– Мен наабайчылыкты тандап алдым! – деген Бакан Ооздун үнү чыкканда баары дуулдап күлүп жиберишти.

– Таппасаң сыйпалап кал...

– О, кайран Бакан Оозум, алдагы оозуңан бизге эч нерсе артпайт ко?

– Кесибиңди анык таптың – деп шылдыңдап каткырып жатышты.

– Тынчтангыла, балдар. Кесиптин бардыгы ардактуу жана керектүү экендигине көзүңөр жеттиби? А, сен, Кымча Бел эмнеге унчукпайсың? Же, сага эч бир кесип жаккан жокпу?

Кымча Бел эмне дээрин билбей мукактанып:

– Жо-о, баары жакты. Кайсынысын тандап алаарымды билбей жатамын – деди.

– Анда жакшы. Ошентип жакшылап ойлонуп, шашпай тандагын. Эми силерге үч күн мөөнөт берилет. Бул күндөрдүн ичинде силер бир жыйынтыкка келгенден кийин Улукман Ата менен Умай Эненин алдына барып кимиңер кайсыл кесипте эмгектенээриңерди айтып бересиңер. Ага чейин силер бошсуңар.

Мугалимдин акыркы сөздөрү түшүнүксүз болгондуктан бир-бирин суроолуу карашты. Кымча Бел адатынча шашкалактап:

– Агай, Улукман Ата, Умай Эне деген кимдер? Алар кайда? Айтып бериңизчи – деп сурап жиберди.

– Алар баарыбыздын ардактуу ата-энебиз Күнөстүү Уюктагы бардык кумурскалар аларга баш ийип урматтайбыз. Мугалим салтанаттуу, сыймыктана жооп берди.

## ӨКСҮК

Кадим бир убакта көңүл черин көкөлөткөн жолборс болуптур. Ал кай-кай мезгил болбосун, тоо-тоолорду кыдырып көп сонунду көрөт. Казан-аягы аштуу болуптур. Эшигин ар убак ачык коюптур. Жоктон тууган, жоктон жолдош тааптыр.

Ошентип жүрүп ооруп калат. Көрсө, жаагына сөөктүн сыныгы кириптир. Шишип ириңдептир. Ириң жүлүнүн кууптур.

Өлөөр мезгили келет. Өлөөрдөн мурда жаш балалуу болуптур. Ошол баласын жалгыз калбасын деп, ага талаадагы бир музоону жолдош кылып бериптир.

Бир күнү ал жолборсчо менен музоочону чакырып алат.

– Балдарым! Кырчын өмүр үзүлө турган кез келди. Оору күчөдү. Жакында көзүм өтөт. Силерге айтаарым: менин көзүм өтсө, экөөңөр ынтымактуу жүргүлө. Бириңе, бириң жөлөк-таяк болгула. Эриш-аркак болгула. Кокус, кара ниет душман ортоңорго от жакса, жалындатпай өчүргүлө. Бир-бириңердин кемчилигиңерди, катаңарды кечире билгиле. Өз ара сыйлашсаңар, күчүңөргө, күч кошулат. Бирөөлөр, балким, таттуу тилге салып, бириңе-бириңди тукурат. Аны байкагыла. Өчөшүп кетпегиле. Айтор, айланайыңдар, ынтымактуу жүргүлө...

Ошондон кийин карт эне көз жумат. Жолборсчо менен музоочо адегенде кадимкидей ынтымактуу болот. Бирге жүрүшүп, бирге ойношот. Кырдан-кырды, ойдон-ойду кыдырышат. Кээде кайпыта сүйлөп, дүйнө капар кыт-кыт күлүшөт. Каткырышат.

Ошентип жүрүп булар жетилет, толот. Жолборсчо жолборско, музоочо өгүзгө айланат. Турмуш өз агымынан жаңылбай ага берет. Нечен жолу алма гүлдөйт. Өрүк гүлдөйт. Жаз-жай, күз-кыш дегендер биринин артынан бири узайт.

Тигилердин эми түйшүгү күчөйт.

Ошентип жүргөндө... Жолборс бир күнү токойго жөнөйт. Өгүз ойдо калат. Токойго бараткан жолборстун артынан түлкү ээрчийт. Аны жокең билеби? Билбейт. Кете бериптир. Түлкү да бара берет. Ал бир жерге келсе, кайран жолборс кары текени кармап алган экен дейт. Ичин жара тартып канына тойгон имиш. Бутту чоюп тырайып жатып калган имиш.

Тырайып жатса, куу түлкү келип калат. Текенин этин көрөт. Көңүлдөгү жарасы козголот. Шилекейи агат. Бирок, напсисин агытпай эптеп чыдайт.

Жолборс күңгүрөнөт:

– У... у... ууу! Уу, түлкү! Эттен эмне жебейсиң! Же!

– И... и... ии! Иии! Жоке баатыр! Эттен кантип жейм? Этти жемек турсун, сенин ал жайыңды ойлоп, сай сөөгүм сыздайт! Ии... ихи... ии!

– Үү... үүү! Эмне болуп кетти, анчалык?

– Ии... ихи! Эмне болуп кетти деп? Өзүң баатыр болгон соң, эчтекени байкабайт турбайсыңбы? Болбосо, душманыңдын бар экенин билет элең да.

– Үү... үүү! Ррр! Кайдагы душман ал?

– Иххи... ии! Мен жеңең болом. Жеңең болгон соң сага ким душман, ким дос экенин байкабай коёт белем? Аа... кайним аа! – Мен сени кантип түпсүз санаага чөксүн дейин? Байкаганымды айтсам башың ооруйт. Көзүң тунарат.

– Ррр! Менде душман жок. Маа ким душман болсун? Кара жекшембиде да эч ким маа кол сала

албайт. Андан көрө, жеңе, жаагыңды бас. Эттен же. Эс ал. Жайдары жакшы укта!

– Ихxи… ий, уулукен ай! Ушу жеңеңдин сөзүн кантип калп дегиң бар? Түрүңө карасам ишенбей турасың. Ушунуңду көргөндө оюм ар кайсыга такалат, уулукен ай. Маа ишенбесең кийин өкүнүп калаар бекенсиң?

– Рррр! Рррр! Жеңе болгон кудай аткыр! Андай болсо менин душманым ким? Көкүрөккө түйгөнүң болсо айтчы?

– Ихxи… ии! Уулукен ай! Айткандарым жакпай калса, кокустан, мени сабап жүрбө?

– Рррр! Айтаар сөзүң болсо – айт! Тамашалай бербе!

– Ихxи… ии! Уулукен ай! Сени он жылдан бери акмалайм. Качан тамашаладым эле? Их… их… хи!

– Арр! А-р-р-р! Айтаарың барбы! Айт!

– Уулукен ай! Айланайын уулукен ай! Азыр… азыр…. Баарыдан да жаныңда жүргөндүн душман болгону жаман турбайбы?

– Ал ким экен? А-р-р-р!…

– Албы! Ал… тиги өгүз!

– Койчу?

– Чын эле?

– Кантип билдиң?

– Менин энемди жолборстун атасы жеген. Ошондон өчүн алам – дегенин уктум.

– Кой, калпыңды! Ал – экөөбүз мыктайбыз. Бирге өстүк. Бирге чоңойдук.

– Аа… кудай аткан кайним! Күчүң бар. Акылың аз. Болбосо, өгүз өз энесинин өчүн албай коёбу? Макоосуң го дейм.

Жолборстун өңү өзгөрдү. Тунжурады. Уккан сөз кулагына жаңырып туруп алды. Анан минтти:

– Ой, жеңекем оо... ой! Кыйынсың да кыйынсың. Жеңелик кыласың да. Ал качан мени өлтүрөм деп жүрүптүр?

Түлкү ушул учурда куйтуланды. Шолоктоп коё берди. Жолборстун жонуна башын жөлөп өксүдү. Бейиттеги бечарадай болду. Көз жашын мончок-мончок агызды.

Бир оокумда көз жашын аарчып:

– Жаман жорукту айтпайын дедим эле. Эми айтсам болобу. Бешенеңе жазылганы ушул. Эртең ал ойгонгондо мүйүзү менен жер челет. Туягы менен топурак чачат. Өлгүдөй мөөрөйт. Арткы буттарын керет, куйругун кыпчыйт. Көзүн кызартат. Оозунан шилекей чачат. Мунусу сени өлтүрмөккө кылган камы. Ошондо байка... Байкай кө...өр, уулукен ай!.. Байкабай, ичиңди жардырып алсаң ошондо жеңеңдин башы оорубайбы?

Анткорлонуп дагы жашын төгүп, үңң... үңң... үңң.„. Сак боло көр! – деди.

– Ррр, Ррр. Макул. Сак болоюн.

– Ошент-ошент! Сак бол!...

Түлкү эми өгүздү издейт. Аны тоонун тескейиндеги калың көбүргөндүн арасында жуушап жаткан жеринен табат.

И... и.... и деп кыңшылайт. Куйругу менен жер шыпырат. Кулагы менен кашынат. Кашынат да:

– Ээ, айланайын байкебей! Согулайын жээним! Эмне тыраясың? Тырая турган убакпы?

– Ии... эмне болду, таажеңе?

Эмне болду!... Эмне болду!.. Саратанда тердепкургадым. Душманың бар экен, ошону билдим... Өх, жаным ай, чарчасам да сең деп жүрүп чарчадым го... Иңң... Иңң... Иңң...

Алда таажеңе, ай! Бышактабай айтчы, ким экен, маа душман?

– Ээ, байкенай! Кокус, чынымы айтсам, жаналымды койбой, сабап жүрбө?

– Жок, антпейм-этпейм. Андан көрө, чыныңды айтчы? Ал ким экен мени коркута турган?

– Талабың ошол элеби? Айтсам, тагдырдын буйругуна чыдайсың?

– Чыдабай кантмек элем! Чыдайм.

– Эмесе, айтайын... Тетиги күнгөйдөгү токойду билесиңби?

– Билем.

– Билсең ошол жерде жолборсуң жүрөт. Тим эле кой аны, оозун көптүрөт. «Атам өгүздүн энесин жеген. Ошондо: «Эгиздеги эки төр, эстээр бекен биздин жар? Эстебесе-эстебес, эсен өтсүн биздин жар!» – деп атасы кошкон. Мен баласын жейм деп, сени шылдыңдап жатканын уктум.

– Ой, койчу... Чын элеби?

– Чын, чын болбосо, жүрөккө так салып, маа эмне күч келди?

– Жок. Калп айтасың? – Өгүз күтүлбөгөн жерден бакырып ийди:

– Экөөбүз бир тууганбыз. Кантип ал маа душман болсун? Сен жалган айтасың. Өөө... Өөөө.... Өөөө.... Үүү... үүү

Түлкү жайпалактайт:

– Мейли, байыкен ай! Жээн баласың, кийин өкүнүп калбасаң болду. Өкүнгөн бирөө «Кум арык басса эшилет. Куп десең, эгер өгүз уул, кудайым өзү кечирет. Жан арык басса эшилет. Жан десең эгер өгүз уул, жараткан өзү кечирет!» – деп кошоор. Эмне кылсаң – өзүң бил!

Ошондо бул сөз өгүздү алкымдан алып муунткандай болду. Көңүлү салкындады. Ойлонуп калды. «Түлкү маа таажеңе. Кантип эле мени жок жерден түпөйүл кылайын десин? Күлкүмдү азайтып, жаркылдаган күнүмдү бузайын десин»....

Ушунтип ойлонот да, дейт:

– Ээ, таажеңе! Ал жолборсуң мени кантип өлтүрөм дейт экен?

– Ии.... иии Ии!... Бая эле ошентип сурабайсыңбы? Айтып берейин!.. Айтып берейин!!!

– Эртең сен турганда ал да турат. Жөн турбай керилип... чоюлуп... турат. Силкинет. Жалын сапырат. Көзүнөн отун чачыратат. Кулагын тикчийтет. Анан тырмактарын арсайтып жер чапчып кирет. Мунусу – саа кол салаардагы кылыгы...

– Ох хоо... хооо... Андан мен сак болоюн.

– Сак бол! Сак бол, жээн бала! Хи... хи... Хи...

Бузукунун азгырыгы кыйын да.

Бир күндө эки дос түлкүнүн митаамдыгы менен бири-бирине жат болот да калат. Аралары ачыла түшөт.

Эртеси алар бири бирин караса, баягы түлкү айткандай. Ошондо ниеттери карарат.

– Ии... түлкү жеңем чын айткан тура! – деп ойлойт жолборс.

– Ии... түлкү таажеңем, боор орууган экен мага – деп ойлойт өгүз. Чынында, алар күндө эле эртең менен ушинтип чоюлуп-керилип, жер матап... ойгонушчу. Бирок, алар бири-биринин мындай мүнөзүн мурда байкашкан эмес экен.

Мына балакет басты экөө бири-бирин тиктешти. Аа... лллл, аңгыча купп купп... дүпп... дүпп... рррр... Өөөө... дей түштү. Жолборс өгүздү моюндан

алды. Курч тишин желкеге матырды. Кан шыр... шыррр.... этип атып кетти.

Өгүз да жөн калбады. Тик мүйүз менен жолборсту ичке сайды. Быш... бышш... эткен жел чыкты. Кан акты. Экөөнүн тең өң-ыраңы өчтү. Көздөрү аңтарылып калды.

Ошондо куу түлкү Кызарттын малына кошулуп:

«Ихи... ихи... ихи! Дөдөйлөрдү ушинтип бири–бирине кайраштырып жок кылган түлкү мен болом! Ихи... ихи...» – деп зуулдады.

Анан ал экөөнүн этин бир жерге үйдү. Үйүп алып ырдап кирди: «Дарыя бойлоп суу бойлоп, дардысар болгом этти ойлоп. Арык бойлоп суу бойлоп, азып кеткем этти ойлоп. Эртең менен сайраган, эгизги тоонун улары. Эстегенде бир тутат, мына бул кызыл эттин кумары!.. Мына бу кызыл эттин кумары! – деп, ары-бери секирип ойнойт. Ошондон кийин эл «түлкүгө ишенгиче, түтүнүңө ишен» деп сөз эл ичинде калыптыр де... ейт.

## АМАЛДУУ ЧЫЧКАН

Болуптур дейт, болуптур дейт, бир чычкан болгон экен дейт. Бир күндөр ал күн чубактап, ийиндин оозунда отурган экен, күтпөгөн учурда алайдүлөй түшүп күн жаайт, мөндүр түшөт, ошондо койдун корголундай болгон мөндүр анын жонуна келип тийиптир, чочуп кеткен чычкан, белинин ооруганына карабай, качып жөнөптүр. Келе жатып аюуга жолугуп калат. Ал сурайт чычкандан:

– Эй, сен эмнеден качып жүрөсүң?

– Эмнеден качып жүрөсүң дегени эмнеси? Биздин айылды жоо чапты. Белиме ок тийип, жара-

дар болдум. Анан качпаганда кайда барам? – дейт чычкан.

– Иш чатак экен, андай болсо мен айылга барбайм, сени менен качам, – деди аюу.

Ошентип экөө качып бара жатышты. Бир кезде жолдун айрылышына келишти, жолдун кайсынысына түшөөрүн билишпей тура калышты. Ушул учурда жолборстун үнү чыкты:

– Эй, сен экөөң элеңдеп эмнеге качып келе жатасыңар?

Ошондо аюу минтип жооп айтты:

– Жогортодон жоо келип чапты, көзүң жамандыкты көрбөсүн, кан суудай акты. Бул экөөбүз да соо калган жокпуз, белибизден жарадар болдук. Ошентип көп колго туруштук бере албай качып чыктык.

– Бул чатак иш экен, анда мен ал айылга барбайм, силер менен кошо жөнөйм, – деди жолборс.

Ошентип үчөө андан ары жөнөштү. Бара жатышса, алдыларынан карышкыр чыкты.

– Ой, силер эмне мынчалык катуу чуркап качтыңар? – деп сурады ал.

– Аны сурап эмне кыласың, Каке. Жогортодон келип жоо чапты. Кан суудай, акты. Үчөөбүздүн тең белибизге ок жаңылды, – дешти үчөө бир о오здон.

Карышкыр ойлонуп турган жок.

– Анда ал айылда менин эмнем бар. Силер менен бирге болом, – деди да аларга кошулду.

Чычкан, аюу, жолборс, карышкыр төртөө чымын-куюн болуп, биринен бири өтүп келе жатты эле, алдыларынан түлкү жолукту.

– Бу силер мынчалык эмнеден коркуп качтыңар? – деп сурады ал.

– Жогортодон жоо келип чапты, кан суудай акты. Биздин белибизге ок жаңылды, – дешти бул төртөө.

– Андай болсо, ал жакта менин эмнем бар, силер менен бир болом, – деди түлкү.

Ошентип бешөө жол жүрүп баратып, кашкулак семизге жолугушту.

– Ой силер мынчалык эмнеден качтыңар, бучкагыңарга чейин тер агып? – деп сурады кашкулак.

– Жогортон жоо чапты, кан суудай акты. Бешөөбүздүн тең белибизге ок жаңылды, – деди түлкү.

Кашкулак семиз да тигил бешөөнө кошулду. Жүрө беришти, жүрө беришти. Арадан алты күн өттү. Курсактары ачышты, эмне кылаарын билишпей чычкандан акыл сурашты:

– Баарыбыздын падышабыз жолборс – ага кантип кол салабыз? Карышкыр болсо агабыз, түлкү болсо кабарчы, бардык ишке жарачу – аларга кантип тийебиз? Кашкулак семиз, туугандыгы жок, билбейбиз, ошону эле жейбиз, – деди чычкан.

Чычкандын айтканындай болду. Кашкулактын этине тоюшту.

Андан ары жол улашты. Арадан алты күн өттү. Курсактары ачып, үлдүрөп басып калышты. Анан чычканга акыл салышты:

– Баарыбыздын падышабыз жолборс, ага кантип тиебиз! Карышкыр агабыз, ага кантип кол салабыз. Аюу – апабыз! Ага кол салсак уятка калабыз! Түлкү бизге ким эле, ошону эле жегиле, – деди чычкан.

Көз ачып-жумганча түлкүнүн тарпын калтырбай жеп алышты.

Ошентип, жолборс, аюу, карышкыр, чычкан калды. Алар алты күн жол жүрүштү. Курсактары ачып, көздөрү чекчейди, белдери мекчейди. Анан чычканды карашты, акыл сурашты. Ошондо чычкан айтты:

– Баарыбыздын падышабыз жолборс – ага кол салуу болбос! Аюу болсо апабыз. Ага тийсек өмүр бою наалатка калабыз. Карышкырдын адилдиги жок, Жоке, ошону сойсок, – деди эле жолборс карышкырды бир чаап жыкты, аны ары-бери жеп алышты.

Аюу, жолборс, чычкан калды. Алты күн жол жүрүштү. Карындары ачып, көздөрү чекчейди, анан тигил экөө чычканга собол салды. Чычкан ойлонуп туруп кеңешин айтты:

– Жолборс падышабыз – ага кантип кол салабыз! Аюу аңкоо, каршы тура албайт жоого – уйкучу, жалкоо. Жоке баатыр, кезек келди качыр!

Жолборс аюуну чаап чыкты. Анан анын этин жеп алышты.

Мына ошентип жолборс менен чычкан жолун улантты. Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү ким билсин, айтор ыргайдай болуп арыктап, буттары чалыштап, жүрө албай жатып калышты.

Чычкандын амалы күч экен, аюунун башын кемирип жатып, эки көзүн чыгарып катып алыптыр. Мына эми, анын пайдасы тийди. Кытыратып жеп кирди. Муну угуп калган жолборс.

– Ой, Чыке, эмне жеп жатасың? – деп сурады.

– Ээ, Жоке, ачкалыкка чыдай ала турган эмесмин. Эки көзүмдү оюп алдым, ошону жеп жатам. Аманчылык болсо Улукман акеге барып, көз салдыртам, – деди чычкан, шек бербей.

Муну уккан жолборс чычкандын айтканын чын көрдү. Эки көзүн алып жеди, анан темселеп жүрүп өлдү. Чычкан болсо анын этине семириптир, анан аман-эсен үйүнө келиптир.

## ЧЫМЫН МЕНЕН ЧИРКЕЙДИН ӨЛҮМҮ

Бузулуп жок болуп бараткан эски дубалдын тешигинде жашыл көз чымын жашоочу. Күндүз оттогону келген бирин-серин уйлардын тынчын кетирип, күүгүм кирери менен баягы тешикке кирип, түн бою уктап чыгат.

Бир күнү дубалдын кырына чыгып, арткы буттарын кыймылдатып, тумшугундагы мурутун өйдө көтөрдү. Анткени кайсы тарапка учуп баруусун ойлонуп жаткан эле. Ушул учурда чымындын артынан чегирткенин учуп келип конгонун байкаган жок.

– Эй чымын, сен бир жакка учканы жатасыңбы? – деди чегиртке алдыңкы бир колун жогору көтөрүп.

Чымын унчуккан жок. Төмөн жактагы оттоп келе жаткан уйду көздөй учуп кетти. Чегиртке төмөн секирип түшүп, калың тулаң чөпкө конду да бир талынын четин кертип кирди. Курсагы тойгондо безеленип күү чалды. Курт-кумурска издеген чымчыктардын келе жатканын укса калың тулаңдын түбүнө кирип кетип кутулат. Күн батайын деп калганда баягы чымын учуп келип дубалдын жыртыгына кирип кетип жок болду. Чегиртке чымын менен эрмектешейин деди да, бирок өзү унчукпаган макоого баргысы келбеди. Буттарын кыймылдатып күүсүн чалып отуруп уйкуга кетти.

Эки кошунанын убактылары бири-бири менен сүйлөшпөй эптеп өтүп жатты. Бир күнү кечинде чегиртке чөптүн чекесин кемирип жатканда артынан кимдир бирөөнүн келе жаткан дабышы угулду. Ал секирип барып дубалдын кырына конду. Айланып

артын караса эки көзүн балбылдатып, бакалоорун бүлкүлдөтүп адамдын муштумундай болгон бака жылып келе жатат. Чегиртке коркуп кетип артын көздөй жылып жөнөдү. Бака улам жакындап отуруп баягы чымын жаткан тешиктин жанына барып, бир нерсенин жытын билген немедей туруп калды. Дагы жылды. Чегиртке тиги бака чымынды жээрине көзү жетти көрүнөт, кошунасына жакшылык кылайын дедиби, айтор, бардык күчүн жыйнап туруп:

– Чымын, чымын! Сага баратат. Качкын азыр сени жейт, – деп кыйкырып жиберди. Бака болсо жылып отуруп тешикке кирип кетти.

– Байкуш чымын жем болдуң ээ, – деди чегиртке улутунуп.

Бака тешиктен башын чыгарды да:

– Сен эмнеге чырылдап кыйкырасың макоо? Чымындар укпайт. Алар караманча дүлөй болушат, – деди да тешиктен чыгып андан ары жылып жөнөдү. Бакадан корккон чегиртке таң атканча уктабай чыкты. Күн чыкканда гана баягы дубалдын кырында отурган бойдон уктап кетти. Балапандарына жем издеп жүргөн чыйырчык дубалга учуп келип коно калды. Баягы бака да чегирткенин артынан аңдый түшкөн болуучу.

Ал чыйырчыкка карады да акырын гана.

– Ква-а-ак – деди.

– Эмне дейсиң досум? – деди оозундагы чегирткелерди дубалдын кырына коюп.

– Оң жагындагы уктап жаткан чоң чегиртkeni карачы. Кечээки күндөн бери артынан аңдып кармай албай жүрөмүн, – деди бака.

Чыйырчык акырын басып барып, тумшугу менен былчыйта тиштеп койду.

– Мына эми секирип кете албайт. Бул зыянкеч түбөлүккө өлдү, – деп оозуна жыйган чегирткелерге кошуп салды.

– Арт жагынан аңдып келсем деле уча качат. Ушунчалык сак куртту көргөн эмесмин, – деп бака чегирткеге таң калды.

Анткени чегирткелердин угуу сезими арткы эки бутунда эмеспи. Ошондуктан алар дабышты укса эле уча качышат.

– Мен ушулардай зыяндууларды абдан жаман көрөмүн. Түнкүсүн уктабай терип жеп чыгамын, – деди бака бакалоорун бүлкүлдөтүп.

Чыйырчык жыйнаган чегирткелерин тиштеп алды да, уясын көздөй учуп кетти.

## ИШЕНБӨӨ

Иттин көңүлү жай, бүгүн мышык экөө достошот. Мындан кийин экөө бирин-бири көргөндө мурундары тырышпайт, эч ким да аларды «кас» деп айтышпайт. Басса-турса эле: «май-май» дечү мышык, басса-турса эле: «ав... ав» дечү ит... Ит шимшип жүрүп тапкан бир кесим майын алды да мышыкты издеп жөнөдү.

Баятан капарсыз күнгө кактанган мышык иттин шыбыртын алдагайдан сездиби, жерге анда-мында бир тийип зымырады.

– Токто... Сага достошкону баратам... Токто... – Ит мышыктын артынан чуркады: «мени чындап кубалаган экен» деп, мышык андан бетер качты. А ит болсо «бүгүн чыгынганда достошоюн, эртең унутуп калам же майымды өзүм жеп саламбы» деп артынан бучкактады. Мышык тикенди араласа,

тикенди аралады, тешиктен өтсө, тешиктен өттү, эмнеден секирсе ошондон секирди...

Мышык жанталашып теректин башына чыга качты. Караса иттин тили салаңдап, көзү кызарган.

– Ит! Иттигинди койбодуң... Эмне кубалайсың?

– Калп... Кубалап достошосуңбу?

– Мышык! Мышыктыгыңды койбодуң... Эмне качасың?

– Сен эмне кубалайсың?..

– Сен эмне качасың?..

– Сен эмне кубалайсың?

– Сага дос болоюн деп...

Кыйкырышып экөөнүн үндөрү да бүттү.

– Алдагы агарган эмне? – деди мышык теректин башынан.

– Май... Сага берейин деп, – деди ит чын ойдон.

«Бул алдап атат, ит кантип мага дос болсун» – деп мышык теректин башынан түшпөдү.

Күн жаап кирди.

«Мейли күн жааса... Колумда май турганда достошпосом мындан кийин такыр ишенбейт» деп ит кетпеди.

«Ии, бул күндүн жааганына карабай мени аңдыды» деп, мышык терекке улам өйдөлөп чыкты.

Экөө бири-бирине ишенбеди. Жаан көнөктөп төгө берди.

## АКЫЛДУУ БҮРКҮТ

Мындан бир нече жылдар илгери Сансызбай деген бай жашаптыр. Сансызбай өзүнүн байлыгы менен атагы чыгып малынын эсебин өзү да, малай-

лары да эсептей алуучу эмес экен. Малын багып, жумушун иштеген малайлары жаман турмушта жашашчу экен. Алардын ал-абалын этибарга албай, байлыкка кызыккан Сансызбай малайларын өтө оор турмушта кармайт.

Ошончолук дүйнөсү, малы-жаны турса дагы көзү тойбой, талаада жашаган айбандарга, түрлүү куштарга да ээ болгусу келет.

Сансызбай бүркүт карматып алып, аны таптатат. Өзүнүн жан-жөкөрлөрү менен аңга чыгып, түлкү, карышкыр өңдүү жандыктарды алдырып, сейилдик куруп жүрөт. Кимде кыраан куш болсо аны да алдырып, кекилик, коёнго салып жан-жөкөрлөрү менен сайрандап, көп олжолор менен кеч курун үйүнө кайта турган. Кымбат баалуу илбесиндин, аюу, жолборстун терилерин алыскы калааларга саттырып, андан түшкөн пайданы жалгыз алчу экен...

Сансызбай дайым бүркүтүн колуна кондуруп жүрүүчү. Ал томогосуз болгондуктан Сансызбай көрө турган окуяларды, айрыкча малайлар иштеген жумушту, алар чапкан чөптү, алар баккан малды бүт көрүүчү.

Иштелген жумуштар көңүлүнө жакпай калса, малайларды өзү сабап, жазасын өз колу менен бермейинче ыраазы болуучу эмес. Эчен жолу малайды чыркыратып сабаганын бүркүт көрүп жүрө турган. Малайлар иштеп жерге келгенде бүркүт көзүн жүлжүйтүп, мойнун илгери карай созуп коючу. Муну байкаган малай башын чайкаган болсо, бүркүт дагы ага боору ачыгандай жалдырап карачу. Бүркүткө Сансызбайдын көңүлү ыраазы болуп, дайым бирге ала жүрүп, өзүнө жакшы жолдош катары сезүүчү.

Ушинтип байлыкка көзү тойбогон Сансызбай көп ойлонуп башын катыра бере турган. Күндөрдүн биринде үйүндө жатып, кемпири Макмалга кеңеш курат. Экөө чоң өзөн сууну бурдуруп, айылга жакындатып, ал сууну айылдагыларга сатууну ойлошот. Акылдары ушуга токтоп, жүздөгөн малайларды өзөндөгү сууну буруга жумшайт.

Өзөндөгү сууну буруп, арык чаап айылга жеткирүү өтө кыйынчылык болот. Анда иштеген малайлар кыйналышат. Күндүн ысык аптабында иштөө абдан оор болот. Бир чети тамак жетпейт. Иштөөгө дарманы жок жаткандар андан көп. Сансызбай жана анын жан-жөкөрлөрү кай бирөөнү өлтүрүп да коюшчу.

Бир күнү Сансызбай каадасынча бүркүтүн колуна кондуруп алып сууну буруп жаткандарга келип, иштин жылышы жоктугун көрүп каадасынча малайларды сабай баштайт. Эл ызы-чуу, күрүгүү болуп туш-тушка качып, тарай баштайт. Ачуусу келип жер тепкилейт. Жан-жөкөрлөрүн куурат. Ойлогон оюу тез орундалбаганына ыза болот... Акыркы ачуусу тарап, качкан малайларды чогулттурат. Колунда конуп турган бүркүтүн сылап, «ишти тез бүтүргүлө» деп малайларга катуу буйрук берет. Кимде-ким начар иштесе башы алынаарын эскерет.

Сансызбайдын сөзүн уккан бүркүт каадасынча көзүн жүлжүйтүп, мойнун илгери карай созуп келип, Сансызбайдын эки көзүн чокуп оюп алат. Сансызбай кокуйлап бетин басып, айкырып жер сууну бузуп кыйкырат. Жан-жөкөрлөр бүркүттү өлтүрөлү, деп сабай башташат. Акыры өлтүрүүнү Сансызбайдан өтүнүшөт.

– Эй, акмактар өлтүрүп эмне кыласыңар! Коё бергиле. Менин кылганым өзүмө жетти... Мына менин көзүм эми тойду!..– деген экен.

Сансызбайды алып жан-жөкөрлөр кеткенден кийин, малайлар бүркүттүн боосун чечип: «Сен дагы капастан кутулдуң, эми эркинче уч» – деп учуруп жиберишет.

## КУМУРУСКА МЕНЕН КИРПИ

Илгери, илгери кумурска менен кирпи дос болушуп, чогуу жашап турушкан экен.

Күндөрдүн биринде кумурска:

– Ээ кирпи дос, «ак төөнүн карды жарылган» мындай сонун күз мезгили да өтүп, жакында ызгаардуу кыш келе тургандыгы менен кабарың барбы! – деп кайрылып калат.

– Ооба куке, – деди кирпи башын ийкеп. – Аны айтып, эмне демекчисиң!

– О-о эч нерседен камы жок Кикем ай, эмне демекчи элем – деди кумурска үшкүрүнүп, – кыштык азыкты азыртан камдап алсак дейм да.

– Куке, кыштык азыкка али ашыкпа! Дагы, билесиңби, кышка канча ай бар! Бир жарым... 10-15 күн калганда камдоого киришсек да, тоодой азыкты камдап алабыз.

– Жок досум – деди кумурска анын оюна каршы туруп, – биз азыртан даярдашыбыз керек. Мүмкүн кыш жылдагыдан эрте түшөр, анда кантебиз!

– Мейли анда, камдасак камдап эле коёбуз – деди кирпи тыңсынып.

– Эмесе бир чечимге келип, сүйлөшүп алалы. – деди кумурска ага жакындай келип. – Сен жол

жүрүп, өзүңдү кыйнаба. Үйдө калып, тамак-аш даярдап үй-ичин жыйнаштыргын. Мен өзүм эле талаага чыгып, азык таап келем.

– Макул, – деди кирпи жаткан жеринен козголбой.

Кумурска кетери менен эле кирпи дагы бир аз жата турайынчы, деп орун которуштура мештин ары жагына жылып барып жатты.

Күүгүмдө кумурска абдан чарчап дан көтөрүп келди. Эки жагын караса эч ким жок. Үй ичи мурдагыдай, жыйнаштырылбаган. «Кикем тамак жасап коюп бир жакка чыгып кетkенго! – деп кумурска бир азга эс алып отурду.

Кирпиден дале кабар болбоду... Кайда кетти болду экен! – деп ойлоду ал, – деги сообу, тынчсызданган кумурска терезеге барып:

– Кике, О-о Кике! – деп кыйкырды.

– О-ох, – деп уктап жаткан Кирпи ойгонуп, керилип чоюлду да, – Ии досум, келдиңби! – деди.

– Эмне, бир жериң ооруп калдыбы! – деди кумурска анын жанына келип, сага эмне болду!

– Хи-хи...– хи-хи... – деп кирпи күлдү – мени өлүп калды, деп ойлодуң беле куке! Мен деген куландан соомун.

– Эмесе, тамагыңды алып келчи, курсагым аябай ачып кетти.

– Тамак! – таң кала кирпи сурады.

– Ооба, тамак алып келбейсиңби, – деп жатам.

– Ээ досум, көрүп турбайсыңбы! Уктап калыпмын. Өх, менин да курсагым аябай ачып калыптыр.

– Эх – деди кумурска ачуулуу оор үшкүрүп, – Ишенген досум сен болсоң, дагы эмме кылмакмын. Даяр тамакты жасап иче албай ачка калат деген эмне шумдук!

Достун «жакшысына» жолукканына өкүнгөн кумурска өзүнчө терең ойго батты. «Жок, бул жалкоо менен жашай албайм. Ага ишенсем бүгүнкүдөй ачка калам». Ал кийим-кече, майда-чүйдөсүн түйүнчөккө түйдү да:

– Кирпи дос! – деди тигиге. Жанагы ордунан жылбай кайра көшүлүп уйкуга кеткен кирпи козголду:

– Эмне дейсиң! Тамак даяр болдубу! – деди тамак эсине келип.

– Тамакты өз билгениңдей жасап иче бересиң. Кош эми кирпи дос, чынын айтсам мен сени менен дос боло албайт экемин. Сен да эртерээк өзүңө ылайыктуу дос таап ал! – деп кумурска бир колуна түйүнчөгүн алып, эшикке чыгып кетти.

Ошентип ошондон ушул күнгө чейин кумурска менен кирпи дос болушпай калган экен.

## МЫШЫК МЕНЕН ТҮЛКҮНҮН ДОСТУГУ

Илгери, илгери бир өткөн заманда чер Чаткалдын ичинде мышык менен түлкү жолугуп калган экен.

– Сени жейм, – деп мышык түлкүнү коркутат.

– Мени жеп пайда таппайсың. Андан көрө экөөбүз достошолу. Мен сага жолборс менен аюуга эт алдырып келип берем – дейт түлкү. Мышык анын айтканына макул болду. Ошентип түлкү жортуп жөнөдү. Чаткалдын аягындагы токойдон аны жолборс менен аюу тороп жемекчи болушту. Ошондо түлкү мындай деди:

– Кокуй күн, мышык деген баатыр чыгыптыр. Баарыңардан кыйын экен. Мен силерге кабарга келдим. Жаныңарды коргоп калууга келдим. Мени

жеймин деп өзүңөр ага жем болбогула. Жолборс менен аюу аптыгып:

– Ал кайда? – дептир.

– Чоң чынардын түбүндө

– Эмесе бир эт алып баралы. Сен аны менен бизди дос кылып кой.

– Анын таргылала кичине бир иниси бар. Андан сак болгула. Ал чынарга чыга жөнөсө этти таштап жаныңарды алып качкыла.

Жолборс менен аюу макул болуп жолуна түшүптүр. Түлкү кайтып келип мышыкка акыл үйрөтүп өзү жолду тосот. Бир маалда жолборс менен аюу мышык менен достошкону бир топозду сүйрөп келишкен эле. Аларды көргөн түлкү мышыкка чынарга чык деп белги бериптир. Мышык чыңырган бойдон чынарга чыга качканда жолборс менен аюу корkконунан топозду таштап, чер токойго кире качышат. Ошентип түлкү менен мышык топоздун этине тоюп, достошуп калышыптыр.

## ТОПОТОЙ

Илгери, илгери бир тайлак болуптур, анын, аты – Топотой экен. Ал деле дүйнөдөгү баардык миңдеген тайлактардай: ботокөз, тартайып шыйрактары узун, тынчы жок, ак көңүл тайлак эле. Топотой баарлык нерселерден көңүлдүү оюндарды жакшы көрүчү, анын токтоо бербей тыбырчылаган буттары күнүгө ондогон чакырым аралыкты тызылдап чуркап өтчү.

Мына, күндөрдүн биринде Топотой укмуштуудай бир кызык окуяга туш болду: демейдегидей эле таң алдында ойгонсо, анын тармал куйругунун кылда

учуна төөтикен өсүп чыгып калыптыр. Чыныгы бүчүрлөрү бар чыныгы төөтикен!.. Топотойдун таңгалганын айтпа. Төөтикендин бир бүчүрүн үзүп жеп, байкап көрдү. Ох, даамдуулугу укмуш! Бирок баарыдан кызыгы, ал үзүлгөн бүчүрдүн ордуна дароо жаңы бүчүр өсүп чыкса болобу. Топотой аны да үзүп сугунуп койду. Үзүлгөндүн ордуна дагы төрт бүчүр дароо өсүп чыкты. Топотой аларды да көз ирмеде оп сугунду, бирок өчөшкөнсүп, бүчүрлөр да кайтып өнүп, ого бетер көпкөк болуп жайнады. Тим эле укмуш!.. Сыйкырдуу, кадимки жомоктогудай куйрук!..

Өзүнүн сыйкырдуу куйругуна таң калыштуу көз жүгүртүп, Топотой көлмөнүн жанындагы көлөкөгө чөктү да, терең ойго батты. Укмуштуу сырдын түйүнүн чече албай ал көпкө ойлонду, – ошон үчүн ал тайлак да, – акырында ал өзүнүн жөнөкөй эмес, өзгөчө тайлак экенине көзү жетти. Эми мындан ары ал өңгө тайлактарга окшоп керелден-кечке талаа безип оттобойт, жер кезип шыйрактары талыбайт. Эч бир камырабай, ушинтип көлмөнүн жээгинде чөк түшүп жата берет, а курсагы дайыма ток. Сыйкырдуу куйругу тамактандырып турат.

Топотой өзүнчө корстон боло, көкүрөгүн керди. Ордунда чөккөн тейинче мойнун сыймыктуу созуп, туш-тарабына кекирейе көз жүгүрттү. Ошол учурда анын жанында достору: тайлактар Алтай, Талтай, Мурт-Мурт менен Кырт-Кырт чуркап жетип келишти.

– Эй, Топотой! – Эмнеге жатасың? Тургун! – деп кыйкырышты алар. – Эмнеге жатасың? Тургун! Жайытка барып, төөтикендин кыроосу кургай электе оттоп тоюнуп алалы.

– Мен барбайм, – бой көтөрө жооп кайтарды Топотой. – Өзүңөр жөнөй бергиле...

– Эмнеге барбайсың? – таң калды Талтай. – Ачка калбайсыңбы? Бүгүн тоюнуп тамак ичпесең, эртең күчүң жок, биз менен кубалашып ойной албайсың...

– Же, ооруп турасыңбы? – тынчсызданды Алтай.

– Фу-ф!.. – жийиркеничтүү бурк этти Топотой. Мен кадимкимдей соп-соомун. Жөн эле... менин жайытта кылаар ишим жок... Карагылачы! – Ал тайлактарга өзүнүн сыйкырдуу куйругун көрсөттү.

– Шумдугуң кур! – деп таң калышты тайлактар. – Чын эле, укмуштуу куйрук...

Алар сарсанаа тарта түшүштү.

– Мен бир бүчүрүн жеп көрөйүнбү? – жалтаңкы сурады Кырт-Кырт.

– Мен дагы! – өтүндү Мурт-Мурт.

– Биз, Алтай экөөбүз дагы, – Топотойго жалынычтуу тигилди Талтай.

– Макул... – кичи пейилдене ырайым этти Топотой. – Татып көргүлө. Бир гана бүчүрдөн... анан айтып коёюн... Мындан нары эч качан сурабагыла.

Тайлактар төөтикендин бирден бүчүрүн үзүп чайнашты.

– Ой-ий, даамдуулугун! – шаттанды Кырт-Кырт.

– Аябай даамдуу экен! – көңүлү куунактана көздөрүн ирмегиледи Мурт-Мурт.

– Шириндүү бүчүрлөр экен! – бир үндөн жаалай кыйкырышты Алтай менен Талтай.

– Жайытта эч кылаар ишим жок экендиги эми түшүнүктүүбү? – Топотой тайлактарга жектегендей карады.

– Ойнобойбузбу? – арсарлана сурады Кырт-Кырт.

– Силер менен эмнени ойнойм... – эрине жооп кайтарды Топотой.

– Ойногум келбейт.

Тайлактар өркөчтөрүн куушурушту да, жайытты көздөй чур жөнөп кетишти.

А Топотой жеңил күрсүндү да, аларды артынан жек көрө тиктеди. Ал кечке чейин ордунан турбастан көлөкөдө жатты, мойнун сыймыктуу койкойто көтөрүп, анда-санда туш-тарабына бүркүнүп коёт. Минтип бүркүнүү ага жакчу. «Бул жакшы эрмек, – деп чечти ал. Убактымды эптеп өткөрүүм керек да»... Ошентип ал кантип туш-тушка жакшы бүркүнүү керектигине көнүгө баштады... Көрсө, ушундай болбогон эле немени керелден-кечке эрмектеп күн өткөрсө болот тура.

Тамагы болсо кекиртектен. Курсагы ачаар замат башын артына бурат да, куйругунан төөтикендин бүчүрүн үзүп жейт, үзүлгөн бүчүрдүн ордуна жаңысы өсүп чыгат. «Мен эми өйдө турбай койсом деле болот, – деп ойлоду Топотой. – Бекер басып таман жыртып, чаң таптагандан эмне пайда. Тиги жөнөкөй тайлактар ошентишсин. Мен өзгөчө тайлакмын, мындан ары ордуман турбаймын, ичип-жеп, уктай гана беремин. Анан... анан дагы... албетте, бүркүп түкүрүнөм».

Ал так ошол ойлогонундай кылды: керелден-кечке көлөкөдө жатат тамак ичип-жеп, уктайт, эч жумуш жасабайт. Көп өтпөй укмуштуудай семирип кетти. Уурту саландап, көздөрүн май басып, араңдан зорго жылтырайт, курсагы чандайып, буттары тескерисинче илмейип ип-ичке, алсыз. Ал эми каалаrса да өйдө туралмак эмес. Достору ага жолобой калышкан, себеби, жакындашса эле Топотой жек көрө түкүрүнүп кирет. Деги ал эч кимди боюна теңебейт. Укмуштуу тайлакты көрөбүз дешип келген-

дерге да көзүн ачпай үргүлөй, түкүрүнүп, алар да таарынып кайтышат. Топотой жап-жалгыз калды. Баса, ал мага эч кимдин кереги жок деп да ойлочу.

Ушинтип арадан айлар өттү. Кар жаап, кыш түштү, жаз да келди, гүл аңкып, жай болду. Өркөчтөрү ийрейген – суп-сулуу, токтоосу жок ак көңүл баягы татынакай тайлак Топотой, эми үрөй учурган, өзүнөн өзү ачуусу келип, жини кайнап турган коркунучтуу жандыкка айланды... Мына, анан жыл өтпөй күтүлбөгөн кырсык болду. Топотой күндөгүсүндөй эле түш ченде ойгонуп, эрине баш көтөрүп куйругунан даамдуу төөтикендин бүчүрүнөн үзүп жейин десе эле... ой, тобо-о! – сыйкырдуу төөтикен жок. Дайын оту жок, каяккадыр житип кетиптир. Жүрөгү шуу этип, алкымына тыгыла калды Топотойдун. Башы шалк этип жерге түшүп, көздөрүнөн ачуу жаш мончоктоп агып кетти. Ошентип шолоктоп ыйлап, балким, кайрадан өсүп чыгаар деген үмүт менен куйругуна анда-санда кылчайып карап коюп, ал бир нече күн бою жатты. Бекер үмүттөнүптүр. Төөтикен дайынсыз житип, кайтып өспөдү.

Күндөр өтүүдө. Топотой алсырай баштады. Ачкалыктан шайы ооду, бирок мойнун созуп, жанында эле өсүп турган, кадимки жөнөкөй төөтикенди үзүп жеш оюна кирбеди. Бир жыл ичинде ал ошончолук жалкоо болуп, жашоонун шартын унутуп калган. Күн-түн көз жашын көлдөй төгүп, бекерпос чөгүп жаткандан башканы билбеди ал...

Бир курдай Көккытан анын жанынан учуп баратып, Топотойго боору ооруду. Катарына конуп, минтип сайрады Көккытан:

– Сен эмне ыйлап жатасың, Топотой?

– Куйругумду жоготтум… – аянычтуу даттанды тайлак.

– Сенин куйругуң каякта экенин мен билем, – деди Көккытан. Бирок сен аны издеп, артынан барарыңа ишенбейм… Сен жеткен жалкоосуң!..

– Жок, куйругумдун артынан мен барам, – чечкиндүү айтты Топотой. – Куйругум кайда?

– Ал талаанын нары четинде, көгөргөн көлдүн жээгинде…

Көккытан канатын серпип коштошуп, учуп кетти.

– Анда, жөнөш керек, – өзүнчө күңк этти Топотой, анан… боору менен алдыга жылып жөнөдү. Жылып жөнөдү, анткени, өйдө турууга алсыз болчу.

А дегенде ал абдан акырын жылды: таш бака да андан ашып кетмек. Бир күн бою ал болгону беш метр алдыга жылып, көлмөнүн жээгине араңдан зорго жетти. Күчтөн тайып, сулк жыгылды…

Эртең менен күндүн мурду жерге тийелекте ойгонуп, Топотой дагы алдыга жылып жөнөдү. Капысынан көлдөгү күзгүдөй жаркыраган туптунук сууга карап алып, жүрөгү шуу эте башын силкип алды: суу түбүнөн ага үрөй учурган, коркунучтуу бирдеме тиктеп туруптур. Алактап коркуп калган тайлактын оюна, тиги суу түбүндөгү коркунучтуу желмогуз өзү экени кирбеди.

Экинчи күнү ал кечээкиден көбүрөөк жылды, кечинде шайы ооп, курсагы ачып, айласы куругандан эптеп күчүн жыйнап, четте өсүп турган төөтикендин бүчүрүн үзүп жегенге тырышты; турмуш деген эмнени кылбайт, баякы өзгөчө жаралган тайлак жерде өскөн жөнөкөй төөтикенди жешке аргасыз

болду! Бирок башка эмне кылмаксың. Сыйкырдуу куйрукту табыш үчүн күч керек, а күчтөнүш үчүн төөтикенди оттош керек...

Бир нече күндөн кийин тайлактын буттарына күч кирип, ал өйдө туруугa жарап калды.

Бирок дале баса албайт. Кайрадан керелден-кечке боору менен жылуугa туура келди...

Акырындап Топотой арыктай баштады, курсагы жыйрылып, бутунун булчуңдары чыңалды. Мына, кадимки эле баардык тайлактардай ал дагы бүткүл түндү буту менен тикеден-тике туруп өткөрчү учур келип жетти. «Эми эч качан боорум менен жылбайм. Антүү жийиркеничтүү!» – деп чечти ал, чөгөлөп жатып атып. Эртеси таң атпай туруп, Топотой жөнөкөй жерде өскөн төөтикенден курсагы тойгуча аймады да, талаа менен тиги көлдүн жээгиндеги өзүнүн укмуштуу сыйкырдуу куйругун көздөй чуркап жөнөдү...

Күндөр өтүп жатты... Талаа учу-кыйры жок, кенен эле, кайдан башталып, кайдан бүтөт белгисиз. Көк көлгө жетиш үчүн, Топотой күндүз эле эмес, түнүндө да жол жүрүүнү чечти. Ал аябай күчүнө кирген болчу, күн-түн чарчабастан сапар чегип, эгер уйкусу келсе, бир паска токтоп, үргүлөп алып, анан кайрадан эле жүрүшүн уланта бермек. Күн Чыгыштан көтөрүлүп, Батыштан түнөк таап, күн түн менен, түн күн менен алмашып, жол бирде талаа өрдөсө, бирде кум кечип, тайлактын жолун бирде Күн, бирде Ай жарык кылып узата берди... а көк көл алигече табылбады.

Жол оор да, коркунучтуу да эле. Бир курдай Топотой аз жерден кара куртка чактырып өлүп кала жаздады. Уулуу жылаанды да тапаны менен

басып ала сактап, буйт берип секирип, кутулду. Аз жерден кескелдирик менен сүзүшүп, мындай кескелдирикти мурда эч качан көрбөгөн Топотой чочуп кетип, бет алды качып жөнөп, эски чуңкурга да мүдүрүлүп түшүп кетпей аман калды. Жол күн санап оор тартып баратты, бирок тайлак эми андай оорчулуктан коркпой, тартынбай түз сапар чекти. Жыйынтыктуу болуп, акыл менен териштире билсе, ар кандай кыйынчылыкты жеңип чыгууга болоорлугун ал түшүнгөн.

Жол жүрүү учурунда тайлактын бою өстү, күчкө толду. Ал ачка-токко чыдап, чаңкаганын ичке катып, тоскоолдуктарды жеңе билүүгө үйрөндү. Ал өткөндөгү жашоосун эстеп, өзүнөн өзү уялды: айлана-чөйрөдө, дүйнөдө ушунчалык көп кызыктуу нерселер курчап турса, эринип боортоктоп жата берген кантип жакшы болсун!?

Акыры, күттүргөн күн да келди, Топотой көк көлгө жетти. Бу жер укмуштуудай кооз экен! Тоолуу жээк арча-кайыңдуу, талаада гүлдөр күн нуруна жайкалып, көп-көк көлдүн үстүндө асман чайыттай ачык.

– Кандай сонун! – деп шаттанды Топотой, көлдүн сулуулугуна суктанып. Талаадагы көк шиберди аралай, шылдырап аккан муздак, таза сууну жандап өттү. Сулуулукка суктана берип, ал бул көлгө эмнеге келгенин да эсинен чыгарып таштаган эле. Капыстан төөтикенди көрүп, бүчүрүнөн үзүп оттогону эңкейип, быякка келгендигин, максатын эстеп ийди.

– Топотой! – кубанычтуу кыйкырды төөтикен. – Сен мени таптың! Мен кубанычтуумун.

– Бул – сенсиңби? – таң калды Топотой.

– Ооба, менмин. Каалайсыңбы, мен кайра куйругуңа өсөйүн? Сен аябагандай чоң, келбеттүү, сулуу болуп кетипсиң!..

– Чын элеби? – ишенбеди Топотой төөтикенге. Мен эмне, мурда мындай эмес белем?

– Адегенде сен тармалынан келген татынакай тайлак болчусуң мага аябай жакчусуң, – деди төөтикен. Анан сен кутуң учуп, кудай ургандай жаман болуп кеттиң. Ууртуң салаңдап, көздөрүң май басып, жалтыраган эле жылчыкка айланып, курсагыңды көтөрө албай калдың, буттарың илмейип, коңуздукунан да ичке эле. Мүнөзүң да өзгөрүп бузулду: кур чирен тартып, бой көтөрүп, тегерегиңдегилердин баарысын жектеп, бүркүнүп-түкүрчү болгонсуң. Сага эч ким жолобой, тескери бурулуп кетишти. Мен сенден айнып, таштап качып кеткем. .. Бирок азыр, көрүп турам, сен өзгөрүптүрсүң. Мындай өзгөрүүгө кандай сыйкырчы түрткү болду?

– Сыйкырчы? – таңданды тайлак. – Эч кандай, сыйкырчы-мыйкырчы эмес. Мен өзүм.

– Сен – азаматсың! – деп шаттуу сүйүндү төөтикен. Мен кайрадан куйругуңа өсөйүн каалайсыңбы? Сен быякка мени алып кетиш үчүн келдиң беле?

– Чынын айтсам, өзүм да билбейм...– деп эки анжы ойго бата сүйлөдү Топотой. – Бу жердин ушунчалык сулуулугун көрүп, башым да айланып калды. Токточу, быякка эмне үчүн келгенимди эстейин... Мен быякка эмнеге келдим эле?..– Ал ойго батып турду.– Фу – фу, ооба! Мен, кыясы, сага жолукканы келсем керек эле. Ооба, ооба. Мен, жөн эле, сени көргөнү келгем, биз дос эмеспизби.

– Сен мени алып кетпейсиңби? – таң калды төөтикен.

– Алып кетпейм, – деп жооп кайтарды Топотой. Талаада жөнөкөй төөтикендер жайнап өсүп турат, баскандан эринбей, керелдин кечке оттосоң, курсагың ток, бутуңдун булчуңдары да чың болот. Бирок мен … билесиңби, мен эмнени каалайм? – деп сурады ал төөтикенден.

– Эмнени?

– Жыл сайын мен сага мейманга келип турам. Уруксаатпы?

– Албетте! – сүйүнүп кетти төөтикен. – Анан, досторуңду ээрчите кел. Бу жер кандай кооз, көрдүңбү?

## ТУРНА МЕНЕН ТҮЛКҮ

Турна менен түлкү болуптур. Алар бир күнү токойдон жолугушат. Турна ага мындай дейт:

– Түлкү, сен мени үйүңө кыштап чыгууга уруксат кыл, мен сени учууга үйрөтөйүн.

– Макул!

Түлкү уруксат кылды, ошентип алар түлкүнүн ийининде турушту. Мергенлер турна менен түлкү ийинде турганын билип, ийинди каза башташат. Анда түлкү турнага мындай дейт:

– Сенин башыңда канча ой бар?

Бирөө!

Ал кандай?

Ал мындай. Мен ийиндин четинде жатайын. Мергенлер мени кармаган убакта, мен өлүп калган болоюн. Алар мени карагылап жатканда, сен качкын. Алар сени кууп жөнөшөт, ошол убакта мен учуп кетемин.

Мергенлер ийинди казып отуруп турнага жетет жана аны кармап алып, ары жак, бери жагын карай баштайт.

– Эй, турнаны түлкү басып, өлтүрүп койгон го – деди. Турна мынабу бадалдын түбүнө жата берсин, баарыбир биздики! Ал эми биз түлкүгө жетелик.

Алар ушуну айтаары менен, түлкү ийининен булт этип качып чыгып, токойго жөнөйт. Ал эми турна болсо бар-р этип учуп кетет.

Мергенлер кеткен мезгилде, алар бир-бирин кыйкырышып, чакыра башташат.

Түлкү кыйкырып:

– Куда! – деди.

Анда турна:

– Кудача? – деп кыйкырды. Түлкү кыйкырат:

– Куда! – деп. Анда турна:

– Кудача! – деп кыйкырды. Анда түлкү үрүп:

– Гав, – деди.

Ушул жерде алар жолугушат. Түлкү мындай дейт:

– Мени учууга үйрөтчү! Сени мен курулай эле кыштатып чыгарган жокмун го!

– Жарайт, менин аркама мингин! – деди. Түлкү минет. Турна көп бийик эмес, үйдүн төбөсүндөй бийиктикке көтөрүлүп, түлкүнү таштап жиберип, анан түлкүдөн мындай деп сурайт:

– Кандай? Учуу жакшы бекен?

– Жакшы! – деп түлкү кыйкырды. Турна ага учуп келип:

– Менин аркама мингин! – деди.

Түлкү минет. Турна үйдүн төбөсүнөн сал бийигирек көтөрүлүп, түлкүнү таштап жиберип, андан кийин:

– Кандай? Учуу жакшы бекен? – деп сурады.

– Жакшы! – деп түлкү кыйкырды. Турна ага учуп келип:

– Дагы бир жолу мингин. – деди. Түлкү минет. Турна көрүнбөгөн бийиктикке учуп барып, түлкүнү жерге таштап жиберет. Андан кийин:

– Учуу жакшы бекен? – деп сурайт. Караса, жерде түлкүнүн сөөктөрү гана шагырап жатыптыр.

## ТОРГОЙ МЕНЕН ЖЫЛАН

Жаз келип, күн жылып, жер бетинен көк чымырап, келгин куштар келе башташты. Алар ар түрдүү обондорго салып, безеленип сайрап, айлананы ызычууга, уу-дууга толтуруп жатышты. Боз торгой да асманга атып чыгып, абада канаттарын калкылдатып, безеленип сайрайт. Кайра тик сайылып, жерге түшөт. Жаз алды менен дүпкүр тарткан бетегенин түбүнө түрлүү чөп-чарлардан, кыл-кыбырлардан тиштеп келип өзүнүн чакан гана уясын жасады. Анан сепкил-сепкил тарткан жумурткаларын тууп, татынакай болгон беш балапанын басып чыгарды.

Күндөр өтө берди. Балапандар майда, жумшак ак жүндөрүн түшүрүп, темир канат боло башташты. Энеси байкуш уясына жакын жерлерден жем тиштеп келип берип, алыс барбайт. Анткени ал жагалмай, кыргый, турумтай өңдүү жырткыч куштар илип кетет деп коркот. Кээде балапандарынан да санаасы тынбайт. Акмалап айлана-чөйрөлөрдө гана жүрөт. Күндөн-күнгө канат күүлөп, балапандарынын жетиле башташы, жыргалдын күүсүн чалып, сайроого аракеттениши, энесин аябай кубандырып жүрдү.

Адамдар басып барбаган коңулдардын арасында бир чоң кара чаар жылан жашап туруучу экен. Анын ушунчалык жырткычтыгын тегерегиндеги коңшулары: майда жаныбарлар, суудагы балык менен бакалар жакшы билишчү.

Жылан ийнинен башын акырын гана кылтыйтканда, алар житип-житип жок болушат. Курсагы ачканына чыдабай жыландын ачуусу келип, куйругу менен жер чапкылап келе жатты. Нечен жарларды, коңулдарды басып өтүп, тумшугуна эч нерсе илинбеген соң, суугa да түшүп барды. Ал жерден эч нерсе таппады. Жинденип келе жатып, торгойдун балапандарына туш болот. Оозун араандай ачып, эки ача тилин соймондотуп, балапандарынын үстүнө түшө калып жатышы, жыландын куйкасын куруштурду. Эң мурун энесин жайлоону ойлоп, жылан күчүнүн бардыгынча торгойду арбай баштады.

Торгой да чый-пыйы чыгып, асманга атып чыкты да жыланды арбап кирди. Жылан куйругу менен тик сайылып, ышкырыгы таш жарып жинденет. Торгой болсо уламдан-улам алсырап, күчү кетип, ажалдын кучагына кирип баратат. Канчалык кайрат кылып жан талашса да болбоду. Заардуу жыландын алкымын көздөй калкылдап түшүп келе жатты.

Торгой уя жасаган жер ушунчалык кооз болучу. Бетегеси белден бурап, көк, жашыл, сары, ак гүлдөр өсүп калган. Ушул күнү бир койчу өзүнүн койлорун ушул жерге жайып келе жаткан. Баштанаак кара кой алдыда оттоп келе жатып, торгой менен жыландын арбашып жатканын көрдү.

Жазыксыз торгойго болушуп, кара кой жерди бир чапчып алды да, жылан менен арбаша кетти.

Кызып калган жылан, заарын чачып, кара койдун шайын кетирди. Торгой бир аз эс алып алгандан кийин, кара койго жардамдашты. Бирок экөөнүн тең душманга алы жетпеди. Кара койдун да, торгойдун да эси ооду. Уламдан-улам жыландын алкымын көздөй жуткунуп баратышат. Ачуу ышкырган жыланга жини келип, койчу менен кошо чыккан көк дөбөт жүгүрүп келди да, жыланды белинен тиштеп ыргытты. Жылан итти карай октолгондо, ал артын көздөй так түйүлүп, куйруктан тиштеп булкканда, жылан ташка барып чабыла түштү. Дөбөттүн арс–арс үргөнүнөн чочуп, койчу жүгүрүп келди. Торгой менен кара койдун далдырап, эси ооп жатканын көрүп, койчу жыланды отко кактады. Жыландын заары тарап оозунан көбүктөнүп суу акты. Кара кой эс алып, тирүү калганына кубанып, койлор менен жайылып кете берди. Торгой болсо тилегине жетип, беш балапанын жетилтип учуруп, эркиндикте жашап, жыргалдын күүсүн чалып, сайрап калды.

## КУУ ТҮЛКҮ МЕНЕН СУГАЛАК КАРЫШКЫРДЫН ӨЛҮМҮ

Байыркы, байыркы өткөн заманда, өзүнүн аңкоолугу менен атагы чыккан бир аюу болгон экен. Ал бир күнү токойду аралап жүрүп, кулук-шумдугу менен Жаныбарларга белгилүү болгон түлкүгө жолугат.

Саламатсыңбы, аюу байке? – дейт түлкү жылмыңдап.

Саламатчылык, кайда жөнөдүң? – деп күрүлдөйт аюу.

Карышкыр мейманга чакырыптыр, ошого баратам, – дейт түлкү компоюп.

Мени да ээрчите барбайсыңбы? – дейт курсагы ачкан аюу.

– Макул – дейт, түлкү ичинен кымыңдап. Анткени, «Ээрчитип барып карышкыр экөөнү чатакташтырып, ыгы келсе экөөнүн бирөөн өзүмө азык кылып алайын» – деп ойлойт түлкү. Карышкырдын үйүнө келгенде:

Байке, сен туруп тур, мен сага орун камдап, бал болсо даярдайын – дейт да, карышкырдын үйүнө кирип келет. Карышкыр жаңы эле тамактанууга отурган экен. Түлкү карышкырды колдон алып:

Каке, акылың болсо, аюуну өлтүр, сыртта турат. Аюу жугуштуу оору менен ооруптур. Карышкырды өлтүрүп мээсин жесем айыгат экенмин – деп келиптир.

Аха! Мен ага көрсөтөм азыр – дейт карышкыр жаалданып. Карышкыр үйдөн ыргып чыгып эч нерсе менен иши жок олтурган аюунун ичин жарып салып, жейин дегенде үйдөн түлкү чыгып:

Кокуй, Каке, жебегин аны, оорусу жугат. Сен үйгө кирип тамактана бер, мен муну эптеп сүйрөп барып суугa ыргытып жиберейин – дейт. Карышкыр ыраазы болуп, үйгө кирип кетээри менен түлкү аюуну сүйрөп алып, өзүнүн үйүнө жеткирип алат. Кайра келип карышкыр экөө тамактана баштайт, бирок экөө тең тойбой калышат.

Сен козу уурдап кел, а мен болсо таок уурдап келейин, – дейт түлкү. Карышкыр макул болуп экөө кыштакка жөнөштү. Аларды иттер туюп калышты да, арсылдап кууп жөнөштү. Ошол замат тайгандарын ээрчитип, мылтыгын колуна кармап, мерген да жетип келди. Ал тайгандарына карышкырдын үйүн тегерете курчатып коюп:

Эй, карышкыр! Чык бери, болбосо тайгандарыма жем кылып талатып өлтүрөм сени! – деп кыйкырат. Карышкыр менен түлкү калтырап-титиреп үңкүрүнөн чыгып келишет. Ошентип, аюу аңкоолугунан, түлкү арамзаалыгынан, карышкыр сугалактык менен кара өзгөйлүгүнөн өлүптүр.

## АЮУ МЕНЕН КАРГА

Күндөрдүн биринде аюу менен карга балык уламак болуп суугa барышты.

– Ич досум,– деди карга аюуга карап. Эгер ушул суунун баарын түгөтө ичип алсаң көлдүн түбүндө жалаң гана балыктар калат. Биз аны экөөлөп заматтын ортосунда чогултуп алабыз да кайра кайтабыз – деди.

Акылман досум карга. Сен абдан туура айтып жатасың – деди аюу багжаңдап.

Мына ушинтип аюу акылман карга досунун кеңеши боюнча баягы сууну аптыга жута баштады. Ал иче берип, ичи тарсайып, көзү бакырайып да кетти. Бир маалда эси ооп, көздөрүнөн кан акты. Ал эми суудагы балыктар болсо чабак уруп бирин-бири кубалашып ойноп жүрүшөт.

Аюу сууну өз алына карабай иче берип бир маалда ичи жарылып кетти. Ошол замат тигил дүйнөгө сапар тартты.

Досунун мүрт кеткендигине карга күнү бүгүнкүгө чейин кайгырып, муңканып жүрөт. Суудагы балыкты көзүн оюп чокусам дегенде карганын эки көзү төрт. Карга ошентип аюу досу үчүн кантип өч алам деп «каак, ка-ак» деп какылдап калган экен.

Карганын «каак» эткени ошол балыктын көзүн кантип чокуйм дегени экен.

## АТ МЕНЕН ЭШЕК

Ат менен эшек базарга барышты. Экөөнө тең кожоюну жүк артып, айыл тарапка кайтышты. Эшектин жүгү оор, аттын жүгү болсо жеңилирээк экен. Эшек шордуу кайкалап араң басып келатат. Жолдун теңине жетип-жетпей эшек атка жалдырады:

Теңир жалгагыр, жардам этпесең жан берчүдөймүн. Жүгүмдүн жарымын бөлүшчү!?

Ат болсо анын өтүнүчүй жоопсуз калтырып, жайма-жай гана басып келе берди. Жол кыялай баштады. Эшектен кара тер кетип, арткы аягынан очорулду. Байкуш жан соогалап, атка дагы жалооруду:

Айланайын кандашым! Жардамың жерде калбас. Алым куруп баратат... Ат зорго ыңгыранып, бир аз таяган болду. Бирок, зоругуп калган эшек очорулган бойдон сулк жатып калды. Кожоюн башын бир чайкап алды да, эшектин жүгүн аттын жонуна арта салып, сапарын улай берди.

## ЧИЛ МЕНЕН КОЁН

Бир жолу чил менен коён мелдеше кетишти. Ким кыйын жашынаар экен? Чил дүмүрлөрдүн арасынан чуңкур казып, дене боюн катып бекинди – кош таманы гана көрүнүп калды.

Коён ары басып, бери басып, баарын тинтип чыкты. Чилдин карааны жок. Акыры чил да, коён

да чарчады окшойт. Ошондо чилдин доошу араң-араң чыкты:

– Коён байке, чарчап кеттим. Тезирээк сумкаңды ал. Кош аягыма илип койгонуң эмне?!

Коён таң кала күлүп жиберди да, сумканы илинген жерден алды. Чил болсо чуңкурдан чыгып, боюндагы чаңдарын кагынды.

Эми коёнго жашынууга кезек келди. Ал жакын арадагы чытырмандын арасына кирип кетти. Чил баарын карап издеп чыкты. Бирок коёнду такыр таба албай койду. Бир маалда чил каткырып күлүп жиберди:

Чыга бер, коён байке, мен сени көрүп турам!

Коён бул сөзгө ишенип чыга келди. Кызыгы чил аны таптакыр көрбөгөндүгүн коён билген эмес эле.

Айткылачы, ким айлакер экен, чилби же коёнбу!?

## ӨЗҮМЧҮЛ ЧЫМЧЫК

Үнү бийик бир чымчык болуптур. Аны баары «Бул меники» деп чакырыша турган, себеби ал талаа-түздө, суунун үстүнөн учуп баратып дайыма:

– Бул меники, бул меники! – деп жаагын жана берчү.

Бир сапар кичине чымчык мөмөлөрү бышып төгүлгөн даракты таап алды. Мөмөсү ушунчалык көп эле, аны жыл бою түгөтө алгыдай эмес. Дарактын айланасында андан башка бир да чымчык жок болучу.

Чымчык табылгасына аябай кубанып даракка келип конду. Ал бутактан бутакка секирип, ар жерден мөмөлөрдү терип жеп жатты. Ушинтип олтуруп аябай тойгонун да сезбеди. Башка чымчыктар да

ушул даракты таап алып, даамдуу мөмөлөрдү жеп коёт го деп чочулачы. Ошондуктанбы, бир кезде ал аябай ачуу үн менен:

Бул меники, бул меники, бул меники! – деп жар салса болобу. Ал ушунчалык катуу үн салгандыктан, бардык чымчыктар аны угуп, «эмне болуп кетти» дешип жете келишти. Албетте, алар даамдуу мөмөлөрдү көрүштү да, тоё жешти. Өзүмчүл чымчыкка эч нерсе калбай калды.

## КОЙЧУ, ЖОЛБОРС ЖАНА ТҮЛКҮ

Койчу коюн жайып жиберип, арчанын түбүндө көлөкөлөп отурса, бет алдынан жолборс келатат. Аны көргөндө койчу аябай коркуп, таягын колуна кармап ордунан учуп турат. Оңой оокат өзү эле табылганы үчүн жолборс сүйүнсө да, койчунун колундагы таякты көрүп: «Кокус атып жиберсе, өлүп каламбы» – деп, каккан казыктай былк этпестен туруп калат. Ошентип экөө тең бир-биринен өтө коркуп, ордунан козголбой тиктешип тура беришет.

Аларга жакын жерде түлкү жүргөн эле. Ал койчу менен жолборсту көрүп: «Булар бир-биринен коркуп турган экен, ушундай учурдан пайдаланып калайын» – деп ойлоп, жолборстун жанына жылып келип:

Жолборс аке! Эмнеден коркуп турасыз! Коркуунун эч кереги жок. Баса калып жеп албайсызбы? – дейт түлкү.

Сенин башың жок! – деди жолборс каарданып. Көзүң сокурбу колундагысын карачы! Тарс эттирип атып жиберсе, мен эмне болоорумду билесиңби!? Бирөөгө акыл айтып эмне кыласың байкуш!

Андай болсо, жолборс аке, – деди түлкү жойпуланып. – мен ага барып сени аман калтырууну сурайын. Эгер иш ордунан чыкса, мага эмне берер элең?

Эмне кааласаң ошону, баарын берем, – деди жолборс.

Түлкү жылт койгон бойдон койчуга жетип:

Койчу аке, кан соргуч жолборстун алдында эмне турасың? Ал сени азыр эле жеп койгону турган экен. Мен арага түшүп жатам. Эгер сени өлүмдөн куткарсам, мага эмне берер элең? – деп сурады.

Ансыз да аябай коркуп, эс-учун бүт жоготкон койчу түлкүнүн бул сөзүнө аябай кубанып:

Эмне кааласаң, ошону берейин. Мени мындан куткарсаң эле болгону, – деди.

Мен көптү сурабайм. Сан этиңден эки тиштем эт берсең эле ыраазымын, – деп түлкү сүйлөдү.

Койчу бул шартка макул болду. Түлкү кайра чуркап жолборско келди:

Жолборс аке, сен абдан узак жашайт экенсиң. Ары айтып, бери айтып жатып, кепке араң келтирдим. Аябай каарданып турган экен. Эми тезинен качып жөнө. Кокус тиги кайрадан каарданып, тарс эттирип атып жиберип, шоруңду кайнатпасын, – деп шаштырды.

Жолборс түлкүнүн сөзүн угар замат, төрт аягы жерге тийбей көздөн кайым болду.

Жолборстун качканын көрүп койчу эсин жыйды. Түлкү ошол замат койчуга жетип:

Койчу аке, убадада барсыңбы? – деп сурады.

Бармын, – деди да, койчу көмкөрөсүнөн түшүп жата кетти.

Түлкү анын сан этинен тиштемекчи болуп, тумшугун тийгизгенде, койчу өкүрүп-бакырып

жиберди. Ошондо түлкү corкконунан тай чабым жерге секирип барып, араң токтолду да:

Бул кыйкырган сенби же башкабы? – деп сурады.

Анын сага кереги эмне, сен өз ишиңди иштей бергин, – деди койчу.

Жо-жоок, койчу аке, мен аны жакшылап билбей, жаныңа жакын эч бир барбайм, – деди түлкү чындап коркуп.

Эмесе айтып берейин, жакшылап угуп тур, – деди койчу. Өткөн жылы катуу ачарчылык болбодубу. Оозго салаар эч нерсе жок карайлап калдым. Ошондо бир ургаачы тайганым бар эле. Ал эки күчүк тууптур. Айла канча... экөөнү тең жеп алдым. Ошентип алар менин курсагымда чоңойушту. Азыр сенин жытыңды алып, менин курсагымды жарып чыкканы жатпайбы. Бакырып-өкүргөн да ошолор окшойт.

Түлкүнүн душманы тайган да. Муну угуп эми эмне кылаарын билбей:

Койчу аке, баарына ыраазымын, мен качып кеткенче ичиңдеги эки тайганды эч чыгарба. Бул жакшылыгыңды өмүр бою унутпайм, – деп жалынды.

Андай болсо, качып жөнө тез! – деди койчу. Түлкү карап турсунбу, жерге тийсе тийип, тийбесе жок, безген бойдон токойго кире качты.

Алардан кутулганы үчүн койчу аябай кубанып кала берди.

## КАРГАДАЙДЫН АРМАНЫ

Эшектин аты Каргадай эле. Каргадай капкара болгондуктан ээси ага Каргадай деп ат койгон.

Каргадайдын ээсине арманы жок. Жакшы бакты аны коделегинде. Үстүнө жүк артканды кой, кокустан балдар минебиз деп кармап алышканын көрсө жаны чыгып кетүүчү. Колуна союл алып үйлөрүнө чейин кууп баруучу. Жем-чөптөн эгерим өксү болгон жок. Тайрактап оюн-салып, эркин жүрчү Каргадай. Каргадай кодолектен өтүп кадимки чоң эшек болуп жетилди. Жону былкылдап, жүнү капкара кундуздай кулпурат. Бөлөк эшектер андан корунушуп, алыстан суктанышат. Кээси жанына келип кошо оттошот. Ошого сыймыктанышат да тамагы айрылганча – үнүнүн бардыгынча азанап калышат.

Үйгө да жолобос болду Каргадай. Эки күндүн биринде түтүнмө-түтүн кыдырып ээси убара. Тапканына сүйүнүп, жетелеп келип камап салат. Бирок Каргадай сарайдын каалгасын талкалай тепсе да бошонуп чыгып кетет.

Тажаган ээсинин жини келди. Бир күнү ал Каргадайды кармап алды да башына жүгөн катты. Үстүнө ээр токуду. Анысы аз келгенсип жонуна топоюп минип алды. Каргадай мөңкүдү, туйлады. Ары жүгүрдү, бери жүгүрдү. Көл-шал тер кетти мойнунан. Оозунан ак көбүк атылды. Үстүндөгү ээси түшсө кана, жабышып калгансып деле кебелбейт.

Шайы ооду Каргадайдын. Кыбыр этер дарманы калбады. Кантсин, титиреп туруп берди.

Көп өтпөй ээси Каргадайды арабага кошту. Баштагыдан мунусу жаман экен. Дыргаяктатып жүрүп, акыры аңга тыкты. Ээси шапалак менен чыпылдата сабап жатып Каргадайдын өзүнө сүйрөтүп чыгарды. Ошо күндөн анын жаны жай тапкан жок. Эртеден кечке сүйрөгөнү араба. Чыкылдаган ысыктын күнүндө же чөп, же эгин, же таш тартат.

Баягы былкылдаган жон жок, кыржыйып катуу арыктады. Кулпурган жүнү түлөй баштады.

Ыкшоо тартты, ээси канчалык сабаса деле тоотпой тура берчү болду. Басса да илең-салаң.

Отко коё берсе адетинче алыска кетет. Ээсинин төбөсү көрүндү дегиче Каргадай аң-дөңдү карабай безе качат. Бирок кайда барбасын кармалып калат да, арабага кошулат.

Баштагысындай эркин жүргүсү келет Каргадайдын. Ошон үчүн арабаны бир аз эле тартып барып токтой берет. Сабаса мейли жонун дүктүйтүп, солксолк этип коюп турганы турган.

Ээсинин айласы кетти.

«Кой, мындан кутулайын. Бул эшек эмес эле балээ экен» – деди да ал Каргадайды сатмакка базарга алып барды.

Жашпы? – деди бир киши Каргадайдын жонунан сылап.

Жаш,– деди ээси,– Бирок өтө жалкоо. Арабага жакшы жүрбөйт.

Мингендечи?

– Мага баары бир – деди кардар. – Жаш экен болгону. Зоопаркка алабыз. – Акчасын санап берди да, Каргадайды жетелеп жөнөдү.

* * *

Зоопарктын турмушу Каргадайга жагып калды. Жем-чөптөн өксү болбойт экен. Арабага кошпойт да, минбейт да экен. Өзүнчө бөлмөсү бар, аны тазалап турушат. Суусаса сууну да ошо өзүнүн бөлмөсүнөн ичет. Эртеден кечке адамдар тынбай келип турушат. Котолоп карап калышат. Зоопарктын бир гана жаман жери бар Каргадайга. Анысы түн ичинде.

Караңгыда туш-тушуңан шамдай күйгөн кыпкызыл көздөр жайнап чыгат. Баары өзүн тиктеп жаткап сыяктуу. Өзгөчө аркы бурчтагы карышкырдын көзү балбылдайт. Арстан менен жолборстун күркүрөгөн үнү жүрөгүн титиретет. Аюнун бакырганы кулагын жарып жибергидей. Таңды таң аткыча тук этпейт Каргадай. Акыйып түн күзөтүп чыгат.

Бара-бара Каргадай буларга да үйүр алышып алды. Кааласа уктайт, жем-чөп жейт, же азынап кыйкырат. Андайда тиги карышкыр эмес, жолборс, арстан, аюу да чоочугандай селейишип Каргадайды карап калышат.

Жем-чөптү курсагына шыкай берип семирип кетти Каргадай. Оюн салып ойногусу келет анын, бирок казыкка бекем байланган бутунда жип. Жулкунат экен омуроосунан барып жерге күп этет. Ачык асманды көргүсү келет. Ээн-жай талаада чөп оттосом, арыктагы суудан ичсем дегенде эки көзү төрт.

Эшектерин да сагынды ал. Моюндашып кажышсам дейт. Аларды эстегенде жулунуп алат да, бошоно албагандан кийин күчүн азынагандан чыгарат.

Туюк тар бөлмөсү тажатып жиберди аны. Айылда күндүз араба тартканы менен түнкүсүн бош эле, кайда барам десе, кетүүчү. Бу жерде Каргадай басканды дагы унутуп койгонсуду.

Бир күнү Каргадай үргүлөп кетти. Көзүн ача салса маңдайында баштагы ээси турат.

– Ии, кандайсың, Каргадай? Зоопарк жактыбы? Семирип алыпсың. Жакканы го, сага ушундай турмуш керек турбайбы. Кут болсун! Кут болсун! – деди. Бир аз турду да зоопарктан чыгып кетти. Ээсинин изи сууганда Каргадай жулкунду дейсиң. Тар бөлмөсүнүн ичи чаң-тополоң түшүп эле калды. Үч тарабын тосмолоп койгон фонераны оё-оё теп-

ти. Бирок мунусу чекилик болуптур. Зоопарктын жумушчулары келди да арткы эки бутун тушап салышты. Каргадай эми куйругуп гана шыйпаңдатпаса ордунан эркин козголо да албай калды.

Ал ого бетер айылды эңсейт. Эми эшектерин сагынды. Оюн салганды кой, баскысы, араба тарткысы келет. Ачык асмандын астында жүрсөм дейт. Күн батпайт Каргадайга. Күн батса таң атпайт. Баткан күн менен аткан таңдын айрымасы жок ага. Кантет. Көзүн жашылдайтат. Келген адамдарга жалдырап, жалооруп карайт.

Аны менен кимдин иши. Туруп-туруп кетип калышат. Үргүлөйт Каргадай. Эркин жүргөн күндөрү түшүнө кирет. Мына ушул азаптын баары өзүнүн жалкоолугунан келип чыкканын ал түшүнбөсө керек.

## САККУЛАК МЕНЕН КАШКУЛАК

Илгери, илгери айланасы көлкүлдөгөн саздын ортосундагы жапан талдын башында сагызган жана анын балапаны Саккулак жашоочу. Сагызган жалгыз балапаны Саккулакты бапестеп бакты. Энесинин айткандарын кунт коюп, көңүлүн буруп, өтө эле сак өстү. Бир күнү кечке жуук энеси Саккулакка мындай деди:

Эртең уяңдан учасың. Канат куйругуң жетилди. Эми өз алдыңча учуп-конуп жаныңды бак. Учканды билген куштарга, үргүлөп жатыш чекилик. Теребел деги эле кермет. Асманга чыгып карасаң, айлана укмуштай кооз, дагы жогорулап учкуң келет. Кана эмесе уктайлы. Түн кирип аздан соң тоонун кырынан ай кылтыйды. Ар кайсы тараптан чегирткелердин чырылдаганы угулуп турду. Жаңыдан үргүлөп

бара жаткан Саккулак, копшолду да башын өйдө көтөрүп, айга карап калды. Ай улам жогорулап, айлана-чөйрөгө жарыгын тийгизди. Саккулак уктап жаткан энесин тумшугу менен чокулады.

Жарык болду учалы,– деди.

Бул айдын жарыгы. Бирок али түн. Мойнуңду канатыңдын алдына каткын да уктагын.

Ошол учурда алардын уясынын жанына кандайдыр үрпөйгөн, сүксүйгөн неме учуп өттү. Саккулак адегенде чочуп кетти. Шакыдыктап да жиберди.

Бул ким? Түн киргенде уктабай учуп жүргөн? – деди энесине бурулуп.

Мунун аты үкү. Күндүз уктайт. Түн киргенде алы жеткендерге тынчтык бербей, чабыттайт,– деди эне сагызган. Саккулак тумшугун сол канатына катып, жаңыдан эле уктайын дегенче болбой саздагы бакалар чардап жиберишти. Саккулак мурун кантин уктап жүргөнүн ким билсин, бул жолу такыр уктай албай койду. Башын көтөрдү да адатынча энесине кайрылды.

Булар эмнеге чурулдап жатышат. Деги качан укташат.

– Муз тоңгондо укташат да, жаз келгенде кайрадан ушунтишип чуру-чуу түшүп чардашат, – деди энеси.

– Эртең кимдин кандай, канча убакытка уктаарын билишим керек, – деди Саккулак.

– Ошенткин, а, азыр болсо уктагын, – деди энеси.

Таң атты, жан-жаңыбарлардын баардыгы ойгонушту. А Саккулак эчак эле ордунан туруп канат куйругун таранып, учууга камданып жаткан эле.

Мына, эми учсаң болот Саккулагым. Көптөнкөп айтаарым өтө кылдат, шырп эткен добушту

уга турган сак болгун. Айылга барганда кичинекей тентектер жерге эңкейип бара жатканда уча качкын. Болбосо майып болуп каласың.

Эмне үчүн?

Тентектер эңкейгенде жерден таш алат. Анан аны менен сени урат.

Түшүндүм. Азырынча айыл жакка барбаймын. А дегенде Жаныбарлардын өзүм сыяктуу канаттуу куштардын кандай, кантин уктай турушкандыктарын, билгим келет, – деди да, обдулуп учуп жөнөдү.

Канаттары жетилип, өз алдынча учуп конгонго жарап, жаным жай алды. Саккулагым эч кимге алдатпайт. Бирөөнүн колуна түшпөйт,– деп эне сагызган учун бараткан балапанын соңунан кубана карады. Саккулак канаттарын кере-кере жайып, шаркырап аккан чоң суунун жээгиндеги калың бадалдын арасынан жөрмөлөп жүргөн кашкулакты көрө койду да, дабыш алдырбай сызып барып чоң түп бадалдын бутагына коно калды. Азга кашкулактын кыймыл аракетин карап турду. Анан шакылыктап жиберди. Кашкулак жүндөрүн үрпөйтүн, тумшугун чулгулап, таноолорун кыймылдатып, эки жагын карады.

Хи-жи, өйдө карагын. Үн чыгарган менмин, Саккулакмын. А сен ким болосуң?

Мен кашкулакмын – деп күңкүлдөдү.

Жер тытмалап эмне кылып жатасың?

Даамдуу тамак издеп жатам. Жаркыраган жай аяктап, күрдөөлдүкүз келди. Андан кийин кыш болот. Ошондо чээниме кирип жаз кайрадан келмейинче укташым керек.

Өзүм да ошол уйку жөнүндө сенден сурайын деп кайрыла калдым эле башка кепке алагды болуп

унутуп калганымды карачы. Сен канча убакытка уктайсың?

Жүз күн, жүз түн уктаймын.

Анын эмнесине таң каласың? Мага окшоп узак уктай тургандар толуп жатат.

Алар кимдер, алар кимдер? – деп шаша-буша шакылыктап жиберди.

Мисалы үчүн узак убакыт уктай тургандар мен билгенден: аюу, суур, келемиш, ачкүсөн. Калгандарын өзүң издеп тапкын – деди да, кашкулак кайрадан чоң бадалдын түбүн чукулап казып кирди.

Эмне үчүн бул жерди чукулап жатасың, – деп Саккулак суроосун жаадырды. Кашкулактын аябай ачуусу келди. Саккулак али балапан экенин түшүнө койду. Анан жай баракат жооп берди:

Жашоого ылайыктуу жакшы жай экен. Ушул жерге ийин кассамбы деп тырмалап жатамын. Мындан ары сурооңо жооп бербеймин. Убакыт текке кетти. Калганын энеңден сурагын.

Бүгүнкүгө ушулар эле жетишет – деп Саккулак көнүп калган уясын карай учту.

## МАМАЛАК КОНОК БОЛГОНДО

Илгери, илгери бир мамалак болуптур. Ысык жайдын күнүндө бирге жашы толуптур. Мамалактын энеси кечке тоону кыдырып, кыр-кырларды сыдырып күндө жеген суурдун этин жебей коюптур. Тоо текени тааптыр, капшыра аны кааптыр. Мамалакка жетикирип, терисин сыйрып коюптур. Тоо текенин этине мамалак абдан тоюптур.

Ойноп жүрсө мамалак, келди дөбөт сабалап. Таанышындай мурдатан аңгеме алар салышты.

Жакындашып ал экөө, тил табышып калышты. Кызыгандан кызыгып, мамалакка дөбөтүң ачкенедей жабышты.

Мына ээрчишип ал экөө жакага бет алышты. Сөздөн сөзгө өтүшүп, бат эле жетип барышты. Жаман жери баргыча күн кечкирип калыптыр. Чарчагандан ал экөө сарайга жатып алыптыр. Аздан кийин мамалак коңурукту салыптыр. Мурда мындай коңурук угушпаган айбандар кулак түрүп калыптыр. Чочуганын алардын баамдаган чоң дөбөт «уктасын конок» дегенсип айбандарга барыптыр. Сөзүн угуп дөбөттүн кайра уйкуга киришип жайжайында калыптыр.

Ирең-бараң таңында иңир сымал маалында үй ээси эрте туруптур. Эки жагын каранып, малга көңүл буруптур. Сарайга кирсе капыстан, бейтааныш айбан жатыптыр. Мындайды мурун көрбөгөн үй ээси чочуп кетиптир. Карбаластап бат эле кайра үйүнө жетиптир. Алып чыгып тезинен дүрмөттөлгөн мылтыгын асманды көздөй атыптыр. Үндөн ыргып мамалак туш келди жакка качыптыр. Уйкусурап байкабай toок үйүн басыптыр. Колго илинген тоокту көрүнгөн жакка чачыптыр. Андан ары жүгүрүп каякка барарын билбей тоону көздөй шашыптыр. Сааган сүтүн көтөрүп келе жаткан келиндин мамалакты көргөндө чакасы ыргып кетиптир, корконунан ал өзү үйүн көздөй безиптир.

Балпалактап мамалак жүгүрүп кете бериптир. Аздан кийин энтигип чакан көлгө келиптир. Коркунуч алыс калды деп буту-колун кериптир. Эс алган соң бир азга ал кайра тоону карай жетиптир. Үйүн таппай мамалак дагы эле кете бериптир. Бара жаткан жолунан койчуман аны көрүптүр. Коркко-

нунан койчуман атына камчы салыптыр. Камчы жеген күлүк ат зып эткенден зып этип, чоң аскага барыптыр.

Мына ошентип корунуп келе жатса мамалак жолдон түлкү жолугуп төмөнкүдөй кеп айтат, кеп айтканда деп айтат:

Бу сен келе жатасың каяктан?

Сен сураба, мен айтпайм.

Эмне бооду анчалык?

Андан көрөкчө жардам бер, үйүм менин каякта?

Эми ашыкпа-антыкпа. Келип калдың үйүңө. Мени менен конок бол. Бизди чакырмак беле күнүгө.

Угузбагын ал кепти. Мен коноктон келе аткам. Издеди го энекем. Кандай менин кебетем?

Татынакай кебетең. Менин тилим аласың, конокко чогу барасың.

Десе түлкү ошондо. Мамалак үйгө шашыптыр, уккусу келбей ал кепти, токойго кире качыптыр.

Келе жатса мамалак күн нөшөрлөп төгүптүр. Ошентсе да алыстан үйүн таанып көрүптүр. Мына ошентип шөмтүрөп, ал үйүнө келиптир. Кубангандан энеси, суур союп бериптир.

## БОЗ ЧЫМЧЫК

Илгери өткөн заманда бир кедей отун сатып жан бакчу экен. Бир күнү бай кедейди чакырып алып:

Отун, суунун баары меники, жада калса жөргөлөп жүргөн куртка чейин меники, экинчи казынама тийбей жүр, – дейт.

Эми кедейдин шору катат, эмне кылаарын билбейт, бир жагынан балдары ачка. Багы жокко,

баары жок дегендей кедейге мүшкүл түшөт. Айласы кеткен кедей нан издеп жолго чыгат. Келе жаткан кедейдин жолунда канаты сынган боз чымчык тырпырап жатканын көргөн кедей, үйүнө алып барып багат. Көп күн өтпөй эле боз чымчык айыгат. Жакшылыкка жакшылык дегендей боз чымчык кедейге кандай жакшылык кылаарын билбей калаарын билбей акыры мындай чечимге келет. Байдын казынасына барып, уурданып, кедейге алтын тыйындардан күнүгө ташып келип берип жүрөт. Кедейдин турмушу оңолуп, жакшы жашап калат. Ал эми боз чымчык болсо кедейдин чатырында жашап калат.

Ал эми бай болсо алтындары кандайча жоголуп жатканын өмүрү өткөнчө билбеген имиш.

## ӨТҮКЧҮ КОЁН

Калың токойдун ичинде коён, анын кичинекей бөжөктөрү жашоочу. Коёндун колунда эч нерсеси жок бечара эле. Жеген тамак-ашы чөп-чар. Кырчылдаган капуста, кызыл сабиз анын колуна тийчү эмес. Ошол үчүн ал коён «Коёнек, капустага тоё элек» деген атка конот. Ал эми бөжөктөрүн «коёнектер, капустаны көрө электер» дешчү алардын кошуналары.

Коёнектин үй-бүлөсүндө мындай бир окуя болду. Күздүн муздак күнүндө коёнектин бөжөктөрү энесине мындай дешти:

– Бардык айбандар кышка камданышып, үйлөрүн жылуулап алышты. Жалгыз гана биздин үйдүн туш тарабынан суук кирип, тишибиз-тишибизге тийбей калчылдап үшүп чыгабыз.

– Коё тургулачы чурулдабай, – деди коёнек – бүгүнтөн тартып биздин үйүбүз башкалардыкынан жаман болбойт. Күн уясына жашынганча чыдай тургула. Үйүбүздүн жыртык тешиктерин бат эле бүтөй саламын.

Ой энеке, тактайды кайдан табасың? – деди бөжөктөр чуулдашып.

Ошол да кеппи! Бизге бир гана жазы тактай болсо жетет. Андай тактайды огороддон көрөмүн. Алаң көзүм, мени менен жүргүн, – деди коён. Кичирээк бөжөгүнө.

Коён эне менен Алаң көз экөө ээрчишип алып жөнөштү. Жолдо карата нечен коркунучка дуушар болушту. Токойдун ичи шамалдан шуулдаса, же жандарынан чымчыктар учуп өтүшсө деле кулактарын жапырып жата калышат. Жөрмөлөшүп жүрүп отурушуп, арандан зорго огороддун аягына келишти. Чын эле огородго кире бериш жерде тактай жатыптыр.

Алаң көз, сен мага жардам бергин. Тиги жагынан көтөргүн. Сыртка чыгарсак мен аркама көтөрүп алам – деди эне коён.

Алар көп аракеттенип жатышып, сыртка тактайды чыгарышты. Коёнек тактайды аркасына көтөрдү. Тактай анчейин деле оор эмес эле. Алаң көз тактайды жөлөп алды. Ошентип алар үйлөрүнө келишти.

Тактай менен эшиктин жанындагы чоң жыртыкты бүтөшүп, кагып салышты. Бардыгы жаңы кагылган тактайга суктанып карап турушту. Качан гана тактайга тартылган өтүктүн сүрөтүн көргөндө коёнек абдан капа болду. А дегенде көргөн болсо, анда сүрөт тартылган жагын нары каратып кадабайт беле. Бирок бөжөктөрүнө кайрылып мындай деди:

Хи-хи-хи... Кайра ушундай болгону жакшы! Токойдогу жашагандар «Коёнек капустага тоё элек» өзүнүн үйүн сүрөт менен кооздоп алган экен десин! Кана, балдарым, капустаны жейли да анан эс алалы. Алаң көз экөөбүз аябай чарчадык. Үйүбүз жылуу болду. Мындай жылуу үй токой боюнча жок.

Калган каткан капустаны жешип, уктоого камданып жатышканда алардын эшигин кимдир бирөө такылдатып калды.

Коёнек сандалын кийип, эшиктин алдына келди да, бул ким? – деди акырын гана.

– Менмин. Карыган аюу апанын кенже баласы мамалакмын.

– Сага эмне керек – деди коёнек.

– Мага өтүкчү керек эле.

Коёнек эшигинен башын кылтайтып чыгарды да жылмайып туруп мындай деди:

– Сен жаңылыш келипсиң. Бул жерде жөнөкөй коёндор жашайбыз.

– Мүмкүн эмес, – деди мамалак – үч күн, үч түндөн бери өтүктүн сүрөтү тартылган үйдү издеп жүрүп араң таптым. Менин сол бутумдун чокоюн тигип берсең, аюу атам бир аяк бал берет.

Коёнек окуянын кандай болгонун мамалакка түшүндүрөйүн дегенче болбой, узун моюн турна келип калды.

– Өтүкчү кайда жүрөт? Мага укмуштай өтүк ултарып берсе, коркпой суу кечип балык кармап көңүл ачат элем.

Коёнек жооп кайтарайын деди эле карга да келип калса болобу.

– Ой коёнек, тезирээк мага өтүк тигип бергин, кыш түшкөнүнө аз калды. Карга изим түшпөгөндөй болсун. Көз ачып жумганча коёнектин үйүнүн

тегереги Жаныбарлар менен канаттууларга толуп кетти.

– Бизге өтүкчү керек? Өтүкчү! – деген кыйкырыктар, ызы-чуу.

Коёнек таманы менен желкесин кашылап турду да: – кымбаттуу Жаныбарлар жана канаттуу достор! Чынын айтайын. Качандыр бир убакта менин ата-бабаларым өтүк ултарышкан экен. Менин да ушул кесипчиликке шыгым бар, бирок...

Эмне керек, тезирээк айткын!

Мага курал-жабдык керек.

Жаныбарлар менен канаттуулар коёнекке керектүү курал жабдыктарды алып келип беришти. Токойдогу жырткыч айбандарга өтүкчү коёнду капа кылбасын деген буйрук берилди. Токойдун ичиндеги бардык жан-жаныбар бут кийимдерин коёнекке алып келип жатышты.

Ошол убактан ушул убакка чейин коёнек өтүк ултарат. Ага анын бөжөктөрү жардамдашат. Үйүнүн ичи толтура береке.

Кыштын күнү аюу мейманга келет. Коёнек ага катып койгон капустасынан берип меймандайт. Токойдун арасында улуган бороон. Коёндун үйү жып-жылуу. Курсагы тойгон аюу буркуратып тамекисин тартат да үргүлөп жата берет. А коёнек кандайча өтүкчү болуп калганын кайра-кайра аюуга айтып каткырып күлөт.

## АЛАҢ КӨЗ МЕНЕН МАЙРЫК

Жалбырактар саргарып мезгил күз болуп калган. Эгин орулуп бутуп талаалар ээн. Чоң арыктын

жээгиндеги калың карагандын түбүндө бир коён жаңыдан тууган бөжөгүнүн мойнун жалап эркелетип жатты.

Сенин атыңды Алаңкөз коёмун. Ал сага ылайыктуу. Узун кулак деп ат койсом болбой калат. Анткени узун кулактан бизге окшош дагы бир макулук бар. Ал эшек. Акылсыз макоо болот. Дайыны жок эле бакыра берет. А, сен унчукпас, жоош болуп өскүн.

Ушул учурда карагайдын башына сагызган коно калды да.

Эй коёнек, коёнек, ит келатат... качкын тезирээк – деп шакылыктап жиберди. Коён эне коркконунан Алаңкөзгө карабай туш келди тарапка качып жөнөдү. Тилин салаңдаткан сары машке караганды аралап кирип келди да Алаңкөздү жыттагылады.

Р-р-р, сен али ымыркай экенсиң. Жээгө жарабайсың – деп тумшугу менен түрткүлөдү да андан ары шимшилеп кетип калды. Кичинекей Алаңкөз бул чоң сарынын ким экенин билген да жок. Анткени ал биринчи жолу жарык дүйнөнү көрүп олтурбайбы. Алаңкөзгө дүйнө ушунчалык кооз, сонун болуп көрүндү. Биринчи жолу көргөн сагызганча учайын деп обдулду эле тоголонуп арыктагы көлчүктүн жанына барып токтоду. Көлчүктүн ичинде сүзүп ойноп жүргөн бакanын кичинекей майрыгы коркконунан суунун түбүнө чейин чөгүп кетти. Аздан соң суудан башын кылтыйтып чыгарды да жанагы тоголонуп түшкөн боз немеге карады. Алаңкөз да көлчүктөгү майрыкты карап калды.

Сен кимсиң? – деди баканын баласы Майрык бакалоорун булкулдөтүп. Сени бул жакка ким түртүп жиберди?

Мени эч ким түрткөн жок. Өзүм эле тоголонуп кеттим. Менин атым Алаңкөз. Апам ушундай деп ат койду.

А-а Алаңкөз болсоң коёндун баласы турбайсыңбы? Таанышып алалы. Менин атым Майрык. Баканын баласымын. Сенин энең кайда? – деди Майрык суудан секирип чыгып.

Энем азыр эле жанымда болуучу. Мени эркелетип жатканда бирөө шакылыктады эле кеп сөзгө келбей дайынсыз кетти – деди Алаңкөз. А, сенин энең кайда?

Мен энемди эчак эле жоготкомун. Биз эң эле көп болчубуз, ушундай эле көлчүктө жатып, күндүн нуру, абанын деми, суунун кубаты менен чоңойдук. Туугандарымды болсо суулар туш тарапка агызып кетти. Мен да агып отуруп ушул жерге келип токтодум.

Андай болсо сен да мендей болуп энесиз калыпсың, жүргүн энебизди издейли – деди Алаңкөз.

Жүрү. Мен жол баштайын.

Баканын баласы Майрык көлчүктөн секирип чыкты да ийри буттарын кере-кере шилтеп секирип жөнөдү. Аны көрүп турган Алаңкөз «Мен да ушул Майрыктай секирсемби, же жөн эле жөрмөлөй басайымбы» деп ойлоду. Майрык бир топ жерге секирип отуруп узап кеткен. Ал аркасына кайрылып карады эле Алаңкөз баягы эле ордунда турат. Майрыктын аябай ачуусу келип бакырып жиберди.

Алаңкөз, кулагыңды шалпайтпай менин артыман секирбейсиңби?

Мен... мен... коркуп жатамын – деди Алаңкөз муундарын калчылдатып... Сен кыйын секирет экенсиң. Мен секире албаймын.

Коркпогун. Адегенде акырын секиргин. Бара-бара менчилеп бат-бат секиргин. Кана секирип көрчү? Мен деле биринчи жолу секиргенимде чөп-чарга чалынып, өйдөлөнүп калып жүрүп кийин оңолуп кеткен болучумун. Жүрү менин артыман ээрчигин.

Майрыктын артынан ээрчип жүрүп, Алаңкөз аябай чарчады, курсагы да ачты. Алайган көзү кичирейип, эки кулагы шалпайып жер чийип калды.

Майрык, мен чарчадым. Курсагым ачты – деди Алаңкөз ыйламсырап.

Мен дагы аябай чарчадым. Бир көлчүккө чүмүлүп алсам андан ары кете берет элем. Тыңшачы оң тарапта бака чардап жаткансыйбы? – деди Майрык өйдө көтөрүлө калып.

Бир немелер бакылдап урушуп жатышат окшойт – деди Алаңкөз.

Урушпай этпей эле биздин бакалар сайрандап жатышат. Эх, сен билбейсиң да кечке жуук бардык бакалар чардаганда жөн эле угуп отургуң келет. Көлчүктөрдүн көркүн чыгарган биз – бакаларбыз. Ал эми анча-мынча балыктар болсо, ооздорунан шилекейин куюлтушуп, дулдуюп унчугушпайт – деп Майрык тыңсынып койду. Анан өзү кубанганына чыдабай чардап жиберди.

Үнүм кандай экен? – деди Майрык Алаңкөзгө тостоё карап:

Мен сенин чардаганыңа баа бере албаймын. Анткени жаңыдан эле жарык көрбөдүмбү – деди Алаңкөз – аябай ачка болдум. Эртерээк энемди издейличи.

Майрык Алаңкөзгө макул болду да секирип жөнөдү. Алаңкөз анын артынан жөрмөлөп басты. Чөптөр калың чыккандыктан Алаңкөз чалышып,

тумшугу менен жер сүзүп, аябай убара болду.

Чыдагын Алаңкөз, бакалар чардап жаткан көлчүктөн суу ичип алсаң андан ары да кете берүүгө болот, – деп Майрык өзүнүн жолдошунун көңүлүн жубатып койду. Ушул учурда арыктын жээгинде аркандалып турган сур эшек ай-талааны жаңыртып бакырып жиберди. Алаңкөз кулагын жапырып жата калды. Майрык болсо башын көтөрүп тура калды да:

Эй макоо, эмнеге бакырасың? – деди.

Эшек кулагын кыймылдатып, башын чайкап шыйпанып койду. Майрыктын сөзүнө көңүл да бөлгөн жок. Алаңкөз акырын башын көтөрүп эшекти карады эле ал анын энесине окшошо түштү.

Энеке,– деп чыйылдап жиберди – бул менин энем.

Ха-ха-ха... сенин энең эмес. Бул шалпаң кулак макоо эшек. Сенин энең минтип бакырбайт. Жүргүн, бул бизге тийбейт. Коркпогун – деди да Майрык каадасынча кериле-кериле секирип жол баштап жөнөдү. Бир аз жол жүрүшкөндөн кийин баягы бакалар чардап жаткан көлчүккө туш келишти. Ал жердеги бакалар көлчүктөн баштарын чыгарышып тигил экөөнү карап калышты. Алардын ичиндеги эң чоң бака көлчүктүн четинде турган тигил экөөнө жакындап басып келди да:

Майрык, бул ким? – деп сурады – силер эмнеге эле ээрчишип алгансыңар!

Мунун аты Алаңкөз. Энеси ушундай деп атаптыр. Бүгүн эртең менен эле туулуптур. Энеси ит келе жатканда коркуп качып кетиптир. Бул Алаңкөз аябай ачка болду. Биз мунун энесин издеп жүрөбүз. Азыр силердин көлчүгүңөрдөн

кичинеден ичип алып, мунун энесин, менин энемди издейбиз.

Ха-ха-ха... жаңы туулган ымыркай макулуктун эсин оодарып, убара кылып жүргөн экенсиң макоо Майрыгым. Сенин энең балким мендирмин. А балким сенин энең суу менен агып отуруп, көлдүн жээгиндеги сазга барып, ошол жерди мекендеп калгандыр. Сен Майрык энеңди таппайсың, ал эми Алаңкөздүн энесин табууга болот. Менин сөзүмдү угуп, тилимди алгыла.

Бул чоң бака ушул көлчүктөгү бакалардын акылдуусу. Сен экөөң ушунун сөзүн уккула – деп калган бакалар да чурулдап жиберишти.

Азыр, ушул жерде турган бакалардын бардыгы чогулуп алып силер келген из менен кайра жөнөйбүз – деп сөзүн баштады. Чоң бака – Биз Алаңкөздүн туулган жерин табышыбыз керек. Антпесек, Алаңкөздү издеп, энеси мунун артынан келбейт. Ал байкуш эне өзү тууган жерине кайра барды. Кана убакытты бекерге өткөрбөй жөнөйлү. Бакалар баарыңар көлчүктөн чыгып мени ээрчигиле. Алаңкөз менен Майрыкты өзүлөрүнүн жерине жеткирип коёлу.

Бакалардын бардыгы көлчүктөн сыртка чыгышты да Алаңкөз менен Майрыктын алдыларына түшүшүп, секиришип жөнөштү. Бир аз убакыт өткөндөн кийин Майрык жашаган көлчүккө келип токтошту.

Ушул көлчүктө мен жашоочумун – деди Майрык – ал эми береги жактан Алаңкөз тоголонуп түштү.

Андай болсо, Алаңкөз сен ошол жакка басчы, балким энең сени күтүп жаткан чыгаар. – Биз ушул жерде күтүп туралы – деди чоң бака.

Кичинекей Алаңкөз өзү тоголонуп түшкөн карагандын арасын көздөй секирип бөжөңдөп жылып

жөнөгөндө, нары жактан анын энеси сур коён чыга калды. Алаңкөз адегенде коркуп кетти да кулагын жапырып жата калды. Анткени, өзүнүн энеси баягы аркандалуу турган сур эшекке окшошо түштү.

Алаңкөз, сен кайда адашып жүрөсүң? – деп энеси бөжөгүнүн жанына чуркап келип, жыттагылап жиберди.

Мен сени издеп жүрдүм. Анан адашып кете жаздарымда, береги бакалар кайра ушул жакка алып келишти.

Тетиги чоң бака болбосо, Алаңкөз экөөбүз адашып, аябай убара болот элек – деди Майрык. – Ал абдан акылдуу бака экен.

Ооба, бул чоң бака баарыбыздан акылдуу. Анткени көп жашаган, көптү көргөн бака – деп калгандары чурулдап жиберишти.

Силерге чоң ыракмат, ак көңүл, мээримдүү бакалар. Алаңкөз экөөбүз жакшылыгыңарды унутпайбыз – деди сур коён.

## ЖОЛБОРС МЕНЕН МАЙМЫЛ

Падышалык бийлигин жүргүзгөн жолборс бир күнү: «Бир дагы жаныбар менен карамагымдагы жүзүмгө тийбесин»! – деп жар салыптыр.

Муну уккан маймыл: «Багынгандар багына берсин мен өзүм багынбаймын, анткени мен жүзүмдү жакшы көрөм»,– деди. Ошол эле замат маймыл токойго келет. Ал жүзүм жыгачтарынын бутактарын ийгенде тырс-турс эткен дабышты угуп, жолборс кайдан жайдан учуп жетип, маймылды дүпүлдөтүп басып жыгылат. Маймыл ага жалооруп:

Ой, эмнеси болсо да келгениң ырас болбодубу. Сен гана мени баледен куткарасың. Мына желдин гүүл-

дөгөн дабышын угуп жатасыңбы! Аздан кийин катуу добул согуп, жаныбарлардын баарын учуруп кетет. Чоң деген пилди дагы тим эле камгактай айлантат. Мага бир ырайымдуулук кылып, мобул жыгачка бекем таңып таштагын,– деди. Муну уккан жолборс:

Жо-ок, оболу сен мурун мени жыгачка бекем таңгын, – деп жиберди маймылга.

Буйругуңузга кулдугум бар, – деп маймыл жолборсту мыкты чырмооктор менен жыгачка козголгус кылып байлап таштады.

Ал өзү болсо токойду ээн эркин аралап жүзүмдүн аягына чыкты.

## АДАШКАН ЧЫМЧЫК

Тоо чокуларында жылтырап ак кар катат. Күн улам жогору көтөрүлгөн сайын тоо арасында жашаган канаттуу куштар күндүн шооласы тийген жерлерге барышат. Карагайлуу капчыгайдын күңгөй тарабындагы бетинен ала моюн сагызган учуп чыкты да наркы жактагы чоң кара ташка конуп отурган жылкычы кучкачтын жанына барды.

Ай, ай ая! Байкушум кычыраган кышта тоонун арасында эмне кылып жүрөсүң? Сенин үшүп өлүп калбаганыңа таң калам.

Эч нерсе эмес күн жылуу. Мен мындан да катуу сууктарга чыдагам. А, сен эмне үчүн тоңуп өлүп калган жоксуң?

Ого, айткан сөзүн кара! Мен сени менен дос болуп үйүмө ээрчитип барайын дедим эле, бирок айныдым.

Айныганың жакшы. Баары бир, мен сенин үйүңө бармак эмесмин.

Мейлиң, өз убалың өзүңө эки кара көзүңө – деди сагызган. Мына ушул убакта тоо этектеп бир короо кой жайылып келе жаткан эле. Койлорду көрө койгон сагызган жан алы калбай сүйүнүп кетти.

Буюрса да, буюрбаса да бул койлордун жүнүнүн арасынан тамак таап жейт экенмин. Бери жакын келишсин. Хи-хи-хи.

Сагызганды сугалак деп бекеринен айтпайт тура.

Сугалак демекчи айланайын жылкычы кучкач, өткөн жылы түлкүнүн баласынын уктап жатканын көрүп, көзүн чукуп жеймин деп бир ажалдан сактыгымдан гана аман калдым.

Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт. Анан сеники жакшыбы, тирүүлөй көзүн чокуп жегени жатсаң. Бирок чынын айтайын түлкүлөрдү мен да жаман көрөмүн. Көзүн чукуп салсаң ырас болмок. Алар жайдыр-кыштыр бизге тынчтык беришпейт. Түнкүсүн сак жатпасаң шоруңдун катканы.

Жылкычы кучкач менен сагызгандын сөзүнө ары жактан келген көк козу аралаша кетти.

Ал айтканың туура – деди козу. Анткени адамга кенедей пайдаңар жок. Жайылып жаткан кой, эчкинин жонуна коно калып аларды да жакшылыктуу оттотпойсуңар. Ошондуктан адамдар силерди жаман көрүшөт.

Эге, мунун акылдуусун кара. Силер менен кыжылдашкандан пайда аз. Андан көрө тиги койлордон тамак таап жеп курсагымды кампайтып алайын.

О, байкуш сагызган сени койчуман көрсө атып таштайт.

Жылкычы кучкач дос, ушундай суукта тоо арасында эмне кылып жүрөсүң. Өзүң да аябай жүдөп калгансың го.

Боорукер козу досум, адашып жүрөмүн – деди жылкычы кучкач.

Сага абдан убал болгон экен. Ушинтип куурагыча айыл арасына барсаң жакшы болмок. Жүрү күн жылыгыча биздин короого барып биз менен кошо жаша. Коробуз жылуу бир бурчунан орун берем.

Барат элем, бирок корком!

Эмнеден?

Койчумандын баласынан. Ал таш менен урат.

О, андан коркпо ал жакшы бала. Аты Жыргалбай, менин досум. Барсаң сени менен да дос болуп алат. Анткени, ал канаттууларды жакшы көрөт. Албетте кузгун, карга, жору, сагызган өңдүүлөрдү кошпогондо.

Козу досум мен барайын. Бирок ал жерде мышык жокпу?

Мышык жок. Түнкүсүн бизди кайтара турган Мойнок деген ит бар. Ал сага тийбейт.

Жылкычы кучкач көк козу менен достошуп, кечке бирге жүрдү да, кечинде түнөөгө койлор менен кошо кайтты. Койчуман учуп жүргөн жылкычы кучкачка көп деле көңүлүн бурбады. Атасын утурлап чыккан кичинекей Жыргалбай гана жылкычы кучкачты көрө койду.

Ата, тетиги чымчыкты карачы? Ал кайсы чымчык.

Кана? А-а, ал жылкычы кучкач турбайбы. Байкуш койлорго ыктоолоп кошо келген го. Сен аны таш менен урбагын. Койлордун арасында жүрө берсин.

Мен урбайм. Кара чыйырчык, күкүк, жылкычы кучкачтар адамдарга пайдалуу. Мен аларды жакшы көрөмүн. Мен тиги жылкычы кучкачка нандын күкүмүн берейин.

Ой ата көрү, жылкычы кучкач нандын күкүмүн жебейт. Алар чымын-чиркей, курт кумурскалар менен тамактанышат.

Ма-ма... деп көк козу маарап жиберди.

Түшүндүм, түшүндүм. Ата тиги жылкычы кучкачты тоонун арасынан таап мында ээрчитип келдим деп жатат.

Малдын тилин билген азамат болосуңго – деди атасы жылмая.

Көк козунун эмне деп маараганынан эле биле койдум.

Ма-ма...

Мына жем бергин деп жатат.

Андай болсо жем бербейсиңби?

Жүрө гой көк козум. Бүгүн сага жүгөрүнүн улпагынан көөлөп беремин.

Эмне үчүн мурунтадан ушул жакка келбедим. Курсагым ток болуп өзүм жылуу чыкмак экемин. Мейли бул да жаман эмес козу досума чоң ыракмат, – деди жылкычы кучкач.

Эй, жылкычы кучкач, сен эмнеге өйдө чыгып кеткенсиң. Бери кел. Ал жерден экөөбүз сүйлөшө албайбыз. Менин жанымда жакшынакай орун бар. Бери кел.

Азыр! Жылкычы кучкач козунун жанына келип конду.

Мына бул жерден орун алгын.

Ыракмат, козу дос.

Ушул учурда сырттан ит үрө баштады. Жылкычы кучкач уктай албай тынчы кетти.

Козу дос бул ит эмнеге үрүп жатат?

Карышкыр келбесин деп үрүп жатат. Азыр жаңы келгендиктен сага өөн учурап жатса керек. Эч нерсе эмес кийинчерээк көнүп кетесиң.

А сен карышкырдан коркпойсуңбу?

Коркомун. Адам менен жүргөндө коркпойм. Анткени адам баарынан күчтүү. Карышкыр адам менен жүргөнүбүздө бизге кол сала албайт.

Курсагы тойгон көк козу менен жылуууга ыксыраган жылкычы кучкач мемиреп жакшы укташты. Эртең менен Жыргалбайдын атасы:

Эй, Жыргалбай түндө койго карышкыр келиптир. Ал экөөбүз салгаң капканга түшүп калыптыр. Мынакей терисин алып келдим – деди. Жылкычы кучкач уктуңбу? Койлорго кол салам деген карышкыр капканга түшүп калыптыр. Муну уккан жылкычы кучкач көк козудан:

Капканы эмнеси? – деп сурады.

Капкан темирден жасалат. Ага түшкөн карышкыр кутулуп кете албайт. Көрдүңбү адам кандай акылдуу жана күчтүү.

Чынында эле адам күчтүү экен. Адамды пааналап жүргөндө адаштым деп айтпаш керек турбайбы. Мынакей кар эрип жаз келгенде жакага барамын да, кош айдоо чыгары менен эгинге зыян келтире турган курт-кумурскалар менен күрөшөмүн. Ал убакка чейин алыскы ысык жакка кеткен менин канаттуу туугандарым, досторум да келишет.

Демек сенин туугандарың ысык жакка кетип, сен бул жерде калган экенсиң да.

Ооба досум, мен да ысык жакка баргым келген жок, анткени, мен ушул жерде туулгам. Канат кагып, туулуп өскөн жеримден эч кандай кордук көргөн жокмун. Тоо арасы жылуу деми менен кыштын чилдесинен үшүткөн жок. Мынакей, сага окшогон досторду күтүп, адамдын акылдуу

мээримдүү бардыгынан күчтүү экендигине толук түшүндүм.

Ыракмат досум. Мен эми күнөстүү Кыргызстандын жылуу койнунан эч жакка кетпеймин. Ысык жактан келген энемди, эжелеримди да эч жакка кетирбеймин.

## МЫШЫК МЕНЕН ЖОЛБОРС

Билесиңарби, силер, билбейсиңерби жаш достор, түбүн текшерсек Мышык менен Жолборс тууган экен. Мышык Жолборстун таякеси болуп чыкты.

Бир күнү, (шейшемби күнү десем, эмне үчүн шейшемби күнү? эмне үчүн шаршемби күнү эмес, дээрсиңер; шаршемби күнү десем, эмне үчүн бейшемби күнү эмес дээрсиңер. Ошондуктан бир күнү деп отурам; ошентип бир күнү) Жолборс өзүнүн таякесине жолугуп калыптыр.

О, таяке, эмне мынчалык күйпүйүп кичинекей болуп кеткенсиң?

Эгер мага окшоп адамдын колуна түшсөң кандайча мындай болгонумдун себебин айттырбай билер элең, – деп жооп берди мышык.

Ушундайбы? – деди таңданган Жолборс. – Мага ошол адам дегениңди, көрсөтө алар белең?

Көрсөтпөгөндө эмне, анын эмнеси бар экен. Кана, мени ээрчигин.

Таяке-жээн жанаша басып келе жатышса асты жагынан бир топ өгүз чыкты. Өгүздөр жакындаганда жолборс мышыкка кайрылып:

Сенин алиги адам дегениң ушуларбы? – деп сурады.

Мышык бырс этти:

Адамдын эң кичине деген бамындай килейген өгүздү башкарып, айтканына көндүрүп, айдаган жагына жүргүзөт, – деди.

Экөө андан ары сапар тартышты. Аз узай беришкен соң бир үйүр жылкыга кез болушту.

Сенин алиги адам дегениң булар эмеспи? – деп жолборс дагы сурады.

Мышык күлүп жиберди:

Акылсыз жээним ай! Адам бул жылкыларга минип алып каалаган жерлерине бара берет.

Дагы жол жүрүп бара жатышса, алдыларынан бир кербен төө жолукту.

Адам дегениң так ушулар болсо керек? – деп кыйкырып калды жолборс.

Мышык боору эзилгенче күлдү.

Жок, булар да адамзат эмес. Дагы жаңылдың, жээнжан. Бул маңыроо төөлөрдүн баарын жалгыз адам буйлалап, бир бирине кошоктоп байлап, өзү эшекке минет да, жетелеп кете берет.

Таяке-жээн өз жөндөрү менен илгерилеп бара беришет Азбы, көппү, айтор, алар далай жерде болушуп, кечен ашуу, нечен белдерди ашышып, акыры бийик тоонун этегине келишет. Тоо башы токойлуу экен. Бир адам карсылдатып карагай кесип жүрүптүр. Эки билегин түрүп алган, маңдайынан тер тамчылайт.

Алиги адам дегенибиздин бирөө ушул, – деди мышык.

Жолборс аябай таң калды. Адам дегендин аты зор, бирок өзү көргөн көзгө арзыбаган неме экенго. Мышык жолборсту адамга тааныштырып, анын адамды көргүсү келгендигин айтты.

Токойчу каршы алып:

Жакшы келипсиң жолборс боорум, жакшы келипсиң. Атаы келген соң мага жардам бер. Андан сенин эмнең кетмек эле?

Жолборс шердене түштү. Адамдын өзүнөн көмөк сурап турганына көөдөнү көтөрүлө түштү. Таякесине карап: «мактаган адамың ушубу, менден жардам сурап жалынып жатат...» дегенсип көзүн кысып койду.

Жакшы,– деди жолборс токойчуга, – эмне каалайсың?

Аябай чарчадым. Алым кетти. Эмне болмок эле, мобу карагайды жарууга жардамдаш. Узунунан жарык кетирип койдум.

Жолборс мышык таякесине дагы көзүн кысып койду. Күчүн көргөзмөкчү болуп, карагайдын жарыгына эки алдыңкы аягын киргизип жиберди. Ушуну гана күтүп тургансып, токойчу жетип келип, шынаны суурул ала койду. Жолборстун буттары кыпчылып калды.

Токойчу Жолборстун маңдайына жайланып отуруп алып, тамекисин тартууну уланта берди.

Жолборс эмне болгонун туйган жок. Буттары ооруп жанын көзүнө көрсөтөт. Өкүрүп ыйлагысы келди, бирок намыстанып, сездирбөөгө тырышты.

Бул кезде мышык карагайдын башына чыгып жээнин мыскылдап мурутун чыйратып коюп отурган эле. Муну көргөн жолборс чыдабады.

О, таяке, мен да сендей кирбийип кичинекей болгонго чейин бул адам жабыркатабы деп чочуйм.

Мыяу, аны бир кудайын өзү билет, – деп койду мышык. Элдин айтымына караганда мышык ошондон баштап мыёлоп калган имиш.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАРАКУР

Каракур жыгачтын бутагында конуп отурган эле. Түлкү анын жанына келди да:

Аманбы, каракурум, кайран досум, сенин үнүңдү угуп, саламаттыгыңы билейин деп келдим,– деди.

Жакшы сөзүңө ыракмат,– деди каракур.

Түлкү укмаксан болуп, дагы сүйлөдү:

Эмне дедиң? Укпай жатам, сен, каракурум, кайран досум, бери көк чөпкө түшүп ойноп, мени менен сүйлөшсөң боло, жыгачтын башынан сүйлөгөнүңү укпай жатам, – деди.

Анда каракур айтты:

Көк чөпкө түшүүдөн корком. Бизге, канаттууларга, жерде жүрүү коркунучтуу.

Же менден коркуп турасыңбы? – деди түлкү.

Сенден болбосо да, башка айбандардан корком, – деди каракур.

Ар түрдүү айбандар бар эмеспи.

Жок, каракурум, кайран досум, бүткүл жер жүзүндө тынчтык болсун деп, жакында токтом жарыяланбадыбы. Эми айбандар бир-бирине тийбейт.

Ошонусу жакшы болуптур, – деди каракур, – тигине иттер келатат мурункудай болсо, сен качышың керек эле, а эми эмнеден коркмок элең.

Иттер жөнүндө угаар менен түлкү кулагын түрүп, качмак болду.

Сен каякка? – деди каракур.

Азыр токтом бар эмеспи, иттер тийбейт.

Ким билсин аларды? – деди түлкү. – Балким, алар токтомду уккан эместир,– деди да, качып жөнөдү.

## АТ МЕНЕН ЭШЕК

Ат менен эшек илгери дос экен. Бир күнү элдин айткан сөзүнө наразы болгон эшек атка келип, өз муңун айтып даттаныптыр.

– Айланайын досум, эмнеси, бул эл менин кемчилигимди гана көрүшөт. Адамдардын бардык иштерин аткарам, бирок баары бир жакпайм. Кемсинткени кемсинткен.

– Мен дагы ушуга тан каламын. Ат досунун көңүлүн көтөрүүгө тырышты. Бирок, эшектин көңүлү ушул сөздөн кийин ого бетер бузулду:

– Кемчилик кимде жок дейсиң. Силер ташыган чөптү мен да таашыймын. Сага ээр токуп минген адамдар, мага да ээр токуп минишет. Ошондо да мени жектеп шылдыңдашат. Мисалы, эсеп чыгара албаган баланы «Эсеп билбесең эшек» деп тилдешет. Эсепти билбегеним чын дечи, а бирок силер да билбейсиңерда.

– Ооба,– деди ат да, өз кемчилигин мойнуна алып. – Ал ырас.

– Эшек сөзүн андан ары улантты. Бирөөнүн ырдаганы жакпай жатса да «эшеке окшоп айкырат» дешет. Деги койчу ошентип мени келекелеп эчтекеге жаратышпайт. Өрдөк, тоокчо да көрүшпөгөнүнө кантип күйбөйсүң. Мен адамдарга өзүмдүн акылдуу да, мыкты да экенимди көрсөтүү үчүн эмне кылышым керек?! Акылыңды айтчы! – Эшек башын жерге салып, көзүнө жаш алды. Аны канчалык аяганы менен, ат дагы акыл кошо албады.

Бир кезде короого эшек менен аттын ээси кирип келди. Ал бул экөөнүн жем суусу түгөндү бекен деп, билүүгө кирген эле.

– Эй, адам! Мен акылдуумун, күчтүүмүн жана да адалмын, силерге ушуну түшүндүрүп коюуга убакыт жетти! – деп айкырды эшек. Буга таңданган адам бир аз ойлонуп туруп:

– Ооба, сенин күчүндүн адал экендиги ырас. Бирок, ушу бакырган ачуу добушуң менен, ойлонбой айткан сөзүң эшек экениңди бир жолу далилдеп, койдуң. Акылдуулук – өзүн-өзү мактоо эмес! – деди.

Ошентип, кандай мактанса да, эшек өзүнүн акылдуулугун далилдей албаптыр. Айткылачы күнөө кимде экен?

## АЛТЫН КУШ, АЧ КӨЗ ЧАЛ

Илгери убакта бир чал-кемпир жашаптыр. Алар өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун тутантып күн көрүшөт. Чал күн сайын отунга барып, аны алып келип, белендеп үйүнө киргизет. Кемпири болсо үй сарамжалын жасап, тамак жасап, чай кайнатып туруптур. Өтө ынтымактуу жашашат. Чал үйрөнгөн адаты боюнча бир күнү отунга барат. Чытырман токой. Бир чоң даракты кыймакчы болуп, балтасын колуна алат. Ушул кезде дарактардын арасынан алтын куш чыга калып, адамча сүйлөп кирет:

– Даракты кыйбагын, айланайын адамзат!..

Чал буга таң калып, өзү чалкасынан кете жаздайт. Куш болсо:

– Адамзат, менден такыр коркпо, эмне кааласаң ошону аткарамын, – дейт.

– Менин үйүмө кеңири жага тургандай отун жеткирип бергин. Отунсуз жан сактоо бизге кыйын, – деп, сөзүн аяктайт.

– Болуптур, айтканың орундалат, ага кападар болбой, үйүңө кайта бер, – дейт. Бул жолу абышка отунсуз үйүнө куру кол келип, кемпиринен аябагандай жеме угат. Абышка отунду алтын куш кыйдырбай койгонун баштан-аяк айтып түшүндүрөт.

Кемпири болсо:

– Сен өлүп кет, абдан калпычысың, – деп урушат. Эртеси эртең менен караса эле, үйдүн ирегеси толгон отун.

Баягы кемпиринен жеме уккан абышка эми кемпирине аябай мактанат... Бир күн өткөндөн кийин абышка жипти курчанып, балтасын колуна алып, чоң түп даракты кыйганга дагы барат. Дагы баягы куш:

– Сага эмне керек абышка? – дейт.

– Мага аппак боз үй керек, – дейт.

– Болуптур абышка! Айтканың орундалат, үйүңө барып, окуяны кемпириңе айта бер, – деп, куш көздөн кайым болот... Абышка токойдон кайра үйүнө келет. Эртеси кемпири экөө эрте туруп, тышка чыгат. Караса, алты канат аппак боз үй тигилип турат. Экөө тең көргөн көздөрүнө ишенишпей, аябай таң калышат. Үйгө киришип, көңүлдөрү аябай ачык, жарык маанайда кубангандары койнуна батпагансыйт...

Эртеси абышка дагы токойго, баягы өзүнө тааныш дарактын жанына жакын келет. Балтасын алып аны чапканга даярданат.

Бул жолу да абышкага дарактын өзөгүнөн алтын куш баш чыгарып:

– Сага дагы эмне керек? – деп кайрылат.

– Мен бай болсом дейм, короомдо сан жеткис малым болсо, алар аппак болсо, – деп суранат.

– Болуптур, адамзат, тилегениң орундалат. Өзүңдүн боз үйүңө окшош койлоруң ак болот. Аны эсептеп түгөтө албайсың, – дейт да, көздөн кайым болот. Үйүнө келип, абышка кемпири экөө таңдын атышын чыдамсыздык менен күтүшөт. Таң ата теребелди карашат. Айланада жайылган сансыз кой менен уй. Санап жетише албайт. Арадан бир топ ай өтөт. Чалдын курсагы тоюп, көңүлү көтөрүлүп, хан болгусу келет. Белине балтасын кыстырып баягы чынар терекке дагы келет. Кыя баштайт чынарды.

Алтын куш мына чыгат жок, ана чыгат жок. Теректи кыйып жыгып, уясын караса, алтын куштун өзү жок.

Үйүнө келсе мал да жок. Баягы ак өргөө да жок. Кемпири:

– Ач көздүк адамды жакшылыкка алып келбейт, – деп какшанып отурат.

## ХАНДЫН БУКАСЫ МЕНЕН ЖАРДЫЛАРДЫН БУКАЛАРЫНЫН СҮЗҮШКӨНҮ

Илгери-илгери бир заманда эмне кыларын билбей башы ооруган хан:

– Менин букам менен ким букасын сүзүштүрөт – деп, бардык элге жарыя кылат. Биринен бири угуп, кай бири бир табак дилдени алганга умтулат. Кээ бири менин букамды хандын элирген букасы жыга сүзсө, бир табак дилдени кайдан табамын, жөн эле оокат кылайын деп, букасын жашырганга аракеттенишет. Бирок хандын буйругун эки кылбай, букасы барларды бүт жыйнаганга вазирлер аябай күч жумшашат. Букасы барлар жана тамашаны көргөнгө кызыккандар көп келишет. Жерди тегерек чийип белгилеп:

– Кимдин букасы сызыктан сүрүп чыгарса, мөрөйдү ошол буканын ээси алат – деп, калыс жар салат. Эл эки жаныбардын сүзүшүн чыдамсыздык менен күтүшөт. Хандын жакшы багылган, элирип көпкөн букасы жардылардын букасын коёбу, мүйүзү менен ары челип, бери челип, жардылардын тартайган букасын чийинден сүрүп чыгарат.

Хандын көңүлү жай, табак-табак дилдени казнасына салат. Көшөкөрлөр хандын букасын мактап, боорукерлер жардыларды аяп, жүйөөлүү сөз курушат. Көбү букаларын кайра жетелеп, тарай турган болушат. Вазирлер аларды кетирбей, жолдорун торошот.

Бир жардынын букасына кадимкидей тил кирип, ээсине мындай дейт.

– Эй, дос, сен мени арык, чабал деп түңүлбө, мени мелдешке түшүр. Маселе арык менен семиздикте эмес, маселе кайраттанып туруп качырып салышта, сен дилдени жок деп жүрөк заада болбогун, мен букамдын өз башын саямын дегин да, сынап көр. Мен өз ыгыма ишенемин, – дейт. Жарды букасынын айтканына ыраазы болуп, тобокелге салат.

Хандын алдына барып таазим кылып мындай дейт:

– Ханым, сиздин букаңыз менен букамды сүзүштүргөнгө макулмун. Бирок менде бир да дилде жок. Мен букамдын өз башын саямын.

Хан жардынын сөзүнө күлүмсүрөп, макул деп башын ийкейт. Чогулган элдин

көпчүлүгү жардыны аяп, байкуш жөн эле койбой, жалгыз букасынан кол жууйт экен. Мындан ары кандай оокат кылат деп өз ара күбүрөп-шыбырашат. Бир убакта жарды букасын жетелеп келип, чүлүгү менен:

– Зеңги баба колдосун, бар жаныбарым, абийир алып бер! – деп, агытып жиберет.

Эл карап, көзүн айырбай турушат. Хандын букасы бир аз тарткынчыктап ортого келет. Бирок калчылдап бир жерге тура албаганы байкалат. Жардынын букасы жер чапчып, катуу өкүрүп, хандын букасын качырып сала берет. Хандын букасы сүзүшкөнү мындай турсун, хандын дарбазасын талкалап, короого кире качат. Отурган эл аябай таң калат. Хан эмне кыларды билбей, аябай шаштысы кетет. Вазирлерине букасын мурдунан кан акканча сабатат. Жарды бир табак дилдени алып, кубанып үйүн көздөй жөнөйт.

Жолдон көбү соогат сурап, жардыга ак баталарын беришет. Жарды жарык маанайда букасы менен жүрүп отурат.

Жолдо келе жатып жарды букасынан бир сыр сурайт:

– Сага өлгөнүмчө ыраазымын. Мени уятка калтырбай, дүйнөгө карк кылдың. Сен мага чынын айтчы, хандын букасы сени көрүп эмнеге качты. Же сенде кандайдыр сыйкыр барбы, сен мага жооп берчи? – дейт.

– Досум, хандын букасын качырганыма таң калбай эле кой, эч кандай менде сыйкыр жок. Аны мен музоо кезинде эки-үч жолу эсинен оодара сүзгөн болчумун. Ошол мезгилди унутпай, мен жерди чапчып өкүргөндө дарбазага кире качканын оңой эле түшүнүүгө болот – деп, бука жооп бериптир.

## КИЙИК МЕНЕН КОЙЧУ

Илгерки өткөн заманда койчу өзүнүн кой-эчкилерин жакшынакай жайытка жайды. Жайкалган

чөп, таза аба, тунук булактын суусу малга да, адамга дагы кандай жагымдуу. Бир күнү койлоруна караганы жок бийик жерге жайып, кечинде короосуна айдап келди. Абайлап караса, тоодон бир кийик кошо келип, короого кирип калыптыр. Аны көрүп, бир чети таң калып, бир чети койчу кубанат. Ал мейманды жем берип, жакшылап коноктоду. Анын максаты өзүнө үйүр кылуу керек эле.

Эртеси күн чайыттай ачык болду. Кой-эчкиден мурун баягы кийик тышка чыгып, тоону көздөй куюндады. Чөбүн, жемин жеп кайберендик кылып, кылчайбай кеткенине койчу ичи күйүп, аябай таарынды. Ошол жүргөн зоокаларды карап, көзү тешилди. Аны байкап калган кайберендин жол башчысы мындай деп үн алыптыр:

– Сен кой-эчкилериңди унутуп коюп, кийиктерди өзүңө үйүр кылсам деп аракет жасапсың. Эгерде бизге башка жактан кийиктер келип кошулуп калса, бизди такыр оюңа алмак эмессиң. Ошондуктан ачка болуп азап тартпайлык деп кийик сенден кетип калыптыр.

– Туура-туура! – деп, койчу башын ылдый ийкеген экен. Илгерки убактан бери карай айтылып келе жаткан элдин нускалуу сөзү бар эмеспи: «Эски дос эстен кетпейт, жаңы дос кадырга жетпейт» – деген. Кайберендердин жогоркудай айткан сөздөрү абдан туура.

## КУБУЛМА АЖЫДААР

Бир заманда талаага бир өгүз өлүп калат. Өгүздүн мурдунан, кулагынан, көчүгүнөн курт кирип кетет. Алиги курт өгүздүн этин жеп, сөөгү куруп,

ичи көңдөй болуп калат. Өгүздүн ичиндеги курт жей турган эч нерсеси калбаганда бирин бири жеп олтуруп, акыры бир курт кубулма ажыдаар болот. Бир туруп кыз, бир туруп ажыдаарга айланат. Ошол убакта бир падыша миң адам менен ойноп келебиз деп, бир жакка саякатка чыгып кетип баратса, чоң шаар көрүнөт. Бир чекеден кай жерге кирсе, адамы жок, оту жагылган, ашы кайнап, оокаты бышууда. Алиги кубулма ажыдаар шаардын баарысын жалмап бүткөн. Миң адам жабыла чаап, шаарды караса, эч бир адамдын уругу жок. Шаардын чекесине чыгып караса, жалгыз кыз турат. Алиги кыз канга оропара келет. Кыз тие турган, кан ала турган болот.

Кан алып, ар күнү увазирлери келип, кабар алат. Увазирлери кабар алып турса, күндөн-күнгө сапсары болуп, кан ыраңынан кете берди.

Увазири айтты:

– Сиз ушу кызды эмне деп ойлоп жатасыз. Калааны аралап карасак, бир адам жок, бу кыздан бир иш чыгат. Бөөдө кырылып кетпейлик.

– Кандайча байкайбыз.

– Билбесек болбойт. Кеч курун эттен аябай бастырып, жакшы аш жасат. Тамакты казанга салып кайнатаарында даарат кылам, дароо суу алып келгин деп айткын. Ал сууга чыгып кеткенде казанга тузду аябай сала бергин. Ажыдаар туздун ачыгын билбейт, тамакты жей берет. Үйдүн ичине суу койбогун. Челекте сууларды жок кылып салгын.

Анан билинет, – деди увазир.

Айтканындай кылып, ал эшикке чыгаары менен тамакка тузду аябай салды. Ал туздуу тамакты экөө жеп, төшөккө жаткандан кийин, ажыдаар чаңкап

суусап, челекке башын салды, бу челекке башын салды, суу жок. Үйдүн морунан башын чыгарып, сууга барды. Аябай чоң ажыдаар экен. Куйругу кандын койнунда жатат. Сууну ичип алып, жыйрылып келип, төшөккө жатып кыз болуп калды.

Эртең менен увазир келип:

– Байкадыңызбы? – деди.

– Байкадым. Мындан кандайча кылып жан куткарабыз. Увазир айтты:

– Жан куткарыштын айласы жок. Бир айга айтканын аткара бер, бул убакыттын ичинде мен бир иш кыламын. Аскерлерди чогултуп, чоюндан эритип, кандын айыбына кечке тынымсыз үй салабыз. Антпесек жаныбыз калбайт. Кечеги-күндүз чоюндан эритип, эки кабат үй салды. Ортолугуна көмүр толтурду. Бир айга жеткирип, жеткирбестен үйдү бүтүрдү.

Кырк эшиктүү кылып, үйдүн төрт тарабына чейин басма көрүктөн отургузду. Үйдү бүтүрүп, увазири канга айтты.

– Колуңду дубалга тийгизип жакын отургун. Колуңуз ысып келатканда кийимиңизди таштап, эшикке чыгыңыз, күмөн алып калбасын.

Кан увазири айткандай кылып, биринчи дарбазадан төртүнчү дарбазага барганда кыйкырык чыкты. Көрүктү басты, ошондо үйлөр алды да ысыды, үстү да ысып, чоюн кызып кеткенде үйлөрдү солкулдатып, аңтарып ийе турган болуп, ажыдаар экенин билгизди.

Увазирдин акылмандыгы менен чоюнду ысытып жиберип, ажыдаарды өрттөп, күйгүзүп өлтүрүп, ошончо калк аман сакталып калган экен.

## ЖЫЛАН МЕНЕН КЫЗДЫН АҢГЕМЕСИ

Илгери учурда талаада бир кыз тезек терип жүрсө, бир ак жылан, бир кара чаар жылан алдынан чыгат. Ак жылан ийинге кире качат. Кара чаар жылан ийинге жете элегинде кыз өлтүрүп салат.

Ошо менен жүрө берет, кыз бойго жетет. Бойго жеткенде кыздын кичинекейинде кайындап койгон күйөөсү бар экен.

– Кыз он алты жашка чыкты! – деп, күйөөсү калың айдап, малын алып, баягы кызды алмакчы болуп келип, күйөөлөп жаткан түнү күйөөсү кыз менен сүйлөшпөй, бир күн ыракаттанбай төшөк үстүндө өлөт.

Кыз аман. Баягы күйөөнүн алып келген малын ата-энелери алып үйүнө кайтат. Ошондой кабарды угуп, дагы бирөө куда түшүп, малын айдап келип, той өткөрүп жигит кызды алып үйүнө барып, түлөө тоюн өткөрүп, жатып калган түнү баягы күйөөсү өлүп, кыз дагы күйөө менен жүздөшпөйт. Андан кийин беш күйөөгө барып, баш-аягы жети күйөөсү өлөт. Ушуну менен кыз бир көзү ачык молдого барып, бал китеп ачтырат.

– Менин кандай бактым, жети күйөөгө барсам, жетөө тең өлдү?

Ошондо молдо бал китебин ачып олтуруп:

– Талаадан бир окуя көрдүң беле? – деп, кызга суроо берет. Кыз баягы жылан өлтүргөнү эсинен чыгып кетет.

– Жок, мен көргөн жок элем, – дейт.

– Талаадан бир жылан өлтүрдүң беле? – деп молдо айтат. Унутуп калган кыз:

– Билбейм! – дейт.

– Сен жакшы ойлонуп эстегин. Кандай жерден, кайсы убактыда, кандай жылан өлтүрдүң? Баягы кыз кичирээк чагында өлтүргөнү эсине келбей, үйүнө келип жатып калат. Арадан үч күн өткөндөн кийин баягы жылан түшүнө кирип, түшүндө кыз баягыдай талаада тезек терип жүрөт, кадимкидей жыланды өлтүрөт. Бир жылан кутулуп жерге кирип кетет, түшүндө баягы жылан өлтүргөн жеринде болот. Ошондо кыз: «А мен бала кезде ушундай болбодум беле» – деп, баягы бала кезинде өлтүргөн жыланды эстеп, эртеси күнү молдого келет.

– Молдоке, мен эстедим, талаада тезек терип жүрсөм, эки жылан учурады. Ак жылан ийинге кире качкан. Кара чаар жыланды өлтүрүп, ошо жерге көөмп салгам, – дейт. Ошондо молдо бал китебин ачып, кыздын окуясын карап отурса, кара чаар жылан менен ак жыландын үйлөнүп жаткан күнү экен. Баягы ак жылан кыз, кара чаар жылан күйөөсү экен. Экөөнүн бир түнкү сүйүүсүнө жетиштирбей, кыз өлтүрүп койгон.

– Сен мендей күйөөгө барарсың, мен да сенин сүйүүңө жеткирбеймин – деп, ошондо ак жылан ант берген.

Ошо менен кыздын күйөөсү үйлөнгөн күнү ак жылан өлтүрө берип, кыз сүйүүгө жетпей, кыз боюнча калып калган. Ак жылан да күйөөсүнүн кунун кууп, кыз боюнча жүрө берген.

Ошо менен кызга молдо:

– Сенин ошол күйөөлөрүңдү күйөөсүнүн кунун кууп, жылан өлтүрүп жүргөн. Эми сен мага миң дилде бер, мурунку күйөөңдү тирилтип берем, – деп кыздан миң дилдени алып, булактын башына ба-

рып, кырк бир күн окуганда жыландын падышасы булактын башына келет.

– Эй, молдо, өлгөн адам тирилеби, өчкөн кайра тамабы? – деп, жыландын падышасы молдого айтат.

– Ээ, жылан падышасы, менин пендемди тирилтип бер, сенин жыланыңды биз тирилтип берели, – деп, молдо жыланга жооп кайтарат.

– Өлгөн адамды тирилтүүгө күчүбүз жетпейт. Бул алдамчы молдонун өзүн чагып өлтүр, кызды алдаган немени, – деп, жыландын падышасы бир жыланга буйрук берет. Жылан барып молдону чагып өлтүргөндө койнунан ат башындай алтын, кой башындай күмүш ыргып кетет.

Ошо чагып өлтүргөн жылан, бая ат башындай алтын, кой башындай күмүштү коргоп, курчап жатып калган экен. Ошол күндөн ушул күнгө ордолуу жылан жаткан жерде алтын бар деп айтылып калыптыр.

## КАШКУЛАК

Илгери бир өткөн заманда Абалкан кандын тушунда бир абышка-кемпир эптеп жашап жүргөн экен. Абышка жалгыз кер байталын минип алып, күндө койгон капкан-тузагына эмне түшсө ошону үйүнө алып келип, кемпири экөө күн кечирет. Күндөрдүн биринде абышка капкан салган жерине келсе, капканга кашкулак түшүп калыптыр. «Куда каалаauthor кемпир экөөбүзгө эки-үч күндүк оокат табылды» – деп, ичинен кымылдайт да, капкандын казыгын сууруп, кашкулакты өлтүрмөк болот. Ошондо кашкулакка тил бүтүп:

– Айланайын, ата, мени өлтүрө көрбө, сизге бала болоюн, кемпир экөөңдү ата-эне деп, колумдан келишинче сизди багайын – деп, жалынып-жалбарып, абышканын алдына жыгылып ыйлайт.

Абышка өмүрүндө мындай укмушту көрбөгөн неме нестейип, эси ооп жыгылат. Бир маалда эсин жыйып караса, жанында кашкулак, капканга чаптырган бутун кармап ыйлап отурат. Абышка көптү көргөн кыраакы адам болгон соң, эмне болсо да бул кашкулакты кемпирге тирүү алып барайын деп, капкандан чыгарбай сүйрөп жүрүп отурат, зоонун түбүндө отурган үйүнө келип:

– Оо, кемпир, мен бир укмуштуу нерсеге кабылдым, келип көрчү сен! – деп, кемпирин чакырат.

– Бул кашкулак семиз экен, эки-үч күндүк оокат таапсың абышка, андан көрө тез сой, шорпо жасай коёюн – деп, кемпир шыпылдайт.

Ошондо кашкулакка кайра тил бүтүп:

– Айланайын, энеке, андай дебеңиз, мени бала кылып алыңыз, силерди багууга жарайм – дегенде, кемпир көзүнүн жашын көл кылып ыйлап, эси ооп жыгылып түшөт. Абышка кемпирге суу чачып, эсине келтирип туруп:

– Көрдүңбү, кемпир, өмүрү ыңаа деген баланын үнүн уккан жок элек, бала болоюн деген сөзүнө кубандым, ушуну бышырып жегенде кай муратка жетет элек, андан көрө коё берейин – деп, кашкулакты капкандан чыгарып коёт.

Ошондо кашкулак ата-эне деп, абышка-кемпирге жүгүнөт да:

– Мен сиздерге тез оокат таап келейин – деп, кашкулак желе-жорто жөнөп кеткен экен. Ошондо абышка-кемпирдин мууну бошоп, ыйлап отурушат.

Абышка капканды сүйрөтүп үйгө келгенде, кеч кирип калган. Кашкулак ата-энеме оокат таап келем деп кеткенде, караңгы түн түшкөн болуп калат. Бир маалда шарт эшиктен кирип келип:

– Мына сиздерге оокат! – деп, көп кекилик-чилди абышка-кемпирдин алдына таштап коёт. Абышка менен кемпир аябай таң калып, кекилик-чилди колдоруна кармап көрүп:

– Чын эле кекилик-чил экен – дешип, таң калышат да, кашкулакка карашат. Ошондо кашкулак жылтыраган курч көздөрүн күлүңдөтүп:

– Сиздерге ыракмат, мени өлтүргөн жоксуңар, эми мен сиздердин балаңармын, мындан кийин өзүм багам силерди, – дейт.

Ошондо шордуу абышка-кемпир көздөрүнө жаш ала ыйлап:

– Мунусуна да шүгүр – деп, аябай сүйүнүшөт. Ошентип, абышка-кемпирди Кашкулак баласы түн ичинде таштын коңулунда жаткан кекилик-чилди кармап келип, кекилик-чилдин этине карк кылып, абышка-кемпирди бага баштайт. Күндөрдөн күн өтүп, айдан ай өтүп, жыл мезгили болгондо, абышка кемпирдин жүзү жаркып, балпайган аппак кемпир-чал болуп, анча-мынча мал күтүп, турмушу оңоло баштайт. Жамандык жерге жатабы, бул аңыз элдин кулагына да жетет экен. Ошондо эл ичиндеги акылмандар «кайыптан жардам болуп, баягы бала көрбөгөн шордуу абышка-кемпир бир Кашкулак бала көрүптүр» дешсе, кээ бир адамдар: «Жок андай эмес, кемпир түн ичинде ыйлап отурса, бир адам келип, бала кылып ал деп, колуна кашкулакты берип, көздөн кайым болуптур» – деп, түрдүү айыңды айтышат.

Ошондо абышканын Кашкулак баласы атасына мындай дейт:

– Ата, сиз зоонун түбүндө жалгыз отурбаңыз, эл аралап конгула – дейт экен.

Кемпир-чал баласынын тилин алып, эл аралап конот. Бир күнү абышка кер байталды токуп минип, айыл аралап конуп калган экен.

– Мен да барам, – деп, ошондо Кашкулак уулу атасынын артынан желе-жорто кошо жөнөйт. Айылга жакындаганда, айылдын иттери абалап үрүп, кашкулакты тегеректейт, ошондо абышка коркуп кетип иттерге тап бергенде баласы:

– Ата, убара болбой, жөнөй бер, бул иттер мага жолой албайт, – дейт. Абалап келген топ итке кашкулак тишин ырсайтып койгондо, иттердин баары коркуп, туш-тушка качат. Айылдын адамдары кашкулакты көрүп, таң калышат да:

– Ээ, аксакал, сен бул кашкулакты эмне ээрчитип жүрөсүң? – деп, шылдыңдай башташат. Кашкулак адамча сүйлөп, адамдарга кайрылып:

– Силер эки аяктуу макулук болсоңор, мен төрт аяктуу макулукмун, менден силердин кандай артыкчылыгыңар бар? – деген экен. Көпчүлүк адамдар көзүнөн жаш чыкканча күлсө, кээ бир адамдар эси чыгып үйлөрүнө качат. Мына ушундай аңыз угулуп, кандын шаарына да жетет, күндөрдүн биринде кандын желдети келип, абышкага мындай деген экен:

– Сизди кашкулак баласын ээрчитип келсин деп кан чакырып жатат, – дейт.

Абышка-кемпир нары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп балама зыяны тийбес бекен дегенде, кашкулак баласы:

– Ата, коркпой бара бер, оозуңа эмне кирсе, ошондой сүйлөй бер, менден кеп сураса, өзүм жооп берем, – дейт. Ошентип, абышка баласын ээрчитип кандын шаарына келген дейт. Ошондо кан кашкулак ээрчитип келе жатканда абышканы көрсүн деп он жети жашка чыккан ай десе ай, күн десе күндөй болгон сулуу Айпери деген кызын чакырып, кашкулакты көрсөтөт. Кашкулактын чоңдугу иттен чоңураак боло турган. Айпери сулуу кашкулакты таңыркап карап турганда, абышка салам айтып, канга жүгүнүп, ырайым тилейт. Кашкулак да канга таазим кылып, Айпери сулууга жүгүнүп:

– Кандай жакшы жүрөсүзбү, Айпери сулуу? – дейт. Кыз селт этип, атасын карайт.

– Менин атымды кайдан билет бул шумпай, – дейт. Ошондо айткан сөзүн биле койгондо:

– Сиздин сулуулугуңуз ай сыяктуу экен, ошондуктан атыңыз Айпери болсо керек деп айта салдым, каныша – деген экен. Кан айран-таң калып абышкага:

– Бул кашкулакты кайдан таптың, чының айт, калп айтсаң, тилиңди кесип салам! – деп коркутат. Абышка коркконунан айтмакчы болгондо, Кашкулак уулу:

– Каным, баш кесмек бар, тил кесмек жок! – дептир. Айдан ай өтүп, жыл маалы болгон кезде, Кашкулактын аябай өңү азып, арыктап кетет. Кыраакы абышка-кемпир баласына жалынып-жалбарып:

– Эмне үчүн мурункудай өңдүү болбой, арыктап кеттиң? – деп сурашат. Кашкулак баласы: – Мен кандын кызына ашык болуп калдым, кандын Айперисин мага алып бер, – дейт. Абышка-кемпир коркуп: – Кокуй, балам, андай дей көрбө, кан кызын бизге бербейт, – дейт.

Ошондо Кашкулак уулу чочуп кетип:

– Ата, кокуй дебеңиз, мен Айперисиз жашай албаймын, андан көрө канга жуучу болуп барып келиңиз, – деген экен. Ошондо кемпир-чал ойлонуп отуруп:

– Барса барайын, бирок мени өлтүрүп койсо, энеңди жакшы багып ал, – дейт.

– Ата, эч ойлонбо, канга мен жуучу болуп келдим, кызыңды менин Кашкулак уулума бер деп ачык айт. Коркпо, эмне десе да мага айтып кел, – дептир.

Абышка кемпири менен акылдашып, кер байталга минип, кандын шаарына жөнөп кетет. Көп узабай кандын шаарына келип:

– Мен жуучумун, жуучулукка өлүм жок! – деп, кандын дарбазасын каккылайт. Кандын обозгерлери мунарада кан менен сейилдеп отурганда, кароолчусу канга кирип, абышканын жуучулугун угузат. Кан обозгерлери менен сурак кылуучу жайга ээрчитип келип, сурай баштайт:

– Кандай жуучусуң! Кимге? Эмнеге жуучусуң? – деп сурашат.

– Каным, кызыңды менин Кашкулак уулума бергин? – дейт. Кандын ачуусу келип:

– Мына бул акылсыз чалды айыбы үчүн буту-колун чагып, байталына артып, коё бергиле, озондотуп! – деп буйрук кылат. Обозгерлер жигиттерин чакырып алып, абышканы карматып, буту-колун ташка койдуруп чагып, эсин оодарып кер байталга таңып, коё берет. Кер байтал абышканын өлүктөй денесин көтөрүп келе жатканда, кемпири көрө коюп, өкүрүп-бакырып:

– Кайран абышканы өлтүрүп коюшкан экен! – деп ыйлайт. Кашкулак баласы желе-жорто байталга жетип:

– Эне, атам тирүү экен, ыйлаба, – дейт да, – үйгө төшөк сал, атам уктап эле тура калат, коркпо, – деп, байталдан абышканы түшүрүп, кийирип, жаткызып коюп, энесине от жагып, оокат жасоого буйрат. От жагып, оокат асып коюп, кемпир үйгө кирсе, абышка чүчкүрүп-бышкырып:

– Мен уктаган экенмин, кемпир – деп, күлүп коёт. Абышка буту-колун кармап көрүп, өзүнчө кобурайт:

– Тобо, мени чалажан кылып, буту-колдорумду ташка коюп чакпады беле, эми карачы, кемпир, эч жерим оорубайт, – деп таң калат. Жанында отурган Кашкулак баласы:

– Ата, мен жуучумун, жуучумун, жуучулукка өлүм жок деп, дагы бара бер, – дейт. Абышка-кемпир башын ийкеп, макул болушат. Көп кечикпей шаарга жетип:

– Мен жуучумун, жуучумун, жуучулукка өлүм жок! – деп, кандын дарбазасын каккылайт. Ошондо Абалкан аттуу кан обозгерлери менен таң калып:

– Эми муну өлтүрүп туруп, байталга таңып, коё бергиле! – деп, обозгерлерге буйрук берет. Обозгерлер желдеттерин чакыртып, абышканы кыйнап өлтүрүп, белден омкоруп туруп эки бөлүп, байталга жүктөп коё берет.

Кер байтал абышканын өлүгүн көтөрүп, үйүнө келет. Кемпир абышкасын өлтүрүп, эки бөлүп теңдеп, байталга артып коё берген экен, – деп ыйлайт.

Кашкулак баласы:

– Атам өлбөйт, тирүү эле экен, – деп, мурункусундай төшөк салдырып, жаман алачыкка жаткызып коёт. Кемпир ыйлап отурса, абышка чүчкүрүп-бышкырып тура калып:

– Тобо! – деп, жакасын карманат, кемпири да көзүнө ишенбей, абышканы улам-улам карайт. Эртеси баласы атасына:

– Баягы жуучулугуңду айтып, канга бара бер, ата, – дейт. Абышка дагы шаарга жөнөйт, бат эле кандын шаарына жетти: – Мен жуучумун, жуучулукка өлүм жок! – деп дарбазаны каккылайт. Кан обозгерлерин чакырып алып:

– Муну кандай өлтүрсөк, болбой эле келе берет экен, эмне кылабыз? – дейт.

Ошондо башкы обозгер:

– Таксыр, муну өлтүрүп туруп, күлүн көккө сапырып ийип, бир чымчым күлүн чүпүрөккө түйүп, байталдын куйругуна байлап туруп, байталды коё беребиз. Анан кандай болоорун көрөбүз, күчү жетсе тирилип көрсүн ошондо.

Кан обозгердин акылына макул болуп, абышканы өлтүрүп, өрттөп, күлүн көккө сапырып, бир чымчым күлдү чүпүрөккө түйүп, кер байталдын куйругуна байлап коё берет. Байтал жүрүп отуруп абышканын жаман алачыгына жетип келет. Кемпир көрө коюп:

– Абышка жок, чындап өлтүргөн экен. Эми эмне кылабыз? – деп ыйлап, баласын чакырат. Кашкулак жыттап-жыттап көрүп:

– Атам кошо эле келиптир, эне – деп куйругундагы түйүнчөктү чечип алып: – Мына атам, төшөк салыңыз, – дейт. Кемпир шаша-буша төшөк салат. Баласы баягы бир чымчым күлдү төшөккө коюп:

– Атам уктап турат, – дейт.

– Өх! – деп абышка тура калат. Абышка бүткөн боюн карап көрүп: – Жуучулукка өлүм жок, – дейт. Эртеси атасын эптеп тургузуп:

– Ата, канга дагы бар, – деди.

Атасы макул болуп, шаарга жөнөп кетет. Бат эле кандын дарбазасына жетип:

– Мен жуучумун, жуучумун, жуучулукка өлүм жок! – дейт. Ошондо кан чочуп кетип, жакасын кармап:

– Кудая тобо, кандай өлтүрсөм да болбой, тирилип жатат, – эмне кылаарын билбей, мурдагыдай абышкага жаман сөз айтпай туруп, өзүнүн жан– жөкөрлөрүн, акылдуу айлакерлерин, билерман обозгерлерин чакырып алып, мындан кандай кутулаарын айтып, кеңешке чакырат. Ошондо бир акылдуу обозгери:

– Каным, муну өлтүрүүгө болбоду, эми таксыр, мындай тапшырма берели, кандын ордосунун алдына бир мунар терек, бир чынар терек орнотсун. Анын түбүнө бир май көл, бир сүт көл орнотсун, экөөнүн балыгы бир көлдөн экинчи көлгө бири– бирине секирип түшүп турсун. Андан кийин колотто жалаң кой болсун, бул коктуда топоз, бул коктуда жалаң жылкы, бул жерде жалаң төө болсун, булар санаса адам санай албагыдай көп болсун, жанагы мунар терек менен чынар теректин ортосуна алтындан так орнотулсун, ошого отуруп кан май көл менен сүт көлдөн секирип ойноп жаткан балыкты көрүп тургандай болсун, ошонун баарын аткарса, кандын кызы Айперини абышканын уулуна беребиз, – деген экен. Кан көп ойлонуп туруп:

– Болуптур, ушуга макул болбосо, кызымды берем, кан сөзү эки болбойт, баарын даярда, – деп абышканы чакыртып, кан абышкага убада берип, бүт элге жарыя кылат. – Муну орундатпасаң, өмүрүң өткөнчө уулуңду, кемпириң үчөөңдү зынданга салып чиритем – дейт.

«Кемпир экөөбүз го карыдык эле, ушунча жылдан бери багып жүргөн уулум эмне болот?» – деп капаланат. Кер байталга минип, абышка тез үйүнө кайтат.

Абышканын келгенин баласы көрө коюп, аябай сүйүнүп:

– Ата, эмне деди кан? – деп сурайт. Анда атасы капаланып, кандын буйругун төкпөй-чачпай баарын айтат.

– Эч капа болбо, ата, арзан эле жумуш тура, – дейт, анда баласы.

– Балам, муну кандай табабыз? – дейт атасы. Ошондо кер байталга абышканы мингизип алып, кемпирди учкаштырып, алачыкты кашкулак баласы көтөрүп, азыноолак малын айдап, кандын шаарына жакындап келип, алачыкты тигип жатып калышат. Эртеси кеч киргенде, кер байталды мингизип алып, өзү артынан ээрчип жөнөп кетишет. Түн киргенде шаарга кирип, кандын дарбазасына келип токтоп, эч кимге көрүнбөй, кер байталды атасына сойдуруп, калдасын кесип алып:

– Бир кулагын мунар терек, бир кулагын чынар терек бол! – деп жерге сайып коёт, саяр замат мунар, чынар терек пайда болот. Эки көзүн чукуп алып, эки теректин түбүнө коёт.

– Бириң май көл, бириң сүт көл бол, – дейт. Эки көл даяр болот, жалын кесип алып, кылды майда кыркып:

– Балык бол! – деп, көлгө салар замат балык болуп ойноп, биринен бирине секирип турат. Кер байталдын башын жара чаап, ортосуна коюп: – Алтын так бол, кан отургандай, – дейт, ал да даяр болот. Кан-жинин, бок-сагын ар колотко чачып:

– Кой, уй, жылкы, төө бол, – деп кобурайт. Айткандай кокту-колотко түрдүү мал пайда болот. Төрт

шыйрагын төрт жерге сайып, төртөөң төрт алтын мамы бол, кандын күлүк аттары байлангыдай болсун, – дейт. Ал дагы орундалат. Абышка баласына аябай таң калып туруп сүйүнүп:

– Ыракмат, балам, өнөрүңө, – дейт.

– Эми этти мага арт, ата, калдасын кошуп – дегенде абышка Кашкулакка бир байталдын санын сан, колун кол кылып майдаланган этти бүт артат. Баласы:

– Ата, эч кимге көрүнбөй келе бер – деп, өзү желе-жорто жөнөйт. Этти кер байтал байланган жерге илип коюшат да, жатып калышат. Бир маалда байтал кишенейт экен, ошондо абышка чочуп ойгонуп, эшикке чыкса байтал байланып турат. Атасы сүйүнүп, кемпирге кеп кылып отурганда, Кашкулак баласы ойгонуп, күлүп турганын көрүшөт. Аңгыча болбой кандын чабагандары абышканын жаман алачыгына чаап жетишип, сүйүнчү айтат:

– Оо, сүйүнчү, шордуу абышка, сенин кашкулак уулуңа Айперини бермек болду каныбыз, бүгүндөн калбай тез алып келгиле. Сизге айткан бардык буйругун аткарып коюпсуз, малдын көптүгүн айтпа, тез жөнөңүз! – дешет, ошондо абышка-кемпир Кашкулак уулун соксоңдотуп кандын ордосуна жөнөйт. Ошондо кандын кудасын тособуз дешип кан өзү баштап кырк обозгер келген экен. Кандын ордосунун жанына төрт чоң ак үй тигилиптир, бирине абышка-кемпир кирди. Бирине күйөө бала кирет.

– Күйөө бала дегенибиз качан келет – дешип, кандын кызынын кырк кызы зарыгат. А Айпери болсо ыйлап:

– Өлөмүн! – дегенден башканы айтпайт. Күйөө дегенибиз баягы Кашкулак соксоюп өргөөдө жалгыз отурат. Кан кудасына келип:

– Эми сиз баарын орундаткан экенсиз, кырк күн тоюн берем, аземдеп туруп үй салып, кызды кийиребиз. Өзүңүз келип уулуңуздун урматын көрүп жата бериңиз, – деп чыгып кетет. Кандын кызы нөөкөр кыздарын жанына чакырбай, өзү жеңелери менен күйөө бала отурган өргөөгө кирип келет.

Ошондо:

– Сулуу, эмне ыйлайсың? Сен мындай кылба. Мен сенин көөнүңө толгудай күйөө баламын, эч капа болбо! – дейт. Кыз ага болбой:

– Саксайган өлүксүз, нары тур, сен кантип мага күйөө боло аласың – деп шылдыңдап күлөт. Ошондо кашкулак:

– Эртеңкиге чейин мени менен болсоң, ыйламак турсун сүйүнсөң, андан көрө өлөмүн деп коркутпай, чыда, – дейт.

Кыз аябай таң калып, сүйлөгөн сөзү кызга укмуштуудай жагып, кызды тер басып балкытат, ошентип отуруп кыз уктап калат. Кыз ойгонгондо, жанында соксоюп кашкулак отурат, башка эч ким жок. «Мени шылдыңдап жатабы, же чын эле күйөө болуучу неме ушубу? Кашкулак деген макулук кантип мага күйөө бала боло алсын. Атасы ушунча дүйнөнү тапканына караганда мында бир керемет болбосун» – деп ойлойт да, Кашкулак күйөөсүн карайт, карап туруп шолоктоп ыйлайт. Күн кеч кирип калган убак эле. Кыздын эки жеңеси боло турган, бири ынак жеңеси, бири чунак жеңеси. Чунак дегенибиз ар нерсени көп билген ушакчы, ичи тар жеңе, ынак жеңеси кызга жанкеч боло турган. Кыздын күйөөсү кашкулак болгондуктан, жеңелеринен башка эч ким киргизилбеди жана үйгө жан адам жолотподу. Кан менен каныша кыздан

кабар албады, дүйнөнү көрүп, пайгамбар жолдон адашат болуп, көрүп турган көздөрүнө ишенбей, мунар терек менен чынар теректин жанындагы алтын такта экөө жанаша отуруп, май көл менен сүт көлдүн бирине бири секирип ойноп жаткан балыктарды тиктеп, айран-таң. Күүгүм кирип, кыз-күйөөнүн өргөөсүнө чырак коёр маал болду. Ынак жеңеси чырак коюп, кызга ар түрдүү кеп-кеңеш берип отурат. Он эки канат ак өргөө эшигине каалга орнотулган алтындан. Кеч киргенде кыздын сулуулугундай айдын шооласы пайда болду. Үй ичинде түн ортосу ооп калган кезде, кызды төшөк салып жаткырып коюп, ынак жеңе ак өргөөнүн каалгасын тыштан кулптап, жөнөй берди, кыз төшөккө жатып, кашкулак күйөөсүн карап отурат. Кашкулак кыздан жатууга уруксат сурады. Кыз жийиркенген сыяктуу Кашкулакка карап:

– Ушул кебетең менен кантип менин койнума жатасың? – деп, тескери карап ыйлады. Ошондо бала кашкулак кепти оңой эле чечип ийди. Үйдүн ичи жарык боло түштү. Айпери сулуу кайрылып караса, адам баласы көрбөгөн бир сулуу жигит маңдайында турат. Ошондо кыз эси эңгиреп, эстен танат. Баягы ынак жеңеси шордуу кыз деп, ыйлап бара жаткан эле, кайрылып караса, үй жарык болуп турат. Аста басып келип караса, бир сулуу жигит кыздын чачын сылап, күлүп турат. Баланын сулуулугу үйдү жарык кылып турган экен. Жеңеси сүйүнгөн бойдон күйөөсүнө айтат. Күйөөсү келип көрүп, атасы канга айтат. Кан-канышалар билгизбей келип көрүшүп, аябай таң калып, сүйүнгөндөн ыйлап жиберишет: «Кызыбыздын багы ачылган экен» – дешип, сүйүнүп жатып калышат. Ал эми

кыз менен бала көпкө сүйлөшүп отуруп, бири-бирине ыраазы экенин билгизип, махабаттын кызыкчылыгына батышат да, уктап калышат. Саар менен кыз ойгонсо, күйөөсү төшөктөн туруп, кашкулак кепти кийинип алыптыр. Ошондо кыз:

– Муну кийбей эле койчу? – деп суранат. Бирок бала макул болбойт:

– Жок, мен качан гана бүт сындан өткөндө таштайм, болбосо күн менден уялып, жарык шооласын жоготот. Биз күнөөгө батабыз, жаным, ашыкпа, – дейт. Экөө сүйлөшүп отурганда, ынак жеңеси келип, кыз-күйөөгө тамак берет. Кайта кетеринде чунак жеңеси келип кызды:

– Кандай, күйөө жактыбы? – деп какшыктайт.

Кыз көзүнүн жашын төгүп ыйлайт. Чунак жеңеси кетип калат. Ошондо Айпери сулуудан күйөө:
– Эмне ыйлайсың? – деп сурайт.

– Ушул жеңемен корком, бул билбеген балаа жок, айлакер неме, ушунун залалы тиеби дейм – дейт. Күйөөсү ойлонуп туруп:

– Эч нерсе эмес, мунун айлакерлиги көп болсо да алты жылдан ашпайт. Андан кийин биз түбөлүк жашай беребиз, – дейт. Кыз алты жыл дегенге көп түшүнө бербейт. Алиги чунак жеңеси келип, күйөө-кызга ар түрдүү сөз сүйлөп отуруп, түн ортосу болгондо:

– Мен кетейин, – деп, эшикке чыгып, каалганын тышынан кулпулап, үйдөн алысыраак барып кайта караса, үйдүн ичин жарык шоола каптап турат. Кайта келип караса, ай десе аркы жок, күн десе көркү жок бир сулуу бала кыз менен кучакташып отурат. Көпкө отуруп махабат кызыкчылыгына батып, уктап калышат. Алиги чунак жеңеси секин

келип, күйөө баланын кашкулак кебин коломтого өрттөп жиберет. Күйөө бала башын көтөрө калып, куш болуп түндүктөн учуп кетет. Кыз күйөөсү учуп кеткенин көрүп, аябай ыйлайт. Чунак жеңеси качып кетет. Саар менен ынак жеңеси келсе, кыз ыйлап отурат. Кашкулак күйөө жок. – Оо, кыз, күйөө кана? – деп, жеңеси сурайт. Чунак жеңеси коломтого салып өрттөгөнүн, күйөөсү куш болуп түндүктөн учуп кеткенин айтат. Кыздын агасы, кан-канышалар кыздын чунак жеңесин суракка алат. Ал эч сыр айтпайт, ошондо кан кызына кылган кыянатчылыгы үчүн келинин – кыздын чунак жеңесин кырк азоо байталдын куйругуна байлатып, сүйрөтүп өлтүрткөн экен. Баягы кашкулак баласынан ажыраган кемпир-абышка боздоп ыйлап, башын ташка койгулап, баласын көрөр бекенбиз дагы деп ыйлоодо. Кан болсо, эмне кылаарын билбей, ойлонууда. Мунар терек менен чынар теректеги тактын үстүндө канышасы экөө жакасын муунта кармап отурат. Кыз болсо ыйлай берип, эси эңгиреп, эки күндө өңүнөн азды. Ошондо кандын кызы ата-энесинен кашкулак кеп күйөөсүн издеп жөнөөгө уруксат сурайт экен. Кан кызына кулазык камдап, темирден чокой, темирден таяк жасатып берип, кызын алыскы сапарга узатат. Кыздын кашкулак кеп күйөөсү эгер менден ажырап калса, алты жылга чейин көрбөй калышы мүмкүн, алты жыл издеп калса, мени таап калышың мүмкүн деп, мурда экөө махабат кызыгына батып жатканда сүйлөшкөндө эскертип айткан болучу. Кандын кызы ата-энеси, тууган-туушкандары менен кош айтышып, жолго чыгат. Бир нече күн, бир нече жыл жол жүрүп кете берет. Ак кар, көк муз басат. Ошентип, алыскы

жолду беш жыл басып, алтынчы жылга аяк баскaнда мелтиреген түз талаага туш келет. Кыздын алдынан сакалы аппак, өңү-түсү аппак, узун бойлуу бир абышка жолугат. Кыз чочуп кетет:

– Ата, жакшысызбы? – деп, салам айтыптыр. Абышка сөзгө келип:

– Ээ, кызым, эмне кылып ээн жер, эрме чөлдө өңүңдөн азып кыйналып, мынча не азап түштү башыңа? – деп сурайт. Кандын кызы башынан өткөргөнүн, акырында ошол кашкулак кеп күйөөсүн издеп жүргөнүн айтат.

Жолоочу абышка ойлонуп туруп:

– Кызым, көп кыйынчылык тарткан экенсиң, мен сага жакшылык кылайын, жакшы угуп, түк эсиңден чыгарба, – дейт. Ушул жол менен жүрүп отурсаң, бир зоонун түбүндөгү боз алачык учурайт. Ал алачыкта бир желмогуз кемпир жашайт. Сени көрүп күтүп отурат эшигинде. Ал кемпир: – Ээ кызым, өңүңдөн азып, мынча неге кыйналып, жол кезип жүрөсүң, башыңа эмне кыйынчылык түштү, – деп сен барарың менен сурайт. Ага эч сырыңды айтпа, сырыңды айтсаң, сени жеп коёт. Ошондуктан мен эл-жеримден адашып жүргөн бир мусаапырмын, – деп, ыйлай бер. Мени кыз кылып ал дегин, ошондо үйүнө киргизет. Киргизери менен үйдү үрпөңдөтүп катуу шамал болом. – Быягын карма, тыягын карма, – дейт кемпир. Аягын карма десе аягын, тыягын карма десе тыягын карма. Бирок таң атканча үйдү учурган катуу шамал боло берет. Экөөң тең алдан тайып, шалдырап чарчай баштаган кезде, таңды атырам, ошондо чарчаган кемпир сенин алдыңа башын коюп, кызым чачымды жул, – дейт. Сен чачын карап отура бер. Кем-

пирдин көзү бозоруп, аппак болуп чыгат, ошондо кемпирдин уктаган мезгили ошол. Эгер кемпирдин көзү кызарган болсо уктабаганы, агарганын байкасаң, тырышып кал деп, бужүрөп жаткан денесине сыйпалайсың деп, кыздын колуна бир кара кыл берет. Көзү агарган кезде, ырымдап сүйкөп калсаң, ошол кыл кемпирди бүт тырыштырып, ордунан тургузбайт. Сен дароо үйдөн качып чыгып, күн чыгышты карай жол жүрөсүң, ошентип, кемпирден кутуласың, болбосо андан кутулуу кыйын, сени үйгө киргизери менен мен шамал болуп учурбасам, жеп коёт. Эми, кызым, кош бол, дагы эсен кутулсаң, жолугушаарбыз – деп, батасын берип, абышка көздөн кайым болот.

Кандын кызы ушунчалык айран-таң калды, кете берди. Бир кезде алды жагын караса, укмуштай сонун түрдүү түстө бир кызарып, бир карарып, бир бозоруп кубулган сыяктуу жылгансып турган зоого туш келет. Чын эле түбүн караса, бир боз алачык турган экен. Үйдөн жети баштуу желмогуз чыга калып алдын тосуп:

– Ээ, кызым, алдан тайып, өңдөн азып, мынча не азап түштү башыңа? – дейт.

Кыз сырын айтпай:

– Ээ, энеке, элимден-жеримден адашкан бир мусаапыр кызмын, – деп ыйлайт.

– Кой, кызым, үйгө эрте кир, каның толсун, жаның толсун, – деп, кемпир эшик ачат, үйдүн ичинде бир соку (минер аты), сокбилеги (камчыланар камчысы) гана бар. Башка эч байлык, же өзүнөн башка жан жок экен. Кыз бир имерип карагыча эле шатырап шамал боло баштады. Кемпир жан алакетке түштү. А кыз карма деген жерин кармай

берди. Таң атканча шамалдын катуулугунан үй менен кармашып чыккан кемпир, кыз чаалыгып-

чарчаган кезде таң атты.

– Кызым, чачымды жул, – деп, желмогуз кемпир башын жерге койду. Кыз кемпирдин чачын карап отурду. Бир убакта кемпирдин көзүн байкаса, көзү чын эле бопбоз болуп агарып калат. Баягы абышка берген кара кылды ала коюп, бүрүшкөн буту-колуна сүртөт. Тырышып калсын деп тилейт. Кыз эшикке качып чыгат. Кемпир мындай дейт:

– Оо, оңбогон кыз, каныңды бир аз толтуруп туруп жейин дедим эле, тилегиме жетпей калдым! – деп, бакырат, тырышкан неменин буту-колу жазылбай, ого бетер тырышып кала берет. Кыз күн чыгышты бет алып жөнөй берет. Күндөп-түндөп жүрүп, күндөн-күн, айдан ай өткөн кезде, баягы узун бойлуу аппак сакал абышка экинчи жолу кезигет.

– Ээ, кызым, эсен-аман келе жатасыңбы? – дейт. Абалкан кандын Айпери сулуу:

– Ооба, ата, сиздин жардамыңыз тийип, өлбөй тирүү келе жатам, – деп ыйлайт.

– Ээ, кызым, көп жашык киши мурадына жетпей калат, андан көрө ыйлабай, кайраттуу бол! Эми кызым, көп кечикпей мындан көп жол жүргөндөн кийин дагы бир түз талаага туш болосуң, ошол түз талаанын орто ченинде такыядай болгон дөңсөө бар, дөңсөөнүн нары жагына өтсөң, бир он эки канат ак өргөө тигилип турат. Ошол үй сенин күйөөңдүн жашап турган турагы. Баягы экөөңөр кыз-күйөө болуп жүргөндө тигилген өргөө. Жигит да сени унутпай жүргөн кези. Алты жылда жолукмак экенсиңер, ага аз убакыт калды. Ал жигиттин кабары мындай: перинин кызынан туулган бала. Толгоо

тартып жүргөн убагында адамзааданы көрөм деп, пери кызы жер кыдырып учуп жүргөндө, Абалкан кандын короосун көрөт, ошол жерде сен жаңыдан төрөлгөн элең. Ошондо перинин кызы да хан атаңдын кан сарайындагы мунарага чыгып төрөп, эркек төрөйт. Бир сени, бир уулун карап, экөөңдүн тең окшош жана сулуу болгонуңарды карап отуруп, перинин кызы ушул экөөңөрдүн өмүрүңөр бирге болуп, жашоого турмуш менен алышып жүрүп баш кошот экенсиңер. Менин уулум адамзаада Айпериге баш кошот экен. Ошондуктан атын Актилек, – деп коёт. Кашкулак кеп жамынган баланын аты – Актилек. Сенин сүйгөн жигитиң ошол он эки канат ак өргөөдө жашайт. Сен түз эле барсаң, аны кармай албайсың, жашынып бар. Он эки канат ак өргөөгө кирсең, сол капшытта алтындан туур көрүнөт, ошол туурдун алдына өзүңдүн боюң менен тең ор каз да, үстүн чөп-чар менен бекитип, ичине кирип жата бересиң, сен барган кезде Актилек башка жакка учуп кеткен болот, – деп кыздын колуна жибектен тор берет. – Качан сен орду казып бүткөндөн кийин, үстүн эптеп чөп-чар менен бекитип жата бер, куш болуп учуп жүргөн күйөөң келип конот. Же болбосо адамзааданын жыты жыттанат деп, үйдү айланып уча берип, акыры адамзаада кайдан келмек эле деп, учуп келип туурга конот. Конуп алып өзүнчө сүйлөйт. Уктадым, уктадым, – деп, сүйлөп калат. Көзү ачык турат, бирок уктадым дегени уктабай турган учуру болот. Андан кийин уктаганым жок, уктаганым жок дей берет, ошол уктаган кези. Сен торду башынан алыс ыргыт. Ошондо жигит торго түшөт, тор-мор менен сени көтөрүп асманга алып учуп чыгат, сен коркпо, тордун учун белиңе бай-

лап ал, кошо уча бересиң. Көзүңдү бекем жуумп аласың, качан гана күйөөң сени көзүңдү ач деп үч айтпаса, эч ачпа, ошондо үч ак көгүчкөн кошо жандай учуп келип, биринчи көгүчкөн мындай дейт:

– Ээ, шордуу, чачы узун, акылы кыска жан, көзүңдү ач, өлөсүң, ушундай жигиттин артынан кошо учуп, сен куш боло албайсың, ач көзүңдү, – деп кобурайт, сен да көзүңдү ачпа. Ошондо экинчи көгүчкөн мындай дейт: – Койгула, кыздар, чачы узун, акылы кыска – деп кандын кызы Айперини айтпагыла, кантсе да шордуу перинин уулу Актилекти сүйүп калса кантсин, экөө тең бир күнү жерге түшкөн тура, бирге төрөлүптүр, – дейт. Үчүнчү кыз айтат экен, бир күнү төрөлгөнү мындай турсун, экөөнүн окшоштугун айтсаңар, экөө тең сулуу, жүзүнөн жарык шоола чачылат. Бул кыз төрөлгөндө, баланын энеси келип ушул кыздын кан сарайындагы мунаранын башына Актилекти төрөп, перинин кызы кандын кызынын бетине түкүрүп кеткен. Экөө окшош болгону ошо дешет. Биринчи кыз анда кызды өлүмдөн сакташ керек, болбосо кыз куш конгондо жерге катуу тийип өлөт. Ошондуктан үчөөбүз тең Айперинин көкүрөгүнөн жөлөп, аягынан көтөрүп, куш коноордо жардам кылалы дешет. Үч кыз макул болуп, кызды үч жерден көтөрүп уча баштайт да, кушка карап (үчөө тең пери кыздар, ак көгүчкөн) ушунча жерден сени сүйүп, убара тартып, кыйналып жүрсө, сен эркекмин деп коркойбо, акырын жерге түш, ыңгайлуу жерге кон деп, үч ак көгүчкөн кушка айткан экен. Ошондо перинин уулу Актилек пери кыздардан уялып, эсен-аман түшүрөт. Көзүңдү ач! – дейт үч жолу, ошондо баягы кашкулак күйөөң кашкулак кеби жок эле, кадим-

ки адам сыяктуу жаныңа пайда болот деген экен. Бирок өзүңө өзүң сак бол, менин айтканымдын бир эле жеринен жаңылсаң, куш колго түшпөйт, менин сөзүмдү көкүрөгүңө бекем түй дагы жолугушууга чейин, кош кызым – деп, көздөн кайым болот. Ошентип, Абалкан кандын кызы Айпери күндүр-түндүр жол жүрүп кете берет, күндөрдүн бириндe баягы аксакал айткан такыядай дөбөгө туш келет. Дөбөнү айланып келсе, кадимки кыз-күйөө болуп, кашкулак кеп менен бирге отурган ак өргөөгө туш келет. Ичине кирсе, чын эле сол капшытта алтындан орнотулган туур турат. Кыз туурдун алдына түшүп, үстүн эптеп чөп-чар менен жаап алып, жата берет. Бир убакта байкаса, шуулдаган бир нерсе учуп келип, үйдү айлана берип:

– Ээй, адамзааданын жыты жыттанат, – деп, туурга конбой, уча берет. Эки, үч күндөн кийин: «Адамзаада кайдан келмек эле» – деп, туурга келип конот, түн ичинде куш конору менен үйдүн ичи жарык болуп калат. Бир оокумдан кийин, уктадым–уктадым деп, өзүнчө кобурайт. Андан кийин кайта эле: Уктаганым жок, уктаганым жок, – деп калат. Ошондо кыз торду куштун башына ыргытат. Куш торго түшөт да, чочуп кетип, он эки канат ак өргөөнүн түндүгүнөн уча качат. Кызды көтөрүп учуп, көп күн жүрөт. Бир кезде үч көгүчкөн шакылыктап күлүп, жандан учуп, кушка жана кандын кызына сүйлөй баштайт. Биринчи кыз: – Чачың узун, акылың кыска шоордуу кыз, перинин уулу сага теңби, көзүңдү ач! – дейт, кыз катуу жумган көзүн ачпайт.

Анда экинчи кыз: – Койчу, шоордуу деп кемсинтпе, кандын кызы Айперини – дейт. Үчүнчү кыз: – Булардын сүйүшүп калганына мындай себеп

болгон: перинин кызы толгоо тартып, төрөй турган убагында, ушул Абалкан кандын сарайындагы мунарага келип, уулдуу болгон. Адам пендесин көрөм деп учуп жүрүп, ушул кан сепилинде Актилек тилеп жүрүп, Актилекти төрөгөн – дейт.

Ошондо биринчи кыз: – Андай болсо үч тарабынан көтөрүп кошо учалы, кушту кондуралы, – деп сүйлөшөт. Бардыгы абышканын атканындай болот. Перинин кыздарынын сөзүн угуп, перинин уулу Актилек уялып жерге түшөт да, кандын кызына:

– Көзүңдү ач! – дейт, үчүнчү жолу кыз көзүн ачса, баягы өзүнүн сүйгөн жигити күлүп, маңдайында турат. Көгүчкөндөрдү караса, аппак үчөө үч жерде жатат, аппак көгүчкөндөрдүн мойну, канаттары көгөргөн. Ошондон кийин көгүчкөндөр көгөрүп калган экен. Көгүчкөндөр кош айтышып, учуп кетишет, кыз менен бала бирин бири кучакташып калган экен. Он эки канат ак өргөөгө экөө кирип, көпкө жашап турушат. Чексиз азап тартып жүрүп кошулган эки жар биринен бири ажырабай көпкө ак өргөөнүн эшиги ачылып, баягы узун бойлуу аппак сакал адам кыз менен жигиттин үстүнө кирип келип, мындай дейт:

– Кызым, ата-энең сенин кеткениңе алты жыл болду деп, жол карап зарлап, бир көрсөк арманыбыз жок эле жалгыз кызды, – деп, ыйлап отурат. Ата менен эне – адам баласынын айы менен күнү, аларды унутпа, кызым, башка кеп айтаарым жок сага. Ал эми Актилек балам, сенин энең пери кызы ушул адамзаада Айпериге кошулду. Бирге төрөлгөн курбулар эле, кийин чоңойгонунда кыздын ак сарайына күндө учуп барып жүрүп, кызды каттуу сүйүп калган. Эми тилегине жеткен окшойт, келбей

калды. Мен он эки ай көтөрүп чоңойтконума ыраазымын, адамзаада Айпери менен чексиз сүйүшкөндөр бирге жашай беришсин, менин уулумдан төрөлгөн балдар ушул экөөңдөй болуп сүйүүсүнө жолтоо болбой, эркин жашасын, – деп ыраазы болуп отурат. Кана эми, кандай кыласыңар? – дейт.

Актилек менен Айпери тура калып жүгүнүшүп, урмат көрсөтүп: – Бизди ошол кан сарайына тез жетүүгө жардам бериңиз, – дешет. Баягы аксакал адам мындай дейт:

– Силер он эки канат ак өргөөдөн чыгып, бир күн жөө жүргүлө, ошол жерде алтын булак кезигет. Суудан ичип, бетиңер менен колуңарды жууп, суусу кургаган кезде экөөң тең бир деп кадам шилтесең бир жылдык, эки деп аттасаңар эки жылдык, үч деп бассаңар үч жылдык, төрт деп бассаңар, төрт жылдык, беш деп аттасаңар беш жылдык, алты деп аттасаңар алты жылдык жол басасыңар. Ошентип, кызым келген алты жылдык жолду алты аттоо менен өткөрөсүңөр да, кан шаарына жетесиңер. Алты аттоо менен алты жылдык азап мээнетиңер сап болот. Бирок мээнетсиз жашоо ырахатсыз, алты сапар басуу менен алты жылдык жол сап болот... Мээнитсиз ырахат жок. Актилек сен адам пендеге кошулуп, сүйгөнүңө жеттиң. Бирок адамдык сапат бирөөнүн акысын жебөө, өз адамгерчилигин бирөөгө сатпоо, туура жолдо туура жүрүү, жаман-жакшыны таразалап билүү, бирөөгө чоңсунбоо, булар адамгерчиликтин чоң милдети, пери менен адам пендесинин ыйык милдетине доо кетирбей, түбөлүккө ынтымактуу жашап өткүлө, балдарым, оомийин! – деп, бата берип, көздөн кайым болот. Чексиз сүйүшкөн эки жар бири – пери, бири – адам

пенделер кол кармашып, бир күнжол жүрүшөт. Баягы алтын булакка келип, түнөп калышат. Эртеси эрте туруп, бети-колду таза жууп, суудан ичип, бети-колунун суусу кургагандан кийин алты жолу атташат, ошондо чын эле алты жылдык жол сап болуп, кандын шаарына жетип калышат. Шаарга кирери менен, шаар эли кандын кызын таанышып, канга сүйүнчү айтышат. Кан сүйүнүп, ак сарайынан чыга калса, баягы мунар терек, чынар терек май көл, сүт көл калыбына келип калат. Кан менен каныша чексиз сүйүнүшүп, кыз күйөөсүн урмат-сый менен тосуп алышат. Ошентип, хан дүйүм элди чогултуп, кырк күн оюн, кырк күн тоюн берип, күйөө баласы перинин уулу Актилекке кандыгын берет. Актилек баягы карып болгон ата-энесин алып келип, алтындан ак сарай салдырып, жыргап-куунап жатып калышат. Кийин бала менен кыздын башынан өткөн тарыхын китеп кылып, казынага салдырган экен. Ошентип, чексиз сүйүшкөндөр пери менен адам баласы адилеттик менен эл башкарып, казынанын оозун ачып, кедей– кембагалдарга бөлдүрүп берип, байы жок, кедейи жок, теңдик заман куруп, ушул күнгө чейин жашап калышкан экен.

## ЖЫЛАН МЕНЕН КИШИНИН АРБАШЫ

Илгери-илгери бир дыйкан болгон экен. Эгинин отоп жүрсө, жакын эле жерден ышкырган дабыш чыгат. «Эмне болду экен?» –деп карай калса, бет маңдайында эки-үч кадам аралыкта эгинден да бийигирээк болгон жылан куйругу менен тикесинен турат. Дыйкан апкаарып жыланды тиктеген боюнча туруп калат. Баягы жылан да кишиден көзүн

албай, тостоё тигилет. Дыйкан да көзүн ирмебей көпкө чейин карап тура берет.

Бир топтон кийин дыйкан жылан менен арбашып калганын билип, бир аз эсин жыйып, мындай учурда эмне кылуу керзк экенин элден уккандары боюнча жасоого аракет кылат. Жылан менен арбашып турганда ал кыймылдап, же бурулуп кетпей, жыландын атын табууга аракет кылып, ар кандай ысымдарды айта баштайт: «Мар», «Могой», «Мокочо», «Кайыш», «Айнек», «Айнеккөз», «Уу», «Заар», «Чаар»!

Бирок жылан эч кыймылдабай тикесинен катып турат. Дыйкан жыландын аты ушул болуп калбасын деп болжогон сөздөрүн жобурап улантат. Бирок таба албайт. Жылан анда-санда ышкырып коюп, тилин соймоңдотуп, дыйкандан көзүн албай кыймылсыз. Булардын арбашуусу созула берип, бир топ убакыт өтөт.

Түш ченде дыйкандын кызы атасына тамак алып келет. Келсе, атасы жылан менен тиктешип турат. Атасы күндүн ысыгына какталып тура берип, бүткөн боюнан шорголоп тер кетип, деми кыстыгып, ичи көөп бара жаткан экен. Жыланды караса анын да ичи көөп, шайы кетип, көзү тостоюп чанагынан чыгарына аз калыптыр. Кыз жүрөгү түшүп бир кадам жасай албай каккан казыктай туруп калат.

Кызынын келгенин билген дыйкан: «Топчумду чеч!» –деп айтууга гана араң кудурети келет. Эмнегедир шол замат баягы жыландын ичи тарс эте жарылып, сулап жатып калат. Көрсө, жыландын аты «Топчу» экен. Жыландын аты табылган соң, ичи жарылып кетиптир. Жылан менен арбашкан

адам, жыландын атын таба албаса ичи көөп, жарылып өлөт экен.

Ошентип дыйкан жыланды жеңип бала-бакырасы менен аман-эсен оокатын кылып жатып калган экен.

## КӨНӨЧӨК КИЙГЕН ТҮЛКҮ

Илгери бир кемпир-чал болуп, алардын жалгыз кара уюу бар экен. Уюн саап, сүтүн ичип, каймагын каттама кылып жеп күн көрүшчү. Кемпир табакка жыйнаган каймагын мактанып алдына койчу. Муну бир шум түлкү байкап калып, күн алыс келип жеп кетчү болду. Кемпир аны мышыктан көрдү да каймакты оозу тар көнөчөккө салды.

Күндөрдүн биринде түлкү кемпир-чалдын үйүнө дагы келди. Каймак табакта эмес, көнөчөктө экен. Түкөң жанталашып жатып көнөчөккө башын салып, каймакты жеп алды. Анан башын кайра чыгармакчы болду эле бирок болбоду. Куткарар эмес. Түлкүнүн айласы кетти да:

–Көнөчөк аке, эми тамашаңды кой. Ушунчалык убара кылганың да жетишет. Үйдө балдарым бар, коё бериңиз – деп жалынды.

Анда көнөчөк ага кекээрдүү сөзүн жөнөттү.

–Кайран түлкүм, келип жатат күлкүм! Сени конокко чакырдым беле, эми коё бер дебе. Каймак жейм деп үйгө киресиң, анын таттуу экенин билесиң. Мен бир аз тамаша кылсам, «үйгө барайын, балдарым бар» деп чебелектейсиң! Жок, сен үйүңө барбайсың, экинчи көнөчөккө башыңды да салбайсың!

Түлкүнүн күйбөгөн жери күл болду:

–Эмесе сенин жазаңды берейин да, суугa агызып жиберейин, – деп өзөндү карай жөнөдү.

Түлкү келип башын сууга салды. Көнөчөккө суу толуп, түлкү тумчугуп кулап түштү. Куу түлкү дал ушинтип өлгөн экен.

## БУЛАРДЫН КАЙСЫНЫСЫ ЧОҢ

Алабаш деген чалдын жалгыз карала өгүзү болуптур. Өгүздү дайыма өзү бакчу. Күндөрдүн биринде Алабаш узак жолго камынып, улуу баласына: Сен өгүзгө убактысы менен жем-чөп бергин, – деп кичүү баласына:

–А сен убактысы менен жетелеп барып сугарып тургун, – дейт да, өзү жүрүп кетет.

Алабаштын улуу баласы өгүздүн оозун тындырбай чөп берип турду. Арадан бир жума өттү. Сегизинчи күнү өгүз такыр чөп жебей калды.

Буга эмне болду? Ылаңдап калдыбы? Сен бирдеме билчү белең? – деп сурады агасы инисинен.

Жок, муну атам гана билет.

Эки бир тууган жолдун боюнда өткөн-кеткенден өгүз канткенде чөп жей турганын сурай беришти. Күүгүм кире бир абышка өтүп:

Өгүзүңөр чөп жебесе, суусап калганы ошол, эртең Ала-Көлгө жетелеп барып сугаргыла, – деди.

Атасынын тапшырган ишин аткарбаганын кичүүсү ошондо гана эстеди. Көрсө, өгүз бир жумага чейин суу ичпептир. Эртеси өгүздү Ала-Көлгө алып барып сугарды эле, ал көлдү бүт ичип койду. Көл таза соолуп калды. Бала бул укмушту агасына айтмак болуп, өгүздү ошол жерде таштады да, өзү үйгө жүгүрдү. Соолгон көлдүн ордунда калган балык өгүздү шак жутуп алды. Ал таноосун дердендетип оозун ачып, ары-бери ооналактап жатканда, кайдан

келгени белгисиз кара бүркүт шукшурулуп кирди да, балыкты зооканын үстүнө көтөрүп барып жей баштады. Балыктын ичинен чыккан суу дарыядай ташкындап акты.

Ал аккан суу асканын түбүндө уктап жаткан абышканын бетине куюлганда, чал чочуп ойгонуп: «Күн азыр ачык эмес беле» деп күндү караса, көзүнө эмнедир бир неме түшүп кеткен сыяктанды. Абышка үйүнө келип, көзүн кызына каратты. Кызы ары карап, бери карап көзүнүн кычыгынан бир нерсени алып ыргытты. Көрсө, көлдү жуткан өгүздүн далысы экен.

Арадан бир нече күн өткөндө кербенчилер:

– Ушул жер түз жер экен, – дешип кыз ыргыткан далынын үстүнө жатып калышты. Таң аппак атты. Кербенчилер ойгонуп, кайдадыр жылып баратканын сезишти. Карашса кызыл түлкү бир нерсенин четинен тиштеп сүйрөп баратат. Кербенчилердин бири мылтыгын алып, түлкүнү атып жибергенде, түлкү жыгылып калды.

Кырк кербенчи кырк жагынан түлкүнүн терисин сыйрышты. Бул ишти күн чыга баштап, күн бата бир капталын зорго сыйрып бүтүштү. Экинчи капталын сыйрыш үчүн аны оодара албай коюшту.

Аңгыча жолоочу катын жетип келди да:

–Соогат! Ушул түлкүңөрдүн бир капталын мага бергиле, мен сыйрып алайын. Жаңы төрөлгөн балам бар, ошого тумак чыгар, – деди.

Аябай чарчап, муну эми оодара албасына көзү жеткен кербенчилер:

–Ала коюңуз, – дешти.

Катын ат үстүнөн туруп эңип алды да, бастырып кетти. Кана, ойлонуп көргүлөчү: өгүз, көл, балык,

бүркүт, чал, түлкү, катын жана жаңы төрөлгөн баланын кайсынысы чоң?

## ЖОЛБОРС КАНТИП АЛДАНДЫ

Күндөрдүн биринде жолборс токойдо жем издеп жүрүп капаска түшүп калды. Ары жулкунду, бери жулкунду, бирок чыга алган жок. Кантип бошонуп кетүүнү ойлоп, эки көзү жайнап жата берди. Капас аябай бекем эле. Күндөр өтүп ага бир жолоочу адам туш болду. Аны көрүп жолборс жалынып-жалбара баштады:

– Улуу урматтуу киши! Көз жашыма көңүл бур. Мени ажалдан сен гана кутулта аласың. Менин өмүрүм менен өлүмүм сенин колуңда. Арып-ачып аябай жүдөдүм. Өзүң деле көрүп турасыңго! Адамдар абдан ырайымдуу келет эмессиңерби! Боорукер киши, мени бул капастан бошот. Ал кызматың үчүн өмүр бою кулдук уруп, сый көрсөтөйүн. Жакшылыгыңды аяба. Эзели айтканынды эки кылбайын.

Жолоочу адам ары ойлонуп, бери ойлонуп туруп жакшылык кылууну чечти да, капастын оозун ачты.

Жолборс капастан чыкты да:

– Өзүң көрүп турасың, көп күндөн бери өлүм алдында жаттым. Курсагым ач, жем издеп убара болор чамам жок. Издеген менен да жакын арадан жем деле табыла койбойт. Сени гана жеймин, – деди.

– Жолоочунун үрөйү учуп кетти да, жолборско муну айтты:

– Мунуң кандай, капастан бошотсом, мага кулдук уруп, сый көрсөтмөк эмес белең? Берген убадаңды унутуп койгонуң кандай?

– Менин сыйым ушул, сени жеймин, – деди жолборс күркүрөп, башка сөзгө келбеди.

– Бул сый эмес, башкалардан сурап көрөлү, алар кандай дешээр экен, – деди жолоочу.

– Жолборс буга макул болду. Экөө ээрчишип нарыда турган жалгыз түп өрүккө келип жакшылык үчүн кандай сыйлык кыла тургандыгын сурашты.

– Жамандык менен! – деди өрүк. – Мына карап көргүлө: адамдар менин мөмөмдү жешет, көлөкөмө эс алышат, анан кетип баратып бирөөлөрү кетменге сап, бирoo сокбилек кылыш үчүн бутактарымды кесип алышат. Бул жакшылык үчүн жамандык менен сый көрсөтүү эмес бекен?

– Мына, өрүктүкү туура, мен сени жеймин, – деди жолборс.

– Коё тур, дагы бирөөдөн сурайлы, – деди жолоочу. Ал экөө ээрчишип шалбаада оттоп жүргөн уйга келип сурашты:

– Жакшылык үчүн кандай сый көрсөтүш керек?

– Жамандык менен! Өзүңөр ойлоп көргүлөчү: мен жыл сайын тууп, музоомду бердим, сүтүмдү көп бердим, өзүм жаш кезимде ээм абдан жакшы көрчү.

– Мына эми карыганда кууп салды. Семирсе сатам деп касапчыны ээрчитип күндө келип көрүп кетет. Мына, жакшылыкка жамандык, – деди уй.

– Жолборс уйдун сөзүн угуп:

– Мынакей, өз кулагың менен уктуң. Эми мен сени жейм, – деди.

– Дагы бирөөдөн сурайлы, бир аз чыда. Эгер ал да тигилерди колдосо мени жегин, – деди жолоочу киши.

Жолборс макул болду.

Экөө ээрчишип келе жатып жол жээгинде конуп олтурган көгүчкөнгө жолугушту. Көгүчкөн тигилерди көрүп коркуп кетти да, учуп дарактын башына конду.

– Көгүчкөн, биз сага тийбейбиз, сен коркпогун. Сен бизге калыс болгун, – деди жолоочу киши.

– Кандайча калыс болом, кандай ишиңер бар эле? – деп сурады көгүчкөн. Жолоочу адам көгүчкөнгө карап:

– Бу жолборс капаска түшүп калыптыр. Мен өтүп бара жатсам: «Жакшылыгыңды унутпайын, эгер мени капастан чыгарсаң, өмүрүмчө кулдук уруп, сый көрсөтөйүн деп жалынды. Мен муну бошоттум. Бошоткондо да токтоосуз бошоттум. Бул сыртка чыкты да, эми мени жегени жатат. Бул жакшылык үчүн сыйлагандыкка жатабы? Калыс сөзүңдү айтчы! – деди. Көгүчкөн бир аз ойлонуп турду да:

– Жок, мен буга ишенбейм, жаныбарлардын падышасы кантип эле капаска түшүп калсын. Жалган сөздү айтпагын. Үч уктаса түшкө кирбей турган окуя.

Буга ишене турган кулак жок, – деди.

Эмки сөз жолборстун өзүндө калды. Эмне айтар экен дегендей, экөө тең ага караашты.

– Бул чындык. Адам калп айткан жок. Иштин баары ушундай болгон, – деди жолборс.

– Мен ошол окуяны өз көзүм менен көрмөйүнчө эч ишене албайм, – деди көгүчкөн. – Ошондон соң гана калыс сөзүмдү айта алам.

– Анда эмесе, ал да кыйын эмес. Мен кайрадан капаска кирем, жүргүлө, – деди жолборс.

Анан өзү алдыга түшүп жол баштап жөнөдү.

Үчөө ээрчишип капаска келишти. Жолборс анын ичине кирди.

Көгүчкөн адамга айтты:

– Капастын эшиги адегенде кандай жабылгап болсо ошондой жап да, кайра ачкын, – деди.

Адам анын айтканындай капастын эшигип жаап, кайра ачмакчы болгондо:

– Эси жок! Сен эмне кылып жатасың? Ачпагын! Мындан ары эч качан жолборсторду капастан чыгаруучу болбо! – деп кыйкырды көгүчкөн.

Адам көгүчкөнгө ыракмат айтып, сапарын улантып жөнөп кеткен экен.

## БАКА ДОС

Илгери бир кедей болгон экен, ичине арманы толгон экен. Алсыз экен, малсыз экен. Көрүнгөнгө жалчы экен, кээде жылкы баккан малчы экен. Баласы да жок, батасы да жок жүрүптүр. Кеч үйлөнүптүр. Бала көрүптүр. Баласын бапестеп багат. Телпегине үкү тагат. Баласы эс тартат. Тентек кылса, беш тартат. Идиректүү болуп өсөт. Кийин ата-энеси өлөт. Эл чогулуп көмөт. Бала жалгыз калат. Атасындай ар кимдин музоо-торпогун багат. Балдардан тепки жейт.

Бир күнү бир жактан келатса, жолдо буту сынган бака жатыптыр. Аны көрүп баланын каңырыгы түтөйт. Баканы үйүнө алып келет. Чоң челекке суу куюп, баканы ошонун ичине салып, балыр алып келип бага берет. Айыкканда көлгө коё берем – дейт.

Күн өтөт, ай өтөт. Бака оңолуп балчаят. Көзү толуп тостоёт.

Күндөрдүн биринде алиги баланы байдын тентек балдары дагы токмоктоп коёт. Жетим ыйлайт, көзүнүн жашын тыйбайт. «Үйүмдө мокочом бар, силерди жедирем, айлаңарды кетирем» – дейт. Берки балдар баканы көрүп коркушат да, үйлөрүнө айтып барышат. Үйдөгүлөр балага келип:

Бакаңды өлтүр, болбосо өзүңдү майып кылабыз,– дешет. Жетим коркуп, түн киргенде чакага суу алып, баканы ичине салып, качып чыгат. Жүрүп отуруп тегерегин камыш баскан көлгө туш келет. Бала баканы алып:

Мага ыраазы бол, бака дос! – деп, көз жашын төгүп буркурап, оозуна шилекей түкүрүп, анан коё бермекчи болот. Ошондо бакага тил бүтүп:

Досум, өлгөн жанды тиргиздиң. Сенден жакшылыгымды аябайм. Бекер кайгырба. Менден үмүт үзбө. Бир аз күтүп турчу, азыр көлгө кирип келейин – деп, көлгө кирип кетет. Аз убакыт, өтүп, бака кайра чыгат да:

Мобу тырмактай каухарды оозуңа салып жүр. Курсагың ачпайт. Бактылуу болосуң. Байдын балдарына кайра барба. Мындан ары жүрө берсең, төрт өлкөгө жолугасың. Үчөөнө бар да, акыркысына барба. Ага барып балакетке калба. Башыңды балээ ишке чалба. Үч жерден үч өлүк тирилтесиң, төртүнчүгө барсаң, бир азапка илинесиң – дейт. Экөө көздөрүн жашка толтуруп, акырында коштошот. Бала кете берет.

Көп жол басат. Кээде ашуу да ашат. Бир өлкөгө келсе, бир топ кумурсканын өлүгү жатат. Аларды тирилтсемби-тирилтпесемби деп, бир аз ойго чумуйт. Байкабай тебелеп албайын деп чочуйт.

Анан кибиреген кумурскаларды тирилтет. Бир маалда кумурскаларга тил бүтүп:

– Өлгөндү тирилткен ак ниет бала экенсиң.

Бизди тирилтип кубандырдың. Биз сени да кайгыртпайбыз. Бир пайдабызды көрөсүң,– дешет.

Бала дагы жөнөп кетет. Бара берет – бара берет, Жолдор кала берет – кала берет. Жолдон жыландын өлүгүн көрөт. Аны да тирилтет. Ал да: Мен да бир керегиңе жараймын. Кош бол эми, жакшы кал. Керек болгондо кезигем. Өзүңдөн өмүр алдым. Азыр маа таарынба, кийин жакшылык кылам – дейт да, жылып кетет.

Бала дагы жүрө берет-жүрө берет. Оюна ар кыл акыл түйө берет-түйө берет. Ошентип келатып, үчүнчү өлкөдөн бир аарынын өлүгүнө туш болот. Аны да тирилтет. Аары да:

– Асыл деген асыл да. Сен асыл бала экенсиң. Мени да тирилттиң. Азаматым, мен да бир керегиңе жараймын – дейт да дыңылдап учуп кетет.

Бала баягы баканын төртүнчү өлкөгө барба, барсаң балээге жолугасың – деген сөзүн унутуп коюп, төртүнчү өлкөгө келет. Келсе, жолдо бир жигиттин өлүгү жатат. Өлүктү көрөт да:

– Бул да мен өңдөнгөн жетим жигиттин өлүгү болбосун – деп аны да тирилтет. Анан:

– Сен өлүп жатыпсың, тирилттим – дейт бали ага.

– Кара оозуңа кан толсун. Өлбөй эле уктап жаткам, – дейт берки. Ошентсе да экөө сырдашып калат. Эми тиги тирилген бала жетимге жалпактап:

– Сен үзүлгөн жанды улапсың, аныңа рахмат. Уялаштай бир тууган бололу. Жолдо бир жүрөлү, – деп калат. Көрсө, ал каухардын сырын билип калган тура.

Экөө жүрүп отурат. Бир маалда өлүп тирилген жигит аябай суусайт. Бир жерге токтошсо, тик

жардын түбүндө мөлтүрөп суу агып жатат. Алиги жигит курларды улаштырып төмөн түшөт да, суу ичип чыгат. Анан жетимге кайрылып:

– Ой-ой укмуш, суу эмес бекен, аа?! Жүрөк от жандырар мүрөк суу экен. Сен да ичсең боло. Бир ырысың ачылгыдай. Чаңкаганың канса, тим эле жаның кирет. Пай-па... ай, суу деп ушуну айт!.. Озуңдагы каухарыңды маа бер да, өзүң суу ичип чыга кал. Анан чогуу жөнөйбүз... – дейт.

Жетим бул сөзгө ишенип, каухарды беркиге берип, белине уланган курду курчанып, жар ылдый түшөт.

Ал ылдый түшөрү менен алиги жигит аны таштап качып кетет. Жетим жардан чыга албай, үч-төрт күн жатып калат.

Бир күнү ошол жерден кербен өтүп бараткан болот. Жетим аларды көрүп:

– Оо! О-оой! – деп кыйкырат. Кербенчилер анын кыйкырганын угуп, кайрылып токтошот да, баланы жардан чыгарып алышат. Бала болгон окуяны сүйлөп берет. Кербен башы аны төөгө мингизип алат. Жолдо келатып, аны бир бактуу жерге түшүрүп коёт.

Бала бактын ичине кирсе, түрдүү жемиш. Ошол жемиштерди жеп, үч кыз ойноп жүрөт. Анын бирин ошол маалда жылан чагып алат. Ал бат эле шишип чыгат. Кыз тарс жыгылат да, тили күрмөөгө келбей калат. Ошондо кыздын атасы:

– Ким кызымды айыктырса, кызымды ошого жолдош кылам! – деп, жар салат. Ошол кезде баягы жылан балага келет да:

– Мен келдим. Кыздагы ууну мен соруп алайын. Мени көрсөтпөй колтугуңа кысып алып, ошол үйгө

алып бар! – дейт. Бала макул болуп, кыздын атасыныкына келет да:

– Кызды мен айыктырам. Кудай берсе, бат эле айыгат. Силер эшикке чыгып тургула – дейт. Беркилер эшикке чыгып кетишет. Бала кыздын көзүн таңып, жыланды акырын коё берет. Жылан келет да, ууну соруп алат. Кыз бат эле айыгып, өзүн бактылуу сезип калат.

Ошондо кыздын атасы балага кайрылып:

– Сага эки тапшырма берем. Аны аткарбасаң, көр азабын көрсөтүп териңди керем. Жеңсең, мээримимди төгөм, жеңе албасаң каарымды төгөм.

Бала баарына макул болот.

Кыздын атасы:

– Бир кампа толгон таруууга конок аралашып кеткен. Ошону бир түндө бөлүп бер. Бөлүп бере албасаң, таңга жетпей өлүп бер дейт да, аны кампага камап коюп, өзү кетип калат. Баланын бул абалын баягы кумурскалар билет да, түнү менен жер жайнап келип, таруудан конокту бөлүп чыгышат.

Эртеси кыздын атасы келип, жеңилгенин көрөт да, экинчи тапшырмасын берет.

– Эртең кырк кара атты арабасы менен окшоштуруп, ичине бирдей кыздарды отургузам. Ошондон менин кызымды тапсаң таптың, таппасаң анда азапты тарттың – дейт.

Бала дагы макул болот. Кичине чагынан бери көргөн азабын ойлоп «эми эмне кылам?» деп турган чагында баягы аары келет да:

– Камыраба, дос. Кыз кайсы арабада отурса, мен ошол арабадагы атты чагам. Ат кыйшактап кетет. Ошондо кайсы кыз «аа» – деп үчүнчү айтса, ошол кызды «сиздики» – дейт.

Эртеси бала аары айткандай тапшырманы так чечет. Кыздын атасы утулуп, кызын балага жолдош кылып берет. Ошондо баягы бака досу ак ат болуп, асман менен учуп келет да;

– Келгиле, мага мингиле. Мен силерди билимдин бийик алтын шаарына жеткирем – дейт.

Алар канаттуу ак боз атка минишет. Ошондо күн нурун чачып тигилерге сүйкүм көзүн артып:

– Түгөнгүс мол билимдүү болгула. Бактылуу болгула – деп, жымың-жымың этет.

Алар дүйнөдөгү бир чоң шаарга келип, тигил боз ат да жигитке айланып, үчөө көп жылы окуп, анан ааламдагы эң билимдүү, эң бактылуу адамдардан болуп калган дешет.

## АБЫШКА МЕНЕН ТҮЛКҮНҮН АҢЧЫЛЫГЫ

Илгери чоң коктуну жалгыз ээлеген, тамактын жакшысын тандап жеген, өзүн жанга теңебеген бир түлкү болду. Акыры түлкү үчүн ал жердин эч оокаты калбады. Анын үстүнө аңчылар күндөн күнгө көбөйүп, түлкүнүн жашоосу кыйындады. Бир күнү өзүнө жакын турган абышка-кемпирге келип:

– Жакшылык кылгыла, менин ичимде жети балам бар, кыштан аман-эсен асырап чыксаңар ошол жети баламды бүт берейин – деп, жалынып-жалбарды.

Абышка-кемпир өздөрүнчө акылдашты:

– Айтса-айтпаса төгүнбү, карала күчүк деле сөөксаак кемирип, эптеп жан багып жүрөт, жети түлкү-бир ичик эмеспи, ийгиликтин эрте-кечи жок, жакында жаз болот, – дешти да, түлкүнү багып алышты.

Бирок, абышка-кемпир түлкүгө сыйлуу оокат бербей, күндө бир табак сөөк таштайт. Түлкү буга эч көнө албай, өлөйүн деп өлө албай, акыры абышка-кемпирге:

– Майлуу тамак жебей, мамили чай ичпей ичимдеги балдарым өлүп кала турган болду. Силерге эп келсе менде бир ой бар: сиз, аксакал, мага шерик болуңуз, өзү да мыкты, териси да мыкты, жапайы айбандарды колуңузга түшүрөм; териси-силерге, эти-мага, – деди.

– Биздин колго түшө койчу ал кайсы айбан?

– Арстан, жолборс аюу, бөрү сыяктуулар...

– Оо, жаныңды жеген жарыбагыр, сен биздин түпкө жеткени жүргөн экенсиң – деп, абышка аябай ачууланып, түлкүнү урмакчы болду. Түлкү көзүнүн жашын көл кылып жатып, өз айтканына абышканы толук ишендирди. Абышка бир топ ойлонуп, түлкүнүн сөзүнө уюп, макул да болуп, экөө тоого чыгышты. Абышка менен түлкүнүн алдынан каман чыгып:

– Түлкү аке, мени мергенлер кууп келатат... Акылдуу жан элең, куткарып кал – деп жабышты.

– Мында боорукер абышка, кемпир бар. Анык меймандос адамдар, ошого корголо, – деди түлкү.

– Каман жалынып-жалбаргандан кийин, абышка макул болуп үйүнө ээрчитип келди да:

– Үйгө кириңиз – деп, эшик ачты.

– Аңгыча мергенлер камандын изин кууп, абышка-кемпирдин үйүн карай келе жатышты. Каман түлкүнүн оозу-мурдунан өпкүлөп:

– Эми бир айла кыла көр, түкө! – деди.

– Эмесе мына бул каптын ичине кирип жат – деп, түлкү каманды капка киргизип, оозун таңып, босогого таштап койду.

– Элдин эгинин жеп, чөптүн тамырын соолтуп, жупжумуру болуп семирип, эми мага пайдасы тийген немече жашырып кой дегенин кара!.. – депкемпир кетмен менен каманды тумшукка чаап өлтүрүп, өлүгүн сүйрөп салды.Түлкү ага кубанып, камандын эти менен майын күн-түн жеп жата берди.

Түлкү бир күнү дагы тоого чыкты эле, энтеңдеп качып келаткан карышкыр жолукту:

– Түкө, эпчил жан элең, мени бир жерге жашыра көр, – деди.

– Түлкү макул болду да, ээрчитип келип, абышка-кемпирдин кабына киргизип, оозун бекем таңып, босогого таштап койду. Абышка-кемпир аны көрүп:

– Бул көк чунак… былтыр көк улакты көтөрө качкан, эми колубузга өзү түшкөн турбайбы, – дешти да, сокбилек менен былчыйта чаап, терисин сыйрып алышты. Этин коктуга сүйрөп, түлкү ошол жерден тойгонунча жеп келди.

– Кынуусун алган түлкү эч кимге көрүнбөй дагы тоого барды. Арчанын башында асылып турган аюуну көрүп:

– Аюу, сен эмне көзүңдү жашылдантып, арчага асылып турасың? – деди.

– Ээ, түкө жолборстун аңдыганына алты күн болду. Курсагым да ачты. Айласын таап, мени куткарып албайсыңбы! – деди аюу кыргылданган үнү менен.

Түлкү аюуну арчадан түшүрүп, абышка-кемпирдин үйүнө алып келди. Абышка-кемпир аюуну көрүп:

Жай ыргалып, майпаңдап басканын көр,
Жан соогалап акыры шашканын көр.
Жаман тонго биз минтип жетпей жүрсөк,

Жаннат ичик өз үстүнө жапканын көр, – дешип аюуну чоюнбаш менен төбөгө каңк эттире бир салды. Аюу бакырып чалкасынан кетти.

Аңгыча жолборс kууп жетип:

– Мында аюу келдиби? – деп сурады.

– Ошол замат кандайдыр арстандын үнү угулду. Жолборс коркуп:

– Аюусу менен аңга түшсүн!.. Түкө, эптүү элең мени жашыр, – деди:

Түлкү ыпылдап-шыпылдап, карала каптын оозун ача салды. Абышка каптын оозун байлап, жүктүн бурчуна тоголотуп койду. Кемпир ордунан тура калып:

Албырак-салбырактан араң кутулсак, өзү суналган, куйругу чубалган немеси жок издемиш болуп, бизди кошо жоготкону турганын кара!.. Сен өлтүргөн агамдын кунун эми алайын, – деп токмок менен так төбөгө чапты. Аны жайлаган соң сыртка чыкса жалы жайкалган, үнү күркүрөгөн, көкүрөгү үксүйүп, көзүнөн от жанган сүрдүү неме каарданып катуу келаткан экен. Кемпир коркуп үйгө кире качты да, чалына айтты. Чал эшикке чыкс арстан келип калыптыр.

– Ушунда жолборс келдиби? – деп сурады ал.

Чалдын эси чыгып, мукактанып жооп таппай калды. Арстан каардана күркүрөдү эле, берки үчөө корkконунан жан берип коё жаздады. Ушул арада кылычтарын жалаңдатып, мылтыктарын сунуп, доолбасты тарса-турса урган, эң эле көп мерген көрүндү. Аларды көргөндө арстан да коркуп:

– Мени эптеп ката көргүлө, кагылайындар! – деди.

Абышка-кемпир эсине келип, сабаны жарып жиберди, арстанды ичине киргизип, кайра тигип

салышты. Аңгыча мергенлер туш-туштан курчап алып, арстанды атып өлтүрүштү. Мергенлерди көргөндө, мылтыктын ачуу үнүнөң түлкүнүн жүрөгү жарылып кеткен экен.

Ошентип, абышка-кемпир жапайы душманды бүт жайлаган соң эгинин эркин айдап, орогун оруп, чөбүн чаап, бейпилчилик турмушта жашап калыптыр.

## ТҮЛКҮ АБЫШКА МЕНЕН КАРЫШКЫРДЫ КАНТИП АЛДАДЫ

Абышка чанасы менен жол жүрүп келатты. Чанада балык бар эле. Жолдун жээгинде жашынып олтурган куу түлкү абышканын чанасындагы балыкты көрүп калды да, аны кантип жештин амалын ойлоп, анан чалды алыстан айлана жүгүрүп, чоң жолдун так ортосуна өлүмүш болуп жатып калды.

Абышка жакын келгенде түлкүнү көрө койду:

– Кудайдын бергени бул... өлүп калган түлкүгө туш келгеними кара! Кемпиримин ичигине жака керек эле. Ырас болду. «Абийри бар адамга, ажалдуу кийик жолугат» деген ушул – деп, түлкүнү чанага салып коюп, илгери карай дагы жөнөдү.

Түлкү тим жатсынбы. Ишке бат эле киришти. Балыктарды бирден чубатып түшүрө берди, аны бүткөндөн кийин өзү да жылт берип түшүп калды. Абышка түлкүнүн кылган ишин кайдан байкасын, атын ылдамдатып айдап, акыры үйүнө жакын жеткенде:

– Кемпир, оо, кемпир! Кудай жалгайт деген ушул, ичигиңе жака табылды. Болгондо да кыпкызыл түлкү – деп кыйкырды.

Кемпир шашкалактап эшикке чыкты. Экөөлөп чананы караса түлкү тургай, балыгы да жок.. абышка түлкүнүн калп эле өлгөнүн ошондо түшүнүп, оозун карманды...

Ал эми түлкү болсо түшүргөн балыктарын бир жерге жыйып алып, жеп олтурган. Аңгыча ач карышкыр жетип келип, көзүн жоодуратып, шилекейин агызып:

– Түлкүбай, балыгыңдан беришсең, курсагым абдан ачты, – деп жалынды.

– Өзүң кармап албайсыңбы. Дайыма эле суранып жүрөсүң. Суудагы балыкты кармаганды да билбейсиңби! – деди түлкү, кабагын бүркөп.

– Балык кармап көргөн жок элем, түкө... Аны кантип кармайт, үйрөтсөң боло, – деп карышкыр ого бетер жалынды.

Түлкү карышкырга балык кармоонун жолун айтты:

– Оңой эле. Сууга бар. Эл андан суу алыш үчүн музду атайы оюп койгон күбүр бар. Так ошол жерде балык эң эле көп. Түнкүсүн эл уктагандан кийин муздагы күбүргө бар да, куйругуңду анын ичине салып коюп, отура бер. Куйругуң салмактана баштаса кудайдын бергени, ага балык жабышып жаткан болот. Эч козголбо...

Карышкыр түлкүнүн кеңеши менен күбүргө келип, куйругун сууга салып отурду. Куйругу жабышып тоңо баштаган сайын: Кайран гана түкөмдүн акылын карачы!.. балыктар бат эле жабыша баштады – деп карышкыр ичинен сүйүнүп жатты. Түн ортосу ооп, таңга маал болгондо, карышкыр шилекейин агызып, балыктан бир-экини жемекчи болуп, куйругун тартты эле – тоңуп калган куйрук

кантип чыксын. Ары жулунуп, бери жулунуп, бирок куйругун чыгара албай, акыры таң атып кетти.

Анан суугa келген аялдардын бири карышкырды көрүп:

– Карышкыр, карышкыр! – деп элди чакырды. Беш-алты киши чуркап келип, карышкырды чаап алышты.

## КУЛДУН УУЛУ ЖАНА ЗЫМЫРЫК КУШ

Өткөн заманда бир хандын зымырык кушу бар экен. Зымырык куш дүйнө жүзүндө эмне болуп жатканын күн сайын эртең менен бүт айтып турчу. Күндөрдүн биринде зымырык куш дайынсыз жоголуп кетти. Хан аябай капаланып жигиттерин туш-тушка чаптырып, эч таптыра албаган соң акыры элин жыйып:

– Кимде-ким зымырык кушту тапса, мен ага хандыгымдын жарымын берем – деп издөөчү кишилерге бирден арыбас аргымак, жоорубас жорго мингизди. Бул кабарды кулдун баласы Бөкжал да угуп, колуна ыргай таяк алып, мылтыгын жонуна асынып, зымырык кушту издөөгө кошо жөнөдү.

Эми сөз Бөкжалдан болсун. Бөкжал түнү-күнү жол жүрүп, арыдым-ачтым дебестен баратты. Бир күнү бет алдынан алты аркар жарышып чыкты. Бекжал мылтыгын камдап, атмакчы болуп сунганда:

– Бизди атпа, биз аркар эмес адамбыз – деп алар кыйкырып жиберишти.

Бекжал аң-таң калып, сунган мылтыгын кайра тартып алды:

– Силер эмне үчүн аркар болуп калдыңар?

Аркарлар болгон ишти айтышты:

– Биз да ушул жолдо жолоочулап баратканбыз. Мындан ары жүрүп отурсаң ан эки канат боз үйгө туш болосуң. Үйдүн ичине кирсең эч ким жок. Дасторкон жайылып, анда дүр-дүнүйө тамак-аштын баары жайнап турат. Үйгө кирбе, тамактан жебе, эгер жесең, бизге окшоп айбан болуп кетесиң...

Бөкжал аркарлардын сөзүн уккан соң өз ичинен «бара көрөм» деп ойлоп, жолун улантты. Ырас эле чоң ак үйдү көрүп, ага атайы барып кирди. Үйдүн ичинде кыбыраган жан жок. Төрдө дасторкон жайылып дүр-дүнүйө тамактар жайнап турат. Бөкжал ары карап, бери карап турду да «эмнеси болсо да курсагымды тойгузуп алайын» деп шырдакка отура калды. Аңгыча бурчтан бир кемпир чыга келди да, жерден топурак алып, Бөкжалдын бетине чачып жибергенде ошол замат бул тоо теке болуп, тили байланды. Анан үйдөн чыгып, темтеңдеп басып, ак сарайга кез келди да, дарбазанын түбүндө турду. Ак сарайдан бир сулуу кыз чыга калып, тоо текени көргөндө «бул айбан эмес, киши окшойт, баягы менин шум энемдин кылганы» деди да, жерден топурак алып, тоо текенин бетине чачып жибергенде Бөкжал өз калыбына келе түштү. Бөкжалды кыз үйүнө кийрип, конок кылды:

– Азаптуу жолдо арып-азып неге жүрөсүң?

– Бөкжал жок издеп жүргөнүн айтып:

– Ошол куштун дайынын билсеңиз жардам кылсаңыз кантет? – деди.

– Мен зымырык куштун кайда экенин билем, – деди кыз. Бирок ага жетүү башты канжыгага байлангандын иши. Мындан жалгыз аяк жол кетет. Ошол жол менен жүрүп отурса, асман тиреген бир

чынар терекке жетет. Ал чынардын башында алп кара куш уя салып, балапан чыгарат. Аны жылда эле жалгыз көздүү ажыдаар жеп коёт. Ошол ажыдаарды өлтүрсөң, андан ары ашуу бар, аны жүз жылда ашып өтөсүң анан чытырман токой бар, токойдон токсон жылда өтөсүң, андан ары барсаң деңиз бар, аны сексен жылда сүзүп өтөсүң... ага жеткенче өзүң да өлөсүң...

– Эмнеси болсо да бара көрөм – деп, Бөкжал кыздын каршылык кылганына эч көнгөн жок. Бирок, Бөкжал кызга абдан жагып да калды.

– Эмесе мындай кылгын, – деди кыз. Мындан ары жүрүп, чынар терекке жеткенде анын түбүнөн оро казып, үстүн куурай менен жаап ичине кирип жатып ал. Үч күндөн кийин ажыдаар келип, чынардын башына чыгат. Сен ошондо ажыдаарды башка атып өлтүр, ансыз өзүң майып болосуң. Эртеси эртең менен алп кара куш келет. Сенин жакшылыгыңды көрүп, ойлогон оюңа жеткирет.

Бөкжал кыз менен коштошуп, анын курджунга салып камдап берген тамак-ашын көтөрүп жолго чыкты. Бир нече күндөн кийин чынар терекке жетти. Кыз айткандай ор казып, үстүн үлпүлдөк куурай менен жаап, ажыдаардын келишин күттү. Үч күн дегенде ажыдаар ышкырып, оозунан от күйүп, мурдунан түтүн бурап, өзү чынар терекке оролуп чыга баштады. Эртең менен мээлеген Бөкжал бармагынын майы чыкканча түшкө чейин мээлеп жатып атканда, ажыдаар жерге кулап түштү. Жаны чыкпай ары-бери чамынганда карагайлар түбү менен омкорулуп, сойлогон жерлери кадимкидей аң болуп калды. Бөкжал дагы үч атканда гана ажыдаар өлдү. Башын кесип, карап турса чынар теректен:

– Ой бала, бизге кел! Чык бери! – деп чыйкылдаган үн угулду. Бөкжал ажыдаардын башын көтөрүп, теректин учундагы чоң уяга күн батып, каш карайганда зорго жетти. Алп каракуштун балдары абдан сүйүнүп, Бөкжалга чоң алкыш айтып жатышты.

– Эми сен биздин канатыбыздын алдына кирип жат. Энебиз эртең менен келет. Ал келатканда көзүнүн жашы жамгыр болуп төгүлөт, канатынын күүсүнөн койдой таштар кодураңдап, үйдөй таштар үңүрөңдөп учат. Мында келип конгондо, теректин башы жерге үч тийип, үч көтөрүлөт. Сен андан коркпогун, – дешти.

Таң атып, күн чыкты. Бир маалда күн бүркөлүп, нөшөрлөп жамгыр жаап, сел жүрүп кетти. Койдой таштар кодураңдап, үйдөй таштар үңүрөңдөп учту. Бороон болду. Аңгыча алп каракуш келип конгондо, чынар теректин башы үч жолу жерге тийип, үч жолу көтөрүлдү, Алп каракуш балдарынын амандыгын көрүп:

– Жакшылыкка – жакшылык, жамандыкка – жамандык, силер кантип аман калдыңар? – деп сурады.

– Энеке биз азыр жамандыкты көрсөтөлү, – дешип балапандар ололу ажыдаардын башын көрсөтүштү.

– Эми жакшылыкты көрсөткүлө! – деди алп каракуш.

– Балапандар Бөкжалды көрсөтүштү эле, алп каракуш «ап» эттирип жутуп жиберди. Балапандар энесин кекиртектеп:

– Бул эмнең, жакшылыкка жамандык кылчу беле?! – дешип чыйпыйы чыга түштү.

– Бир аз коё турсаңар мындан да ашкан баатыр кылат элем, – деди да, алп каракуш Бөкжалды

кайра кусту. Бөкжал күлүп тура келди. Алп каракуш Бөкжалдан:

– Жакшылыгыңа-жакшылык, менден эмне каалайсың? – деп сурады.

– Бөкжал болгон ишти айтып, зымырык кушка алып баруусун өтүндү. Алп каракуш ары карап ыйлап, бери карап күлдү да:

– Болуптур эмесе, сен үч күнгө чейин күт. Мен адырдан аркар, булуңдан бугу кармап азык камдайын, – деди да, учуп кетти.

– Үч күндөн кийин айры мүйүздүү алтымыш бугу, аркасы ачылбаган алтымыш аркар көтөрүп келди. Бөкжал аркар менен бугуларды союп, терисинен чанач жасап, эттерин салып даярдап бүткөндөн кийин, күн чыга учмак болушту. Таң сүргөндө Бөкжал алп каракушка минип, жол азыктарын артканда Алп каракуш балапандары менен коштошуп анан:

– Бөкжал! Сен көзүңдү чылк жумуп ал, антпесең башың айланып жерге кулап кетесиң, качан мен «көзүңдү ач» дегенде гана ач. Мен учуп бара жатып оң жагыма караса – эт, сол жагыма караса – суу берип жүрүп олтурду. Бир күнү Алп каракуш:

– Бөкжал, көзүңдү ачып, жерди карачы, – деди.

– Жер көрүнбөй калды – деди Бөкжал.

– Эмесе биз бийик тоодон ашып өткөнүбүз ошол. Мен мындан ары жерге жакың учам, – деди да, ылдыйлап учту.

– Акыры бир шаарга жакындаганда алп каракуш эт сурап, оң жагын карады. Бөкжал чаначтарды аңтарса эт түгөнүп бүткөн экен. Эмне кыларын билбей, канжары менен сан этинен оё кесип, алп каракушка берди. Ошол эттин күчү менен зымырык куш турган шаардын четине барып конуп:

– Жолдо карай көп эле эт жедим, бирок эң кийинкиси бөтөнчө таттуу экен, – деди алп каракуш.

– Аны мен өз санымдан кесип бергем – деп, Бөкжал санын көрсөттү.

– Алп каракуш Бөкжалга абдан ыраазы болду да, муну айтты:

– Сен издеген зымырык кушту ушул шаардын ханы алдырып кеткен. Хан өзү кыз. Ал кыздын ордосунда иштегендердин баары жалаң эле – арстан, жолборс, аюу, карышкыр. Бирок, алар чыныгы айбан эмес – кишилер. Сен алардан эч бир коркпо: жети күн удаа уктап, жети күнү ойгоо болушат. Ушул азыр кыздын өзү да, сакчылары да уктап жаткан кези. Эми сен шаарга кирип, оболу кыздын ордосун тап. Андан зымырык кушту ал; кыздын колунда алтын билерик бар, аны чыгарып алып, сени жолго салган баягы кызга бер. Билерик ошол кыздыкы. Ушул билерикти ким уурдап алса ошого күйөөгө чыгалы» деп бул экөө анттакан болчу. Сен билерикти берсең – ал кыз сага тиет. Мен үч күн күтөм, андан артык күтө албайм...

Бөкжал шаарды аралап жүрүп, кыздын ордосун таппай, эки күн өткөрдү. Үчүнчү күнү Бөкжал кыздын ордосун таап, ичине кирип барды. Барса кыз уктап, зымырык куш карап отурган экен. Бөкжал зымырык кушту көтөрүп, кыздын колундагы билерикти чыгарып алып, алп каракушка келсе ал аркан бою көтөрүлүп калган экен. Муну көрүп кайра конду да, Бөкжал менен зымырык кушту үстүнө мингизип учкан тейден чынар терекке келди. Алп каракуш менен коштошуп, зымырык кушту минип баягы ак сарайдагы кызга келип, билерикти берди. Кыз: сени түбөлүк сүйдүм, – деди. Экөө анан зымырык кушка минип, ханга жөнөштү.

Булар көлдүн жээгинде эс алып отурганда хандын эки уулу келип, зымырык кушту көрүп:

– Кулдун уулу Бөкжалга хандыкты алдырып, биз карап калабызбы! – деп бузуктук ойлошуп, Бөкжалды өлтүрмөк болушту. Экөө кеңешип алышты да:

– Бөкжал сен бизден күчтүү эмессиңби, аттарды сугарып койчу, – дешти.

Бөкжал эч нерседен капары жок, аттарды жетелеп келип, көлдөн сугарып турганда, хандын балдары артынан түртүп жиберишти. Алар Бөкжалдын колуктусун кошо өлтүрүш үчүн аны кармаганы келгенде, кыз ак куу болуп кубулуп көлгө кирип кетти.

Хандын эки баласы зымырык кушту алмак-салмак өңөрүп, чапкан бойдон атасына жетип, кушту колуна тапшырды. Аябай сүйүнгөн хан элин жыйып, ат чаптырып, эр сайыштырып, балбан күрөштүрүп чоң той берди. Эки баласын эки шаарга хан көтөрдү. Зымырык кушту ордуна кондурушту. Бирок, куш мурдагыдай сүйлөбөй койду. Арадан бир топ күн өттү. Зымырыктан эч кандай сөз чыккан жок. Бир күнү Бөкжал колуктусу экөө шаарга келип, хандын ордосуна кирди. Зымырык куш ошондо гана сүйлөп:

– Мени таап келген жигит мына, сенин балдарың бузукулук кылды, ханым, – деди.

Хан зымырыктын сөзүнө кубанып, Бөкжалдан муну кантип тапканын сурады. Бөкжал болгон иштин баарын айтып берди. Шаар ичине «зымырык кушту тапкан кулдун уулу Бөкжал экен» деген сөз тарады. Хан балдарын даргага тарттырып, убадасы боюнча Бөкжалга хандыгынын жарымын берди.

Мына ушундан кийин зымырык куш келер-кетерди, болор-болбосту, жамандык-жакшылыкты мурдагыдай ар дайым айтып турду...

## АБЫШКА МЕНЕН ТҮЛКҮ

Бар экен, жок экен, бир түлкү бар экен, ал бир тоодо жашоочу экен. Анын барган сайын бир жагынан жей турган оокаты түгөнүн, бир жагынан аңчылар көбөйүп, түлкүнүн турмушу кыйындай баштайт. Ары-бери караса, жан багар жайдын ылайыгы жок, эгер аңчыларга көрүнсө, кутулар чарасы жок, түлкүнүн амалы куруйт.

Ошол түлкү жашаган тоонун этегинде дагы бир абышка-кемпир оокат кылып туруучу экен. Бир күнү түлкү абышка-кемпирге келип: «Менин ичимде жети балам бар, кыштан аман-эсен багып чыгарсаңар, жети баламды беремин, андан көрө мени жакшылап баккыла» деп суранды. Абышка-кемпир акылдашып: «Айтса айтпаса төгүнбү, жети түлкү бир ичик турбайбы, ийгиликтин эрте кечи жок, жаз жакында чыгат, түлкүнү багып алалы» деп макул болушту. Кемпир-чал түлкүгө күндө бир аз сөөк таштап коюшат, ага түлкү канааттанбай жүдөп кетти.

Бир күнү түлкү абышка-чемпирге: «Менип ичимдеги балдарым өлүп кала турган болду. Мага шерик болуп жардам кылсаңар тоодогу мыкты аңдарды колуңарга түшүрүп беремин. Силерге териси, мага эти пайда болор» деди эле, абышка: «Ал кандай аң?» деди. Түлкү: «Арыстан, жолборс, аюу, бөрү» деп жооп берди. Кемпир түлкүнүн сөзүн угуп, «Оо, чедирейген желмогуз, биздин түпкө жеткени

жүргөн турбайсыңбы» деп, аны как тумшукка сабоо менен бир салды.

Абышка көпкө ойлонуп отуруп, акыры түлкүнүн сөзүнө макул болду. Эртеси түлкү тоого чыгып, кандын жигиттеринен качып жашынар жер таппай, шашып жүргөн бир каманды жолуктурду. Каман: «Түлкү досум, мени кубалап келе жатышат, жардам бергин» деди эле, түлкү: «Төмөн жакта жүргөн абышкага баргын. Сени ошол амап алып калат» деди. Каман жалынып-жалбарын: «Айланайын түкө, мени ошол абышкага ээрчитип барчы?» деп суранды. Түлкү каманды абышкага ээрчитип келди. Каман: «мени кандын жигиттеринен аман алып кал» дегенде, абышка макул болуп, «үйгө кир» деп каманды үйгө киргизди. Ушуну эле күтүп турган түлкү акең карап турчубу, «капка кире койгун, мен оозун байлай салайын» деп, каптын оозун ача койду. Аңгыча кандын жигиттери келип, үйгө кирип, каманды таба албай кайта кетишти. Абышка алар кеткенден кийин: «Айдап койгон аштыкты жеп, жум-жумуру болуп бу капырдын семиргенин карачы, мага пайдасы тийген эмече «аңчылардан ажыратып койгун» деп келгенин көр, деп каманды өлтүрүп, терисин сыйырып алып, этин түлкүгө берди.

Дагы бир күнү түлкү ууга чыкты. Аңгыча аңчылардан качып кайда барарын билбей шашып жүргөн бир бөрү жолугуп: – «Эптеп мени жашырып кал, досум» деп жалынып-жалбарды. Түлкү муну да алдап абышка-кемпирдин кабына түшүрдү. Кемпир: «Былтыр көк улагымды жеп койгон көк чунак ушул болчу, эми колума түшкөн турбайбы» деп, сокбилек менен солкулдатып уруп өлтүрдү. Мунун да терисин абышка сыйрып алды, этин түл-

кү жеп тоюнуп калды. Түлкү дагы бир күнү тоого чыгып, бир жыгачтын башында отурган аюуну көрүп, жанына барды. «Айланайын түкө, жолборстун аңдыганына беш күн болду. Ошондон бери коркуп, жыгачтан түшпөй отурам. Кандай айла кыламын?» деди эле: «мында бир абышка-кемпир бар, ошолор куткарат» деп, муну да ээрчитип алып келди. Абышка капка киргизип оозун байлап: «Жалбыр, жалбыр жалпаңдаганыңан көр, салбыр, салбыр салпаңдаганыңан көр, абышка-кемпир кой ичигине жарыбай жүрсө, мунун дүнүйөнүн ичигин жалгыз өзү кийип алганын көр» деп, чоюн баш менен уруп өлтүрдү. Ал арада жолборс келип: «Аюу ушунда келдиби?» деп сурады. Жолборсту көрүп, абышка, түлкү шашып калды. Абышка алдоого тырышты, түлкү актанууга шашты. Аңгыча болбой жолборстун артынан арстан кууп келип калды. Жолборс өңдөн кетип, түлкүгө жалынып: «Айланайын түкө, бир жакшылык кылып, жашырып, кал» деди. Түлкү кемпирдин көң салган кабын алып келип: «Ушунун ичине кире калгын» деди.

Жолборс каптын ичине кирер замат абышка оозун байлап кемпири тура калып: «Бул менин агамды өлтүргөн, агамдын кунун аламын» деп, как маңдайга чоюнбаш менен чакылдатып уруп өлтүрдү.

Аңгыча арстан үйгө кирип: «Жолборс кайда кетти?» деп, айкырык салды. Абышка-кемпир коркуп дирилдеп эстен танды, түлкү жойпуланып ар жак бери жагына чыгып, ачуусун тарката албай, берер жообун камдай чебеленип калды.

Ошол мезгилде найзаларын жалаңдатып, мылтыктарын арбайтып, жааларын эрбейтип, бир топ

аңчылар жетип келди. Арстандын шаштысы кетип: «Эмне кылсаң да куткар, сенин кулуң болоюн» деп абышкага жалынды. Абышка кырк бээлик сабанын оозун тиле салып, арстанды ичине киргизип жиберди эле, кемпир ошо замат оозун тигип койду да: «Азуулуунун падышасы болбой, кудай болуп калсаң да, эми сабадан чыгар алың жок» деп, чоюнбаш менен ура баштады. Ошентип, абышка-кемпир арстанды да өлтүрүп, жолборстун терисине кошуп экөөнү тең боз үйдүн ортосуна керип коюшту. Аңгыча аңчылар келип; арстанды сурап үйгө киришти эле, бирөөнүн колундагы бүркүт түлкүнү көрүп «аламын» деп жутунду. Түлкү коркконунан кирерге тешик таппай бүжүрөп калганда, кемпир чыйпылдап тура калып: «Үйдө жаткан абышка-кемпир аюу, жолборс алса, тайган ээрчитип, бүркүт алып, жарак-жабдык асынып жүрүп, кур кайтканыңарга жол болсун?! Эмне, аңды менин алты канат үйүмдүн ичинен издеп келдиңерби? Ушунчалык жер жайнаган аңдан тырмагыңарга илинбей, үйдө жаткан түлкү баламдын жүрөгүн түшүрүп, бүркүтүңөрдү телпеңдеткениңер кандай?» деңң сабоону алып, бүркүттү башка бир чаан өлтүрүп салды. Муну көрүп турган аңчылар: «Жолборс менен арстанды өлтүргөп мастан кемпир бизди да өлтүрөт экен» дешип үйдөн чыга жөнөштү.

Ошентип, абышка-кемпир олжого тунуп, түлкү этке тоюп, жыргап-куунап жашап калышкан экен.

## ДЫЙКАН МЕНЕН ДОҢУЗ

Бир дыйкандын эгини жакшы чыгып, жайкалып келгенде доңуздар келип, эгинди тебелеп, тум-

шугу менен каза берүүчү болду. Бир нече мертебе дыйкан доңуздарды кууп чыгып, «эми жолобос» деп ойлоду. Бирок доңуздар эгинди ойрондой берди. Бир күнү доңуздардын азуулуу чоңун кармап алды да, терекке бек байлап таңды.

Чоң таякты колуна алып, «Өзүң айдаган эгиндей эле жеп жатасың, жазда, кош айдаганда кайда элең?» – деп кулак түпкө келтирип туруп бир чапты. Чочко коркулдап, чыңыра баштады.

«Тукум сепкенде кайда элең?» – деп дагы андан бетер катуу чапты. «Арык чапканда кайда элең?» – деп андан бегирээк чапты. Доңуз чарк айланып, жер-сууну бузуп чыңырып, тегерене баштады.

Бирок, дыйкан анысына карап, боору ачыган жок. Андан бетер ачуусу менен, дем алалбай ура берди: «Эгинди сугарганда кайда элең, я, чочко!..»

Ошентип, доңуздун мурдунан кан кетип, чыңырып жатып өлгөн экен.

## ТҮЛКҮНҮН ЖУУЧУ БОЛУШУ

Илгери бир кедей дайым тузак салып, ага түшкөн аңдар менен эптеп күн өткөрчү экен. Бир күнү токойго тузак тартып койсо, бир түлкү түшүп калат. Түлкүнү чыгарып алайын десе адамча сүйлөп: «Мени тоок менеи бак, сени бат эле байытам, атыңды Батбайыр коём» – деди. Ал киши түлкүнү үйүнө алып келип, бир тоокту союп берди. Түлкү тоюп алып тоого чыгып оонап жатса, бир карышкыр жанына келип: «Түкө, эмне оонап калгансың» деди. Анда түлкү: «Быякта бир кан чоң той берип, тамаша куруп жатат. Этти аябай жедим эле, ыксы-

рап калыпмын» – деди. Карышкыр бекер тамакка көнгөн айбан эмеспи, сүйүнүп кетип: «Анда мен да барайынбы?». «Оой кокуй, жеке эле өзүң эмес, отуз-кырк карышкыр болуп баргын» – деди. Карышкыр ойдогу карышкырды ойдон, кырдагы карышкырды кырдан жыйнап, бат эле отуз-кырк карышкырды ээрчитип келип калды.

Түкөм жол баштап, карышкырларды ээрчитип канга келди да: «Таксыр каным, бу карышкырларды сизге Батбайыр деген киши жиберди». Бир үйүңүздү бошотуп кийирип, союп талпак кылып алыңыз» – деп жөнөп кете берди. Кан бир үйүн бошотуп карышкырларды кийирип алды. Түлкү андан кедейге барып: «Азыр отуз-кырк карышкырды канга алпарып келдим. Кудай буюрса, кандын кызын алып беремин» деди да, бир тоокту бышыртып алып, тоого чыгып кетти.

Дагы баягы жерге барып оонап жатса, бир түлкү жанына келип: «Түкө, түкө эмне оонап жатасың? – деди. Анда ал:«Быякта бир кан той берип, ошондон абдан тоюп алыпмын, ичимди көтөрө албай жатам» – деди. «Мени да ала барбайсыңбы?» «Макул, ала барайын. Жеке эле сен бармак белең, барып бир топ болуп келгиле» – деди. Түлкү жүгүргөн бойдон барып, бир топ сүлөөсүн, түлкүлөрдү ээрчитип жетип келди эле, берки түлкү жол баштап аларды ээрчитип канга алып барды да: «Дагы бир үйүңүздү бошотуп кийирип алыңыз, Батбайырдын сиздин кызыңызга берген калыңы» – деди. Кан түлкү, сүлөөсүндөрдү бир үйгө камап коюп, жуучу түлкүнү аябай коноктоду.

Түлкү кетерде канга «Алтын ченегенге чакаңызды бере туруңуз, Батбайыр чака менен алтын ченей-

мин деди эле» – деди. «Чака менен алтын ченесе, бул менден бай белем?» деп кан таң калын, чакасын берди. Түлкү аны алып барып кум менен жышып жатып жылтыратып эртеси түбүнө бир алтын салып алпарып бергенде, кан: «Бул бир чириген бай экен го» деп ойлоду. «Эми Батбайырың келип колуктусун алып кетсин» – деди. Түлкү жүгүргөн бойдон жетип барып, баягы, кедейди ээрчитип, кандын кызын алып бермек болуп жөнөп калды. Жолдогу көпүрөдөн өтө берерде түлкү көпүрөнү суугa кулатып жиберип, канга чуркап жетти да: «Күйөө балаңар көпүрөдөн өтөйүн дегенде көпүрө түшүп кетип сууда жатат. Кийим алпарып алып келгиле. Тойго жакшы эле кам менен чыктык эле, баары суугa агып кетти» – деп бышактады. Кан: «Кийим кийгизип алып келгиле» – деп жигиттерине буюрду. Беш-алты күнү той жасап, тамаша куруп жатып, кан кызып узатты. Кыз дүр-дүнүйө себи, нөөкөр кыздары менен аттанып чыкты. Күйөө баланын үй-жайын, камын көрмөк болуп, кан-канышa да кошо жөнөдү.

Түлкү болсо «Мен барып кам көрүп турайын» деп, алдыга тызылдап жөнөп калды. Жолдо көрүнгөн койчу, уйчу, жылкычылардын барына: «Жылкы кимдики десе, Батбайыр деген кишиники дегиле, уй кимдики десе Батбайырдыкы дегиле, төө кимдики десе да Батбайырдыкы» дегиле, антпесе, артта каардуу кан, кырк жигити, кырк вазири жер жайнаган колу менен келатат, башыңарды алат» – деп, кете берди. Көрсө, жер жайнаган кой, уй, төө, жылкылардын бардыгы жыландын падышасыныкы экен. Түлкү андан тызылдап жүгүрүп отуруп жыландын падышасына келди да, «Эй жылан,

тээ тетигииде кан: жыландын падышасын таап өрттөп өлтүрчүмүн» деп миң сан колу менен келе жатат. Жаныңдан үмүт кылсаң, тетиги жыгачтын башына жашынып кал, антпесең жаның калчудай эмес. Ишенбесең өзүң деле башыңды өйдө көтөрүп карачы?» – деди.

Жылан башын көтөрүп уюлгуган чаңды көрдү да, коркуп кетип, жыгачтын башына чыга качты. Түлкү жыланды жайлап коюп, канды тосуп турду. Алар үйдүн жанына келгенде чыга калып: «Батбайырдын үйү ушул, түшүңүздөр» деди. Кан менен Батбайыр үйдүн ичине кирип, ичиндеги алтын-күмүштү, үйдүн жасалгасын, түрдүү тамактарды көрүп аябай таң калышты. Кан бөлмөлөрдү аралап кеткенде түлкү Батбайыр досуна мындай деди: «Айтканымды орундаттым. Бул үй жыландын падышасынын үйү, өзү силерден коркуп карагайдын башында жашынып отурат. Жыланды атып өлтүрсөң, үй сеники болот» – деди. Кедей тура калып карагайдын башындагы жыланды атып өлтүрдү да, анын малынан арбын союп, кан менен канышаны эки-үч күн кетирбей аябай сыйлады. Кан менен каныша «Кудай буюрса кызыбыз ырас жерге туш болду» деп көңүлү жай болуп, үйүнө кайтты. Ошентип, кедей кандын кызын алып, жыргап жатып калды. Күндө тооктун этин жеп түлкү да сайрандады.

## ТӨЛГӨЧҮ КАРГА

Бар экен, жок экен, илгери бир жетим бала болуптур. Ал бала дайыма тузак тартчу экен. Бир күнү тузагына карга илинип калат. Бала тузагын таштап, карганы койнуна катып алып, карга көр-

бөгөн шаарды көздөй жол тартып, күндөп-түндөп жүрүп отуруп, араң бир шаарга жетет. Ал шаардын четинде бир дыйкан кош айдап жүргөн экен. Бала каргасын колуна кондуруп алып өтүп кетип бара жатса, дыйкан баланын колундагы карганы көрүп таң калат.

– Ой бала, колуңдагы кондурганың эмне? – деп сурайт дыйкан.

– Бул бардык нерсени билген төлгөчү,– дейт бала.

– Төлгөчү болсо, мага сатпайсыңбы? Дыйкан кызыгып калат.

– Сатса сатайын, – дейт бала.

– Сата турган болсоң, тээтиги көрүнгөн менин үйүм, ошондо алып баргын. Мен мобул калган жерди айдап бүтүп, аркандан барам. Үйдө кемпирим бар, бара бер,– дейт дыйкан.

Бала макул болуп, каргасын кайта койнуна катып, ошол дыйкандын үйүн көздөй жөнөйт. Үйдүн жанына келип, акырын тешигинен караса, дыйкандын аялынын жанында бир киши отурат. Бала байкап көрсө, тиги киши дыйкандын аялынын көңүлдөшү экен. Баягы аял тиги көңүлдөшүнө жасаган тамактардын артканын бир табактын астына, каттаманы экинчи табактын астына, куймакты дагы бир табактын астына катып коёт.

Бала бардыгын көрөт да, үйгө кирмекчи болот. Сырттан баланын дабышын угуп калып, дыйкандын аялы көңүлдөшүн сандыкка салып бекитип коёт. Бала үйгө кирип барып, каргасын колуна кондуруп отурат. Бир аз өтпөй дыйкан келет. Бала экөө чай ичишет. Чай ичип отуруп бала карганын куйругун кармап койсо, карга «каак» этип коёт.

– Балам, төлгөчүң эмне деп жатат? – деп сурайт дыйкан.

– Тетиги табактын астында каттама бар деп жатат,– деди бала.

– Кана, катын, табагыңды аччы? – деди дыйкан. Катыны ачты эле чын эле каттама чыкты.

Дыйкандын аялы эмне кыларын билбей алдастап калды.

– Бери алып кел,– деди дыйкан. Бала экөө каттаманы жеп отурушканда бала дагы карганын куйругун кармап койду эле, дагы «каак» деди.

– Төлгөчүң дагы эмне деп жатат, балам? – деп сурады дыйкан.

– Аркы табактын астында куймак бар деп жатат,– деди бала.

Табактын алдын каратса, чын эле куймак бар экен. Дыйкан төлгөчү каргага абдан кызыгып, бала менен соодалашып он дилдеге, бир эшекке сатып алат. Бала дилде менен эшекти алып жолго түшөт.

Дыйкан төлгөчү карганы үйгө калтырып, өзү эшикке чыкканда катыны каргага жакындаганда, карга «каак» этип учуп барып сандыкка конот. Көңүлдөшүмдү билип койгон экен деп ойлогон дыйкандын аялы жанталашып жатып карганы түндүктөн чыгарып жиберет. «Каак, каак» деген боюнча карга учуп өз жолуна түшөт.

## ТААН ПАДЫША

Илгери, илгери бир кемпирдин жалгыз баласы оокат-турмушу начар болгондуктан, ар кандай куштарга кылтак салып, ошо менен күн көрүшчү экен. Бир күнү кылтагына таан түшүп калат. Бала

кылтакка барып таанды чыгарып алайын десе, тиги кадимки кишиче сүйлөп:

– Капыстан сенин кылтагыңа түштүм. Эмне десең, ошону берейин, мени куткарып жибер. Менин атам падыша. Төрт түлүк мал канча десең ошончо болот. Азыр коё берсең, мен учуп отуруп жети белес ашам, сен ошол белестерди байкап калып, менин артымдан бара бер. Төрт белести ашкандан кийин менин атамдын жылкыларына кез болосуң. Ал жерге түнөп алып, андан ары сурай-сурай бара бергин. Атамдын жайыл супарасы бар. Анын мааниси: «жайыл, супара, жайыл» десең ар түркүн даамга толуп чыгат. Ошону атамдан сурап алсаң, энең экөөң тың оокат кылып кетесиңер,– дейт таан балага жалдырап карап.

Бала таанды коё берип, энесине айтпастан таан учуп кеткен жакты көздөп бара берет. Жүрүп отуруп төртүнчү белеске келет. Ал белести ашып жылкычыларга жетип, ал жерге түнөп алып, эртеси жер жайнаган төрт түлүк малды көрүп, улам сурап отуруп Таан падышанын үйүнө кирип барат. Бала салам айтып, Таан падышанын очогунун жанына отура кетет. Үйгө кирген баланы көрүп Таан падыша:

– Кайдан келе жаткан баласың? Атаң ким, өз атың ким? – деп сурайт.

Анын сөзүнө жооп бергенче кылтакка түшкөн таан келип, баланы тааный коюп:

– Ата, мени өлүмдөн куткарып калган бала ушул болчу. Эмне сураса, ошону бергин! – деп атасына карайт.

Баланы Таан падыша конок кылып, абдан сыйлайт. Бир кезде эмне сурайсың деп балага кайрылат. Бала баягы жайыл супарасын сурайт. Таан

падыша кыйылып туруп сураганын бербей коюшка аракет кылып:

– Төрт түлүктөн канча сурасаң ошончону берейин. Каалаган дүнүйө сура, каалашыңча алтын берейин,– деп балага карайт. Бала макул болбой тура берет.

– Мени өлүмдөн алып калган досума сураганын бербейсиң! – деп таарынган падышанын баласы күйүп турган отко түшө калат. Ошондо шашып кеткен Таан падыша баланын сураганын берип, баласын оттон чыгарып алат. Ыйык нерсесин алдырып жиберген Таан падыша калп эле күлүмүш болуп баланы узатат.

Бала коштошуп жайыл супарасын көтөрүп алып энесине келет да, анын алдына супараны жайып: «Жайыл, супара, жайыл, дүйүм тамакка тол» десе дароо атаган тамактары даяр болот. Бала менен энеси таандын аркасы менен жыргап-куунап жашап калышкан экен.

## КОЙЧУ МЕНЕН ЖЫЛАН

Бир жолу өзөндүн жээгиндеги бадалдан өрт чыкты. Жакын жерде коюн жайып жүргөн койчу өрттү көрөт да жүгүрүп келип, өчүрө баштайт. Чатырап күч алган кыпкызыл жалындын ортосунда калган жыланды көзү чалат. Жылан адамча сүйлөп:

– Мени өрттөн сактап кала көр! Экөөбүз дос бололу, – дейт жалдырап.

Койчуга жыландан дос күтүп деле керeги жок болучу, бирок жандуу немеге боору ачыды. Ача таягынын башына торбосун илип, жыланга сунду

эле, жылан торбонун ичине түшүп, койчу жыланды аман алып калды.

Жылан сыртка сойлоп чыгып, койчунун денесине оролуп:

– Азыр сени чагам! – деди.

– Эмне үчүн чагасың? Мен сени ажалдан алып калсам, эми сен жакшылыкка жамандык жасайсыңбы? – деди койчу кыжыры келип.

– Ооба, – деди жылан. – Бул дүйнөдө жакшылыкка дайым жамандык менен жооп берет. Ушуну билбейсиңби?

– Андай болушу мүмкүн эмес! Кел, сурап көрөлү башкалардан, – деди койчу жалынган үнү менен. – Эгерде сен айткандай жакшылыкка жамандык менен жооп берет дешсе, анда мага чала болот, жеңилип берем, – деди койчу.

Экөө келип, талаштарын койдон сурашты эле ал:

– Мен адамга жүн берем. Ал жүндөн кездеме, килем токуйт. Сүтүмөн айран, быштак жасашат. Буларга ыракмат айтмак тургай кайра мени союп, этимди жеп алышат. Адамдар жакшылыкка жамандык менен жооп берип атышпайбы, – деди боюн силкип.

– Көрдүңбү, айтканым келдиби! – деп жылан сүйүнүп кетти. – Эми сени чагам!

– Токто, кел, дагы бирөөлөрдөн сурап көрөлү, – деп жалбарып айтты да экөө ээрчишип, өгүзгө келишти.

Өгүз тиги экөөнүн талашын угуп отуруп:

– Мен адамдардын жерин соколоп айдайм, жүктөрүн ташыйм, адам мага ыраазы болгондун ордуна соп камчы менен теримди айра-айра чабат. Карыганда жем, чөп бермек тургай талаага кууп салат.

Тигине, тээтиги уй адамга канча сүт берет! Сүтүнөн айран, курут, быштак жасайт. Май, каймак алышат. Уй адамдарга оокаттарын бүт берет, анан бир күнү уйду союшат да, жеп алышат! Силер кайдагы жакшылыкты айтып атасыңар! – деди таң калып.

Жаныбарлар түгөл бойдон адамды жаман көрүшөт экен, койчу буга аябай капа болду. Жылан болсо мойнуна оролуп шаштырат.

– Кел, күрөө тамырыңан чагайын, көпкө кыйналбайсың, – деди кышылдап.

– Сөзүмдү эми бир угуп бакчы, – деди койчу жалынып. – Үчүнчү ирет сурап көрөлү, эгерде анда да ушундай жооп уксак анда айла жок, чага бер!

Жолдон эшек жолугуп калат. Экөөнүн талашын угуп, бир паска унчукпай жыланды тиктеп турду да:

– Мен эч нерсеге түшүнбөй турам, мобу тырмактай торбого ушул килейген жылан кантип батсын? Балким бөлөк бир чоң кап менен адаштырып алсаңар керек. Силердин айтканыңарды адегенде өз көзүм менен көрөйүн, анан сурооңорго жооп берейин, – деди шалпаң кулак эшек.

Койчу болсо чындыгын айтып атам деп жанталашып түшүндүрүп кирди. Жылан да чын деп улам башын ийкеп коёт. Бирок эшек кичинекей торбого жыландын батып кеткенин өзүмдүн көзүм менен көрмөйүн ишенбейм деп айтканынан кайтпай койду.

Эшектин көгөрүп туруп алганына ачууланган жылан бир кезде «култ» этип торбонун ичине кирип кетти.

– Айтпадым беле! Жылан батып кетпедиби! – деп койчу торбонун оозун ачып, жыланды сыртка чыгармак болду эле эшек:

– Эй, келесоо, оозун бекемдеп байлап салгын! Өзүңө балээ тилеп, аны сыртка чыгарып эмне кыласың! – деп кыйкырып жиберди.

Койчу торбонун оозун жаңы бууп бүткөндө эшек анын колунан тээп, жерге түшүрүп, төрт аяктап тебелеп:

– Койчу аке, сен айкөл адамсың, бирок кимге жакшылык жарашаарын адегенде билип алгын! Кадырыңа жете турганга колуңду бер. Жакшылыкты билбеген неме сенин кадырыңа түкүрүп салып баса берет. «Сыйга сый, сыр аякка бал», – деген накыл сөз бекер айтылган эмес, – деп жыланды жанчып салды.

## КЫРСЫКТАН КУТУЛУУ

Илгери, илгери бир топ жандыктар чогулуп алышып, кырсыктан кантип кутулуунун амалын издешет. Анткени, алардын бардыгы ушул кырсык деген балакеттен жапа чегишип, айлалары түгөнүп келет.

– Жан-жаныбарлардын бардыгынын курсактарын тойгузуу керек. Кардың ач болсо ар кандай кылмышка барбай койбойсуң. Ачкалык жоюлса эле кырсык кошо жоголот, – деди карга каркылдап.

– Жок, андай эмес, кырсыктын баары махабатка байланыштуу. Бирөөнү сүйүп калсаң көзүңө андан башка эч нерсе көрүнбөй калат. Сүйүүнүн айынан бирөөлөрдү өлтүрүп коюп да жатышпайбы. Махабат болбосо, кырсык да болбойт, – деди көгүчкөн койкондоп.

– Менин оюм таптакыр андай эмес, – деди жылан ышкырып. – Ал деген туталанып, кыжыр-

дангандан чыгат. Кээде жиниң ушунчалык келет дейсиң, кимди болбосун чагып салгандан кайра тартпайсың. Кыжырданбай тим жүрсөң кырсык да жоголот.

– Кырсыктын баары корккондон болот. Корккондон аң-дөңдү карабай качып баратканыңда алдыңан эмне чыкса тебелеп өтүп кете бересиң. Коркпой, баатыр болсоң кырсык да келбейт, – деди бугу шактуу мүйүзү менен жонун кашылап.

Булардын сөзүн адам угуп калып:

– Токчулук да, тынччылык да, баатырдык да кырсыкка бөгөт боло албайт. Ал эми махабатсыз кантип жашоо болсун, махабат кырсык эле эмес, ал ааламга баткыс кубаныч алып келип атпайбы. Кырсыкты айкөлдүк, жакшылык гана жеңе алат. Эгерде бардык жан-жаныбар бирине бири жакшылык иш жасашса, кырсык, жамандык өзүнөн өзү жоголот, – деди аппак сакалын сылап.

## ТАРАНЧЫНЫН ҮЧ ОСУЯТЫ

Таранчы учуп баратып, жерде чачылып жаткан буудайды көрөт да терип жейин деген ниет менен жерге консо, тузакка түшүп калат. Бошонуп кетем менен ары-бери пырпырады, бирок бошонмок тургай кайра тузактын кылы бутуна ого бетер бекем чырмалды.

Көп өтпөй саятчы келди. Таранчыны тузактан чыгарып, бир азга колуна кармап, ойлонуп калды. Таранчы болсо адамча:

– О, акылмандардын акылманы! Мени өлтүрө көрбө! Барпайган жүндөрүм эле болбосо, этим аз. Даам-татымын да сезбей каласың. Капаска салып

койгонуңдай тоту куштай кооз эмесмин, булбулдай сайраганды билбейм. Мени коё бер. Мен сага үч кеңеш берем: алар акылыңа акыл кошуп, ар дайым пайдасын көрөсүң, – деди.

– Сени коё берсем, көз ачып-жумгуча колдон суурулаcың да кетесиң, – деди саятчы. – Адегенде кеңешиңди айтчы, угуп көрөйүн, эгер аларың мага жакса, анда коё берейин.

– Макул, анда шартыбыз мындай болсун: биринчи кеңешимди айтайын, аным сага жагып калса коё бересиң. Экинчи кеңешимди тетиги бутакка конуп алып айтам. Үчүнчүсүн бактын чокусуна чыкканда айтамын.

– Болуптур, айткын, – деп саятчы макул болду.

– Өткөнгө эч качан өкүнбө, – деди таранчы.

– Өткөн ишке кантип өкүнбөй коёсуң! – деп саятчы каршы болду. – Андай кезде мен өзүмдү өзүм тилдеп, жекирип кирем...

– Анткениң өз өмүрүңө зыян, – деди таранчы чыйпылыктап. – Антип өкүнгөндөн көрө туура эмес иш жасапмын деп гана кой. Кийинкисинде ал кемчилигиңди оңдоп койсоң тажрыйба болот, ишиң да оңолот. Өкүнгөндөн эч пайда таппайсың.

Саятчы бир аз ойлонуп отуруп, мунун айтканы туура эмеспи деп ойлоду да, манжаларын ачып, таранчыны коё берди. Таранчы учуп барып, дарактан бутагына конуп, бир силкинип алды да:

– Өз көзүң менен көрмөйүн эч нерсеге ишенбегин,– деди.

– Муну сенсиз деле билем, – деди саятчы ачуулanып. – Эмне, мындан жакшыраак кеңешиң жокпу?

Таранчы эми дарактын кылда учуна конду да саятчыны шылдыңдай:

– О, адам баласы, сен азыр эле колуңа чоң байлыкты кармап тургансың. Менин алкымымдын эки жагында ар бири бармактын башындай болгон эки жубар бермет бар. Аларды хансарайга барганымда жеп алганмын. Мени коё бербегенде өзүңө түгүл кийинки тукумдарыңа жеткидей байлыгың болмок. Ал берметтер сага буйруган эмес экен, – деди.

Таранчынын бул сөзүн уккан саятчы аны кайра алдап колго түшүрүүнүн амалын ойлойт. Бирок таранчы оңой менен алдата койбос! Колундагы байлыкты коё берип жибергенин ойлоп, саятчы өзүн-өзү сөгүп, манжаларын кайрып, башын муштагылады. Таранчы болсо дарактын кылда учуна отуруп алып, саятчынын жетпесин билип, шылдыңдай берди.

Саятчы таранчыны кармай албасына көзү жеткен соң акыры тынчып калды.

– Макул, болор иш болду. Эми мага үчүнчү осуятыңды айтчы, – деди.

– Сен менин мурдагы эки осуятымды аткарган жоксуң да: өткөн ишке өкүнбө, өз көзүң менен көрмөйүн укканга ишенбегин дебедим беле. Менин алкымымда бермет бар экен деп чын эле ишенип алдыңбы? Кебетем бул болсо, андай жүктү кантип көтөрмөк элем? Ушуну ойлогон жоксуңбу? А сен болсоң өзүңдү өзүң жектеп, майып болуп кала сактадың. Экөөнү аткара албагандан кийин үчүнчү осуятымды укпай эле койгун. Кайыр, кош! – деди да таранчы учкан бойдон кетти.

Саятчы эмне кылаарын билбей, отурган жеринде жалдырап кала берди.

## СЫРТТАНДАР

Өткөн заманда бир байдын жалгыз баласы болуптур. Байдын эркек баласы да, кызы да ошол экен.

Күндөрдүн биринде бала түш көрөт. Түшүндө бир карышкыр баланы жемек болуп, баланын бутун сугунуп жибергенде, чочуп ойгонуп кетет. Эртеси да ушул түштү көрөт. Ошентип бир түшүн күн сайын көрөт. Бутун карышкыр сугунуп жибергенде ойгонуп кетет. Ошентип бала түн уйку, күн күлкү көрбөйт.

Ата-энеси да ойго батышат, санаа тартышат: баладан сыр сурашат. Баласы эмне демек эле, көргөн түшүн айтат. Ата-энеси катуу коркушат да, туш-туштан түш жоруй турган көзү ачык адамды издешет. Бирок эч бир адам анын түшүн жакшылап жоруй албай коёт. Акыры бир көзү ачык карыя келип жоруйт:

– Карышкыр сенин балаңды жебей койбойт экен. Темир үйгө бекитип койсоң да баланы жейт, өчөшүп калган экен,– дейт. Бул сөздү укканда ата-энеси ого бетер коркуп ыйлашат.

– Мындан кутулуунун амалы барбы? – деп сурашат чал-кемпир.

Ошондо карыя:

– Качып кетсе, кутулушуң мүмкүн, – дейт. Муну укканда эне-ата жөн отурабы, чыдап. Баласына качып кетүүгө ат издешет. Атасы көп жылкынын ичинен баласы минип качар ат табылбайт. Акырында:

– Балам, өзүң таппасаң, мен таба албадым,– деди.

Ошентип бала колуна жүгөн алып, жылкыга келди.

Көптөн бери жылкы багып жүргөн карыядан:

– Мага жоодон качып кутулуп кете турган ат табышып бер,– деп суранды.

Ошондо чал:

– Чырагым, ушул жылкыны бакканыма көп жыл болду. Сени куткарып кете турган күлүк жылкы бар деп кесе айта албаймын. Бир кер бышты бар. Анын тай кезиндеги жүнү али түшө элек. Кырып аларга кызылы жок арык, жөндүү чөп оттобойт, ичи катып жүргөнү жүргөн. Ошентсе да, анда бир касиет барбы деп ойлойм: түнкүсүн жүргөндө туягынан от чыгып турат. Жараса ушул кер бышты жарайт деп ойлойм. «Тулпар аз оттоп, көп жуушайт», «Асыл адам аз сүйлөп, көп тыңшайт» дегендей сенин багыңа тулпар болуп калышы ажеп эмес. Кантсе да, кер быштыны кармап мин,– деди.

Бала кер быштыны кармап, үйүнө келип, токунуп минди да, ата-энеси менен коштошуп жолго чыкты. Бала жолун улап келе берди. Кер быштынын тизгинин какпай өз оюна коё берди. Күндөр алмашты. Күндөрдүн бир күнүндө бала артын карап, алда кайдан чыккан чаңды көрдү. «Мүмкүн мени жей турган карышкыр ушул болуп жүрбөсүн?» – деди да кер быштыны сооруга камчы менен басып-басып алды. Кер бышты да баягыдай болбой, өлү жүнүн таштап башын жерден көтөрүп, куйрукту сунуп жиберип, созулуп арыш керди. Үч күндөн кийин артына караса, баягы чаң жакындап калгандай көрүндү. Чаң улам жакындаган сайын кер быштынын аяк таштаганы да катуулады. Ошентип дагы эки күн өттү. Бир кезде артын караса, бир караан чаңдан бөлүнө

чыгып алыптыр. Баладан ал кетти. Анда-санда кер быштынын көзүн укалап коёт. Кара неме жакындап, дүбүртү угулган сайын кер бышты куштай сызды. Кер быштыга учкан куш болбосо, башка жаныбар теңелчүдөй эмес. Кер быштынын күлүктүгү гана баланы ажалга бербей алып келе жатты.

Ошентип, карышкырга жеткирбей кер бышты дагы бир күн чуркады. Бир кезде артын караса, баягы көз учунда көрүнгөн караан жакындап калган экен. Аны кароого баланын жүрөгү дааган жок. Камчы үстүнө камчы басуу менен алек болду. Кер бышты да аны сезип, баягыдан катуу жүгүрүүдө болду. Анын чуркашына көз токтотуп кароого мүмкүн эмес эле. Бир кезде бала артын дагы бир карады эле, түшүндө көргөн кара карышкыр бир кулач кылып тилин чыгарып, шилекейин чууртуп; жаагын керип, оозун араандай ачып, андан-мындан жерге бир тийип кууп келе жаткан экен. Муну көргөндө азрейил жан алгыч кууп жеткендей болду. «Менден башка бу баланы ким куткармак эле» дегендей кер бышты да арышын керет.

Кара карышкыр баланы жешке кумарланып, шилекейин чуудадай агызып, тили оозуна батпайт. «Чыны менен эле иттин оозуна кетемби?» – дегендей кер бышты жаныбар ансайын күчүн үрөйт, мурдагыдан катуу жүгүрөт. Карышкыр жетсем дейт, кер бышты жеткирбей кетсем дейт. Ушундай талаш чечилбей, ит менен ат жанын үрөшөт.

Жакындаган сайын адамдын жыты карышкырдын мурдун жарат, тиштерин шакылдатып, шилекейин агызып, арс-арс үн чыгарат. Бир ичеги болуп, ичи катып калган кер бышты да, карышкыр жакындаган сайын, кулагын жапырып, ары-

шын керет. Ушундай талаш сыноого кер бышты чыдабаса, башка төрт аяктуу чыдабас эле. Кара карышкырдын азуусуна түшүрбөй, баланы куткарып келаткан кер быштыга суктанбай турган жан болбостур!

«Жетип, этектен алды го» – деген бала чебелене артын караса, карышкыр куйрук улап келип калган экен. Эки көзү өрттөй жанат, чоңдугу тайдай болгон карышкыр экен. Арсылдап үрүп тиш салууга умтулат. «Чыны менен эле ушул карышкырга жем боломбу?» – деп бала ыйлап жиберди. Баладан эс да, күч да кетип, аттын көзүн сүртүүгө да чамасы келбей калды. Камчы шилтеген гана болот. «Эми өлдүм, кара карышкырдан кутула албадым, арга канча?» – деп ойлоду бала жаны алкымга келип.

Жаныбар кер быштынын да аяк ташташы кемип, күчтөн тайып, көзүнөн жаш куюла баштады. Наалат алгыр, кара карышкыр такымдап, жанды коёр эмес,– деп улам жанын үрөйт. Мына эми бала менен карышкырдын ортосу бир сөөм калды. «Оозумду толтуруп, тумшукту каңдап, барт-барт чайнап, моокумду кандырсам экен» – деп карышкыр да тиштерин шакылдатып, жанын үрөйт, убакыт баарыга бирдей кымбат. Ушул учурда бир минуттук өмүр балага миң жылдай көрүндү. Кер быштыдан башка ага ким жардам берет? Кер быштынын көзүнөн ылдый куюлган тер буга күбө. Баланын көз алдына өлүм элестеди, өмүрдөн үмүт үзө баштады.

Кара карышкыр мына эми тиш сала берген кезде, капилеттен «ав» деп үргөн иттин үнү угулду. Муну укканда кара карышкыр арышын басаңдата калды, кер бышты алдыга узап алды. Ишиң оңолбогон кара карышкыр кайрадан кер быштыга

жакындады. Тиш сала берерде баягы иттин үнү дагы угулду. Карышкыр кийиндей түштү. Эмнесин айтасың, карышкыр кайра кууп жетип, мына эми тиш сала берерде, баягы үн жакын жерден чыгып, ит үрүп келип жетти иттин эмки үргөнүн укканда карышкыр ордунан жылбай, катып калды.

Кер бышты болсо, баланы алып учуп, алдыга кете берди. Ошентип чапкандан чаап жүрүп олтуруп, ээн талаада отурган жалгыз үйдүн жанына келип, кер бышты тык токтой калды. Бала жерге секирип түштү. Эстен кетип жатып калды. Жанына бир ит келди. Чоңдугу тай торпоктой, көздөрү кыпкызыл, эки кулагы үзөңгүдөй, узун тумшук, мурдунун үстү кара көк ит экен. Баланы улам жалап коюп, жанында жатты. Бир кезде үйдөн бирөө чыгып:

– Бул эмне болгон жан? – деди да, үйгө алып кирди. Бирок бала эсине келбей, сулк түшүп жата берди.

Кечке жакын үйдүн ээси келди. Жашы 27 чамасында узун бойлуу, жотолуу, ат жаак эңгезердей чоң, көзү өткүр, өңү суук, кара сур жигит экен. Эшиктен кирээр менен:

– Баланча байдын уулусуңбу? – деп сурай баштады. Бала көргөндөрүн баштан аяк айтып берди. Үй ээси сөзүн улады.

– Сени кууган карышкыр киши жегич эле. Кер бышты жылкынын сырттаны. Кара карышкырдын сага өч боло турганын кер бышты кулун кезинде билген. Эгер ошол карышкыр келип калса, сени «алып качып кутултсам» – деп өзүн дайындап жүргөн. Ошону аткарсам деп, өзүн өзү суутуп, таптап, аз оттоп, көп жуушап жүрдү. Үстүндөгү

даакы жүнү түшкөн жок. Акыры тилеги келген экен, кер быштыдан башка болсо, сен алда качан карышкырдын оозунда болмоксуң. Мынабу жаткан кара тумшук – иттин сырттаны эле. Кара карышкырдын сени кууп келаткан дүбүртүңөрдү күндүк жерден укту да, үрүп жиберди.

Эгер бул үрбөгөндө карышкыр сага тиш салат болчу. Эгер кара карышкыр сени жеп кетсе, анда карышкырлардын баары киши жегич болмок. Ошентип, карышкырлар өмүр бою адамдын башын томолотуп, жей бермек да, адамдарга бийлик кылмак. Менин жайымды сурасаң мен адамдын сырттанымын. Кара тумшук мени ушул жакта экенимди билди да, ушул жерге баштап келди. Сени кууган карышкыр алы кеткен жок, тиги дөбөдө күтүп жатат. Ал сени жемейинче жаны жай албайт, сенин ушул жерде экениңди билет, бирок кер быштынын, кара тумшуктук, менин – үч сырттандын ушул жерде экенин билип, келүүгө даабай жатат. Таң атканда кара тумшукту ээрчитип, үчөөбүз карышкырдын изине түшөбүз. Чарчап калдың, эми эс ал,– деп балага орун көрсөттү.

Таң атты, үйдөгүлөр тургандан кийин баягы жигит айтты:

– Сен кер быштыны мин, мен кара тумшукту жетелеп, тиги дөбөнүн алдына баралык. Ал жерге жеткенде кара тумшукту коё берем. Ал барып карышкыр менен арбашат. Экөө арбашып жатканда мен ит жагынан барам, сен кер бышты менен карышкыр жагынан чык. Ошондо карышкыр сенин жытыңды алат да, сени карай бурула берет, дал ушул учурда кара тумшук аны алкымдан алып, мойнун бурап таштайт. Ошентип өлтүрбөсөк, кара карышкыр сени соо койбойт. Кер быштыга минип

кара тумшукту ээрчитип, кара карышкырды кууйт элем, бирок кер бышты мени көтөрүп чуркай албайт. Карышкыр жеп коёт экен деп коркпо. Түз бастырып, бет алдынан чык, ал сени качырат, бирок сага жеткирбей кара тумшук анын мойнун бурайт. Эгер сенден мурун мен барып калсам, кара тумшук менин келгенимди билип, мени караган кезде, карышкыр анын мойнун бурап таштайт. Мындан кийин ал сени жейт, сени жегенден кийин карышкырлар тукуму адам уулунун баарын жейт. Ошондуктан коркпо, тик качыр, ошондо сени качырат, ушул учурда кара тумшук аны тамактан алып, мойнун бурап өлтүрөт. Эмнеси болсо, менден мурун жетип, карышкыр жактан чык, көзүңдү жумба! – деди.

Дөбөгө жакындап барган кезде жигит кара тумшукту коё берди. Ал дөбөнүн чокусуна карай жөнөдү. «Карышкырдын артынан жетейин»,– деди да, бала кер бышты менен дөбөнү айланып жетип барды. Жигит иттин артынан кыйкырып келе жатты. Кара тумшук дөбөдөнүн башына чыкканда карышкыр аны көрүп калды. Экөө бир-бирин көргөндө моюн жүндөрүн үрпүйтүп, көздөрүн бир-биринен албай тикирейип, аңдышып калышты. Эки сырттан бир-биринин кыймылын аңдып, алыша албай тиктешип турушту. Кимиси көзүн тартып алса, экинчиси аны баса калгандай түрдө. Кара карышкырдын жүндөрүп тикирейтип, тумшугун созуп, көздөрүн кадап турганын көргөн жан ага чыдап турар эмес. Арка жүндөрүн түктөйтүп, көзүн ирмебей карап, азууларын арсайтып ырылдаганда кара тумшуктун сүрүнө кара карышкырдан башка эч бир айбан чыдап турар эмес. Экөө ушинтип

бир-бирин алалбай, көздөрү оттой жанып, ызалана арбашып жатышты. Ыза болгондорун мындан бил: моюндары терисине батпай муунун баратты. Арбашкан калыбында орундарынан туруп, жаактарын керип, ырылдашып, бир-бирине жакындай беришти. Анан барып тал беришe ырылдашты, бирок тиш салыша алган жок. Тек бир-бирин кайсы жакка кыймылдаганына көз салышат. Көздөрү ирмелип кетсе, кекиртектен алып, жерге басып, ооз омурткасын капшырган турушат. Ушундай кырдаалда дагы бир аз турушту. Экөө тең кыйналып, өз намысын ойлонууда. Экөөнүн эки алдыңкы буттары бир-биринин ийнинде. Тырмактары кекиртектерине кирип, эттери чымырайт. Тиш салууга ыңгай издешет. Көздөрү канталап, бири өлтүрүп, экинчиси өлгөнү турат. Бир-биринин кирпиктеринин кыймылдашын гана аңдыйт. Карышкыр жактан чыккан бала эки сырттандын арбашып турганын көрүп, жакындоого жүрөгү даабады. Кара карышкырдан аябай коркуп калган. «Жакындасам жеп коёбу» – деп бала алга баспайт. Же болбосо, арбашып турган экөөнө төбөсү көрүнгөндөй жерге келсечи, анда-санда бир басат. «Бала карышкыр жактан чыкты бекен, итим эмне болду экен?» – деп жигит шаша басып, дөбөгө чыкса да көрүнгөн жок. Карышкыр менен ит арбашып турган экен. Баланын төбөсү көрүнөр менен ээсинин артына келип калганын сезип: «ээм келип калды бекен?» дегендей ит мойнун бура бергенде аңдып турган кара карышкыр кара тумшуктун чыкыйына тишин батырды. Муну көргөн иттин ээси эмне кыларын билбей шашып калды. Белиндеги канжарды сууруп алып жүгүрдү, кара карышкыр иттин чыкыйына батып кеткен тишин

чыгарып алганча жигит да келип жетти. Келер менен карышкырдын ичин жарып жиберди. Ошол жерде ит да, карышкыр да жан беришти.

Жигит өлгөн итине катуу өкүндү. Анын башын кучактап өңгүрөп ыйлады... Анан балага карай:

– Менин айтканымды эмне үчүн иштеген жоксуң? – деп ачуу бүркттү.

Болор иш болуп, ит өлүп калгандан кийин ачуу бүркүштөн эмне пайда?

– Кара карышкыр өзүмө тиш салат экен деп корктум – деди бала.

– Эгер кара тумшук карышкырды өлтүрсө, ит уруусу карышкырга кожоюндук кылмак. Мындан кийин ит бир гана карышкыр ала турган болду. Ошондой эле карышкырдын да мындан ары итти ала турганы саналуу гана болот. Эгер кара карышкыр сени жесе, карышкыр тукуму адамга кожоюн болмок. Аны мен өлтүрдүм. Ошентип, мындан ары карышкырга мен кожоюн болом,– деп сырттан жигит сөзүн аяктады.

## КАРЫШКЫР МЕНЕН КИШИ

Бир карышкыр желип-жортуп келе жатып, салып койгон капканга түшүп калды. Ары жулкунуп, бери жулкунуп жатып бошонуп алды. Качып кетип бараткан бөрүнү көрүп, аңчылар кууп жөнөштү. Карышкыр өңтөлөп чуркап келип, бир дыйканга жетип жардам сурады:

– Бир амалын таап, мени жашыр, жакшылыгыңды эч унутпасмын, кабыңа салып алып, көтөрүп жүрө бер,– деди.

Карышкырдын ыйлаганын көрүп, дыйкандын боору ооруду да, капка салып карышкырды көтөрүп алды. Бир аздан кийин мергенлер жетип келишти да тиги адамдан:

– Качып бара жаткан карышкыр көрдүңбү? – деп сурашты. Адам айтты:

– Жана бир көк карышкыр тетиги дөбөдөн ары түштү, тезирээк жөнөгүлө, – деди. Аңчылар ошол жакка чаап кетишкенден кийин адам капты жерге түшүрүп, оозун ачып карышкырга:

– Эми жөнө, мага да бир жакшылык кыларсың, – деди. Карышкыр каптан чыгып алып:

– Мен сени жеймин, кардым ачты,– деди тиштерин шакылдатып. Дыйкан байкуш шашып калды:

– Эй, карышкыр, бул эмнең, мен сени өлүмдөн алып калсам, жакшылыкка жамандык кыласыңбы? Андай болсо, калыска барып, кимибиздики туура экенин сурайлы,– деди.

Экөө ошентип акыйлашып турганда түлкү шимшилеп келип калды. Тигил экөө болгон окуяны баштан аяк айтып беришти. Ошондо түлкү:

– Болбогон сөздү айтпагыла, менден башка бирөө укса, шылдың кылат экөөңдү. Капка карышкыр батыптыр дегенге ишене албайм, мунуңар калп, – деди. Карышкыр менен адам өздөрүнүн сөзүн ырастады.

Түлкү карышкырга:

– Капка кайра кирип көрсөтпөсөң ишенбейм, – деди. Карышкыр түлкүнү ишендирмекчи болуп капка кирди.

Түлкү дыйканга айтты:

– Каптын оозун байлагын, кези келди жайлагын, күздүн күнү буудайды кандай токмоктоп алчу

элеңер! – дегенде дыйкан токмогу менен карышкырды капталга ура баштады.

Эми каптын оозун ач, – деди түлкү. Кашакең, каптан чыгып алып, бир бутун сүйрөп, сөйрөлөңдөп качып жөнөдү. Түлкү далайдан бери иштеген адал төрөм эле деп кыт-кыт күлүп карап турду. Ошентип дыйкан түлкүнүн амалы менен ажалдан калыптыр дейт.

## СУР ИТ

Илгери, илгери бир уруу айыл ай жарык тийген, үстүн муз каптаган жерден орун алган экен дешет. Алардын эркектери сур ит, аялдары адам болуптур. Ит эркектер аңчылык кылып, аялдары үй-тиричилиги менен болушкан экен.

Күндөрдүн биринде жолоочулап келаткан бирөө жолдо тигилген үйгө келип түшөт. Үй ээси жок экен, аябагандай сулуу келин конокту төргө орун салып берип отургузат. Бирок алдына аш койбойт. Бул элдин салты боюнча, үй ээси жок болсо, конокко тамак берилбейт экен. Караңгы кирип, күн бата үйдүн эшиги ачылып, үйгө аюудай болгон сур ит кирет. Ал адам сыяктуу төрдө олтурган киши менен кол алышып, коноктун ылдый жагынан орун алды. Оокат алып келди, сулуу келинчек. Алиги сур ит «алыңыз» дегендей коноктун алдына жылдырып, өзү да тамак иче баштады. Көрсө, үй ээси ушул сур ит экен.

Таң ата үй ээси аң уулап кетет. Мейман киши келинчекке: «Ит менен ит болуп жүргөндөн көрө, адамзат баласы экенсиң, мени ээрчи, адамдар тур-

ган жерге баралык» – дейт. Бирок ал күнү кача албай калышат.

Эртеси келинчек: мени алып кача турган болсоң чоң чана камда дейт. Тигил киши анын айткандарын иштейт. Үй ээси аңчылыкка кеткенде, буюм-тайымдарынын баарын чанага салып, жөнөп кетишет. Ит кечинде келсе, үй ээн, келинчеги жок. Үйдүн алдынан чананын изин кууп артынан түшөт. Түнү менен кууп, таң ата жетип, эми тиш салмак болгондо, чананын үстүндө отурган келинчеги бир нерсени жерге ыргытып жиберет. Ит иттигин кылат да, аны тиштеп алып үйүнө алып барып таштап, кайра келгенче качкындар бир топ жерге узап кетишет, кайрадан кууп жетет, келинчек баягыдай эле бир буюмду жерге ыргытат, ит аны тиштеп алып үйүнө жөнөйт.

Ошентип, ит чанага жеткен сайын, келин бир буюм таштап олтурат, аңгыча болбой жылуу жерге жетип калышат. Жылуу жерге жеткенден кийин ит аларды кууй албай калат. Ошентип алар табышмактуу сур иттен кутулушкан экен.

## АК КУУ

Жоокерчилик замандардын биринде эл жоодон сүрүлө качып жөнөйт. Ошондо ага-инилүү эки бала элден ажырап калат. Балдардын бири өтө жаш, бири борбую катып, аны-мунуга жарап калган экен. Ошентип, колдорунда жалгыз саадактан башка эч нерсеси жок, журтта калышат. Бир күндөрү саадакты көтөрүп алышып, бир нерсе атып алмак болуп көл жээктеп келе жатып, курсактары ачат.

Эч нерсе кездешпейт. Ошентип жүрө беришет, жүрө беришет. Бир кезде эки жагын карап, айдың көлдүн ортосунда аппак эки ак кууну көрүшөт. Ак кууну аталы дешет, бирок аларды ыйык катары көрүп, атуудан коркушат. Ошентип эч нерсе учурата албай, көлдү бир аз айланып жүрүшөт да улуусу: «Эмне болсо, ошол болсун, тетиги кичинесин– ургаачысын атайын, эркегине тийбейин» – дейт да жебесин сууруп алып, көрүнбөй өңүп барып, эки көзү кызарганча мээлеп, жакын сүзүп келгенде ак кууну атып жиберет. Ошол замат баланын колубуту сенейип кыймылдабай калат. Бала эми мурдагысындай жүрө албай калганына катуу кайгырат. Эмне үчүн аттым экен, ачкадан өлсөм да атпай койбой не болдум! Менин мунум акмакчылык!» – деп боздоп ыйлады. Ак куунун экинчиси асманга атып чыгып, ар кандай обонго салып кыйкырып, бирде өөдө, бирде ылдый түшүп, жолдошун кыйып таштап кете албай айланып жүрдү. Балдардын кичинеси өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлады, ага агасы да кошулду. Экөө тең кудайга, пирине сыйынып, айланып кетпей жүргөн ак ккуга кошулуп ыйлашты.

Ошентип турган учурда кайдан экенин ким билсин, бир сыйкырдуу күч келди да, баланын кол-бутун үзө туруп, мурдагысындай калыбына келтирип кетти.

Агасы инисине айтты: «Сен кошко барып, идиштерди жууп, даярданып тур. Мен сенин артыңдан шашпай барамын». Бала жүгүргөн бойдон үйгө кетти. Агасы болсо ак кууну көтөрүп алып үйүнө жөнөйт. Тирүү калган ак куу, бала көтөрүп бараткан ак куунун үстүнөн айланып учуп, өзүнчө шаңк-шаңк бирдемелерди айтып үн салат.

Жанагы үйгө кеткен жаш бала, курсагы ачкандыктан идиш жууганды эсинен чыгарып коюп, ырдап кирди.

Агам ак куу апкелет,
Аялдабай бат келет?
Агам ак куу апкелет?
Аялдабай бат келет?
Керме-керме, керме тоо
Келишимдүү, көргөн тоо!
Керме-керме, керме тоо,
Кериле басып көргөн тоо!

Агасы келип, ак куунун этин казанга салып бышырып жешет, калганын эртеси жеп жолго чыгып, ошол ак куунун эти менен көчүп кеткен элине кошулушкан экен дешет.

## АКСАК КУЛА

Өткөндө бир кишинин кула тулпары болуптур. Андан тукум алып көбөйтмөкчү болот да, ага бир бээ кошуп, деңиздин ортосундагы адам жеткис аралга алпарып таштайт. Тулпар адамга, карышкырга да алдырбачу экен.

Арадан бир аз жылдар өтөт, тулпардын тукуму көбөйүп, бир үйүр жылкы болот. Тулпардын кабарын уккан уурулар үйүрлүү тулпарды алмак болуп аралга барышат. Көп жылдардан бери адам көрбөй жапайы болуп калган тулпар ууруларга алдырбайт, жакын жолотпойт, качырып сала берип, эстерин эки кылат. Тулпарды кармай албай, ыза болгон уурулар саадак менен атат экен. Ок куланын бутуна тийет. Жараланган аксак кула мурдагыдан да катуу

өчөшүп, ууруларды тебелей баштайт.

Айласы кетип алсыраган каракчылар чуңкурга түшүп, жан сактамакчы болушат. Муну көргөн аксак кула үйүрүн баштап алып уурулардын үстүнөн тебелеп өтүшүп тепсеп салышат, ошентип уурулар ажал табышат, аксак кула тукумун көбөйтүп, көп жылдар жашаган экен.

## ЧААР АТ

Бул окуя өткөн замандарда болгонун айтышат. Мамбеталы деген жигит таякелерине бара жатып, жолдо көчүп бара жаткан кошко кездешет. Мамбетаалы көч башы болгон карыя менен саламдашып, өзүнүн кайда баратканын айтат. Көрсө, бул көч да ошол жакка бараткан экен. Бир аз жол жүргөндөн кийин жетекте келе жаткан ала бээ кулундайт. Кары: «Чырагым жолдон кошулдуң эле, бээ да жолдон кулундады, жолубуз болот экен, сага кылган сыйым болсун» – деп, чаар кулунду Мамбеталыга берет. Жигит жаш кулунду чапанына ороп, таякесинин үйүнө алып келет да, бир аз багып туруп, үйүр жылкыга кошуп жиберет.

Арадан бир аз жыл өткөндө Мамбеталы таякесиникине келет да, баягы кербез торуну кармамак болуп, аркан урат. Бирок канча ыргытса да, аркан кербез торуга жолобой, чаар атка илине берет. Мамбеталы чаар атты үйүнө алып келет да, акырындап үйрөтөт. Чаарды минип кийикке чыгат, карышкыр, түлкү, чабат. Баягы жолдо туулган кулун, бүгүнкү чаар атты Мамбеталы байгеге чабам деп ойлобойт, жарышка да кошпойт.

Күндөрдүн биринде коңшу айылда той болуп, ага Мамбеталы да барат. Тойго чабыла турган аттарды көрүп, «чаарды сынап көрөйүнчү» деген ойго келет да, Мамбеталы атын күлүктөрдүн катарына байлап коюп, өзү четтеп карап турат.

Байгеге чабыла турган сан күлүктөрдү көрүп жүргөн сынчы: «Бул жарыштын байгесин тетиги турган чаар ат алат. Өзү карт экен. «Эч болбосо өлөр кезимде бир жолу байгеге түшпөдүм» деп арман кылып тургандай. Ошол жаныбарды кыйнабай эле байгесин берип койгула» дейт.

Мурда биринчи байгени алып жүргөндөр, сынчынын айтканына кулак кагып, жактырышкан жок.

Ат айдоочу – күлүктөрдү бөлөк чыгарып, таңга маал боз салкында айдай тургандыгын жарыялады. Мамбеталы чаар атка Эсен деген баланы мингизип топко кошуп жиберди.

Таңкы салкын менен каз-катар коё берилген күлүктөр арыш кергенде, чаар ат ордунда калды. Жол узаган сайын, күлүктөр сээлдей баштады, топтошпойт. Артынан келаткан чаар бир аз жүгүргөндөн кийип, денеси жазылып, арышы узара баштады. Акырындан улам бир аттан өтүп, алдыга узай берди. Бир кезде Эсен акыркы таекчиге жетип: «Алдыда ким бар?» – деп сурайт. «Биринчи бараткан Акбакай менен Карагер азыр эле өттү» – дейт ал.

Эсен теминип коюп, алдыга жөнөйт. Эти кызып калган чаар жебедей учуп, желдей сызып, Акбакай менен Карагерди кууп жетти. Бир аз тизгин жыя катарлаша жүгүрдү, анан элдин караанын көргөндө, зуу коюп алдыга өтүп кетти. Акбакай менен Карагер артта кала берди. Аттардын караанын көрүнгөндө, чыдамы кетип турган эл: «Мынабу,

караан Акбакай го» – деп турганда, чаар ат болуп чыкты.

Чаардын биринчи болуп келгенине сынчыдан башка эч ким ишенген жок. Баарынан да Акбакайдын ээси бий: «Чаар ат түпкө жетпей орто жолдон кошулду, байге меники» – деп турганда ат айдоочу келди. Эл аны ортого алып: «Аттарды коё берген жерден чаар атты көрдүң беле?» – деп сурашты. «Аттар алга кеткенде чаар ат ордунда калган» – деди ат айдоочу. Ыза болуп ачуусу келген бий эч нерсе дей албай, күлүктөрүн камчы менен кулакка чаап жиберет. Чаар аттын байгеси Мамбеталыга тийет, ал аны Эсенге берет да, үйүнө жөнөйт. Бул жарышка катышкан эл чаар атка ыраазы болушат. Баарынан да бир комузчу жигит чаар атка көңүлү түшүп: «Кедейдин бир аты, бийдин миң атына татыйт» – деп «Чаар ат» деген күү чыгарган экен.

## КИШИ ЖАНА ЖЫЛАН

«Жаман жолдоштон, жакшы душман артык» деген биздин ата-бабаларыбыздан калган сөз бар.

Күндөрдүн бир күнүндө, чаламандын чак түшүндө, өзүнөн өзү туруп эле талаадан өрт чыкты. Ошол кезде жылан сойлоп келе жаткан экен. Өрттүн жалыны аны каптайт, ал андан кантип кутулуунун аргасын издеп, ары кетет, бери кетет. Ушул кезде өтүп бара жаткан бир адам жыланды өрттөн сактап калмак болуп, таяктын башына баштык байлап жыланды карай сунат. Жылан аман каларын биле коюп, ошол замат баштыктын ичине сойлоп кирет, ошентип адам жыланды ажалдан куткарып калат.

Жыланды баштыктан чыгарып коёт, бирок ал адамдын артынан ээрчип, буттарына жабышып, чагып өлтүрмөк болот.

– Ээй, башы жок айбан! Сага жакшылык кылып, өлүмдөн алып калган ким? Жакшылыкка жакшылык деген бар эмеспи? – дейт адам тигиге ачуулана.

– Мен,– дейт жылан, жамандыктын өкүлүмүн, ошондуктан жакшлыкка жамандык иштейм.

– Биздин талашыбызды калыс бирөө чечсин – дейт адам.

Ошентип адам менен жылан бутактана өскөн чоң түп мажүрүм талга келип сураштты:

– Сиз буга жооп бериңизчи: жакшылыкка жакшылык кылабы, же жамандык кылабы?

– Жакшылыкка жамандык менен жооп кылат. Эгер сиз, эмне үчүн деп сурай турган болсоңуз, анда буларды айтам. Мен бул жерде көптөн бери өсүп келем. Күн мээ кайнаткан ысыкта жолочулар көлөкөмө келип, корголошот. Алар уктап эс алгандан кийин кетип бара жатып, эч бир аяп койбостон бутактарымдан сындырып кетишет. Кана, ушул да акыйкаттык болобу, ушул да жакшылыкка жакшылыкпы? – деп жооп берди ал.

– Мына, уктуңузбу, эми мен сени жутам, – деди жылан.

– Сен шашылба, дагы бирөөлөрдөн сурайлык, – деди адам.

Экөө бир аз жүргөндөн кийин кара уйга кез болушту.

– Оо, кудайдын жасаганы! Адилеттикке адилеттик кылышабы, же жамандык кылышабы? – деп сурашты.

– Албетте жакшылыкка жамандык менен кызмат өтөшөт, – деди уй.

– Эмне үчүн андай? – деп сурады адам.

– Адам мени сатып алганда кунаажын болчумун. Бул мындан он беш жыл мурда болгон. Анан мен чоңойдум, бир нече музоо туудум, менин балдарым чоңоюп, алар да музоолоду. Ошентип менин тукумум кырк болду. Мен кожоюнума канчалык пайда келтирсем да, ал мага алкыш айтып, жакшылап жем берген жок, мына картайган кезде, касапчыга саткан жатат. Кана, айтыңызчы, адилеттик кайда, «жакшылыкка жакшылык» деген ушубу? – деп бүтүрдү сөзүн уй.

Мындан кийин жылан адамды жутмак болду эле адам: «Дагы бир жолу чыда» – деди да, андан ары жөнөдү.

Алар сакалы аппак карыяга жолукканча көпкө жол басышты. Жылан менен адам аксакал кишиге кайрылышты.

– Айтыңызчы, жыланды өрттөн кантип аман алып калдыңыз? – деп сурады аксакал.

– Таякка баштыкты байлап, анан жыланга жакын койдум, жылан баштыктын ичине секирип түштү.

– Ээ, кандайдыр ушул жыландын баштыкка батып кетишине мен ишене албай турам. Кана, аны баштыкка кайра салгылачы, – деди аксакал.

Ушул учурда жылан бир секирүү менен баштыкка секирип кирип кетти. Ошондо тиги эки адам баштыктын оозун бекем байлап алып, жерге сабай беришти. Мындан кийин жылан өлүп калды.

Жылан өлгөндөн кийин, ак сакалдуу адам кишиге айтты:

– Ээ, курбум, эл ичинде «зулум менен акылсызга жакшылык кылба» деген сөз бар. Азыр сага бир жомок айтып берейин.

Бир падыша болуптур. Ал адамдарга ишенчү эмес ошондуктан өзүнүн төшөгүн кайтарганга колуна албарс берип, үйрөтүлгөн маймылды коюптур. «Менин жаныма ким гана келбесин, башын чаап сал» – деген буйрук бериптир. Ошо падышанын шаарында бир атактуу ууру жашачу экен. Ошол ууру падышанын казнасын уурдамакчы болот. Аны алыш үчүн ак сарайдын алдын казып өтүш керек экен. Ошентип ал казып олтуруп, падыша жаткан бөлмөдөн чыгышат. Караса – падыша уктап жатат, анын үстүндө коңуз жөргөлөп баратат, кароолчу маймыл кылычын көтөрүп аны чаап салмакчы болуп турат.

– Токто, сен эмне кылып жатасың? – деп ууру кыйкырып жиберет.

Күтүлбөгөн кыйкырыктан улам маймыл чочуп кетип, коңузду чабууга чамасы жетпей калат. Кыйкырыктан падыша ойгонуп кетип, көзүн ачат. Караса бир адам турат.

– Сен кайдан келген эмесиң? Бул жерде эмне ишиң бар эле? – деп сурайт падыша уурудан:

– Оо, таксыр, мен атагы алыска кеткен уурумун, үйрөнүп калган адатты таштай албай койдум. Бул жерге сиздин казынаңызды алуугa келгем. Ушул бөлмөгө келип киргенимде, сиздин үстүңүздөн коңуз жөргөлөп бара жатыптыр. Сизди кайтарган маймыл аны кылыч менен чапмак болгондо, мен «токто!» деп кыйкырып жибердим. Маймыл коркуп кетип, колунан кылычын түшүрүп жиберди. Мына ошентип сизди өлүмдөн куткарып калдым, – деди ууру.

– Сага чоң ыракмат. Азаматсың? – деди падыша ага ыраазы боло. Анан ууруга көп акча берип жөнөтүп жиберди.

Ушул сөздөрүн бүткөндөн кийин, адам ак сакалдуу адамга кайрылып муну айтты:

– «Зулум менен акылсызга жакшылык жарашпайт» – деген чын экен,– деди. Анан сөзүн улады. Ошентип мынабу үй да, жанагы маймыл да акылы жок жолдош сыяктуу. Кудай адамга өз уюн сатпа, сойбо, деген буйрук бергенин ким угуптур?

Ушуну айтышып, жолоочулар өз жолдоруна түшүшүптүр.

## АДАМ ӨМҮРҮ

Дүйнөнү жаратып болгон соң, жер менен көктү жаратуучу адамдарды жана башка макулуктарды өзүнө чакырыптыр. Бул жыйында аларды ар кимисине ар кандай өмүр жаш, өзүлөрүнө ылайык бермек экен.

Баарынан мурда адам барган экен. Ага мындай дептир:

– Сен адам, мен жараткандардын ичиндеги көрктүүсү, сымбаттуусу сенсиң. Сүйлөгөнгө тил, ойлонууга акыл бердим. Башка макулуктардын баары эс-акыл жагынан сенден төмөн турат. Сен аларга каалаганыңдай бийлик кыласың. Адырга чыккан чөптөр, дарактардын жемиши, көл-дайралар, тоолор баары сенин ээлигиңде болот, отуз жыл өмүр сүрөсүң.

Ошондо адам бул сунушка ыраазы болбой, өзүнчө ойлонот: «Эгер мен жер жүзүндөгүлөрдүн падышасы болсом, бардыгынан көрктүү, сымбаттуу болсом, отуз жыл өмүр сүрүүнүн кандай пайдасы бар?» – деп көбүрөөк өмүр жаш алган Жаныбарларды карап турат.

Кезек эшекке келет. Ага мындай дейт:

– Сен көп камчы жеп, көп мээнет чегет экенсиң, оор жүк көтөрүп аябай чарчап, кыйналып жүргөн экенсиң. Тынч күнүң аз болуп, жей турган жемиң даамсыз, ичээр сууң ылай болор. Ошондуктан сага элүү жыл өмүр берем,– деди.

Эшек чөгөлөй калып, башын ийип сураптыр:

– Элүү жыл жашап, жүк көтөрүп кыйналганча, отуз жыл жашаганым ылайык эле,– дептир.

Ошондо адам жакын келип:

– Эшектин жыйырма жашын мага кошуп берсеңиз экен, – деп сураныптыр. Адамдын бул сунушу кабыл алынат. Мындан кийин кезек итке келет.

Итке мындай дейт:

– Сенин негизги ишиң үй-жайды кайтаруу, жат бирөөлөргө үрүп чыгып кабар берүү, анан үйдүн көлөкөсүнө жатып алып сөөк кемирүү. Сенин жашың кырк жыл болсун, – дептир.

Ошондо ит башын ийип, арызын айтат:

– Мен үй кайтарып, сөөк кемирип кырк жыл кор болгончо, жыйырма эле жыл жашаганым артык, жыйырма жыл кыскарт, – дейт. Аны угуп, адам келип:

– Иттин жыйырма жылын мага кошуп бериңиз – деп өтүнөт. Адамдын өтүнүчү кабыл болот.

Акыркы кезек маймылга келет. Ага муну айтат: Сырт кебетең адамга окшош, ошондой эле бала сымал акмаксың, алардын эрмеги болосуң. Ар кимге шылдың болуп алтымыш жыл жашайсың – деди.

Маймыл бечера чөгөлөй калып айтты.

– Эгер кебетем адамга окшоп, өзүм акмак болуп балдардын гана эрмегин ойлосом, менин жашымды отуз жылга кыскартса жакшы болор эле, – деди. Адам муну угуп:

– Маймылдын калтырган отуз жашын мага кошуп бериңиз, – деп суранды. Бул жолу да анын суроосу кабыл болду.

Мындан кийин келген макулуктар өз-өз жайына тарап кетишти. Адам өз турагына келип, берилген отуз жыл ичинде жакшы доорон сүрүп, убайымы жок жигиттик өмүр өтөдү. Отуз жаш менен элүүнүн ортосунда көп иштеп, көп мээнет тартты. Тиричилик кылууга ар кандай иш кылып, катуу кыйналды. Бу кыйналып өткөргөнү 20 жашы баягы эшектен алган 20 жылы экен.

Анан 50 жаш менен 70 жаштын ортосунда үй ичин толтуруп, дүнүйө жыйнады, аны эч кимге бербей кайтарып жүрдү. Ар ким менен талашып тартышып жүрдү. Бул адамдын иттен алган жашы экен. 70 жаштан ашканда акырындап акылдан ажырап, бала сыяктуу болуп калат. Бели бүкүрөйүп, көздөрү чекирейип балдарга эрмек оюн болот. Ушул жашы маймылдан алган жашы экен.

## МЫШЫК МЕНЕН КЫЗ МАКТА

Мышык менен кыз Макта дос болуп жүрүшөт. Бир күндөрү Макта кыз үйүн жыйнап жүрүп, мейиз таап алат. Мышыкты чакырат, ал келбейт, чакырат келбейт. «Келбесең мына» дейт да Макта мейизди жеп коёт. Бир кезде:

– Эмнеге чакырдың? – дейт мышык. Макта унчукпай коёт. Ошондо тигил айтат:

– Эмесе катыгыңды төгөм!

– Анда куйругуңду кесип алам! – дейт Макта.

Мышык катык-сүттү төгүп салат, Макта анын куйругун кесип алат.

Эжеке, эжеке, куйругумду берчи,– дейт мышык.

– Катык-сүтүмдү төлөп бер. Мышык уйга жөнөйт, андан сурайт:

– Уй, уй! Мага катык-сүт берчи.

– Менин курсагым ач, чөп алып кел! – дейт.

Мышык даракка барат:

– Дарак, дарак! Мага жалбырагыңдан берчи.

– Суусап турам. Эгер суу алып келип берсең берем, – деди дарак.

Мышык суу көтөрүп келаткан кыздарга барды. Кыздар, кыздар! Мага суу бергилечи?

Кыздар мындай дешти:

– Бизге сагыз таап келсең, суу беребиз!

Мышык дүкөнгө барды:

– Дүкөнчү, дүкөнчү? Мага сагыз берчи.

– Жумуртка алып кел, анан берем, – деди дүкөнчү:

Мышык тоокко келип сурады:

– Тоок, тоок! Мага жумуртка берчи.

Тооктор жооп айтышты:

– Бизге жем таап келсең жумуртка беребиз! Мышык эмне кылаарын билбей андан ары жөнөдү.

Капыстан ийин казып жаткан чычканды көрө койду. Мышык чычканды коркута баштады.

– Жаның чыга электе айт, үйүңдө эмне бар?

Коркуп кеткен чычкан:

– Үйүмдө бир батман тару бар,– деди.

– Мага бир ууч таруу бер, – деди мышык.

Мышык бир ууч таруу берди. Таруууну алып келип тоокко берди. Тоок ага жумурткасын берди. Жумуртканы дүкөнчүгө берди, дүкөнчү сагыз берди. Сагызды кыздарга берди, кыздар суу беришти, сууну алып келип даракка ичирди, дарак жалбыра-

гын берди, жалбыракты алып келип уйга берди, уй сүтүн берди, сүттү Макта кызга алып келип берди, ошентип мышык менен Макта кыз ынтымактуу жашап калышты.

## КУШТАРДЫН ЧАТАГЫ

Күндөрдүн биринде куш таптаган мүнүшкөр–саятчы токойго тор жайды. Ага ала карга, кара карга, таранчы, көгүчкөн сыяктуу канаттуулар түшүп калды.

Ары жулкунушту, бери жулкунушту, бирок тордон чыга алышпагандан кийин өз ара акылдашып калышты.

– Оңой жемге кызыгып, торго түштүк. Буга өзүбүз гана күнөөлүүбүз. Эми баарылап аракет кылсак, амал ойлосок, тордон чыгып кетүүбүз мүмкүн, – дешти. Баары тең бул акылды туура табышты.

Ошентип, ары ойлонушуп, бери ойлонушуп акыры мындай бүтүмгө келишти: бардыгы тең жапырт канат күүлөп торду көтөрүп учуп кетишмек болушту.

Айткандай эле бардыгы канаттарын күүлөгөндө тордун казыктары жулунуп, өзүлөрү асманга учуп чыгышты.

Ушул учурда саятчы келип, торун көтөрүп учуп бараткан куштарды көрүп, алардын артынан чуркап жөнөдү. Куштар ансайын катуулап учушту, саятчы да чуркаганын тездетти. Бир кезде:

«Торго түшкөн куштар ар түркүн. Бара-бара бири-бири менен чатакташа кетиши мүмкүн. Ошентип алар ыргылжың болушуп жакшы учушпайт,

ошондо тор аларды жерге алып түшүшү мүмкүн» деген ойго келди саятчы.

Дал ошондой болду. Куштардын арасында чатак башталды. Биринин сөзүн бири укпай, баш-аламандык өкүм сүрдү. Кара каргалар айтты:

– Биз болбосок силер торду алып уча албайт болчусуңар.

– Жоок, – дешти ала каргалар, – биз болбосок ордуңардан жылбайт болчусуңар! Торду көтөрүп учкан мына бизбиз.

– Бизсиз силер түндүк бою да көтөрүлө албайт болчусуңар, – дешти көгүчкөндөр. – Бул жагын унутпагыла!

– Биз деле бир жагын көтөрүп жүрдүк, биздин мээнетибиз чоң! – деп чырылдашты таранчылар.

Ошентип чыр-чатак, жаатташуу ырбады.

Ары-бери учуп жүрүшүп канаттары да талыды. Өздөрү чарчап-чаалыгышты.

Тор аларды жерди карай алып түшө баштады.

Саятчы да жетип, түшүп келаткан тордун танабынан кармап тартып, торду жерге түшүрдү. Ою ордунан чыкканга ичинен кымылдады.

Ошентип, саятчы куштарды тордон чыгарды да үйүнө алып келип, балдарына берди. Балдары аларды капаска салып коюшкан экен.

## ИТ АДАМДЫН ЖОЛДОШУ

Илгери, илгери Араке деген бай болуптур. Байдын малынын көптүгү ушунчалык, бир четинен экинчи четине кыдырса бир күн жетчү эмес экен. Күндөрдүн биринде уктап кетсе:

– Араке, тур! Сен эми келбес жайга жөнөшүң керек, – деп калат кимдир бирөө. Ойгонот. Кезек келип убакты бүтсө амал канча... Ал жөнөмөкчү болуп атын токунуп, уулун жанына алып малына жөнөп кетет. Четине жетип бастырганда күн батып калат. Калганын эртесинде кыдырып кеч киргенде араңдан-зорго аягына чыгышат.

– Мына уулум, ушу малдын баары сеники. Мындан ары өзүң көздөп ал. Качанкыга маңдайыңда жүрмөк элем.

Анын уулу Банжан бир күндөрү жарак-жабдыгын бүт камдап, ууга чыкмай болду. Болгондо жанына жолдош албай өзү жалгыз жөнөйт. Буйруса, кыйла жерди кыдырып черин жазмакчы. Астындагы аты сан жылкыдан тандалган күлүк, кууганын куткарбастын бири. Жааны да жаман атпайт. Атын четке аса байлап коюп, токойдун калың жерине кирди. Аралап көрүп түнтүрөөк жерине жеткенде оонап жата коюп, көзү илинип кетти. Бул арада аны жолборс байкап калып боортоктоп жылды. Чукул калганда комдонуп ыргый турган болдубу, максаты ишке ашпай калды. Ышкырган жебенин огу Байжандын үстүнөн өтүп, жолборстун жүрөгүнө кадалды. Ал аба чапчып жерге күрс этти. Чоочуп ойгонсо алдында мерген турат.

– Жансоога баатыр, сизге тийиштигим жок, – мерген чөгөлөй калды.

– Сен кимге кол салганы жүрөсүң?

– Жок, түшүнүңүз, жолборсту аттым.

– Кайдагы жолборс?

– Мен болбосом сизди майып кылып коймок. Жүрүңүз. Мерген өлгөн жолборсту көрсөттү.

– Анда болуптур. Мени өлүмдөн куткарган экенсиң, экөөбүз дос бололу. Бир жумадан кийин ушул

жерден мени күт. Достук байланышыбыз ошондо болсун. Сага коёр шартым бул: Чыныгы дос болсоң уктаба. Эгер уктагың келсе, өзүңө күйөр жолдошуңу тандай кел. Жаза тайып уктап калсаң башыңан айрыласың дейт. Кенжегул үйүнө келгенден кийин сар-санаа тартат. – Мынчалык эмнеге ойлуусуң деп сурайт аялы. Ал болгон иштин жайын түшүндүрөт. – Ой кокуй, ошо да кеп бекен. Менден артык жолдошту кайдан табасың. Жаныңда кошо болоюн. Айтса, айтпаса жалганбы, аялыма ишенбегенде кимге ишенем. Чын дилинде аялынын пикирин туура көрүп, өзү менен кошо ала кетет.

Баягы айтылган жерге жетип уктабай досун күтөт. Таңга маал болгондо кирпиги чыпталышып каалгый баштады. – Кичине чырм этип албасам болбой турган. Сен ойгоо бол, кокус досум келатса ойготоорсуң. Кенжегул аялына ушуну айтып уктап кетет. Аңгыча жерден чыга калгандай байдын уулу Байжан мырза, ак боз тулпарын ойнотуп жете келет. Аялы Кенжегулду ойготмок болгондо, аны тиги кол жаңсап токтотту. Анчейин сынамакка: – Аяш, сени мен алам, азыр мага кошулуп кетесиң. Андан көрү күйөөңдү башка чаап өлтүр. Ме, колуна кылычын карматты. Аял саамга дендароо боло түшүп, анан чындап көөнү бузулуп, күйөөсүн өлтүрмөй болду... Байжан аялды кайра токтотуп, досун өзү ойготот. Уктаба дебедим беле, убадага турбадың. Чыныгы жолдошуңду табалбапсың, эми сенин башыңы алам. – Алсаң ал, аялга ишенүү опурталдуу болоору оюма келбептир.

– Бу жолу күнөөңү кечейин. Эмики келгенимде чыныгы жолдош болоорду таба кел. Үйүнө келгенде ойлоп отуруп, ала моюн итине көңүл токтотот да, аны ээрчитип алат.

Келип түн күзөткөнүнө үч күн өттү, досу алиге жок. Уйкудан жүдөп бүткөн Кенжегул, итин жанына байлап уктап калды. Таң супа салганда ак боз ат минген Байжан таман алдынан суурулду. Ала моюн ит арсылдап жулкунганда Кенжегул ойгонду. Тура калып алдын утурлай басты.

– Аа, эми тапкан экенсиң чыныгы жолдошуңду. Өмүрүмдү сактап калган сага милдеттүү элем. Доско ат мингизип, тон кийгизет. Ошондуктан, ушу өрөөндүн ичиндеги оторлогон жылкынын баары сенин энчиңде болсун. Мага ыраазы болбосоң кааалоону айт, дагы эмне берейин?

– Жок, эч нерсе бербесең деле ыраазы болмокмун. Доско баа жок, ал дүнүйө менен өлчөнбөйт дегенди укканым бар. Байжан досум, экөөбүз дүнүйө дос болбой, чыныгы дос бололу.

– Аның чын. Керек болсо досуна жанын курман кылат. Байлык жалаң менде эле болбой, сенде да болсун. Кенжегул унчукпай калды.

Ошентип, досунун марттык менен берген малын алып, өмүрү өткүчө досчулуктан ажырабай мурадына жеткен экен. Ошондон баштап, ит адамдын жолдошу деген лакап сөз элде калыптыр.

## МАЛ КАНТИП КОЛГО ҮЙРӨНГӨН?

Илгери, илгери бир заманда азыркы үй жаныбарлары төө, уй, кой, жылкы, эчки, топоз, кала берсе эшекке чейин токойлордо ээн жашап жырткыч айбандарга жем болгон экен. Жаз жайга алмашкан мезгилде күндөрдүн бир күнүндө токойдон музоо бука, кулун, айгыр, бото, буура жолугушуп өздөрүнчө мажилис кылат да этегиндеги саздакта

өлөң чөбү ыңкыган, андан наркы таштакта чогой-носу бой тиреген, тоосунда бетегеси белден буралган өзөнгө барып сайрандап, тайраңдап жүрө берели деп жөнөшөт. Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү бир белге келгенде аларга улак теке, козу, кочкор жолугуп кайда баратканын сурашат. Бараткан жагын жана максатын айтканда беркилер бизди да кошуп алгыла, жамандыкта да, жакшылыкта да бирге бололу деп өтүнүшөт. Өтүнүчтөрүнө ошол замат макул болушат. Баардыгы шатыра шатман кетип бара-тышканда алдынан элеңдеп бир нерседен корккон коён чыга калат. Коёнду көрүп жапырт токтошот да андан «сен кимсиң? – деп сурашат». Мен коён-мун, силерди көрүп атайын алдыңардан утурлай тосо чуркап келдим. Тээтиги силер бараткан тоо опол тоо, анда жырткыч айбандар мекендешет. Силерди буйтамга келтирбей эле жеп коюшат. Ошо-ну айтайын дедим эле ал жакка барбагыла, – деп чыйылдады. Анда музоо бука эрдемсип мөөрөйт:

– Ал кандай айбан экен, билсең атын айтчы ошо-ну көрө коёюн, – деп эрдемсип мөөрөйт. Коён бир бырс этип күлүп алат да жырткычтардын атын айта баштайт. Атасам канжардай азуусу бар карышкыр, алп менен күч сынашкан аюу балбан, куулугу куу башынан ашкан түлкү, илингенди кайсаган илбирс, баарын башкарган жолборс.

– Ой элтеңдеген коркок коёнек десе, ошол эле-би, мен алардын ичин минтип эле жара сүзүп ичек кардын эшип таштаймын, – деп музоо бука мүйүзүн терекке жаныйт.

Мен болсом минтип ыргыта тебем деп арткы кош аягын серпет кулун айгыр.

Эгер болсо тийип көрсүн минтип чайнап таш-таймын, – деп буркулдайт бото буура.

– Алар аз, биз көппүз, канчалык кармашсак да жеңип алабыз, бизге даап кол сала албайт, – деп маарашты козу, улактар.

Ошол бойдон тоону карай жүрүп кетишти. Тоодогу көздөгөн жерине да жетишти. Керели кечке каалагандарын жеп курсактарын чендейтип, мөлтүр булактан канганча суу ичип кайтып келатышты. Аңгыча алды жагынан кыл кыяктын сыбызгылуу үнү угулду. Ага кошулуп, арылдап, күрүлдөп, чыйылдап ырдаган дабыштар чыкты. Жапырт токтой калып карашса аюу, карышкыр, илбирс, жолборс, түлкү. Маймыл кыл кыяк тартып калгандары жапырт ырдап жатышкан экен.

– Булардын сүрү укмушко ырдап-чордоп өтүп кетишер, ага чейин жашынып туралы, – дешип беркилер бир аңга келишти. Баардыгы коркконунан калчылдай башташты. «Бакылдаган текени суу кечкенде көрөбүз» дегендей, баягы эрдемсип мактангандардын жаактары жап болду. Жегенин унутуп заманасы куурулду. Аңгыча куу түлкү кулактарын тикчийтип мурдума бир жагымдуу жыт келип турат. Айлананы байкап көрөйүнчү деп жойлоп жөнөдү. Ары жойлоп, бери жойлоп жүрүп аңдын башына келди да баягы сайрандап бүтүп кетип бараткан Жаныбарларды көрдү. Кубанганынан кош аяктап тура калып, тилин чыгарып тамшанып алды. Анан артын карап:

– Бери келгиле олжого тундук, – деп кыйкырды. Жырткыч айбандардын баары жетип келишти.

– Оо, азаматтар өздөрү бизди күтүп жатышканын кара! Мурдум эртең менен кычышты эле, кана бул урматка кубанып ырдагыла деп буйрук берди жолборс. Маймыл кыл кыяк тартып, түлкү ага кошулуп ырдай баштады.

Оо, чыңгырчык-чүңгүрчүк,
Козу кочкор бир күндүк.
Оо, чыңгырчык-чүңгүрчүк,
Улак теке бир күндүк.
Оо, чыңгырчык-чүңгүрчүк,.
Музоо бука үч күндүк.
Оо, чыңгырчык-чүңгүрчүк,
Бото буура көп күндүк.
Далай күнү талаада,
Тамак таппай биз жүрдүк...

Аларга чөөлөр да чыйылдап келип кошулду. Ошол кезде асманда сайрап жаткан боз торгой эмне менен башталып эмне менен бүтөрүн билип, аларды аман алып калыш үчүн кош канатын күүлүүлөп зыпылдап учкан бойдон жакын жерде эгин сугарып жүргөн дыйканга жетип барды. Баба дыйкан аны:

– Эмне шашып келдиң? – деп тосуп алды. Торгой:

– Баба дыйкан ата-баба дыйкан ата жырткыч айбандар жабылып, жанагы тоодон түшүп келаткан токой айбандарын жегени жатышат. Тез жетпесеңиз болбойт – деди.

Баба дыйкан кетменин көтөргөн бойдон торгойдун учкан жагын карай чуркап жетип келет. Келсе токой айбандарынын үрөйү учуп калган экен. Адам баласын көрүп бардыгы чуркурап ыйлап жиберет. Адам баласы жаңы эле кол салууга камынып калган жырткычтарга тап берет. Жырткычтар жан жабыла качып-безип жок болот.

Анан адам баласы тигилерди аңдан чыгарып айтат:

– Силер минтип жүрө берсеңер жакшы болбойт. Макул бүгүн мен жардам кылдым. Эртең ким жардам кылат. Акыры бир күнү жырткычтар жеп коёт.

Андан көрө мени менен жүргүлө. Мен силерди жай бою жайытта кайтарып багам. Кышында болсо жем, чөбүңөрдү камдап жылуу кыштоого багам. Кайсы маалда болсо да жейм десең чөп, ичем десең суу даяр. Ошентип дайым жаныңарда болом, – дейт. Анда беркилер:

– Биз эмне беребиз деп, – чуулдашат.

– Төө чуда, жылкы кымыз, уй сүт, эчки жүн берет, – дейт.

Ошол замат жапырт кубана макул болушат да адам менен ээрчип жөнөшөт. Мына ошондон баштап алар адамга мал болуп калган экен...

## ТҮЛКҮ, КАРЫШКЫР ЖАНА БАЙ

Илгери, илгери карышкыр менен түлкү кошуна болуп жашаптыр. Алар дайыма ууга да, сейилдөөгө да бирге чыгуучу. Күндөрдүн биринде уудан жолу болбой келе жатышса бет маңдайындагы тоонун капталынан мергенчилерин ээрчитип ууга чыккан байдын топ мергенчилеринен запкы жеген жапайы эчки капилеттен чыга калса болобу. «Жолдуу мергенге ажалдуу кийик жолугат» деген ушул турбайбы дешип, жаралуу кайберенди карышкыр менен түлкү аркасынан чымын-куюндай безеленип кууп жөнөшөт.

Байкуш жаралуу эчки жан айласын издеп, алардан эптеп кутулуу үчүн тууралагы аскалуу тоонун кыры менен кептешти көздөй эңкейиштеп атырылып чуркап жөнөдү.

Карышкыр менен түлкү ага куйрук улаш жөнөчүдөй болуп, кууп бара жатты. Алардын алдында үстү түзөңчөлүү аскага эни эки кулачтай келген

терең жарака бар эле. Эчки өзүнө тааныш жаракалуу аскалуу секиртмектен секирип, жапсардагы кайберенден башка жан бара албас тектирчеге туруп калып, жырткычтардан да, ач көз мергенчилерден да биротоло кутулуп чыкты. Карышкыр менен түлкү асканын эңкейишиндеги жаракалуу секиртмектин бар экендигин билбегендиктен жаза басып алышып, анын түбүнө күлдүр-шалдыр болуп экөө тең кулап түшүп кетишти.

Эстен танып бир топтон кийин эсине араң келип көздөрүн ачышса, үч тарабы чычкан баса албас туюк аска, бир жагы түбү көрүнбөгөн күрпүлдөп агып жаткан терең дайра менен чектелген чуңкурга түшүп калышкан.

Кеч бешим болуп калган кезде асканын, үстүнөн адамдардын кобураган кыжы-кужу үндөрү угулду. Баягы жаралуу аксак эчкинин изин кууп жүрүшкөн бай жана анын мергенчилери асканын жараңкасынын кырынан баштарын арта салышып, төмөн жагындагы зоолордон кайберенди издеп жатышты:

– Колуна таш алып, бири-бирине ургула! Мен да чакылдатып ургулап турамын. Балким, булар кем акыл жандардан болсо, биз ач калбайбыз, Каке!

Экөө тең үстөккө-босток ташты ташка койгулап, тынчтыкты бузушту. Терең чуңкурдагы табышмактуу дабышка таңданган бай асканын кырынан мойнун созуп:

– Асканын түбүндө жер казып жаткандар ким? – деп үн катты.

– Быяктагы бизбиз. Алтын чайкап жаткан жандарбыз? Жээкке шилеген кумдан алтын чайкоо түйшүгүнөн колубуз бошобойт. Падышабыз жаңы

шаар куруп, аны асемдүү асыл таштар менен кооздотуу үчүн ар бир түтүнгө эки чакадан алтын таап келесиңер деп салык салган.

– Силер иштеп жаткан чуңкурда алтын көп бекен? Деги бул жерге кантип түшкөнсүңөр? Ач көз бай алтын дегенде жутунуп төмөн жакка кулак тосту. Түлкү сыр алдырбай:

– Алтын көп болбосо, бул чуңкурга азапты эмнеге түшмөк элек. Чуңкурга падышабыз өзү аркан менен түшүрүп кеткен.

– Эй, алтын чайкоочулар! Мага дагы бир чака алтын чайкап берүүгө кандайсыңар? – деген өтүнүчүн билдирди.

– Баасы жарашса, кадыр-көңүл жарашса, андан да көбүрөөк алтын чайкап деле берип коёбуз, байым!

– Соодада достук жок, анда, бир чака алтын үчүн силерге канча акы берсек ыраазы болосуңар? Бай чуңкурдагы алтын чайкагычтарга дагы суроо таштады.

– Мейли, анда сөздүн ачыгы ушул. Биз койдун этин жеп жатып тажап кеттик. Бизге тайдын эти керек. Бир чака алтын үчүн беш тайды союп алып келесиңер. Биз алтынды колуңарга бергенден кийин жыйырма тайды ошондо өзүбүзгө тирүүлөй бересиңер.

Алтын чайкоочунун сөзүнө бай да сүйүнүп макул болду. «Бир чака алтынды жыйырма тайга алуу текейдей эле арзан» деп, бай эртеси эле беш тайды союп, ичеги-кардынан бери терисине ороп, арканга байлап чуңкурга түшүрүп кайра жолуна түштү. Кыйла күндөрдөн алкымына жашаң эт урунбаган түлкү менен карышкыр тайдын жумшак жалын,

кардын, майын жеп тоюнушуп, ныксырап үч күн баш көтөрбөй укташты. Кышкы чилде да түшүп дайрага муз тоңду.

Эми өлүмдөн аман калдык дегенсип, карышкырдын да, түлкүнүн да көңүлү ачык.

– Эй, алтын чайкагычтар! – деген үн асканын кырынан жаңырды.

– Эмне дейсиңер, урматтуу байым? – түлкү чуңкурдан кылыктанып үн чыгарды.

– Убада боюнча бере турган алтыныңарды алганы келдик.

– Ай, келесоо, башың бар, мээң жок адам турбайсыңбы. Карышкыр менен түлкү эч убакта алтын чайкагычтардан болушкан эмес. «Ач көздүн ашын ууртап ич, сараңдын ашын алдап ич» деген сөздү эсиңе түйүп кой, акылсыз бай. Корооңор толгон төрт түлүк малыңар турса да эч тойбойсуңар.

Акылы тайкы бай менен анын жан-жөкөрлөрү түлкүнүн кебине алданышканына ачуусу келишип, үңкүргө таш кулатып, аларды бастырып өлтүрүүнү чечишти. Бирок айла-амалы миң сырдуу карышкыр менен түлкү тайдын этинен тоё жеп, артканын куржундарына салып, дайранын үстүнөн өтүп өйүздөгү калың токойго кирип көздөн кайым болушту.

## БАЛЫК, КУМУРУСКА ЖАНА БАЙ

Кылымдын бир кылымында, жылдардын бир жылында адам менен жаныбарлардын ортосунда кагылышуу болгон дешет. Кагылышууда хан да өлөт, кылыч арасында учуп жүргөн чымын-чиркей да өлөт. Эрме чөл, ээн талаа элсиз ээнсиреп калганда адамдар менен жаныбарлардын өлгөндөгү

сөөгүнөн жыйналган дөбөлөргө кумурскалар уялай башташат. Алардан кийин башка жан-жаныбарлар пайда болуп, айланасынан тиричилик өткөрүшөт. Эчен кыш, эчен жай өтүп, кумурскалардын жашаган жери жер-жемиштин, бермет дандын үрөнү толгон дөбөгө айланат. Башкалар таң калышат алардын тыным албай иштегенине. Экинчи бир жайда да дөбө-дөбө дан жыйналат. Аны байкаган жан-жаныбарлар:

– Өздөрү чийдей болушуп, көтөргөндөрүн көрбөйсүңбү, биздин омурткалар сына турган, аларчылап иштесек.

– Өмүр менен өлүмдүн ортосунан кабары жок жан кесеп!..

Күн артынан күн келип, жай күзгө өтүп, кышка ык салып калганда саратанда чардаган, кышкы азыгын этибарга албаган чымын-чиркейлер өзүнөн оор жүк көтөргөн кумурскаларды көрбөй калышты жер бетинен. Сууктун күчүнөн канаттарын катуу кага албаган канаттуулар кумурскалардын кайда кетишкенине таң калышты.

– Опон-топон жем жыйнашып, ой-тоодон арта кыр басып жүрүшкөн кечээки кумурскалар көрүнбөйт неге кышында, калганбы же чым басып, – дешип чуулгандуу дүбүрткө түшүп турганда бир чолок кумурска уюктан чыгып жар салат.

– Оо, калайык калк! Жумурай журт! Менин сөзүмдү ук! Берешен күздө бел байлап, баарыңарга ой бөлөм, калтырбастан той берем! – деди.

Жандуулар аң-таң болуп угушту, айрымдары далысын куушурушту. Мезгил келип, той башталып калганда обочодон өтүп бараткан бай кумурсканын уюгуна келип-кетип жаткандарды көрөт:

«Алдуулардын алсызы, жандуулардын жансызы, жердин жети кабат туюгунда, жешилбеген уюгунда жашаган кумурскада не сыр бар? – деп аттан түшүп, уюктун жанына жакын келип отурганда кумурсканын канаттуу падышасы чыгып:

– Калдайган караанымдан айланайын адам, биздин тойго кире кет – деп канаттарын каккылап, уюкка жол көрсөтүптүр.

Байлыкка манчыркап, бараандуулукка оптугуп койбогон бай жандуулардын тоюн көрсө көрөйүн деп атын отко коюп, ичигин жамбашка салып, кынтая жатып маашыр алыптыр.

Ойлосо ою кеңкелес, өзү чыпалакка тең келбес, аткарганы көрүнбөс, кылыч кеспес, балта өтпөс, жаанын огу тешпес, кылкан бел, таруу баш жаны барчалык той өткөрбөгөнгө, айлынын аксакалдарына өзүнүн кимдигин ашкерелеп келбегендигине эми аттиң кылып, жазында бир той өткөрүүнү чечти.

Өгүз өлбөй, өргөө жыгылбай, чабыр жаанда тыгылбай калган мезгилде байдын тою болуп, жандуудан эч ким калбай чакырылат. Арына келген бай, көпчүлүккө сырдаана көрүнгүсү келип, ачыгын – ачык, чачыгын – чачык таштап, кумурскачылап чоң тамаша өткөрдү. Алыс – жууктан, ачык асмандын алдынан, жер алды тунгуюктан келишти баары.

– Байым, мартабаңыз ашып, байлыгыңыз ташып, той берипсиз, төгөрөгү төп келген дүйнөдө калыптыр бирөө – өкүлдөрү балыктын! Канаттуудан учурду бирөөнү дароо айтып келгенге, бай шөкөтү баары бирдей көргөнгө.

Сырын билген,сырдана жүргөн, дүйнөнүн кеңдигин билген, кенебей жүргөн, жандуунун пады-

шасымын деп ээн-эркин сүзгөн балык келип, деңиз жээгинен байкоо салды байдын тоюна. Көпкө турду таң калтырып башканы, көпчүлүк да ага карай баштады. Бул турмушта бир жолу да шашпаган, бир оп тартса үйдөй азык ашпаган жан экенин эске алып, минтип ырдаптыр:

Мен жутсам баарын жутмакмын,
Мөөрөйдөн жеңип чыкмакмын.
Жер үстү адал болсун деп,
Суу алдына кусмакмын.
Опол тоо болсо эт, майың,
Оозума чымчым сезилбес,
Оп тартып коём эми эле,
Ошол кез, азыр кези эмес.
Тоо болсо турат урабай,
Сепил да турат кулабай.
Толкуса деңиз шарпына,
Түк калбас эле турак жай.
Эт жетпей калса эт болгун,
Элиңе бекем чеп болгун!
Элсиз, жер – суунун көркү жок,
Байлыкты барктап, чек койгун.
Арамдан тапкан дүнүнөм,
Адамга кетти деп койгун! – деп эл-журттун эсендигин тилеп, деңизге сүңгүп кетиптир балык.

## БАЛАПАН

Илгери, илгери өткөн заманда абышка-кемпир жашаптыр. Алардын жалгыз гана уулу болгон экен. Уулу мергенчилик менен ата-энесин бакчу. Күндөрдүн биринде баласы мергенчиликке кетип

кайтпай калат. Ата-эне бул азапка чыдай албай, абдан кайгырат, алдан-күчтөн тайыйт.

Бир күнү абышка токойго отун тергени барып, адашкан улардын балапанын көрөт. Ал чыйылдап жанынан чыкпай коёт. Абышка балапанды колуна алып: «Менин уулумдай сен да адашкан турбайсыңбы», – деп көзүнүн жашы көлдөп ыйлап жатса, көзүндөгү жашы балапандын көзүнө тийип, аталык мээрими балага өтүп, баягы балапан балага айланат. Атасы абдан сүйүнүп эстен танат. Атасы менен баласы көрүшүп бүткөндөн кийин, уулу башынан өткөргөн окуянын баарын айтып берет.

Ал мындай болуптур: Мергенликке кеткен күнү жез тумшуктун үч кушун атып алат. Ал кетип бара жаткан жеринен кармап алып: «Эмне үчүн менин кушумду атасың», – деген шылтоо менен улардын балапанына айландырып жибериптир. Аны адамдын көз жашы көзүнө таммайынча адамга айлангыс кылыптыр.

Ошентип, алар бул окуядан кийин үйүнө аман-эсен жетип, бактылуу жашап калышкан экен.

## СЫЙКЫРДУУ ЖЫЛАН

Илгери, илгери көгүлтүр көлдүн жээгиндеги аскада, жалгыз түп кураган дарак жанында жаман кепе бар экен. Эскилиги жетип, азыр эле кулап түшчүдөй болгон ошол кепеде ак сакалы жайкалып белине жеткен, өзү үч бүктөлүп алы кеткен, бетиндеги бырыштан оозу-мурду билинбей, оту кеткен көзүнөн жашын шорголоткон бир чал жашаптыр. Ал кагжыраган кайыгын айдап, өзүнө окшоп эски-

лиги жеткен токсон-тогуз жамаачы болгон торун салып бирин-экин балык кармап, анысын базарга сатып, күн көрүп жүрүптүр. Ошондой күндөрдүн биринде чалдын торуна алты күн катары менен балык илинбей калат. Жетинчи күн дегенде торуна эптеп бир балык илинет. Үйүнө эптеп жетип, жайланып отуруп балыгын мына жейин дегенде балыктан көзүн албай акыйып босогодо карап турган киши баштуу ак жыланды көрө коюп жүрөгү оозуна тыгыла түшөт. Караса жыландын денеси жанчылып кызыл-ала кан. «Көп болсо дагы бир күн ачка калармын, өлүп кетсем кара жерге жатармын, андан көрө бечарага жакшылык жасап, сообуна калармын» – деп ойлоп, балыгын жыланга берди да жарааттарына дары сүйкөп таңып койду.

Ачкасынан алсыраган чал тез эле кош коңурук салып уйкуга кетти. Эртеси эртең менен туруп, таң калгандан чалдын оозу ачылды. Үйү жыйылуу, дүр-дүйүм тамак дасторкондо жайылуу.

Ошондой болсо да чал торун салып балык кармап, адатынча базарга сатып оокат кылып жүрдү. Бекер оокатка колун да тийгизбеди.

Бир күнү кепеге ошол жердин ханынын желдеттери кирип келишти да чалды алып жөнөштү. Чарчап-чаалыккан хандын жигиттери эски коргондун көлөкөсүнө келишип, чалды ортого алышып жата кетишти.

– Бир маалда башыңды көтөр, боорукер чал! – деген шыбыштан чочуп чал башын көтөрсө, маңдайындагы таш үстүндө киши баштуу баягы жылан турат.

– Капаланба боорукер чал, «Жакшылыкка жакшылык» – деген. Сени ханга алып барышат. Хан

түндө түш көрүп, түшүн унутуп калды. Эстей албай башы маң. Табам деп барып таба албай калган адамдын башы алынат. Вазирлер сени салып беришип, өзүлөрү жазадан кутулушмак. Сенден сураганда «Ханым сенин түшүңө жолборс кирбеди беле» десең сүйүнгөн хан сага бир дилде берет. Дилдени ушул жерге таштап кеткин,– деп жылан көздөн кайым болду. Окуя чын эле жылан айткандай болуп чыкты. Бирок өмүрүндө алтын көрбөгөн чал ачкөздүккө жеңдирип, дилдени жыланга берген жок.

Күндөр-күнгө, айлар жылга уланып бир топ убакыт тез эле билинбей өтүп кетти. Бир күнү хандын баягы жигиттери дагы келишти да чалды дегдеңдетип сүйрөп жөнөштү.

Баягы коргонго жеткен кезде жигиттер көлөкөгө жата кетишти. Чалдын заманасы куурулуп дилдени жыланга бербей кеткенине өкүнүп, өмүрү менен коштошуп жатты.

Бир маалда таш үстүндө баягы жылан дагы пайда болду да:

– Салоомалейкум, чал. Башыңа мүшкүл түшүп, жардам сурап калыптырсың, мына мен келдим. «Ачкөздүк акылды айнытат», – дегенде чал буркурап-боздоп, жалынып жиберди. Хан көргөн түшүн дагы унутту. Түшүнө болсо карышкыр кирген. Бирок эки дилдени мага беришти унутпа – деп көздөн кайым болду. Дагы окуя жылан айткандай болуп чыкты. Ачкөздүк менен сараңдыкка жеңдирген чал дилделерди дагы да жыланга бербей кетип калды.

Аз убакыт өттүбү же көп өттүбү хандын жигиттери дагы келишти да чалды сүйрөп жөнөштү. Чалдын үмүтү эми анык үзүлүп боздоп ыйлады. Өлүмгө чындап эле башын байлады.

– Салоомалейку, чал дагы да башыңа мүшкүл түшкөн экен. Баягы убадаң кана? Ачкөздүк менен сараңдыкка дагы жеңдирдиңби? Ал чапанга жармашкан оттон жаман, бир күнү башыңды жутат. Болуптур эми. Жакшылыкка жакшылык дейт. Жакшылап, угуп тургун. Ханың дагы түш көрдү, түшүнө кой кирген эле, унутуп койду. Бирок берген байлыктарды мага калтырасың – деди.

Чын эле окуя дагы да жылан айткандай болуп чыкты. Түштөрүнүн маанисин уккандан кийин хан тунжурап ойго батып отурду да:

– Айткандарыңдын баары чын, эми сенин мынчалык көп жашашыңдын себеби эмнеде? Бул жашоодогу максатың эмне? Мага ошону айтчы? – деп чалдан сурады.

– Макул, ханым. Өмүрүмдүн эмнеден узак болгонун божомолдоп билем. Ал эми өмүрүмдүн максаты сенин каарыңдан элимди үч жолу куткарганым, жашоомдун мааниси болсо керек. Чалдын берген жообуна ыраазы болуп, атан төөгө алтын артып, куржун-куржун кийим берип узатат. Чал бул жолу эч ойлонуп турбастан, берген убадасын аткарып, бардык байлыкты жыландын ийнине калтырып кете берет.

## БУЛБУЛ ЖАНА БАЙ

Бир күнү бай бир булбулду кармап алды да, аны капаска камап койгусу келди.

Анда булбул:

– Мени коё бер, мен сага бир баалуу сөз айтып берем, балким анын сага бир кезде кереги тиер, – деди. Бай булбулду коё берүүгө убада берди.

Булбул сөзүн мындай деп баштады:

– Баалуу сөзүмдүн биринчиси, кайрылып келбей турган ишке эч качан өкүнбөгүн. Экинчиси, дайны жок айта берген сөзгө ишенбегин.

Бай ушул эки сөздү угуп, булбулду коё берди. Булбул учуп барып, бактын башына конуп алып, байды сынай баштады.

– Ой, сен мени коё берип, өзүңө чоң зыян келтирдиң. Менде кандай байлык кенч бар экенин билбей алданып калдың. Ал тургай денемде кымбат баалуу асыл таштар бар болчу, эгерде мени коё бербегениңде байлыкка тунмаксың деди.

Муну угуп бай абдан өкүндү. Байдын оюн сезген булбул:

– Бай, сен биринчиден сараң, экинчи жагынан акмак экениңди билдирип койдуң. Кайрылып келбей турган ишке өкүндүң. Анын үстүнө мен айткан калп сөзүмө ишендиң. Карачы, мен кандай кичинемин. Көп бермет менин кайсы жериме батмак эле, – дейт да булбул учуп кетиптир.

## ПИЛЛЕ КУРТ

Илгери өткөн заманда ак көңүл чал-кемпир жашаптыр. Бала көрбөй жүрүп картайганда бир балалуу болушуптур. Анын атын Тилек коюшуптур. Алар бирөөнү сен деп тике карабаган кең пейил адамдар болушкан экен. Аларды кошуналары да жакшы көрүүчү экен. Тилек болсо мээнеткеч болуп өсөт. Бой тарткандан баштап кемпир-чалдын түйшүгү азаят. Ал жазында жер айдап, буудай сээп, өстүрүп берекелүү күздө түшүмүн алат да,

кышында ошону менен жан багышып, жазында эл менен кошо кызуу эмгекке киришет. Ушул жылы да Тилектин буудайы тегиз чыгып, баш ала баштаган кезде атасы ооруп, жатып калат. Чалдын денесинде кандайдыр майда курттар пайда болот. Алар барган сайын чоңоюп, чалдын этин жей беришет. Күндөрдүн биринде атасы жатып алып ыйлайт.

– Оо, кудай менин сага кылган күнөөм кайсы, бул мага жиберген эмне деген кордугуң эле? – деп чал уктап кетет. Түшүндө аппак сакалы белине түшкөн карыя келип;

– Тургун, алдагы жаныңды кыйнаган чоң куртту эшигиңдин алдындагы тыт дарагына коюп, өзүң куу арчанын түбүнөн жүлүндөй агып жаткан булакка барып, кирингин, – деп айтат. Чал чочуп ойгонсо эч ким жок. Эшикке чыкса, жалгыз түп тыт дарагы шамалга ыргалып турган экен. Чал барып чоң куртту бир жалбыракка жабыштырса чалдын денесин жеп жаткан бүт курттар тытка жабылып, жалбырактарды шуудуратып жей башташат. Андан кийин булакка барып жүзүн чайыганда да, бетиндеги бырыштар кетип калат, экинчи жуунганда күч-кубаты келе түшөт, үчүнчүсүндө дө болсо, жигит болуп чыга келет.

Чалдын кемпири чалын таанproblemsыбай калат. Чалы жылмайып болгонун болгондой айтып берет. Кемпир да булакка барып киринсе, жаш келин болуп калат. Тилек аларды көрүп чочуп кетет. Ага болгондун баарын айтып беришкенде гана бул экөө ата-энеси экенин билет.

Тилек эшикке чыгып тытты караса, бутактарда жумурткага окшогон аппак нерселер турганын көрөт. Тилек аны жарып, кандайдыр жалтыраган

жипчелерди көрөт. Анан баарын чогултуп, энесине алып келет. Энеси жипти ийрип, кездеме токуй баштайт. Муну көргөн коңшулары да пайдалуу куртту сурап алышат. Тилектин атасынын аты Пилле экен. Ошондон кийин бул куртту адамдар багып, аны Пилле курт атап калышкан экен.

## ЧАЛ-КЕМПИРДИН ДӨБӨТҮ

Илгери, илгери көчмөн турмушта, өзүнчө анчамынча майда жандыктары менен элден окчунураак боз үйдө турушчу экен. Экөө баш кошкону эркек-кызы болуп он сегиз перзенттүү болушат. Уламкы туулган перзенти бир жашка чыгып-чыкпай чарчай берип, акыры экөө коколой баш калышат. Анткени, ал кезде азыркыдай доктурлар жок, дары-дармек жок болгондуктан, кара тумоо, чечек деген дарттар элди чөп чапкандай кырып алып, жутуп туруучу экен! Анын үстүнө ууру-бөрүлөр да күч экен. Ошондон улам эртели-кеч малын кайтарышканга бир чоң иттин күчүгүн алып келип, багып чоңойтот. Атын Кумайык коёт. Кийин ал карышкырдай көк дөбөт болуп чыга келет.

Кумайык күндүз кечке абышка менен кой, эчкисин жайып, түнкүсүн жортуулга чыгып кетип жүрөт. Ит өзүнүн жортуулу менен чал-кемпирди багуунун милдети өз мойнуна алгандай.

Кеч күздүн бир кечинде, «Кудайы конокмун», – деп бир карыя атын жолдон бура тартып, айылдан окчун турган ошол кемпир-чал жашаган боз үйгө кайрылып калат. Үй ээси – абышка келгенде аттан алып, атын отко коюп, өзү төрүнө алып чай үстү-

нө маектешип олтурат. Аңгыча чүйгүм эт бышып, чоң жыгач аякка толтура салып келип, кемпири алдыларына тартат. Ошол маалда сыртта жүргөн көк дөбөт эшиктен босогодон кирип төрдү карап алдыңкы колдорун жазданып жатып алат. Конокко устукан тартып, ал киши устукан менен алек, үй ээси этти туурап, кемпири күлчөсүн туурап, анан чоң аякка аралаштырып туруп, өздөрү ооз тийбестен, кемпири иттин ит аягына чалына олчойто салдырып, үстүнө шорподон толтура куюп туруп, иттин алдына коёт. Дөбөт жей баштаганда гана үй ээси мейманын: – Кана, бешбармакка караңыз!» – дегенге келет. Бешбармак желе баштайт.

Окуяны башынан көрүп олтурган жолоочу-мейман кызыгып үй ээсинен сурайт: «эшикте жатуучу ит улагага кирип жатты. Тууралган эттен бешбармактан өзүңөр ооз тийбей туруп, алдын итиңерге бергениңер кандай?». Анда үй ээси: – ушул көк дөбөтүбүз бизди эт-аштан кем калбай багып жаткан. Алла Таала бизге он сегиз перзент берсе да, кайра өзү алгандан кийин кемпирим экөөбүз эле калдык. Майда жандыгыбызга жардамдаш болсун деген ойдо ушул итибизди көзүн ача электе алып келип баккам. Күчүк кезинен эле түндүктөн түшкөн ууру болуп өстү. Күндүз мен мал жайсам, менин жанымдан чыкпайт. Мал жайбаганда кечке үйдүн айланасынан алыс кетпейт. Кечинде майлуу тамакка тойгузуп коёбуз.

Түн жамына жортуулга кетет. Бизге жакын жердегилерден эч нерсе албайт да, алыстагылардын согумга сойгон эттеринен көтөрүп келип турат. Ошол себептен элден окчун жашап жатабыз да, бешбармактын алдынан ооз тийбей туруп, итибизге

бергенибиздин сыры мына ушундай», – деп сөзүн бүтүрөт үй ээси...

## БУЛБУЛ ЖАНА ПАХТА

Булбул учуп баратып жемиштүү бутакты көрдү. Буга кубанган булбул:

– Ушул бутакчаны мекендейин, бышканда жемишин жейм деп ойлойт. Ошентип ал өзүнүн уясын да, балапандарын да таштап, бутакчаны мекендеп калат. Булбул бутакча жемишинин бышышын узакка күтөт. Өзүн-өзү жубатып.

– Жемишин эртең эле жеймин, – дейт да, бир да кушту жолотпойт.

Бир күнү күкүк учуп келет. Булбул аны кондурбай коёт. Ошондо күкүк:

– Эмне үчүн кондурбайсың, бутакча сеникиби? – деп сурайт.

– Анда жумушуң болбосун, – дейт булбул ачууланып, – жемиши бышкан соң, өзүм жеймин. Өзгөгө бербейм.

Күкүк пахта экенин билет да учуп кетет. Булбул аны сезбейт. Пахта оболу гүлдөйт. Гүлдүн ордуна чанак пайда болот. Гүлү желге учуп кетет. Булбул мала кызыл пахтаны көргөндө кубанып: «Жемиши чыгаар, эртең эле бышат, ошондо жейм» – деп ойлойт. Чанак жарылып ак була желге уча баштайт.

– Бул эмне учуп жаткан? – деп ойлойт булбул, жемиши өтө бышып кеткенго.

Гозонун чанагына карады эле бош турган экен. Буган булбул аябай таң калат. Ошол кезде келип калган күкүк булбулга:

– Баягыда бизди жаныңа кондурганыңда жечүү жемишин айтып берет элек. Кызганып эч кимди жолотподуң. Акыры кызганычтын сазайын тарттың! Ушуну гана күтүп тургандай башка канаттуулар да келишип, булбулдун кызганчаактыгын ашкерелешет.

– Көрдүңбү, бул сенин ичи тардыгыңдын кесепети.

Булбул буга аябай капа болду. Куштар учуп кеткен соң, ал гозого кайрылып:

– Сен акмак экенсиң. Эч кимге керегиң жок. Эч кимге азык болбойсуң – деди. Ошондо пахта:

– Бул айтканың туура эмес, – деп булбул менен айтыша кетет. Мен койго азыкмын. Адамга кийиммин. Адам менден өзүнө төшөк, кийим-кечек жасайт. Мен аларга керекмин.

Ошондон кийин пахтага бир да булбул конбой турган болуптур.

## ИТ МЕНЕН МЫШЫК

Эзелки бир заманда кемпир менен чал болуптур. Экөөнүн балдары жок экен. Чал эгин эгип, ашытыгын кампага жыят экен. Кыштай базарга алып барып сатып, андан түшкөн акчага тамак сатып алып күн көрүшөт. Бир күнү чал кампадагы аштыгын алып, базарга алып барып сатмак болот. Капманын эшигин ачып караса, ичинде чычкандар толуп алыптыр. Кампада бир дагы бүтүн дан калбаптыр. Чычкандар жегенин жеп, төгүп-чачып, абдан майкамдаптыр. Муну көрүп капаланган чал менен кемпир:

– Ушул дан менен күн көрүүчү элек, эми кантебиз? – деп кайгырышыптыр.

Ушул кезде кампанын тушунан өтүп бара жаткан мышык булардын муңун угуп, жакын келет да:

– Эмнеге мынча кайгырып жатасыңар? – деп, жөн жай сурайт, куйругун булаңдатып.

– Кайгырбаганда кантели. Чычкандар кампадагы бар болгон даныбызды майдалап жеп салышыптыр. Алардын көзүн кантип жок кылам, бул балекеттерден кантип кутуламын? – деди чал.

– Кана көрсөтчү, ошол шүмшүктөрдү. Жазаларын окутайын, – дейт мышык мурутун сылап.

– Эмесе жүр мени менен, – деп чал, кампанын эшигин ачат.

Мышык кыжылдаган чычкандарды көрөт.

– Эми эшикти жаап кой да, кете бер, – дейт мышык.

Үй-үйлөрдү кыдырып, курсагы ачып, кабыргасы кайышып жүргөн мышык чычкандар менен кармаша кетет. Алеки заматта беш-алтысын кармап алып, жеп жиберет. Үй-жайсыз, ай-талаада каңгып жүргөн эле, эми жылуу кампада чычкандар менен тамактанып, ырхатка батты. Бир аз күндөн кийин чычкандар бул жерден биротоло жок болушту. Ошонун салдарынан тамагы азая баштаган мышык кемпир менен чалдан:

– Кана, дагы кандай жумуштарыңар бар? – деп сурайт. Мышыктын жонунан сылап, эркелетип, мышыктын аткарган эмгегине ыраазы болгон чал менен кемпир:

– Эмне каалайсың, тилеген тилегиңди орундатууга даярбыз, – дешет.

Мышык өзүнүн каалоосун айтат.

– Мен көп нерсе сурабаймын. Жалгыз гана тилегим бар. Мага үйүңөрдүн бир бурчунан орун берсеңер эле болду.

Кемпир менен чал мышыктын тилегин кабыл алып, кайда жатам десе да тыюу салбаптыр. Үчөө таттуу-таттуу өмүр сүрүптүр. Мышыктын алдына кемпир күндө бир аяк сүт берет. Сүткө тоюп алган мышык жылуу үйдө уктайт.

Бир күнү түн ичинде чалдын короосуна карышкыр келип, бир-эки коюн жеп, калгандарын тамактап кетет. Муну көрүп чал:

– Ушу койдун сүтүн ичүүчү элек. Эми кандай күн көрөбүз? Бул зулумдун жазасын берүүгө бирөө табылаар бекен? – деп, катуу капаланат.

Ошондо мышык:

– Бар, андай баатыр! Мен аны издеп таап келейин, – деп токойго карай жөнөдү. Жер-сууну чалып, итти издеди. Бир кездежер жыттап, кабыргасы кайышкан итти корду. Жүгүрүп кашына келип:

– Сага бир акыл айтайын. Минтип көрүнгөн ийинди казып каңгып жүргөнчө, адамдын короосун кайтарсаң, курсагың ток болот. Карды ачып жүргөн ит мунун айтканына көнүп:

– Эмесе ошол адамдын короосуна башта, – деди.

– Жүр, кеттик анда – деп, мышык итти ээрчитип айылга келди.

Кемпир менен чалдын үйүнө келгенде, кемпир итке тамак берди. Курсагы тойгон ит короонун оозуна барып, күзөткө турду. Түнү менен көз илбеди. Таң агарып калган кезде, бир карышкыр кой короого жетип келди. Аңдып жаткан ит тура калып карышкырды алкымынан алды. Карышкыр да аны менен кармаша кетти. Бирок, ит ага бой бербей, ошол жерден кулатты. Иттин эрдигине чал менен кемпир ыраазы болуп:

– Сен да бир эр жүрөк экенсиң! – деп, итти тамакка тойгузуп, эшик алдына үй салып берди.

## ХАН МЕНЕН КУМУРСКА

Илгери-илгери каардуу бир хан жашаптыр. Тегерегиндеги коңшулаш элди тынч койбой чаап алып турчу экен. Бир жолу ошол хан сан түмөн аскерлерин курап алып, жортуулга аттанат. Кара коюк арасында атчан аскеринин бири кумурсканын уюгун бастырып өтөт. Ошондо уюктан:

– Аскерлериң туш келди баштап келе жаткан бул кайсы акмак эле?! – деген ачуу үн чыгат. Бул кепти кулагы чалган хан аябай ызырынат. Анан ошол немени кармап келүүгө буйрук кылат. Бир аздан соң хандын алдына кумурсканы алып келишет.

– Кепкенедей болуп алып, үнүнүн ачуусун, анан да каардуусун! – деп таң калат хан.

– Акмак дөө болгуча, акылдуу эргежээл болгон артык – дейт кумурска тартынбай.

– Башың кандайча чоң?

– Демек, акыл тураар жери ошончо.

– Белиң эмне үчүн кылдай?

– Эр жигиттин белинин ичке болгону жакшы. Мен сен сыяктуу кап курсак эмесмин.

– Жыл бою эмне менен тамактанасың?

– Буудайдын бир тоголок даны бир жылга жетет.

– Мунуңа эч качан ишенбейм! Жаныңды жеп калп айтып жатасың! – деп күлдү хан.

– Калп мага жарашпайт.

– Сенин калп чыныңды опоңой текшерип коём – деди хан, тигинин сөзүнө шектенген калыбында. – Мен сени темир үркөктүн ичине саламын.

Жанында өзүң айткан бир тоголок гана дан болот.

Бир жылдан соң сенин кандай абалда болоруңду көрөмүн!

Ошентип алардан бир жыл убакыт өтөт. Хан баягы кумурсканы унутуп калат. Күндөрдүн биринде баягы аскери болгон окуяны эске салат. Ошондо гана темир үркөнү ачтырат. Кумурска тирүү. Бар болгону дандын теңин гана жептир.

– Мына кызык! – дейт хан. – Дандын жартысын гана коротупсуң. Бул эмнең?!

– Анткени, мени бу темир үкөккө камаган акмак дагы бир жыл унутуп калсачы дедим. – «Сактыкта кордук жок», – деген бар эмеспи.

## ЧАКЧЫГАЙ МЕНЕН КАРАКАШ ЧЫМЧЫК ЭМНЕ ҮЧҮН ЖАЙЛООДО ЖАШАШАТ?

Илгери каракаш менен чакчыгай деле кара чыйырчык сыяктуу токойдо, короо-сарайларда уя салып, бардык чымчыктар менен атаандашып жан сактоо кылчу экен. Чакчыгай түркүн обон менен сайрап, уйду туурап – мөөрөп, койду туурап – маарап, кулунду туурап – кишенеп, кишини туурап – ышкырып, итти туурап – үрүп, булбулдан да мен өйдөмүн деп мактанат. Кашка чымчык болсо, бир гана чыйк-чыйк эткенден башка үнү жок – ызалуу.

Чакчыгай өтө куу болгондуктан, каракашты азгырып:

– Сага мен эң сонун обондорду, сайраганды үйрөтөр элем, убакытым жок, жанагы торгой, карлыгач, чыйырчык, сары айгыр, булбулдар мага сынтагышат. Ар кимди тууранган башка таш-балакетти

билбейсиң, өзүңчө чыгарган обонуң жок. Жайлай чакылдап, ар кайсы ташка бир конуп, балдарды алаксытып, бизге тең эмессиң дешет. Мен ушул ызага чыдабай өзүмө досторду көбөйтүп алайын деп жүрөмүн. Каракаш аке, азырынча сен экөөбүз дос бололу. Анан дагы дос издейли. Сага түркүн обон табышка

дагы-дагы убакыт жетишер – деп, көңүлүн жубатты. Каракаш чакчыгайдын бардык айтканына макул болду. Ынтымакта жакшы жашап жүрүштү. Чакең дос издеп таранчыга келди.

– Таке, силер көпсүңөр, бир эле түрдүү чыйпылдайсыңар, ошондо да көп үн чуулдап басымдуу угулат экен. Менин досум каракаш деле чыйпылдайт. Жалгыз болгондуктан үнү этибарга алынбайт, эч ким ага назар салбайт. Макул десеңер биз силерге кошулуп бирге жашайлы. Ошондо тигилерге теңтуш болобуз – деп, көз жашын төгөт. Таранчылар боору ооруп кабыл алат. Күз болгондо кыргый келип чымчыктарды кырып жей баштайт. Таранчылар бадалга кире качышат. Каракаш менен чакчыгайдын балапандары ачыкта калып, турумтай, жагалмай, кыргыйлар илип кетет. Эми таранчылар менен чакеңдин ортосунда чатак чыгат.

– Дос болгонубуз кайсы, өз балапаныңарды бадалга, түнткө ала качып кирип

кеттиңер. Менин балапандарым артта калып, баарын жеп кетишти, – деп таарынат.

– Силердин балапандарыңар өтө жай учат. Өзүңөр да жай учасыңар, жашынганды билбейсиңер, анын үстүнө күзүндө чээнге кирип, жазында чыгасыңар, ыйлаганыңардан боорубуз ооруду эле. Балдарыңардын жөндөп уча албаганын бизден

көрөсүңөр. Мындан көрө мурдагыдай бөлөк-бөлөк жүрөлү – деп, таранчылар учуп кетишет. Ошентип, каракаш менен чакчыгай орундарында отуруп калышат. Ошол жылы кыш эрте келип, каракаш менен чакчыгай чээнге кире албай калат. Эстери ооп, жансерек болгон чымчыктарды балдар таап келишет. Балдардын атасы аларды таанып, өлтүрбөс үчүн капас жасап, жылуу үйгө киргизип, ундун улпагын, талкандын кебегин берип, кыштан аман-эсен чыгышат.

Атасы балдарга:

– Эл жайлоого чыкканда ала чыгып, ошол жерге коё бергиле. Жайлоодо жагалмай, турумтай, кыргый болбойт. Алар чымчыктын көп жеринде болушуп, чымчыктардан илип алып жеп, жансактайт. Жайлоого кыш түшкөндө таштын коңулуна, суурдун ийинине кирип, чээнден чыгышат. Жайында балапандары менен ойноп, күзүндө таштап келесиңер – деп, кеңеш берет. Балдар сүйүнүп макул болушат. Жайлоого барышат. Каракаш менен чакчыгайдын оозуна шилекей салышып, эркин коё беришет. Ошондон кийин балдар жайкысын балапандарын издеп таап багышат. Бирок барган эле жылы каракаш:

– Кайра кетем! – деп, чатак кылат.

Чакчыгай мындай деп кеңеш берет:

– Жакада болсо чымчык көп, кайсы обонду үйрөнөөрүңдү билбей башың айланып калат. Бул жерде жалгыз мен түркүн обонго салам. Бир-экөөнү үйрөнүп калгың бардыр. Анын үстүнө экөөбүз бир эле суурдун эски ийинине тууп, балдарыбызды бирге чоңойтобуз. Эгер суусар көп болсо, чоңураак таштын коңулуна жанаша уя салабыз. Мен болсо,

чээнден чыккандан кийин, не түркүн обонго салып сайраймын. Сен болсо, кулак салып угуп, балапандарга жем берип, жыргап жүрө бересиң. Кой, досум, мындай бизге душманы жок жер кайдан табылат, – деп азгырат. Ага каракаш макул болот. Өтө ыраазы болуп, чакчыгай сайрай берет. Ошентип, каракаш байкуш: «Чакчыгайдын сайраган обондорунун бирин болбосо бирин, быйыл болбосо эмдиги жылы үйрөнөрмүн» – деп, чакчыгайдын балапанына бетегенин бүрүн терип келип берип, ушул күнгө чейин бир обон үчүн кошомат кылат экен.

## БААРЫНАН КИШИ КҮЧТҮҮ

Кыштын күнү кызыл кыргоол жээктеги бадалдан койкоюп чыгып, чаңкаганын жазыш үчүн астындагы чоң суугa кирди. Каптаган көк музду кыдырып жүрүп, күбүрдү араң таап, муздак суудан иче баштады. Ошондо булайган куйругу музга чып жабышып, чыкпай калган экен.

–Ой-ей, көк муз! Дүйнөдө сенден күчтүү эч ким жок бейм... Заматтын ортосунда куйругумду куп кармайсың, – деди кыргоол.

–Жок, кыргоол, – деди көк муз, – менден жамгыр күчтүү. Ал жааганда тымтыракайым чыгып бат эле эрип кетем.

Кийин жамгыр айтты:

–Мен кайдан күчтүү болоюн! Менден жер күчтүү, канчалык шатырата жаасам да, бүт бойдон соруп алат. Анда жер күңгүрөнүп тилге келди:

–Менден токой күчтүү. Ал үстүмдү каптап, жалбырактуу бутактары туш-тушка жайылып, болгон күчүмдү бүт тартып кетет.

– Жо-жок, менде да күч жок, – деди токой. Баарынан өрт күчтүү. Ал каптаса, серойгон гана сөңгөгүм калат. Муну угуп турган өрт күңк этти:

–Менден шамал күчтүү. Андан аябай корком. Шамал катуу сокк ондо, чаңым асманга чыгып, кайда качарымды билбей калам!

–Ырас эле менде күч көп, – деди шамал. Жыгачты түбү менен жулам, үйдү кулатам, отту чачам... Бирок ошондой болсо да, жерге жаңы чыккан көк чөпкө эч алым жетпеди. Канчалык каарданып соксом да, ал былк этип койбойт. Ошондуктан көк чөп күчтүү го. Анда көк чөп сөзгө келген экен:

–Менде эч кандай деле күч жок. Калың кой каптаганда чымчылап, мүлжүп жеп, туягы менен тепсеп, таза айламды кетирет. Жо-жок, баарынан да кой күчтүү.

Анда кой байкуш минтип маараган экен:

– Ма-а! менде балээнин күчүбү? Көк карышкыр жолукса, куйругумду бир апчып сугунуп, кекиртегимди чарт жулуп, анан баса калып жей баштабайбы! Дүйнөдө карышкырдан өтөр эч балбан жок!

Силер эч нерсени билбейт турбайсыңарбы! – деп уулуду анда көк карышкыр. Баарынан киши күчтүү! Ал кыргоолду кылтактайт, музду бузат, жааанды болсо эч тоотпойт, жерди тыткылап айдайт, токойду тыптыйпыл кыркат, өрттү, шамалды өз пайдасына жумшайт, чөптү чаап алат, койду союп жейт, мендей карышкыр эмес, илбирс, жолборстун жанын чыгарып жок кылат. Мына ошондуктан дүйнөдө баарынан киши күчтүү!..

## ТАБЫШМАК

Бир байдын эбегейсиз чоң көк букасы болуптур. Анын чоңдугун ушундан бил, башынан куйругуна чейинки аралык атчан кишиге эки күндүк жол экен. Күндөрдүн бир күнүндө дагы бир зор бүркүт келип, алиги буканы илип кетип, асман тиреген даракка конуп буканы жей баштайт. Көрсө, бул дарак эмес эле оттоп жүргөн текенин мүйүзү экен. Текенин сакалынын көлөкөсүндө бир койчу уктап жаткан. Бир кезде көк буканын бир далысы үзүлүп кетип, уктап жаткан койчунун көзүнө түшүп кетет. Ойгонуп, көзүнүн кычыгынан алиги далына алып, ыргытып жиберет.

Аңгыча нөшөрлөгөн жамгыр жаайт. Көк буканын далысы бөгөт болуп калган жерге мелмилдеген көл пайда болот. Көлдүн жээгине ары-бери көчүп-конгондор өргүшүп, мал-жанын сугарып, балык уулашат. Бир топ мезгил өтүп, көлдү тегеректей айыл түшөт.

Түлкү жойлоп баратып, мурдуна эттин жыты келип, алиги далыны таап, сүйрөп кетет.

Айыл эли түлкүнү кууп жөнөйт. Мергендер аткылап, түлкүнү өлтүрүшөт. Түлкү аябай чоң болгондуктан, терисинин бар капталын сыйрып, түп көтөрө келишсе да экинчи капталына оодара албай коюшат. Мынча адамдарга тумакка түлкүнүн бир жак каптал териси эле жетмек. Ээн талаада бир аял баласын көтөрүп баратып, өлүп жаткан түлкүнү көрүп, аны оодарып, бир капталындагы терисин сыйрыса, ал тери жаңы туулган баласына топулукка араң жетет.

Ушерден мындай бир суроо туулат: булардын ичинен кимиси чоң? Көк букабы, бүркүтпү, кой-

чубу, түлкүбү, аялбы же жаңы төрөлгөн балабы? Кана, кимиңер айтасыңар.

## ТӨӨ ЖЫЛЫ

Бул окуя адам баласы жылдыздарга, жан-жаныбарларга, тоолорго, дарыяларга адеп ат койгон байыркы заманда болгон экен. Ар бир жылдын, мезгилдин өзүнчө өзгөчөлүгү бар экенин адамдар ошол кезде эле байкайт. Бир жылы жерден баш көтөрбөй иштеп, мыкты түшүм алса, кийинки жылда аскалардын, зоокалардын боорлоруна сүрөт тартып, ыракатка батат. Дагы бир жылы канчалык эмгектенсе да акыбет кайтпай, түшүмү начар болуп калат. Кээде жамгыр жаабай, кээде кара нөшөр жууп кетип, кээ бир мезгилде эгини жайкалып турганда добул күбүп кетет.

Анан адамдар бир нерсени байкашат: ар бир жыл өзүнчө болгону менен он эки жыл мезгили өткөндөн кийин кандайдыр бир окшоштуктары сезилет. Ошентип, ар бир жылга өзүнчө ат берип, он эки жыл мезгилин «мүчөл» деп аташат.

Ошол кезде эле адам баласы далай айбандарды үйрөтүп, үй жандыктары бакма болуп калган. Анан ошол айбандардын жүрүш-туруштарына, мүнөздөрүнө жараша атап, ар бирине ат ыйгарат. Жылдарды да жандыктардын аттары менен атап алат. Эң жакшы, тынч жылды кой деп атап, эң кыйын, оор жылды ит дейт.

Бара-бара жылдын бардыгы ысымдуу болот. Алар: Коён, Балык, Жылан, Жылкы, Кой, Маймыл, Тоок, Ит, Доңуз, Төө, Уй жана Жолборс.

Ушул тартип менен жылдар бирин бири алмаштырчу. Бирок жыл кимисинен башталып, кайсынысы мүчөл болот? Мына ушул маселени чечүү керек эле.

Жолборс жырткычтардын ичинен эң күчтүүсү, териси да баалуу. Кой болсо адам баласына кийим үчүн жүн берет, жегенине этин берет. Уйдун да пайдасы аябагандай көп. Төөнүн кызматын ченеп болбойт, жүнү эле эмне деген байлык! Ат, эшек көтөрө албаган жүктөрдү төө чым этип койбой көтөрүп, каалаган жериңе жеткирип берет. Кимисин жыл башына коёрун билбей адам желкесин кашып, акыл калчап ойлонуп отурду.

Акырында Жаныбарлардын бардыгын чакырып:

– Силердин бардыгыңар мен үчүн кымбатсыңар. Кимиңерди жыл башына коёрумду билбей отурам. Өзүңөр айтып, өзүңөр чечип бергиле, – деди.

Жаныбарлар ары сүрүштү бери сүрүштү, көпкө талашып-тартышты, бирок бир чечимге келе албады. Ар кими өзүн мактап отуруп алышты. Акырында адам:

– Минтип талаша берсек маселе чечилбейт экен. Күндүн чыгып келатканын ким биринчи көрсө, жыл башына ошонун атын берели, буга кандай дейсиңер? – деди.

Бул сунуш баарына жакты. Жаныбарлар түнү бийик дөбөгө чыгып, күн чыгышты тикирейе карап турушту. Силер келбей койсоңор деле болмок деп төө тигилерди улам шылдыңдап коёт. Баарыңардан менин боюм бийик, күндү мен биринчи көрөм. Андан калса, адамга эң керектүү жандыкмын, эч кимиңер чөлдө мендей чыдай албайсыңар. Мен көтөргөн жүктү артса ат ордунан тура албай калат. Менин чуудама койдун жүнү жетмек кайда, чендеп

да койбойт. Төө ошентип баардыгын шылдыңдап, бир кезде жолборско да: сен бадалдын түбүнө жашынып жатып алып, ары-бери өткөндөргө кабыласың, адамга кылча да пайдаң тийбейт деп тийишип өттү. Төө бардыгынын жинине тийди, бирок бири да кайрып сөз айтпады. Бардыгы акыйып, тиктегендери күн эле. Таң жарылганына бир топ болуп калды.

Бир кезде:

– Күн! Күн чыкты! Күндү көрдүм! – деген чыйылдаган үн угулду.

Менден мурда күндү көргөн кимиси болуп кетти деп төө ийри мойнун буруп карап калды. Ал жердеги жандыктардын бардыгы бул чыйылдаган үн кимдики болду дешип бурулуп калышты. Аңгыча тоо артынан күн чыгып, туш-тушка нурларын жиберип, табият таттуу уйкусунан ойгонду. Алиги үн чыккан жакты караша, төөнүн өркөчүнө томуктай чычкан конуп отурган экен.

Төө жини келгенден буркан-шаркан түшүп, үстүндөгү мытаам чычканды силкип салмакчы болду. Чычкан болсо төөнүн өркөч жүнүнө жармашып, бекем кармап алыптыр. Төө жерге оонап, чычканды былчыйта басып салайын деди эле, ал шоп этип секирип түшүп, ийининин оозунан башын чыгарып, акылсыз төөнү шылдыңдап турду.

Ошентип, төө жыл санагына кирбей калды, ал эми мүчөл санак болсо жыл башы чычкандан баштап эсептелип келет.

Азыр деле бирөөлөр боюн көтөрүп, менменсиген түр көрсөтсө кыргыздар:

– Ушу сен төө жылында төрөлгөн эмес белең? – деп сурап калышат.

Жыл аттары ыйгарылган бул окуя илгери-илгери атам заманда өтсө да ал болумушка айланып, муундан-муунга берилип, ушул күнгө чейин айтылып келатат. Мындан ары да айтыла бермекчи.

## КИМ КҮЧТҮҮ

Жомок деген жомок да,
Жомокто баары болот да.
Кыргоолдору кызыл экен,
Куйрук жүнү узун экен.
Жалтыр музга шартылдап,
Талтая тарта конуптур.
Чаты айрылып калыптыр.
Кыйшая жатып кыргоол куш,
Музга суроо салыптыр:

– Муз, муз, сен эмнеден улам күчтүүсүң?

– Мен күчтүү болсом, боорумду жамгырга тештирбес элем.

– Жамгыр, жамгыр, сен кандайча күчтүүсүң?

– Мен күчтүү болсом, жер жутуп алар беле.

– Жер, жер, сен кандайча күчтүүсүң?

– Мен күчтүү болсом, көк чөпкө боорумду жардырбас элем.

– Көк чөп, көк чөп, сен кандайча күчтүүсүң?

– Мен күчтүү бөлсөм, көк токтуга мойнумдан жулдурбас элем.

– Көк токту, көк токту, сен кандайча күчтүүсүң?

– Мен күчтүү болсом, көк серекке куйругумду жулдурбас элем.

– Көк серек, көк серек, сен кандайча күчтүүсүң?

– Мен күчтүү болсом, көк мылтыкка куйругумду ойдурбас элем.

– Көк мылтык, көк мылтык, сен кандайча күчтүүсүң?

– Мен күчтүү болсом, чолок чычканга милтемди кемиртпес элем.

– Чычкан, чычкан, сен кандайча күчтүүсүң?

– Мен күчтүү болсом, кумурсканы ийниме киргизбес элем.

– Кумурска, кумурска, сен кандайча күчтүүсүң?

– Алты батман арпаны аркалаган өзүммүн, жети батман жүгүңдү желкелеген өзүммүн! – деген экен.

## ЖЫЛ ТАЛАШУУ

Бир замандарда жаныбарлар жылдын башы болууну талашып калышат. Ошондо жылкы айтыптыр:

– Мен алысты жакын кылам. Күчүм да бар, сүтүмдү да ичишет. Жал куйругумдан аркан эшет. Адамга менден өткөн пайдалуу жаныбар жок. Ошондуктан жылдын башы мен болом!

Сен адамдардын жумушун кылсаң бекер кылбайсың, арпа-буудайды, чөбүн жейсиң. Мына мен сен көтөрө албас жүктү көтөрүп, бир нече айлык жол басам, ач болдум деп арпа, сулу сурабаймын. Оозума тийгенди жеп, табылса суу ичип, табылбаса бир нече ай суу ичпестен кете берем. Жыл башы болуу мага ылайык,– деди төө. Мындан кийин уй сөз улады.

Адамдар эгин эксе, менсиз экпейт, сүтүмдү ичет, курут-май жыйнайт, жыл башы болуу мага ылайык,– деди.

Эми кой сүйлөдү:

– Мен болбосом, элдер үйүн эмне менен жабат эле? Кементай жасап, шырдак кийизди кайдан алат эле? Сүтүм курут-май. Чарбага менден пайдалуу кимиң бар?

Итке кезек жетти.

– Мен болбосом, көбүңөрдү уурдап, карышкыр жеп кетмек. Мен силерге душман келатса үрүп, абалап кабар берем,– деди.

Тоок сөз алды.

– Мен болбосом, эртелеп ойготпосом, адамдар ишине барбай, уктап калышат. Мен таңында туруп кабар берип кыйкырам. Кечинде жатар мезгилди кабарлайм, – деди.

Чычкан эмне айтаарын билбей, көпкө ойлоп турду да жыйылган элге айтты:

– Бул талаштан эч нерсе чыкпайт. Андан көрө күндү карап туралык, аны ким мурун көрсө, ошол жыл башы болсун,– деди. Башкалары карап калышты. Төө өзүнүн чоңдугуна ишенип: «менден мурум ким көрмөк эле» – деп, чычканды коштоду. Бир аздан кийин чычкан төөнүн жонуна жорголоп чыгып, өркөчүнө барып отуруп алды. Көпчүлүк бирбири менен: биринчи мен көрөм, мен көрөм болуп талашып жатышты. Бир кезде төөнүн өркөчүндө отургап чычканды көрүшүп, унчукпай калышат.

Күндү биринчи болуп чычкан көрөт да, элге кабарлайт. Ошентип ал жыл башы болот. Боюна ишенген төө жылга кирбей калыптыр.

## СУЛАЙМАН ПАДЫША ЖАНА БАЙГЫЗ

Сулайман падыша аялдарынын бирин айрыкча жакшы көрүп, ал эмне айтса аткарчу экен. Бир күнү ошол аялы Сулайманга кайрылып:

– Мага сенин амириңдеги куштардын сөөгүнөн сарай салдырып бер,– дептир.

Мындан кийин падыша карчыганы чакырып алып буйрук берди:

– Дүйнө жүзүндөгү куштардын бири калбай келсин.

Ошентип карчыга куштардын баарын бирин койбой жыйнайт. Бир гана байгыз деген кичинекей куш келбей калыптыр. Падыша буга аябай ачуусу келип «Байгызды тирүү болсо тирүү, өлүү болсо өлүгүн алып кел» – деп карчыганы кайра жумшайт. Карчыга барып падышанын буйругун айтат, ошондо байгыз мындай жооп бериптир:

– Падыша мени эмнеге чакырат, мен бир кичинекей чымчыкмын, бирок акылым көп,– дейт. Карчыга ага айтат:

– Барбасаң өлтүрүп, өлүгүңдү алып барам, – дейт. Амалы жок, байгыз карчыганы ээрчип, падышага келет. Сулайман падыша ачууланып:

– Мурда чакырганда эмне үчүн келген жоксуң? – деп сурайт.

– Үйдө олтуруп ой ойлодум, – дейт байгыз.

– Өзүң кичинекей куш болсоң, үйдө олтуруп эмне деген ой ойлодуң? – дейт.

– Ээ, урматтуу падышам, бул дүйнөдө өлүк көппү, тирик көппү деп санап жаттым эле,– дейт байгыз жооп берип. Падыша кайра сурайт:

– Кимиси көп экен?

– Өлүктүн бирөө көп экен.

Анда падыша айтты:

– Жок, менин оюмча, тирүүлөр көп,– деди.

Анда байгыз:

– Мен санаганда уктап калгандарды да өлүккө коштум, ойгоо жүрүп, кудайга кулчулук кылбаган-

дарды уйкучу деп эсептейм, ошондуктан өлүк көп болуп чыкты,– деди.

Мындай амал менен кутула албайсың, муну сенсиз да китептен окугам. Эгер дагы бирдеме айтып өзүңдү куткарбасаң, сени карчыгага жегиземин,– деди падыша каардана.

Датым бар, падышам, мен дагы бир жолу эсептеп көрсөм, эркектен ургаачынын бири ашык экен, – деди байгыз.

– Эмне деп турасың, эркектин көптүгүн ар ким билет, бирок сен кантип санадың? – деди падыша.

– Датым бар, мен эсептегенде аялдын тилин алып, айтканын кылган эркекти ургаачыларга коштум, ошондуктан ургаачылардын бири ашык чыкты,– деди. Ошондо Сулайман ойлонуп калып айтты дейт:

– Сеники туура, байгыз, сенин оюңду билдим. Мен аялымдын тилин алып, жазыгы жок силердин сөөгүңөрдөн ага сарай салып берүүнү ойлогон элем,– дейт да, карчыгага буйрук кылыптыр.

– Куштарды эркине коё бер. Бирок алар ажалдан алып калган байгызга алкыш айтууну унутушпасын,– дептир.

Карчыга падышанын айтканын аткарат. Ошентип кичинекей байгыз куштардан алкыш алыптыр.

## ЖАРГАНАТ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Күндөрдүн биринде Сулайман пайгамбар куштардын бардыгын жыйнап алып мындай деди дейт: «Мен картайдым, жатууга жумшак төшөк болбосо болбой алды. Төшөк жасатайын, баарыңар бир-бир тал жүнүңөрдөн бергиле».

Ошондо дүйнөдөгү куштар Сулайман пайгамбарга бир-бир талдан жүн беришкен экен. Бир гана жарганат: «Сулайман падышага кантип эле бир тал жүн берели» – дейт да өзүнүн тыбыт жүндөрүнүн баарын жулуп бериптир. Сулайман бар жүнүн алып: «Куштардын алды бол» – деп батасын берди. Анан ойлоно калып: «жылаңач эмени куштар шылдыңдап күлбөсүн» – дейт да: «Сен куштар менен адам көрбөй турган учурда, түнкүсүн учасын» – дептир. Ошондон бери ал түнкүсүн учуп калган экен.

## КАРГА МЕНЕН ТҮЛКҮ

Дауддун уулу Сулайман пайгамбар жер жүзүндөгү жаныбарлар менен куштардын тилин билчү экен. Бир жолу буларды айтыптыр: Ала карга бир кесим эт тиштеп алып, бактын башында отурат. Бактын түбүндө эттин жытын алып, түлкү турат. Түлкүнүн ой пикиринин баары этти алып жеште, бирок карга бийик жерге отуруп алып, көздү акыйтат. Кандай болсо да, этти алып жешке үмүттөнгөн түлкү амал издей баштады, ал куйругун булактатып, оңкобош атып, ары-бери оонап, кыңшылап күлүп, даракты айлана чуркап жүрдү да, акырында карганы мактап кирди:

– Тумшугу куду бүркүттүкү, көкүрөгүн кара, ак куунукундай, канат-куйругу шумкардыкынан калышпайт, көздөрүң көөдөй кара, басканың кадим эле кара каздыкындай, ал эми мүчөңдүн келишимдүүсүчү... Кудайга ыраазымын, сени ушунчалык сулуу кылып жаратып койгон. Сенин үнүңдү укпаганыма гана өкүнөм.

– Мына ушундай мактоодон кийин ала карганын башы айланды, үн катпай тура албады, күчүнүн барынча, «ка-арк» этти эле оозундагы эти жерге түшүп кетти. Аны түлкү дароо жеп алды.

– Иши орундалган соң түлкү андан ары жөнөдү. Карга болсо анын артынан кыйкырды:

– Түлкү, ээй, түлкү! Сенин укмуштай сонун сөздөрүн мага жагып калды, дагы бир кайталап койчу!

– Ачканын акылы болбойт, ал курсагын гана ойлойт. Сенин оозуңдагы этти көрүп акыл-эсимди жоготуп, жөндөн жөн эле сени мактай берипмин. Ал мактоолор сага жарашпайт, – деди түлкү, анан жолуна түштү.

– Азыркы кезде мындай: адам сөөлөтү жок киши (карга сыяктуу) байлыкка ээ болсо, анын акмактыгын билип туруп эле, ар дайым мактоого алышат. Айрым адамдар (түлкүгө окшогондор) бирөөлөрдүн мейман достугун көрүп жатканда, үй ээсине кошомат кылып жүгүнүшөт.

## КАРГА БАЛАСЫН «АППАГЫМ» ДЕЙТ, КИРПИ БАЛАСЫН «ЖУМШАГЫМ» ДЕЙТ

Он сегиз миң ааламдын падышасы Сулайман пайгамбар кирпи менен карганы чакырып алып, буйрук берет:

– Карга! Жакшылап ук! Жер жүзүн аралап, эң мыкты сайрай турган куш таап келип, капаска салып, үйдүн төрүнө илип кой. Ал таң атканда мени ойготуп сайрагандай болсун!

Анан кирпиге айтты:

– Сен кирпи! Жер жүзүн тинтип, бир жумшак нерсе таап келип менин жаздыгымдын үстүнө кой!

Куш сайрап, мен ойгонуп, аны карай бергенде ошол жумшак нерсе бетиме тийгендей болсун! – деди.

Ошентип карга түн бою жер жүзүн аралап ар түркүн куштардын сайраганын укту. Бирок алардын баары буга жаккан жок. Анын оюнча булбул менен сандагач баштаган куштар жакшы сайрай албайт. Канча аракет кылды, бирок мыкты сайраган кушту таппай көп убара болду; «Эми мен өлдүм» – деп кайгыга батты. Эмнеси болсо да, балдарымды көрүп, коштошуп кетейин деп уясына келди. Энесин көргөн балапандар ооздорун ачып каркылдай кетишет. Бул үндөр карганын кулагына ушундай жагымдуу, назик угулат. Булбул менен сандагачтар буларга жетмек кайда! Байкуш карга буга жетине албай, балдарын алып келди да, Сулайман айткан капаска салып койду.

Эмки сөз кирпиден болсун. Ал бечера да түн бою баспаган жери, ашпаган бели калган жок. Бирок жумшак нерсени таппады. Акыры чаалыгып чарчаган кирпи үйүнө келди. Жүдөгөн энесин көргөн балдары анын алдынан тосуп чыгышты. Энеси балдары менен кучакташып көрүштү. Ага балдарынын денеси ушунчалык жылуу сезилди. Анан: «Жер жүзүндө менин балдарымдын денесиндей жумшак нерсе болбос» – деди да балдарын алып келип, Сулайман пайгамбардын жаздыгынын үстүнө таштады.

Таң атып, карганын балдары тамак сурап каркылдай баштады. Сулайман пайгамбар «бул эмне» деп капаска карай бергенде бетине тикенектер кирип кетти. Жакшылап карап, жаздыкта кирпинин балдары, капаста карганын балдары отурганын көрдү.

Сулайман пайгамбар ачууланып, карга менен кирпини чакыртты да, булардын башын алууга буйрук берди. Күнөөкөр болгон кирпи менен карга дат айтууну сураныштьі. Пайгамбар макул болду. Ошондо кирпи менен карга өздөрүнүн кылганын, оюн айтып беришти. Пайгамбар «Ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө, оттон ысык, балдан таттуу» – деген ушул экен го деп ойлонуп калды.

Анан кирпи менен карганы эркиндикке коё берген экен.

## КОЁНДУН КУЛАГЫ НЕГЕ УЗУН?

Бир жылы катуу кыш болуп, көкүрөгүнө ыш толуп, деңиздин орто жеринде чакан аралда коён сыркоолоп жатты. Анын кармаганы жалгыз бөжөк. Анын болсо эси жок анда-санда секирип оор абалда жаткан энесине карабай ойноп кетет. Бул кабар аларга жакын эле жашаган кошунасы аюуга жетет. Аюунун ачуусу келет, көңүлдү бөжөккө бөлөт. Бир күнү чыгынып кошунасын көрүүгө аттанып чыгат. Келсе коён онтоп жатат. Күйбөгөн отундан анын үйү түтүн, эмеректери болсо чачылган бүтүн.

– Коёнжан кандайсың, жакшысыңбы?

– Бул ким?

– Мен эле аюумун. Ден соолугуңду билейин деп эле кирип калдым.

– Кандайымды сурайсың. Билем менин көңүлүмдү улайсың, жаманмын мен. Ичээр суум түгөнүп, өлөөрүмө аз калды. Бул оору мени соо койбосун билем. Бир нерсени ойлоп эле аябай жабыркап, капа болуп жүрөм. Жалгыз бөжөгүм, аябай жакшы

көрөмүн. Аман-эсен чоңойсо убайын көрөм дечү элем. Ал тилек орундалбай калды. Көр турат мага белен. Жыргалчылыкты кайдан көрөм?

– Аны уктум, көп капа болбо. Келе берет ар нерселер ойго. Бөжөктү издеп табам. Тарбиялап тез жолго салам. Апасы ооруп жатса ушинтип жүргөн жарабайт. Капырай кандай бала апасын карабайт. Мен барайын бөжөктү издеп табайын, – деп аюу чыгып кетет.

Анда-санда секирип, бат эле бөжөктөр ойноп жүргөн жерге келет.

– Ай, бери кел? – аюу четте турган кара бөжөктү көрөт. Көңүлдү аябай ага бөлөт.

– Менби, мен сизди таанybaйм.

– Сен таанybaсаң мен тааныйм. Энең ооруп жатса, ажал деген жалаңкыч жалгыз энеңди тооруп жатса. Сен эмнеге ойнойсуң, эмне үчүн энеңдин жанында болбойсуң. Аюу Бөжөктүн тикчийген кош кулагын тутамдап кармап жогору көтөрүп алды.

– Оо-ии-и! Кулагым, коё бериңиз? Кулагым!.. Коё бериңиз дейм?! Кулагым...

– Кулагым деп коёт. Керек болсо кулагыңды жуламын. Байка Бөжөгүм. Мен сенин маңдайыңда турамын. Тааныдыңбы эми мени?

– Бир жерден көргөнсүйм. Бирок, кайдан экенин билбейм. Эми мен тиги бөжөктөрдүн тилине кирбейм. Апамды багам, ага жылуулап төшөк салам. Коё бериңизчи? Кулагым үзүлөт. Мен араң турамын. Мындан кийин сиздин тилди угамын. Кулагым!.. Коё бериңизчи?! Кулагым!.. Кандайсыз, деги коё бериңизчи мени?..

– Коё бербейм.

– Эмдигинден кийин сиз чакырсаңыз келбейм.

– Көзүң кызарганча, кулагың узарганча кармап турам. Сен кандай дейсиң буган. Эгерде мындан кийин энеңе карабай турган болсоң, сени кармап алып урам.

– Ушинтип турсаңыз кантип акыл келсин, оор абалда турган бөжөк кантип жооп берсин.

– Макул коё берем, эртең ушул жерге келем. Кокустан көрүп калсам таарынба. Качууга камынба. Кармап алам, тетиги сууну көрдүңбү? Керек болсо сууга чумутуп салам.

– Андай кылбайм, айтканыңды тыңдайм.

– Анда сени урбайм.

– Макул мен кеттим. – энемдин жанынан жылбайм. Мындан кийин бейбаштык кылбайм. Энем айыгып кетсе андан соң ойнойм, жыргайм.

– Мына, эми акылыңа келдиң. Мен сага колумду бердим, жөнө энең сени күтүп жатат. Бөжөк андасанда бир секирип үйүнө келди.

... Күндөр өттү. Аюу угуп калды. «Бөжөк энесин карабайт, жада калса чачын тарабайт» деген баягыдай жаман кепти. Мурдагыдан бетер ачуусу келди. Тээп алды катуу жерди. Мына эми, аюу бекем курчанды белди да Бөжөктү көздөй жөнөп берди. Баягы жерде экен деп келсе жок. Ал арылап басты. Бир оокумда аюуну көргөн бир топ бөжөктөр бет алды ачты. Заматта эле безеленген бөжөктөр жерге кирип кеткенсип, айлана жым-жырт тарткансып көрүнбөй калды. Аюу акырын басып, бир чоң карагайдын түбүнө барды. Эки сакты карап, кеберсиген ээрдин жалап, карагайдын далдоосуна олтурду. Бир оокумда шыңкылдаган бөжөктөрдүн үнү угулду. Аюуга баягы тааныш бөжөктүн үнү туюлду. Ал эми, буюрса колума түшөсүң деп аюу камданып

турду. Кайсы жагынан кармайын дегендей көңүлдү ошол жакка бурду. Бөжөктөр эч шектенбей келе беришти. Мына, алар чоң бакка жакындап келишти. Аюу аларга көрүнбөйүн дегендей бакты акырын айланды. Бөжөктөр мурдагыдан бетер жакындады, ичинен бирөөсү аябай бакылдады. Дагы бирөөсү өз оюн бербей талашты, такылдады. Мына ушинтип жатканда, асманда айланып учкан бүркүттү көрүштү азга аңырайып ал жакка көңүл бөлүштү. Учурдан пайдаланып аюу качырып кирди. Четте турган бөжөк аюунун колуна тийди.

– Ой, байке сиз кайдан? Бөжөктү калтырак басты. Бирок, анысын билгизбестен серпип койду кашты.

– Тааныдың го мени.

– Таанıбайм, коё бериңизчи, шашпай сүйлөшөлү эми.

– Жок, эми такыр коё бербейм сени. Мурдагысындай эле аюу бөжөктүн эки кулагын бириктирип кармады. Бөжөк канчалык жалынса да анын тилин албады.

– Кулагымы коё бериңиз? Кулагым! – деп Бөжөк адатынча бакыра берди. Көптөн кийин барып аюу сөзгө келди.

– Сага эмне эненин кереги жокпу?

– Керек, керек эмей. Энеден артык эмне бар.

– Анан эмне бакпайсың. Аны дайыма жалгыз таштайсың.

– Мен жаңы эле чыктым.

– Жаныңды жебе мен сени карабайт деп уктум.

– Ишениңиз мага.

– Ишенбейм сага. Сен ишеничтен калдың. Дагы айтам, азыр тезинен энеңе баргын.

– Барайын, энемди багайын.

– Айткан сөзүң жалган, эси жок айбан. Энеме барам дейт, коё берсем качып кетесиң, сени табам кайдан? Азыр сени эки кулагыңдан байлап кетем талга. Энеңе өзүм барам да кайнатып берем жарма. Коюңуз антпеңиз. Мен эми калп айтпайм.

– Жок, мең айткан сөзүмөн кайтпайм. Аюу кичине жипти тапты. Бөжөктү чаңыртып кулагынан байлап ары жактагы бутагы көп жапан талга карай басты. Үн чыгарбастан бөжөктү талдын бутагына салаңдатып байлап салды, анан анын энесине барды. Коён жаткан бөлмөгө кирди. Анын жаны кыйналып, аябай алдастап жатканын билди. Ал-ахыбалын сурап, колунан келген жардамын берди, андан соң өз үйүнө келди. Бөжөк болсо чаңырып бакта көпкө асылып турду. Чарчады, кыйналганбы көзүн жумду. Чочуп кетип чаңырды. Анын чаңырган үнүн уктубу, ары жактан чурулдап бөжөктөр келди. Байланган бөжөктү көрө коюшуп, жипти чечип жардам берди. Бөжөк жерде сулк жатып калды. Берки бөжөктөр коркуп кетишти. Аюуга бат эле жетишти. Чурулдап-чуркурап жатышып, аюуну эшикке чыгарды. Бир бөжөк:

– Кандай боору таш, акмак айбансың, кара бөжөк эси ооп жатат. Мүмкүн…

– Сөзүңөргө ишенбейм. Керек болсо силерди кишендейм.

– Ишенбесеңиз жүрүңүз.

– Мен билем ал тирүү. Жүргүлө.

Аюу бөжөктөр менен баягы жерге бат эле келди. Келсе бөжөк жок. Көздөрү алайып, келген бөжөктөр коркуп кетишти. Аюу болсо бөжөктүн үйүнө кеткенин билди. Жөндөн-жөнү жок эле ал каткырып күлдү.

– Мына, бөжөктөрүм кара бөжөктөй болбой силер да үй-жайга карамдуу болгула, үйдөгү иштердин баарын тындырып иштеп, бүтүрүп койгула. Энеси ооруп жатса, эси жок бала ойноктугун кара. Эгерде силер ушундай ойноок болсоңор кара бөжөктөй талдын бутагына ар бириңди байлап коём. Эгерде андан аша турган болсоңор көзүңөрдү оём, каныңарга тоём. Муну билсин айта баргыла ар бир коён. Билип койгула аюунун ачуусу жаман кача албайсыңар, эми баягыдай жөнү жок эле кача да, эркин баса да албайсыңар. Кандай болсо да таап алам. Керек болсо кара бөжөктөй баарыңарды жолго салам. Анан таарынбагыла мага. Бири-бирибизге арыздашпайлы болбоско жана.

Ошентип, аюу аралдан коёндордун баарын коркутуп алыптыр. Ойноокторун болсо кара бөжөктөй кылып, талга кулагынан бирден байлап салыптыр. Ошондон кийин коёндордун кулактары болсо узун болуп калыптыр.

## КҮН, АЙ ЖАНА КОРОЗ

Илгери, илгери күн, ай, короз – үчөө асманда чогуу жашашчу экен. Эң улуусу күн, кенжеси короз.

Бир күнү күн мурункусундай эле жумушуна кетет да, ай менен короз үйдө калат. Кечинде ай корозду чайнекти алып келе калчы деп жумшайт. Короз кежирленип, аябай чарчап турам, керек болсо өзүң эле алып ал, – деп моюн толгоп коёт. Ошондо айдын ачуусу аябай келип, тил албаган инисин таажычасынан кармап, жерге ыргытып жибериптир. Кечинде күн үйүнө келип, короздун

жоктугун көрүп, айдан такып сурап киргенде ал күнгө болгон окуяны айтып берет.

Ошондо күндүн ачуусу келип:

– Эгер сен, жалгыздыкты жакшы көрсөң, мен да сени менен чогуу жашабайм! Бүгүндөн тартып, түнкүсүн асманды өзүң кайтарасың, а мен болсом ишке күндүз гана чыгамын. Короз инибиз эми бизге кайрылып келбейт. Сен аны түбөлүк келгис кылып кууган экенсиң, деп таарынып кетип калат. Ай болсо өзүнүн кылмышына аябай уялып кала берет.

Ошондон баштап, ушул күнгө чейин үч бир туугандын жашоосу үч башка болуп калган экен. Ар күнү таң атып, күн чыккан кезде, короз дароо ойгонуп: Ку-ку-ку– куу! Ку-ка-ре-куу – деп кыйкырат. Бул болсо короздун:

– Күн байке, мен мындамын. Мен мындамын, мени алып кет – дегени экен. Ал эми кечкиргенде жашынганча шашат. Анткени, качандыр бир кезде өзүн катуу сабап, таарынтып койгон агасы ай менен жолугушкусу келбейт. Ошентип үч бир тууган ошол күндөн ушул күнгө дейре бир-бирине жолугушалбай жүрөт имиш.

## НАРГӨЗ КЫЗ, КУМАЙ КҮЧҮК ЖАНА МЫЁО МЫШЫК

Көлөкөсү күнчүлүк жерге түшүп туруучу байтерек асманды тирегендей өтө бийик эле. Ал айланасындагы калың токойдон окчунураак, өзөндүн жээгиндеги жарга жакын жалгыз өсүп турар эле.

Анын калың жалбырактарынын арасында күнгө чагылышып, алтындай жаркырап, кээде кызгылт, кээде көгүлтүр тартып кулпурган чок гүлдөрү бар:

асыл акак, бермет, шуру, жакут сыяктуу асыл таштардан жүздүктөлгөндөй көздү эрксиз тартып, жайнап турат.

Бул жаркырап жанып турган асыл гүлдөр ушул элдин кыздарынын жаны экенин Наргөздүн чоң энеси гана билчү:

– Кыздардын жаны ар түрлүү асыл гүл болуп, бийик байтеректин башына уялайт. Күздүн күнү үзүлүп түшкөн сары жалбырак бактысыздыкка дуушар болгон, акыры алып тынар ооруга чалдыккан кыздын жаны. Бир кыз бактысыздыкка дуушар болсо, анын гүлү солуй баштайт. Бир гүл солуй баштаса бир кыз бактысыздыкка учураганы. Бул экөө бир сөз, балам...

Эркектердин жаны жылдыз болуп асманда турат, балам, – дейт Наргөздүн чоң энеси. – Кочкорбай менен Текебайдын жылдызы каршы десе, ал экөөнүн араз болгону. Ал экөө араз болсо, экөөнүн жылдыздары да бири-бирине каршы келип калганы. Бул экөө да бир сөз...

Байтерекке жакын конгон айылдардын жаштары анын жанында ойношот. Кечке маал улан-кыздардын баары ушул жерде. Кыздар байтеректин кылда башында жайнап турган гүлдөргө кызыгышат. Ал асыл гүлдөр өздөрүнүн жаны экенин биле турган Наргөздүн чоң энесинен башка алардын чоң энелери жок.

Гүлдөр кыздардын жаны болгон соң, албетте, кол жетпес бийикте өсөт. Байтерекке чыгууга да болбойт: колго илинээр бутагы да жок, таман тийээр одур-будур кабыгы да жок, сып-сыйда.

Бир кезде бул байтерек да жаш көчөт эле. Ошол көчөт кезинде анын жаш бутактарын козу-улактар устарадай курч тиштери менен кырчып жеди. Анан

аны кой-эчки, ири малдар да кажый баштады. Болочок байтерек төбөсүндө калган бутактарын коргоп, тезирээк өсүүгө ашыкты. Анын бутактарынын суйдаң тартып калганы ошондон го…

Жаш жигиттер ошондой өтө бийикте жаркыраган гүлдөрдү кыздарга гана бергилери келишет. Биринин ийнине бири чыгып, өйдө карай өрмөлөшөт. Бирок, сыйгаланып төмөн карай кулай беришет.

– Мен жигит болсом, байтеректин башындагы жылдызды жулуп алмакмын! – деди Наргөз.

– Кантип, Наргөз, чын айтасыңбы? Адегенде бизге бирден гүл алып берчи…

Ал гүлдөр кыздардын жаны экенин билип турса да, эң болбосо көзү менен көрүп, колу менен кармап көрүүгө Наргөздүн өзү да кызыгып кетти. Кызыкпаса кыз болор беле ал?!

– Мага алты бакан куруп берсеңер, мен барыңарга гүл алып келип беремин! – деди Наргөз.

– Жарайт!

– Куруп беребиз, куруп беребиз.

– Бийик болсук! – деди Наргөз.

Кыз-уландар жан жабыла алты бакан кура баштады. «Шайтан түртүп калбаса, чайың төгүлбөйт» – дегендей, ушул алты-бакандан бир шойкондуу иш болорун эч ким билген жок… Баары кубанып, шатыра-шатман.

Наргөздүн Кумай деген карала күчүгү, Мыёо деген, өзү аппак, көздөрү капкара бала мышыгы бар эле. Ошол Кумай күчүк бала мышык Мыёону кууп келе жатыптыр. Күчүк оозун ачып жакындап калыптыр. Мыёо бир секирип, байтерекке чыга качты. Кумай күчүк ыза болуп байтеректи айлана чуркап, арсылдап үрдү. Мыёо куйругун буландатып, көздө-

рүн кылмыйтып, Кумайды бир азга мазактады да, жогору чыгып кетти. Гүлдөргө жетти. Чет жактагы бир гүлдү аягы менен козгой бергенде, негедир бир нерседен үрөйү учкандай, Наргөздүн көкүрөгүнө ыргып түштү. Көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй.

Эми Кумай Наргөздү айлана жүгүрүп, үстүнө асылып:

– Мыёону коё бер, кубалаймын, – деди чыдабай, күйүп-бышып.

– Наргөз күчүгү менен мышыгын эки жагына отургузуп, аларды ыктымакка көндүрүү менен алек болду.

– Кумай, сен чоң эмессиңби, Мыёо болсо мыйтымдай, неге сен ага көп тийишесиң? – деди Наргөз.

– Аны менен ойногум келет, – деди Кумай.

– Ойногондо оозун ачып кууп жөнөйбү? – деди Мыёо.

– Эмне үчүн сен мен сага жакындап калганда «Пыс-с! – деп үрпөйө каласың? Мен үрпөйгөндү жек көрөм!

– Сен оозуңду ачып: «Ауф!» деп кууп жөнөгөндү мен жакшы көрөт деп ойлойсуңбу?

– А мен деген карышкырды капшыра тиштей турган Кумаймын!– Жонун дүгдүйтүп, көрдүңбү?

Мыёо коркуп кетип, Наргөздүн кучагына кире качты да:

– Сен да муну көрүп кой! – деп, өткүр тырмактарын Кумайдын көзүнө карай сермеп калды. Кумай да коркуп, артына серпилип кетти.

– Коркок! – деди Мыёо.

– Өзүңчү? Жалгыз жатуудан коркуп, жатарда мыёолоп, жанына алып жатар кишини издеп жүргөн сенби же менби?

– Байтеректин башына сен чыктыңбы, мен чыктымбы?

– Чыкканың кайсы, коркуп качып түшкөн соң!

– Мен көргөндү сен көрсөң, ошол жерде өлүп калар элең!

– Анчалык ал эмне экен?

– Мен кайдан билейин!..

– Мына, сенде мээ жок!

– Сенин мээң ачып кеткен... «Ойнойлу», – дейсиң да, анан кууп жөнөйсүң.

– Талашыңарды койгулачы, айланайындарым! Экөөңөр тең акылдуу, адептүүсүңөр го. Мыёожан болсо татынакай, мамыктай аппак!

– Мен анын мамыктай экенин тишим менен байкагым келет.

– Мен сенин мурдуңду тырмагым менен байкагым келет.

– Койгулачы. Кумайжан акылдуу. Эми антпейт.

– Уктуңбу? – деди Кумай.

– Акылдуу жакшыбы, сулуу жакшыбы? – деди Мыёо.

– Экөөң тең акылдуусуңар, сулуусуңар талашыңарды койгула, – деди Наргөз.

– А менин күчүм артык эмеспи?

– Сенин күчүң артык болсо, менин тырмагым андан артык.

– Мыёожан, Кумайжан, экөөңөр тең менин сөзүмө кулак салгыла. Кумайжан, сен Мыёожанга ага бол. А сен, Мыёожан, Кумайжанга карындаш бол! Ошондо бириңин күчүң менен тишиң, бириңин тырмагың экөөңө тең орток болот. Жарайбы?

– Анда мен сени жанымдай жакшы көрөмүн, Кумайжан!

– Мен сени жанымдан да артык жакшы көрөмүн анда, Мыёожан! Ошол кезде жаштардын кыйкырган үнү угулду:

– Алтыбакан курулуп бүттү!

– Алтыбакан, алтыбакан!

Наргөз бир кыз менен бетме-бет отуруп, бир-эки жолу термелип көрүп, жактырган жок. Жапыс экен.

– Алтыбаканды бийиктетип, аркандарын узарткыла. Аркан серпилгенде менин колум тиги байтеректин башындагы гүлдөргө жетчүдөй болсун! – деди Наргөз.

Алтыбакан бийиктеди, аркандары узартылды. Наргөз бир кыз менен алтыбаканга кайра минди. Эки кыз обон салып, улам көкөлөп селкинчек тепти.

Наргөз байтеректин башындагы гүлгө алтыбакан аркандарынын серпини менен барып жетмекчи болду... Бир нече жолу колу жетер жетпес болуп, акырында, эң четки гүлгө тие бергенде, Наргөздүн аябай коркуп кыйкырганы угулду. Жанындагы кыз жерге кулап түштү.

Суу периси көкжал Көкөн байтеректин калың жалбырактарынын арасында кырк күндөн бери аңдып турган эле. Наргөздү көтөрүп алды да, сууга секирип түшүп, сүзүп кетти. Көкөндүн узун кара көк жалы толкун менен кошо толкуп, бирге эшилип барат.

– Наргөз, Наргөз... – Жаштар байтеректин жанына чуркап келишип өзөндүн боюндагы жардын башына токтошту. – Наргөз, Наргөз!

Көкжал Көкөндүн кулач урганынан суунун бетинде тоодой толкундар пайда болду. Ошол толкундардын кыр аркасында анда-санда бир көрүнө калып Наргөз да кетип барат...

Кумай күчүк борсулдап үрүп, айласы түгөнгөндөй Мыёого карады. Ал Мыёонун көзүнөн: «Коркпо!» дегенди туюнду. Кумай өзөнгө күп этип секирип түшкөндө, Мыёо да секирип келип анын аркасына жабышты.

– Мойнуман бекем кучактап ал! – деди Кумай. Бирок тырмагыңды оолак карма!

– Өзүң да оозуңа ээ болгун! – деди Мыёо, Кумайдын мойнунан кучактай берип.

Наргөздү жонуна көтөргөн Көкөн да, Мыёону жонуна көтөргөн Кумай да бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй калып, узай берди.

Көп өтпөй көкжал Көкөн караанын үздү. Артында жапырылып калып жаткан ак толкундардын да изи өчтү. Бирок Кумай да илгери карай сүзө берди. Мыёого коркунуч кирди:

– Кумай ага, мен корко баштадым. Биз адаштык белем. Алдыбызда түк эч нерсе көрүнбөйт ко! – деди.

– Коркпо, Мыёожан. Менин мурдум барда биз адашпайбыз.

– Ой, мурдуңан айланайын!

– Мен Наргөз эжемдин жытын искеп келатамын. Көкжал Көкөндүн жыты жаман. Алар алдыбызда. Тиги бийик тоодон ары кете албас!

– Алдыбызда тоо барбы?

– Бар. Тоону көрө албайсыңбы?

– Түндө болсо көрмөкмүн.

– Сенин ийнедей өткүр тырмактарыңан башка деги эмнең бар?

– Кумай агам бар!

– Ой, тырмактарыңан айланайын!

Агын суу артка карай серпилип, Кумай менен Мыёо алга карай кете берди. Тоо да жакындады. Тоо

дарыянын ортосунан көтөрүлгөн бийик экен. Кумай сүзүп жүрүп, тоону үч жолу айланып чыкты да:

– Наргөздүн жыты да, көкжал Көкөндүн жыты да ушул тоодо! – деди.

Көкөн эми өзү да тоодой болуп жоонoюп, лөкүйүп үңкүрүнө келди. Үңкүрдүн бир бурчунда Наргөз сулк жаткан болчу.

– Мына, сага керектүү тамак. Төрт айлык токту. Же да, уктай бер. Сен тамак жебесең да өлбөйсүң. Сенин жаның мына, оозумда! Тааныбай турасыңбы? Бул сенин жаның! – деди Наргөзгө жаркыраган асыл гүлдү көрсөтүп.

– Тааныймын, – деди Наргөз араң-араң.

– Мен сени кырк күн аңдыдым. Мен сени небак эле алып кетмекмин, бирок сенин жаның кайсы гүлдө экенин биле албай жүрдүм. Алтыбаканда сенин колуң өзүңдүн гүлүңө тийип кетти. Мен жулуп алдым да, оозума салдым… Сенин жаныңды өзүң менен кошо алып кетпесем, сен өлүп калмаксың… Мага өлгөн кыздын кереги не. Эми сен тамак жеп, тоюп алып, уктай бер.

Көкжал Көкөн кырк күн ойгоо жүрүп, кырк күн уктачу. Ойгоо жүрүүчү күндөрүнүн бүгүн эң соңку күнү экени анын эсинде жок эле, кандай кулап түшкөнүн өзү да билбей калды. Кулады, кор этти, кырк күн бою ойгоно албай турган уйкуга кетти.

Наргөз кантээрин биле албай ыйлап отурганда, бала мышык Мыёо шып этип кирип келди. Келди да, быр-быр эркелеп кыздын мойнуна оролду. «Алтын эжем, күн эжем, от эжем» дегендей түрү бар…

Кумай да келип Наргөздүн аягына жата кетти.

Наргөз кыз, Кумай күчүк, Мыёо мышык аябай кубангандыктан, эмне кылуу керектигин ойлоого

да чамасы жетпей, сууга секирип түшүп, айылды көздөй сүзүп жөнөштү.

– Мыёожан: «Пыс-с», – дебесе, мен үрбөйт болчумун, – деди Кумай.

– Мен сени үрсүн деп «пыс-с» этиптирминби? – деди Мыёо.

– Буга чейин сен ар дайым мага «пыс-с» этип жүрдүң го! Ошондон улам мага жаман адат болуп калса керек, мен сенден мурдумду коргоп: «Ауф», – деп калдым.

– Экөөңөр урушуп калдыңарбы? – деп сурады Наргөз.

– Ал мага «Оозуң жаман», – деген...

– Сен мага: «Тоону да көрбөгөн сокурсуң» – дегенсиң! Калп деп көрчү, кана!

– Сенин мага: «Оозуң жаман», – дегениң калппы?

– Болду, токтоткула! Алтын гүл эми өгүз баканын курсагында го?

– Ооба...

– Ошонун курсагында!

– Андан кантип алабыз, ошону ойлонолу... Мына бул көккө боюн созгон узун көк чөптү көрдүңөрбү?

– Ооба, көрдүк, көрдүк.

– Ушул чөптү көк тасма дейт. Мындан чепкен токууга да болот, тор токууга да болот. Ушул көк тасманы экөөңөр бир үймөк кылып жыйнап бере аласыңарбы?

– Жыйнап бере алабыз.

– Бере алабыз!

– Анда мен ошол көк тасмадан тор токуп, өзөндү бөгөп таштар элем.

Кумай менен Мыёо жүгүрүп кетишти, Наргөз билегин түрүнүп алып, тор токуй турган шаймандарын камдоого киришти.

Көк тасма чөп үйүлүп кетти. Наргөз тор токуй баштады. Анын тор токуган чебер колдору түк тынбады. Токулган тор узарып, үймөк чөп азайып баратты.

– Болду, – деди Наргөз.

Чарчаган Кумай менен Мыёо бирине-бири сүйөнүп жата кетишти.

Өгүз бака Наргөздүн тушунан карап өтүп баратат.

– Тургула! – деди Наргөз. – Тордун бир четин аркы жээкке алып барып, бекем байлап келгиле!

Кумай сууда сүзүп баратат. Аркасында Мыёо. Мыёонун мойнунда чөп аркан менен сүйрөтүп бара жаткан узун тор.

Өгүз бака кайра кайтканда жолуна тор тосулуп калган эле. Наргөз, Кумай, Мыёо – үчөө бирге. Өгүз бака өмүрүндө көрбөгөн торго кабыргасы менен урунганда, кан шорголоп, суунун бетин кызартып ийди.

Кумай үрүп добуш чыгарды эле, өгүз бака жээкке жакындап келип жалына баштады:

– Эмне кааласаңар, ошону эки эсе берейин. Торуңарды жыйнап алсаңар, – деди.

– Жарайт, желмогуз! Курсагыңда жүргөн алтын гүлдү мага алып бер. Анан торумду чыйнап алам деди, – Наргөз.

Күчүк менен мышык да көздөрү менен ошону ишаарат этишти. Желмогуз бака алдыңкы бутун оозуна салып, алтын гүлдү жээкке ыргытып ийди. Убада боюнча тор да аркы жээкке карай жыйналып, желмогуз бака да өзүнүн жайына кетти.

Өздөрү сүзүп келген өзөндү бойлоп жүрүп отуруп, Наргөз күчүгү менен мышыгын ээрчитип айылга да жетти... Кыз-уландар алигиче алты ба-

кандын жанында экен. Алиге чейин: «Наргөз!» деп кыйкырып турушуптур. Наргөз менен алты бакан тепкен кыз да алигиче сулк жаткан экен...

Наргөз алтын гүлдү сулк жаткан кыздын көкүрөгүнө коёр замат, кыз көзүн ачты да, күлүп жиберди. Наргөз экөө алты баканга кайра минди. Баягыда үзүлүп кеткен обон кайрадан канат какты.

## ЭМНЕ ҮЧҮН КАРЫШКЫР ИТКЕ ӨЧ?

Бирөөнүн колун карабаган, буурсун менен жер чийип, өз оокатын кылган, колунда болсо сураганын эч кимден аябаган Дандыбай аттуу жоомарт дыйкан жашаптыр. Анын жумган колун ачпаган, өңгөлөр үчүн казан аспаган, өзү да бирөөлөрдүн эшигин аттабаган зыкым зайыбы бар эле.

Алардын ити да бар. Аты – Мойнок. Дыйкандын аялы анын курсагын тойгузбай, жугундуну да ыраа көрбөй кээде төгүп салат. Ошентип, Мойнок оозуна сөөк тийсе тийип, тийбесе жок арыктап өлөйүн дейт.

Күндөрдүн биринде ал курсагын тойгузмакчы болуп токойго жөнөдү. Токойду кыдырып жүрүп карышкырга жолугуп калды. Беттешкен эле жерде карышкыр итти жемекчи болду. Бирок тишке тиер эти жок, арык экенин көрүп:

– Ой ит, сен эмне үчүн арыксың? – дейт.

– Оозума жугунду да тийбесе кантип арык болбойм. Дыйкандын аялы зыкым, жада калса жугундуну да ыраа көрбөй төгүп салат. Ошентип, мен байкуш ач калам. Үйдөн кардым тойсо бул жакка келмек белем, сенделип, – деди Мойнок чын сырын айтып.

–Абалың начар экен, – деди карышкыр тигиге жаны ачып, – бир амал табуу керек, экөөлөп ойлонсок аны табабыз.

– Кана эмес, ойлонолу, – деди Мойнок кубана.

Бир топтон кийин карышкыр айтты: Таптым! Мындай кылалы!

– Кандай? – деди Мойнок чебелене.

– Сен жакшылап ук, – деди да карышкыр буларды айтты. – Күндөгүсүндөй эле дыйкандын аялы эртең буудай оруугa жөнөйт. Жалгыз уулун көтөрө барат да, буудайдын четиндеги чоң арыктын боюна көлөкө жасап, ошол жерге уктатып коёт. Сен да ээрчип бар. Дыйкандын аялы буудай оруп жаткан кезде мен барам да, баланы көтөрө качам. Сен арсылдап үрүп менин артымдан жөнө. Кез-кезде тумшугуң менен жер сайып жыгылып кал да кайра туруп менин артымдан түш. Мен токойго жетип, баланы таштайм, сен аны көтөрүп келип дыйкандын аялына бересиң. Ошондон кийин сен ага жагасың да курсагың оокатка тоюп, жыргап каласың!

Мойнок ушул акылга макул болду да үйүнө жөнөдү. Таң атты. Жан-жаныбарлар өз тиричилигине кирішти. Дыйкандын аялы да баласын аркасына көтөрүп, орокко жөнөдү. Буудайдын башына келип, арыктын боюна көлөкө жасап, баласын жаткырды. Анан эки этегин белине кыстарып алып, буудай оруугa киришти.

Мойнок да ээрчип келип, баланын жанында жаткан эле. Бир кезде карышкыр келди да, баланын ороосунан тиштеп алып, токойду аралап жөнөдү. Мойнок авалап үрүп, анын артынан түштү. Ал карышкырга жетип-жетпей баратты. Аны көргөндө

дыйкандын аялы улам-улам кыйкырып, итине дем берип алардын артынан жөнөдү. «Эгер жакшылап тамак бергенимде, Мойногум карышкырды бая эле баса калмак экен» деп ойлоп жиберди.

Карышкыр токойго жете бербей баланы таштап өзү ары кетти. Мойнок баланы көтөрүп алып, артта келаткан дыйкандын аялынын алдынан чыкты. Баласы аман экенин көргөндө итине аябай ыраазы болду.

Мына ушундан кийин Мойнокту ач кылган жок. Өзү эмне ичсе, итине да ошондон берип жүрдү. Мойноктун жүнү жылтылдап, аябай семирди. Бирок, ал карышкырдын жакшылыгын унуткан жок. Колдон келсе аны жакшылап бир сыйлашка үмүттөнүп жүрдү.

Күндөрдүн биринде, орок орулуп бүтүп, эгинди басып, кызылын кампага куюп алгандан кийин, дыйкан кызын күйөөгө бермек болду. Мына ал күн да келди, мал союлду. Казанда эт кайнап, дасторкондо не түркүн тамак-аш, шарап жайнап турду. Мойнок да карап турган жок. Карышкыр досун сыйлоонун аракетинде болду. Аны токойдон чакырып келип, сарайга киргизип койду да, колуна тийгенин карышкырга алып келип берип жатты. Какең шарап да ичти. Бир кезде мас болуп алып, сарайдан чыкты да, эл арасына барды. Мас карышкырды көрүп ар кимиси кабыргага тепкилеп, эсин эки кылды. Мына өлө турган болгондо ал качып кутулду.

Ушул окуядан кийин карышкыр итке катуу таарынып калды. «Ак ниетим менен ажалдан алып калдым эле. Эми минтип чакырып алып, кабыргамды сындыртты. Шашпа, сенден өч алам», – деди да ит менен кармашууга камдана баштады.

Карышкыр өзүнө жолдош чогултмак болуп, токойду аралап жүрдү. Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү, аны билген киши жок, бир күндөрү ал аксайган-саксайган аюуга жолукту. Карышкыр салам айтты. Аюу алик алды да, андан сурады.

– Кайда жөнөдүң, Каке?

– Итке! – деди карышкыр.

– Эмнеге?

– Аны менен кармашам. Мага кошул, – деди карышкыр. Аюу эки анжы болгон жок.

– Макул, – деди.

Карышкыр менен аюу ээрчишип алып, андан ары жөнөштү.

Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү, ким билсин, бир мезгилде экөөнүн алдынан Кашкулак жолукту. Ал эдирээ токтой калып, сурады:

– Силер кайда жөнөдүңөр?

– Итке барабыз! – деп жооп берди карышкыр.

– Чакырдыбы? – деп сурады Кашкулак.

– Жок, аны менен кармашабыз. Сен бизге кошулбайсыңбы? Эгер жеңип чыксак олжо аласың? – деди Карышкыр. Кашкулак бул сөздү укканда сүйүнүп кетти да:

– Мен да барам, – деп тигил экөөнүн артынан түштү. Ошентип, Карышкыр алдында, андан кийин Аюу, анын артынан томолонуп-жумалынып Кашкулак келе жатты.

Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү ким билсин, бир суу кечкенден кийин, алардын алдынан карп-курп коён жолукту. Коркуп кеткен коён бир секирип барып жолдун четине токтоду. Карышкырдын кол салбасына көзү жеткенден кийин минтип сурады:

– Кайда баратасыңар, Кашаба?!

– Итке барабыз,– деди Карышкыр.

– Чакырыптырбы, мени да ээрчитип албайсыңарбы?

– Ал чакырган жок. Биз аны менен кармашууга баратабыз. Коркпосоң бизге кошул, – деди Карышкыр.

– Силер менен жүрсөм коркпойм, – деди ал. Коён тигилердин артынан түштү.

Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү аны билген киши жок. Токойдон чыга бергенде алдыларынан кызыл түлкү чыкты. Ал колун куушуруп, Карышкырга таазим кыла сурады:

– Кайда жөнөдүңөр, Каке?!

– Ит менен согушабыз, айлакер элең, Түке. Ушундайда бир ишке жарап бербейсиңби?! – деди Карышкыр.

– Сенин сөзүңдү эки кылчу мен белем, Каке! Казысы карыш бээлерди жара тартып, казы менен картага бөлгөнүңдү кантип унутайын, Каке! Мойнокко алдыра койбоспуз! – деди да түлкү тигилердин алдына түшүп жол баштады.

Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү анысын ким билди. Карышкыр, Аюу, Кашкулак, Коён, Түлкү – бешөө Мойноктун айлына жакын келип, анын жолун тосуп жатышты. Карышкырдын мунусун Мойнок билген эмес. Ал Карышкырдын айыл четине келгенин көрдү. Мышык менен Корозду ээрчитип алып Карышкырга жөнөдү.

Карышкырдын жолдошторунун ар кимиси кол салышка ылайык жер тандап алышкан: Аюу иттин колун алыстан көрүп билмекчи болуп, даракка чыгып алды. Карышкыр үйүлгөн чөптүн алдына кирип алды, куйругу сыртка чыгып калды. Түлкү топ куурайдын ичине кирди. Карышкыр коктунун

кырында калды. Коён болсо эки кулагын тикчийтип, артта кароолдо турду.

Мойнок эки жолдошу менен карышкыр жаткан үймөк чөптүн түбүнө келгенде, Какең коркуп кеттиби, ким билсин, куйругун кыймылдатып алды. «Чычкан экен» деди да Мышык куйрукту баса калганда, «куйруктан алып ыргытмак болгон экен» – деп Карышкыр ордунан тура жөнөдү. Анын Карышкыр экенин көрүп кеткен Мышык бакка чыга качты. «Мунусу мага келаткан экен» деп коркуп кеткен Аюу жерге кулап түшүп жан берди. Аюудан коркуп кеткен Короз кыйкырып жиберди. «Мунусу аскерин чакырып жаткан экен» – дешти да, тигил жакта турган Түлкү, Кашкулак, Коён токойду карай жарыша жөнөштү.

Ит, Мышык, Короз өлүмдөн аман калгандарына сүйүнүштү, Аюунун терисин сыйрып алып, талпак кылды.

Мына ушул окуядан кийин Ит менен Карышкыр бир-бирине кас болуп калышкан экен.

## БОТОЙ

Илгери, илгери Карамоймол аттуу инген жашаптыр деген кеп бар. Инген ботосун торолтуп, бойтоңдотуп ээрчитип жүргөндө, капилеттен ботосу өлүп калат. Ошондо ал:

Көбүргөндүү көк ойго,
Көлбөтпөдүм ботойду.
Сарымсактуу сары ойго
Сандатпадым ботоюм.

Жардын башын кыдыртып,
Ээрчитпедим ботойду.
Талдын башын сыдыртып
Жегизбедим ботойду.

Желинимди тирсийтип,
Эмизбедим ботойду
Калы килем жаптырып
Шурудан була тактырып,
Карачач келин, сулуу кыз

Коштотподум ботойду! – деп боздоп, көз жашын көлдөй төгүп, жоктогон экен. Көзүнөн буурчактаган жашты, желининен диркиреп аккан ууз сүттү, чарк айлана айласын таба албай турган ингенди Бокеш деген атактуу комузчу көрөт да, «чиркин, төөгө да бала кымбат турбайбы» деп ингенге боору ачып «Ботой» аттуу арман күүнү чыгарыптыр. Ал бат эле комузчудан комузчуга өтүп, элден элге тарайт. Анын угунда эл ичинде «Ботойдун» жаңы түрлөрү, түркүн кооз үлгүлөрү чыгарылып, салт күүлөргө айланат.

*(Алагушов Б.)*

## ЭМНЕ ҮЧҮН ТӨӨ ЧУЛУК КУЛАК

Кичинекей Абылгазы талаага керелден кечке жүрүп тоодой кылып тезек терип үйдү. Бирок кечке жуук асманды ала булут каптап, күн жаамак болду. Күндүн жаап келатканын көрүп, оттоп жүргөн төө Абылгазыга жардам бергени чуркады. «Күн жааса тезектин баарысы суу болуп, баланын эмгеги текке кетпейби» деп ойлоду ал.

Төө чуркап келатса, жолдун жээгиндеги көк шиберде узун кулагын шалпайтып, чымын-чиркейден коргонуп эшек жатыптыр.

– Эшек, жүргүн, балага барып терген тезегин үйүнө жеткизишип коёлу, – деди төө.

Эшек ордунан кыймылдабай жата берди.

– Эшек кулагың узун болгону менен укпайт окшойсуң? – деди төө үнүн жоонураак чыгарып.

Эшек баарын угуп эле жатты, бирок төөгө кошулуп барып балага жардам берүүдөн эринип, кайрадан кулагын бекемирээк кымтынып алды.

Анда төө «узун кулактуулар угушпаса керек» деп ойлоду. Бирок ошол замат өзүнүн да кулагы узун экенин көрүп:

– Ушу укпаган узун кулактан, уккан чулук кулак жакшы эмеспи! – деп, ачууланып, кулагын шарт жулуп ыргытып ийди.

Мына ошондон бери төө узун кулак күткүсү келбей, чулук бойдон жүрөт имиш.

## КОЁНДУН КУЛАГЫ КАНТИП УЗАРГАН

Илгери-илгери деле коён өзүнчө эмгектенип оокат кылбай Дыйкан атанын бакчасына кирип кардын тойгузуп жүрчү экен. Бир күнү Дыйкан ата аңдып туруп, сабизин жулуп жатканда кармап алыптыр.

– Айланып-садагаң кетейин, абаке, экинчи жолобойм. Мени урбай эле коё берсең. Ушул жерге жолосом өлөйүн. Жакындасам шыйрагымды сындырып сал, – деп көзүнүн жашын көлдөтүп жиберген соң коё бериптир.

Арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин Дыйкан ата басып баратса кырт-кырт эткен дабыш чыгат. Абайласа баягы бакыраң Көз коён буурчак жеп отурат. Аңдып туруп Дыйкан ата байкатпай шап кармап алат.

– Айланып-садагаң кетейин абаке, экинчи жолобойм. Мени дагы урбай эле коё берчи. Ушул жерге жолосом өлөйүн. Жакындасам шыйрагымды сындырып сал, – деп ботодой боздоп жиберди.

Дыйкан ата жумшармак турсун коёндун бул жоругуна кыжыры кайнап;

– Ой, алаң көз, сен өткөн жолу эле ушинтип жалынбадың беле? Же мобу мулуйган кулагың эч нерсе укпайбы? – деп чойгондо коёндун чый-пыйы чыгып, чыдай албай чыңырып жибериптир.

– Эми уктуңго? Дагы жолоочу болсоң жаныңдан үмүт этпе. Териңди сыйрып, уулума тумак жасатып беремин. Жогол азыр, – деп коё бергенде, анда мында бир тийип качып жөнөйт.

Ошондон кийин коёндун кулагы узарып адамдан өлөрдөй коркуп калыптыр. Азыр да талаадан же тоодон кокус адамды көрүп калса артын карабай зымырайт.

## ҮКҮНҮН ТУМШУГУ ЭМНЕ ҮЧҮН БҮТҮН

Илгери, илгери бир замандарда канаттуу куштардын падышасы бүркүт өзүнүн аялы сары-куш менен бирге жашап, канаттуу куш аттуунун үстүнөн бийлик жүргүзүп келген экен. Бүркүт канчалык каардуу бийлик жүргүзгөнү менен сары-куштун билермандыгы, ашынган тажаалдыгы, митайымдыгы, бирин экинчисине кайраштырган

ушакчылыгы менен бийлик жаатына келгенде бүркүттөн алда канча озуп кетчү экен.

Сары-куштун мындай терс кыялы жумуртка тууй турган мезгили жакындаганда ого берет ашынды. Бүркүткө кайрылып:

– Омурткамды оорутуп, кырк муунумду сыздатып жүрүп сенин келечек мурасчыңы денемде көтөрүп бактым, билсең. Ал падыша тукуму болгон соң өзгөчө шартта жарык дүйнөгө келүүсү керек.

– Ал кандай өзгөчө шарт экен? Келечек тукумум үчүн кандай гана шарт болбосун аны орундатууга даярмын. Кана айтчы, ал шартыңды угайын – дейт бүркүт падыша.

– Эскертип коёюн, шартымды аткарбасаң өзүңө жаман. Тукумуңдун падыша тукуму экенин сезсең, карамагыңдагы куш аттуунун баарын чакырт. Алардын тумшугунан көзөп, жип өткөрүп көгөндөйсүң. Канаттуу куш дегендин бири калбай келүүгө тийиш. Мен алардын жонунда, үлпүлдөгөн жумшак мамык жүнүнүн үстүндө жатып толгоомду өткөрүп, сенин тукумуңду ошол жерден жарык дүйнөгө алып келишим керек – деген талапты коёт сары-куш.

Бүркүт падыша сары-кушка берген убадасы боюнча жар чакыртып, өзүнүн хандыгына баш ийген канаттуунун баарысын чакыртат.

Бүркүт падышанын буйругунан корккон канаттуу куш атуунун баарысы падышанын алдына чогулушат. Бүркүт падыша келген кушту четинен кармап, тумшугун көзөп, жип өткөрүп көгөндөй баштайт.

Келген куштардын эсебинен алып түгөлдөп чыкса үкү жок. Муну укканда бүркүт падышадан, сары-куштун жаалы кармап:

– Бул эмне деген шумдук! Падышанын буйругун укпай, чакыртса келбеген неменин жердин түбүнөн, асмандын үстүнөн болсо да таап келгиле – деп жер тепкилеп чаңырып, чабагандарды туш-тушка чаптырууну талап кылат.

Туш тарапка чабагандарды чаптырып, канаттуу куш аттуунун баарын бей-жайга салып, каарын чачат сары-куш.

Арадан эки-үч күн өтүп, акыры үкү дагы келет үшкүрүнүп. Анын келишин чыдамсыздык менен күткөн бүркүт падыша менен сары-куш суракка ала баштайт:

– Кана жооп берчи, оңбогон сокур. Падышанын буйругун эки кылууга ким укук берди сага! Сенин кечиккениңден улам сары-куш тууй албай кыйналып жатат. Азыр башыңды алдырып, тарпыңды ташка жайдырайынбы!?

– Урматтуу падышам, күнөөм болсо кандай жаза колдонсоңуз башым менен тартайын. Менин да абалымды түшүнүңүз. Күндүзү көзүм көрбөйт, түнкүсүн учуп өлүү менен тирүүнүн, сынык менен бүтүндүн, эркек менен аялдын эсебин алганга үлгүрдүм, урматтуу падышам – дейт үкү.

– Анда айтчы, өлүү көппү же тирүү көппү бул дүйнөдө?

– Күн чыкканча уктаганды кошо эсептесек өлүү көп экен.

– Сынык менен бүтүндүн айырмасы канча экен? – деп экинчи суроосун узатты бүркүт.

– Тамыры менен бутагына доо кеткен жыгачты кошо эсептегенде сыныгы арбын экен бул турмуштун – деп жооп берет үкү.

– Эркек менен аялдын кимиси арбын экен, тайсалдабай түз жооп бергин – дейт бүркүт сөз төркүнү кайсы жакка бара жатканын сезип.

– Капа болбосоңуз ачык айтайын, падышам. Аялынан корккон сиздейди кошкондо аялдар көп экен бул жалганда – дейт үкү.

– Канаттуу куш аттуунун баарысы чогулган мындай чоң жыйында сөзгө сынган бүркүт падыша сары-кушка ачуусу келип, асманга атып чыгып аны тектөөргө алып тебе турган болгондо:

– Карр.. каррр... карр...гыш тийсин сага, оңбогон үкү. Карр... карр... – деп кара каргага айланып кеткен экен сары-куш.

Ошентсе да ал карганы карматып келип тумшугун көзөтүп, жип өткөргөн дешет эл оозунда. Чындыкты тартынбай айткандыгы үчүн үкүнүн тумшугуна тийбептир. Ишенбесеңер үкү кармап тумшугун карап көргүлөчү, анда башка куштардай көзөнөктүн тагы жок.

*(Өмүралиев Г.)*

## ЧОМОТОЙ САЯТЧЫ

Бир күнү кузгун Чомотой саятчыга келди, салам берип күнгөй-тескейден көргөн-билгенин айтып берип, көпкө аңгемелешти. Андан соң жашып ыйлап жиберди. Чомотой мурун шайыр отурган эле, муну көрүп, катуу чочуп кетти. «Эмне капаң бар, Куке, батыраак айтып жиберчи, менин колумдан келген иш болсо жардамдашайын, кимдир бирөөдөн ыза көрдүңбү, же байбичең көрүнбөй калыптыр, сыркообу?» «Жок» деди кузгун. Ар жылда алты балапандуу болобуз, чоңоюп темир канат болгондо

эле, уянын кырына чыгамын деп, биз жокто учуп өлүп калышат. Уяны зоого, жыгачка да салып көрдүк, эч пайда чыкпады, Чомоке. Бүгүн кемпирим кайтарып калды, кандай айла кылабыз? Быйыл да бирөөнөн ажырадык.

Чомотой саятчы кемпирин чакырып: «Байбиче, бир түрүм шоона ала келчи» деди. Кемпири алып келген шоонаны кузгунга берип: «Эси жок десе, ме муну менен уянын кырына эч жакка жетпес кылып бутуна байлап койгун» деди. Кузгун кубанып Чомотойдун акылына ыраазы болуп, алкыш айтып, шоонаны алып үйүнө жөнөдү. Келди да, балапандарын жалгыздан бутунан байлап уяга бекитип койду. Кайда барса да капарсыз учуп кете берүүчү болушту. Балапандар канатын күүлөп уча турган болгондо буттарын чечип учуруп чыгышты. Кузгуп кубанып: «Эми Чомотойдун акысынан кутулуу керек» деди, Алыскы Каухар-Төрдөн балдарынын баарына чүкөдөй каухар тиштетип келип Чомотойго беришти. Карыя да кубанды, балапандардын жонунан сылап эркелетти.

Мына ошондон кийин кузгун дайыма балапандарын аман-эсен учурат экен.

## ТООС НЕГЕ КУЙРУГУН ТҮРЛӨНТҮП АЧЫП, ЖАБА БЕРЕТ?

Силер балдар, тоосторду билесиңерби? Ооба, билесиңер, ал канаттуу куйругун көтөрүп, жазып жиберсе, ушундай бир кооз, көп түс кошулган кооздукту таң кала карайсыңар. Өзү уча албаганы менен канат сымал куйругу бир укмуш. Бир кезде ал деле короз сыяктуу койкойгон, куйругу не болсо

да бир калыптан жазбаган, түркүн түсү жок эле канаттуу болуптур.

Бир күнү жаныбарларга жана канаттууларга мындай кабар келиптир:

Жакын арада токойдун падышасы арстан өзүнүн жанында дайыма жүрө турган бир канаттууну тандайт экен. Анын куйругу узун, кооз жана желпигич сыяктуу болушу керек имиш. Муну уккан соң тоостун тынчы кетет. Канткенде узун, кооз, желпигич сыяктуу куйруктуу боломун дейт. Куйругун сазга да малат, сууга да малат. Бирок узун жана кооз болбойт. Акыры ошентип түйшүк тартып жүргөндө бир күнү эле балээ басып эки дарактын ортосуна кыпчылып калат. Ары тартат чыкпайт, бери тартат чыкпайт. Акыры эптеп денесин бошотуп атса куйругу чыкпай калат. Болбой эле тарткылай берет. Дал ошол учурда тоос тердеп-кургап бет маңдайын тиктесе дал эле бешенесинде Күн желеси Асан-Үсөн туруптур.

– Күн желеси мага жардам кылчы. Мени тартып койчу? – дейт ага жалынып. Күн желеси кызыл, жашыл, сары, кырмызы, пушту, көгүлтүр, дагы башка көп боёп алыптыр. Анан ал тоосту катуу тарткан экен, анын куйругу чоюлуп, Күн желесине жете түшүптүр.

Ошондон кийин аз эле күн өтүп-өтпөй токойдогу жаныбарлар арстан падышанын жанында жүргөн тоосту таанбай калышыптыр, бул бейиштен келген башка бир канаттуу болсо керек деп ойлошот. Тоос болсо Күн желеси бет маңдайга келсе куйругум дагы өссүн, дагы көп боёктор менен боёнсом экен деп куйругун бирде жуумп, бирде жазып калыптыр...

## ЖАМАНДЫК ЭМНЕДЕН КЕЛИП ЧЫГАТ?

Илгери бир адам токой ичинде жашаптыр. Андан эч бир жаныбар коркпой, аны менен адамча сүйлөшөт экен. Бир күндөрү баягы киши дарактын түбүнө келип жатса, куштардын баары жыйылып келип, ошол жерге түнөмөк болушат. Анан жаныбарлар менен куштар өз ара аңгеме куруп, бир биринен: «Бул дүйнөдө жамандык кандайча пайда болот?» – дешип сурашат.

Ошондо карга айтыптыр.

– Жамандыктын баары ачтыктан келип чыгат, курсагың ачып, жүрөгүң карайганда туш келгенге урунуп-беринип, эч кимдин сөзүн укпайсың. Ачарчылыктан биздин канча тууган-туушкандарыбыз өлдү. Ошондуктан ач болбостун камын ойлоо керек, – деди.

Көгүчкөн айтты:

– Менин билишимче, жаманчылык ачкачылыктан келип чыкпайт, бир-бирин сүйүшпөгөндүктөн болот. Эгер биз жалгыздан жашасак, анда эч ким менен ишибиз жок, бирок биз экиден жашайбыз. Өз жубайыңды жакшы көрсөң чыр-чатак жок. Анын курсагың ток кылып, киймин жакшылап кийгизүүнү ойлойсуң. Ал бир жакка учуп кетсе, кайра келгенче тынчың кетип жол карайсың. Келбей калса, издеймин деп жүрүп бир нерсеге урунуп өлөсүң. Ошондуктан жамандыктын баары бир-бирин сүйүшпөгөндүктөн келип чыгат, – деди.

Жылан сөз алды:

– Менимче жамандык ыза корлуктан келип чыгат. Эгер бири-бирибиз менен таттуу болсок, ызаланбас элек. Эгер бир нерсең көңүлдөгүдөй болбой

калса, ыза болосуң, ачууң келет. Ал эми ачуу келгенде эч кимди аябайсың, бирөөлөрдү чагып алсам деп сойлой бересиң. Анан аны чагасың, мындан кийин өзүңдү өлтүрөт. Ошентип менин билишимче жамандык ыза көрүүдөн келип чыгат, – деди.

Бугуга кезек жетти:

– Менин оюмча дүйнөдөгү жамандык корккондуктан болот. Эгер биз эч нерседен коркпосок, иштин баары өз жайында болор эле. Мен күлүкмүн, күчтүүмүн, кичинекей жаныбарларды мүйүзүм менен сүзүп жыгам, чоңдордон качып кутулам. Бирок бактын бутагы кычыраса, жалбырактар шуулдаса, ошондон элеңдеп качып жөнөйсүң. Качып баратып жардан алыс кетип учуп өлөсүң, же ит-кушка жем болосуң. Ошондуктан коркпош керек, баатыр болуу керек, – деди. Ошондо булардын сөзүн угуп отурган киши мындай деди:

– Ооба, баарыңар тең жамандыктын себебин туура айттыңар. Адам баласы, биз аны жакшы билебиз. Анткени биз жамандыкты да, жакшылыкты да көп кылабыз.

Ачкалык, сүйүшпөөчүлүк, ызакорлук, корккоктук – өз даражабызды сактоо үчүн керек. Бирок биз аны менен тиричилик кылбайбыз, баарыдан мурда жаныбыз менен тиричилик кылабыз. Эгерде биз өз даражабыз үчүн кызмат кылбай, бардыгы үчүн кызмат кылууну ойлосок, биз жамандыкка барбайт элек.

## ТОО МЕНЕН КАМГАК

Камгакты жел айдап, чоң тоонун этегине алып келип таштады. Аны көрүп турган тоо:

– Ээ, камгагым, эмне кылып бул жерде жатасың? – деп сурады.

Анда камгактын берип турган жообу:

– Алты батман жүк көтөргөн алп элем. Жети кабат жер астынан чыгып, алптардын алды деген атагыңды угуп, алышып көрөйүнчү деп, атайын издеп келдим, – деди.

Тоо мунун сөзүн угуп, мыйыгынан күлүп койду. Ушул учурда куюн жүрүп, камгакты дегдеңдетим айдап жөнөдү. Асманга чыкты, жарга урду, ой-кырды ашырды, акыры ээсин оодарып, кырда турган бир түп тобулгуга илип коюп кетип калды. Өңү бозоруп, эмне кыларын билбей томсоруп отурган камгакка бир бүркүт келип сурады:

– Ээ, камгагым, эмне кылып бул жерде жатасың?

– Алты батман жүк көтөргөн алп элем. Жети катар жер астынан чыгып, алптын алпы деген атагын угуп, алдымда жаткан тоо менен күч сынашып көрдүм алты күн алышып, жети күн дегенде жыгып, жерге басып жатам, – деди камгак. – Аның дурус экен, – деди бүркүт, – тобулгуга араң илинип калганың кандай?

– Анан кантем, – деди камгак, – башка ыңгайлуу жер болбогондон кийин, тобулгусун кармабаганда кантем.

Ушул кезде кайрадан куюн жүрүп, камгакты жана да айдап жөнөдү. Анда бүркүт:

– Ээ, баатыр, тоону таштап кайда барасың? Эми ордунан туруп кетпейби, – деди.

Эч нерсе эмес, бүркүтүм. Алдыда алыша турган алптар дагы көп. Ошолорго жетүүгө ашыгып жатам, – дешке гана чамасы келди камгактын. Куюн аны артын каратпай кубалап кетти.

Тоо менен бүркүт эмне десин, жылмая күлүп карап турушту.

## АЛА КУРТ

Жер үстүн жер-жемиш, пальмалар, фикустар, асман мелжиген экзотикалык флоралар текши каптаган байыркы бир заманда, асманда учкан канаттуу куштардан тартып, жерде жашоочу курт-кумурскаларга чейин өтө «ынтымактуу» турмушта жашашыптыр. Булардын үстүнөн бир гана «Сиз» падыша караган. Кийин-кийин гана жиктелип келип, канатуулар Севз деген падышага карап кетишет. Азыр деле айлана тынч болуп, канаттуулар менен жан-жаныбарлар көшүлүп ырахатка батып турушканда, бири-бири менен үн алышып, Сиз, Си-из, – деп созолонто сайрап, ырдашканын уга аласыңар.

Бирок, мунун бийлиги да көпкө созулбаптыр. Жерде, сууда, асманда жашоочулардын эң майдалары: Молюскалар, ала курт, кара курт, сөөл күрт, чаар курт деги койчу курт тукумундагылардын бардыгы акылдашууга, жыйынга отурушуптур.

«Ушул да теңчиликпи, – дешет алар. – Биз бир күндө баса турган жерди, Аюу, Жолборс, Илбирс, Арыстандар бир гана аттап коюшат. Биз бир жылда баса турган жерге, алар бир секирсе эле жетишет. Мындай болгондон кийин, биз жеген тамактан жешпесин! Болбосо биздей кичинекей болуп жаралышсын!..»

Алар ары дешип, бери дешип, бир пикирге келе алыкпай, табийгатка нааразы экендигин билдиришип, Кайрылуу кат кабыл алышат. Катты Сиз

падышага жеткирип келиш үчүн Ала Куртка тапшырышат.

Ал жүрүп отуруп, жүрүп отуруп күнгө талыкшыган жерде ак баракты жамынып уйкуга кетет. Уйкуда жатып түш көрүптүр. Түшүндө курттардын ичинен эң жаман бакетайы Кургурду Сиз падыша курттардын шаарына Хан дайындап, Ала Курттун колдорун артына кайрытып байлатып, түбүнө он миң жылда жете турган ор-зынданга таштатат. Ал уктап жатып ойлонуптур:

«Мен болгондо да Кургурду Хан кыла турган кагазды жеткирип бараткан турбаймынбы. Кой мунун даамын билейин,» – деп алиги катты көзүн ачпай уктап жатып четинен жей берип, бүт жеп алыптыр. Ойгонуп турса кагаздан дайын жок. Эми жан-жаныбарларга көрүнгүсү келбейт. Жүгүрүп качайын десе, семиздигинен буттары араң эле кыбырайт... Жанагы Кайрылуу Кат жазылган кагаз тез семиртүүчү драцен дарагынан жасалган болчу.

Жашынаар жер издеп эки жагын караса, көшүлүүп уйкуга кирген килейген Арыстан жатат. Акырын боору менен сойлоп жетип, чытырман токойдой болгон жылуу жүнүнүн арасына кирип алат. Бул жерде жата берип далай күндү өткөрөт.

Ачка болгондо жер жайнаган жер-жемиштен, бак-дарактын мөмөлөрүнөн барып жегиси келет. Бирок, ал жерден чыкса эле, Сиз падышага катты алып кеткен Ала Куртту көрүп калышмак да, баарылап кармап жазага тартышмак.

Ал акырын жанагы Кайрылуу Катты четинен жей берип, Арыстандын жүнүн бүт жеп алат. Арыстандын жүнү ушунчалык уядай жылуу, жумшак, аш болумдуу азык болгондуктан жүз миң санга

чейин тукумдап көбөйүп кетиптир. Чычаңы менен жонун чапкылап, моюн-башын кашынганда, сактаныш үчүн эртелеп качышып, ар бир даракка Ала Курттун бештен, ондон тукумдары жашынып калышат.

Жерде, сууда, асманда жашоочулардын бардыгынын азыгы, Жер Эненин берекелүү мөмөлөрү эле. Бирок, мөмөлөр баштагыдай таза эмес болчу. Ала Курттардын кыбыраган майда тукумдары аларга далдаланып жашынып жүрүшкөн. Буларды билишпеген жан-жаныбарлар, курт-кумурскалар четинен жей беришет.

Ошентип жер-жемиш менен кошо ар бир жандыктын ичине бирден-экиден Ала Курттар кирип кетет. Уйкусу канган дардагай Арыстан ойгонсо жонунда жүнү жок. Жылаңач калыптыр. Ызалангандыктан өкүрүп-бакырып, жер чапчылап, өз башын өзү койгулап, жолунда жолуккан чөп-чарды, дарактарды тамырынан өйдө чапчып жулуп, кыйсыпырын түшүрөт. Калган мышык тукумундагылар: жолборстор, илбирстер да, арыстандын артынан улкуп-жулкуп, Жер Эненин чаңын асманга сапырышат. Ушундан кийин асманга чаң уюлгуп көтөрүлүп, куюн пайда болуптур. Булар басып өткөн жерлерде эч нерсе калбай чөл талаа пайда болуп калыптыр. Булардан кем калышпай ит тукумундагы: карышкырлар, чөөлөр, кашкулактар улуп-уңшушуп, Жер Энени тытмалашат.

Себеби булардын ичине да жер-жемиш менен кошо ала курт кирип кеткен эле. Асмандагы канаттуу куштар да: каркылдап-куркулдап, шаң кылдап, чаңкылдап, өздөрүнчө кыйсыпыр түшүп жүрүшкөн.

Тигиндейде Адам Ата, Камбар Ата, Ойсул Ата, Чолпон Ата, Чычаң Атанын тукумдары жогорудагы жандыктардай кыйсыпыр түшүп, дарактарды жулкуп, Жер Энени тыткылашпаса да, көздөрүн уйку каптап, бири-бирине жакындап, жөлөнүп, жүндөрүнөн, татынакай үлпүлдөк тыбыттарынан тиштеп жей башташат.

Ушул убакта аларды арыстандардын тукумдары үйүрү менен тегеректеп тооруп келатышкан эле. Аны байкап калган кундуз миң кубулуп, буларды ойгогуш үчүн четкерээк жаткан Адам Атанын чычаңын жулуп кетиптир. Адам Ата катуу чочуп:

«Айт эле Айт!» – деп чаңырганда, жан бүткөндүн баары эстерине келишип, бири-биринен качып, уктаганы ойгонуп туш келген жакка безишет.

Ошондон тартып Адам Атага тил бүтүп, жаныбарды көргөндө: «Айт эле Айт! Ал эле Ал!» – деп айкырат экен.

Укумдан-тукумуна чейин, Адам Атанын чычаңын эч таштабай тиштеп жүргөн кундузду өлүү болсо да жогору баалап, адам ар дайым үлпүлдөгөн үкүнүн жүнүн кастарлап тагып, терисин төбөсүнө кийгени ошондон калыптыр.

## АРСТАН

Байыркы замандан бери жер бетин каптаган жер-жемиш менен баалуу бак-дарактар барган сайын каардуу, буулуккан Арстандан тып-тыйпыл кыйрап баратты. Жолборстор менен илбирстердин каардангаы бастап калган эле. Себеби, алардын жонундагы үлпүлдөк, кооз тыбыттуу жүндөрү эсен-соо болчу.

Ал кезде бүтүн дүйнө жүзүн туташ жер планетасы ээлеп жаткан. Майда булактарга, агын сууларга сан жетчү эмес. Бирок, терең мелмилдеген жайык дарыялар аз эле. Мелтиреген деңиздер менен учукыйырсыз океандар жок болчу.

Ошондуктан жинденген Арстан дүйнөнү чарк айланып, Жер Энени чапчып, бак-дарактарды жулуп өткөн жерлери чөл-талаага айланып калыптыр. Жер Эненин чаңы асманга сапырылып, кыйсыпыр түшүп, баштагы тынч турмуштарынан ажыраган жаныбарлар Сиз падышага капаланып арыз менен кайрылса, ал ойлонуп туруп, Акыл жана Эс деген эки пайгамбарын жибериптир.

Булардын колуна түшкөндөн кийин, адам тили булдурттабай түзүрөөк сүйлөп, Акылдан-акыл, Эстен-эс оошуп, болгон ишти толук түшүндүрүүгө жарап калыптыр. Ошентсе да кайгыдан мөгдөшүп Сиз падышага ал-ахыбалын жакшылап түшүндүрүш үчүн жол тартып калышат. Адам Ата Акыл менен Эске кайрылып:

– Биз узак сапарга баратабыз. Сапардан кайтып келгенче, Жылаңач Арыстандын тукумдары жер бетинен бак-дарактарды бүтүн жулуп, бизди азыктүлүктөн ажыратып жүрүшпөсүн, – дейт.

– Ал зөөкүр кайда?! Эсине келтирип коёюн дептир Эс.– Көрсөтчү мага!?

– Ал көзгө алыстан гана көрүнөт. Качып жүрөт...– деп Адам түшүндүрүптүр. Ошондо Эс атырылып жөнөптүр. Акыл Адамды качып кетпесин, – деп кайтарып калат. Акылга караганда Эс абдан күлүк болчу. Күлүктүгү боюнча дүнүйө жүзүндөгү Санаадан кийинки орунда турчу. Кубалап жеткен эле жандыкка атырылып:

– Арыстанды көрдүңөрбү, ыя?! – деп камчысы менен жонго тартып өтөт. – Сыраңдап кайда качасыңар?! Мен силерди эмес, акылсыз, эссиз, наадан, Арыстанды издеп жүрөмүн! Дүйнө жүзүн кыдырып, ар түрдүү жандыктарды көрөт. Далайынын жонуна ачуу камчысынын бүлдүргүсү тиет. Ошондон тартып ар бир жандыкта Акыл аз-аз Эс болуп калыптыр.

Өзүн издеп жүргөнүн укканда жылаңач арыстандардын башчысы, Ак баш арыстан ого бетер таманы жерге тийбей качат. Акыры өзүнүн кылган ишине өтө өкүнүптүр. Шагыраган кум менен таш каптаган чөл-талааларга баштагыдай банандар, пальмалар, фикустар, көк жашыл болуп, көйкөлүп өсмөк эмес. Өкүнгөн Арыстан, артындагы өзүнүн тукумдарына кайрылып:

– А-рр, а-арр ме-енин артымдан барбагыла, – деп кырылдаптыр. Ээрчибей калып калгыла?! Жонуңарга камчы тийгенде коркпогула! Асканын башындагы мени көрсөткүлө? Күнөөкөр менмин! – деп жолуна түшүптүр. Эс кубалап жетип, жонуна камчы чапкан Арыстандар:

– Биз эмес, – деп баары бир оздон жалынышат. Ошондо асканын башынан, оозунан жалын шыркырап: «Мен эле мен!» – дегендей айбаттуу:

– А-рр, а-аар, – деген үн чыгат. Бул жанагы качып жүргөн Ак баш арыстан болчу. Эс жетип эсине келтиргенче аскадан алыс кетип өлүптүр.

Эс кеткенден кийин, Адам менен Акыл жүрүп отурушуп, жүрүп отурушуп, бир токойдун ичине келип уктап калышат. Бул кезде Эс дүйнөнү кыдырып, жан-жаныбарларды кубалап жүргөн болчу. Тигилер көп жол басып, абдан чарчашкан

эле. Ошондуктан көп күнгө чейин ойгонбой уктап калышыптыр. Булардын Сиз падышага жол тартып бараткынын Ала Курттун тукумдарынын баары билишиптир.

– Ха-ха-ха-а, хи-хи-хии... Ой боорубуз ай! Баскыла тез?! Тез баралы да, алиги учуп өлгөн Жылаңач Арыстандай жылаңачтап жүнүнүн баарын жеп жиберели...

Булардын минтип убадалашканын уктап жатышкандар билбейт. Анткени, алар абдан катуу уйкуда болчу. Уктагандар ойгонуп турушканда, Адам Атанын жонундагы жылуу тондой болгон жүнү калбай калыптыр. Акылдын жей турган эчтемкеси жок эле.

Булар ары дешип, бери дешип, Акылдын башындагы акыл да жетпей отуруп калышыптыр. Себеби мындай ишти алар да, биринчи көрүп отурушпайбы. Эс буларга, Жылаңач Арыстандын аскадан учуп өлгөнүн угузат. Бул үчөө аңгемелешип отуруп:

– Жылаңач Арыстан да ушундай кайгылуу окуяга туш болгон... деген бир пикирге келишет. – Ушун үчүн аскадан учуп өлгөн экен да. Жан бүткөндүн баарын баккан Жер Эненин мөмө-жемиш, бак-дарагын ушул үчүн жулган экен да. Жинденген Арыстанга Акыл менен Эс кечигип жетишкен. Жок бир Адамдан башкага жетишкен эмес. Күлүктүгү ашынган Эстин камчысы гана кичинеден демдеп-домдоп, эс берип өткөн. Адам өзү кайгырып отурганда Акыл менен Эс:

– Сен барбай эле койгун? – дешиптир.– Сиз падышага айтаар жоопту өзүбүз билебиз дешет. Адамды алдап, соолап, олеан дарагынын жалбырагынан чапандай кылып байлаштырып, жонуна

жабышып: – Жонуңа жылуу да, жумшак да чапан кийдиң. Башыңа болсо бизден ooштубу же жокпу, айтоор, айла-амалың ашынган акыл-эстүү болдуң. Кош эмесе!.. – дешип жол тартып кетишиптир.

Адам алардын артынан карап отуруп, бейажал өлгөн Жылаңач Арыстанды эскерип, көзүнүн жашын агызыптыр. Токойлор менен тоолордун, талаалар менен чөлдөрдүн алдына жан салбаган Кара Кулак Шерин эстеп жүрүш үчүн, тобулгу менен табылгыдан, долоно менен четинден, шилби менен ыргайдан таяк кыйып, ага сүрөтүн түшүрүп, таянып, ай ааламды кыдырып кеткен экен.

Ошондон бери Адам Атанын тукумдары, Жылаңач Арыстанды эч унутпай, темирге да, ташка да, жыгачка да сүрөттөрүн тартат дешет.

## ҮЧ ДОС

Жакында Тянь-Шандын чер токойлорунун биринде бир кызыктуу окуя болду. Эшим менен Кубаныч дем алыш күнү карагат терүүгө тоого чыгышты. Токойдун этегинен карагат таппагандыктан чытырман токойду аралап жүрүп олтурушту. Бул жерде карагат көп эле, карагат биринен-бири көзгө жакшы көрүнгөндүктөн эки дос карагаттан-карагат тандап токойго тереңдеп кирип кетишти. Арадан далай убакыт өттү. Экөөнүн курсактары аябай тоюп, ала келген баштыктары да толуп, аягында чарчаган буттарын сунуп, көк шиберге жата кетишти. Айлана түнт токой, асмандан шоола көрүнбөйт.

– Биз адаштык! – Кубаныч ордунан тура калып, эки жагын элеңдей карады.

– Коркок! – Эшим аны мыскылдай күлдү. Ушул кичинекей токойдон кантип адашалы!

– Ооба сага, кичинекей токой турабы? Кыйынсынып жол таап, токойдон чыкканыңды көрөм го.

Айлана барган сайын караңгы боло баштады. Баятан бери компоюп олтурган Эшим да опколжуй түштү, бирок Кубанычка күлкү болбоюн деген ойдо сыр бергиси келген жок. Жарым саат жол жүрүштү.

– Чын эле адашыппыз. Бирок коркпо. Жол таппасак жатып алабыз.

– Жатып алабыз дейсиңби? Аюу, карышкырлар сени бешбармак кылып жешпейби? – Аюу, карышкырдын атын укканда Эшимдин көзү алая, чекесинен муздак тер чыга түштү.

– Деги күн чыгыш, күн батыш, түндүк-түштүк кайда? – деди калтыраган үн менен Эшим.

– Билбейм, билсем бая эле өзүм жол баштап бербейт белем!

– Эми сен жол башта?

– Сен башта!

– Сен!

– Коркок! – деп Кубаныч оң тарапты көздөй чукул бурулуп жол баштады. Арадан дагы жарым саат өттү. Айлана улам караңгылай берди. Эки дос эки жагын элең-элең карап, шырт эткен добуш чыкса бири-бирине ыкташа калышат. Мына алардын алдынан кишинин басканындай добуш угулду. Эшим менен Кубаныч чоң карагайга жабыша калышты.

«Мен коёнек, коёнек,
Сабизге кардым тоё элек.
Дос болом деп баратам,
Адамдан көңүл кала элек».

– Опэ-эй, ай, коёндун адамча сүйлөп жатканын кара! Шумдуук!? – деди Эшим.

– Акырын, ал жакындап калды...

«Мен коёнек, коёнек,

Сабизге кардым тоё элек»... Коён, ырын токтото калып, эки алдыңкы бутун көтөрө калып, узун кулагын тикчийтип эки жагын каранды.

Бул тегеректе балдар жүргөн көрүнөт деп ойлоду коён. Ал эки алдыңкы бутун оозуна калкалай коюп минтип кыйкырды:

– Ээ, достор! Адамдар, мен коёнмун, коркпогула! Мен силерге дос болоюн деп баратам...

– Сен үн сал, сен үн сал – дешип, карагайда жашынып турган Эшим менен Кубаныч бири-бирин түрткүлөштү. Бир аздан кийин Кубаныч карагайдан башын чыгарып:

– Коён, биз адамдарбыз. Сага эмне керек? – деп кыйкырды. Коён аларды көрөрү менен жандарына чуркап келди.

– Саламатсыздарбы, достор! – Коён тиги экөөнө оң колун сунду. – Мен силер менен дос болууну каалайм. Аюу менен түлкүдөн качып чыктым.

– Абдан жакшы болот, – деди Кубаныч. – Таанышып алалы, менин атым – Кубаныч, бу досумдуку – Эшим.

– Менин атым Коёнек,

– Эми сизди үйгө алып барып конок кылалы,– деди Эшим. – Бирок...

– Эмне, бирок... Мени сыйлачудай сабизиңер жокпу?

– Үйдө сабизден көп неме жок, бирок...

– Бирок, энем-атам досумду сыйлашка уруксат бербейт дечи...

– Тап-такыр андай эмес... Биз карагат терип жүрүп, токойдон адашып, үйдү таппай жүрөбүз...

– Оо кокуй, бая эле ошентпейсиңби. Мен бул токой эмес, мындагы жашаган түлкү, карышкырлардын жатактарына чейин билем. Азыр жол баштоодон мурда үйдүн кайсы багытта экенин билип алалычы. – Коён тик тура калып оң колунун алаканына чыйт түкүрүп, сол колу менен бир чапты. Түкүрүк оңго, солго да чачырады.

– Мына биз мобул жакка кетишибиз керек, – деп түкүрүк көп чачыраган жак – күн батышты көрсөттү.

– Анда жол башта, дос. Бизди үйгө түз алып барсаң чоң мейман болосуң.

– Эгер барып кетпей койсомчу?

– Кетпей койсоң кайра жакшы болот, биздин сүйүктүү досубуз болуп каласың.

– Андай болсо кеттик!

Алар жүрүп олтурушту. Токойдун чеги көрүнбөйт.

– Силер аябай адашып кеткен турбайсыңарбы? Мен болбосом карышкыр, аюунун жеми болмок экенсиңер, – деди Коёнек секирип.

– Сага кезиккенибизге бактылуубуз...

– Узун жолду сөз кыскартат дешет. Кеп салып басалы. Сөз кызыгына кирип, үйгө кандай жеткенибизди да билбей калабыз, – деди Коёнек.

– Бизде кандай сөз болсун, Коёнек. Андан көрө токойдо кандай жаңылыктар бар – көзүң менен көрүп, кулагың менен угуп жүрөсүң, өзүң сүйлө,– деди Эшим.

– Эмесе, уккула. Мен коён жылы ушул токойдо үй-оокаттуу коёндун ийнинде төрөлүпмүн. Мен шок болуп өстүм. Атам түлкү менен болгон салгылашта

курман болду. Атамдын өчүн алышты самап, түн уйкумдан үч ойгонуп жүрдүм. Чоң азамат болгондо түлкүдөн өч алуунун амалын издеп, атамды өлтүргөн түлкү менен дос болуп алдым. Андан мурда аюу менен достошуп алгам. Түлкү менен достошкондон кийин аны аюу доско тааныштырып койдум. Анан үчөөбүз аябай жакын болуп кеттик. Үчөөбүз бир ийинде жатабыз, бирге тамак ичебиз. Арадан мезгил билинбей өтүп жатты. Бир күнү жайдын толук мезгилинде түшкү тамакка аябай тоюп алып, тунук булактан суу ичип, карагайдын түбүндө эс алып жаттык. Түлкү экөөбүз шахмат ойноп олтурган элек. Аюу досум болсо, көмкөрүлгөн казандай болгон ичин карт-карт тырмап, кээде азуусун басып кыңкыстап уктай албай жаткан.

Түлкү мага эки пешкасын уттуруп коюп, айласын таба албай олтурган. Ошол учурда бир кырсыктуу окуя болду. Аюунун тиши басылып, мемиреп уйкуга кирип бараткан кезде бир килейген таяк аюунун ооруган тишине шак дей түшүптүр.

– Ө-ө-ө-х жеди! – деп өңгөчү түшкүчө өкүрдү, мени ким урду ыя? – Аюу ызырынып ордунан туруп, биздин жаныбызга жетип келип, түлкүнү шилиден алды.

– Айланайын аксакал, сени урсам колум сынсын! – деп түлкү карганып жан соогалады.

– Сен болбогондо ким анан, айт бачым?

– Сизди урган мобереки жубарымбек, – деп айласы кеткен түлкү мени көрсөтө салды. Мен кой десем болбой, аюу менен ойносок өлүп кетмек беле деп алдагы келтек менен бир салган.

– Түлкү калп айтат, мен урган эмесмин, – деп айтканымча болбой чоң муштум шилиме бир тийди.

– Анан ким? Түлкүбү?

– Билбейм экөөбүз шахмат ойноп олтурганбыз, – деп мен чындыкты айттым.

– Көрдүңүзбү, аксакал, мукактанып сүйлөй албай калды. Урганын өз көзүм менен көрдүм. – Аюу түлкүнү коё берди. Ал силкинип, жаланып-жуктанып дөңгөчтүн үстүнө барып отурду. Бир аздан кийин аюунун тиши кайрадан ооруй баштады окшойт, мени коё берип, жаагын басып озондоду. Мен коркконуман бадалга кире качтым.

– Көрдүңүзбү, аюу аке, кыларын кылып, кыл жип менен бууп коюп, сизден коркконунан бадалга кире качты. Сизге уялбай кол көтөргөн коёнектин сазайын колуна бериңиз, – деди түлкү жепилдеп.

– Бери кел! – деди аюу мага. Мен аябай коркуп, ордума бүрүшүп калдым.

Аюу оозун ачууга алы келбей колун жаңсап койду эле түлкү эки кулагымдан алып, бадалдан сүйрөп чыкты. Карачы, ошондон баштап кулагым узун болуп калды.

– Чын элеби? – Жарыша суроо беришти Эшим менен Кубаныч.

Ооба, Түлкү кулагымдын тарсылдагын үзгүчө чойгону менен мен андан атамдын өчүн алдым.

– Кантип? – деп сураштты балдар.

Аюу мени тиш доктур таап кел деп жумшады. – Мен кайдан табам дедим.

– Коёнек өзү укмуштуудай тиш дарыгер, өзү эле сууруп таштайт – деп жасакерленди түлкү куйругун шыйпаңдата. Мен карышкырдын оору тишин сууруп жатканын эки-үч жолу көргөмүн.

– Өлүп баратам, сууру! – деди аюу.

Мен кайчы жыгач таап келип, аюунун токой жаңыртып өкүргөнүнө карабай анын соо тишин жулуп таштадым.

– Соо тишимди жулуп алдың ээ акмак! Ал мени өгүздөй таш менен жампайта коёюн деп ордунан обдулганда күчөгөн тиш оору аны кайра ордуна олтургузду.

– Жаным чыгып баратат?! Дагы сууру! – деп өкүрдү ал. Мен жыгач аттишим менен эми ооруган тишин жулуп чыктым.

– Өх, жаным жай ала түшпөдүбү. Азаматсың, досум, – деди ал мурунку соо тишин унутуп.

– Бирок мындан кийин оору тишимдин ордуна соо тишимди жулбай жүр!

– Сен да эки жүздүү түлкүгө ишенип, кулагыман чойбой жүр! – дедим.

– Сени урган мен эмес болчумун.

– Анан ким эле?

– Мен, мен...– деп тыйын чычкан узун куйругун шылдыңдай булгалап, бутактан бутакка секирип жок болду.

Аюу колунда турган таягы менен түлкүнү тоголото бир койду. Ошентип аюунун дөөпөрөстүгүнө анча-мынча ичи күйсө да акыры куу түлкүдөн атамдын өчүн алып тындым.

Мына, эми өзүбүз да айылга жетип калдык, – деди Коёнек күлүп.

– Оо мына биздин айыл, мына Кубанычтын үйү, мына биздики, жүрү, Коёнек биздикине – деп Эшим коёндун бир колунан өзүнө тартты .

– Жок, биздикине бар! Кубаныч экинчи колунан тартты.

– Талашпагыла достор! Бир күнү бирөөңөргө, экинчи күнү дагы бирөөңөргө барам.

– А бүгүнчү?

– Бүгүн Эшимдикине, эртең сеникине барам.

Ошентип, Коёнек Эшим менен Кубанычтын сүйүктүү досу болуп калыптыр. Коёнектин сунушу боюнча мектептин алдында коёндордун фермасын уюштуруп жатышат дешет.

## АМАЛДУУ ТҮЛКҮ

Адегенде Алмакан байбиченин кызыл корозу, эки күндөн кийин чаар тоок дайынсыз жок болду. Ошентип бирден экиден жоголо берип, жыйырмадан ашык тооктон кол жууган Алмакан апанын маанайы пас. Анан кантет? Эми тоокканада бар болгону үч гана ак тоок калды. Кечинде түнөгүнө жаткан тооктордон эртең менен эле жок болуп калганына үй-бүлө мүчөлөрүнүн бардыгы аң-таң.

– Болду-болбоду киши колдуу болуп жатат, – дейт Алмакан апа. – Тиги Кубаттын кичүүсүнүн колу шок дешчү эле, капырай ошо көтөрүп кетип жатабы, тооккана куру калабы эми?! – Жок апа, дейт анда небереси Айбек, – Марстын колу шок эмес, тоокторду ал алган жок. – Ай ким билет, – дейт апа,– деги таң кала турган жорук...

Бүгүн гана уурунун шеги билинди. Түндөгү кылаңгыр кар бетине түшкөн изди атайы келип көргөн Аманат мерген издин түлкүнүн изи экендигин айтты.

– Куу түлкү силердин тоокторго кынык алган турбайбы, – деди мерген Алмакан апа менен Айбекке. Тиги эки тоогуңарга да келет эми. Мен ага капкан салып коёюн. Ууру колго түшөт байбиче! Ошентти да Аманат мерген үйүнө барып, капкан

алып келип, тооккананын кире бериш жерине этияттап капканды орнотуп койду. Эки күн өттү. Түлкүдөн дайын жок. Айбек капканды эрте-кеч карап жүрдү. Мына, бир күнү эртең менен эрте турган Айбек капканга түшүп, чочоюп олтурган кызыл түлкүнү көрдү.

– Аа ууру, колго түштүңбү, – деди Айбек атайын даярдап койгон четин союлду колуна алып. Айбек союлун көтөрүп келе жатканда айласы кеткен кызыл түлкү кадимкидей ыйлап ийди. Анан ага кишиче тил бүтүп, Айбекке жалынып кирди.

– Авакебай, сабыр кыл? Сенин тоокторуңду жеген мен эмес, менин бир тууган эжем болчу. Мени бул жакка да ошол эжем жиберген. Үйүмдө жаш балдарым бар эле... Сен мени өлтүрүп койсоң балдарым эмне күнду көрүшөт? Байкебай, чаппасаң? Мени өлтүрбөсөң, байкебай?! Куу түлкү ошентти. Союлун көтөрүп түлкүнү урууга камынган Айбек бир саамга катты да калды… «Ырас эле жаш балдары бар болсо…» – Байкебай – дейт шолоктоп ыйлаган кызыл түлкү.

– Байкебай, бутумду кыйып баратат. Ушул бутум мурдатан эле ооруп жүрдү эле. Эми такыр баса албай калам го!.. Байкебай, келчи, капкандан бошото турчу. Келсең, байкебай, келсең… Жалынганы тим эле жүрөктү эзип баратат. Айбек эңкейип капкандын жаагын бошотуп жатып, тигинде шашпай келе жаткан Аманат мергенни көрдү.

– Ава, – деп кубанычы койнуна сыйбаган Айбек башын көтөрө берип, тетигинден ары куйругун булактатып түтүндөй созулуп качып бара жаткан кызыл түлкүнү тиктеп, анан ага алдатканына уялгандай башын жерге сала берди.

Бир колунда капкан.

– Түлкү өтө куу болот, – деди мерген. Колдон чыгып кетпедиби. Эч нерсе эмес, ачкалыгы ашынганда дагы келет. Эмдиги жолу анын капканга түшкөнүн көрөрүң менен тиги союлуң менен тумшукка чап. Аманат мерген капканды кайрадан оңдоп, мурдагы эле ордуна аны оңтойлотуп орнотту да үйүнө кетти.

...Дагы бир күнү эртең менен эрте Айбек адатынча капканды көрүүгө жүгүрдү. Капкан баягы «түлкүнү чабууга камдалган» четин таякты тиштеп, алда качан чабылып калыптыр. Тоокканаңы ачып, акыркы эки кызыл тооктун жок болгонун көрдү. Куу түлкү бул жолу өзүн кармаш үчүн салынган капканды көрүп, атайын эле Айбекти «мыш» кылайын деп, анын четин таягын капканга сугунта берип, шашпай гана тоокторду көтөрүп жолго түшкөн окшобойбу. Айбектин ичи эми чындап күйдү. Аманат абасына барып болгон окуяны айтты эле: «Ии, ошондой да болот. Түлкүдөн амал качып кутулбайт. Эми ал силердикине келбейт. Сенин тоокторуңдун түгөнгөнүн билет» – деп күлдү.

– Аба, түлкү кайсы учурда келип жүрдү экен тоокторго?

– Түлкү жортуулга дайыма таң атарда чыгат.

– Эми кантип кармайбыз аны?

– Эми аны кармоо оңой эмес. Бир келсе кошуналардын тоокторуна келет. Канткен менен да көнүп калган эме бир кайрылбай койбойт. Ошондо байкап көрөбүз, Айбегим. Абасынан бул жоопту уккан Айбек ого бетер бүтпөс ойлорго чөмүлдү. Акылды Айбектин досу Марс тапты. Ары ойлоп, бери ойлоп

олтуруп Айбек эмнеси болсо да Марстын айткан амалын колдонуп көрүүнү чечти. Бул чындыгында эле өтө кызыктуу амал эле. Куулугу ашынган кызыл түлкүнүн балдардын кызыктуу оюнуна алданып колго түшүп каларын анда ким билиптир.

...Түнкү саат төрт болду. Айбек менен Марс акырын тооккагага кириштi. Тооккана ээн. Бир да тоок жок.

– Кана, башта, – деди Марс Айбекке. Ошондо Айбек кадимки баягы өзү жакшы көргөн кызыл корозунун кыйкырганындай кылып үнүн созуп ку-каре-куу-уук!... деп кыйкырып калды. Андан кийин Марс дагы кыйкырып сала берди. Кызык ушинтип башталды. Балдар биринен сала бири «короз» болуп үн алыша кыйкырып жатышты. Алар кудум эле короздордой кыйкырышты. Ал эми кызыл түлкү болсо кезектеги жортуулга чыккан. «Эми Айбек досумдун кошунасынын тоокторун жалмоо керек. Кудай буюрса чоң чаар короздон баштайын...» деп келе жатты түлкү акең. Ку-ка-ре-куу-уук! Кызыл түлкүнүн кулагына Айбектин корозчо кыйкырганы даана угулду. Түлкү арткы буттарына тура калды да, тумшугун желге тосо жыт искеди. Андан кийин жайдарлана желе жортуп айылга жакындап келе жатты. Бир кезде куу түлкү ырдап да жиберди:

– Чаар короздун этине,
Бүгүн шашпай тоёюн.
Андан кийин бир-бирден,
Тоокторун соёюн.

Айбектин үнү дагы угулду: Ку-ка-ре-куу-уук... Түлкү кайрадан кош аяктап тура калып, тумшугун желге тосту. «Оо, – деди анан, – Айбек досумдун тооккaнасына жаңы тооктор пайда болгон тура.

Үнүнө караганда семиз короз өңдөнөт. Кой, көнгөн эле Айбектин тооккканасына барайын...».

Куу түлкү так ушинтип ойлоду. Семиз короз анын шилекейин агызды. Мына, ал адатынча тооккананын эшигин аяр ачып, «лып» секирип ичкериге кирип кетти. Аңдып турган балдар эми кызыл түлкүнү куткарышкан жок. Баягы четин союл бу жолу өз милдетин так аткарды. Балдардын акылына Аманат мерген да, Алмакан апа да катуу таң калышты.

## АКЫРА МЕНЕН АРСТАН

Африка токоюнда бир абдан күчтүү акыра жашаптыр. Анын бою төөдөй бийик, моюну болсо аябай узун экен. Бир күнү ошол акыра токойдо алма терип, чөп жеп оттоп жүрсө, алдынан арыстан чыга калып:

– Эй, узун моюн! Менин токоюмдан оттогонуң үчүн акы төлөгүн! – деди. Акыра арыстанды таңыркай карады да минтип жооп берди:

– Токой көпчүлүк жан-жаныбарлардын мекени эмеспи. Акы төлө дегениң жарабас баатыр.

Аны уккан арыстан минтип каарданды:

– Айтканыма көнгүн! Болбосо, куркуйган моюнуңду кайрып коёмун! Үзүп-жулкуп этине тоёмун!

Бирок акыра каардуу арыстандан корккон жок, камырабай мындай деди:

– Чындап эле жегиң келип атса аракет кылып көр. Бирок мага күчүң жетер бекен?

Аны уккан арыстандын муруттары бириндеп, жаак жүнү үрпөйдү. Азуусун шакылдатып, акыранын моюнуна секирди. Акыра шамдагай эле.

Секирип келе жаткан арыстанды алдыңкы буту менен төшкө тепти. Арыстандын көкүрөк сөөгү талкаланып, күп этип жерге кулап түштү.

Ошентип эр жүрөк акыра каардуу жырткычтын жазасын берди. Бул кабар бүт токойго тарады. Ошондон кийин акырага бир да арыстан катылган жок.

## МЫЙМЫЙ

Кичинекей мыймый үйдөн сыртка чыкты. Короодо бир топ чымчыктар оттоп жүрүшкөн. Мыймый аларды көздөй чуркады эле, чымчыктар уча качып, бактын башына конушту.

– Мыяо, мыяо, силер эмнеге уча качтыңар? Бери түшкүлө ойнойлу. Үйдөгү терезеде уктай берип аябай эриктим, – деди Мыймый.

– Алдабагын Мыймый. Биз силерди жакшы билебиз. Колуңарга тийсек тырмагыңар менен тыткылап, жүдөтүп жатып өлтүрөсүңөр, – деди кара моюн таранчы.

– Мен антпеймин. Бери түшкүлө. Чымчыктар өз ара чурулдашып кеңеше баштады.

– Жүргүлө барып ойнойлу, – деди эң кичинекей таранчы.

– Мен коркомун, – деп бүкчүйүп койду боз чымчык.

– Силердин акылыңар жок экен, – деди кара моюн таранчы. – Мышыктар колуна тийгендерин соо койбойт. Булардын тырмагы курч, кармаганы эле карышат. Мышыктардан короздор да, жада калса иттер да коркот.

– Эй мыймый...

Ушул учурда чымчыктардын шаштысы кетип калышты. Анткени мыймый бакка жармашып чыгып, аларга жакындап калган болучу.

– Катыгүн учтук! – деди кара моюн таранчы.

Чымчыктар коркушканынан ар кимиси ар тарапты карай учушту. Мыймый биринчи жолу бактын башына чыккандыктан анын башы аябай айланды. Жерге секирип түшөйүн дейт, бирок коркот. Ал мыяолоп, төмөн түшө албай айласы кетти.

– Тиги мышыгың эмнеге мыяолоп жатат карачы балам? – деди үйдө жип ийрип жаткан чоң эне кичинекей Нурланга карап,– үйгө кире албай жатпасын. Эшикти ачып койчу аралдым.

Нурлан сыртка чыкты да «Мый-мый мый-мый» – деп чакырды. Бирок короонун ичинде көрүнбөйт.

– Мыяо-мыяо, – деп мыймый ого бетер үнүн катуу чыгарды. Нурлан үн чыккан тарапка басты да бактын ачасында отурган мыймыйды көрө койду.

– А-а сен бактын башына чыгып кетип, түшө албай жаткан турбайсыңбы. Азыр...

Нурлан шатыны коюп, бакка чыкты да мыймыйды койнуна салып жерге түштү.

– Мынакей эми ойногун. Чоңойгонуңа чейин бактын башына чыкпай жүргүн, – деди да Нурлан үйгө кирип кетти.

Мыймый силкинип койду. Алдыңкы колдорун шилекейлеп, көздөрүнүн жашын шашпай жууду. Бактын башында коркуп бүрүшүп отура бергенде бели да ооруксуп калса керек, керилип-керилип койду.

Ал үй тарапка кайрылганы турганда күтүлбөгөн жерден «ав, ав» – деген үндү угуп чочуп кетти.

Артын караса кулагын тикчийтип өзүнө окшош кара кандек турат. Мыймый куйругун кайкайтып белин бүкүрөйтүп тура калды.

– Мыяо, мыяо, сен кимсиң?

– Мен күчүкмүн. Атым – Бантик. А сен кимсиң?

– Мен мышыкмын. Атым – Мыймый. Жана эле короого чыктым эле, ойноорго эч бир жандык таба албай койдум. Ойнойлу, – деди Мыймый күчүккө жакындап.

– Сен... тытып аласың.

– Тытпаймын. Анын үстүнө тырмагым азыр жумшак.

– Андай болсо ойноймун. Бирок алышып жатканда тырмагыңды катып койгонго, макулсуңбу?

– Макул.

– Ал экөө күнөстүү жерге барышып, алышып ойноп жатышты. Мыймый тырмагын чыгарган жок. Күчүк катуу тиштеп этин оорутпады. Буларды жанатан бери карап турган чоң эне:

– Сен экөөң кайсы убакка чейин ушинтип ойноор экенсиңер – деди. Бирок Мыймый менен Бантик чоңойгондо да ынтымактуу жашады. Аларды мен өз көзүм менен көрүп жүрөмүн.

## БУРУНДУКТУН ЖОНУ КАНТИП ЖОЛОК БОЛУП КАЛГАНДЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

Ойгонду аюу жаз менен кошо,
Айкырык салды добушун созо:
– Кыш бою жылбай чээнде жатып,
Калган бейм менин буттарым катып,
Чынында, мунун себеби мындай,
Кыш бою даам татпадым кылдай.

Алсырап калдым ошондон улам,
Курсагым ачып өлгөнү турам.
Карады көккө: кедрдин таттуу
Жаңгагын терип жүрүптүр бир жан.
Кабыгын чагат катуудан катуу,
Кайсы жан бул деп апсагай аң-таң.
Сүйлөдү аюу:
– Кошуна, кимсиң?
Чээнде жатып түшүмдө көрдүм.
Түшүмдө сенин марттыгың билдим,
Кедрдин далай жаңгагын бердиң.
Кыш бою, курдаш, татпадым тамак,
Шалдырап турам, алсырап турам.
Өңүмдө тойгуз достукка жарап!
Ачылбайт көзүм баскансып туман.
Жаңгакчы чымчык кыйкырдыминтип:
– Сага окшош мында маймактар бир топ.
Аюунун баары жанбакты илкип,
Бергидей жаңгак келесоо жан жок!

Бирөө да болсо мен үчүн байлык,
Жоголчу ары, beралбайм жаңгак!
Каргады аюу бутакты кайрып:
– Ойрон бол, шүмшүк! Табылар тамак.,
Эстеп ал сөзүмдү, эсирген чымчык,
Түбүңө жетет сараңдык бир күн.
Эртеңден баштап тилиңди кырчып,
Келерсиң мында чулдурап, мүмкүн.
Чынында эле, ошондон кийин
Жаңгакчы чымчык чайнайт дейт тилин…
Ачуулуу аюу курсагын сылап,
Дем тартып оор, күрсүнүп алды.
Четирээк жерде бар эле булак,

Бурундук андан көрүнө калды.
Дүмүргө жайлуу отурган экен,
Жанына коюп сандыгын жабык.
Ичине жаңгак толтурган экен,
Терген го аны токойго барып.
Бир бирден алып жаңгакты чагат,
Отурат ойсуз, санаасы толук,
Сүйлөдү аюу ээрдин жалап:
– Өткөрдүм кышты таманым соруп...
Сандыкты ачты бурундук жоомарт:
– Мына же, маймак, табылат тамак.
Ыктыяр сенде – жесең же тандап,
Жесең да баарын – отурбайм санап.
Жаңгакты аюу тойгуча жеди:
– Мунуңду, досум, унутпайм, – деди
Бир өмүр бою боломун курдаш,
Бир өмүр бою боломун сырдаш.
Акырын гана узатып колун,
Абайлап аюу сылады жонун.
Бирок да опсуз орсойгон тырмак
Кетиптир достун аркасын тырмап.
Аюунун ушул – аюулук жагы,
Аюулук кылды досуна дагы...
Жакшылык иштин аягы түзүк,
Бурундук март деп чыгыптыр жомок.
Тырмактын изи кадиксиз бүтүп,
Калган дейт бирок жонунда жолок.

## ҮКҮ МЕНЕН ТООК

Болуптур бир кыштакта жалгыз тоок,
Запкы жеп жалгыздыктан капа болот.

Күндүзү короолорду тинтип, чокуп,
Түнкүсүн чоң даракка учуп конот...

Токойдо ошол кыштак жанындагы,
Жалгыздык жанга батып анын дагы.
Жашаган жалгыз үкү жолго чыкты,
Дос издеп, жолдош табыш камындагы...

Сандалып көпкө учту жер кыдырып,
Канатын караңгыдан жел сыдырып.
Акыры бакка конду кыштактагы,
Алууга аз да болсо бир тыныгып.

(Аттиң ай оңкоосуна таң каласың)
Тоокту бутактагы көзү чалып,
Сүйүндү тапкан окшоп өз баласын.

Саламатпы кошуна, мен үкүмүн,
Сага келдим кол сунуп, достук үчүн.
Бир жүрүп, бирге туруп сайрандайлы,
Кыдырып токой ичин, жердин жүзүн.

Жалгыздык жаман экен, эригесиң,
Кокоюп жолдошуң жок зеригесиң.
Сен деле азабыңды жесең керек,
Айылда аңгыраган жалгыз өзүң...

Үкүнүн сөзүн угуп тоок анда:
Сөздөрүң жакшы угулат кулагыма,
Бирок да мен өзүңдү көрбөй турам.
Кайдасың, мындай келчи сол жагыма...

Ишенбей жалган тутуп тоок сөзүн,
Көрбөсүн кантип эле сенин көзүң.

Деп ойлоп үкү жылды доок жакка,
Тийгизип денесине өз денесин.

Тийгенде бөтөн дене денесине,
Ар түрдүү шумдук келип элесине.
Аябай чочуп кетти байкуш доок,
Көрбөсө анан кантет, күнөөсү не!..

Теригип үкү айтты:
Мунуң уят.
Конокту кучак жайып кабыл алат,
Дос болуп жакындасам жыйрыласың.
Жугуштуу оору тийип жаткан сымал.

Эртең кел биздикине, тосуп турам,
Эч качан эстен кеткис конок кылам.
Токойдо менин үйүм. Күтөм сени,
Табасың жалгыз турган бактан улам.

Эртеси түшкө жуук доок келип,
Үкүгө салам айтты өзүн көрүп.
Саламатпы үкү дос, келдим сага,
Конокмун узатарсың даам берип.
Үнүңдү таанып турам доок досум,
Өзүңдү көрө албадым көз оңбосун.
Ушундай бей маалда да келесиңби,
Күндүзү көрбөймүн да, бирок досум...

Сен мага конок болуп түндөсү кел,
Конокту сыйлаганды ошондо көр.
Түнкүсүн мен көрбөймүн, үкү досум,
Чакырба түйшүк тартып куру бекер.

Деди да иоок түштү өз жолуна,
Өзү өскөн өзү көнгөн коргонуна.
Токойдо үкү калды аны күтүп,
Келет деп түн киргенде болжолуна.

Али да үкү түндө бакырат дейт,
Конокко иоок досун чакырат дейт.
Бирок да иоок көзү түндө көрбөй,
Күн батса күркөсүнө жашынат дейт.

Тоогу түндө көрбөй, күндүз чыгат,
Үкүсү күндүз көрбөй, түндө учат.
Чакырып бири күндүз, бири түндө,
Алиге сыйлаша албай келатышат...

*(Козубеков Т.)*

## КУРКУЛДАЙ МЕНЕН КУУ ТҮЛКҮ

Токойдун ичинде желип-жортуп, амал менен алдап жеп, эптеп оокат кылган бир түлкү бар экен. Күндөрдүн биринде тамак таппай, айласы кетип бара жатып, уя салууга жер тандап жүргөн куркулдайга кез келет. Кантсе да, бул тууса балапандарын эптеп алдап, колго түшүрөмүн деп ойлоп, жойпуланып, куркулдайга кеп салат.

Түлкү.

Конуп, уя сала бер,
Кош келген соң коногум.
Корук тозгон токойго,
Кожоюн өзүм боломун.

Куркулдай.

Чоң ырахмат сыйыңа,
Чоң дарак тандап алайын,

Куштардын көзү тийгендей,
Куркулдай уя салайын.

Түлкү.

Ошент, мейлиң куркулдай,
Кубаттайм мен да аныңды
Куп болуп сен кошуна,
Кубанттың менин жанымды.

Куу түлкү секирип жолго түшөт. Күндөр өтүп, куркулдай үч жумуртка тууйт. Аны сезген түлкү жетип келип, куркулдайга мындай дейт.

Түлкү.

Ээ, куркулдай кулак сал,
Салам айтам алик ал.
Жар салууга токойго,
Жаңылыктан эмне бар?

Куркулдай.

Кел кошунам куп келдиң,
Сүйүнүчтү тең бөлгүн
Үч балапан көз жарды,
Сүйүнчүмдү тез бергин.

Түлкү (анткор сүйүнүп)

Оо, Куркулдай кошуна,
Оозуңа май оозуңа.
Алдагы бакты энчилейм,
Алардын бешик боосуна.
Куркулдай сүйүнүчтүү.
Ырахмат, Түкө өлбөгүн,
Эч жамандык көрбөгүн.
Бактылуу болуп чоңойсун,
Бачкиң сенин эрмегиң!

Түлкү (ойлонумуш болуп, моюнун кашып, ары-бери басып).

Ай, куркулдай, кулак сал,

Ар нерсенин чеги бар,
Бир уяда төртөө көп,
Деген арстан кеби бар.
Куркулдай (чебелектеп).
Тардык кылбайт уябыз,
Төртөөбүз кенен батабыз,
Зыяны жок эч кимге,
Оокат кылып жатабыз.
Ага ичи таарыбас,
Арстан улук атабыз.
Башын чайкап куу түлкү,
Болбойт, болбойт деп койду.
Боздотуп туруп энесин,
Балапанын жеп койду.
Оңбогон түлкү сугалак.
Ошол күнү чоң тойду.

* * *

Куркулдай балапандары менен бактын башында олтурат. Түлкү келип, ойкуштап, тилин салаңдатып, саламдашат.

Түлкү.

Араң жеттим бул жерге
Аябай оордоп куйругум,
Айтайын эми өзүңө,
Арстандын берген буйругун
Ачуума менин тийбестен
Айтканыма көнсүн дейт
Балдарга эрмек ойноого,
Балапан таап берсин дейт.

Куркулдай (аргасыздан ыйлай-сыктай бир балапанын берет)

Түлкү (шыйпаңдамыш калп жашып).

Айла жок, Куке, айла жок,
Алып кел бери жөнөйүн.
Кайгырам сага кошулуп,
Калп айтсам арам өлөйүн.
Багып ал деп кор кылбай,
Балапаның берейин.

Куркулдай чырылдап калат. Түлкү балапанды жонуна кондуруп алып кетет. Токойдун четинде, түлкү менен куркулдайдын балапаны. Балапан түлкүнүн маңдайында ташка конуп отурат.

Түлкү (өзүнчө).

Кардым абдан ачты бейм,
Кайрат дагы качты бейм,
Кайгыргандан пайда жок,
Азыр мобул башты жейм.

Балапан.

Жүр кетели түлкү эне,
Сагындым мен апамды
Жетип барып көрүшүп,
Жазайын бир капамды

Түлкү (жасакерленип).

Чарчадыңго садага,
Кел тик этип алалык.
Анан кайра жол тартып.
Апаңа бирге баралык.

Балапан (ыйламсырап).

Уйкум келбей жатпайбы,
Сагындым үйдү өтө көп,
Апам мени уктатчу,
Алдына салып бөпөлөп.

Түлкү (калп эле эркелетип)

Андай болсо жата кой,

Алдей,алдей берекем,
Күнү-түнү жакшы үрөт,
Түлкү сулуу энекең.

(Балапан жатып, Түлкү сылап-сыйпап уктата баштайт).

Жакшы жатып уктай кой,
Жалгыз чырпык көлөкөм.
Кантип сени ыйлатсын.
Камкор түлкү энекең...

Уктап бара жаткан балапанды өлтүрүп, жулуп-булуп жеп кирет.

* * *

Куркулдайдын уясынын жанына сагызган учуп келип конот.

Сагызган.

Курбу чымчык куркулдай,
Айтчы кандай жүрөсүң,
Куп-куу болуп арыктап.
Кайгыргандай жүрөсүң
Минтип жүрсөң токойдо,
Кантип өмүр сүрөсүң?

Куркулдай.

Айда бирден балапан,
Арстан түлкү чек коёт
Алдашып да, коркутуп,
Алмак-салмак жеп коёт.

Сагызган.

Сен жашырба момунум,
Себеби ошол шоорунун.
Кургуруң билбей жүрүпсүң.
Куу түлкүнүн жоругун

Жалгызды эми бербегин,
Жеймин десе кел дегин
Жетип алса эр болсо,
Куу түлкү, арстан шерлериң
Алдансаң түлкү кебине,
Ажалдан мурун өлгөнүң

Балапаны менен куркулдай отурганда баягы куу түлкү да жетип келет. Чочоюп отура калып, назик үн менен сүйлөй баштайт.

Түлкү.

Пааналап чынар сабагын,
Ачык го Куке кабагың
Жетилиптир балапан,
Жетиштүү го тамагың
Айып көрбөй кабыл ал,
Арстандын айткан саламын
Куркулдай (кекээрлеп)
Башынан маалым келерим,
Баштаганда не дээриң
Ойноктогон куу түлкү.
Оңой өткүн эгерим.
Эр болсоң эми жетип ал,
Эми жок сага берээрим.
Эсиңден чыгып кеттиби,
Экөөнү алдап жегениң,
Анткорлонуп калп эле,
Арстан, шерхан дегениң.

Куркулдай менен сагызган
(Түлкүнү шылдыңдоо менен)

Баягы балапан жесе тойбогон
Баарына жаман ойлогон,
Сагызган издеп салпактап.

Сай менен калды жойлогон,
Байкуш түлкү
Болдуңго күлкү! Ха ха, ха...

*(Алиев М.)*

## ЧИК-ЧИРИК ЧЫМЧЫК

Илгери бир мезгилде,
Топулуу чымчык болуптур.
Топусун баштан түшүрбөй
Топулуу атка конуптур
Анын аты Чик-Чирик
Талга конуп чыкчыйып,
Керели кечке чырылдайт
Өзүнчөминтип ыр ырдайт.
«Мен Чик-Чирик, Чик-Чирик
Сайраймын талбай тикчийип
Топум аяй, Чик-Чирик,
Башыман түшпөйт Чик-Чирик...

Күндөрдүн бир күнүндө,
Коноордо жетип талга бир
Мактанчаак ошол чымчыктын,
Топусу түшүп кетиптир,
Өзү алгандан ээринип
Эрке өскөн эр неме
Чик-Чирик деп чыйпылдап,
Кайрылат экен эрменге.
– Эрмен, эрмен, сөзүмдү ук
Турамын азыр мен кейип...
Алып берчи топумду
Алды жакка эңкейип.
Анда эрмен

Уч ары,
Чыркыратпай үнүңдү,
Өзүм араң турамын,
Көтөрө албай бүрүмдү.
Анда минтет чик-чирик,
Жашын төгүп эчкире:
Сени эрмен карап тур,
Айтып барам эчкиге.
Эчки, эчки сөзүмдү ук,
Кудай сага бергемби,
Бүгүн араң көгөргөн.
Барып жечи эрменди.
Эчки анда:
Уч ары!
Жемек турсун аныңды,
Өзүм араң турамын
Көтөрө албай майымды.
Уч ар, Чик-Чирик,
Көзүн кайра жаш кыла
Сени карап тур,
Айтып барам карышкырга
Карышкыр, карышкыр сөзүмдү ук,
Тил албады эч кими
Майын араң көтөргөн
Барып жечи эчкини,
Карышкыр анда:
Уч ары!
Көп чыйылдап суранбай,
Араң турам өзүм да
Байдын малын кыра албай.
Анда минтет Чик-Чирик,
Жакын конуп атайын:
Сени карышкыр карап тур,

Байга барып айтайын.
Ээ, сараң бай, сөзүмдү ук
Тышта курут, майыңды
Тиги жондо карышкыр,
Кырып жатат малыңды.
Анда бай да ыксырап,
Учкун ары безенбей
Чирип жатат, мал турсун
Куруттарым эзилбей…
Анда минтет чик-чирик
Айтып барам чычканга,
Камынып бат учканга:
Сени ач көз карап тур.
Чычкан, чычкан сөзүмдү ук
Эрбеңдетпей мурутуң,
Жечи барып уурданып
Байдын толгон курутун.
Анда чычкан:
Уч ары!
Эч кимде жок чатагым,
Курут эмес ийнимди
Араң казып жатамын,
Учат ары чик-чирик
Кантип чыдап жөн турсун:
Балдарга тез айтайын,
Сени кармап өлтүрсүн
Балдар, балдар сөзүмдү ук,
Мага каршы таш албай,
Өлтүргүлө чычканды
Ийнин жатат каза албай.
Балдар анда:
Уч ары!
Бизден эрте уза алыс,

Уйубузду эмдирип
Келип турат ызабыз.
Анда кейип чик-чирик,
Мейли алыс кайтайын
Айбыңарды силдердин
Апаңарга айтайын,
Ай, энеке, сөзүмдү ук,
Келдим азыр мен билип
Чүкө ойношуп балдарың,
Уюн жатат эмдирип.
Кемпир туруп:
Уч ары!
(Тап берет ал сабоо алып)
Балдар турсун жүндөрүм
Бүтпөй жатат сабалып,
Анда минтет Чик-Чирик
Коно калып тынымга,
Жүнүңдү бүт учурсун
Айтпасамбы куюнга.
Куюн, куюн сөзүмдү ук,
Бол тезирээк шашылчы,
Ачуулу бир кемпирдин
Жүнүн барып сапырчы.
Жаткан эле буюгуп
Куюн аска түбүндө,
Мурутун жай чыйралтат
Каардануу бар үнүндө.
Ах! Кемпир жүнүңдү
Сапырайын асманга...
Деп ошентип куюн дос
Жортуп жолго чыкканда
Кемпир кууйт балдарын,
Балдар чуркайт чычканга

Чычкан байдын үйүндө,
Бай карышкырдын соңунан
Кууп барат күйүгө,
Карышкыр коркуп эчкиге
Эчки энтеңдейт эрменге!
Кокуй жейт деп бүрүмдү,
Эрмен чочуп бүлүндү
Чик-чириктин топусун,
Алып берет ийилип…
Талдан-талга секирип,
Селкинчек тээп түйүлө
Сайрайт кайра Чик-Чирик
Топусуна сүйүнө:
Мен Чик-Чирик, Чик-Чирик,
Ырдайм кечке тикчийип.

*(Жаркынбаев Н.)*

## ЭКИ БӨЖӨК

Илгери эки бөжөк кара түндө,
Киргиси келбей калды такыр үйгө.
– Муну мен!
– Жок, мен жейм! Деп сабиз үзүп,
Бир-бирин жакындашса чапчып үзүп.
Бөжөктөр жүргөн жакты жыттай берип,
Ошондо бир карышкыр жетип келип.
Канекей, ким биринчи мага келет?
Кимиси таттуу болуп мага келет?
Деп ойлоп бөжөктөргө жакындады,
Тиштери кашабаңдын жакындады.
Карышкыр бөжөктөргө сала берди,
Бирөөнө бир кадамдай жакын келди.

Ошондо бөжөк ага айткан кеби:
– Кашаба таттуу тамак жеңиз – деди,
Карышкыр токтой калып кеп сураса.
Кана айтчы, кандай тамак? – деп сураса,
– Кашаба, бал деген бир таттуу тамак.
Жаласаң бүткөн боюң жыргап калат.
Бал деген тээтиги жайда болот,
Чатырлуу кичинекей үйдө болот,
Бөжөктүн айткан сөзү бүтөөр менен.
Карышкыр сүйүнгөндөн «ха-ха» деген,
Карышкыр ошол жайга чуркап барды.
Чатырын бал челектин жулуп алды.

– Бал деген ушу тура! – деп киргенде,
Сугунуп бир четинен жеп киргенде.
Аарылар топ-топ болуп учуп келди,
Бөрүнүн көзү-башын чага берди.
Шишиктен көздөрү анын көрбөй калды,
Уулугуп аз-аз жерден өлбөй калды.
Ошондо эки бөжөк чуркап келип,
Саламын карышкырга чогу берип.
– Кашаба, таттуу балга тойдуңузбу?
– Аябай бизге ыраазы болдуңузбу? –
Деп коюп серең-серең жүрүп кетти,
Акылсыз карышкырга күлүп кетти.

## КИЧИНЕКЕЙ ЧЫЧКАНДЫН ЧОҢ САЯКАТЫ

Чычкандын небереси «чыйып-чыйып» эткен,
Күн чыга саякаттап жүрүп кеткен.
Күүгүмдө кайтып келип: – Бул чөлкөмдө
Балбан жок, баатыр жок дейт мага жеткен.

– Каралдым, кантип билдиң калп айтпачы,
Чоң эне мээрим төгүп өбөт беттен.

– Жөрмөлөп чөптү түртүп жолумду ачып,
Баратсам үйдөн чыгып ашып-шашып.
Көз жетпей мелмилдеген уч-кыйрына,
Бир укмуш деңиз жатат толуп-ташып.
– О, чиркин! Жүрөгү тоо шер өтпөсө
Суучулдун суучулу өтпөс калган касып.

Не кылам, коркоктордой турат белем,
Туш-тушка карай берген элең-элең.
Сестентип долу толкун турса дагы
Секирип тайманбастан кулач керем.
Апаке, ай, ошол өзүң болсоң эгер
Айтмаксың алкышыңы терең-терең.

– Билем, – дейт энекеси анда туруп, –
Сен, өткөн деңизиңи айлаң куруп,
Изине жаан суусу чөөт турган
Зор бугу чапчып өтсө эки-үч уруп.
– Чын эле ушундайбы, энекебай?
Уялат бала чычкан жүзүн буруп.

– Баратсам андан ары жолумду улап,
Дөөгө окшоп куш уйкуда жаткан сулап,
Шиштийген чокулары көктү жиреп,
Мен-менсип кебелбеген аска турат,
О, чиркинөң! Өтөмүн деп айла кылып,
Нечен эр күл болгондур аңдан кулап.

Не кылам, коркоктордой турат белем,
Туш-тушка карай берген элең-элең.

Мен-менсип боюн керген зор аскадан
Түйүлүп арстан сындуу арыш керем.
Апаке, ай, ошол кезде өзүң болсоң,
Айтмаксың алкышыңды терең-терең.

Жылмаят энекеси мээрим чачкан:
– Белгилүү мага болду сенин «аскаң».
Топурак кырча болуп калган тура
Качандыр суур балчак ийин казган.
– Апаке, ай, коюңузчу кантип эле...
Уялат бала чычкан бетин баскан.

– Уксаңыз, энекебай, укмуш дагы,
(Укмушка туш келтирген эрдин багы),
Эки шер кармаш кылып жаткан экен
Коо болуп казылыптыр эки жагы.
Чайнашып бир-бирине азап салып,
Жошулуп боёк болот аккан каны.

Коркоктор көрөр менен качмак андан,
Түңүлүп түбөлүккө курган жандан,
Кармашкан эки шердин түрүн көрүп,
Кан кызып, токтоно албай өрттөй жангам:
– Ажыраш, эки баатыр, кыргын кылбай,
Болбосо экөөң бирдей мага камдан!

Жөнөштү экөө бирдей берип-безип:
– Ушундай эр болобу жандан кечип,
Тим эле экөөбүздү күкүм кылмак...
Каяктан качан чыккан сапар кесип
Ашкан эр, ашкан балбан экенимди
Апаке, ай мына ошондо калдым сезип.

– Кагылам, карааныңдан, о, берекем!
А кармаш чыны кыйын болгон экен.
Эссиздер бекеринен канды төксө
Ажырат, ар убакта болгун бекем.
А бирок сен качырган эки–шериң
Куурай сан кумурскалар болбос бекен?!

Шолоктоп бала чычкан жашын төктү:
– Билгенден биле элегим дагы көппү!?
Апыртсам деңиз менен аска кылып,
Чөөт суу, дөбөчөнү жакшы кеппи.
Аптыксам кумурусканы шерге окшотуп,
Чоңойсом кайтарамын кантип чекти?..

– Каралдым, бекеринен жапа чекпе,
Кулатып ыза жашын эки бетке
Сага окшош кичинекей ошо да эрдик,
Жанагы аткарганын жүрүп четте,
Дайыма дал ошондой тайманбасаң
Элиңдин коргонусуң турган чекте.

*(Сарыпбеков Р.)*

## ПИЛ ЭМНЕ ҮЧҮН ЧЫЧКАНДАН КОРКОТ?

Жаныбарлар жапайы,
Жыйын жыйып атайы.
Салмактап күч болжошту,
Балбансың деп жолборсту
Ага сунуш киргизди
Айтып муну билгизди:

Жандыктардын алпысың
Башкар айбан жалпысын

Токойго бол падыша,
Жардамдашып жарыша,
Жолтоо болбой жолуна,
Кол болобуз колуңа.
Дешти жапырт баарысы,
Жашы жана карысы.

Ал хандыкка шайланды
Көөнү тынчып жайланды
Келе жаткан көңүлдүү
Чычкан көзгө көрүндү
Ийин болуп турагы,
Жыйынды укпай кулагы
Ал шайлоого келбеген
Ханга добуш бербеген
Түлкү билет анысын,
Төкпөй чачпай баарысын,
Кабарлады ханына,
Жылып барып жанына.
Хан-ким деди келбеген,
Мага добуш бербеген?
Бери келип жаныма
Себебин айт ханыңа!

Үнүн угуп ачуулуу,
Чычкан сезбей качууну.
Келди алдына жүгүрүп,
Салам берди жүгүнүп
Хан саламын алгыча,
Мышык чыкты аңгыча
Чычкан ага үңүлүп,
Карайт жандан түңүлүп.
Жаны чыгып тыбырап,
Төрт аягы кыбырап,

Тешик таппай турду да,
Кирди пилдин мурдуна.

Пил кокуйлап бакырды,
Жаныбарларды чакырды
Жаныбарлар келишти,
Баары жардам беришти
Бирок колдон келбеди,
Пил кыйналып тердеди

Жардам үчүн камына
Маймыл барып жанына.
Чыкты үстүнөн кызыктын
Пил кашында мышыктын,
Андыганын эшитти,
Чычкан кирген тешикти
Мышыкты алып жонунан,
Ыргытты алыс колунан.
Андан турган корголоп,
Чычкан чыкты жорголоп.
Пилдин мурду ачылды,
Боздогону басылды.

Ата салтын аркалап,
Тукум кууп балдары
Ошол дешет чычкандан,
Пилдин коркуп калганы.

*(Шаршебаев Ч.)*

## КҮКҮК НЕГЕ УЯ САЛБАЙТ

Көчүп конгон кезең анда,
Эл каттоочу чанда-чанда.

Жесир аял турду жашап,
Тоо түбүндө жапыз тамда.

Үч баласы бар эле анын,
Тирек кылып майда малын.
Жүрдү багып өмүр тилеп,
Калбыр кылып кара жанын.

Эң улуусу онго толгон,
Алар кези оорду колдон.
Антмек түгүл моюн толгойт,
Оюн гана кетпей ойдон.

Эң кичүүсү жети жашта,
Элпек эле ал да башта.
Жумшай калса кежирленнп,
Көзү толуп чыгат жашка.

Анысына кайыл болуп,
Ак дасторкон жайыл болуп.
Үмүт менен эңсейт эне,
Чоңойсо деп күчкө толуп.

А балдары оюнкараак,
Алыс куушуп кетип калат.
Чарчап курсак ачкан кезде
Кайтат үйгө эңсеп тамак.
Балдарына жүргөн бей-жай,
Эне кантсин болот бей-пай.
Ачууланып кенжесине
Колун ийкейт бери келчи, ай?

Жалбарынып боорго кысып,
Кубаттана түшөт ысып.

Жуунгун дейт секеттерим!
Тамагыңар турат бышып.

Капыс калды бир күн ооруп,
Алуучудай ажал тооруп,
Суу жетпеген өсүмдүктөй
Бара жатты күндө соолуп.

Акыр барып калды турбай,
А балдары көңүл бурбай,
–Алып кел, суу, ак булактан
Айтса дагы нечен курдай.

Азыр, азыр, азыр дешип,
Келебиз деп азыр жетип.
Тердеп, кургап кайтат кечте
Кубалашып ойноп кетип.

Кантет минтип күнү бүтсө,
Ойлойт кайра бир аз түтсө.
Сезет өзүн айыкчудай
Ак булактын суусун ичсе.

Ак булак бар капчыгайда
Балдар көргөн өткөн жайда.
Канча жутсаң кетет сиңип,
Касиети денеге пайда.

А балдары албай тилин,
Келтирди абдан эне жинин.
Бул тирликтен аша кечип,
Жоголом деп бузду дилин.

Калган экен алы куруп,
Чыкты сыртка секин жылып.
Тынып, тынып бара берди
Кара ташка колун сунуп.

Көздөн мончок жашы тамып,
Бул кордукка күйүп жанып.
Мындай – деди кара ташка
Таканчыктап тура калып:

«–Касиеттүү кара таш,
Алды менен жандандыр.
Кечтим ушул жашоодон
Мени кушка айландыр.

Алыс учуп кетейин,
Көк деңизден өтөйүн
Кулак уккус, көз жеткис,
Жерге барып жетейин.

Эркин өмүр сүрөйүн,
Бир өзүмдү билейин.
Бала деген мээнетти,
Эсиме албай жүрөйүн».

Көздөрүнөн төгүп жашты,
Кучактады кара ташты.
Какшап эне дегдегени,
Акырындап жүзөгө ашты.

Кичирейип жерге түштү
Адегенде канат бүттү.
Калды чыбыр кушка айланып,
Кайдандыр бир алып күчтү.

Ортончусу көрүп алдан
Энекелеп айгай салган.
Баары бүттү деген өңдүү
Учуп тоого кетип калган.

Каргыш айтып кара ташка
Калды балдар ыйлап ачка.
Энем мүмкүн келер дешти,
Аяп бизди бир таң атса.

Эне кайра кайрылбады,
Айтканынан тайгылбады.
Күтсө күндүз күн чакыйып,
А түнкүсүн ай жылбады.

Бактек көрсө бүт энтелеп,
Чуркайт ээрчип энекелеп.
Карайт бирден карагайды,
Кондубу? – деп көлөкөлөп.

Күтө берип бүттү тажап,
Күтүү деген кандай азап?
А балдары барып акыр
Эл ичинде калды жашап.
Эч ким билбейт кайсыл жакта,
Бул иш болгон кандай чакта.
Бирок ал куш жүрүп акыр,
Атыгыптыр күкүк атка.

Жансоогалап жалгыз башын,
Жалгыз ээлеп жемиш ашын.
Уя салбайт, уя көрсө
Таштап кетет жумурткасын.

Башка куштар басат аны
Дал ушундай күкүк заңы.
Жай келгенде жар салышып,
Эч нерседен жоктой камы.

Ысмын өзү дайым атап,
Жүргөндөн бир койбой тажап.
Жек көрүнүп канаттууга
Таш боор күкүк келет жашап.

## ЖЫЛАН МЕНЕН КУРКУЛДАЙ

Илгери бир заманда,
Бирин-бири сыйлаган.
Жылан менен куркулдай,
Дос болуптур кыйладан...

Бири кетсе жем издеп,
Бири калат балдарга.
Арамдыкты көп ойлойт,
Бирок жылан калганда,

Үйдө калса куркулдай,
Билбей ичте карасын.
Канаттууга991 кактырбай,
Багат жылан баласын.

Балапандар талпынып,
Темир канат болгондо.
Жем издөөгө куркулдай,
Кетет кыйын болжолдоо.

Күн артынан күн өтүп,
Түн артынан түн өтүп.
Жылан ачка болуптур,
Күндө-түндө күзөтүп.

Ачкакалыктан толгонот,
Жылан жатып ойлонот,
Кыялында балапан
Ысык каны шорголоп:

«Мээр» чөбүн кузсамбы,
Достук шертти бузсамбы.
Балапандын бирөөнү,
Бир чайнабай жутсамбы.

Ысык канын сорсомбу,
Бал этине тойсомбу.
Куркулдайды какшатып,
Эки көзүн ойсомбу.

Балапандан көзү өтүп,
Түлкү жүрдү кууланып,
Издегенин тапкандай,
Жылан кетти кубаным.
– Таптым, – деди жоопту
Кол салайын мүлкүнө.
Куркулдайды кууратып,
Доо коёюн түлкүгө,

Ачып көздү жумганча,
Эне жемди мол алып.
Келди канат сабалай
Жылан ага карабай,
Ачты оозун араандай.

Апа-апалап жалынып,
Кирди оозуна балапан.
Баласынан ажырап,
Куркулдайда санаа-сан.

Жамандыкты көздөрү,
Көргөнүнө элейип.
Катып калды куркулдай
Ирегеде селейип.

Экинчисин жутарда,
Жардам издеп жөнөдү,
Түк кирбеди оюна,
Жалгыз жаадан бөлөгү.

Куркулдайдын досу жаа,
Жан кыйышпас досу да,
Өч алуу үчүн келди ал,
Канкор жылан жоосуна.

Күнгө кактап денесин,
Ширин этке туйтуна.
Жылан жатып ныксырап,
Кеткен эчак уйкуга.
Эки көзүн чукуду,
Жаа жебедей атылып.
Учту жылан бутактан,
Уу көбүгү чачылып,

Тилин жанып уу чачып,
Канаттууга каарданып.
Ошол күндөн жылан жоо,
Уя көрсө айланып,

Буурага окшоп жазында,
Суу киргенде буркулдай.
Кыйын болсо жесин деп,
Шарга салат уясын,
Шагы сынган куркулдай?!

## КАРА ТОРПОК

Бар экен, жок экен,
Бир кара торпок бар экен.
Ичи аябай тар экен,
Кабагы бийик жар экен.
Ойногонго жок экен,
Сүзүшкөнгө зар экен.
Бүт ээлеп жолдун таманын,
Кетирип көптүн амалын.
Өкүрчү экен өткөрбөй;
«Жолосоң сүзүп саламын!»
Кезигип бир күн коёнго:
«Көзүндү сенин оёмго».
Көрө коюп козуну:
«Кандайм» деди чокуңу!»
Элендеген улакты,
Эңшере сүзүп кулатты.
Дал ушул тапта нарытан,
Көтөргүч кран келатты.
Ага дагы жол бербей,
Ээленди торпок дердендей.
Бирок да кран коркмокпу
Илди да кетти торпокту.
Алпарып анан алыска,
Таштады калың камышка.

Ошондо торпок элеңдеп,
«Ушуну көрмөк белем» деп,
Келе жатты үйүнө,
Кутулганга сүйүнө.
Жолукту эле коён,
Жол берди ага ийиле.
Алдынан чыккан козуга,
Жибектей болуп созула:
«Саламатсызбы байке?» деп,
Салам айтты озуна.

## ВАЗИР ТҮЛКҮ

Күндөрдүн бир күнүндө,
Жанынан жолборс түңүлө.
Шайы кетип ооруду,
Кыстыгып деми, күйүгө.

Айбандар бүтүн чогулуп,
Ийилип бирден кол сунуп.
Абалын сурап жатышты,
Кечиккендер корунуп.

Бир гана түлкү келбептир,
Ийилип салам бербептир.
Байкаган муну карышкыр,
– Сазайын жоке бер!– бептир

Уккан соң жолборс ушакты,
Каардана карай туш жакты.
– Токтоосуз алып келгин,– дейт,
Тоотпос андай акмакты!

Уккан соң мындай буйрукту,
Бек кыпчып түлкү куйрукту.
Жете келип, мындай дейт:
– Кабыл ал, төрөм, кулдукту!

Кечигип калдым жумуштап,
Кечиргин, ырас, күнөөм бар.
Келе албай минтип жүргөнгө,
Кепилдик кылаар жүйөм бар.

Деп түлкү айтып саламын,
Паашага турду баш ийип.
Жаалданган жолборс үн салды,
Тумшугу менен бир тийип:

– Бети жок, айбан макулук,
Айбандар бүтүн баш уруп.
Ал-жайымды сурашты,
Жүрөсүң кайда кутуруп?!

Таманың тилип, туз салып,
Тирүүлөй кыйнайм мен сени.
Көзүңдү чукуп тазалап,
Көрсөтөм кордук мен эми.
Дегенде түлкү негедир,
Баш ийкеп коюп кебелбейт.
Чөк түшө калып жолборско,
Алакан жайып мындай дейт.

Ачууланба акимим,
Тилеги бар да ар кимдин.
Ооруңду угуп анан мен,
Дары издеп жүрдү, ак дилим!

Кана анда, дары таптыңбы,
Же демедей айтчу калпыңбы?!
Таппаганда, акимим,
Жоготом дароо дартыңды.

Урматтуу төрөм, ант кылып,
Жок жерден издеп таап туруп.
Таманына көк жалдын,
Койгонмун бекем каттырып.

Көк жалды, төрөм, таптыргын,
Туш-тушка жигит чаптыргын.
Жер түбүн жердеп кетсе да,
Тезирээк аны алдыргын.

Дегенде жолборс жай ала,
Ачуусун тыйып ал калды.
Мурутун жанып, олуттуу,
Отура калып кеп салды.

Ыракмат көргөн камыңа,
Ал даба болор жаныма,
Жер түбүнө түшсө да,
Карышкырды тапкыла!
Деп буйругун падыша,
Токтолбой дароо бериптир.
Желдеттер жетип көк жалга,
Желкелеп алып кетиптир.

– Келдиңби көк жал, түлкүнүн,
Дарысы кана каттырган?
Дегенде тиги таң калды,
Калп айтат, түңүл капырдан.

Жолуккан ырас мага бул,
А бирок үн-сөз дебеген.
Ооруга миңдин бири деп,
Эч кандай дары бербеген.

– Калп айтат, төрөм, жанын жейт,
Арамза – деди түлкү анда.
Ааламдан тапкыс ал дары,
Мен өзүм каткам таманда.

– Тилгиле,– деди, таманын!
Көк жалдын шору куруду,
Ботодой боздоп жалынып,
Көзүнөн жашы чууруду.

Үч таманын тилишип,
Эч кандай дары тапкан жок.
Ал дары кайсы таманда,
Экенин түлкү айткан жок.

Акыркы таман тилинди,
Бир нерсе колго илинди.
Агарып чыккан тарамыш,
Дары экени билинди.
Дарыны жолборс жеп алды,
Табылгыс дары деп алды.
Айлакер түлкү көк жалдан,
Атайлып туруп кек алды.

Жактырды жолборс түлкүнү,
Жакынга кылган ак дилин.
Бүгүндөн баштап сен менин,
Болосуң, – деди вазирим.

Ошондон бери көк жалдын,
Таманы тилик бойдон дейт.
Ат туяк сымал таманын,
Тилдирип түлкү койгон дейт.

Карышкыр кантсин ошондон,
Кеткен дейт качып токойдон.
Күн көрүп жашап калган дейт,
Кышта да бийик тоолордон.

Тилинген таман аз-аздан,
Айыгып акыр калыптыр.
Соо жүрбөй түлкү бир күнү,
Жолборско чагым салыптыр.

Ошондо жолборс түлкүнү,
Кулагын толгоп салыптыр.
Айлакер болуп аталып,
Кыңшылап түлкү калыптыр.

*(Үсөнов Э.)*

## КАРТ БӨРҮНҮН АРМАНЫ

Тээтиги жалгыз көрүнгөн,
Тобунан четтеп бөлүнгөн.
Кылчактап артын караган,
Кынжыйып ичи жараган.
Капталдай жорткон кадимки,
Кан ичкич көк жал уругу.
Эң эле залим бул жырткыч,
Эч кайда болбойт туругу.

Карылык жетип тиш мокоп,
Каруусу кетип куруду.
Капчыгай, зоону жаңыртып,
Каңшылап катуу улуду.

Карышкырлардын баарына,
Каардуу бул үн угулду.
Токойлуу өзөн жылгадан,
Тоо, тоонун башы кырлардан,
Бөрүлөр келип чогулду.
Болду деп кандай окуя,
Баарысы карайт көк жалды.
Кыянат оор иш болсо,
Кылабыз дешет жардамды.
Ансайын күчөп аркырап,
Ачуусу келип каарданды.
Күрүлдөп жерди чапчылап,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Карт бөрү айтат ошондо.
Кайгылуу жаман арманды:

– Болчу эле жолум илгери,
Бозоргон талаа бош кезде.
Маанайы пас жапайы,
Мал-жан бүтүн жоош кезде.
Калктын баары куралсыз,
Колхоз, совхоз жок кезде.
Жоо тийип качкан күндөрдө,
Жөө туман баскан түндөрдө.
Боз үйлөр кыйрап жатчуда,
Бүлүнүп эл-журт шашчуда.
Каткалаң катуу суукта
Капсалаң кара жуттарда.

Даңкымды көпкө чыгарып,
Далайга салгам бүлүктү.
Чабуулду малга көп коюп,

Чарчаткам кыйла күлүктү.
Чапчу элем жерге бир силкип,
Чартоктоп калган ирикти.
Алчумун бекем жай кылып,
Адамдар жетпес бийикти.
Зоолордон зоого кубалап,
Зордонтком нечен кийикти.
Астымдан жандар көрүнбөй,
Азуума чычкан илинбей
Тарттым го бүгүн күйүттү.

Буйгадан бугу кубалап,
Буулугуп мен да элиргем.
Буйтатпай жыгып маралды,
Булкулдап абдан семиргем.
Өкүртүп атан төөлөрдүн,
Өркөчүн мүлжүп кемиргем.
Караңгы түндүн канкору,
Каракчы көркоо дедиргем.
Адырда жаткан мал болсо,
Алыстан жытын алчумун.
Арышты сала жүгүрүп,
Акактап жетип барчумун.
Тумшуктан алып туу бээни,
Туйлатпай жыгып жарчумун.
Жибитип каткан тилимди,
Жылуулай канга малчумун.
Кыйкырык уксам өчөшүп,

Кыргынды койго салчумун.
Изимди жанга чалдырбай,
Иттерге дабыш алдырбай.
Койчунун көзүн жазгырып,
Коңулга сойлоп калчумун.
Санаасы бирге баштатан,
Сагызган жакын ортогум.
Тогуз жол тоомун тостуруп,
Токойго сакчы койгомун.
Капкайдан мага билдирчү,
Кадиктүү иштин шойкомун.
Эсенбай чалдын эчкисин,
Эгизи менен мойсодум.
Тойгунча жатып жегемин,
Тойтуктун жетим торпогун.
Уругум көркоо болгон соң,
Убалдан неге коркомун.
Ашынган жырткыч арамза,
Ачылган болчу арааным.
Кетчүмүн безип жоголуп,
Кишинин көрсөм караанын.
Кырк катар кырдан ашчумун,
Кызыган кезде таманым.
Кырынан салып сулаткам,
Кылкыйма чөлдүн каманын.
Чөктүргөм нечен нарларды,
Чөлүндө Бетпак талаанын.
«Ушундай канкор шүмшүк» деп,
Угулган шумдук кабарым.
Өлүмүм эми жакындап,

Өтүптүр кайран заманым.
Айткыла барбы бул жерде,

Айламды менин табаарың?
Куткарып азап-тозоктон,
Куу жанды кайда багамын.
Жер менен жексен болуучу,
Жеткен го чындап ажалым.

Чогулган ушул бөрүлөр,
Чуулдаган атаң көрүлөр.
Окшошкон мулук кулактар,
Ойронду салчуу чунактар.
Тоң моюн союл куйруктар,
Төрөңдөн мындай буйрук бар.
Тамырым куурап кыйылды,
Тараткын эми жыйынды.
Өлгөн мен жалгыз өлөйүн,
Өлдүм деп кимден көрөйүн.
Үзүлүп барат өзөгүм,
Сүзүлүп барат көздөрүм.
Караңгы тартат көңүлүм,
Калбаган окшойт өмүрүм.
Кагырап сөөк-жилигим.
Калат го сайда өлүгүм.
Курган жан куурап кем болуп,
Кузгунга тоют-жем болуп,
Коктуда чирип калбайын.
Жалпыңа ушул айтарым,
Жаш-карың бүтүн байкагын.
Кыларга айла калбады,
Кыйналсам деле чыдайын.

Шегимди жанга сездирбей,
Шертимди өзүм кылайын.

Кекенген жоом Дордойдун,
Колуна түшүп тынайын.

Кара зоону төтөлөп,
Каптал жолго салайын.
Жыла басып сенделип,
Жылга менен барайын.
Далдаланып арчага,
Дабыш тыңшап карайын.
Атагымды өчүрбөс,
Амал ойлоп табайын.
Ар жак менен бер жактан,
Айыл-кыштак, эл жактан,
Шектүү кабар болбосо
Эс токтотуп алайын.
Коңурукту кор тартып,
Саз жээгинде чоң жолго,
Сулап жатып калайын.

Буруксуп тоонун гүлдөрү,
Булутсуз асман ай жарык.
Жат билген Дордой жер сырын,
Жашынан жылкы кайтарып.
Ордунан жылбас каракер,
Ооздукчан койсо каңтарып.

Он куну чаап таң ашса,
Оюну чыккан даң салып.
Баш чулгуп басып баратса,
Башкача түрү байкалып.
Куюшкан салбас омоктуу,
Куйрук, жал келген жайкалып.
Чаар арча ылдый жон менен,

Чаң учпас кашка жол менен.
Келатса Дордой толукшуп,
Кер буудан менен чайпалып.

Көркүнө бөлөп айлуу түн,
Көңүлгө шаттык нур толуп.
Толкундап ою деңиздей,
Обдула түшүп оңдонуп.
Эртеңки жылкы жайытын,
Эсине сактап ойлонуп.
Кыялы учуп асманга,
Капарсыз келе жатканда.
Кошкурук атып керкашка,
Кокустан кетсе толгонуп.

Сабырлуу токтоп ашыкпай,
Санаасын бир аз бөлбөйбү.
Кебелбей уктап жай жаткан,
Көк жалды байкап көрбөйбү.
Багылаң козу майына,
Мас болуп жаткан чыгар деп
Шашпайын эми апкаарып,
Шырп этсе дабыш угаар деп.
Айбандын жеткен азоосу,
Ашынган жырткыч макоосу,
Асыла түшсө соо кылбай
Атыма зыян кылар деп.

Каракер аттын тизгинин,
Каңтарып коё койбойбу.
Кол күчү кара чоюндай,
Коркууну баатыр ойлойбу.
Тобулгу саптуу шылк этме,

Тийгени турбай тырп этме.
Толгой кармап колуна,
Тооруй басып келбейби.
Ойрон көсөл көк жалдын,
Өзү экенсиң дебейби.
Кубаныч толуп жүрөккө,
Кубат толуп билекке.
Жан тамырдын тушу деп,
Жайлаар жерим ушу деп.
Таамай кара тумшукка,
Тартып туруп калбайбы.
Кыңк эталбай ал кетип,
Кош таноодон кан кетип,
Эрдин өчү канбайбы.
Туюк сыйрып теримди,
Бөктөрүнүп албайбы.
Таң атканда үйүнө,
Жагалданып барбайбы.
Эркек-аял чогулуп,
Эл-журту таң калбайбы.

Канча түркүн кеп айтып,
Карышкырдын кадимки
Сырттаны бул деп айтып,
Карылар кеп салбайбы.

Кыйналган кыйын карт бөрү,
Кыскартты сөзүн бүтүрүп.
Чыдабай оор кайгыга,
Чыгарды демин үшкүрүп.
Жата берсем бекер деп,
Жаным чыгып кетер деп.

Жолуна түшүп келбестин,
Жөнөмөк болду жүткүнүп.

Кайгы түштү кыйын оор,
Карышкырдын баарына.
Болуп калды чуру-чуу,
Улуп-уңшуп жабыла.
Кошаматтап кеп айтат,
Койгун төрөм деп айтат.
Куйкул сары шиш тумшук,
Кумдан келген куу канчык.
Таш баканы кемирген,
Сар чычканга семирген.
Чаркыраган үнү заар,
Чаян түктүү сур канчык.
Бул шертиңден кайт дешет,
Бөлөк дартың айт дешет
Бүт бөрүлөр чуулдашып.

Тобун бузбай келишкен,
Тозокту бир көрүшкөн.
Үрүмчүнүн ит үрбөс,
Үч-Турпандын кызыл көз.
Кара-Кумдун уу тырмак,
Какшаалдынын куу шыйрак.
Суусамырдын сур чунак,
Сөксөөлдүнүн куу чунак.
Чаяндынын карт бөрү,
Чаптан чыккан ач бөрү.
Колго түшөр сук бөрү,
Коңуз терер жут бөрү.
Узун тумшук тик кулак,
Алайкуунун көк чунак.

– «Айтпа таксыр андай – деп,
Алы-жайың кандай – деп.
Кеткен экен дармаың,
Күчтүү экен арманың.
Кашка жолго барбагын,
Колго түшүп калбагын.
Багып алат өлтүрбөй,
Бүт карышкыр балдарың.

Карап туруп Дордойго,
Кантип тирүү беребиз.
Бүгүн сенден айрылсак,

Бүт кырылып өлөбүз.
Чокко түшсөк тең түшүп,
Чогуу барып көрөбүз.
Саан уйлардын желинин,
Жула качып келебиз.
Жаш кулундун жүрөгүн,
Жаш музоонун бөйрөгүн,
Мас козунун куйругун,
Жулуп келип жылуулай,
Жаш улакты тирүүлөй
Сугундура беребиз.

Демин тартып ичине,
Деп көк чунак каңк этти.
Чаптан келген ач бөрү,
Чагарактап арс этти.
Тамак таап келгени,
Таксырына бергени,
Беш мыктысы тандалып
Бет-бетинен чаап кетти.

Ак-Босого, Алайдан
Азык жыйнап далайдан.
Ала-Бука, Чаткалдан,
Арпа менен Ак-Сайдан.
Алып-жулуп капкайдан,
Алы жеткен жактардан.
Тапканыбыз ушул деп,
Такыр жалмап жуткун деп.

Төрт кашкулак, тогуз суур,
Түк калтырбай жедирип.
Өзөк жалгап кичине,
Өлбөй калдым дедирип.
Күйүт тарткан карысын,
Көөнүн бир аз сергитип.
Күч-кубатын байкашат,
Күүлөп боюн телчитип.
Жыйындарын таркатып,
Кыйындарын тандашып.
Алып кетти көк жалын,
Алтоо чыгып ээрчитип.
Желип бара жатышат,
Жылга-жыбыт коо менен.
Жашырынып жабыттап,
Жардуу колот тоо менен.
Чычырканак чоңорчок,
Чычкан өтпөс чер менен.
Кийик чыйыр салбаган,
Киши баспас жер менен.
Түн ортосу оогондо,
Таңга жуук болгондо.
Шамал согуп тоо жактан,
Шоокум салып ай чыга,

Кан эңсеген кесептер,
Карап турсун кайсыга.
Ниеттери бузулуп,
Желигишип кутуруп.
Келди жетөө жарышып,
Көк чокунун кайкыга.

Калың койго барсак деп,
Катуу кыргын салсак деп.
Кысыр эмди тайларды,
Кый сүбөөдөн жарсак деп.
Кара бууну чыгарып,
Канды булоон кылсак деп.
Зыян болмок мал-жанга,
Залимдерге тамаша.
Ичи толгон кыянат,
Издегени каргаша.
Үч-Эмчектин үстүндө,
Ак-Соктонун түзүндө.
Жайнап жатат көп жылкы,
Жан кескилер караса.
Керүү жакы жайыты,
Кең төрдүн чоң ташында.
Эң аягы төмөнкү,
Эңкелештин сазында.
Туура жагы көк тумшук,
Той булактын башында.
Кеңирсиген чоң Нооруз
Көктө жайыт жазында.
Күрөң айгыр күч берип,
Күрткү бузган ашууда.
Чарк айланып жылкысын,
Чайттай ачып уйкусун.

Дордой, Молдош жылкычы,
Дайым жүрөт кашында.

Көрүп алып баарысын,
Көк чунактар кеп салды.
«Чабуул коюп жылкыга,
Чаңдаталы»,– деп калды.
Ошол замат карт көк жал,
Өткөн күнүн эске алды.
Опколжутуп жүрөгүн,
Ойлоруна шек салды.
Опсуз түрү бузулуп,
Үрөйлөрүн учуруп.
Эң кайгылуу көк жалдын,
Эми сөзү башталды.

– ...Азууларым канжардай,
Курчуп турган кезимде.
Алышканым кетирбей,
Булкуп турган кезимде.
Ат жилигин бүкүлү,
Жутуп турган кезимде.

Койду кенен жуушатпай,
Койчуларын уктатпай.
Малдын, жандын тынчтыгын,
Бузуп турган кезимде.
Жашылданган жер бети,
Жаздын толук күнү эле.
Асман бүркөк булуттуу,

Айсыз кара түн эле.
Жаткан жерим жан туйбас,

Кара үңкүрдүн түбү эле.
Ичиркенип ойгонуп,
Ийинден чыктым суурулуп.
Жортуп калдым жон ылдый,
Жар колоттон бурулуп.
Жортуулга арнаган,
Жол азыкка камдаган –
Эки суурду бир чайнап,
Жутуп салгам сугунуп.

Түнөрүңкү булуттуу,
Түн ортосу мезгилде.
Алмалынын миң жылкы,
Жаткан экен күтүрөп
Чоң-Далынын бетинде.
Эсептерин такташып,
Эсен түгөл сакташып.
Дордой, Молдош жылкычы,
Ырдап жүргөн четинде.
Бек убада намысын,
Берээр эмес эч кимге.
Айдай болгон акбоз бээ,
Жаңы тууп кулунун.
Чатыратып желинин,
Турган эле тектирде.
Акбоз бээни жарсам деп,
Канды булоон майына
Канжар тишти малсам деп
Көптөн бери кекенип,
Кетпей жүргөн эсимде.

Жылганын тескей бетинен,
Жылкычы жылжый бастырып.

Жайыттын отун үнөмдөп,
Жаңылбай санап түгөлдөп,
Жылкысын ийрет ышкырып.
Жыбытта бугуп мен жаткам,
Жымылдап ичтен кызыгып.
Таңдайым кургап ансайын,
Тамшанып коём жутунуп.
Сур кулун сага жетсем деп,
Суу ылдый сүйрөп кетсем деп.
Кулкунум кеңип чыдабай,
Куу напсим барат бузулуп.

Өзүм билген кашатка,
Өңүп жеттим жакындап.
Тиктегеним сур кулун,
Тишим тишке шакылдап.
Эчтекеден кообу жок,
Жамандыктан оюу жок.
Жылкычылар дөбөдө,
Жомок айтат бакылдап.

Толгоо тартып кыйналган,
Боюн жаңы жыйнаган.
Байкап көрсөм акбоз бээ,
Уктап калган дердейип.

Оюнкараак сур кулун,
Туруп турган сербейип.
Амалданып мен дагы,
Катып калдым селдейип.
Катыга элек жаш кулун,
Карап калган элейип.
Жата калам кууланып,

Жаш күчүкчө көрүнүп.
Берээк басар бекен дейм,
Энесинен бөлүнүп.

Кайчылантып кулагын,
Жакын келди жайма-жай.
Басканында дабыш жок,
Бурулганы шамдагай.
Оңтойлондум чынданып,
Оң жагынан чыксам деп.
Чабуусунан бир булкуп,
Жара тартып жыксам деп.
Тула боюн кажалап,
Тамтык койбой тытсам деп.
Бөөдө тирүү кетирбей,
Баралына жеткирбей.
Тороло элек кезинде,
Толорсугун кырксам деп.
Кооптонот сур кулун,
Кулактарын жапырып.
Өлчү жерге келдиң деп,
Эми сени жедим деп,
Ал-күчүмдүн барынча
Атырылдым качырып.

Оң бөйрөктүн тушуна,
Оозум саал жеткенде.
Буйдалбастан жаш кулун,
Бура тартып кеткенде.
Калтаарып түк жазганбай,
Как чекеге таптаамай
Шак дедире тепкенде.

Көк темирдей туягы,
Көз үстүнө так этти.
Ооз омурткам зыркырап,
От көзүмдөн жалт этти.
Бут басууга жарабай,
Башым менин шылк этти.
Өпкө, жүрөк – бүт денем,
Ок тийгендей зырп этти.

Күнү-түнү калыпмын,
Кыймылым жок, дым тартпай.
Өлбөй калып аз жерден,
Ошол күндү көргөмүн,
Суктугумдан баар таппай.
Эс алганда качкамын.
Эч бир жанга байкатпай.
Ашып кеткем Турпанга,
Ала-Тоодон жай таппай.
Алты канкор чунактар,
Айтканыма кулак сал.
Көздөн далдаа кетели,
Көп жылкыга көз артпай.

Дулдулу го жылкынын,
Дордой минген керкашка.
Мүүнү жок тобурчак,
Молдош минген торкашка.
Жомок кылса түгөнгүс,
Жоруктары ар башка.
Теңдеши жок күч менен,
Тентектенип кармашпа.
Билип койгун чунактар,

Биз басуучу жол башка.
Эмики малдын ээси бар,
Эл жашаган доор башка.

Көз алдыга келтирип,
Көргөнүмдү мен айтам.
Көкөйүмө тийбесе,
Көп эскерип нени айтам.
Унутпастан баарыңар,
Угуп-билсин деп айтам.
Көздөгөнүн кетирбес,
Кожожаштан кем эмес.
Мергендигин Дордойдун,

Мен силерге эми айтам.
Киндик каны тамган жер,
Кенен Чүйдүн талаасы.
Ата мурас конушу,
Алмалынын сагасы.
Агын суунун боюнда,
Айыл-кыштак калаасы.
Аюу менен кармашкан,
Алп кишинин баласы.
Мээлегенин кетирбес,
Мергендердин даанасы.

Ээрчиткени көк тайган –
Ит сырттаны Кумайык.
Жүрөгүңдү түшүрөт,
Жүгүргөнү жел кайып.
Тиши тийген жаныбар,
Тирүү калбайт кылайып.

Жорткон сайын күчөгөн,
Жогдор жүнү жылмайып.
Кырк бөрү бир келсе да,
Кырк жагынан тийсе да.
Кыргын салып таштачу,
Кызыл кыян кан жайып.

Илбесинге дабышын,
Билдирбеген көк тайган.
Илбирс менен айгышып,
Илдирбеген көк тайган.
Аюу менен кабыланга,
Алдырбаган көк тайган.
Азуусу курч каманга,
Чалдырбаган көк тайган.

Төрт-беш жолу кездешип,
Түбөлүккө кектешип.
Мизим кайтып корголоп,
Менмин какбаш картайган.

Кеңешти жети карышкыр,
Кетели дешип жогорлоп.
Шойкуму бузук түрү суук,
Шумдуктуу жаман ой ойлоп.
Адаты кармап жайлоонун,
Айланды булут боройлоп.
Билинип калсак курутаар,
Баспайлы дешип жол бойлоп.
Кыламык болуп кар жааса,
Кылганы бизге каргаша.
Ишибиз оңбой калаар деп,
Из кууса Дордой сонорлоп.

Чыдабай кетти чыйрыгып,
Чыкыроон шамал мөндүргө,
Тополоң тийген окшоду,
Топтошкон арам өлгүргө.
Токтобой кирип кетишти,
Токойлуу терең өндүргө.

Карт бөрү ыйлап мындай дейт:
– Калбады кылаар амалым.
Томсоруп жалгыз калалбай,
Тобуңду ээрчип барамын.
Алыстап безип кеткенге,
Арбытпайт жолду кадамым.
Артымдан түшөр окшоду,
Аңдыган мерген тажаалым.
Башынан даана билгемин,
Баяндап айтып жүргөмүн.
Көк тайган менен Дордойдон,
Көрүнөө менин ажалым.

Булуңгур жаан басылып,
Булутту шамал таратты.
Шуудурап токой бүрлөрү,
Шооласын салып таң атты.
Чыйрыккан бойду жылытып,
Чыгыштан күн да нур чачты.
Кызыл гүл ачып тоо көркүн,
Кызыкка сүйкүм каратты.
Жайкалган ыраң жашыл төр,
Жайылган малга жарашты.
Чакырып Дордой Молдошун,
Ак ниет курбу жолдошун,

Экөөлөп жыйнап чогултуп
Түгөлдөп жылкы санашты,
Кыялай чыгып сүйлөшүп,
Кыр жондо кетип баратты.
Тескейден ылдый жошулган,
Токойго барып жашынган.
Карышкырлардын көп изин,
Кадала тиктеп караршты.

Абайлашса бул издин,
Анык болду бузугу.
Токтоно албай Докеңдин,
Делебеси кызыды.
Бүткөн бою албырып,
От жаккандай ысыды.
Сергек өсүп жашынан,
Кесип болгон башынан.
Денесине ширеген,
Мергенлик кызыгы.

Ойноктогон кашкасын,
Ойдолото бастырып.
Бери жүр деп Молдошту,
Бополондойт шаштырып.
Санааркабай малыңа,
Сак болгун деп тапшырып.
Көп кечикпей барбасам,
Көсөмөлдөп калбасам.
Кексе болгон арамдар,
Кетпейби деп жазгырып.

Кыжырланат бир эсе,
Жырткычтарга кекенип,

Элестетет далайды,
Эрдин кесе тиштенип.
Кеткен жагың ушул деп,

Кесептерди изденип.
Ирмегенге чоло жок,
Эки көзгө күч келип.
Калабы деп кокустан,
Капысынан кез келип.
Жыт алгансып капкайдан,
Жер тырмалап көк тайган.
Жал-жал карап Дордойду,
Жата калды шектенип.

Анда Докең ашыгып,
Аттан түшө калды эле.
Чоочугансып колуна,
Чоң дүрбүсүн алды эле.
Чукул турган дөбөгө,
Чуркап чыгып барды эле.
Кыябына келтирип,
Кыңай тартып отуруп.
Өйүз-бүйүз баарына,
Оңдоп дүрбү салды эле.

Болжоп алды ой-тоосун,
Бош өткөрбөй мүнөттү.
Белен турат жанында,
Беш атары дүрмөттүү.
Абдан карап арытты,
Ар бир колот өрдөштү.
Маңдай жакы сугумдан,
Майда токой булуңдан.

Жети бөрү бир тайды,
Жеп жатканын көргөздү.

Көк иримдин боюнда,
Көмөкбайдын конушу.
Кечээ эле ал журттан,
Көчүп кеткен болучу.
Ташка буту кыпчылып,
Тарамышы кырчылып.
Жаны кейип токойдо,
Жатып калган тай ушу.
Болуп калды жээрде тай,
Бөрүлөрдүн тоюту.
Учуп жүрөт тарп издеп,
Улуу тоонун жорусу.
Энтиккенин баса албай,
Ичи кайнап шакардай.
Каары келип Дордойдун,
Кармап кетти долусу.

Ачуусу келип аябай,
Арамдар сага кылам деп.
Ашканча тоонун кырынан.
Алдыңан тосо чыгам деп,
Чекеге мээлеп таптаамай,
Четинен атып жыгам деп.
Коомдун ыйык малына,
Кол салган шүмшүк жабыла
Жээрде тай сенин кунуңа,
Жетөөнү жайлап тынам деп.

Убадалуу кеп айтып,
Белин бууп бек тартып.

Ташкын суудай күүлөнүп,
Алгыр бүркүт түрдөнүп.
Жайланалбай күймөнүп,
Жылкычыга сүйлөнүп.
Кызыл ташка сүйөнүп,
Кыймылдабай түнөрүп.
Эр куралы беш атар,
Эптүү кармап имерип.
Мээлегени шумдуктуу,
Мелтирете жиберип.
Ката кетпес огум деп,
Кароолуна илинтип.
Ылдый болуп кичине,
Демин тартып ичине.
Өпкө, жүрөк тушу деп,
Өлөр жериң ушу деп.
Көз ирмебей үч атып,
Көк түтүнүн булатты.
Төшкө чыга бергенче,
Төртөөн жыгып кулатты.
Туурасынан качырып,
Тумшугунан асылып,
Эрегишкен көк тайган,
Экөөн тиштеп сулатты.

Курсант болду Докеңдин,
Кумар-чери жазылып.
Толкундаган денеси,
Токтоп бир аз басылып.
Күтүлбөгөн жеңишке,
Күлүп көөнү ачылып.
Керкашкасын откозуп,
Көкүрөгүн бастырып.

Кол баладай үйрөткөн,
Кумайыгын чакырып.
Катуу чарчап кыраанын,
Калдың го деп ачыгып.
Эркелетип жанына,
Эс алсын деп жаткырып.
Кол чаначта жууратган,
Куя салып ичирип.
Жырткычтардан алтоону,
Жайлап ишин бүтүрүп.
Качып кеткен карт бөрү,
Кара тажаал сак бөрү,
Изин кууп узатпай
Издейин деп күтүнүп.
Беш атардын октору,
Белен болду тизилип.
Кенебестен менменсип,
Келип көрчү дегенсип.
Кесеп жатат карт көк жал,
Көк тайганга тикийип.

Каргашалуу оңбогур,
Качып алыс барбаптыр.
Кыянатчыл арамза,
Кытмырлыгы кармаптыр.

Кесепеттүү канкордун,
Көрбөгөнү калбаптыр.
Күчүн жыйнап акыркы,
Көк тайганга камдаптыр
Качып кайда барам деп,

Бир булкушуп калам деп
Ээнбаш залим көркоону,
Эми кудай каргаптыр.

Докең ылдам жөнөдү,
Тай туягын тартынып.
Кийимин чечип жеңилдеп,
Керкашкасын калтырып.
Кумайыгын ээрчитип,
Кырдан кырды артылып.
Далайларды куруткан,
Кара канын чууруткан.
Карт көк жалды жайлабай,
Калаар эмес жан тынып.

Жалпак таштын үстүндө,
Жатат көк жал комдонуп.
Желке жүнүн үрпөйтөт,
Жерин өлчөп оңдонуп.
Коркуп сезип кыймылдап,
Коёр эмес толгонуп.
Жатканын деп тоотпой,
Атып бир ок коротпой.
Кармап алсам тирүү деп,
Калды Дордой ойлонуп.

Ызырынып көк тайган,
Ыкыс берип умтулат.
Тыбырчылап чыдабай,
Тишин кайрап жулкунат.
Коё берди чабуулга,
Кумайыгын агытып.
Атырылып бир тийди,

Аткан октой жабышып.
Бой тирешип алышып,
Булкуп жерге чабышып.
Кырдан Докең жүгүрдү,
Катуу шашып ычкынып.
«Ал, кумайык, ал-ал» – деп,
Ачуулана кыйкырып.
Алкымынан бек тиштеп,
Басып калды кумайык.
Шайы кетип көк жалың,
Жатып калды суналып.
Куру дүрмөт ок атып,
Кумайыкка боору ачып.
Көздөн ыргып ысык жаш,
Күлөт Дордой кубанып.
Аяп коюу жырткычты,
Эч ылайык эмес деп.
Жыгач кептеп оозуна,
Жаагын таңды кемээчтеп.
Толорсугун муунады,
Туйлап тынчтык бербес деп.

Өлтүрбөстөн тирүүлөй,
Алып кетүүм керек деп.
Тапшыруучу элиме,
Татыктуу бул белек деп.
Келечектин чындыгы,
Көз алдына элестеп.
Керкашканын жанына,
Келди сууну жээктеп.

Кумар канат кызыкка,
Кулак угуп, көз көрүп.

Жайнап барат күн санап,
Жаңылыктар өзгөрүп.
Сыйлайм малчы досторду,
Сыймыктарын көтөрүп.
Дордой, Молдош бул жайды,
Даңазалуу өткөрүп.
Кетти Докең көк жалды,
Кер бууданга бөктөрүп.

# МАЗМУНУ


БАШ СӨЗ ... 3
АКЫЛДУУ БАЛАПАН ... 8
ЧЫЧКАН МЕНЕН МЫШЫК ... 11
КАРЫШКЫР, МЫШЫК ЖАНА ЧЫЧКАН ... 12
БҮРКҮТ МЕНЕН ТҮЛКҮ ... 14
БҮРКҮТ МЕНЕН КОҢУЗ ... 15
КАРАСАНАТАЙЛЫКПЫ,
ЖЕ КАРА ЖЕМСӨӨЛҮКПҮ ... 16
АЙЛАКЕР ТҮЛКҮ ... 17
КАРЫШКЫР, ТӨӨ, ТҮЛКҮ ... 18
ЖЫЛКЫ БОЛГОН ӨГҮЗ ... 19
БӨДӨНӨ МЕНЕН ТҮЛКҮ ... 20
МАКТАНЧААК КОЁН ... 22
ЧЫЧКАНДЫН БАЛДАРЫ ... 24
АЮУ МЕНЕН ЧИРКЕЙ ... 25
АРСТАН КАРМАГАН АТ ... 27
КУУ ТҮЛКҮ ... 29
ЭКИ УЛАК ... 30
КҮКҮК МЕНЕН ЗЕЙНЕП ... 33
КУЙРУГУН ЖАЗАЛАГАН ТҮЛКҮ ... 34
АЛДАНГАН КАРЫШКЫР ... 36
ТҮЛКҮ МЕНЕН КАРЫШКЫР ... 37
ТҮЛКҮ, ЖОЛБОРС, АЮУ, КАРЫШКЫР ... 37
АРСТАН МЕНЕН КОЁН ... 41
АЧ КАРЫШКЫР ... 42
МЫШЫК МЕНЕН ЧЫЧКАНДАР ... 45
АРСТАН КҮЧҮГҮН АСЫРАГАН МЫШЫК ... 46
АКБАШ ЖАНА БОЗБАШ ... 47
БУЛБУЛ ... 50
ЧАБАЛЕКЕЙ ... 51
БАЙКУШ ... 57
КИРПИ ЧЕЧЕН ... 60
КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ ... 65
ТҮЛКҮ МЕНЕН КЕНЕ ... 66
КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮНҮН ДОСТУГУ ... 67
ТҮЛКҮ МЕНЕН КАРГА ... 68
ТОРГОЙ ... 69
ЭШЕК МЕНЕН ЖОЛБОРС ... 71
ЧОКЧОЛОЙ БААТЫР ... 74
МЫШЫК, ТҮЛКҮ, АЮУ, КАРЫШКЫР ... 81
ЖАНЫБАРЛАР ДОСТУГУ ... 83
ТҮЛКҮ, ТАШБАКА ЖАНА ЧАПКЕНЕ ... 85
ҮКҮ МЕНЕН КЫРГЫЙ ... 86
АКЫЛДУУ УЛАК ... 86

БИР ТОРПОК, ҮЧ УЛАК ........................................ 88
ӨЖӨР ЖӨРГӨМҮШ ........................................ 91
АЛДАНГАН БҮРКҮТ ........................................ 93
ЭШЕК КАНТИП ТҮЛКҮНҮ АЛДАДЫ ........................................ 94
ЭШЕК МЕНЕН ӨГҮЗ ........................................ 97
ОЛЖО БӨЛҮШҮҮ ........................................ 99
ЭР ЖҮРӨК ЭШЕК ........................................ 103
КОЁНДУН АРМАНЫ ........................................ 108
АРСТАН МЕНЕН ТҮЛКҮ ........................................ 109
ЧАГЫМЧЫЛ БӨРҮ ........................................ 110
АКЫЛДУУ ЧЫЧКАН ........................................ 112
ЭМНЕ ҮЧҮН КОЁДУН ЭРДИ ЖЫРЫК ........................................ 112
ТҮЛКҮ МЕНЕН БӨДӨНӨ ........................................ 114
КОТУР ТОРГОЙ ........................................ 116
АРСТАН МЕНЕН ТҮЛКҮ ........................................ 118
ЭЧКИ МЕНЕН КАРЫШКЫР ........................................ 119
ТЫЙЫН ЧЫЧКАН МЕНЕН КАРЫШКЫР ........................................ 119
ТҮЛКҮ МЕНЕН КЫРГООЛ ........................................ 120
АРЫСТАН, КАРЫШКЫР ЖАНА ТҮЛКҮ ........................................ 121
КАРЫШКЫР МЕНЕН КОЗУ ........................................ 121
ТҮЛКҮНҮ АЛДАГАН КАЗ ........................................ 122
КОЁНДУН ЗАРЫ ........................................ 123
ТҮЛКҮ МЕНЕН ТООК ........................................ 123
КАРГА МЕНЕН БАЛАСЫ ........................................ 124
КАРЫШКЫР МЕНЕН ТҮЛКҮ ........................................ 124
КӨГҮЧКӨНДӨРДҮН КЕҢЕШИ ........................................ 125
КУЛА АТ ЖАНА БЕШ ЭЧКИ ........................................ 137
ТҮЛКҮ МЕНЕН КОЁН ........................................ 141
САГЫЗГАН МЕНЕН КҮКҮК ........................................ 141
ТҮЛКҮ, КАРЫШКЫР, ТӨӨ ЖАНА АРСТАН ........................................ 142
ТҮЛКҮНҮН АЛДАНГАНЫ ........................................ 146
АРАМДЫК ОЙЛОГОН ТҮЛКҮ ........................................ 150
ТҮЛКҮ МЕНЕН КОЁН ........................................ 151
АТ МЕНЕН КАРЫШКЫР ........................................ 152
ЭКИ КОЙДУН ЭРДИГИ ........................................ 153
БААТЫР ЭШЕК ........................................ 154
МАЙМЫЛ – СОТ ........................................ 158
ЖАКШЫЛЫККА ЖАМАНДЫК ........................................ 162
КҮЧҮК МЕНЕН МЫШЫК ........................................ 163
МЫШЫК МЕНЕН КОЁН ........................................ 164
СЫНЧЫ ИТ ........................................ 165
ЭКИ ДӨБӨТТҮН ДОСТУГУ ........................................ 166
КЫРГЫЙ МЕНЕН БӨКТӨРГӨ ........................................ 168
ТАШБАКА ........................................ 169
КҮКҮК ........................................ 171
УЛАКТАР ........................................ 172
МЫШЫК ЖАНА БЕРЕКЕ ........................................ 175

КИЧИНЕКЕЙ УЛАК ........ 178
БӨЛТҮРҮК ........ 180
БААТЫР КОЁН ........ 181
БАЧАЙЫ ЧЫМЧЫК БАЯНЫ ........ 183
КӨПӨЛӨК ЖАНА КУМУРУСКА ........ 186
КИРПИ ЖАНА КОЁН ........ 188
САРАМЖАЛ КУМУРСКА ........ 189
БӨДӨНӨ ........ 197
ТОПУЛУУ ЧЫМЧЫК ........ 202
КЫМЧА БЕЛ ........ 203
ӨКСҮК ........ 219
АМАЛДУУ ЧЫЧКАН ........ 225
ЧЫМЫН МЕНЕН ЧИРКЕЙДИН ӨЛҮМҮ ........ 229
ИШЕНБӨӨ ........ 231
АКЫЛДУУ БҮРКҮТ ........ 232
КУМУРУСКА МЕНЕН КИРПИ ........ 235
МЫШЫК МЕНЕН ТҮЛКҮНҮН ДОСТУГУ ........ 237
ТОПОТОЙ ........ 238
ТУРНА МЕНЕН ТҮЛКҮ ........ 247
ТОРГОЙ МЕНЕН ЖЫЛАН ........ 249
КУУ ТҮЛКҮ МЕНЕН СУГАЛАК
КАРЫШКЫРДЫН ӨЛҮМҮ ........ 251
АЮУ МЕНЕН КАРГА ........ 253
АТ МЕНЕН ЭШЕК ........ 254
ЧИЛ МЕНЕН КОЁН ........ 254
ӨЗҮМЧҮЛ ЧЫМЧЫК ........ 255
КОЙЧУ, ЖОЛБОРС ЖАНА ТҮЛКҮ ........ 256
КАРГАДАЙДЫН АРМАНЫ ........ 258
САККУЛАК МЕНЕН КАШКУЛАК ........ 262
МАМАЛАК КОНОК БОЛГОНДО ........ 265
БОЗ ЧЫМЧЫК ........ 267
ӨТҮКЧҮ КОЁН ........ 268
АЛАҢ КӨЗ МЕНЕН МАЙРЫК ........ 271
ЖОЛБОРС МЕНЕН МАЙМЫЛ ........ 277
АДАШКАН ЧЫМЧЫК ........ 278
МЫШЫК МЕНЕН ЖОЛБОРС ........ 283
ТҮЛКҮ МЕНЕН КАРАКУР ........ 286
АТ МЕНЕН ЭШЕК ........ 287
АЛТЫН КУШ, АЧ КӨЗ ЧАЛ ........ 288
ХАНДЫН БУКАСЫ МЕНЕН
ЖАРДЫЛАРДЫН БУКАЛАРЫНЫН СҮЗҮШКӨНҮ ........ 290
КИЙИК МЕНЕН КОЙЧУ ........ 292
КУБУЛМА АЖЫДААР ........ 293
ЖЫЛАН МЕНЕН КЫЗДЫН АҢГЕМЕСИ ........ 296
КАШКУЛАК ........ 298
ЖЫЛАН МЕНЕН КИШИНИН АРБАШЫ ........ 321
КӨНӨЧӨК КИЙГЕН ТҮЛКҮ ........ 323

БУЛАРДЫН КАЙСЫНЫСЫ ЧОҢ ........................................ 324
ЖОЛБОРС КАНТИП АЛДАНДЫ ........................................ 326
БАКА ДОС ........................................ 329
АБЫШКА МЕНЕН ТҮЛКҮНҮН АҢЧЫЛЫГЫ ........................................ 334
ТҮЛКҮ АБЫШКА МЕНЕН КАРЫШКЫРДЫ КАНТИП АЛДАДЫ ........................................ 338
КУЛДУН УУЛУ ЖАНА ЗЫМЫРЫК КУШ ........................................ 340
АБЫШКА МЕНЕН ТҮЛКҮ ........................................ 347
ДЫЙКАН МЕНЕН ДОҢУЗ ........................................ 350
ТҮЛКҮНҮН ЖУУЧУ БОЛУШУ ........................................ 351
ТӨЛГӨЧҮ КАРГА ........................................ 354
ТААН ПАДЫША ........................................ 356
КОЙЧУ МЕНЕН ЖЫЛАН ........................................ 358
КЫРСЫКТАН КУТУЛУУ ........................................ 361
ТАРАНЧЫНЫН ҮЧ ОСУЯТЫ ........................................ 362
СЫРТТАНДАР ........................................ 365
КАРЫШКЫР МЕНЕН КИШИ ........................................ 373
СУР ИТ ........................................ 375
АК КУУ ........................................ 376
АКСАК КУЛА ........................................ 378
ЧААР АТ ........................................ 379
КИШИ ЖАНА ЖЫЛАН ........................................ 381
АДАМ ӨМҮРҮ ........................................ 385
МЫШЫК МЕНЕН КЫЗ МАКТА ........................................ 387
КУШТАРДЫН ЧАТАГЫ ........................................ 389
ИТ АДАМДЫН ЖОЛДОШУ ........................................ 390
МАЛ КАНТИП КОЛГО ҮЙРӨНГӨН? ........................................ 393
ТҮЛКҮ, КАРЫШКЫР ЖАНА БАЙ ........................................ 397
БАЛЫК, КУМУРУСКА ЖАНА БАЙ ........................................ 400
БАЛАПАН ........................................ 403
СЫЙКЫРДУУ ЖЫЛАН ........................................ 404
БУЛБУЛ ЖАНА БАЙ ........................................ 407
ПИЛЛЕ КУРТ ........................................ 408
ЧАЛ-КЕМПИРДИН ДӨБӨТҮ ........................................ 410
БУЛБУЛ ЖАНА ПАХТА ........................................ 412
ИТ МЕНЕН МЫШЫК ........................................ 413
ХАН МЕНЕН КУМУРСКА ........................................ 416
ЧАКЧЫГАЙ МЕНЕН КАРАКАШ ЧЫМЧЫК ЭМНЕ ҮЧҮН ЖАЙЛООДО ЖАШАШАТ? ........................................ 417
БААРЫНАН КИШИ КҮЧТҮҮ ........................................ 420
ТАБЫШМАК ........................................ 422
ТӨӨ ЖЫЛЫ ........................................ 423
КИМ КҮЧТҮҮ ........................................ 426
ЖЫЛ ТАЛАШУУ ........................................ 427
СУЛАЙМАН ПАДЫША ЖАНА БАЙГЫЗ ........................................ 428
ЖАРГАНАТ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ ........................................ 430
КАРГА МЕНЕН ТҮЛКҮ ........................................ 431

КАРГА БАЛАСЫН «АППАГЫМ» ДЕЙТ,
КИРПИ БАЛАСЫН «ЖУМШАГЫМ» ДЕЙТ ........................... 432
КОЁНДУН КУЛАГЫ НЕГЕ УЗУН? ........................................ 434
КҮН, АЙ ЖАНА КОРОЗ ....................................................... 439
НАРГӨЗ КЫЗ, КУМАЙ КҮЧҮК ЖАНА МЫЁО МЫШЫК ........ 440
ЭМНЕ ҮЧҮН КАРЫШКЫР ИТКЕ ӨЧ? ................................. 450
БОТОЙ ................................................................................ 455
ЭМНЕ ҮЧҮН ТӨӨ ЧУЛУК КУЛАК ......................................... 456
КОЁНДУН КУЛАГЫ КАНТИП УЗАРГАН ............................... 457
ҮКҮНҮН ТУМШУГУ ЭМНЕ ҮЧҮН БҮТҮН ............................. 458
ЧОМОТОЙ САЯТЧЫ ........................................................... 461
ТООС НЕГЕ КУЙРУГУН ТҮРЛӨНТҮП АЧЫП,
ЖАБА БЕРЕТ? ..................................................................... 463
ЖАМАНДЫК ЭМНЕДЕН КЕЛИП ЧЫГАТ? ............................ 464
ТОО МЕНЕН КАМГАК .......................................................... 466
АЛА КУРТ ............................................................................ 467
АРСТАН ............................................................................... 470
ҮЧ ДОС ................................................................................ 474
АМАЛДУУ ТҮЛКҮ ................................................................ 481
АКЫРА МЕНЕН АРСТАН ..................................................... 485
МЫЙМЫЙ ............................................................................ 486
БУРУНДУКТУН ЖОНУ КАНТИП ЖОЛОК БОЛУП
КАЛГАНДЫГЫ ЖӨНҮНДӨ .................................................. 488
ҮКҮ МЕНЕН ТООК .............................................................. 490
КУРКУЛДАЙ МЕНЕН КУУ ТҮЛКҮ ........................................ 493
ЧИК-ЧИРИК ЧЫМЧЫК ........................................................ 499
ЭКИ БӨЖӨК ......................................................................... 503
КИЧИНЕКЕЙ ЧЫЧКАНДЫН ЧОҢ САЯКАТЫ ........................ 504
ПИЛ ЭМНЕ ҮЧҮН ЧЫЧКАНДАН КОРКОТ? ........................... 507
КҮКҮК НЕГЕ УЯ САЛБАЙТ .................................................. 509
ЖЫЛАН МЕНЕН КУРКУЛДАЙ ............................................. 514
КАРА ТОРПОК ...................................................................... 517
ВАЗИР ТҮЛКҮ ..................................................................... 518
КАРТ БӨРҮНҮН АРМАНЫ .................................................. 522

*Адабий-көркөм басылма*

**«Эл адабияты» сериясы**

# ЖОМОКТОР

*(Жаныбарлар тууралуу)*

21-том

Түзгөн: *Садырбек кызы Г.*
Тех.редактору: *Жанышбекова А.*
Корректору: *Садырбек кызы Г.*
Компьютердик калыпка салган: *Б.Өмүров*

Терүүгө 04.04.2017-ж. берилди.
Басууга 07.07.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84х108 $^{1}/_{32}$.
Көлөмү 34,75 б.т. Нускасы 500. Заказ № 21

«Басма-полиграфиялык комплекс «Принт Экспресс»
ЖЧК басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч. 49.